# «МЕН ДҮЙНӨНҮ БАЛАНЫН КӨЗҮ МЕНЕН КАРАЙМ...»

*Чыныбай Турсунбеков*

**Түзгөндөр: Атантай Акбаров,**
**Нуржан Тентимишова**

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2021

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7
Т 88

Т 88 **«Мен дүйнөнү баланын көзү менен карайм...». Чыныбай Турсунбеков.** – Б., Улуу Тоолор, 2021. – 500 б.

ISBN 978-9967-29-426-4

«Адамдын өмүрү – өзү жашаган мезгилдин сүрөтү, күбөлүгү, ал эми поэзия болсо мезгилдин жүзү», – дейт Нобель сыйлыгынын лауреаты, таланттуу бенгал акыны Рабиндранат Тагор. Канткен менен да, белгилүү инсандардын доорду алга жылдырууга кошкон салымын танууга болбос. Дегеле, чыгаан уулдары, улутман азаматтары жок элдин келечеги да болбойт.

Анан да, адамдын экинчи өмүрү болуш үчүн ал ириде биринчи өмүрүн татыктуу жашашы керек. Чыныбай Турсунбеков ошол биринчи өмүрүн өрнөктүү жашап, экинчи өмүрү аркылуу да кыргызга ак кызмат кыла баштаган залкар инсандарыбыздын бири.

Бул китепте ошол Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бешинчи жана алтынчы чакырылыштарынын депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурдагы төрагасы, белгилүү бизнесмен, акын-котормочу жана окумуштуу, өзгөлөргө өрнөк болчу доорубуздун чыгаан инсаны, кыргыздын кыраан уулу Чыныбай Турсунбековдун бейнеси, ой-чабыты жана жан дүйнөсү тууралуу кеп болмокчу.

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7**

ISBN 978-9967-29-426-4

© Тентимишова Н., 2021

1

# ТҮЗҮҮЧҮДӨН КИРИШ СӨЗ

Бул китептин басмага даярдалышы тууралуу бир аз кеп козгой турган болсом, Чыкем экөөбүз тээ 2016-жылы эле бир бүтүмгө бекип, алгачкы даярдыктарыбызды жана маектешүүлөрүбүздү баштаганыбыз менен эмнегедир ишибиз ар кандай себептерден улам адеп үзгүлтүккө учурай бергендиктен, анын 60 жаш кутман курагына арнап чыгаралы деп чечкенбиз. Бирок, бүт дүйнөнү күтүүсүздөн каптап келген таажы вирусу Чыныбайга 60 жашты да толук ыраа көргөн жок. Арман дүйнө дегениң ошол!..

«Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп Аалы Токомбаев айтмакчы, Чыныбай досум өз өмүрүн татыктуу жашап, артына өлбөс-өчпөс из калтырып кетти. Анын адабий мурастары чогултулуп, «Жылдыздуу жээк» деп аталган жыйнак жарык көрдү. Ал эми басып өткөн өмүр жолундагы эң урунттуу учурларды чагылдырган макалалар, эскерүүлөр, маектешүүлөр, арноолор жана эсселер «Мен дүйнөнү баланын көзү менен карайм» деген жалпы аталышка бириктирилди. Бул экинчи китеп баш-аягы он эки бөлүмдөн турат.

«Түзүүчүдөн кириш сөз» деген менин чакан макаламдан (1) кийин Чыке досумдун өмүр баяны (2) толук бойдон хронология боюнча берилген соң, каргашалуу окуя кандайча болуп өткөнүн кенен баяндаган Нуржан

аяшымдын эскерүүсү (3) жана замандаштарыбыздын көңүл айтууларынын үзүндүлөрү (4) жайгаштырылды.

Орто мектепти аяктагандан баштап чыгармачылыкка, илимге жана билим берүү тармагына 18 жылдык өмүрү арналган учурга «Чыныбайдын биринчи доору» деген бөлүмдө (5) кенен-кесири токтолуп, устаттарынын, курсташтарынын, кесиптештеринин, айылдаштарынын жана классташтарынын эскерүүлөрүн бердик.

Ири ишкердикке кандай шарттарда аралашкандыгы, зор ийгиликтерди өтө кыска убакытта эле кантип жараткандыгы, алардын орундалышында сырткы себептердин таасири жана ички себептердин орду канчалык болгондугу жөнүндөгү ары кызыктуу, ары керектүү, ары баалуу маалыматтар «Чыныбайдын экинчи доорун» чагылдырган бөлүмдө (6) бизнес-партнерлордун эскерүүлөрү, пикирлери, ыраазычылыктары жана Нуржан аяшымдын толуктоочу текcттери аркылуу баяндалды. Айтмакчы, Чыке досум бул доор үчүн өмүрүнүн он беш жылын жумшаптыр.

Коомдук жана мамлекеттик иштерге сүңгүп кирбей, тагыраак айтканда, турмуштун боркулдап кайнап турган жерине боюн таштап ийбей, тыптынч эле, жан дүйнөсүнүн жагымдуу эрмеги болгон чыгармачылыгы жана түгөнбөгөн түйшүктөрү бар чоң ишкердиги менен эле алек болуп жүрө берүүгө мүмкүнчүлүгү да, укугу да бар экенине карабай, Чыке досум өз күчүн, дараметин сынагысы келип, бай тажрыйбасын, билимин жумшап өз мекени – сүйүктүү Кыргызстаны көйгөйлөрдүн жана муктаждыктардын сормо сазынан суурулуп чыгуусуна салымын кошууну каалап, ошон үчүн өзүнө анчалык тааныш эмес чөйрөгө – саясатчылардын чөйрөсүнө аралашкан соң, чынчылдыгы, туруктуулугу, принциптеринин бекемдиги, жоопкерчиликтүүлүгү

сыяктуу мыкты сапаттарынын жардамы менен эң салабаттуу жана салмактуу саясатчылардын бирине айлангандыгы тууралуу маалыматтарды «Чыныбайдын үчүнчү доору» деген бөлүмдөн (7) окуйсуздар. Анын он жылдык өмүрү сарпталган учур жөнүндөгү кызыктуу эскерүүлөр жаш саясатчылар үчүн мыкты өрнөк болоруна бөркүмдөй ишенем.

Айдай менен Бегимайдын калемине таандык эки эссе – эскерүү (8) Чыке досумдун экинчи өмүрү үзүрлүү түрдө уланганын кабарлайт.

Арноолор бөлүмүндөгү (9) авторлордун чын пейилден жараткан ырлары жана поэма Чыке досумдун образын дагы толугураак таанып-билүүгө көмөктөшөт.

Чыгармачылыкты, илимди, билимди жана маданиятты ар тараптан колдоо үчүн уюшулган Чыныбай Акунович Турсунбековдун фонду (10) ачылгандыгы, анын алгачкы саамалыгы катары жаш акындардын республикалык конкурсунун ийгиликтүү түрдө өткөрүлүшү, андан сырткары, ар бир жеңүүчүнүн эң мыкты бирден ыры да кошо жарыяланышы (11) фонддун жигердүүлүк менен иштеп баштагандыгын жана чыгармачылыктын эстафетасы ишенимдүүлүк менен улантылып келатканын ырастайт.

Ал эми он экинчи бөлүмдөгү «Редактордон жыйынтык сөз» деген макалада (12) замандашыбыз Ж. Кадыров Чыке досумдун чыгармачылык менен илимдеги, ири ишкердиктеги жана чоң саясаттагы басып өткөн жолу менен тыкыр таанышкан соң, анын эң күчтүү лидерлердин бири болуп калыптанып бүткөнүн, а бирок, тилекке каршы асыл мүдөөлөрүн орундаганга жетише албай калганын өтө өкүнүү менен баса белгилейт да, азыр биз белчебизден батып калган экономикалык, саясий, рухий кризистерден чыгуунун бирден-бир туу-

ра жолу – Чыке досумдай болгон чыныгы лидерлерди чукул арада жана көп санда даярдап чыгыш керек деген өзүнүн жеке пикирин ортого коёт.

Айтор, ардактуу замандаш, Чыныбай досумдун дүйнөнү баланын көзү менен кантип карагандыгынын сырларын сизге тааныштыруу үчүн бул китепти жарыяладык.

Эмесе, кезек да, сөз да сизде?..

**Атантай Акбаров,**
акын, маданиятка эмгек сиңирген ишмер

2

## ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВДУН КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯНЫ

Турсунбеков Чыныбай Акунович 1960-жылы 15-октябрда Нарын облусунун Нарын районундагы Жан-Булак айылында туулган.

1978-жылы Абылкасым Жутакеев атындагы орто мектепти аяктаган.

1978-1983-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуган.

1983-жылы «Кыргызстан» басмасынын коомдук саясий адабияттар редакциясында редактор болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1985-1988-жылдары Кыргыз улуттук илимдер академиясында аспирантурада окуган.

1988-жылы «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман проблемасы» деген темадагы кандидаттык диссертациясын коргоп, филология илимдеринин кандидаты даражасына ээ болгон.

1989-1992-жылдарда КМУнун Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинде Кыргыз адабияты кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, факультеттин деканынын орун басары болуп иштеген.

1993-1994-жылдары Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү болуп эмгектенген.

1995-1997-жылдары Түркиянын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы ТИКАнын Кыргызстан

боюнча адиси, «Манас – 1000» мамлекеттик комитетинин алдындагы «Манас дастаны» филиалынын директору, Түркия боюнча «Азаттык» радиосунун кабарчысы сыяктуу кызматтарды аркалаган.

1997-жылдан 2010-жылга чейин «Акун» ЖАКынын башкы директору, «Бишкек ун комбинаты» ААКынын башкы директору, «Кереге» ААКынын Директорлор кеңешинин төрагасы, Кыргызстан ишкерлер бирлигинин президенти, Кыргыз-түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы болуп иштөө менен кыска мөөнөттүн аралыгында эле белгилүү ишкер катары таанылган.

2004-жылы Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипломатиялык академияны артыкчылык диплому менен аяктаган.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бешинчи чакырылышына Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын тизмеси боюнча депутат болуп шайланып, ошол эле КСДПнын парламенттик фракциясынын лидери катары өлкөдөгү саясий иштерге активдүү аралашып, коомго, элге пайдалуу көп идеяларды иш жүзүнө ашырууга өзүнүн татыктуу салымын кошуп келди.

2015-жылы да аталган партиянын тизмеси боюнча КР ЖКнын алтынчы чакырылышынын депутаты болуп шайланып, Жогорку Кеңештин парламенттик көпчүлүк коалициясын жетектеген.

2016–2017-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп эмгектенип, мыйзам чыгаруу ишинин өнүгүшүнө зор салым кошо алды.

**Адабий эмгектери:**

1985-жылы «Жүрөктөгү жаңырык», 1994-жылы «Шаарда жоголгон сөз», 2014-жылы «Жалын тоо»,

2021-жылы «Жылдыздуу жээк» деген ыр жыйнактары жарык көргөн.

1989-жылы Илим басмасынан жарык көргөн «Проблемы современной литературы» деген китептин автору жана Илимдер академиясы тарабынан басылган «Адабий терминдердин сөздүгүнүн» авторлорунун бири болуп саналат.

1994-жылы түрк тилинен кыргызчага Нихал Атсыздын «Көкжалдардын өлүмү» романын которгон.

1995-жылы «Манас» эпосу боюнча үч тилде чыккан түстүү альбомдун түзүүчүсү жана котормочусу.

2019-жылы «XX кылымдагы Түрк дүйнөсүнүн адабияты» (2019) китебинин автору жана котормочусу.

**Алган наам менен сыйлыктары:**

1987-жылы Жаш илимпоздордун эл аралык фестивалына катышып, 2-даражадагы диплом менен сыйланган.

1989-жылы Абхазиянын Пицунда шаарында өткөрүлгөн Жаш акындардын Бүткүл союздук 15-фестивалынын лауреаты болгон.

1991-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү.

1994-жылы СССР Журналисттер союзунун мүчөсү.

1996-жылы эл аралык «Айтматов клубунун академиги» наамын алган.

1999-жылы «Жылдын мыкты бизнесмени» наамы берилген.

2000-жылы Президенттин Жарлыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2003-жылы экономиканы көтөрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн «Даңк» медалы менен сыйланган.

2003-жыл. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ардактуу атуулу.

2009-жыл. КР Нарын районундагы Жан-Булак айылынын Ардактуу атуулу.

2012-жыл. Кыргыз Республикасынын Билим берүү отличниги.

2012-жыл. Кыргыз Республикасынын Нарын районунун Ардактуу Атуулу.

2013-жыл. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Кызматынын үчүнчү класстагы Мамлекеттик Кеңешчиси.

2016-жыл. КР Талас обласынын Бакай-Ата районун Ак-Дөбө айыл аймагынын Ардактуу Атуулу.

2017-жыл. Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Ардак грамотасы.

2017-жыл. А.И.Герцен атындагы Россия мамлекеттик педагогикалык университетинин Ардактуу доктору.

3

**Нуржан Тентимишова**

# ОРДУ ТОЛГУС ЖОГОТУУ

## Чыныбайдын акыркы айлары

2020-жылды жакшы тилек-максаттар менен тосуп алганбыз. Ушул жылы Чыныбай 60ка чыкмак. Чыныбайдын 60 жылдыгын акыркы жылдарда жазган ырларынын жыйнагын чыгаруу менен адабий кече катары эле өткөрүп, жакын санаалаштарга чакан чай уюштуруп коёлу деп пландап жатканбыз. Чыныбай өзү ашкере шаан-шөкөттү деле көп жактырчу эмес. Өмүрүнүн соңку он жылын чоң саясатка арнаган Чыныбай мындан ары чыгармачыл жаштарга көбүрөөк көңүл бурушум керек экен, карапайым эл менен дагы тыгызыраак иштеп, көйгөйлөрүн чечүүнүн жолдорун табыш керек деп аткан. А мен болсо Чыныбай негиздеген жана күн-түнү бирге чуркап жүрүп бутуна тургузган көп тармактуу иштерин адатымча уланта бермекмин, албетте, «Акун» компаниясынын жалпы жамааты менен бирдикте.

Тилекке каршы, COVID-19 илдети Кыргызстанга да келди. 2020-жылдын 22-мартында бүткүл Кыргызстан боюнча өзгөчө кырдаал жарыяланып, 24-марттан тартып Бишкек шаарына өзгөчө абал киргизүү чечими кабыл алынбадыбы. Он жылдан бери келбеген Чыныбай ошол күндөн тартып «Акун» компания-

сына күнүгө келе баштады. Эң биринчи сураганы эле жумушчу-кызматчылардын ден соолугу, ооруну жуктурбоо боюнча профилактикалык иш-чаралар болду. Өндүрүштүн жүрүшү, сапаты менен көлөмүнө да өзгөчө көңүл бура баштады. Депутат болуп кеткени өндүрүштү бизге тапшырып коюп эле ишке көп аралашпай калган болчу. Ошол учурда «чек аралар жабылды, эми тамак-аш тартыштыгы башталат» деген маалыматтар социалдык тармактарда кайра-кайра чыгып жаткан. Базарларда, азык-түлүк дүкөндөрүндө күнүмдүк керектелүүчү тамак-аш азыктарына болгон суроо-талап болуп-көрбөгөндөй күч ала баштаган. Чыныбайдын өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүгө эмнеге мынча ынтызарланып киришип калганын кийин түшүндүм. Көрсө ундун каатчылыгы башталып кетсе эмне болот деп алдын-ала өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүнү көздөп жатыптыр. 2007-жылы да дал ушундай каатчылык болгондо, «Акун» компаниясы ундун баасын 25 сомдон көтөрбөй 10 күн бою кармап тургалбыз.

Дал ошондой болду. Чек аралар жабылды. Контрабанда менен келип жаткан ундар кан буугандай токтоду. Базарларда, дүкөндөрдө ун калбай калып жатты. Мына ушунда да Чыныбайдын жеке демилгеси менен ундун обу жок кымбаттап кетүүсүнө жол берилген жок. Элди жеткиликтүү баадагы продукция менен камсыз кылуу максатында компания күчөтүлгөн иштөө тартибине өткөн: унду өндүрүүгө катышы бар бардык ишкана кызматкерлери дем алыш күнү жок 24 сааттык иш режиминде, сатуу бөлүмү дем алышсыз 14-16 сааттык режимде иштеп турушту. Ушуну менен катар Чыныбайдын дагы бир демилгеси менен Бишкек шаарынын ар бир аймагында, жаңы конуштарда ун жана ун азыктарын саткан көчмө соода точкалары уюштурулган.

Бул шаар ичинде коюлган посттордон өтө албаган жашоочулар үчүн абдан ыңгайлуу шарт болгон.

Айта келсең оңой-олтоң эле ишке ашкандай көрүнөт. Чынын айтканда өтө эле оор болду. Өзгөчө абал, коменданттык саат деп жумушчуларыбыз уруксаат кагазы жок (пропуск) ишке келе албай жатты. Улпакты улам тазалап чыгарып кетип турбаса, толуп кетсе тегирмен токтоп калат. Улпак алган фермерлерге да пропуск керек. Алдын-алып бардык фамилияларды берген менен пропусктарды убагында ала албай аябай убара болдук. Бир жагынан жумушчулар келе албай, экинчи жагынан улпак толуп чыгып төрт айлабыз кетип калганда социалдык тармактар аркылуу «Акун» компаниясынын кампалары улпакка толуп кетти. Аларды алчу фермерлердин унааларына пропуск берилбей жатат. Бул маселелер чукул арада оң чечилбесе, өндүрүш бир нече күндүн ичинде токтойт» деген мазмундагы билдирүүнү таркаттырдым эле, ал кабар эки түрдүү жыйынтык берди.

Социалдык түйүндөгү элдин колдоосу пропуск маселесин чечип жаткан бир топ чиновниктерди эсине келтирди. Пропуск маселеси чечиле баштады. Экинчи жагы мени абдан капа кылды. Мындай болору оюма да келген эмес. «Акунда» эмне болуп жатканы жөнүндө эч кабары жок, эч кандай аргументи жок адамдар Чыныбайды карандай каралоо аракеттерин жүргүзүп киришти. Күнү-түнү эс албай, уйкудан калып, элди арзан ун менен камсыз кылалык деп чыгашага (ар бир мешок ун өз наркынан 50 сомго арзан берилип жаткан) иштеп жатсак кантип ушунча каралоого оздору барышты билбейм. Мен андайды күткөн эмесмин. Болгону ал билдирүүнү чыгартаарда чындыгында болгон кырдаалды гана коомчулуктан жашырбай ачык айтып,

алардын колдоосу менен жумушчуларыбызга жана фермерлерге пропуск алып берүүнү көздөгөм. Чыныбайды фейктердин атакасына калтырганыма ушунчалык өкүнөм. Биз деле башкалардай болуп, пропуск берилген жок деп, тегирменди жаап коюп отура берсек болмок экен деп калам. Бирок Чыныбай анткенибизге жол бермек эмес деп кайра өзүмү сооротом.

«Акундагы» ишке өз көзү менен күбө болгон журналист Нургазы Мусаев кийин минтип жазыптыр: Кыргызстанда иштеп жаткан 9 ун тегирмен бар. Ошол учурда анын бирөөндө: «Акунда» эле буудай запасы бар болуп чыкты. Башка бир дагы тегирменде буудай жок. Ал ортодо доллар 84кө секирди. Азык-түлүк коопсуздугу боюнча ыкчам топтун мүчөсү катары күнү-түнү ун комбинатында жүрдүм. Чыныбай ага күнүгө келип жатты. Мен ошондо көрдүм «Акун» көтөргөн жүктү!»

Акыры келип чындык жеңет экен. Эл башына күн түшүп турганда кимдин эмне кылганын убакыт көрсөтөт тура. Эл алапайын таппай турганда кимдер эмне менен алек болгону да ачыкка чыга баштабадыбы.

Элге күйгөн киши эле күйөт экен. Унду жетишерлик өлчөмдө чыгарып берип атабыз, колдон келген азык-түлүк менен камсыз кылып жатабыз, көп эле чыгымга дуушар болдук дебестен Чыныбай жеке өзү көзөмөлгө алып, региондорго Бишкек шаарындагы дүң баа менен ун, макарон, суу май жана кумшекер жеткирүүнү да колго алды. Жеткирип берүүгө кеткен чыгымдарды дагы «Акун» компаниясы өзү көтөрдү.

Нарын районунун Эки-Нарын, Кайынды, Таш-Башат айылдарынын тургундарына 420 мешок 1 сорт ун, 1 тонна макарон азыктары, Кара-Кужур айыл аймагына 12300кг. ун, 700л. суу май, Дөбөлү айылына 14000кг.ун, Эмгекчил айылына 8000кг. ун, Эмгек-Талаа айылына 13000кг. ун жеткирип берилген.

Орун алып жаткан кыйынчылыктарга, ар кандай бут тосууларга, «Акун» компаниясынын чыгым тартып жатканына карабастан, гуманитардык жардам берүү иштери да үзгүлтүксүз жүрдү. Адегенде эле Нарын шаарындагы санитардык-карантиндик посттордо турган милиция жана медицина кызматкерлерине, «Таза Нарын», «Жашылдандыруу» муниципалдык ишканаларынын жумушчу-кызматчыларына жана аз камсыз болгон 150 үй-бүлөгө ун жана макарон азыктары берилген. Ага улай эле Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун жана санэпидемиялык көзөмөл борборунун 47 кызматкерине бир мешоктон ун жана макарон азыктары тапшырылган. Ошону менен катар эле Нарын районундагы 36 айылдагы 850 жакыр үй-бүлөлөргө, Ысык-Көл районунун Кара-Ой айылындагы 40 көп балалуу үй-бүлөгө, Бишкек шаарынын Пригородный айыл аймагынын Достук айылында жашаган 40 үй-бүлөгө «Акун» компаниясы чыгарган азык-түлүктүн ар түрүнөн гуманитардык жардам көрсөтүлгөн. Жардамга муктаж жарандар үчүн деп 1000 пакет макарон азыктары «Биз барбыз» элдик штабына тапшырылган. «Жаштар биримдиги» фонду менен биргеликте күнү-түнү иштеп жатышкан 200 медицина кызматкерлерине жана постто тургандарга ысык тамактар уюштурулган. «Ассанабил» эл аралык кайрымдуулук фонду менен биргеликте Нарын шаарындагы 250 аз камсыз болгон жардамга муктаж үй-бүлөлөргө, посттордо турган милиция, медицина кызматкерлерине, муниципалдык кызматта иштегендерге гуманитардык жардамдар берилгенин кошумчалап кетсек болот.

Чыныбайдын баштаган ишин жарым жолго таштап койбогон табигый өжөрлүгү бар эле. Ошентип, чуркап жүрүп билинбей эле 3-4 ай өтүп кетиптир...

## Чыныбайдын акыркы күндөрү

Биз жылыга июнь айында Жан-Булак айылына барып, апабызга (кайненеме) куран окутуп, бала-бакчанын жылдык ишинен кабар алып келчүбүз. 2020-жылдын 18-июнунда уулубуз Эржанды алып Чыныбайдын бир туугандары болуп Жан-Булакка барганбыз. 18инде жатып, 19унда бала-бакчага барып, бөбөктөрдүн концертине күбө болдук, Чыныбай окуучуларга стипендия берди.

Айылдагы иш-чаралар жыйынтыкталгандан кийин Кенжебай (кайним) 2 боз үй тиктирип койдук эле Каманды-Сууга барып эки-үч күн эс алып кетпейсиңерби деп калды. Каманды-Суу кайнатамдардын малчы болуп жүргөн кезинде жайлаган жайлоосу экен. Биртуугандар болуп барыбыз жолго чыктык. Чыныбай, мен, Эржан, шоопур төртөөбүз бир машина менен бараттык. Жолдо сүйлөшүп келатып Чыныбай «Бала кезде ушул жакка кой айдап эки күндө жетчүбүз» – деп калды. Андайды көрбөгөн Эржан «Кечкисин кайда жатчу элеңер?» – деп таң калды. Чыныбай «Ээрди жазданып, көрпөчөсүн алдыга салып эле жатып алчубуз»,– деп жооп кылды. Эч ыңгайлуулугу жок ээн жерде 5-6 – класста окуган кичинекей баланын уктаганын Эржан экөөбүз элестете алганыбыз жок. Жолдо ошентип Чыныбай бала чагы жөнүндө айтып берип отуруп Каманды-Сууга көңүлдүү жеттик.

Жакшынакай эки боз үй тигип коюшуптур. Кайда барса да эки жагын иликтеп келе коймою бар Чыныбай: «Кел, Нуржан, тоого чыгып келебиз»,– деп калды. Мен башым ооруп турганын айтып барганым жок. Уктап кетиптирмин, ойгонсом Чыныбайлар келип калышыптыр. Суу болуп келишти. Тоонун чокусуна

чыкканда катуу шамал болуп, жаан жааганын айтып: «Тердеп аттым эле, аябай үшүп, чыйрыгып калдым»,– деди. Кургактап кийинип, аңгыча эт бышып, тамактанып сыртка чыксак улак тартылып, Чыныбай ырымжырымын кылды. Жан-Булактык Нарынбек байке да өзүнүн бозүйүнө чакырып, алардыкына барып отурсак, Чыныбай арттан жел уруп атат деп айтып калды. Ошо күнү эле кечинде эртең жолугушууларым бар дегенинен Бишкекке жөнөп кеттик. Кеч келдик. Чыныбайдын дене табы көтөрүлүп калыптыр.

21-июнда эртең менен жуунуп-таранып, жолугушуум бар эле деп даярданып алыптыр. Температураң көтөрүлүп атса кантип бармак элең деп токтотуп калдым. Фейсбуктан Б.Төрөбаев ооруп калыптыр деп окуп, Бакыт экөөбүз бир саатча чай ичип отурдук эле деп койду. Анан эле спецполиклиникага чалып, 21 июнда алар ПЦР тест алып кетишти. Ошол эле учурда Чыныбай Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин штаттан тышкаркы башкы пульмонологу Талант Сооронбаев менен байланышты, ал дароо эле ковид деп диагноз коюп, төшөктөн турбай жатууну, эгер дене табы 38.5тен көтөрүлсө, Парацетамол ичүүнү сунуштады. Чыныбай «Жайлоого барып, жаанга калып чыйрыгып да калдым эле»,– десе, ал сөзүнө деле көңүл бурган жок, ковид деп эле туруп алды.

Үч-төрт күн өтсө да ПЦР тестинин жыйынтыктары келген жок. Чыныбай КРнын саламаттыкты сактоо министринин орун басары Мадемин Каратаев менен байланышып анализдин жыйынтыктарын таап берүүгө жардам сурады.

24-июнда Чыныбай өзүн жакшы сезип калды, дене табы көтөрүлгөн жок. Болгону эрининде учук пайда болду. Мындай нерсе дайыма Чыныбай суукка урунуп айыккандан кийин чыкчу эле.

25-июнда М. Каратаев телефон чалып жыйынтыктар табылганын жана терс экенин айтты. Анын айтымында, Чыныбайдын аты-жөнү туура эмес жазылгандыктан анализдеринин жыйынтыгы жоголуп кеткен. (Бирок бизге берилген ПЦР тестинин жыйынтыгында аты-жөнү туура жазылган, туулган күнүндө гана ката болгон, тактап айтканда, 15.01.1960 болуп көрсөтүлгөн. Бирок белгилей кетүү керек, анализдин датасы 2020-жыл 25-июнь деп көрсөтүлгөн. Каратаев аны кайдан таап бергени, же кара күчкө эле жаздырып бергени белгисиз…). Чыныбай Каратаев менен сүйлөшкөндөн кийин «Нуржан, сен жөн эле сарсанаа болуп атасың. Мен ооруган жокмун деп айтпадым беле, мына тест дагы отрицательный чыгыптыр» – деп мени жоошутту. Чогулуп отуруп алып чай ичип санаабыз тына түштү.

26-июнда эртең менен кобурашып чай ичип алып мен жумушка кеттим. Кийин уксам Чыныбай ал күнү душка түшүп, терезелерди ачып, жеңил кийимчен диванга жатып телевизор көрүптүр. Кечинде кайра температурсы көтөрүлүп жөтөл пайда болду. Кайрадан Т. Сооронбаевге кайрылса, ал ооруканага барбоону, үйдөн дарылануууну сунуштады. Клексан 0.4тү бир күндө эки жолу, Азитромицин 500 миллиграмм антибиотигин күнүнө бир жолу алууну жазып берди. Ошондой эле Чыныбай кычкылтек концентраторунан кошумча кычкылтек ала баштады. Бирок абалы жакшырган жок, 2 күндөн кийин тахикардиясы башталып, Т. Сооронбаев ооруканага жатууну сунуштап КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталдын кардиология бөлүмүнө жиберди.

28-июнда өпкөсүн томографиядан өткөргөндөн кийин Чыныбай экөөбүз Улуттук госпиталга бардык. Ал жактан башкы врачтын милдетин аткарып жаткан Акылбек Усупбаев тосуп алды. Аны деле таанычубуз.

Жапар жездемдин курсташы болчу. Аны менен учурашып больницага кирип кетти. Мен Чыныбайды акыркы көргөнүм ошо болду.

29-июнда эртең менен жеке менчик лабораторияга анализдерин жеткирүү керектигин айтышты. Биз барып алып анализдерди күттүк. Чыныбайга чалсам «эч ким палатага кирбей атат» деди. Ал күнү анализдер Чыныбайдан алынган жок.

Ошол күнү кечке үй-бүлөбүз менен шаардагы бардык дарыканалардан жазып берген дарыларды издеп араң таап, кечинде ооруканага алып бардык. Телефондон сүйлөшүп аттык. Бир туугандарына сарсана болгонунан «Чыныбай, сарсана болбо, баары эле жакшы, оруган эч ким жок» дедим. «Бул жакта палатада жалгыз жата берет экенсиң, кыйкырсаң да эч ким келбейт экен, реанимацияга которулуп атам, ал жакта бир врач менен медсестра такай болот экен» – деди. Абалы оорлошконун, мени капа болбосун деп айткысы келбедиби, билбейм...

Кийин оорунун тарыхы тууралуу китепчеден (история болезни), чынында, 29-июнь күнү кечинде Чыныбайдын кычкылтек кабыл алуусу бир кыйла төмөндөй баштаганын билдик. Кыязы, бизди тынчсыздандыргысы келген жок окшойт. Биз ошол күнү кечки саат 9да Чыныбай менен вотсаптан жазышып жаттык.

Эртеси (30-июнь) эртең менен Чыныбай чалууларга жана билдирүүлөргө жооп бербей атты. Мен Т. Сооронбаевге, М. Каратаевге, Улуттук госпиталдын башкы дарыгерине телефон чалып да аттым, вотсаптан жазып да аттым – жооп болгон жок. Анан бир тааныш медайымды таап, бөлүмгө барып Чыныбайдын абалын билүүнү сурандык. Ал абалы оор экенин, ИВЛ аппаратына туташтырылганын, 2-даражадагы дем алуу жетишсиздиги болуп жатканын билдирди.

Кечинде гана саат 9да Т. Сооронбаев чалып Чыныбайдын абалы начарлап кеткенин жана 29у түндө интубацияланганын, ИВЛ аппаратында экенин айтты. Ооруканадан тез арада Моксикум, Розефин жана Левофлоксацин дарыларын алып келүүнү айтышты. Ошол эле күнү кечинде биз Чыныбайдын досу, бизнес-партнеру Бедреттин мырзага телефон чалып Чыныбайдын ооруп атканын кабарладык.

ИВЛге туташканына карабай Чыныбайдын дем алуусу кыйындай берди.

Бизге «аппараттын клапандары начар жабылган болсо, кычкылтек барбайт» деп билгендер айтышты. Тааныштар аркылуу текшерүүнү сурандык. Бизге кийин «текшеришти, абалы турукташты» деп жооп беришти. Кокустанбы же жокпу, бирок ошол учурдан баштап сатурация акырындык менен көтөрүлө баштады жана 6:45те 85ке жетти.

1-июлда түштө бизге оң жакка өзгөрүү бар экендигин маалымдашты. Биз Туркияга алып кетсек болобу деп сурасак башкы дарыгер Акылбек Усупбаев Туркияга которууга тыюу салды. Чыныбай эсине келди. Кечинде, дарыгерлердин айтымында, сатурация 92ге чейин көтөрүлүп, Чыныбай ошондон кийин медициналык уйкуга киргизилген эмес жана эс-учу жайында болчу.

2-июлда таң эрте Т. Сооронбаев мага телефон чалып, Чыныбай ага өзү телефон чалганын, ахвалы жакшы болуп калганын, эки күндүн ичинде ИВЛден чыгарууга аракет кылышарын айтты. Чыныбай болсо мага «Нуржан, Такеге (Талант Сооронбаев) айт. Калганын үйдөн дарыланайын» – деп жазды. Мен Талант Сооронбаев аны эки күндүн ичинде ИВЛден алып чыгууну убада кылганын, коркунучтун баары артта калганын айтып жооп жаздым.

3-июлда бизге аппараттан чыгаралбай атышканын айтышты. Ошол күнү Чыныбай мага жандандыруу бөлүмүндө иштеген кыздардын тажрыйбасы жок экенин, мүмкүн болушунча тезирээк Түркияга алып кетүү керектигин айтып түркчө смс жазды. Мен болсо Талант Сооронбаевдин сөздөрүнө ишенип алып Чыныбайды биздин врачтарга ишениши керектигин, алар ИВЛ аппаратынан чыгарып беришерин жаза бердим.

Мен кайдам билдим, Талант Сооронбаевдин больницага барбай эле үйүндө отуруп алып назначение жасап атканын!

Мен кайдан билдим больницанын тажрыйбалуу врачтары больничныйга чыгып кетип ковидке каршы дарылап жаткандар жаш 25-30 жаштагы тажрыйбалары аз кыз-келиндер экенин!

Мен кайдан билдим, реанимациянын бөлүм башчысы да кабинетинен чыкпай, оорулуларга басып барып да койбогонун! Бирок кийин президентибиз ошондойлорго орден-медалдарын таратпадыбы...

3 июлда кечинде М. Каратаев мага чалып: «Жеңе, Чыныбай Акуновичти Түркияга алып кетсеңер жакшы болот, анткени ал жакта апараттар жакшы, реабилитация тезирээк болот. Биз деле айыктырабыз, бирок ал үчүн көп убакыт кетет» деди. Биз Бедреттин мырзага чалып Чыныбайды Түркияга алып кетүүгө жана документтерди даярдоого жардам берүүсүн сурандык. Дем алыш күндөрүнө туш келип калган үчүн учакка уруксаттарды дүйшөмбү күнү гана ала аларыбызды жана учак дароо учуп келерин билдиришти.

Кийин Чыныбайдын телефонунан 3-июлда «Түрк-кыргыз достугу» деген Вотсап группа аркылуу Чыныбай Түркиянын Кыргыз Республикасындагы элчисине мындай кайрылуу жолдоптур: «Урматтуу элчи мырза. Мен абдан чарчадым. Өлгөнү калдым. Тез арада Түр-

кияга жетүү керек. Жардам бериңиз». (Чыныбай бизге эч нерсе айткан эмес. Дарыгерлер анын абалы жакшы экенине бизди ишендиришти эле. Бул кайрылуу тууралуу түрк гезиттеринде Кыргызстандын экс-спикери Түркиядан жардам сурагандыгы тууралуу маалымат чыккандан кийин гана билдик).

Ошол эле күнү Чыныбай Бедреттин мырзага да «Өлүмдөн артка кайттым. Болбой калыптыр. 20 мүнөт алмаштыралбай коюшту. Экинчи жолу өмүрүм коркунучка учурады» – деп жазыптыр. Ошондой эле учакты тездетүүнү да сураныптыр. Биз мунун баарын кийин телефонунан окудук.

4-июлда «уктай алдыңбы?» – деп сурасам, – «Чалабула. Кудай сактады» – деп жооп жазды.

5-июнда Чыныбай кайра байланышпай калды. Бизге жолго чыкканга чейин эс алсын деп аны медикаментоздук уйкуга киргизгендигин айтышты. Түштө Санитардык авиациянын башчысы чалып Алишер күйөбаламды чакырып, Чыныбайды Улуттук госпиталдын башкы дарыгеринин орун басары, ЛОР бөлүмүнүн башчысы жана реаниматолог менен тааныштырат. Алар консилиум болгонун, Чыныбайга трахеостомия жасоо чечими кабыл алынганын айтышат. Консилиум учурунда алар Чыныбайдын 4 күн ИВЛде жатканын эске алышкан эмес, же аларга туура эмес маалымат берилгенби: санитардык авиациянын башчысы түтүк менен 6 күндөн ашык убакыт жатуу мүмкүн эмес, анткени трахея катуулугун жоготорун айтып, ошон үчүн трахеостомия жазалышы керектигин түшүндүрүптүр. Алишер атасынын ИВЛге туташканына 4 күн гана болгонун айтканда ал таң калыптыр.

Бизге бул операцияны жасай турган жеке клиниканын дарыгеринин телефон номерин беришип жана жеке клиникаларда гана керектүү жабдыктар бар эке-

нин айтышты. Бирок кийин Накен Касиевич мага телефон чалып, трахеостомия жасабаш керектигин, анткени Мукар Чолпонбаевка да жасагандан кийин, ал киши каза болгондугун айтты. Мен Накен Касиевичти дарыгерлер менен өзүн сүйлөшүүсүн сурандым. Накен Касиевич Чыныбай жөнүндө кайдан укканын билбейм.

Бул сүйлөшүүдөн бир сааттан кийин Улуттук госпиталдын башкы дарыгеринин милдетин аткаруучу Акылбек Чолпонбекович телефон чалып операция жасоого эрте экенин жана азырынча муктаждык жок экенин айтты.

Биз Чыныбайдын рентген, томография сүрөттөрүн, анализдерин, медициналык тарыхын Түркиядагы дарыгерлерге жөнөттүк, алар «операцияга азыр эч кандай уруксат бербегиле, жанына эч кимди жолотпогула, бул операциянын кажети жок» – деп айтышты. Операция маселеси бизге бир топ суроолорду жаратты, анткени кийин бул жөнүндө башкы дарыгер да, оорукананын башчысы да кабары жоктугун билдик.

5-июлда ооруканадан декубитке каршы матрас алып келүүнү сураныштты, алып бардык. Бирок Чыныбай каза болгондон кийин бизге аны ачылбаган түрдө кайтарып беришти.

6-июлда түшкө чейин учакка уруксаттарды күттүк. Түштөн кийин колубузга тийди, учак да Кыргызстанга учуп келди. Ошол эле учурда биз Чыныбайды аэропортко жеткирүү үчүн ИВЛ бар тез жардам унааларын издеп жаттык. Ошентип, жеке менчик тез жардам унаасын таптык.

Ошол күнү, тагыраагы, 6-июлда Чыныбай баарыбызга учак тууралуу 5 жолу жазган: 9:59, 10:25, 10:40, 11:42 жана 12:21де. Кийин жазбай калды...

Кечинде жеке менчик тез жардам унаасы келди, бирок аларда да ИВЛ аппарат жок болуп чыкты. Анан

дароо эле башка тез жардам унаасын издей баштадык. Жыйынтыгында тез жардам унаасын тапканга чейин 1,5 сааттай убакыт кетти. Асылбек Жээнбеков аркылуу дагы бир тез жардам унаасын таптык.

Мен тез жардам унасында коштоп барайын деп жеке коргонуу каражаттарын сатып алганыма карабастан унаада орун жок деп эч кимибизди ооруканага да, тез жардам унаасына да киргизбей коюшту.

Аэропортко барганга жолго чыктык. Бирок ооруканадан чыккандан 3 мүнөттөн кийин тез жардам унасы Ош базары жактан токтоп калды.

Тез жардам унаасынын ичинде биз үчүн түшүнүксүз эле аракеттер болуп жатты. Бизди жакын жолотушпады. Бираздан кийин жеңил унаа келип, анын ичинен Тез жардам бөлүмүнүн башчысы Егоров чыгып, тез жардам унасынын ичине кирип кетти. Мен М.Каратаевке чалдым, ал бат эле келип калды. Егоров менен бираз сүйлөшүп: «Өзүнө келтирдик. Эми ооруканага кайтып, реанимация бөлмөсүндө шашылыш чараларды көрбөсөк болбойт» – деп кайра ооруканага жөнөдүк. Эмнегедир, Кардиология борборундагы Чыныбайды алып чыккан имаратка эмес, башка жакка алып барышты. Чыныбайды ичкери көтөрүп кирип кетишти. Болжол менен 15 мүнөттөн кийин М. Каратаев өзү чыгып Чыныбай жандандыруу бөлүмүнө жаткырылганын, аппаратка туташтырылганын айтты.

Биз ишендик. Шердене түштүк. Кудайга жалындык.

Болжолдуу түрдө бир сааттан кийин: «Бүт күчүбүздү, аракетибизди жумшаганыбызга карабай, адегенде кыйла эле жакшы болуп калган Чыныбай Акуновичтин жүрөгү күтүүсүздөн топтоп калды!..» – деген суук кабарды угузушту.

Асманым урап түштү, таянар тоом кыйрады, жер астын-үстүн болду…

Андан ары эмне болгонун көп деле эстей албайм.

Айдай кызыбыз кийин атасы жөнүндө чындыкты издеп «ведомстволор аралык комиссиянын» мүчөсү болуп, Чыныбайдын оорунун тарыхы тууралуу китепчесинен (история болезни) маалыматтарды салыштырганда суроо туудурган көп нерселер ачыкка чыгып калды. Алардын бирине токтолсок: биз Чыныбай дем ала баштады деп сүйүнүп жатканда массалык маалымат каражаттарында («Кактус Медиага») Чыныбайдын өлүмү тууралуу кабар 23:20да, Чыныбай тез жардам машинасында болгон кезде чыгыптыр...

Дагы көп суроолорду туудурган бир жагдай бар: Чыныбайдын оорусу тууралуу бир топ дарыгерлерден сураганыбызда алар ИВЛде жаткан адам смс жаза алышы мүмкүн эместигин, оорулуу медикаментоздук уйкуда жатышы керектигин айтышкан. Бирок Чыныбай бизге 2-, 3-, 4-июлда жана 6-июлда смс жазган. Бул күндөрү Чыныбай медикаментоздук уйкуда болгон эмес, экстубацияланган да эмес. «Атаңар өзү силерге смс жазганына ишенесиңерби?» – деп сураган дарыгерлер да болду. Чыныбайды экстубацияланган жана ИВЛде жаткан деп болжолдогон дарыгерлер да болду. Бирок биз кайрылган бардык дарыгерлер ИВЛде жаткан оорулуу жаза албайт деп ырасташкан. Көрсөтүлгөн күндөрдөгү дарылоонун күндөлүктөрүндө Чыныбайдын интубациялык түтүк аркылуу дем алып жатканын жана түтүктүн аймагындагы ооруга даттанганын жазышкан.

## Чыныбайдын акыркы сапары

...Эртеси (07.07.2020-ж) Чыныбайды акыркы сапарга узатуунун камылгалары бүткөн кезде, ПЦР тест терс (отрицательный) чыкканына карабай «Сөөк үйгө

берилбейт. Моргдон эле мүрзөгө жиберилет» – деп саламаттыкты сактоо министринин орун басары Мадемин Каратаев Чыныбайдын жардамчысы Нурлан Абдыгуловго так кесе жооп бериптир. «Бир күнү мурун «Азаттыктын» журналистти Бүбүкан Досалиева эженин жаназасын үйүнөн окууга уруксат берип, ал эми Чыныбай Акуновичти түз эле жайына алып баргыла дегениңер кандай?» – десе, М.Каратаев «Эгер премьер-министр уруксат берсе гана алып кетсеңер болот» деп-тир. Ал күнү таң заардан бери туугандар жабыла жүгүрүп уруксат берүүгө укуктуу мекемелердин эшигин тытмалап жүрүшкөнүн мага айтышкан эмес. Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып сөөктү бербей, улам бирине чыгып абдан убара болушуптур.

Кантип эле ушундай болсун?

Кантип?..

Асылбек Жээнбековго: «Асылбек Шарипович, балдарым менен Чыныбайды бир көрүп коёлу. Уруксат алып берип коюңуз. Суранам» – деп жаздым. Ошондон кийин уруксат берилип, Чыныбайдын сөөгүн үйгө алып келишти. Бирок бар болгону эки саат убакыт берилиптир. Аны деле мен кийин уктум. Коштошуу жыйынында биз менен катышып жүргөн, эпилдеп-жепилдеп тегеренип турчу М.Каратаев таптакыр өзгөрүп, сөз сүйлөгөндөрдүн шаштысын алып, айдактап, түзүгүрөөк да коштоштурбай туруп алганын сырттагылар айтышты.

Ошентип Чыныбайды түбөлүк сапарга узаттык.

Бул күндөрдү эстегенде Чыңгыз Айтматовдун «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деген сөзү эсиме түшөт...

4

# КӨҢҮЛ АЙТУУЛАР

**Раис Акунов**

Чыныбайды ойлосом эле жашып кетем. Менин жүрөгүмдү операция жасатып, аман алып калып, анан өзү күтүүсүз кете бергенин карачы! Бир сөз менен айтканда Чыныбай өтө мээримдүү, эли-журтун сүйгөн патриот, өтө өзгөчө жан эле. Эми артында иштери калды. Үй-бүлө, бала-бакырасы аман болсун! Калган бир туугандар аман болсун! Элибиз ынтымакта болуп, урпактардын келечеги кең болсун!

**Кенжебай Турсунбеков**

Чыныбай байкем бир караганда өтө көп ийгиликтерге жетти. Бирок, аттиң, аз жашап калды! Байкемдин дагы абдан көп жакшы максаттары, долбоорлору бар эле. Кыргыз элине көп кызмат кылсам дечү. Эл үчүн заманбап клиника салып бергени жаткан. Ошол тилегине жетпей калды. Эми кайрат кылып, байкемдин ишинин уланышына жардам бергенден башка айла жок. Жараткан байкемин бейишин берсин!

Чыныбай байкем күтүүсүз каза болгондо жалпы кыргыз эли бир бөксөрдү го! Ал эми бизде – бир туугандарында, үй-бүлө, жакындарында бул бөксөлүк бүт өмүр бою калды десем болот. Элеси жүрөктө калса да, ар дайым өзүн эстей беребиз.

**Шарапат Ибраева**

Ак, кара телевизор көрүп чоңойгон айылдык жигит – Чыныбай кандай сонун ийгиликтерге жетишти. Бет алган жагынын баары жемиштүү болду. Балдары илим, техника өнүккөн маалда, борбор шаарда төрөлүштү. Менден да жакшы мугалимдерден билим алышты. Жети атасы көрбөгөн жерлерди көрүштү, ошол жактан билим алышты. Атасынын атын чыгарган, эли-жери, кыргыз мамлекети үчүн иштеген мыкты, эли тааныган адамдардан болот деп ишенем. Жараткандан тилек кылам. Нуржан, билинбеген көп кыйынчылыктар алдыда. Чыныбайдын жоктугу минут сайын билинип турат. Экөөңөр ээрчишип басып, балдарыңардын урмат-сыйын көрөрдө жалгыз калдың. Сабырдуу бол. Ооматыңар башыңардан кетпесин, бар болгула!..

**Атыргүл Жумабаева**

Өкүнүчтүү, акылы толуп, көзү каныгып, өмүрдүн толуп турган мезгилинде дүйнөдөн өтүп кетти. Дагы далай чыгармаларын жаратып, элине жана жерине акыйкат, калыс мамиле менен кызматын өтөйт эле. Себеби Чыныбай чындыкты сүйгөн, акыйкат үчүн күйгөн, элжерин сыйлаган жана табиятка жакын адам эле.

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун биз сыйлаган жана сыймыктанган Чыныбай!

**Жаңыл  Мамбетакунова**

Классташтар үчүн чоң жоготуу болду, азыркыга чейин ишене албайбыз. Айла жок, кайгырып кала бердик.

**Дүйшөнбек Шеримбеков**

Шум ажал Чыкени арабыздан алып кетти. Жан-Булак эли аска-тоодой болгон сыймыктуу уулунан ажырап калды. Бул биздин айылдын эли үчүн оор жоготуу.

Чыныбай Акуновичтин элеси айыл элинин жүрөгүндө түбөлүк сакталып калат!

### Абдыкалык Дунканаев

Чыныбай саясатчы, коомдук ишмер, бизнесмен, окумуштуу гана эмес, акын да эле.

Акундун акын уулу келатат деп,
Кубанып, дүргүп тоскон туулган айыл, –

деп өзү айтканындай, бир айылдын гана акыны болбостон, атпай кыргыз журтунун акыны катары аттын кашкасындай таанылып калган учурунда кетти бул жашоодон. Эми сени элиң кубанып, дүргүп тоспой калды..., эл эсинде элесиңдин түбөлүк калаарын ойлоп, ошого топук кылабыз, досум.

Чыкемдин кийинки чыккан «Жалын тоо» аттуу ырлар жыйнагындагы «Жылдыздуу жээк» ырында мындай бир саптары бар экен:

Эркелетип сылабастан башымды,
турмуш мени зор майданга чакырды.
Бала кезден жетким келип эңсеген,
жылдыздуу жээк алыспы же жакынбы?

Айтарым ушул, Чыке, өзүңдүн **жылдыздуу жээгиңе** жеткенсиң, тек гана, анда байыр алып көпкө тура алган жоксуң!

### Касымбек Мамытов

Аттиң, өмүрү кыска экен, таш боор ажал арабыздан алып кетти. Бирок, Чыкемдин жаркын элеси, ак көңүл, жайдары мүнөзү түбөлүккө биздин жүрөгүбүздө калат.

**Лайли Үкүбаева**

Кыргызда «Букарда пулу бардын көөнү ток» деген мыкты, философиясы терең бир сөз бар, ошол сыңарындай, Чыныбайыбыздын эсен жүрүп, чоң жоопкерчиликти таза, так аткарып, элинин сүймөнчүлүгү болуп эл ичинде жүргөнү эле бизге канча демөөр эле. Баралына жетип, элге бергенинен да бере элеги көп мезгилинде шартылдап күү чертилип келатканда тарс үзүлгөн комуздун кылындай болуп Чыныбай да арабыздан кетип калды.

Армансыз дүйнө болобу, кандай болгон күндө да Чыныбай аз жашаган өмүрүндө элине, Ата-Мекенине опол тоодой эмгек кылып, артына өлбөс-өчпөс из калтырып кетти. Ак уул, кызыл кызды татыктуу тарбиялап, ата жолун улантууга багыт берди. Өмүрлүк жары Нуржанды эркелетип, аздектеп, көңүлүн таап жашады. Бул айтылгандар жөн эле сөз эмес, анын артында Чыныбайдын бейнеси турат. Жөпжөнөкөй карапайым үй-бүлөдө туулуп, тарбия алып, алыскы тоолуу райондон борборго келген кыргыздын кара тоголок уулу Чыныбай көп деле убакыт өтө электе Чыныбай Акунович деген даражага жетти. Ушунун өзү үй-бүлөсү, жакындары, жакшы санаалаштары үчүн чоң сыймык, чоң каниет!

Чыныбай, асыл шакиртим! Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун! Сенин тоо суусундай тунук күлкүң, жайдары мүнөзүң, улуу адамгерчилигиң биздин жүрөгүбүздө түбөлүк сакталат.

**Суусар Искендерова**

Айла жок, Чыке, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун. Сен өлгөн жоксуң, сен балдарыңда, неберелериңде жашайсың, сени билгендердин жүрөгүндө дайым болосуң, эмгегиң элдин эсинде.

Сен дүйнөдөн бир жарк этип жанып, өчкөн жылдыз болдуң.

**Бедреттин Өзмен**

Сенин арабыздан биротоло кеткениңе ишенгим келбейт Чыныбай... Биз дайым сенин тунук акылыңды, жагымдуу жылмаюңду, жеңил тамашаңды жана эмоция менен сезимдерге толгон кайталангыс үнүңдү эстен чыгарбайбыз...

Менин кымбаттуу досум, сенин гумандуу идеяларың, сенин чыгармачыл күч-кубатың, сенин жаратмандык ойлоруң дайым биз менен жашайт...

Сени дайым сагынып, эстеп турабыз...

**Rüya Özmen**

## SEVGİLİ ÇINIBAY DEĞERLİ DOSTUM…

Hepimizi şoke eden beklenmedik ani gidişinle bizleri eksik bıraktın.

İnsanlık alemi iyi güzel bir insanını, Kırgızistan iyi, güzel, yurtsever bir vatandaşını, güzel ailen iyi güzel bir eşi, iyi güzel bir babayı, dedeyi kaybetti. Bizler, seni seven sayan dostların ise can dostumuzu kaybettik. Yerin doldurulamaz.

İyi ki yollaramız, hayatlarımız kesişti. Sen ve güzel ailen ile tanıştık, paylaştık.

Pek çok güzel yolculuk, gezi yaptık birlikte, çocuksu bir neşe ve saflığa sahip

İnce, zarif şair ruhun, güvenilr, dürüst, çalışkan, yeniliğe açık, devrimci, yaşam sever kişiliğinle iyi ki vardın hayatımızda.

İnsan ve sevgi odaklı şiirlerinle güzel baladlar seslendirdiğin tenor sesinle, içten

Kahkaların ve neşenle varlığını kattığın ne muhteşem yolculuklarımız oldu birlikte…

İyi ki … İyi ki…

İş ortaklığı bahane, seninle dostluk, arkadaşlık şahane, muhteşem idi.

Seni hiç unutmayacağız…

Hep sevgiyle ve saygıyla…

**Рюйа Өзмен**

Урматтуу Чыныбай...

Сенин күтүүсүздөн көз жумганың биздин эсибизди эки кылып, чоң кайгыга салып кетти... Биз дароо эле жетимсирей түшкөндөй болдук... бул биздин бардыгыбыз үчүн орду толгус оор жоготуу болду... Бүткүл адамзаты ак пейил адамын жоготту, Кыргызстан өз Ата Мекенинин патриоту жана жалындаган жаратман атуулунан, анын үй-бүлөсү чындап берилген жана бардыгын көз караштан түшүнүп турган алган жарынан, дайыма камкорлук кылып, жакшы көрүп турган атасынан, балпактаган баласаак чоң атасынан ажырады. Биз болсок эң эле кымбат, ишенимдүү досубуздан айрылдык... Сенден айрылганыбыз өтө кейиштүү!

Бул жашоодо силердин үй-бүлө менен кездештирген тагдырыма ыраазымын. Биз силер менен бирге турмуштук кызык учурларды баштан кечирдик. Үй-бүлөлөрүбүз менен чогуу саякаттап жол жүргөн учурларыбызда эмне деген гана эстен чыккыс, жаркын-жарык, бактылуу күндөрдү баштан кечирбедик беле.

Биз сени адамдан башкача таза, аруу, поэтикалуу, наристедей таза бала кыялы жарык маанайына айкалышып турган, жакшы нерселерге талбай аракеттенген, креативдүү жана новатордук ой жоруму бар чыгармачыл инсан, өтө эле эмгекчилдиги, ишенимдүүлүгү, чынчылдыгы жана жашоону сүйгөндүгү менен айырмаланып турган адам катары жакшы көрөбүз жана эстейбиз.

Чогуу жүргөн учурларыбыздагы сенин жашоо жана сүйүү жөнүндөгү сезимди козгогон ырларыңды окуп бергениң абдан толкундатуучу жагдай болгону улам эскерилип чыгып жатат. Сенин өзгөчө күлкүң, сенин көңүл толкуткан баллададаларды аткаруудагы кайталангыс тенорууңду эч унута албайбыз...

Бул өнөктөштөрдүн «протоколдогу» достугу эмес, чыныгы адамдык, жан дүйнөнүн достугу болчу.

Биз дайым сени сагынуу, урматтап-сыйлоо менен эскерип турабыз...

**Кемал Көлоглу**

Менин кымбаттуу досум, сенин ушунча эрте көз жумганың өтө өкүнүчтүү... өмүрдүн кайта кайталанбасы андан бетер өкүнүчтүү... Убакыт эч кимди аябайт экен. Салаадан куюлган кумдай токтобой өтө берет экен. Бирок, сенин жаркын элесиң, жылмаюуң менин жүрөгүмдө дайым сакталат...

Ооба... мен экөөбүздү кездештирген, сени мага дос кылган тагдырыма да ыраазымын. Менин жүрөгүмдөгү экөөбүздүн достугубузду кармап турган чынжырча эч качан үзүлбөйт... сенин жаркын элесиң эч качан өчпөйт...

**Осман Өзган**

Чыныбайдын жаркын элеси бардыгыбыздын жүрөгүбүздө сакталат. Жаны жаннатта, жаткан жери жайлуу болсун...

**Ahmed Bozkurt**

Ortak dostlarımız sayesinde sizi tanımaktan ve dost olmaktan çok mutlu oldum. Başlangıçtaki çekingen olan tanışıklığımız sizin samimi duruşunuz sayesinde zaman içinde bir abi kardeş

ilişkisine dönüştü. Çınıbay abi ile sohbetlerimizde, ülkesine olan koşulsuz bağlılığı, dünyaya ve olaylara özgür ve demokrat bakışı ve entelektüel kapasitesi ile kendisine her zaman beni hayran bırakmıştır. Samimiyeti, alçak gönüllüğü ve insana her zaman huzur veren o gülümsemesi ve dinginliği hiçbir zaman aklımdan çıkmayacak. Kendisini ömrüm boyunca unutmayacağım.

Aziz hatırası önünde saygı, sevgi ve hasretle eğiliyorum. Ruhun şad olsun Başkanım...

**Ахмед Бозкурт**

Биздин жалпы досторубуздун аркасы менен мен Чыныбай мырза менен таанышуу бактысына ээ болгом. Биздин алгачкы коомай таанышканыбыз, анын чыныгы досчулук ыкласынан улам, жүрүп-жүрүп бир тууғандай эле болуп калганбыз. Аны менен болгон баарлашууларыбызда анын Ата-Мекенине чындап берилгени, айланада болуп жаткандардын барына либералдуу, демократиялуу мамиле кылганы жана анын терең интеллектуалдык потенциалы мени таң калтырчу. Анын жасалмалуулугу жок жылмаюсу, жөнөкөйлүгү жана токтоолугу эсимден кетпей калды.

Бул керемет адамдын жаркын элеси дайыма биз менен жашайт. Терең урматтоо, ошол эле учурда терең кайгыруу менен Чыныбай Акуновичтин жаркын элесине башымды ийип таазим кылам....

Чыныбай Акуновичтин элеси биз менен!

**Жумгал Давлетбеков**

Өкүнүчтүү...

Балким «мамлекеттик мафиялардын» командасында болгондо, барктуу чоң куда-сөөктөрү болгондо, аларга жездем мамлекеттин эсебинен байыш үчүн керек болгондо, балким алар жапыра жүгүрүшүп, жез-

дем ооруп калганда оорудан сууруп чыгып тирүү алып калышат беле… Эх… Ич күйөт…

Бардыгыбыз Кудай алдында жүрөбүз, тагдырга баш ийебиз. Балким бул жашоодо жездем өзүнүн миссиясын мөөнөтүнөн мурда аткарып койгондур, эми жаны жаннатта жүргөндүр.

Жезде, кош болуңуз! Адам өлсө да эмгеги өлбөйт дегендей, атыңыз тарыхта алтын тамга менен жазылып калды. Чыгармаларыңыз калды, кыздарыңыз-уулуңуз калды, тагдырдын ачуусуна айла жок, баш ийип эжекем калды. Кудайым эми ошолорго ырайымын көрсөтүп, сиз жетишпей калган иштерди, сиз көрбөй кеткен күндөрдү көрсөтсүн!

**Өмүрбек Текебаев**

Кыргызда «жакшынын өмүрү кыска» – деген кеп бар. Чыныбайдын таажывирустан каза тапкандыгын мен өзүм да COVID-19 менен ооруп жатып уктум. Чыныбай Акуновичтин ден соолугу жакшы болчу, көп оптимисттик пландары бар эле. Андай болбош керек эле. Капилеттен ал жаман кабарды укканда мен шок болдум… Чыныбай шарлыгы да, марттыгы да бар, айкөл адам эле. Саясатчы катары да абдан такшалып, өлкөнүн жүгүн тартууга даяр болуп, дасыгып калды эле. Андыктан, аны жоготуу – анын үй-бүлөсү үчүн гана эмес, Кыргызстан үчүн да абдан зор жоготуу болду.

**Феликс Кулов**

Чыныбай Акунович чынында да адилет, абийирдүү, өтө тыкан, өтө так, сыпайы жана сөздүн толук маанисинде алганда интеллигент адам болчу. Эң өкүнүчтүү жери – кыргыз коомчулугу анын кадырына жете алган жок. Чыныбай Акуновичте чоң саясий мүмкүнчүлүк бар эле. Ошол мүмкүнчүлүгү ачылбаган бойдон кетти.

Арабыздан кеткенден кийин эле өкүнүп калбастан, биз мындай жетик, залкар адамдарды өз убагында баалап, колдогонго үйрөнүшүбүз керек. Ошондо гана өлкөбүз гүлдөп, элибиз өсүп-өнүгөт.

**Өмүрбек Бабанов**

Тажрыйбалуу бизнесмен, такшалган, көрөгөч саясатчы жана ар тараптуу таланттуу инсандан айрылуу биз үчүн чоң жоготуу. Чыныбай Турсунбековдон айрылуу – бул анын үй-бүлөсүнүн, жакындарынын гана жоготуусу эмес, бул Кыргызстандын чоң жоготуусу.

Эми анын артында жакындары, жубайы, балдары калганы үчүн көңүлдү жооткотобуз. Кыргызда: «Мыкты эркектин артында күчтүү аял турат, ал эми жаман эркектин астында албуут аял турат» – деген кеп бар. Жашоодо Чыныбай Акуновичти эң мыкты түшүнүп, аны ар дайым кубаттап, ар тараптан колдоо көрсөтүп, балдарды тарбиялоонун да, бизнестин да түйшүгүн бирге тартышып келген, эми жубайынын жаркын элесин сактап, бизнестеги жолун татыктуу улантып жаткан мыкты айым Нуржан Давлетбековна дагы чоң урматка татыктуу.

**Абдыганы Эркебаев**

Ал эми саясатта Чыныбай чыныгы эл уулуна айланып, экинин бири болуп калган болчу. Covid-19 өз кесирин тийгизбеген болсо, анда Чыныбай Акунович Президенттик шайлоодо өз талапкерлигин коймок деп ойлойм. Эгер, буйрук болуп жеңишке жетишкен болсо, анда ал мамлекеттик эң жогорку постту – Президенттик кызматты аркалоодо деле эл ишенимин актап, өлкөбүздүн өнүгүшүнө жигердүү салымын кошкон татыктуу инсандардын бири болмок.

**Турсунтай Салимов**

Жакшы адамдын мыктылыгын баалаш үчүн сөзсүз эле анын өлүшүн күтүп олтурбаш керек. Адамды көзүнүн тирүүсүндө баалаганга үйрөнүшүбүз абзел. Биз Чыкемди тирүүсүндө баалай албадык. Өкүнүп турсам да муну ачык айтууга тийишмин. Эми андан өрнөк алган мыкты уул-кыздар чыгып, саясатта таза жол салып, эл үчүн иштеши зарыл. Ошондо өлкөбүз өнүгөт деген ишенимдемин. Чыкемдин жары – асылзат аяшым Нуржан Давлетбековна Чыныбай Акуновичти башынан эле терең түшүнүп, бизнестин да түйшүгүн бирге тартып келген. Балдарын да ишкерлик ишке эртерээк аралаштырышканы жакшы болгон экен. Башына кара түн түшүп, Чыкем акырет кеткен кайгылуу күндөрдө көзүнүн жашы көлдөгөн Нуржан аяшыма абдан кыйын болду. Ошол оор учурларда да апасына бел болуп, бизнестин оор жүгүн тартып кеткен кыздарына ыраазы болом. Буйруса, досумдун үй-бүлөсүндө дагы далай албан-албан жакшылыктар болоруна ишенем! Ылайым, Алла колдоп, Жараткан жакшылыктарын жалгай берсин!

**Абдыманап Кутушев**

Сиз менен акыркы жолу 14-июнда жолуктук, Чыныбай Акунович. 21инде кечинде чалдыңыз. Нарында бир нече күн жүрүп келдим, жаңылыктар бар, кеңешиш керек дедиңиз. Мен таң эрте айылга кетип бараткнымды, жуманын аягында келип калаарымды айттым. Ошондо жолукмак болдук. Кайтып келип эле Сиз менен байланыша албай калдым…

Көп ой-максаттарыңызга жете электе ойдо жок жерден эрте кете бердиңиз, Чыныбай Акунович.

Жаткан жериңиз жайлуу болсун!..

**Таалай Орозалиев**

Жанында көп убакыт жүрүп, жакындан билген адам катары Чыныбай Акунович менин жүрөгүмдө лидерлик касиети күчтүү, таланты ар тараптуу, анан да адамдарга ар дайым жөнөкөй, жылуу жана чын жүрөктөн мамиле жасаган мыкты адам катары калды.

**Нурлан Абдыгул уулу**

«Ишеним өлгөн жерде ийгилик өлөт жана үмүт өчөт» – деп айтканындай, Чыныбай Акунович ар дайым ишенимди бекем карманып, адамгерчилик сапатты бийик тутту. Чыныбай Акунович менен замандаш болуп, бирге иштешип, таалим-тарбия алганыма Алла Таалага миң мертебе ыраазымын, айткан акыл-насааттары, берген кеп-кеңештери менин жашоого болгон көз карашымды өзгөрттү. Кандай гана адам болбосун, кичипейил жана сый-урмат менен кылган мамилеси, тайманбай чындыкты бетке айтканы, калыстык жана жөнөкөйлүк сапаттары менен түбөлүк эсимде калат.

**Курманбек Рыспаев**

Кайран Чыкем эскерип, эстеп айта бере турган асыл сапаттары арбын адам эле. Ырысы кыркылып, ындыны өчүп турган элдин жүгүн көтөрө турган адам болчу. Мамлекетти чым этпей башкарып кетүүгө жарамдуу чыгаандыгы бар эмес беле.

Аттиң арман! Өмүрү кыска экен. Болуп-толуп, жетилип-бышып турган маалда көз жумду. Өкүнүп, өксүп, минтип эскерүү жазууга аргасыз болуп отурабыз.

Кош дегенге ооз барбайт....

**Муса Мамбеталиев**

Атаңдын көрү… Чыныбайга, Чыкеме, ушинтип эскерүү жазам деп ойго келмек турсун … Аттиң!!!

Эскерүү эмес өткөндү эстеп, алыска карап эзилишсек эмне. Таяк таянып, сексен, токсонго чогуу чыксак эмне...

Билгенге, тоо кулады.

Карапайым үй-бүлөдөн чыгып университетти кызыл диплом менен аяктап, эмгек жолун тээ төмөндөн баштап, «бийик» жерде тааныш, көтөргөн «домкрат» бутагы жок, күжүрмөн эмгеги, тунук акылы, чебер уюштуруучулугу менен илимдин да, ыр дүйнөнүн да, бизнестин да, саясаттын да сересине – туу чокусуна жеткен, кумурскадай мээнет кылган жөнөкөй, кенен, дөөлөттү көтөрө билген, үй-бүлөгө камкор ата, Сендей жигит жарыкчылыкка чанда бир жаралар!

Бир келдиң да, бир кеттиң, жарк эттиң да жалп өчтүң...

Бирок Чыке өлгөн жоксуң, өлбөйсүң дагы, өлгөнүңө ишенгим да келбейт. Өлүм ак, эми сени таппайбыз.

Кимден көрөсүң? Кимди күнөөлөйсүң? Колуңду канатып алсаң жөнөкөй бинт чыгара албаган өкмөттүбү, тейлөөсү, билими, жабдуусу катарлаш мамлекеттерден алда канча артта калган медицинаныбы, «ит күлүгүн түлкү сүйбөгөн» бийликтиби же чочконун жатагынан сасык саясаттыбы?..

Ыя, саясатпы, бийликпи?! Ошол учурда замандаштарыбыздын кыйласы ковиддин кесепетинен түбөлүк жашоону көздөй күтүүсүздөн сапар тартышты, көбү айыкты. Айыккандар аман болсун, маркумдардын жаны жаннаттан жай алсын.

Жары көрүп, жакшы деп чыгып, жакшы санаалаштар интернеттен окуп, жайланып калган кезде, заматта жер астын-үстүн болуп, кыргыздын бир кыраанын, чыгаанын жоктоп кала берди.

Эмне болду, кантип эле?..

Чыкем 60 жаш деген менен албан-субан жигиттей шайдоот, чымыр, чыйрак, жайдары жигит эле го. Бир канча күн алкымы суук ажал менен күрөшүүгө алы, күч-кубаты, чама-чаркы, организми чыдайт эле го...

Ошентишти го, чыдашты го...

Анан, айла жок, ажалдан көрөм. Ажал улук деп коёт. Ошол «улуктугуна» салып, көөнү түшүп, көзү түшүп, «чын дүйнөгө» керек болуп, пандемия себеп болуп, суук колун салып алып кетти го деп божомолдойм.

Пендечилик кылып өзүмө ар кандай суроолорду берем. Жооп таппайм, татаал, көп чекит... Анан саясатка аралашпаса, балким, дейм.

Бирок, акылы тунук, көзү жетик, эл камын ойлогон тубаса мекенчил Чыкем коңулда коомай карап жата алмак эмес. Каруусун казык кылып, өмүрүнүн эң кымбат учурларын элине арнап, ак кызматын жасап кетти. Аты элдин эсинде алтын тамга менен сакталып калды. Элдин колдоосу, урмат-сыйына ээ болду. Көөдөнү кенен эле, жүрөгү назик эле, сезими гүл эле. Ал кенендик, ал назиктик, ал гүлдөр өзү жазып кеткен ырларында калды. Сени сагынганда ошол ырларыңдан издейбиз, ошол ырларыңдан жолугабыз, ошол ырларыңдан сырлашабыз. Жарк этип күлүп, көздөрүң жайнап, мулуңдап койгонуң, өжөрлөнө сүйлөгөнүң, койчу, кайсы бирин айтабыз.

Өжөр демекчи. Бир жолу студент кезде түнкү автобус менен Нарынга чогуу бардык. Түн ортосунда жеттик. РТСке жездемдин үйүнө жатып алалы, эртең сен айылыңа кет, мен Ат-Башыга кетейин десем: «Жок, Муке, бирөөнүн үйүнө жаткым келбейт. Таң ата айылга жетем. Ата-энем менен сүйлөшчү, кеңешчү иштер бар. Эртең кайра кечки автобус менен шаарга кетем» – деп болбой коюп түндү аралап жөө кетип калган. Жан-

Булак канча километр экендигин бүгүн да билбейм. Ошол өжөрлүгү өмүр бою сакталып келди окшойт.

Камкор эле. Мен мурун үйлөнүп, Чыкем «Кыргызстан» басмасында иштейт. Квартирабыз жакын, кээде барып чай ичип, Зинанын көбүргөн жармасынан кана ичип, аялдын асылына жеткенсиң деп мактап калар эле чын дилинен. Студентсиң, квартираңдын бир айлыгын төлөп берейин десе, Зина эт-бетинен кетип, болбой койгон, уят эмеспи деп. Кийин Ат-Башыга С.Закиров агай экөө барып конок болуп, үйгө кирип-кире электе жарма сураганы эсимде.

Жаш кезде чогуу шарданда жүрүп, ичкенин көргөн жокмун. Бир аз сеп этсе карасур өңү кызарып: «Муке, мага ичкенге болбойт, уят, көрдүңбү уятым дароо өңүмө чыкты» – деп тамашалап калчу.

Чыкемдин бүгүнкү күндө экинчи өмүрү – эки өмүрү элдин жүрөгүндө, арабызда кошул-ташыл жашап жатат. Бирөө саясаттагы, экинчиси чыгармачылыктагы. Бул кашкайган чындык. Саясат өз салмагы менен, ал эми чыгармачылыгы жүрөккө жетип, окурманды ооруна орой тартып, жаштарга маяк болуп, замандан-заманга кыргыз көчү менен, түндүгү бийик болуп жүрөөрү талашсыз.

Кантели, арабыздан эрте кеттиң. 60 деген эр жигиттин күчкө, акылга толуп турган кези дейт. Элиңе кыла турган кызматың дале алдыда эле. Жарыңа, урпактарыңа кудай жар болсун. Элим деп жүрүп кеттиң, элиң аман болсун. Жаныңа жаннаттан жай буюрсун.

**Болот Исаев**

Чыныбай Акунович келечектен көп нерселерди үмүттөндүрчү эле, арабыздан эрте кетип калышы, жеке биз үчүн эмес, мамлекет үчүн да чоң жоготуу болду.

**Макс Георг Майер**

Мен Чыныбай Турсунбековду Түркия мамлекетинин Анкара шаарындагы Кыргызстандын элчилигинде иштегенден бери билем. Ошол убакта менин үйүм элчиликтин жанында болчу. Чыныбай элчиликте маданий иштер менен алектенип, мага сыймыктануу менен өзүнүн ырлары жазылган китептин долбоорун көрсөткөн.

Бирок анын кесиби өзгөрдү. Мекенине кайтып келгенден кийин, ун тармагында ийгиликтүү ишкер болуп, андан ары ар кайсы тармактарды инвестициялаган.

Акыры ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты жана Төрагасы болуп саясатка кадам таштады.

Бул мезгил аралыгында (акын, ишкер, саясатчы) анын мүнөзү эч өзгөргөн жок. Баарына жакын, сылык, өтө жөнөкөй жана ар дайым жардам берүүгө даяр болгон.

Өз өлкөсүндө таасирдүү адам болгонуна карабастан, аны менен Бишкекте жолугуп, өткөн-кеткен күндөрдү эстеп, баарлашуу ар дайым жагымдуу болчу.

Ал бай болгону менен, социалдык муктаждыгы бар жакыр адамдарга жардам берүүнү эч качан унуткан жок, айрыкча өзүнүн туулуп өскөн жери Нарынды.

Чыныбай, биз сени сагынабыз! Сенин өлкөң татыктуу уулунан айрылды!

**Гүлдана Бектурова**

Жездем...

Бир жыл өттү, бирок мен дагы эле анын арабызда жоктугуна ишене албайм. Жакшы адамдардын бизди таштап кеткени жүрөгүмдү оорутат. Тилекке каршы,

алар жөнүндө көп жакшы нерселерди алардын көзү өткөндөн кийин гана билебиз. Ооба, жездем көзү өткөндөн кийин бир топ адамдарга жардам берип, колдогонун уктум.

Тилекке каршы, жакын адамын жоготуу кандай оор экенин билем, андыктан мен жүрөгүм менен эжемдин жана алардын балдарынын: Айка, Бека жана Эржандын кайгыларын тең бөлүшөм. Атамдын каза болгонуна 10 жыл болду. Атам ооруп калганда жездем бизге каржылык жактан жардам берди (чоң суммада). Дарылоо жана операциялары Израилде жана Германияда жүргүзүлдү. Бул дарылоо жана операциялар атамдын өмүрүн бир аз болсо да узартты. Биздин үй-бүлө жездемдин жардамын эч качан унутпайт.

Жездем атамды ар дайым урматтап, баалаган, экөөнүн мамилеси эң жакшы болгон. Атам каза болгондон кийин да ал бизди колдоп, жардамын аяган эмес.

Бала кезимдеги бир окуя дагы деле эсимде. Жаз болчу. Нуржан эжемдин 8-9 айлык боюнда бар эле. Алардын үйүндө бир нече күн жүрүп калдым. Ал кезде жездем аспирант болчу. Юг-2 кичирайонунда жашачу. Кечинде сейилдөөгө чыкчубуз. Үйлөрдүн жанында алчалар өсчү. Жездем ал алчалардан үзүп эжем экөөбүзгө ушунчалык аяр мамиле кылып берген. Бул жети жашар кичинекей кыздын түшүнүгүндөгү сүйүү болчу.

Мен жездем тууралуу көп айтып бергим келет. Өкүнүчтүүсү, эми өткөн чакта гана. Жакшы адамдардын бул дүйнөдөн эрте кетиши абдан өкүндүрөт. Балким, чындыгында, Жараткандын ар бирибиз үчүн пландары бар.

Жезде, биз сизди дайыма эстейбиз!

**Жанат Бектуров**

2019-жылдын жай айлары болчу. Германиянын Рур университетинин университеттик клиникасынын алдындагы башкы хирургия клиникасынын директору профессор Гердес менен анын жубайын Кыргызстанга берметибиз Ысык-Көлдү, кооз жерлерибизди көрсөтүү үчүн чакырдык. Муну уккан Чыныбай жездем менен Нуржан таежем бизге чоң колдоо көрсөтүштү, атамдын жоктугун сездирген жок.

Алар бизди «Акун-Ысык-Көл» пансионатына чакырышты, көл жээгин айланып саякаттоону уюштурушту. Жездемдин биз менен болгону, биз үчүн убакыт тапканы биз үчүн чоң кубаныч болду, анткени ал көп учурда жумушуна байланыштуу иш сапарларга кетчү. Биринчи күнү Саймалуу-Таш менен Рух-Ордого бардык. Пансионатта бир-эки күн болгондон кийин жээкти бойлой саякатка чыктык. Жолдо биз берметибиздин кооз жерлерине токтоп конокторго табиятыбыздын кооздугун көрсөттүк, алар тууралуу айтып бердик.

Бир капчыгайга барганда кире бериштеги күзөтчү жездемди көрүп таанып жылуу кабыл алып, жөн эле өткөрүп жиберди. Ошондо профессор эч тоскоолдуксуз өтүү үчүн адам ушунчалык атактуу болушу керек экенин айтып таң калган. Биз ого бетер сыймыктандык.

Негизи жездем саясатта да, эл арасында да белгилүү инсан болчу. Ал берешен, боорукер, интеллигент адам болгон. Биз абдан жагымдуу убакыт өткөргөнбүз. Профессорго ошол сапар абдан жагып, жездеме ыраазы болгон. Бул биздин Чыныбай жездем менен акыркы жолугушуубуз болот деп ойлогон эмеспиз. Мындай адамдын бизден эрте кеткени абдан өкүнүчтүү. Ал туура жашоо образын кармачу: тамеки чекпей, ичпей, спорт менен машыгып, жарышта биринчи чуркап келчү. Ден соолугу чың болчу, вирусту оңой жеңиши мүм-

күн эле. Профессор Гердес жездемдин каза болгонун укканда абдан кайгырды. Анткени ал жездемде биздин өлкө үчүн ушунчалык маанилүү, энергиясы күчтүү, кадыр-барктуу, баарынан мурда салмактуу адамды көрчү. Чынында, жездем эрудициясы, адамгерчилиги, көңүл буруучулугу жана боорукердиги менен аны тааныган ар бир адамдын жүрөгүн багындырды.

Жезде, сиз дайыма биздин жүрөгүбүздөсүз, биздин арабызда жок экениңизге дагы деле ишене албайбыз.

**Prof. Dr. Med. Berthold Gerdes**
*Direktor der Klinik fьr Allgemeinchirurgie Viszeral-, Thorax- u. Endokrine Chirurgie*

Liebe Frau Tentimisheva, liebe Familie Tursunbekov, mit Erschrecken und tiefer Bedauerung habe ich vom plötzlichen Tod Ihres geliebten Mannes, Vaters und Großvaters über Herrn Bekturov gehört. Ich möchte Ihnen gemeinsam mit meiner Frau Sabine mein aufrichtiges Mitleid aussprechen. Ich erinnere mich an die schönen gemeinsamen Tage unserer Fahrt um den Issyk Kul und kann bis jetzt die Nachricht nicht erfassen, Herr Tschynybai Tursunbekov mitten aus dem Leben gerissen wurde. Ich habe Sie als eine sehr sympathische und gastfreundliche Familie im letzten Jahr kennengelernt und bin sehr traurig, dass dieser so tatkräftige und wichtige aber vor allem ausgleichende Mann, der für Ihr Land eine so wertvolle Persönlichkeit war, so plötzlich so plötzlich verstorben ist. Ich wünsche Ihnen allen Kraft und Gottes Segen.

Глубокоуважемая госпожа Тентимишева, глубокоуважаемая семья Турсунбековых, с потрясением и глубоким сожалением я услышал о внезапной смерти вашего любимого мужа, отца и деда от господина Бектурова. Я хотел бы выразить вам искренние соболезнования вместе с моей женой Сабиной. Я помню те замечательные дни, которые мы провели вместе на Иссык-Куле, и до сих пор тяжело воспринять известие о том, что господин Чыныбай Турсунбеков покинул

жизнь в самом расцвете сил. В прошлом году я узнал вас как очень отзывчивую и гостеприимную семью, и мне очень грустно, что такой энергичный и авторитетный, но прежде всего уравновешенный человек, который был такой важной личностью для вашей страны, внезапно ушел из этого мира. Я желаю вам всяческих сил и Божьих благословений.

***Ваш Бертольд Гердес***

### Ибраим Нуракун уулу

Чыныбай аганын көзү өткөнүнө да бир жыл болуп калыптыр. ЖКга төрагалык кылып жүргөндө эки жылдай чогуу иштештик. Кесипкөй адамдарды жакшы көрчү эле. Калыс сөздү укчу эле. Өзү да терең мамлекетчил, калыс адам эле. Журналисттерге ар дайым ачык болчу. Төрага болгондон кийин телефон номерин өзгөрткөн эмес. Сессияны алпарып жатып деле журналисттердин звоногуна жооп бере берчү. Бир жолу кабинетинде эки-үч киши маанилүү кеңешмеде олтурсак, бизди токтото туруп телефон чалган кабарчыга интервью берип салган.

Медианы абдан сыйлачу. Төрагалыктан кетээрде отузга жакын кесиптешибизге ардак грамотасын тапшырткан. Грамотанын баркы не болот дегендей сындарга «силердин грамотанын кадыры журналисттин колунда көкөлөйт» деп койгон. Анан ЖКнын сессиясын жаап жатып, 120 депутаттын алдында Басма сөз кызматынын эмгегин өзгөчө белгилеп, ыраазычылык жарыялаганы эстен кетпейт. «Биздин Басма сөз депутаттардын ишин калыс, ачык-айкын чагылдырганына, талыкпас эмгегине ыракмат» – деген сөздөрү эстен кетпейт.

Мен ага эң акыркы СМСимде: «Сиз менен чогуу иштешкениме сыймыктанам. Рахмат!» – дептирмин. Азыр да телефон номуру жазылуу, бирок аттиң, асыл

адамдын өзү жок. «Сиз менен замандаш болгонума сыймыктанам» – деп жазмакмын…

Тирүү болгондо сөзсүз жылуу жооп келмек. Жаткан жериңиз жайлуу болсун, Чыныбай ага. Сизди унутпайбыз!

**Нурлан Абдыгул уулу**

Чыныбай Акуновичтин арабыздан кеткенине туура бир жылдын жүзү болду. Убакыт зымырык куш, тез эле жыл айланды. Ич ачышат.

Өткөн жылы ушул мезгилде Чыныбай Акунович илдетке чалдыгып, сыркоолоп турганына карабай Нарын шаарындагы жардамга муктаж аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген инсандарга жана COVID-19 илдетинин алдын алууда жарандардын коопсуздугун камсыз кылып күнү-түнү постордо иштегендерге, муниципалдык, милиция, медицина кызматкерлерине гуманитардык жардам берүүнү демилгелеп, жеткирип элге таратып берүүнү мага тапшырган. Жардам алгандардын Чыныбай Акуновичке берген батасын, каалоо-тилектерин угуп, ичимен «Кудай буюрса элдин батасы тийип тезирээк сакайып чыкса экен» деп тиледим эле. Бирок, тилекке каршы ажал – улук, өлүм – ак экенине дагы бир ирээт ынандым. Эми ошол элге берген жардамдардын сообу тийсин деп дуба кылып калдык.

Чыныбай Акуновичтин жаркын элеси, адамдык асыл сапаттары, жаратмандыгы, берген кеп-кеңештери менин жүрөгүмдө түбөлүк сакталып калат.

**Эльвира Темир**

Знаете, кого лично мне не хватает в этой президентской гонке? Чыныбая Акуновича Турсунбекова.

Был бы он жив-здоров, сейчас бы поборолся за голоса электората, составил бы мощную конкуренцию

для всех остальных кандидатов. Был бы он жив-здоров, расклад на политолимпе сейчас был бы совершенно другой.

Отдаю должное Чыныбаю Акуновичу! Его присутствия на политической арене не хватает не только мне, но и многим кыргызстанцам. Ещё на прошлых, неудавшихся парламентских выборах мне вдруг подумалось, а какую бы партию выбрал Чыныбай Акунович? С кем бы был в одних рядах? О таких людях вспоминать будешь всегда, потому что он был Человек с большой буквы.

Чыныбай Акунович был одним из немногих, кто, будучи спикером парламента, не зазнался.

Чыныбай Акунович был одним из немногих, кто уважал журналистов не за то, что они про него пишут, а за то, что они личности, к чьему мнению он прислушивался.

**Сулайман Кайыпов**

Чыныбай!
Өмүр дегендин күнү ушубу…
Кайсы бирин айтасын…
Мыкты акын, жакшы адам элең.

Мындан жарым жылдай мурда жайдаңдап чуркап келип, ал-акыбал сурашканың, көздөрүңдүн жадырап жайнап турганы сенин менде калган эң акыркы жандуу элесиң болуп каларын анда билген эмесмин. Кымындай бой көтөрбөй, залга тыкыс коюлган столдорду күлүп-жайнап аралап келип: «Сизди көрүп, учурашып коёюн дедим» деп кучактадың эле. «Бишкекте элесизби?» деп, күлүп-жайнадың эле…

Кош бол, Чыныбай… Жаткан жериң жайлуу болсун!

Жаткан жериң нурга бөлөнсүн. Үй-бүлөңө, жакындарыңа, досторуңа, талантыңа таазим кылгандарга Жараткан сабыр берсин! Арга жок...»

**Тынчтыкбек Чоротегин**

Атаганат, Чыке, өз дарегиңе карата коомчулук өкүлдөрү ак дилинен байма-бай айтып жаткан жакшы сөздөрдү күзүндө, 60 жылдык серege өтүп жатканыңда өзүң төрдө отуруп уксаң, анан кылым ашкан жаштын бакыбаттык карылыгын байбичең менен бирге баштан кечирсең эмне!..

Өтө эстүү, адамкерчиликтүү, мээнеткеч, карапайым инсан катары элесиң, мекенчил рухуң эч качан эстен кетпейт.

Ар дайым өзүңдүн өмүрлүк жолдошуң катары тар жол, тайгак кечүүдө колдоп келген асыл жарың Нуржанга, кыздарың Айдай менен Бегимайга, уулуң Эржанга жана жалпы жакындарыңа терең кайгыруу менен көңүл айтабыз. Урпактарың чыйырыңды татыктуу уланткан, эл керегине жараган, атасынын ысымын өз эмгектери аркылуу андан ары даңазалаган инсандардан болсун!

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко, рухуңдун орду – бейиш болсун!

Кайыр кош, Чыныбай! Сенин жаркын элесиң ар дайым жүрөгүбүздө турат. Эми сен да экинчи, түбөлүктүү өмүрүңдү баштадың...

**Кожогелди Култегин**

Аттигиң, арман дүйнө ай, 60 жашка дагы так ошондой аруу кадам шилтеди эле...

Кош түбөлүккө, асыл досум! Кош бол, менин Чыкем! Бейиш гүлбагынан орун насип этсин!

**Айдай Чотуева**

Чыныбай агай, жаткан жериңиз жайлуу болсун... Калайык калк бүгүн кайгырып турат...

**Болотбек Таштаналиев**

Пандемия учурунда элибиз көптөгөн асыл уулдарынан ажырады. Эмнегедир Чыныбай байке дүйнөдөн өттү деген кабарды окуганда, ичим аябай тызылдады. Көрсө, ал өзүнүн жөнөкөйлүгү менен, адамдык асыл касиеттери менен мага ушунчалык жакын, бир тууганымдай болуп калган экен. Чындыгында, ал менин гана эмес, миңдеген карапайым адамдардын бир тууганына айланып, чыныгы элдик болуп калган адам болчу.

**Курманбек Рыспаев**

## КОШ, ЧЫКЕ ДОС...

Кош десем сөзүм окшобой,
Козголуп жүрөк токтобой.
Жалгандан өттү Чыкем деп,
Жан дүйнөм жаман боздоду-ой!

Айтсам эч сөзүм окшобой,
Айланып жашым токтобой.
Айрылдык, Ата, Сизден деп,
Артыңдан уул-кыз боздоду-ой!

Жан элең жандан башкача,
Адилет, чынчыл, таптаза.
Жабыркап турчу жан дүйнөң,
Жалганды чын деп мактаса.

Кошомат деген кокуйга,
Кошулбай четтеп турчусуң.
Чыке кой, десек эч болбой,
Чындыгын айтып тынчусуң.

Жабыркап дүйнөң эзилип,
Жалгандан качып кеттиңби?
Чындыктын тили жешилип,
Калгандан качып кеттиңби?

Аярлай турбай убакыт,
Таң да атар, анан кеч кирээр.
Ар күнү жоктоп атасын,
Айдайкаң жерди тепкилээр.

Сүймөнчүк кызың Бегимай,
Сүрөтүңдү ыйлап өпкүлөөр.
Ээн калган сенин бөлмөңдө,
Эрте-кеч Эржан эчкирээр.

Түгөйсүз калган Нуржаның,
Кезиндей болбой кош канат,
Олтурса-турса эстетип,
Орунуң эми бош калат.

Айтарга сөзүм табылбай,
Жашым да кургап агылбай,
Кайтпаска кеттиң Чыке дос!
Карааның узап табылбай…

***08.07.2020-ж.***

**Болот Белеков**

## ЧЫНЫБАЙГА

Чыгаан уулу кыргыздын миң кыр талант,
Чыныбайдан айрылдык, жүрөк канайт.
Чыркыратып ыйлатып жакындарың,
Чындап таштап кеттиңби, атаганат.
Чыныбайдай сыймыгы Теңир-Тоонун,
Чындап толбос арман ай, сенин ордуң.
Чөгүп турат кайран ай жердештериң,
Чоң жоготуу эл үчүн өзүң болдуң.

Чыгаан уулу Чыңгыздай өзүң болуп,
Чыгып келе жатканда ажал тооруп.
Чыркыратып алып кетти аттиң арман,
Чын өзүңдөн айрылып жүрөк ооруп.

Кыска-нуска жашооңдо элиң үчүн,
Кылыптырсың эмгекти не бир түркүн.
Он үч жылда тогуздай ишкана ачып,
Жумшаптырсың ал үчүн далай күчүң.

Илимге да кызыгып жаштайыңдан,
Тил илими кандидат наамын алып.
Таланттуу акын катары кадам таштап,
Калтырдың го артыңа китеп жазып.

Жогорку Кеңешке да депутат болуп,
Элиң үчүн алдыңа максат коюп.
Эли-журттун көйгөйүн чечип жүрдүң,
Теңир-Тоонун намыстуу уулу болуп.

Боорукерлик сапатың мыкты элең,
Жардамдарды аянбай берчү элең.

Менчик үйүң балдарга бакча кылып,
Бийик сапат марттыгыңда чек жок эле.

Күйүмдүү жар, камкор ата өзүң элең,
Мыкты ишкер, таланттуу акын элең.
Кош бол эми, дегенге ыраа тартпай,
Күйүп турам кайгыга түшүп тереӊ.
Барган жериң бейиштин төрү болсун,
Топурагың камгактан жеңил болсун.
Унутпайбыз элесиң жаркыраган,
Айлабыз жок, айтаар сөз ушул болсун.

Капаланып кайгырсак келбей турган,
Чыркырашып талашсак бербей турган.
Жайга кеттиң, кантели, Чыныбайым,
Табылбайсың түбөлүк аттиң, арман.
Кош деп айтып калдык биз аттиң арман.

**Нуритдин Жумалиев**

## ЧЫНЫБАЙ ТУУГАНЫМА

Канжарлашса кылыч батпай кынына,
Кан төгүлгөн эки достун чырына.
Кара кылды как жарып калыстыкта,
«Койгула» – деп Чыкем турган чынында.

Кара баскан саясаттын сасыктары,
Курмандыкка чалдыңар канча жанды.
Көңтөрүлүп ырыскыбыз чайпалганда,
Көрдүңөрбү эл бактысы чачылганда.

Капаланып эки достун кармашына,
Көрсөтүп калыстыктан тайбасына.

Колдон келбей аракетиң жараштыруу,
Каргашалуу калдын чырдын ортосуна.

Көрдүк биз достордун касташканын,
Кан жуткуруп каарланып кармашканын.
Кедергеси бүт кыргызга доо кетирип,
Кут, ырыскы, берекесин чачкандарын.
Кайрап тишин көрсөтүп бийлик күчүн,
Колдоо көрсөт дегендер бийдик үчүн.
Кол куушуруп кошоматчы болалбадың,
«Калыстыктан тайбайм» – дедиң, «туура түшүн».

Күндөр келди кара булут каптаган,
Казып-чукуп кыянаттык баштаган.
Каршылыктар, көрөалбастар чуу салып,
Кир, ыплас, жалган жалаа чаптаган.

Келип кетээр күндүн болот эртеңи,
Кыянаттык кылгандардын бүгүн болсок эрмеги.
Кудайым бар, Жаратканга ишенем,
Келет чындык ак ийилип жеңгени.

Кулу болдуң бийликтин кайран достор,
Кудай сезип калкытты бийик посттор.
Кадырына жете албай аккан достун,
Коштогонуң кошоматчы жалган достор.

Кылган кызмат бийлигине карабай,
Кабар айтып коштошконго жарабай.
Көрмөксөнгө салып көмүп салдыңар,
Көчөдөгү жөнжай жүргөн баладай.

Кош бол, Чыке, кадырыңды билген бар,
Курбу достор, бир туугандар, сүйгөн жар.

Күндөр келет далай, далай эскерчү,
Кызмат кылып аккан достор, туугандар.

Кош бол, Чыке, эскеребиз, эстейбиз,
Куран окуп, гүл коюлат, сезбейсиң.
Көзуң тирүү жүргөнүңдөй эскерип,
Катарынан дос, туугандын кетпейсиң.

### «Моңолдор ордосу» коомдук бирикмеси

Чыке – Чыкебай – Чыныбай, тууганым деп сыймыктанып тураар элек,

Өзүң менен туугандык, бир боордоштук чоң маекти кураар элек.

Бир туугандар боорлошторуң айткан, ар бир маселеге,

Чечкиндүү иш-чараны кураар элең.

Дилиңдин, жан дүйнөңдүн, жүрөгүңдүн арууланган тазалыгы,

Туугандарды – боордошторду бир өзүңө тартаар элең.

Боордоштор – туугандар түбөлүктүү, ынтымакта, биримдикте болушса деп,

Жолукканда тилек кылып айтаар элең.

Самансур хан бабабыздан мурасталган калыстыкты,

Сезе алчубуз бир өзүңдүк мамилеңден.

Өткүрлүк, тайманбастык, чынчылдык жагынан да Кылыч Хан бабабызды тарткан элең.

Коломтодон күкүрт тапкан «берен» элең, туугандарга – боорлошторго аба-суудай керек элең.

Ажал бизден ажыратып алып кетти, О Жараткан, асыл адам сизге дагы керек экен.

Манас баба осуятын коомчулукка жеткирдиң,

Кыргыз эли, түрк элинин бир туугандык мамилесин сездирдиң.

Көкө баатыр бабабыздын баатырлыгын, шердигин, касиетин ишкерликте көргөздүң,

Наал энени кеменгерин парламентте билгиздиң.

Самансур хан бабабыздын, Алыкул, Жакыпбек, Мидин атабыздын,

Иш чарасына (фондусуна) жардам бердиң.

Туугандардын – боордоштордун алкышына татып келдиң,

Ата-баба арбагы да, алкыш айтып тосуп алсын.

Эки дүйнө бактысы деген ырас экен.

Чыгаан, Чыке тууган! «Моңолдор» деп чейрек кылым жолду бастың,

Туугандарды ынтымакка, бирикkenге болушунча жолду салдың.

Арабызда бирге болуп топ жыйында, чогулушта, тууган чайда.

Уруубуз Моңолдор, хан Самансур, Кылыч хан, Көкө ата жана Наал эне деп,

Сыймыктана арбагына таазим этип биргелешип,

Биздер менен убакыт таап кошо болдуң.

Жаралып сен Жан-Булакта Теңир-Тоонун,

Ат-Башы, Нарын суунун ортосунда.

Жарк этип жарык дүйнө келген элең,

Талыкпай Ата Мекен, эл-жерим деп,

Парламентте ак дилден кызмат өтөп жүргөн элең.

Кандаш Чыке! Алтымыш жыл жолду бастың,

Турмуштун ачуу-таттуу даамын таттың.

Жок дегенде токсонду тооруп көрбөй,

Алтымышта акыретке неге шаштың?..

Боордошубуз Чыкебай!!! Ата-баба арбактарга айта баргын:

– Силерди эстеп, урпактарың тарых барагын ачып келет, санжыраны тыкыр тактап жазып келет,

Ата-баба мурастарын урпактарга калтырууга күч-кубатын, демин аябастан жумшап келет.

Ата-баба арбактарын ыраазы кылабыз деп,

Ак эмгегин эл журтуна, Моңолдор уруусуна жумшап келет.

Эсил кайран боордошубуз кош болгун,

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун.

Ата-баба арбагы гүл бакчада чогуу болуп,

О Жараткан, бейишиңен орун берип, окулган куран,

Жасаган көп иштериң жана соопторуң бир өзүңө кабыл болсун.

Чыке – Чыкебай – Чыныбай боордошубуз!!!

Сенин жаркын элесиңди тууган бир боордошторуң жүрөгүндө түбөлүккө сактайт жана эскерип турушат.

*Июль 2020-жыл.*

# ЧЫНЫБАЙДЫН ҮЧ ДООРУ

5

# Чыныбайдын биринчи доору:
# ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ИЛИМ
## (35 жашка чейинки өмүр)

**Атантай Акбаров,**
акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.

**ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВ МЕНЕН МАЕК:**

***– «Түн ичинде ич көйнөкчөн,***
***Эшикке чыксам калтырап,***
***Кичинекей көлчүкчөдө,***
***Ай жатыптыр жалтырап.***
***Эми кармап аларымда***
***Сынып калды чачырап» –***

***деп, таланттуу кыргыз акыны Турар Кожомбердиев жазгандай, балалык баёо дүйнөнүн өзүнчө ажайып кереметтери бар эмеспи. Сен үчүн балалыктын орду кандай? Эсиңде калган айрым учурларга токтолуп өтсөң.***

– «Адам топурактан жаралган» – деп айтылат эмеспи «Куранда». Эмнегедир бала кезде топурак жегеним эсимде. Үйдүн түбүн чукуп жечүмүн. Кыязы, ошол кезде кайсы бир минералдар жетишпесе керек. Шекерсиз чай иччү эмесмин. Мен көп балалуу үй-бүлөдө чоңойдум. Он баланын бешинчиси элем.

Чоң ак чарабыз бар эле. Ошого толтура апам камыр жууруп, бизден эки үй нары турган көңкөгө 22-24 көңкө нан жапчу. Мен апам менен нанды чогуу салышып, кошуналардын көңкөсүнө отун ташып, от жагып, казан көмөчтү майлашып, кошо нан алып келишип жүрүп, апама жакын болдум. Ал маалда кошуналар абдан ынтымактуу болушчу. Апам жапкан жаңы бышкан нандан кошуналар чогулуп келип чай ичип жешчү. Шакей эне нандын ортосун жегенди жакшы көрчү эле. 24 көңкө нан эки күнгө эле жетчү.

***– «Менин университеттерим» – деп Максим Горький айтмакчы, сенин ыр жазышыңа, инсандык мыкты касиеттериңдин калыптанышына таасир эткен мугалимиң – алгачкы устатың ким?***

– Бешинчи класста окуп жүргөн убагымда Каракол педагогикалык институтун бүтүргөн Шарапат Ибраева деген эжеке биздин айылга келин болуп келип калды. Ал бизге математика сабагынан дарс өтүп, класс жетекчибиз да болуп калды. Негизи Шарапат эжей келгенге чейин да анча-мынча ыр жазып калчумун. Бирок, Шарапат эжей бизди алга умтултуп, бийик максаттарга үндөп, инсандык касиеттерибиздин калыптанышына өзгөчө таасир эткен алгачкы устатыбыз болуп калды десем туура болот. Ооба, акындык өнөргө дит коюшубуз да ошол Шарапат эжей биздин мектепке мугалим болуп келген маалдан башталган сыяктанат.

Шарапат эженин бою 5-6-класстын окуучуларынын көбүнөн ашса ашат, ашпаса жок. Бирок, анын ой-туюму, окуучуларга бөтөнчө бир дүйнө ачып берген дилгирлиги, чыгармачылык фантазиясы бизди абдан таң калтырчу.

Эжей алгач ирет биздин класска Жаңы жыл тууралуу ыр жазып келгиле деп тапшырма бергени эсимде.

Мен өтө элпек, берилген тапшырмага жоопкерчилик менен мамиле кылган алдыңкы окуучулардын бири элем. Үйгө барарым менен эле ыр жазууга кириштим. Эртеси, мектепке келсек, Сыдык деген классташым да ыр жазып келиптир. Анын ыры: «Жаңы жыл келди ошондо, аппак кар жаады ошондо, жылгаяк тептик ошондо...» – деп жалаң эле «ошондо» менен башталып, «ошондо» менен аяктаган ыр экен. Аны уккан классташтар боору эзилгенче күлүшүп, тимеле кыйрап эле калышты. Менин ырымды болсо, жакшы кабыл алышты. Эжекем да жактырды.

Ошентип, Шарапат эжей бизди онунчу классты окуп бүткөнчө жетелеп жүрүп окутуп, чыгармачылык чөйрөгө да аралаштырды. Андыктан, биздин класс катардагы класстардай эмес, чыгармачыл класс болуп, сахналаштырган оюндарды коюп, мектепте өткөн ар кандай кароо-сынактарга катышчу. Ал түгүл, кээде эжеке геометрия сабагында да бизди кароо-сынактарга даярдап, пьеса, анын өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүк берип, анан мектепте оюн койгон учурларыбыз болгон. «Каныбек» романын сахналаштырып, «Көгүлтүр от[1]» сыяктуу адабий кечелерди өткөрүп, чыгармачылык боюнча мелдештерде ар дайым алдыга чыга келчүбүз.

Ошентип жүрүп мен алгач класстын, анан мектептин, бара-бара айылдын акыны болдум.

***– «Я был тогда сельским поэтом,***

***Уважал меня райисполком» – деп Андрей Вознесенский жазгандай болуптурсуң да.***

– Ооба, ошондой болгон. Ага да көшөрө изденүүнүн аркасында жетишкем.

---

[1] *Көгүлтүр от* – Советтер Союзунун учурунда эң белгилүү болгон «Голубой огонек» деп аталчу жаңы жылдык телеберүүсүнө окшоштуруп, айылдык деңгээлде уюшулган иш-чара жөнүндө сөз болууда.

***– Эрнест Хемингуэйдин: «Таланттуу болуш үчүн бактысыз балалык керек» – деген сөзү бар эмеспи. Бала чакта кыйналган учурларың эсиңде барбы?***

– Негизи бала чакта көргөн кыйынчылыктар кайра өспүрүмдү чыйралтат. Бара-бара эстен деле чыгып кетет. Мен 3-4-класстарда окуганымда бир жолу үйдө шекер түгөнүп калганы эсимде. А мен болсо шекерсиз чай иччү эмесмин. Ошондо мен кандай болсо да шекер менен чай ичүүгө мүмкүнчүлүк болсо экен деп тиледим. Анан балыкка бармакчы болуп сөөлжан казып келатсам эле алдымда беш сом жатат. Чынын айтайын, ошондо тилегим ордунан чыкканына аябай таң калып, абдан кубангам. Ошол окуя эсимден чыкпай калып, кийинчерээк беш сом тууралуу жазгам.

***– Анда эгер эсиңде болсо, ошол ырыңды окуп берчи.***

**Беш сом**

Ошол күнү үйдө шекер калбаптыр,
Апам дагы акчасы жок албаптыр.
А мен болсо шекерсиз чай ичпеймин,
Чай куюлган көк чынымды тиктеймин.
– Сүттөйүнбү? Эч болбосо нан жегин…
Апам минтип тилдээрин мен билгемин:
Жөлөк пулга чейин бир топ убак бар,
Көнсөң боло сен ар кимден сураткай…
Жеген болуп четин нандын тиштеймин,
Ал чайымды такыр ичип бүтпөймүн.
Мен чайыма шекерди көп салчумун,
Нанды суулап, аны дагы малчумун.
Бурдап-бурдап ошол нанды сугунуп,
Аркасынан удаа таттуу чай уруп,
– Өх, – деп анан сылагылап курсакты:
Сыртка чыгып бир аз жумуш кылсакпы?!

Чөп чапсамбы, көң жайсамбы, эмнени?
Таттуу чайдан ойгонот күч мендеги...

Мен ал күнү чечтим балык кармайм деп,
Курсагымды кечке эптеп алдайм деп.
Күрөк алып өттүм жолдон өйүзгө,
Балык үчүн сөөлжан казып келишке.
Сөөлжандын жарачусун ишиме,
Мен толтуруп калай банке ичине,
Кайра жолдон өтүп келе жатканда,
Аз-аз жерден калдым аны басканга.
Беш сом жатат таштай жылбай көгөрүп,
«Ала кет» – деп «өзүң мени өңөрүп».
Шарт эңкейип алдым аны колума,
«Шекер» деген бир сөз келди оюма.
Унуттум мен балык баштап, баарын тең,
Азыр тоё шекери бар чай ичем.
Адыраңдап үйдү карай зуу койдум,
Жанымдагы байкеме да туу болдум.
– Апа, шекер. Апа, мына беш сомум...
– Шашпа, балам. Токто, балам, токтогун.
Кимден алдың? Кайдан чыкты бул акча?
Кимден алсаң азыр барып бер артка!
– Азыр эле таптым жолдон мен муну...
– Байкуш бири же түшүрүп койдубу?
Оорулуунун соңку үмүтү болбосун?
Байкуш бирөө же жоготуп койбосун?
– Дүкөн, шекер, – кайталадым сөзүмү.
Ойлуу карап апам менин көзүмү,
Абдан аяр алып колдон беш сомду,
Бизди карап күбүрөнө деп койду:
– Мейли, буга кир самын да алайын,
Кир көбөйдү, бүгүн жууп салайын...

Агам кошту: – Алалыкчы өтүк май,
Батинкелер жылтырасын майрамдай.
Карындашым ага чейин айткан миң,
Кайра дагы айтты өзүнүн бантигин.
– Балдарым ай, келет буга бүт баары,
Берекелүү акча тура тапканы...

Шекер, самын, өтүк майдан, ал эмес,
Бантиктен да ашты беш сом керемет.
Бапырадык ошол күнү биз абдан,
Байманасы ашып-ташып бараткан,
Үй-бүлөдөй жедик конфет, пряник,
Бактыбызга көктөн түшкөн кубанып.
Азыр жашыл беш миллион да андагы
Көк беш сомчо кубандыра албады.
Эми ичип калгам чайды шекерсиз,
Жетпейт ага бүгүн көргөн эчен түш!

***– Албетте, бала эч качан өзүн бактысызмын деп санабайт. Бирок, жашоонун алгачкы босогосунда адилетсиздикке бет келип, чындыкты ордуна койгуң келген учурлар болду беле?***

– Чынын айтсам, ал күндөрдү азыр эстегим деле келбейт. Ошентсе да, адилеттик бузулгандыгын кабыл алгысы келбеген көптөгөн балдар сыяктуу эле мен да ызаланган учурларым болгон. Кээде айылдагы таасирдүү эле адамдардын салтка туура келбеген жоруктарды жасап, адилеттикти көз көрүнөө эле тепсеген учурлары болгон. Бир жолу айылда тушоо кесүү жөрөлгөсү болуп жаткан убакта менин агам жарышка чыккан балдардын ичинен маарага биринчи келди. Шарт боюнча ошол тушоо кесиши керек эле. Бирок, андай болбостон, кошоматчы даекчи артта калган парторгдун баласына тушоо кестирди. Ошого жаным күйүп, кийин мен

мындай бир ыр жазганым эсимде. Ыр узун болгондуктан, айрым үзүндүлөрүн гана мисал келтире кетейин:

«Жан-Булагым:
– тушоосун кесип бер?! – деп,
колунан кармап турдуң
топ аялдын ортосунда
бир инимди.
Биринчи жеткен агам,
кечирип кой,
Тушоону кесе алган жок.
Тушоону кести,
парторгдун баласы
Арттан барган.
Агамдын
бычака сунулган колу
кайырчынын колундай көрүндү...

«Парторг» деген сөзгө
кыжырым кайнап,
аяп турдум
наристенин алгачкы кадамын.
Байгени
бөлүп киришти.
Кол булгабай
кетип калдык
байкем экөөбүз
ызаланып,
капаланып.
Келсек үйгө,
апабыз
шымыбыздын жыртыгына
жамаачы салып олтуруптур.
Сагындым, жыртык шымым...»

– ***Атаң тууралуу да айта кетсең.***

– Атам 1948-жылы финансы техникумун алгачкылардан болуп аяктап, живсырьёдо (мал сырьёсун жыйноочу мекемеде), токой чарбасында бухгалтер болуп иштеп келген. «Универмагдын» башчысы да болгон. Анан күтүүсүздөн «Универмагдан» төлөмөр болуп калып, ошого байланыштуу кызматка алынбай, трактор айдап, мал багып да жүрдү. Атам алгач тракторист, кийин койчу болду. Коммунисттик партиянын катарында эле. Айылдагылар «Ак жүрөк Акун» деп коюшчу. Каникул учурунда атамдын ордуна мал бакчумун.

– ***Негизи, акындар эне тууралуу көбүрөөк ыр жазышат. Ал эми ата тууралуу жазылган ырлар өтө аз санда эмеспи. Атаң тууралуу ыр жазган учурларың болду беле?***

– Атам тууралуу «Из» – деген бир ыр жазгам:

«Жээгине издин
гүл тигишип
жүрүптүр кумурскалар.
– Кимдики? –
деп сурадым
алардан мен.
Бир ооздон:
– Дыйкандыкы! –
дешти мага.
– Ка-арк.
– Калп! –
Каргалар каркылдашты.
Башкарманыкы экенин
далилдешти.
– Бригадирдики! –
Чымчыктар чырылдашты.
Чыйпылдаган чычкандар:

– Милиционердики! –
деп жатышты.
Сагызган талдан-талга,
бутактан-бутактарга учуп-конуп:
– Билбейм, билбейм! –
дегенден башканы айтпайт.
Кечти күтүп,
ай-жылдыздан сурасам:
– Өлүп калган дыйкандыкы! –
дешти алар,
анан аста
жылып кирип кетти алар.
Кең талаада
атамдын изи жатты.
... Эңкейип өптүм аны.»

***– Негизи ырларыңда уйкаштыкка байланган көнүмүш канондорду бузуп, эркин чабыттагандыгың сага утук алып келет. Илгери болгар акыны Любомир Левчев:***

***«Сүйөм сени эркин ыр,***
***Табигыйлык,***
***таасындыгың үчүн мен.***
***Жаа тартканда***
***Тель Вильгельм анан да,***
***Бутун бир аз***
***коюучу экен кыйшайтып,***
***Таамайлата атышка» –***

***деп жазгандай, сенин ырларыңдагы жаңычылдык, табигыйлык, таасындык, дүйнөнү өзүнчө көрө билүүң жана табылга катары бааланган салыштыруулары̆ң чынында да жүрөктү жылытат. Мурда ыр жазуу сенин хоббиң деп ойлогондор бара-бара акындык сенин ажыралгыс тагдырың экендигин моюндай баш-***

***тады. Өзү инсандык, анан калса лидерлик касиеттер мектепте окуп жүргөн кезде эле түптөлө баштайт эмеспи. Мектепте окуп жүргөн кезиңдеги эсте калган нерселер тууралуу айтып өтсөң.***

– Мектепте Акан Арабаева деген эжем мени жакшы көрчү (Ал Чолпонкул Арабаевдин эжеси эле). Мен китепти көп окучумун. Алдыңкы жаш окурман катары китепканада сүрөтүм илинип турчу. Чикеш эжеке менден китептин мазмунун сурачу. Анан Аркадий Гайдардын «Тимур жана анын командасы» деген китебине таасирленип, команда түздүм. Мурат классташым, менден кичүү Кеңеш болуп Айкан эненин чөбүн чаап, жыйнап, суу ташып берип турчубуз. Тамеки тарткан, бак сындырган балдарды тарбияга чакырчубуз. Эки кабат мектеп бүткөрүлгөн соң, биз ошого алгачкылардан болуп окуганыбыз эсимде. Райым деген классташым шахмат жасачу. Өздүк-көркөм чыгармачылыгын колго алып, концерт койчубуз. Жыргалбек классташым жакшы ырдачу. Маданбек Амаковду эскерүү кечесин өткөргөнүбүз да эсимде. Кийин «Көгүлтөр от» да өткөрүп калдык.

***– Өнөргө болгон шыгың да эрте эле ойгонгон тура. Ырларың басма сөздө качан жарык көрө баштады?***

– Кыязы, 7-класстан тартып ырларымдын деңгээли көтөрүлө баштады окшойт. 9-класста окуп жүргөн маалымда өзүмдүн ырларымды Турар Кожомбердиев агайга анын Чачыкей деген карындашынан берип жибергем. Агай ырларымды талдап, мага эки барак кат жазып жол көрсөткөн. Белгилүү акындын жөнөкөйлүгүнө өтө ыраазы болгом. 1978-жылы «Кыргызстан пионери» гезитине «Таңкы шаар» деген ырым жарык көрүп калды. Ошондогу кубанганымды айтпа.

***– Поэзия деген өзү чексиздик эмеспи. Андан ки-***

***йин да ырларыңды талдап, жол көрсөткөн адамдар болдубу?***

– 1978-жылы айылдык мектепти аяктаган соң, борбор калаабыздагы Кыргыз мамлекеттик университетине студент болуп кабыл алынып, ал окуу жайда оозго алынып калган курсташым Д.Дүйшөновнанын мактоосуна арзып, дубал газеталарга ырларым жарыялана баштагандыгы мени бир топ шыктандырды. 1979-жылы «Ала Тоо жазы» поэтикалык фестивалына катышып, анда секцияга төрагалык кылган Акбар Рыскуловдон жакшы пикир уккандыгым да чыгармачылыгымдын өнүгүшүнө чоң таасир эткен. Андан соң окуу жайдын дубал газеталары менен тыгыз иштешип жүргөн убакта азыркы коомдук ишмер А.Эркебаев ырларымдын кол жазмасына алгач ирет адабий талдоо жүргүзүп, чыгармачылыкка чындап киришүүгө түрткү болгон.

***– Нуржан аяш менен кандайча таанышып калдың?***

– Кыз-келиндер институтунун орус тили факультетине ыр окуганы барып Нуржанды көргөм. Жыргалбек деген классташым жакшы ырдачу. 3-курста окуганымда ошол Жыргалбек менен Кыргыз драмтеатрына барып, ошол жерден Нуржанды кездештирдим. Ал да, мен да окууну кызыл диплом менен бүтүргөнбүз. Ал Нарында мектепте иштеп жүргөндө, мен аспирантурада элем. Аңгыча Бишкектин «Түштүк-2» – деген жеринен аспирантура тарабынан мага бир бөлмө үй берилген. 1983-жылы «Шаар жана ыр» деген макалам жарык көргөндө 496 сом калем акы алып, аны «жылкы алгыла» деп, айылга берип жибергем. 1985-жылы «Жүрөктөгү жаңырык» деген китебим чыгып, калем акыга 1200 сом алгам. 1985-жылы батир алып, 1986-жылы 3-январда үйлөнгөм.

***– Илимпоздук ишиңде да адабиятты изилдөөнү максат кылган экенсиң. Кыязы, адабият менен илимди айкалыштырып ала жүрөйүн деп максат койсоң керек.***

– Ооба, КМУну аяктаган соң, «Кыргызстан» басмасында бир аз убакыт редактор болуп иштеп туруп, анан Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун аспирантурасына өттүм. Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Абдыкадыр Садыков менин илимий жетекчим болду. «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман проблемасы» деген темада диссертация жазып, аны 1988-жылы коргоп, филология илимдеринин кандидаты деген илимий даража алдым.

***– Биз башынан эле акын элек, дагы эле ошол акын бойдон келатабыз. Ал эми сенде, досум, секириктер көп болду. Акын болуп жүрүп эле илимпоз болуп, дүйнөнү илимдин көзү менен карап калдың. Бара-бара ал да сени алымсындырбай, бизнесмен болуп чыга келдиң. «Эгер бул өмүрдө өзүңдүн максатың болбосо, анда сен жашоодо максаты барлардын программасын кирип каласың»– деп, Оберт Энтони айтмакчы, сен качан бизнесмен болуу тууралуу максат койдуң эле?***

– Мен Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Түркияга узак мөөнөттүк командировкага барып иштеп жүргөм. Мага ошол жакта окуп жаткан кыргыз жаштарына жетекчилик кылып, баш-көз болуу милдети жүктөлгөн болуучу. Мени анда жаш кадрлардын ичинен тандап алып, Түркияга барып иштөөгө көндүргөн ошол кездеги Билим берүү жана илим ми-

нистри, жаңычыл, реформатор инсан Чынара Жакыпова болгон эле. Ошентип мен 1993-1994-жылдары Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү катары үй-бүлөм менен бирге чет өлкөгө көчүп барып иштеп жаткан убакта Чынара Жакыпова жумуштан бошоп, андан кийин кызматка келген чоңдор менин тагдырым тууралуу ныпым ойлоп да коюшпай, күтүүсүз жерден мени чет жерде ишсиз калтырышты.

«Бир түндүн ичинде жашоонду өзгөртүүгө мүмкүн эмес, бирок, бүтүндөй жашоонду өзгөртө ала тургандай кылып өз ойлоруңду өзгөртүүгө болот» – демекчи жашоодогу күтүүсүз кырдаал менин жашоомду бүтүндөй өзгөртө ала тургандай кылып ойлоого мажбурлады.

Анан 1995-1997-жылдары Түркиянын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы ТИКАнын Кыргызстан боюнча адиси, «Манас – 1000» мамлекеттик комитетинин алдындагы «Манас» дастаны» филиалынын директору, Түркия боюнча «Азаттык» радиосунун кабарчысы сыяктуу жоопту кызматтарда иштеп, Түркиянын таасирдүү инсандары менен алака-катыш түзүүгө жетишип, 1997-жылдан 2010-жылга чейин «Акун» ЖАКынын башкы директору, «Бишкек ун комбинаты» ААКынын башкы директору болуп, ишкер катары таанылдым. Мурда акын бизнесмен болсо өөн көрүнчү, азыр эми заманбап кесип катары эле кабыл алынып калбадыбы?

***– Сенин көп сандаган ийгиликтерге жетишиңдин сыры эмнеде?***

– «Кээде укмуштар жаралат, бирок, ал үчүн өтө көп иштөөгө туура келет»– деген эмеспи Аим Вейцман. Менин да бизнестеги тынымсыз аракеттерим жана ойлонуу менен жасалган, чечкиндүү, туура кадамдарым акыры өз натыйжасын берип, 1999-жылы «Жылдын

мыкты бизнесмени» болдум. Жүрө-жүрө Кыргызстандагы ишкерлер ассоциациясын жетектөө вазийпасы да менин тагдырыма туш келди.

***– Бай болууну каалагандар өтө эле көп. Бирок, бай болгондор аз. Адам кантип бай болсо болот?***

– «Бай болуш үчүн байлыкты сүй!»– деген кеп бар эмеспи. Байлардан өрнөк алыш керек. Анан өзүңдүн табиятыңа жакын, өзүңдүн көңүлүң сүйгөн ишти, багытты тандап алуу зарыл. Сарптаган акчаң, тапкан акчаңдан аз болушу зарыл. Ошентип, башталышында акчаны үнөмдөөгө, туура пайдаланганга көнүү абзел. Негизинен көпчүлүк ишкерлер алгач ишин соода-сатык менен башташат. Бирок, азыр баюунун интеллектке байланыштуу башка жолдору да көбөйүүдө. «Акчаны акча ээрчитип келет» – демекчи байлыкты өнүктүрүп, өндүрүшкө инвестиция тартуу керек.

Анан, албетте, бизнестин өнүгүшүнө мамлекет да кызыкдар болуусу зарыл. Анүчүн өлкөдө туруктуулук болушу шарт. Бизнестин өнүгүшүнө тоскоол болчу ыгы жок текшерүүлөрдү азайтып, атамекендик өндүрүшкө артыкчылык берген туура. Атамекендик өндүрүшчүлөрдү колдоо үчүн аткезчиликти (контрабанданы) токтотуу зарыл. Бул көп убактан бери айтылып, бирок, өлкө башчылары тарабынан колдоого алынбай келаткан маселе.

***– Саясатка келгениңдин жөнү кандайча болду?***

– Саясатка келгенимдин башкы максаты – Кыргызстандын өнүккөн өлкөгө айланышына татыктуу салым кошуу эле. Албетте, саясатта көп тоскоолдуктар болору турулуу иш. Бирок, жакындан билгенге чейин мен өтө сыйлаган айрым саясатчылардын беткаптын ичинде дагы башка жүзү бар экенин көрүп аябай таң калдым. Саясатты баюунун булагына, бизнеске айлантып алган айрым лидерлер менен келише албадым.

***– У.Черчиллдин: «Сенин душмандарың барбы? Болсо жакшы. Демек, сен өз өмүрүңдө кандайдыр бир нерсени коргогонсуң» – деген сөзү бар. Анын сыңарындай, сенин душмандарың барбы?***

– Саясатка келгенге чейин менин бир да душманым болгон эмес. Ал эми саясатта «туура айтсаң, тууганыңа жакпайсың» – деп элибизде эзелтеден айтылып келаткандай эле, чындыкты айтсаң эле касташып жатып калышат. Анан ошол кастарын тигип алгандар сага жөн жерден эле бирөөлөрдү атайылап асылдырып, каралоого кам урушат.

***– Андайда көңүл бурбай эле койсо болбойбу?***

– Көбүнчө ошондой болот. Бирок, кээде адилеттик үчүн жооп берип коюуга да туура келет. Анан көрө албастык кылган кландар сенин өндүрүшүңө кайра-кайра ыгы жок текшерүүлөрдү уюштурушат. Айрым саясатчылардын сүйлөгөн сөзү башка, жасаган иши башка экендиги өкүндүрөт. Тилекке каршы, «Бөлүп ал да, бийлей бер!» дегендей, өз кызыкчылыгы үчүн бир эле элди экиге бөлүп, кыргыздын келечегине балта чаап жаткандар да бар. Ал эми парламентте олтургандардын көпчүлүгү жеп-ичүүгө көнгөн коррупционерлер болгондуктан, принципиалдуу маселе койчу кез келгенде эле алар жалтайлап калышат.

***– «Мээлейчен мышык чычкан кармай албайт» – деп айткан эмеспи, Бенджамин Франклин. Көкүрөгү таза эмес, колу таза эмес, ою таза эмес, жаандан кийинки козу карындардай жайнаган саясатчылардын өлкөбүзгө ченемсиз зыяндарды алып келген көмүскө иштери чынында да жалпы коом үчүн айыккыс илдет сыяктуу эле болуп калды.***

– Айрым саясатчылар демейде өздөрүн патриот инсан, улуттук баатыр катары көрсөткүлөрү келишет.

Анан эл мүдөөсү үчүн чечкиндүү кадамдарга баралы деп маселени кабыргасынан койгон маалда акырын жылт коюп сыртка чыга беришет. Саясий пикирлештерин сатып кетүү алар үчүн көнүмүш болуп калгандай. Ошондой саясий кагылыштарда жана «шайлоонун шайтан оюндары» жүрүп жаткан убактарда дагы мен ар дайым эл мүдөөсүн көздөп, өз позициямды ачык айтып, карманган принциптеримден тайган жокмун.

***– Непадам, жаңылып-жазып өз принциптериңден тайып кетсең эмне болот эле?***

– Анда менин өзүмө болгон ишенимим жоголуп, өзүмдү өзүм сыйлабай калмакмын. Маселен, мен мага каршы чыгып жүргөн мурунку мамлекет башындагылардын жакшы жактарын айта жүрүү менен катар эле азыр өлкөнүн башында тургандардын туура эмес кадамдарын да ачык эле сындап келем.

***– Адамгерчиликти туу туткан, өлкөнүн келечегин ойлогон өзүңдөй саясатчылар көп болсо жакшы болмок. Бирок, калыстыгынан жанбаган саясатчылар манжа менен эле араң саналат.***

***Бир жагынан алганда геосаясат, державалардын тиреши да ойго салбай койбойт. Збигнев Бжезинский 1997-жылы «Улуу шахматтык доска» аттуу китеп жазып, анда АКШнын геосаясий кудурети тууралуу кеп кылган эмеспи. Маселен, ал Россияны «кара тешик» деп атайт да, Украинаны Россиянын акыркы чеби деп эсептейт. «Эгер Украинаны башкарууга батышчыл саясий элита келсе, анда АКШ бирденбир «Бүткүл дүйнөлүк» империяга айланат» – деген тыянак чыгарат. Ошол эле маалда ал: «АКШнын үстөмдүгүн болтурбоо үчүн саясий шахматтык доскада Россия менен Кытай биригүүгө аракеттенет. Эң башкысы, дал ошол иш-аракетти болтурбоо***

***керек» – деген чакырык таштайт. Үч державанын геосаясий кызыкчылыктары тууралуу сен эмнени айтаар элең?***

– Державалардын геосаясий кызыкчылыктары, ал турсун жашыруун геосаясий программалары да бар экендиги талашсыз. Башка өлкөлөргө экономикалык санкцияларды салып жатышы жана доллардын кунунун өсүп жатышы, албетте, АКШнын дүйнөлүк империя экендигин күбөлөйт. Кытайдын экономикасы да укмуштуудай тездик менен өсүп бaратат. Россия менен Кытайдын өз кызыкчылыктары үчүн жакындашуусун болтурбоо үчүн АКШ Индияны Кытайга каршы коёт. Эгер, Кытай, Россия, Индия геосаясий максатта өз ара бир тарапта болсо, державалардын теңделмелүү саясаты иштелип чыгар эле. Бирок, АКШ биригүүгө аракеттенген өлкөлөрдү ичинен иритип, чыр-чатактардын улам жаңы очогун пайда кылып турат. **Державалардын жол талашуусу бул табигый нерсе. Эгер империялар жол талашып жатып жок болуп кетсе, бул да табыгый иш. Андай күтүлбөстүк, албетте, майда өлкөлөрдүн пайдасына чечилет.**

***– Эмне үчүн айрым өлкөлөр бай да, башка өлкөлөр кедей? Бизнесмен жана саясатчы катары ушул маселени талдай кетсең. Туура талдоого албай, өнүгүүнүн туура жолдорун көрсөтпөй туруп, илгерилөөгө мүмкүн эмес го...***

– Туруктуу өнүгүү маселелери боюнча БУУнун Башкы катчысынын кеңешчиси Джеффри Сакс бул жаатта изилдөө жүргүзүп, атайын китеп чыгарган жайы бар. Ал төмөнкүлөргө токтолот:

Биринчиден, өлкөнүн экономикасы бутуна туруш үчүн инвестицияларды тартуу керек. Ал эми биздей саясий аба ырайы туруксуз өлкөлөргө инвесторлор ак-

часын салгысы келбейт. Анткени, инвестор башка өлкөдөгү бир тармакка (м: кен казууга, завод курууга ж.б.) акчасын салганда ошол өлкөгө пайда алып келүү менен катар эле өзү да акчасын көбөйтүп кайрып алууну көздөйт;

экинчиси, экономикалык саясат туура жолдо болбосо, базар экономикасынын мыйзамдары иштебей, ага саясий жактан чидер салынса, анда да өлкө өнүкпөйт;

үчүнчүсү, финансылык башаламандык болуп, салык туура эмес салынып, өндүрүштө чоң чыгым жумшалып, аз киреше алынган жерде да экономика аркага кетип, банкрот болот. Улам бийлик алмашып, саясий туруксуздук болгон өлкөдө, согуш болгон өлкөлөрдө да экономика кыйрайт;

төртүнчүсү, компетентсиз кадрлар иштеп, коррупция, натыйжасыздык болгон убакта, тактап айтканда башкаруу иши начар жолго коюлган жерде да өнүгүү болбойт;

бешинчиси, өлкө географиялык жактан ыңгайсыз жерге жайгашканда да өнүгүүсү кыйын болот. Маселен, экономика үчүн сооданын ролу бөтөнчө маанилүү. Ал үчүн товарларды тиешелүү жерге ташып жеткирүү зарыл. Айталы, деңиз транспорту менен жүк ташууга салыштырганда темир жол транспорту менен ташуу эки эсе, автомобиль транспорту менен жүк ташуу үч эсе, ал эми учак менен жүк ташуу 15 эсе кымбат. Анын үстүнө, кээде товарларды башка өлкөлөрдүн аймагы аркылуу ташып өтүүгө туура келет;

алтынчысы, пайдалуу ресурстардын аздыгы да экономиканы өнүктүрүүгө кедеригисин тийгизет. Бизде кен байлыктарыбыз арбын эле. Бирок, ал кен байлыктардан алынган кирешенин мамлекеттик казынага түшүүсү боюнча толгон-токой мүчүлүштүктөр бар. Ал жаатта эч кандай көзөмөл жок.

жетинчиси, рынокту тушап, айрым бир өнөктөштөргө ыктап, башкалар менен экономикалык мамилелерди үзүү да экономиканын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет;

Джеффри Сакс экономиканын өнүгүүсүнө сабатсыздык, караңгылык, менталитеттик чектөөлөр да, ал турсун, гендердик теңсиздик, аялдарды дискриминациялоо да тоскоолдук кылат деп белгилеген.

***– Ушул абдан курч маселени эң жакшы талдап бергендигиңер үчүн Джеффри Сакс мырза экөөңөргө терең ыраазычылык, Чыке! Эми, демократия десе эле биротоло делбеленип, бирөөлөрүбүз араб болуп кетсек, экинчилери, батышчылдыктын баткагына батып, жылаңачтанып көчөгө чыгып кетип жатышат. Минте берсек, элибиз эртең улуттук баалуулуктарынан четтеп, элдүүлүгүбүздөн ажырап калбайбызбы?***

– Сэр Уинстон Черчиллдин: «Демократияң деле абат эмес. Бирок, биз андан жакшысын таба элекпиз»– деп айтканындай бизге демократия керек. Бирок, аны анархияга айландыруу кыйроого алып келет. Өлкөнүн көз карандысыздыгын, элдин улуттук баалуулуктарын сактап калуу үчүн бардык чараларды жасоо керек.

***– Ошол эле Черчиллдин «Бийлик – бул баңгизат. Ким андан бир жолу эле татып көрсө, ал өмүр бою ууланат» – деп айтканы бар эмеспи. Сени да саясаттын эң бийигинен көргүсү келген адамдар аз эмес. Ал эми сенин «икигайың» кайсы?***

– Ооба. «Саясат – бул мүмкүнчүлүктүү искусство!» – деп Отто Бисмарк айтмакчы, бийлик аркылуу өз өлкөмө ак кызмат кылуу, өнүккөн Кыргызстанды куруу тилегим бар. Антсе да, менин «икигайым» адабият. Бийликтен кеткенден кийин кайрадан адабиятка баш-

отум менен киришейин деген тилегим бар. Менин жан таштап, ырахат алып жасоочу ишим, – япондор айтмакчы, икигайым – бул адабият.

***– Илгерирээкте, өз мээнети менен байыган инсандарыбыздын бири Табылды Эгембердиев да, анын «икигайы» адабият экендигин айткан эле. Сен да ырларыңда:***

*«Жаман ыр – эшик тоскон мастан кемпир,*
*Жакшы ыр бул – уялаш карындашым».*
**Же болбосо,**
*«Жарты сабак ырым сен деп түшүнөм,*
*Менин кылган жакшылыгым кыргызга»*

*– деп* ***өзүң жазгандай, анык рухтун адамы экенсиң. Саясаттын бийигинде жүрсөң дагы баягы акын маалыңдагыдай эле таза бойдон калып, калкыбыздын келечегин баарынан жогору койгондугуң жагынан сен эл сүйгөн саясатчы Исхак Раззаковго окшош экенсиң. Азыркы кыйчалыш заманда дагы сен сыяктуу саясатка байыш үчүн келбеген, элди бөлбөгөн, Кыргызстандын бакубат келечегин баарынан жогору койгон дал өзүң сыяктуу доордун залкар инсандары керек.***

– Азыр бюджет тартыштыгы улам өсүп, экономикабыз очорулуп, келечегибиз туңгуюкка түшүп баратат. Саясатта болсо беткабын алганда таптакыр таанылбай калган инсандар көп экен. Ошон үчүн, кайсы гана саясатчы тууралуу кеп жүрбөсүн, «жумурткадан кыр издегендей эле» коомчулук андан кемчилик издеп калды. Кийинки маалда улуттук идеология да унутта калып, мамлекеттүүлүк үчүн баш сайган улутман инсандар улам азайып бараткандыгы жан кейитет.

***– Айтылуу Чыңгызхандын: «Баштадыңбы – коркпо, корктуңбу – баштаба!» – деген кеби бар эмеспи. «Эгер Кудай биз тарапта болсо, анда ким***

***бизге каршы?!» – деген экен римдиктер. Эми саясатта өзүң да экинин бири болуп чоң кадыр-баркка жетип калдың. Ата Журтубуз коркунучта турган маалда сенде артка кетүүгө жол жок эмеспи. Андыктан, ылайым сенин бакубат Кыргызстанды куруу багытындагы бардык асыл ой-максаттарың жүзөгө аша берсин!***

– Ырахмат!

***– Сен айрым саясатчылардын чыныгы жүзүн көргөндө абдан таң калып, наараазы болгон кезде ыр жазып да жиберген учурларың болгон экен. Анда ошондой ырларыңдан бирди окуп берсең.***

**Бөөгө айланган дөө жөнүндө ыр**

Дөө деп жүргөн адамым бөө экенин,
Аны жандап жүргөндөр чөө экенин,
Аларга мен сордуруп өркөчүмү,
Арасында жүргөн бир төө экемин, -

десем досум күлгөнсүң кыткылыктап.
Кыйын эмес каткырыш, кыткылыкташ.
Каршы чыксам бир ирет ошол бөөгө,
Чөөлөрүнө заматта кеттиң ыктап.

Мен аныңа кенедей кайгырбадым,
Билип турам анткени жандырмагын:
«Жакындасам канчалык – мен ошончо,
Бөөдөн алам жашоонун жан жыргалын» –

Деген үмүт турганда көкүрөктө,
Турдуң ага сен дагы өчүрөткө.
Келип калаар кезегиң аман жүрсөң,
Чөөлүгүңө эгерде көзү жетсе –

Ырылдаса кошулуп тырыңдасаң,
Кыжыңдаса кошулуп мыжыңдасаң,
Атаң, апаң, досуң да ошол болуп,
Башка эч бир адамга сыйынбасаң!..

Дөө деп жүргөн адамың бөө экенин,
Аны жандап жүргөндөр чөө экенин,
Сүйкөнөм деп ойлосоң сен аларга,
Сүйгөн жалгыз боёгу көө экенин
Унутпагын!

***– Агыңыздан жарылып куруп берген маегиңизге чын дилимден ырахмат, Чыныбай Акунович! Ишиңизди ийгиликтер коштоп, ар дайым жакшылыктардын үстүндө болуңуз!***

***Нуржан Тентимишова:***

Чыныбай чоң ынтымактуу үй-бүлөдө 10 баланын арасында, китептин тарбиясында чоңойгон. Атасы алгач тракторист, кийин койчу болду. Коммунисттик партиянын мүчөсү эле. Айылдагылар «Ак жүрөк Акун» деп коюшчу. Апасы болсо он баланы асыроо менен алек болгон. Чыныбай айтып калчу эле, «мектепке бизди даярдап Нарынга барып кийим-кече алып келгенде эле, бут кийимдер бир мешок болчу. Апам менен барып алып келчү элек» деп. Көп бүлөлүү бардык кыргыз үй-бүлөлөр сыңары эле кол арага жараганы калган кичүүлөрүнө баш-көз болуп, андан тышкары, эшик-эликтин жумушун жасачу. Балдар чоңойгондо сураганы да көбөйөт эмеспи, атасы маянасы көп деп, тракторун таштап чабандыкка өтөт. Кышы-жайы дебей ата-энесине каралашып жүрүп чоңойду. Ата-энеси тоодо болуп, балдар айылдагы тамда чоңоюшкан.

***Гүлжан карындашынын эскерүүсүнөн:***

Чыныбай байкем 8-класс, Айжан – 6-класс, мен 4-класста окуучубуз. Бир күнү Айжан мектептен бийиктиктен секирем деп, оң колун чыгарып алды. «Эми мектепке менин чачымы ким өрүп берет» деп ыйладым. Чыныбай байкем «мен өрүп берем» деп, күнүгө чыыратып өрүп берер эле.

Байкемдин досу Мурат байке болуп бизге гитара чертип, ырдап беришчү. Эшикти илип алып Чыныбай байкем менен Орозобай байкем экөө камыр жууруп, тамак жасашчу. Манты көп жасачубуз. Чыныбай байкем тамашалап «ким сугалак болсо ушу мантыны жейт» деп, ачуу калемпир салып түйүп койчу. Жалгыз жашаган Айкан апаны манты жеңиз деп чакырчубуз. Баягы ачуу мантыны такай ошол апа жеп байкем тамашалап күлүп калаар эле.

Тамак ичип жатса да, басса-турса да колунан китеп түшчү эмес. Байкемдин акыркы коңгуроосунда линейкадан Аскер агай байкемдин ырын окуганда аябай толкунданып, сүйүнгөнүм эсимде.

Биз ынтымактуу жашадык. Эмне болсо да тең бөлүп жечүбүз. Байкем катуу айтып урушчу эмес, боорукер эле.

**Раис Акунов**

## БООРУКЕР, ПАТРИОТ ЖАНА ӨЗГӨЧӨ ИНСАН

«Кыргыз эли – бир дарак болсо, уруулар анын тамыр, бутактары» – деп айтмакчы, биз моңолдор уруусунун Эштек уругунун Ноодан тобунан болобуз. Атабыз Акун Улуу Ата Мекендик согуш маалында резервдеги аскерлердин катарында болуп, 1944-жылдан тартып мылтыктардын мээлей турган кароолун коюучу цехте

иштеп, анан согушка жөнөтүлүп, Варшавага барса, кудай жалгап Советтик Армия жеңишке жетишип калат. Ошондо резервдеги аскерлер кубанып ураалаган бойдон Варшавадан Москвага чейин жөө келишет. Анткени, ал убакта поезддердин вагондору жарадарлардан, техника жана башка жүктөрдөн бошобой турган убак экен.

Негизи Турсунбековдор математикага жакын болушат. Атам Нарында, кийин Чолпондо кампа башчы, бухгалтер, бригадир да болду, Куланакта раймагда иштеди. Кийин тракторист, малчы, уйчу, топозчу да болуп иштеди. Айылдын «Мичурини» да болуп, бадыраң, сабиз, алма өстүрдү. Апорт алмаларыбызды кышында үшүк алып кетип, көк алмаларыбыз калганы эсимде. Атам тайган агытып, турумтай таптап калган да жайы бар. Тайгандардын күчүктөрүнө упчу менен сүт берип да калдык. Атам тамеки да өстүрүп, тоодон чекенде алып келип, аны күйгүзүп, күлүн тамекиге кошуп, жанаякка ийлеп, өзүнө насыбай жасачу. Насыбайчылар насыбай сурап келчү. Кымыз кылып, бозо жасаган да маалдар болгон.

Атамдын Майымбет, Асан деген инилери менен бет маңдай жашачубуз. Майымбет акебиз агроном, Асан акебиз ветврач болчу. Белеков Болот Акматалиевич бизге тууган. Нуржан келинибизге бөлө, кайра да Чыныбай экөөсүнө өкүл ата. Анын атасы Акматалы агабыз мектептин директору эле. Өзү да мектептин директору, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турду. Мыкты адам. Чыныбай аны агай дебей аке дечү.

Атам өзү коммунист болчу. 7 кой, 5 козубуз болор эле. Малдын туягын түгөтүп албайлы деп, малды аз сойчубуз. Апабыздын жүрөгү ооруган үчүн эч кимибиз аны капа кылбайлы деп турчубуз. Эч кимибиз ичимдик ичпей, тамеки тартпай чоңойдук. Он бир тууган

элек. Тамакты талашып ичип, көңкөгө жапкан нанды бир күндө эле жеп койчубуз. Бир кийимди улам кичүүбүзгө өткөрүп, үч жыл жөн эле кийчүбүз. Баарыбыз тең таттууга жакын элек. Атам Көкчө тоого барып мага бир кызыл туфли апкелсе, аны бир кийген бойдон оюнга алаксып чечип коюп, жоготуп ийип, бир топ ичим ачышкан.

Бир туугандарым боюнча айтсам, Бердибай агам 1950-жылы төрөлгөн. Байланышчы. Шахматты жакшы ойнойт. Чыныбай шахматтан ошондон гана утулчу. Кийинки агам Чолпонбай 1952-жылы Чолпон совхозунда төрөлгөн. «Мегакомдо» иштеди. 1954-жылы төрөлгөн Конокбай деген агабыз жашында эле чарчап калган. Менин атымды алгач уруубузга карап Моңолбай деп коёлу дешип, анан бирок, күбөлүгүмө Раис деп жаздырышкан экен. Алгач соода тармагында 4-5 жыл иштеп жүрүп, анан атыма жараша айыл өкмөтүнүн башчысы, 3 ирет айылдык кеңештин депутаты болдум. Орозбай иним 1958-жылы төрөлгөн, кесиби мугалим. Чыныбай 1960-жылы төрөлгөн, Чыныбай тууралуу дагы айтам. Айжан карындашым 1962-жылы төрөлгөн, бухгалтер. Гүлжан 1964-жылы төрөлгөн, азыр «Акун» фирмасында кассир. Нуржан 1964-жылы төрөлгөн, эмгек сиңирген мугалим, математик. Кенжебай 1970-жылы төрөлгөн, айыл чарба адиси, бирок күркөдө соода кылгандан баштап, мал кармап, анан азыр Россия, Казакстандан буудай апкелет. Жыргалбай болсо, экономист. Атына жараша жашаган эркетай иним. Чыныбай өзү баарыбызга тең эле карады, жардам берди. Бирок, окууга өткөнгө жалгыз ушул Жыргалбайга экономфакка өткөнгө жардам берди. Кирүү экзаменинде көчүртүп жаздырса, 3 деген баага жазыптыр. Азыр түзүк, буудай соодада иштейт.

Илгери үй салганда кыш куйган азап эле. Мен кыйналып, агаларымдан тил укчумун. Тырбалаңдап, эки көздүү калып менен кыш куюп Чыныбай да жардам берген. Өзү билимге абдан дилгир эле. Алгач акын катары таанылып, анан илимий диссертация жактабадыбы. Алгачкы бир бөлмө үйүн да ошол илимдин аркасынан өз мээнети менен алган.

Чыныбай үйлөнөр кезде менин бир «москвич» машинам бар эле. Амангелди деген шоферду кошо жөнөтүп, анан Нуржанды ала качып келишкен. Калган ишти Бердибай байкем менен Болот байкем бүткөрүшкөн. Чыныбай менен Нуржан экөө бири-бирин толуктап турчу.

Чыныбай чоң саясатка келгени биз саясаттан алыстадык. Инибизге сөз тийгизбейли дедик. Чыныбай өзү ар нерсеге даярдык менен кирчү. Ыр окуса да алгач үйдө кыйкырып окуп, даярданып алып, ырын жат айтчу. Сүйлөгөн ар бир сөзүн да негиздеп айтчу. Анда куру убада бермей, талааны сүйлөмөй, интрига жасамай жок эле. Ар бир ишке өтө жоопкерчилик менен карачу. Анан өтө боорукер эле. Ал абдан көп адамдарга жардам берди. «Өз көмөчүнө күл тартпай», элдик адам болду. Эл аралап кыдырганда, кийинки кыштактагы элди күттүрүп койбойлу деп, бизге да тамак жедирбей, өзү да тамак жебей өз убагында барчу. Элдин талабын да өз убагында аткарууга тырышчу. Менин жүрөгүм ооруп, операция болуп жатканда күн сайын келип, кабар алып турду. «Байке, менин деле бир бөйрөгүм табиятынан кичине, Сиз деле тез эле жакшы болуп кетесиз» – деп дем берип кетчү. Өзү абдан энергиялуу, кайраткер эле. Биз тоого басалбай калганда да Босого, Селкинчек, Каман-Сууга чейин барган. Ата-бабалардын жайлоосуна барып, куран окутуп, көкбөрү да тарттырган.

## Кенжебай Турсунбеков

# ӨТӨ БИЛИМДҮҮ, ЭРКТҮҮ ЖАНА АЙКӨЛ АДАМ

Чыныбай байкем жашынан эле максатка умтулгандыгы, эрктүүлүгү менен айырмаланып турчу. Өзү жолу да ачык эле. Балык салсак да Чыныбай байкеме балык түшчү. Баарыбыз таттууга жакын элек. Бир жолу кант жок чай ичкибиз келбей, анан балыкка бармай болуп сөөлжан казып келатып, Чыныбай байкем жолдон беш сом таап алган. Анысын кийин ыр кылып да жазды го. Адилетсиздикке чыдабай кетчү. Бала кезде күлүк бололу деп элдик ырымга ишенип таманыбызга көпөлөк да сүйкөп ийчүбүз. Орозобай байкем бир баланын тушоо кесүү тоюнда биринчи келсе, байгени парторгдун баласына берип, ошого тушоо кестиришкен. Аны да байкем ыр кылып жазган. Мектепте алгач Шарапат эже шык берип турчу экен. Анан өзү да китепти көп окуп, көп изденчү.

Чыныбай байкем 8-класстан баштап эле күндөлүк жазчу. Уюштуруучу болчу. «Тимурчулар» командасын түзүп, жардамга муктаж карылардын отунун араалап, карын күрөп, суу ташып берип, малына чөп даярдоого жардам берип, айтор элдин батасын алчу. Бала кыял эле. Биз менен деле күрөшүп, жыгылып берип койчу. Бирок, тентектик кылсак жөнгө салчу. Кобурап ыр жазып, басса да ойлонуп басчу. Илим-билимге умтулгандыгы жагынан абдан өжөр болчу. Башкалардын пикирин угуп, анан өзү жыйынтык чыгарчу.

Биз канттан салып, сүттөлгөн чайдан төрт чыныдан иччүбүз. Анан Нуржан жеңем келгенде уялып, бир чыныдан эле ичип, «болду» дедик. Апам байкам калып, кайра чакырып, уялбай эле иче бергиле деди. Анан жеңеме үйүр ала баштадык. Шаардагы бир бөлмө үйүнө

толтура конок келчү. Чыныбай байкем кайниси Кубан экөөбүздү өзүнө окшоп китепке жакын дос болсун деди окшойт. Китепканага атайын өзү ээрчитип барчу. Экөөбүздү китеп окуп, курсагыңар ачканда түштөнүп алгыла деп бир рубль берчү. Анда акча күчтүү эле да. Китепканада бир саат олтуруп, анан Кубан экөөбүз зуу коюп барып эле пельмен ичип алып, паркты аралап, аңкайып басып кетчүбүз. Ошондо бизге парк аралап баскан кызык болгон окшойт. Азыр Кубан белдүү иш-кер. Мелькомбинаттын директору.

Нуржан жеңем варенье жасап, кышка камдап койчу. Таттууну жакшы көргөн жаным, вареньенин капкагын ачып, күндө бир кашыктан жеп олтуруп эле ортосун ойо жеп салчумун. Албетте, ким жегенин билип эле калышчу.

Бизнесте көзү жеткендик менен катар эле чоң тобокелдик керек эмеспи. Чыныбай байкем чоң бизнеске кирээрде Европалык өнүгүү банкынан 170 000 доллар алып, өзүнүн, эки бажасынын, Чолпонбай байкемин үйүн күрөөгө койгон. Иш жүрүп эле кетмек. Бирок, Түркия өлкөсүндөгү өнөктөр алдап кетишкен. Ошол эле маалда жакшы адамдар жардам да беришет экен. Бедреттин бей деген түрк ошондо тегирмендин жабдууларын алып бир нече мөөнөттө бөлүп төлөөгө (рассрочкага) жардам берген. Чыныбай байкемдер насыядан насыя алып, мурункусун жаап олтуруп, эки жылда кутулушкан. Акыйкаттык үчүн айтып коюу керек. Бизнести тикелөөдө, аны катуу контролдоп, өнүктүрүүдө Нуржан жеңем Чыныбай байкеме чоң жардам берди десем болот. Ал эми Чыныбай байкем чоң саясатка өткөндө бир нече тармактуу «Акун» компаниясынын ишин жеңем өзү жүргүздү. Карындаштарымды да бизнеске эрте аралаштырып, туура тарбия берди. Кыска-

сы, Чыныбай байкемдин чыныгы канат-бутагы боло алды. Ал түгүл азыркы «Акун Ысык-Көл» пансионатындагы ар бир гүлдүн, чөптүн, бактын өсүшүндө да жеңемдин эмгеги чоң.

Чыныбай байкем өтө билимдүү, эрктүү, бизнестин эртеңин алдын-ала көрө билген, анан абдан айкөл, мээримдүү адам эле. Бизге эле эмес балдарыбызга да жардам берип, көздөп турду. Дагы бир сапаты – бүгүн бүтүрүүчү ишти эч качан эртеңкиге калтырчу эмес. Жеңем да аны толуктап, абдан эмгекчил, ишке өтө жоопкерчиликтүү, сөзүнө бекем, эрктүү.

***Нуржан Тентимишова:***

«Шарапат эжем эстеп калаар эле, мен 5-класста экенимде, биздин класс менен 7-класстын окуучуларынын деңгээлин салыштырбайбы. Текшерүү ишти мен 30 мүнөт ичинде туура чыгарып, чыгып кетсем, ал эми 7-класс дагы эле «былк» этпей отуруптур.

Айрыкча адабий китептердин сазайын бердим, кошуна балдарды ээрчитип алып, китепканадагы китептердин баарын калтырбай окуп чыккам. Өзүм да 5-класстан тарта ыр жазып баштагам», – деп эстеп калчу Чыныбай бала чагын.

Чыныбай «Шарапат эжей бизди алга умтултуп, бийик максаттарга үндөп, инсандык касиеттерибиздин калыптанышына өзгөчө таасир эткен алгачкы устатыбыз» – деп баа берчү эле.

***Шарапат эжеге жөнөткөн открыткага мындай сөздөрдү жазыптыр:***

Эже!

Сиз менин шыгымды ойготконсуз, талантыма ишенгенсиз, тагдырым үчүн түйшөлгөнсүз. Эгерде бүгүн менин өмүрүмдө баалуу эмгектер, эл арасында аздыр-көптүр кадыр-барк бар болсо, анын баарында Сиздин

да үлүшүңүз бар экенин билем. Сиздин эмгегиңиздин алдында таазим кылам. Мен сыяктуу эле жүздөгөн окуучуларыңыз Сизди көңүлдөрүнүн түпкүрүндө сыйлашарына бекем ишенем. Сиздин эстелигиңиз бизбиз.

Бир карасаң билинбеген бир адам,
Миң баланын мүнөзүнө чыдаган.
Миң баланын арасында мен дагы,
Сизден билим алганыма кубанам.
Мен өзүмдүн балдарыма Кудайдан
Сиздей болгон эже бер деп суранам!

*Окуучуңуз Чыныбай Турсунбеков, 27-октябрь 1997-жыл*

**Шарапат Ибраева**
класс жетекчиси

## ЧЫНЫБАЙДЫН ТАБЫШКЕРЛИГИ ЖАНА ЧЕЧКИНДҮҮЛҮГҮ

1972-жылы Пржевальск пединститутун бүтүп, Жан-Булак орто мектебинде математика сабагынан мугалим болуп иштеп, 5 «а» класска класс жетекчи болгом. Анда Чыныбай 5-класста окучу. Дүйнө таанымы кенен, өзүнүн ою бар жана өз оюн тартынбай билдирген, жолдошторунун арасында кадыр-барктуу кара тоголок бала эле. Окуучу балдарымдын бойлору кичинерээк, кыздарым бойлуу, тыкылдаган тың кыздар эле. 5-6-класстарда классташ балдарына болушушуп, башка класстын балдары менен мушташышып, «разборкага» барып келишчү.

Чыныбайдын балалык чагын өзүнүн «Өткөн өмүргө штрихтер» деген ыры менен баштагым келип турат.

Сыр жыттанган парталарга отуруп,
Тамга үйрөткөн мугалимге кошулуп.

Биз бир кезде чөкө таандай чурулдап:
– Ата, атка така как,– деп окудук.

Сабактан соң үйгө чуркап энтигип,
«Төрт», «беш» алсак сүйүнчүлөп келчүбүз.
Эч кими жок Айкан деген эненин,
Күндө барып суусун ташып берчүбүз.

Балдар болуп эшек минип анан да,
Чүкө ойноп кармалчубуз агайга.
Кечиндеси кой тосконду унутуп,
Атабыздан тил укчубуз далайга.

Канаттуунун баарын дос деп билчүбүз,
Арасынан чыйырчыкты сүйчүбүз.
Багыбыздын бутагына жазында,
Уя кадап коюп күтүп жүрчүбүз.

Чыбык минип чымын-куюн жарышкан,
Көкүлдөрүн суулап тарап алышкан,
Октябрят болуучубуз биз анда,
Ак көйнөккө кызыл жылдыз тагышкан.

Инилерге берип кийин жылдызды,
Пионердин катарына алындык.
«Чынчыл балдар болобуз!» – деп ант берип,
Желбиретип кызыл жагоо тагындык.

Пионер кез – темир канат кез эле,
Анан бойго жете түштүк тез эле.
Бирден кызды жандап жүрө баштадык,
Мектептеги комсомолдук кечеде.

Чачтарды да ыгы менен таранып,
Күзгү алдында узагыраак каранып,
А жайында биргелешип иш кылып,
Колхоздун көп керегине жарадык.

Ажырашаар мезгил жетип акыры,
Автоунаа бизди ар кайда ташыды.
...Эми кайра жолугууга келатып,
Сылап коём суйдаң тарткан чачымы.

Жан-Булак айылы Нарын суусунун жээгинде жайгашкан. Айыл башталгандан бүткөн жерине чейин, боордон булак агып, бири-бирине кошулуп Кара-Суу деп аталып, ал Нарын суугa куят. Жанынын баары булак болгондуктан, Жан-Булак деп аталып калган экен. Сууну кыя менен түшүп, булактан ташып ичишкен. Чыныбай балдар менен, күйөөсү жана жалгыз баласы Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калган Айкан энеге күндө суу ташып, үй оокаттарына жардам беришчү. Айкан энени азыркылардан эч ким билбейт, Чыныбайдын ырында гана калды.

Ошол булактардын арасына бадалдар, тал-теректер өскөн кооз жер. 5-классты бүткөндө ошол жерге экскурсияга бардык. Кыздар самоорго чай кайнатып, дасторкон жасоодо. Сыдык «элик, элик» деп бакырды дешет балдар. Эликти көрөлү, Сыдыктын үнүнөн качып кетпесин деп баары чуркашат. Барып карашса Бейшен деген кишинин ак эшеги экен. Баары күлүп, кийин ал эшекти көргөндө «Сыдыктын элиги» деп күлүп жүрдүк дешет.

5-класста жаңы жылды тосууга даярданып атабыз. Баардык окуучулардын кыш жөнүндө ырлары окшош. Биз кыш жөнүндө эч кимде жок ырларды айталы, окуу китебинен эмес, башка китептен ыр карап келгиле,

өзүңөр да ыр жазып келгиле дедим. Чыныбай, Сыдык, Айшакан үчөө ыр жазып келишиптир. Чыныбайдын ыры жакты, ошол ырын окуду. Өзү да эскергендей, биринчи ыры ошол «Кыш келди» деген ыры эле.

Математика сабагын да жакшы окучу. 5-класс кезинде 7-класска берилген текшерүү ишти чыгарып кеткен. 7-класстын бир топ балдары Чекирова Төлөн деген кыз кайсы вариантты жазса, ошол вариантты гана жазышаар эле. Силер өзүңөр эмне чыгарбайсыңар, Чыныбайды карагылачы 5-класста окуса да силердин эки вариантыңарды чыгарды» десем, Курманбай деген бала, «эжей, Акуновдор тубаса математиктер да» деп жооп берип атпайбы.

Класстан тышкары иштерди иштегенде менин оң колум эле. Кандай темада кече өтсөк да ошол темага ыр, сүйлөй турган сөздөн бери даярдап келчү. Кызыктуу математикалык кечелерди өтчүбүз. «Пропорциядагы алтын кесилиштер» деген темада кече өтүп атабыз. Кулактандыруусунан бери жакшы даярдачубуз. Класстагы Жыргалбек экөө дос эле. Эгиз козудай дайым ээрчишип жүрөөр эле. Бактыгүл, Анипа, Жаңыл, Зинагүл, Ырысгүл, Атыркүл, Кенже, Айшакан абдан активдүү кыздар эле. Ошол кечеде «сандардын чатагы» деген оюнду койдук. Бир деген сан Жыргалбек эле. Ал чыгып: «Сүйүнчү, сүйүнчү! Өзүм келем биринчи!»– деп сахнага келгенде, Чыныбай «Жан-Булак айылында эң биринчи жогорку билимдүү аял ким болгон?» – деген суроону жакшынакай ыр кылып берди. Эч ким таппады. Ал адам ошол кечеде отурган кыргыз тил мугалими Салбарова Сүйүнбүбү эжей экен. Эжей макалдап сүйлөгөн киши эле: «Бали! Ырахмат силерге!» – деп ыраазы болду. Эже КГУну бүтүп, директорлук кызматта да иштеп, 30-40 жылдык стажында сыйлык албаган экен.

«Айлананын бир сонун касиети» деген темада дагы математикалык кече өтүп жатабыз. Мектепте кече өткөндө викторинага суроолор баардык предметтен экиден суроо даярдачубуз. Чыныбайга орус тилинен суроо даярдоо тапшырмасы берилиптир. Викторинага кезек келди. Чыныбай окуучулардан «орус классиктерин окуйсуңарбы» – десе, «ооба» – деп жооп берип жатышат. Анда, «Н.В. Гоголдун «Өлүк жандар» чыгармасындагы башкы каарман Плюшкиндин өз аты ким? Елдырин деген ким?»– деген суроолоруна эч ким жооп таба алышпай калышкан.

Биринчи суроонун жообун издеп окуучулар ошол китепти окуп чыгышты. Эч ким таба албайт. «Аты жазылбаптыр жок экен, таппадык», – дешет. Анда Чыныбай: «Пешковду мыкты кылган Смурыйдын айтканын кылгыла, бир жолу окугула, 13 жолу окугула», – дейт. Булардын баарын билиш үчүн китепканага барышат. Табышпайт. Анан Чыныбай: «Степановна деген кызы келди деген бир сап бар, демек Плюшкиндин аты Степан болгон», – деп айтып атпайбы.

«Елдыринди табыш учун Чеховду окугула», – деди. Ошентип мектептин китепканасына, айылдык китепканага окуучулар байма-бай барышып китеп окуу өзүнчө бир нукка түшкөн. Ошол эки суроо окуучуларды китеп дүйнөсүнө тарткан.

Кыздардан Байсубанова Батма деген кыз кыймылдуу эле. Балдар менен мушташып, айрымдарын уруп да койчу. Кечелердин көркөм бөлүмүндө тизилип турганда да жөн турбай буту менен чукулап тээп турчу. 9-май Жеңиш күнүнө карата кече өткөн атабыз. Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын эстелиги жок кез эле. Өчпөс от жагып, эстеликке гүл койгон жерине келгенде Чыныбай «Батманы какыйталы» деди.

Кыздар чоң беш жылдыз жасап келишти. Эки столдун ортосуна газ баллон коюп өчпөс от жасашты. Солдаттын шинелин, тумагын таап келишти. Шинель Райымга, Батмага эле чак келип, калгандарына узун келип калды. Батмага шинелди, тумакты, бутуна керзи өтүк кийгизип, колуна жыгач автомат карматып столго чыгарып койдук. Кечебиз башталгандан бүткөнчө Батма какайып гана турду.

Чыныбай баардык сабактардан «5» деген баага окучу. 8-9-10-класстарда такшалган акындардай, оюн ачык айткан ырларды жазды. Мектепте орто, атайын орто билимдүү мугалимдерди сырттан окуп жогорку билим алгыла деген закондон улам сырттан окуп, башталгыч класстын мугалимдери жогорку класстарга сабак бере баштады. Мурда балдарга эмгек сабагынан берген агай тарыхтан сабак берип калды. Мугалимдер күнүндө баардык мугалимдерге открыткага каалоо жазып, өздөрүнө окуп анан тапшырышты.

«Көп жыл бою келдиңиз, балдарды эмгекке үйрөтүп,

Эми кирдиңиз тарыхтын тилин сүйлөтүп» деген эки сабы эсимде калыптыр. Агай эмне дейт деп сарсанаа болдум. Агай туура кабыл алып, рахматын айтты. Жеке эле мектепке эмес, айылдагы алдыңкы адамдарга да түшүм майрамы, малчылардын майрамында каалоо жазып берчү. Карл Маркс атындагы колхоздун алдынкы жылкычысы Күчүкөв Кементурга «60 бээден 60 кулун алыптыр, Кементур байке! Бээлериңиз төлдөгөн го эгизден» дептир. «Эмнеге, эгиз туура эле,» – десем – «Эже, бээлер кысыр калат, кулун салат. Алтымыш кулун алынбайт» деди. Мен муну билбегениме уялдым.

10-класcты бүтүп атканда жыл бою даталуу күндөргө кече өткөрөлү деп чечишти. Баардыгын сонун, эсте калаарлык өткөрүштү. Жаңы жылда телевизордон Москванын «Көгүлтүр от» кечесин сүйүп көрчү элек.

Ошондой «Көгүлтүр от» кечесин мектепте биринчи жолу өткөрдүк. Чыныбай менен Зинагүл алып баруучу болушту. Бир столго келип Абдылдаева Мукен эжеге: «Эже, гүлдү жакшы көрөсүз го, терезелериңиз укмуш гүлгө толгон. Гүл жөнүндө макал айтасызбы?» – деп сурады. Эже да «адамдын көңүлү – гүл» деп жооп берди. Дагы бир столдон орус тили мугалими Каданова Райна эжеден «Сиз касиеттүү көлдүн сулуу шаары Пржевальскийде окугансыз ээ? Студенттик кездеги «Ак чардак» деген ырды ырдап бере аласызбы?» деп сурады. Эже сонун ырдап берди. Мугалимдер ыраазы болушуп, мыкты эс алдырдыңар дешти.

«Коштошуп кетип баратам, колуңду берчи, мектебим» деген бүтүрүү кечесин өткөрдүк. «Эдельвейс» КЖБ[1]га кабыл алуу үчүн колхоздон, райкомсомол уюмунун өкүлдөрү катышты. Ошондогу курбулар, мектебим, агайларыма деген ырлардын тексттерин унутупмун. Аягында «Коштошуу вальсы» деп ар бир окуучум менен бийледим эле.

Чыныбайдын классташтары: Жыргалбек, Муратбек, Баатырбек, Райым, Бердибай, Шаршегул, Карагул, Шайымбек, Темирбек, Ишен, Мелис, Дуйшомбу, Дуйшонбек, Монолбек, Мухтарбек, Айдарбек, Сыдык, Эшимкан, Атыркул, Анипа, Жаныл, Зинагул, Бактыгул, Ырыскул, Карачач, Галина, Батма, Бубуайра, Бурул, Майрамкул, Кыраанкыз, Кенжегул, Шакеней, Токтор.

Эсте калганы: М.Алиакуновдун 50 жылдыгын өткөрдүк. К.Орозов атындагы эл аспаптар оркестрине 40 жыл, Латвия ССРине саякат жана башка көптөгөн эсте калаарлык кечелерди өткөрдүк. Ал кездеги бүтүрүүчүлөр «Эдельвейс» комсомолдук жаштар бригадасында иштеп калчу. Биздин класс эки окуучуга уруксат берели, өтсө окушсун, өтө албаса кайра келип бригадада

[1] КЖБ – комсомолдук жаштар бригадасы.

иштесин деп чечим чыгардык. Эки класстан эки окуучу дедик. «Б» класстан барбайбыз дешти. «А» класстан Жыргалбек менен Чыныбайга уруксат бердик. Жыргалбек политехникалык институттун технология факультетине, Чыныбай КГУнун кыргыз филологиясы, журналистика факультетине өтүп кетишти.

Студент чагында «Апам» деген ырында жөнөкөй тил менен апасынын сагынганын жакшы айткан:

Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак,
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат...

Ата-энеси, бир туугандары: Акун аке тартипти катуу кармаган, ачык сүйлөгөн адам эле. Жаш кезде райондук керек-жарак коомунун башчысы, эсепчи, бухгалтер болуп иштептир. Кийин трактор айдап, колхоздун малын багып, 10 баласын тарбиялаган мыкты адам эле. Балдары көз карашынан эле атасын түшүнчү дешет. Балдарын ыгы жок эркелетпеген, талапты катуу койгон киши эле. Апасы Умсунай эже жумшак, ушак менен иши жок, өз оокатына тың адам эле. Үйлөрү айылдын өйдө жагы, үстү жагы, ылдый жагы кошулган жерде. Жан-Булактыктар тынбай бозо салышчу. Бул киши да бозо салчу. Нарынга эртең менен 8:00, кечкисин 4:00 автобус каттачу. Үч кошконго токточу. Өйдө кеткен, ылдый кеткендер Акун акенин үйүнө кирип жылынышып кетишчү. Балдары да тартиптүү эле. Жакшы окушчу. Үйүнө качан барсаң таза, өз иштери менен алек. Айрым балдар ата-энеси жокто балдар-кыздарды топтоп оюн-шоок уюштурчу. Булар антчү эмес. Азыр ону он жерде шаар болуп турушат. Раистен башкасынын баары шаарда жашашат. Бирибирин колдогон ынтымактуу бир туугандар.

Чыныбай илимдин кандидаты, эки ырлар жыйнактын автору болду. Кокусунан бизнеске барып, атактуу бизнесмен болду. Саясатка келип, эли-жерин сүйгөн, кыргыз мамлекетин өнүктүрүүгө, өстүрүүгө зор салымын кошкон саясатчы болду. Адамгерчилиги абдан чоң адам эле. Мугалимдин элдин баары эле көрө албаган эмгегин жогору баалады. Сонун колуктуга жолукту. Кудайым бир жаман, бир жакшыны кошуп экөөлөп оокат кылгыла дейт экен. Экөө тең жакшы болду. Телегейи тегиз, жомоктогудай жашоодо аз да болсо жашады. Ошол жашоону өздөрү курду. Көз тийдиби, сөз тийдиби...

Чыныбайдын мага жазган бир ыры менен бул эскерүүмдү аяктагым келди.

Бир карасаң билинбеген бир адам,
Миң баланын мүнөзүнө чыдаган.
Миң баланын арасында мен дагы,
Сизден билим алганыма кубанам.
Мен өзүмдүн балдарыма Кудайдан,
Сиздей болгон эже бер деп суранам! –

деп жазган эле.

**Атыргүл Жумабаева**
геология илимдеринин кандидаты

## ЧЫНЫБАЙ «МЕН МИНИСТР БОЛГУМ КЕЛЕТ» ДЕГЕН

Чыныбай менен бала кезден бир айылда төрөлүп, бирге ойноп, мектеп босогосун бирге аттадык. Анын ыр саптарында жазылгандай, «чөкө таандай чурулдашып «Ата, атка така как» деп тамга таанып окуганды үйрөндүк, 10 жыл бою бир класста отуруп чогуу билим алып келдик.

Чыныбай бала кезинен мүнөзү салмактуу, кичипейил, чынчыл, ички дүйнөсү терең, табият менен айкалышкан өспүрүм бала эле. Өзүнүн боюнан ою бийик, шилтеген кадамынан салмагы оор, ички сезимдерин ачыкка чыгарбай, көпчүлүк учурларда өзү менен өзү боло турган, өжөр мүнөздөгү бала эле. Баамдасам, анын балалык кезиндеги ушундай мүнөзү акындык талантынын башаты экен.

Мектепте болуучу адабий кечелерде алгачкы ыр саптарын окуп, айрымдарыбызды таң калтырып, айрымдарыбызды мыйыгынан жылмайтып, чоң акын болгусу келеби дегендей ой калтырган. Өзгөчө башталгыч класста окуп жаткан мезгилде «келечекте ким болгуң келет» деген суроого Чыныбай «мен министр болгум келет» деп жооп берген эле. Көпчүлүгүбүз ушундай да кесип болмок беле деп күлгөн элек. Көрсө, ошол балалык кезинде эле анын кыялы менен максаты келечектеги жетишкендиктерине жол салып, аны алдыга жетелеген экен.

Айрым учурларда ойго батып, көп сүйлөбөй бизден четтеп тураар эле. Чыныбай айлана-чөйрөдөгү жаратылыш кубулуштарына көбүрөөк көңүл бөлүп, айылдагы кара каргадан баштап, чыйырчык, чымчыктан жана жер жайнаган кумурскага чейин көз салып, көңүлүнө түйө жүрүптүр. Кийин ал ойлорун ыр саптары менен ачыкка чыгарды. Чыныбайдын философиялык дүйнөсүнүн кеңдигин, тереңдигин жана табиятка жакындыгын тоолор, айдалган дан жыттанган талаалар, арыкта шылдырап аккан суулар жөнүндөгү ыр саптары айгиленеп турат.

Сыртынан карасаң олдоксон болсо да, ички дүйнөсү ийкемдүү, сезимтал, боорукер, айкөл эле. Боорукерлиги менен айылдагы Айкан деген апанын батасы-

на татыды. Айкөлдүгүн классташтарынан аяган жок, өмүрүнүн акырына чейин чоң жетишкендиктерин биз менен бирге кенен дасторкондо бөлүшүп, кеп-кеңешин айтып, ар бирибизди үстүртөн байкап, баамдап, салмактап келди. 10 жыл бирге окуган классташтары жөнүндө атайын ыр саптарын калтырды.

Чыныбай менен бирге бир класста окуганыма сыймыктана алам. Ал өзүнүн бул өмүрдөгү жашоосунда жакшы элес, үлгү калтырып кете алды. Карапайым дыйкандын баласы, өзүнүн алдыга койгон максаттарына өз эмгеги менен жетип үлгү боло алды жана өзүнүн көп кырдуу адам экендигин поэзияда, илимде, ишкерликте жана саясатта көрсөтө алды.

**Жаңыл Мамбетакунова**

химия-биология мугалими

## БАЛАЛЫК БАЁО СЕЗИМ МЕНЕН!

Башталгыч класста окуп жүргөн мезгилибиз. «Ким болгуң келет» деген темада сочинение жаздык. Бири врач, бири шофёр, мен мугалим болом деп, өз оюбузга маашырланып кубанычтуу талкуулап жаттык. Чыныбай «Мен министр болом» деди. Андай кесип жок деп талашып атабыз. Чыныбай оюнан кайткан жок.

Бала кезинен эле эмгекчил, бардык сабакты «эң жакшы» деген баага окуган, адилеттүү, эрки күчтүү, токтоо, тартиптүү, бардык жаман адаттардан алыс, классыбыздын акыны эле. Шарапат эжейибиз ыр чыгарып келгиле деп тапшырма берди. Баары эле бирден окшошпосо да ыр жазып келишиптир. Чыныбайдын ыры гана баарыбызга жакты. Ошентип Чыныбай классыбыздын акыны болуп калды. Ошол кезде эле адилет-

сиздиктин душманы эле. Адилетсиздик кылганы үчүн бир агайга ыр жазды, бирок тилекке каршы, классыбыз менен жазаландык.

Кудайымдын буйругу экен, оозуна сала бергенби «Министр болом» деген сөзү ишке ашып депутат, спикер болду.

Сүйүндүк.

Кубандык.

Сыймыктандык.

Чыныбай эмгекти баалаган – эмгекчил, адилеттүүлүктү баалаган – адилеттүү инсан, чындыктын символу эле.

**Чыныбай Турсунбеков**

## АЙЫЛГА КАТ

*31.01.2016*

Доор алмашып, техниканын заманы келип, интернет көз ачып-жумганча көздөгөн жериңе жеткирип, каалаган адамың менен көзмө-көз сүйлөштүрүп турган кезде кат жазуу тууралуу кийинки муундарга айтсак жомок болчудай. А бирок, мен ошол кат күткөн, кат жазган муундун өкүлүмүн. Улуу Ата Мекендик согушка кеткен уулдарынын жок дегенде катын өмүр бою күтүп жүрүп бул жазмыштан өтүп кеткен апаларды көрүп калган муундун өкүлүмүн. Ушундай жагдайда айылыма кат жазыш мен үчүн абдан маанилүү.

Кат десе 2014-жылы каза болгон колумбиялык атактуу мексикалык жазуучу Габриэль Гарсиа Маркестин «Полковникке эч ким кат жазбайт» аттуу чыгармасы эске келет.

Көркөм чыгармадабы же жашоо-турмуштабы катты зарыга күтүп, жашоонун жарык бир учкуну катары туткандар бар экенин жакшы билем. Айылымда

эч кимиси жок Айкан апа бар эле, биз «тимурчулар» турмуш-тиричилигине жардам берип, каралашчубуз. Ошол апа согушка кеткен жакындарын жана алардын алакандай катын өмүр бою күтүп жүрүп, дүйнөдөн өтүп кетти...

Мен жашоомдо да ыраматылык болуп кеткен апам менен атамдын катын күтүп, кайра аларга жазчумун. Алар менден кат күтө тургандыгын эң сонун билчүмүн. Андыктан, үзбөй жазганга аракет кылар элем. Ал почточу ата-энем үчүн эң маанилүү адам болучу.

Акын болом деп калем сап колума кармагандан баштап кат жөнүндө ыр да жазгам:

Карындашым Нуржандан
Кат жаздырат «Балам» деп.
«Кандай окуп жүрөсүң?
Биз жүрөбүз аман» деп
Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат...

Мына ушундай баа жеткис, кымбат, ал тургай таттуу каттарды алчубуз, жазчубуз.

Менин кичи мекеним Жан-Булак деп аталат. Алыскы Нарын облусунун Нарын районунда жайгашкан. Илгери айылдын талаасын кыпкызыл мандалактар ээлеп жатчу экен. Ачарчылык убакта ошол мандалактын түбүн жеген учур болгон дешет. Ошондо эл арасында «жайы-кышы мандалак, жан сактаткан Жан-Булак» деген кеп айтылып калган дешчү аталарыбыз. Айылыбыз кең жайык жерде орун алган, жанынан карт Нарын дарыясы агып өтөт. Баары өзгөрүлгөн заманда Нарын дарыянын шоокуму гана өзгөрүлбөй, кирген

кезде чамынып, күрпүлдөп, ал эми суусу тартылганда мелмилдеп, жай агып, бирок, шоокуму ар дайым угулуп турат. Айыл менен дарыянын ортосун колу-бутубузду тыттырып терип жеген кычкыл чычырканак жыш өскөн токой, таптаза мөлтүр булак, анан кышкысын суукту тоготпой, көк муштум болгончо жылгаяк тепкен дөбө тосуп турат. Мунун баары мага азыр да кымбат жана дайым өзүнө тартып турган касиетке ээ.

## Айылым – күрөштүн, тирүүлүктүн борбору. Ал эми атам салган үй азыр – бала бакча

Айылдаштарымдын арасында эсте калчу адамдар арбын, мен үчүн сырттан болсо да ар биринин орду өзүнчө, андыктан бөлүп атагым келген жок. Аксакалдар сабырдуулугу, элди сөзгө тарта билгендиги менен, байкелер шайырлыгы, тамашакөйлүгү, айылды күлдүргөн жоруктары менен жадымда. Ал эми апалар ээрчишип алып, ынтымактын белгиси катары айыл аралап айылчылаганын азыр да жылуу эстейм. Сулуулугу, билими, шакылдаган эпчилдиги менен таасирленткен жеңелер, эжекелер азыр байбичелерге айланды. Алар азыр мөмөлүү бай түп дарактай.

Күрөштүн, тирүүлүктүн борбору айылдай сезилет мага. Айылдан эл түп көтөрө көчүп, баары шаардык болуп кетсе кыргыз, кыргыз болбой калчудай сезилет. Мен үчүн туулган жерим кымбат жана өзгөчө. Жакында айылыма белек кылдым. Он бир тууганым, атам, апам менен жашаган, балалыгым өткөн, пайдубалым түптөлгөн үйүмдү, айылымдын кетирекей бөбөктөрүнө арнап, заманбап бала бакчага айланттым.

Бул чечим да оңойго турган жок. Көпкө ойлондум, «баягынын балдары» дедиртип, үйдө туугандарыбыздын бири жашаса дедим, ата-энемдин көзү бар мезгил-

дей эшик какпай киргени коңшулардын аягы үзүлбөсө дедим.

Бирок Жаңы жыл алдында айылыма барып, бала бакчага айланган атам тургузган үйдөн наристелердин шаттуу күлкүсүн угуп, эң туура чечимге келгениме дагы бир жолу ынандым. Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда балдар менен бирге газдалган камерага кирип ууланып өлгөн белгилүү польшалык жазуучу Януш Корчактын «Унутпагыла, адамдын эң маанилүү жолугушуусу – бул анын балдар менен жолугушуусу» деген канаттуу сөзү эске келди.

Эми айылымда балдар үчүн көйгөй чечилди, заманбап шарттагы бала бакча бар. Ал жерден келечек муун татыктуу тарбияланып чыгып, ырымда айтылгандай менин Жан-Булак айылым «Бүтпөгөн бул дүйнөнүн кармашында» болот.

Ал эми айылыма кирип бара жаткен дөбөдө жаткан ата-энемдин, айылдаштарымдын мүрзөсү тирүүлүккө Кароол дөбөдөй болуп турганы турган. Бул жер да бул оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн кызыгы менен баасын, өткөнүмдү, ары карап кеткен айылдаштарымды эске салып турган өзүнчө бир тараза.

**Дүйшөнбек Шеримбеков**

Жан-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы

## СЫЙМЫКТУУ УУЛ

Жан-Булак айылынын кулуну, сыймыктуу уулу, Турсунбеков Чыныбай Акунович менен жаш курагыбыз тең болгондуктан балалык кезибизден чогуу ойноп чоңойдук. Ал кездеги Жан-Булак орто мектебине кирип онунчу классты ошол мектептен аяктадык. Чыке бала кезинен эле билимге берилген, агай-эжелердин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, активист окуучу болчу. Жо-

горку класстарга келип калганда мектептин стенгазетасына алгачкы ырлары жарыяланганы алигиче эсимде. Өзүнүн эмгекти сүйгөнү, тырышчаактыгы менен мектепти кызыл аттестат менен бүтүргөн.

Мектепти аяктап КМУга (Кыргыз мамлекеттик университетине) тапшырып, өзүнүн даярдыгы менен өтүп кеткен. Университетти артыкчылык диплому менен аяктап, өзү окуган университетке мугалим, аспирант болуп 27 жаш курагында илимдин кандидаты, декандын орун басарлыгына чейин жетишкен. Ошол жылдар аралыгында ырлар жыйнактары жарык көрүп, Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү болуп дипломатиялык кызматты дагы ийгиликтүү аркалап келген.

1990-жылдардан кийин «Акун» фирмасын негиздеп, бүгүнкү күнгө карата Кыргызстандагы алдыңкы компанияга айландырууга жетишип, Кыргызстан ишкерлер союзунун президенти болуп шайланган.

2010-жылдан баштап өзүңүздөргө маалым болгондой, Чыныбай Акунович Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, фракциянын лидери, Жогорку Кеңештин спикери кызматын аркалаганы эле Чыкенин саясаттагы ордун көрсөтүп турат.

Айыл өкмөт башчысы катары айылдын, элдин көйгөйлөрүн айтып, Чыныбай Акуновичке кайрылып турчу элем.

1. Өзүнүн кичи мекени Жан-Булак айылындагы ата конушуна «Акун» компаниясынын каражатынан 100 орундуу бала бакча куруп, эмеректери, идиш-аягы, керектүү жабдыктар менен камсыз кылып берген.

2. А. Белеков борбордук көчөсүнүн 2 км аралыгын асфальттатып берген.

3. Апсалиев Ташболот атындагы спорт ордосунун

курулушу Чыныбай Акуновичтин колдоосу менен ишке ашырылып, ички эмеректери өз каражатынын эсебинен жабдылган.

4. А. Жутакеев атындагы орто мектебинде билим алып жаткан келечек муундарга көңүл буруп турчу эле. Мектепке компьютер, интерактивдүү доска, ошондой эле 9-11-классынын мыкты бүтүрүүчүлөрүнө жыл сайын акчалай кызыктыруучу сыйлыктарды тапшырып, алдыңкы мугалимдерге «Акун» пансионатына жолдомо тапшырып турчу.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө дагы «Акун» компаниясынын продукцияларынан ар дайым жардам берип турушчу.

***Нуржан Тентимишова:***

1978-жылы Чыныбай Улуттук университеттин журналистика факультетине тапшырганы ал кездеги Фрунзеге келген. Гезиттерден материалдар жетишсиз, рекомендация жок деп, журналистика факультетине документтерин албай коюшуптур. Балалык кылган экен, ырлары боюнча Турар Кожомбердиевдин баасы бар болчу, ошону көргөзбөй калыптыр. Кыргыз тили жана адабияты факультетине тапшырып, өтүп кетет.

«Экзаменди жалаң бешке жооп берсем да, эмнегедир үч коюп салышкан. Ошондуктан, 1-курста алты ай стипендия алган жокмун. Бирок, андан кийин окууну бүткүчө жогорулатылган стипендия алып окудум. Ошол эле учурда макалаларым, ырларым тынбай гезиттерге жарыяланып, артынан калемакы келип турду. 3-курстан баштап майыптарга гипс жасоочу заводдо кароолчу болуп иштедим. Ошентип, стипендиямды, калемакыны, кароолчулукту кошкондогу акчам ошол кездеги мугалимдердин тапканынан да жогору эле. Ак-

чам көбөйгөн соң, ызы-чуудан арылбаган жатаканадан батирге чыгып кеттим», – деп эскерчү Чыныбай.

Чыныбай окууну кызыл диплом менен бүтүрдү. «Жүрөктөгү жаңырык» аттуу ырлар жыйнагы, анан «Ала-Тоо» журналына көлөмдүү макаласы жарыяланды. Бул деген кыргыздын интеллигенция чөйрөсүнө алгачкы, бирок ишенимдүү кадамы эле.

**Касымбек Мамытов**
Нарын областтык Билим берүү башкармалыгынын жетекчиси

## ЧЫНЫБАЙДАН ЧЫГААН ИНСАН ЧЫГААРЫНА ИШЕНЧҮБҮЗ

Чыныбай менен 1978-жылы август айларында Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 1-курсуна жаңы студент болуп кабыл алынганыбызда таанышканбыз.

Чүйдүн Мраморное, Озерное деген айылдарына айыл чарба жумуштарына барып калдык. Бардыгы мектепте мыкты окуган, чыгармачыл балдар экен. Талаадан дарбыз терип, кечинде жатаканага келебиз. Тамактан соң колдоруна ручка, блокнотторун кармап, ары-бери экиден, үчтөн болушуп, акын-жазуучулардын чыгармаларын, өзүлөрүнүн жаңы жазган ырларын талкуулашат. Кээде кызыл чеке болуп талашып да кетишет. Арасында Чыныбай, Ороз, Мурат, Калык, Эрмек, Мирбек, Мамасали, Маматсавырлар бар. Чыныбай Нарындын  Жан-Булак деген айылынан болоорун, «Эдельвейс» аттуу комсомолдук жаштар бригадасы уюшулуп, атагы Союзга тараганын, анда иштеген бригада мүчөлөрү, айылынын мыкты адамдары жөнүндө сыймыктануу менен айтып берчү.

Айыл чарба жумуштары аяктап, университеттин студенти болуп окуп калдык. Чыныбай кышкы сессияны жалаң «5»ке тапшырды. «Алтын бешик» жатаканасында жашайбыз. Романтикалуу студенттик күндөр зымырап өтүп жатты. Чыныбай фотоаппараты менен бизди сүрөткө тартып, кечкисин бир бөлмөгө кирип алып сүрөт чыгарат, ырларды жазып, түн болсо да бизге окуп берет. Кээде мактап, көчүрүп алабыз, кээде тамашага чалып, сындап киребиз. Айтор, кызыктуу күндөр зымырап өтүп жатты. Чыныбай кечкисин Фрунзе шаарындагы биздин жатаканага жакын жерде жайгашкан бир фабрикага күзөтчү болуп орношуп, эки, үч күндө бирден барып, кечкисин иштеп жүрдү.

Биз барып калганда өзү олтурган чакан будкада дайыма сабакка даярданып, кээде ырлар жазып жатканын көрчүбүз. Ак көңүл болчу, эмнеге келгенибизди дароо эле сезээр эле, каткырып күлүп: «Силердин алдыңарда Замир менен Баргыбай да келип кетишкен», – деп чөнтөгүн аңтарып, бизге да өз үлүшүбүздү карматаар эле.

Университетти аяктадык, Чыкем кызыл дипломдун ээси болду. Дипломубузду көтөрүп алып, ромбикти төшкө тагынып, туш-тарапка тарадык. Чыныбай аспирантурада калды. Биз, курсташтар, Чыкемдин студент кезде эле көздөгөн максатына жетиш үчүн талбай эмгектенген иштермандыгын, аракетчилдигин, өтө зиректигин сезээр элек. Ал келечекте сөзсүз кыргыз элине таанымал чыгаан адис болооруна терең ишенчүбүз.

Мен туулуп-өскөн Ак-Талаа районуна барып, А.Турдакунов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштей баштадым.

Беш жыл Фрунзеде окуп жүрүп, шаарга көнө түшүптүрмүн, студенттик күндөрүмдү сагынып курсташтарым оюмдан кетпей каникулда дароо эле автобуска түшүп алып жөнөдүм.

Күздүн күнү болучу. Көчөдөн капысынан Муратты жолуктуруп калдым.

Ал да каникулга чыгаары менен шаарга сызыптыр. Сөзүбүз бүтчүдөй эмес. Кубанды издеп таап, андан Чыныбайдын үйүн издеп жөнөдүк. Чыныбайдын Нуржанга үйлөнгөнүн укканбыз. Аспиранттар жашаган үй-бүлөлүк жатаканадан сураштырып таптык. Чыкем Нуржан менен тааныштырды. Абдан ачык, акылдуу, бетке айтып, тарс-тарс сүйлөгөн Нуржан баарыбызга жакты.

Студенттик кездердеги окуялардан айтып, каткырып күлүп, жыргап олтурдук. Чыкемдин талантын, мыкты окугандыгын айтып, атүгүл жатка билген ырларынан да окуй калып жаттык. Нуржан чогуу олтуруп, бизге жакшылап чай берип, «бул ырларын мага айткан эмес эле» деп бизге кошулуп күлүп калат.

Чыныбай аспирантураны аяктап, бачым эле кандидаттыгын жактады.

Кыргыз мамлекеттик университетине мугалим болуп орношту. Тез эле декандын орун басарлыгына көтөрүлдү.

Арадан жылдар билинбей зымырап өтүп жатты. Мен комунисттик партиянын катарына өтүп, партиянын Ак-Талаа районунда инструктор, кийин союз тараганда райондук, областтык админстрацияларда жооптуу кызматтарды аркалап жүрдүм.

Чыныбай биз ойлогондон да жогорку деңгээлдеги чыгаан ишкер, чыгаан саясатчы жана мыкты акын болуп бүткүл кыргыз элине таанылды, бизди сыймыкка бөлөдү.

***Чыныбай Турсунбековдун эскерүүсүнөн:***

«Аспирантурага тапшыргандан кийин эки жылда кандидаттыгымды жаздым. Ал кезде кыргыз адабияты боюнча да диссертацияны орусча жазчу элек. Жу-

байым Нуржан орус тили жана адабияты мугалими болгондуктан, жазгандарымды бүтүн текшерип чыгат. Кандидаттыгымды жактап жатканымда Улуттук университеттин адабият кафедрасынын ошол кездеги башчысы Качкынбай Артыкбаевге жаккан окшойм. Ал кишинин чакыруусу менен университетке окутуучу болуп кирдим. Үч жыл ичинде декандын орун басарлыгына чейин жеттим. Эки поэзия жыйнагын чыгардым, СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, СССР Журналисттер союзунун мүчөсү болдум. Докторлук диссертациямды коргоо планым бар болчу. Бирок, СССРдин кыйрашы менен көп нерсе өзгөрдү».


**Айбек Мусаев**

КТРКнын башкы жетекчисинин орунбасары


## ЧЫКЕ... АГАЙ

*«Бул дүйнө кептерканадыр,*
*Бири учса – бири келип конодур...»* А.Навои

Ар бир адамдын өзүнчө жалгыздыгы бар. Ал жалгыздык топураган көпчүлүк менен толуп турса да, жалгыз бойдон калат экен. Жалгыздыктын сүртүмдөрүнөн көптү көрүп, кыйынчылыкты баштан өткөргөн инсан гана өз алдынча эркин ой жүгүртүп, коомдун өзгөрүшүнө, жаңы доордун түптөлүшүнө, ошол өзү эмгектенген системаны жаңы нукка буруга дитин коёт. Аларды ар дайым, өтө амалкөйлөр менен митаамдар пайдаланып кетип жүрөт. Ойлонуп, толгонуп – тоо ашса да, баштан өткөн күндөр ой-бойго койбой келе берет. Ошондон улам жаңыдан жаңы баскыч куроого, бардыгын кайра баштан – жаңы башат кылып баштоого, изденүүгө түр-

төт. Өткөндөгү жалгыз калган күндөр – алдыга гана сүрөп, жаңы ийгилик жаратууга салым кошо алат.

Далай суулар агып, мезгилдер өтүп доор алмашып, ал гана эмес килтейген мамлекет жок болуп кете берет тура. Ага карабай турмуштун агымы менен агып, Ала-Тоого тең келгибиз келсе да, бир жагы кемий берет. Кемигенден өксүк тартып, өңдөр өчүп, керсарыланып, өзүңө-өзүң толбой, балалыкта аткара албай калган кыялдар эсиңе келет. Ал кыялдар менен жашоо «утопия» десек – чыныгы жашоонун маңызын ушул кыял менен издеп тапса болот экен го. Ошондой кыялдар менен жашап, бир заматта ийгиликтин «жүз жылдык» ачкычтарын тапкандарыбыз да арбын. Ал ийгилик сырынын ачкычы колго тийиш үчүн балалык кыялдардагы айрым сезимдер ойгонуп, алдыны көздөй сүзүп, тоо томкорууга жетишүү зарылдыгын көксөйт экенбиз. Ага кайсы бир шарттуу окуялар, аң-сезимдүү кылган ишибиз өбөлгө боло алат экен. Мунун учугун чубап түшүндүрүүгө аракеттенейин:

Мына ушул учук – Г.Маркестин «Жалгыздыктын жүз жылы» романында адамзаттын толуп турган учурундагы эрдиктери, кылган иштери, коомдун – экономиканын көтөрүлүшү, ар бир жалгыздыктагы адамдардын жараткан ийгиликтери сыяктуу. Көз өткөндөн кийин ийгиликтин сырлары, жалгыздыгы, өзү менен өзү калат деген түшүнүк. Ким кайда барбасын, кыйналып ийгилик жаратпасын – алдыда жалгыздык күтөт экен. Ошол жалгыздыктардын ичинде көптөгөн залкарларыбыз жүрүп, көптөрүнүн көзү өттү. Бирок кимдин ичинде эмне калып, эмне кетти? Аны эч ким, эч качан билбейт. Г.Маркестей кайра тизмектеп, мистикалык образ жаратуу менен көркөм дүйнөгө салсак да агайыбыздын жандуу дүйнөсүн кайра тургуза ал-

байбыз. Бир гана Жаратканыбыз өз кучагына алып, аны биз көргөндөй көрүп, жалгыздыкта сүйлөшө алат.

Ушундай тыным албай «60 жыл жалгыздык кайыгында сүзгөн», ичинде өз чындыгы бар инсандарыбыздын бири Чыныбай Турсунбеков же «Чыке агай» эле. Балалык кыялындагы эңсегенине жетти. Жашоодо жан дүйнөсүндө катылган сыр-муңун эч кимге айтпай, аны даңазалап, жар салбай; «жалгыз кайыкка жүктөп, өзү менен кошо, көрүнгүс туңгуюкка же бейиш төрүнө артынып» кетти окшойт. Бирок, бирок... жалпы коомчулукту өксүккө салды. Аны менен бирге үзөңгүлөш жүргөн достору, жакындары, теңтуштары, илимий – окутуучулук жааттагы, ишкерлик жана саясий санаалаштары көп эле. Алардын бирине да «жалгыздык ырын ырдап» берген жок. Алар аны укса ырына түк ишене алышмак эмес...

Ошондой болсо да, «Чыке агайбыздын» студенттери анын алгачкы ийгиликтерин, жалгыздыгын биринчилерден болуп көрүп, туйганбыз. Бул биздин студенттик турмуштагы нагыз чындык башаты эле.

Адамды тирүүсүндө мактабай, көзү өткөндөн кийин мактап, актайбыз деген түшүнүккө туура келбейт. КМУнун прогрессивдүүлүгү, алга жылуусу ушул студенттеринде. «Чыке агайбыз» КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин кызыл диплом менен аяктаган студенттеринин бири. Өтө прогрессивдүү, алдыга умутулган, жоктон барды тапкан, рационалдуу ой жүгүрткөн мыкты устатыбыз болчу. Аны менен алгачкы тааныштыгым, өткөн кылымдын 1980-жылдардын аягына туш келет. Ошол учурда Улуттук илимдер академиясынан кандидаттык диссертациясын жактап, өзүнүн билим уясы болгон КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин адабият кафедрасына окутуучу болуп кызматка келген эле. Ал эми

биздин жаштыктын гүлдөп турган мезгили. Илимге-билимге суусап, биринин артынан бирин кубалап окуп, адабий көркөмдүктү салыштырып, мугалимдердин кимиси мыкты экендигин талдап жүргөн чак.

Мыктылардын мыктысына профессор, доцент окумуштуу агайларыбызды бири-бирине салыштырган күндөр эле. Ошондой мыктылардын арасында К.Сартпаев, Ж.Муканбаев, З.Бектенов, Б.Алымов, К.Дыйканов, К.Артыкбаев, Б.Үмөталиева, А.Жапаров, С. Бегалиев, Ү.Асаналиев, К.Иманалиев, А.Садыков, С Иманалиев, А.Сапарбаев, Л.Үкүбаева, К.Байжигитов, Н.Ишекеев сыяктуу агай-эжейлерибиз кирчү. Андан кийин орто жашка эми жетейин деп турган агай-эжелерибиз бар эле. Жаңы келген окутуучулардын дымагын бат эле чыгарчу элек. Айрымдары лекция окууда жалтактап, студенттердин ой жүгүртүүлөрүнө толук кандуу жооп бере аламбы деген санаа менен жашап, жаңычылдык – изденүү артында жүргөндөрүн байкачубуз.

«Чыке агайыбыз» биз менен бат эле тил табышып, биздин жүрөгүбүздөн түнөк тапкан мугалимдердин бири болду. Коомдогу тазалануу, жаңы мамлекеттин түптөлүшү, алгачкы реформалардын калыптанышы так ушул билим берүүдөн башталды. Агай-эжейлердин мурдагы калыптанган лекциялары жаңы адабий чындыктар менен коошпой калып, айрымдары менен кер-мур айтышкан учурларыбыз да болгон. Ошол жаңычылдык советтик адабий идеологиянын толук аякташына, жаңы кыргыз адабиятынын программасын киргизүүгө негиз болду. «Чыке агайыбыз» кыргыз совет адабиятынын тарыхынан лекция жана атайын курс окуу менен баштаган. Буга чейин биз лекторлордун ичинен Бектурсун Алымовдун лекциясын эң мыкты, чыныгы педагог катары баалап келсек, эми жаш окумуштуу

агайыбыз да дал ушундай мыкты чебер экенин байкадык. Айрыкча поэзияны талдоодо, акындардын көркөм чеберчиликтеги колдонгон багыттарын ачыктап, ырларын жатка көркөм окуп салыштырып, көөнөргүс таланттардын – биз билбеген тагдырларын кошо ачкан учурлары болгон. Анткени, адабий практикада, программада ар бир акындын, жазуучулардын бизге белгисиз жашоо-турмушун ачыктоого билим берүү саясаты жол берчү эмес. Ал эми агай, аны бизге чыныгы поэзиянын маңызы, чыгарманын мыктылыгы, алар басып өткөн «жалгыздык» менен байланышканын так, даана ачып берчү. Кайсы жазуучу, акындын идеологиялык басымга кабылганын, советтик коомдон тажап, өзүнүн жан дүйнөсүндөгү чыгарманы жарата албай калгандыгы тууралу баяндары биздин аң-сезимибизге бүлүк салды. Анткени, мындай маалыматтар мектеп программасында камтылган эмес. Ушунун бардыгы келечектеги филологдордун изилдөөлөрүнө муктаж экендигин көп айтар эле. Тарыхтагы айрым өксүктөр, элдик оозеки чыгармачылыктагы бийик философияларды чагылдыруу, аларды талдоо жаата идеологиянын курмандыгы катары каралгандыгын ачыктап, айрым эпостордун советтик түзүлүштүн форматына ылайыкталып жазылып, редакциялангандыгын көптөгөн мисалдар менен далилдөөчү.

Көрсө, агайыбыз алдыдагы жаңы жылышты жайылтууну, коомдук аң-сезимди өстүрүүнүн негизги булагын бизге кулак кагыш кылып турган экен. Илимдин аркасынан түшүп жүргөн агайбыз, Кыргыз мамлекетинин өз алдынчалыгы анын адабияты менен тарыхында тургандыгын анык билип, ошол мезгилди күткөн. Ал мезгилди болсо жаш прогрессивдүү күчтөрдүн мыкты даярдалышынан, эрктеринин майтарылгыстыгынан

көргөн. Чын жаңы саясат, жаңы экономика, жаңы тарых, жаңы адабият эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып башталды.

Биз агайыбыз айткан залкарлардын тагдырлары, жашоосу, көргөн кордуктары тууралуу айрым макалалар, адабий баяндар чыга баштагандан тартып кеңири тааныша баштадык. Билим берүүдөгү билинбеген советтик коррупциялык элементтерге каршы күрөш, алгач ушул биздин факультеттин студенттеринин толкундоосунан башталды. Анын башында студенттер менен бирге «Чыныбай агайыбыз» туруп, толкундоо жаш окутуучу – мугалимдердин да колдоосуна ээ болгон. Мындай толкундоолордун башаты СССРдин кыйроо алдында турушунда болуп, прогрессивдүү жаңы күчтөр, жаштар, айрыкча ЖОЖдордун студенттери менен түздөн-түз иштешип, саясий аң-сезимдерин ойгото баштаганда – жогорку бийликтин студенттерге чара көрүү, коркутуу жолдорун пайдаланууда негиз болду көрүнөт. Анткени жатаканаларда саясий лидерлер, студенттер менен байма-бай жолугушуп, жаңы мамлекет түзүү идеясын көтөрүп баштешкан. Ошондон улам жатаканаларга текшерүүлөр күчөп, жолугушууларды өткөрбөөгө, аларга бөгөт коюу маселелери каралган.

Жаш мугалимдер күнү-түнү жатаканаларды көзөмөлдөө иштерин жүргүзүшүп, бирок студенттердин ой-сезимдерине саясий багыт берип, ушул туура деген пикирлешүүлөрүбүз да болгон эле. Ошо мезгил – эгемендүүлүк орногондон кийин жалпы ЖОЖдордо жаңылануусун талап кыла баштады. Саясий багыттарды бир-эки жылдын ичинде үйрөнгөн студенттер – ЖОЖдун жетекчиликтерине талап коюуга өтүштү. Эски ыкмадан чыкпай иштеген жетекчилерди четтетүү боюнча кайрылуулары мезгилдүү оппозициялык маанайдагы

газеталарга басылып чыгып, ЖОЖдордун жетекчилеринин үшүн алган. Студенттер менен эсептешүүдө жана алардын талабын орундатууда жаш окутуучулардын эмгектери зор болду. Мына ушундай эволюциялык жүрүштөрдө «Чыке агайыбыз» сап башында турду. Бул студенттердин талабы орундалып, факультетибизге жаңы жаш кадрлар жетекчи болуп келишти. «Чыке агайыбыз» декандын орун басары болуп бекиди. Бирок, студенттердин бул кубанычы көпкө узаган жок. Анткени, көп иш жасаганга аракет кылып, айрымдарын жасады, айрым ойлорун аткарууга жетишпеди. Бир жылга жакын иштеп, өз каалоосу менен кызматын өткөрүп басып кетти. Балким, ошол кездеги кадыр-барктуу аксакал окутуучуларыбыздын кодулоосу анын кетишине негиз болгон көрүнөт. Ошондуктан мага жалгызыдыктын сапарына, ой-толгоосуна аттангандай туюлчу. Ал жалгыздыкты эч кимге билдирген жок. Болгону университет, Түштүк-2деги бир бөлмөлүү үйдүн ортосунда гана жалгыздыктын түйшүгүн тартты. Демократ болуп, студенттерди коргогонуна эч бир өкүнгөн жок. Анткени, анын өз чындыгы гана бар эле. Ал чындык эртеби-кечпи, кайра жанып, жанар тоодой атыларына ишеним күч эле. «Көздүү мончок жерде калбайт» деген ишеничи бекем болчу.

Агайыбыздын жалгыздыктан чыгуусуна ошол кездеги министр Чынара Жакыпова түрткү болду көрүнөт. Аз убакыт өтпөй Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү болуп дайындалды. Жан дили менен иштеген, өтө билимдүү, рационалдуу ой жүгүрткөн агайыбыздын кайрадан жаңы кызматка дайындалышы бизди кубандырды. Агай ошону менен алыска сапар тартып кетти. Биздин кездешүүлөрүбүз азайып, айрым ой бөлүшүүлөрүбүз токтоду. Сапардан келген сайын жолугуп, өткөн-кеткенди сүйлөшүп, акыбал сурашып,

жасап жаткан жаңы эмгектерин шардана кылып айтып берээр эле. «Силердин ийгиликтер алдыда, окугула, илим жактоону унутпагыла! Мен силер менен» дечү! Мекенге келгенден кийин ишкерликти аркалап, чоң ийгиликтерди жаратты. Ал коомчулуктун көз алдында турду. Ишкерлик «Чыке агайыбызды» саясатка жетелеп кетти. Саясатта да билим-илим аны математикалык эсептер сыяктуу тынымсыз ээрчип алды. Кыргыз тилин өнүктүрүүгө кошкон салымы баа жеткис болду. Бирок, саясат аны дагы жалгыздыкта калтыруу планын түзүп, алтын балык кармоого түртүп, душмандарын кайра көбөйтүп алды. Айрым амалкөй, эки жүздүүлөрдөн дагы деле арыла алган жок.

Г.Маркестин – адам дүйнөсүндөгү жашоо – жомоктогудай болсо дагы, ар бир адамдын алдындагы түйшүгү жалгыздыгы, анын жасаган ийгиликтерин алга жылдырып, урпактары улантып кетээринде турат. Жалгыздыктын жалгыз көтөргөн ийгиликтери 100 жыл болсо да жемишин берет. Майтарылбас эрктүү – намыска бек, адамгерчиликтүү «Чыке агайыбыз» дайым биз менен бирге болот.

**Лайли Үкүбаева**
филология илимдеринин доктору, профессор.

## ЧЫНЫБАЙ – МЕНИН ЭҢ СҮЙҮКТҮҮ СТУДЕНТИМ

Чыныбай Турсунбековду мен Кыргыз мамлекеттик университетинде (ал кезде университет ушинтип аталчу) окутуучу болуп иштеп жүргөн мезгилимде окутуп калгам. Тырсылдаган тың, кара тоголок бала эле. Сабактарын жакшы окуган алдыңкы студентим катары

эсимде калган. Окуусун бүткөндөн кийин КРУИАнын аспирантурасына өтүп окуп, филология илиминин доктору, профессор Абдыкадыр Садыков агайдын жетекчилигинде «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катышын чагылдырган чыгармадагы конфликт жана каарман проблемасы» деген темадагы кандидаттык диссертациясын мөөнөтүндө жазып бүтүп, 1988-жылы филология илимдеринин кандидаты деген илимий даража алган. Менимче, Чыныбай кандидаттыгын алгандан кийин бат эле КМУнун кыргыз адабияты кафедрасында окутуучулук ишке орношуп, иштеп калды. Мына ушул кафедрада кыйла мезгил бою бирге иштешкенибиз Чыныбай экөөбүздү жакындаштырды.

Ал кезде университеттин адабият кафедрасы абдан күчтүү эле. Кафедранын башчысы филология илиминин доктору, профессор К. Артыкбаев болгон. Кафедрада филология илиминин кандидаттары, доценттер Сапарбек Закиров, Тамара Чотбаева, Абдыкерим Абдразаков, мен, филология илиминин кандидаттары, ага окутуучулар Калыбек Байжигитов, Суусар Искендерова, филология илиминин кандидаты, окутуучу Чыныбай Турсунбековдор иштечүбүз. Мария Николаевна Фахрутдинова деген лаборант эжебиз бар эле.

Жаш, али тажрыйбасыз экендигине карабай Чыныбай тез эле окутуучулук ишмердүүлүктү өздөштүрүп кетти. Студенттер менен жан дүйнөсү жакын болду, алардын сый-урматына бат эле жетишти. Каардуу, талапты катуу койгон кафедра башчыбыздын сыноолорунан ийгиликтүү өтүп, бардыгына чыдап, факультеттин коллективине да тез эле алынды. Чыныбайдын эң башкы артыкчылыгы – билимдүүлүгү эле. Кафедрада кайсы сабак бөлүнбөсүн, тез эле өздөштүрүп, даярданып, студенттерге жогорку илимий-теориялык деңгээлде

кызыктуу лекцияларды өтчү. Анын үстүнө, ошол кезде эле поэзия дүйнөсүнө арбалып, ыр жазуу түйшүгүн да тартып жүрчү. Факультеттин жетекчилиги Чыныбайдын тирикарактыгын, ишке жоопкерчилигин тез эле байкап, факультеттин деканынын орун басарлыгына да шайлады. Качан көрсөм, Чыныбай иш, түйшүк үстүндө жүрөр эле, бир туруп студенттер менен чогулуш өткөрүп жатса, бир туруп №5-жатаканадагы тартип, тазалыкты текшерип жүргөнүн көрөр элем. Айтор, Чыныбай ак эмгеги менен жаш болсо да жалпы жамаатта чоң аброй алууга жетишти.

Кафедрада ишке жана башка маселелерге байланыштуу ар кандай кырдаалдар түзүлүп калган учурлар көп эле боло турган. Айрыкча улуу муундар, бөтөнчө Качкынбай агай кез-кези менен колундагы бийлиги, авторитетине таянып, кээде калыстыктан тайып, жаштарды бейкүнөө «ныгыра» койчу. Мындай учурда мен ортого түшө калып, бетке чапма кыялым менен Качкынбай агайга каш кайрып, Чыныбайды, кээде кафедрадагы менден кийинки жаштарды деле «алааматтан» сактап калган учурум көп эле болду. Мындай күндөрү Чыныбай жаш балача сүйүнүп, мага ыраазычылыгын кантип билдирээрин билбей жадырап-жайнап калаар эле. Ушундай учурлар дагы бизди ого бетер жакындаштырып салды көрүнөт. Биз ар кыл маселе боюнча пикир алышып, сырдаш-курдаш болуп кеттик. Ал учурда азыркыдай чөнтөк телефон жок. Кечинде үйгө келгенимде да кайсы убак болбосун мага телефон чалып, болгон сөздөрдү канча убакка дейре сүйлөшө берээр элек. Мага телефон чалып көпкө сүйлөшкөн экинчи – адам азыркы академик Абдылдажан Акматалиев болор эле (аны да мен 5-курста окутуп калып, пикирлеш студентим болуп калган). Чыныбай менен Мелис чалганда

мен баардык жумушумду токтотуп (тамак ичип жатсак да), көпкө сүйлөшө берээр элек. Муну байкаган улуу кызым Жыпар: «Апам абысындары менен сүйлөшүп жатат, эми бизге бошобойт» деп, мени ар дайым тамашалай бергени эсимде.

Ал кезде Чыныбай менен Нуржан үйлөнүп, академиядан алган бир бөлмөлүү квартирада Түштүк-2 кичирайонунда турушчу. Кыздары, балдары ошол жерде төрөлгөн. Жаштардын көңүлүн көтөрүп, колдоо көрсөтүп коёлу деп, биз менен бирге иштешкен Суусар Искендерова экөөбүз жакшылыктарын тең бөлүшүү үчүн балдарын көрүп барчубуз. Чыныбай ар бир баласына маңдайы жарыла сүйүнүп, «Кыздарымдын атын өзүмдүн атыма уйкаш болсун деп Бегимай, Айдай койдум, уулумдун атын болсо Нуржандыкына уйкаш кылып Эржан деп койдум» – деп бапырап, өзүнө гана жарашкан жагымдуу күлкүсү менен кубанычын бөлүшөр эле. Дайыма Нуржанга жакшы жар, балдарына сүйүктүү ата болууга түйшүктөнүп жүргөнүн байкап, ичибиз жылычу.

Азыр эстесем, чогуу иштеп жүргөн мезгилде эстен кеткис эң сонун күндөрдү көп эле өткөргөн экенбиз. Бардыгы тууралуу айтып бүткөрүш мүмкүн эместей.

Ошондой унутулгус учурлардын бири – студенттердин фольклордук практикасына жетекчилик кылып, фольклор жыйноо үчүн республиканын ар кандай райондоруна кеткен студенттерибиздин артынан барып, эл арасынан фольклор жыйнаган күндөр боло турган. Бир жолку мындай сапарыбызда фольклорист агайыбыз Сапарбек Закиров, Суусар Искендерова, мен анан Чыныбай болуп Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаага сапарга чыктык. Сапарбек агайыбыздын «Нива» машинасын бир студентибизге айдатып алганбыз. Жол узак,

«узун жолду кыскартышыбыз» керек. Сапарбек агай бизден көп улуу болгону менен, улуулугун билгизбей, ар кандай тамаша сөздөрүн, санжыра-кептерин айтып, бизди эркин алып жүрчү. Машинада жүрүп, эки-экиден жигит, кыз болуп төртөөбүз ыр ырдап, ага жооп берип айтышабыз. Кээде тамашалуу ырлар да чыгып кетет. Ошондогу Чыныбайдын туптунук боору эзилген күлкүсүчү! Аны угуунун, анын ошол кездеги балалык физиономиясын көрүүнүн өзү биз үчүн рахат болгон.

Кайсы жерге барбайлы, студенттерибиздин ата-энелери дасторконун жайышып күтүп турушкан болот. Ар кандай үй-бүлө, ар кыл мүнөздөгү адамдарга жолугабыз.

Кайсы үйгө барбайлы, Чыныбайга сөз тийгенде эле: «Атаң барда – эл тааны, атың барда – жер тааны» дегендей, Сапарбек агайды ата кылып, анын машинасын ат кылып минип жер кыдырып, эл таанып келе жатабыз» деп баштайт, Суусар экөөбүз күлүп «жыгылып» калабыз.

Ошондо Нарындын Жан-Булак айылына, Чыныбайдын айылына да барганбыз, Чыныбайдын үйүндө болуп апасынын колунан чай ичип, агасынын сыйын көргөнбүз. Азыр ысымы эсимде жок, айылдын бир кадырлуу (мурда актив болуп иштеп жүргөн адам экен) карыясы Сапарбек агайдын айылына келгенин угуп, сөзүн угайын деп (мурда Сапарбек Закировдун эмгектери менен тааныш болсо керек), бизди үйүнө мейманга чакырып алды. Абдан көптү билген, көптү көргөн карыя экен. «Биздин Жан-Булактан жогорку окуу жайга окуган балдар дээрлик жокко эсе. Менин тиги балам окуду» – деп, биз менен олтурган уулун көрсөттү (ал жигит айыл башчысы болсо керек эле). Анан эле ушул Чыныбай окуп жүрөт, Чыныбайдан күткөн үмүтүбүз

чоң» деди. Чынын айтсам, бул фактыга мен абдан таң калып калдым, анткени ал кезде биздин айылдан ЖОЖдорду бүткөн, окушкандар көп эле.

Чыныбай кийин чындап эле айылынын күткөн үмүтүн актаган эр-азамат болду. Айыл гана эмес, ак эмгеги менен эл баккан, Ата Журтуна опол тоодой кызмат кылган эл уулу болду.

Чыныбай ичкиликти такыр оозуна алчу эмес. Ат-Башыга бардык. Калганыбыз бир студенттин үйүндө калып, Чыныбайды «балдарды кыдырып кел» деп айылга жибердик. Ал күнү да бизди бир ата-эне конок кылмак. Күтүп жатабыз, күтүп жатабыз, кеткен Чыныбайыбыздан кабар жок. Же азыркыдай чөнтөк телефонубуз болсочу. Акыры өзүбүз чыгып, баягы бизди чакырган студентибиздин үйүнө келсек, Чыныбайыбыз керилип уктап жатат. Көрсө, Чыныбай келгенде, бизди да бул жакка келишет дешип үй ээлери Чыныбайды кетиришпей, анын ичпейм дегенине болбой Ат-Башынын кордолгон бозосунан бир чай чыны жуткуруп коюшкан экен, Чыныбайыбыз ошондон «аут» кетип, эс-учун жыйбай жатып калыптыр. Анын бул окуясын эч унутпай көпкө тамашалап жүрдүк, өзү да эстегенде биз менен чогуу жыргап күлүп калчу.

М. Горбачёвдун «кайра куруу», «жаңылануу» деген доору кирип келди аңгыча эле. Мурдагы тоталитардык, бюрократтык башкаруунун күнү бүтүп, жаңыча жашоо башталаарына чындап ишенип, кадимкидей дымак күтүп калдык. Анча-мынча чала сабат окутуучулар эми кетишсин, баштагыдай студенттерге халтура сабак бергенге болбойт! – деп оюбузду да ачык айта баштадык. Факультеттеги негативдүү деп эсептеген көрүнүштөрдү сындап дегеле болбойбуз. Мындай шартта Чыныбайга окшогон ак пейил, эр жүрөк жаштарыбыз факультет-

тин жыйналышында, Окумуштуулар Кеңешинде өз ойлорун жалтанбастан ачык айтууга өтүштү. Чыныбай алардын алдыңкы сабында болду.

Мурда деле факультеттин тарыхында болуп көрбөгөн деканды элдик, ачык шайлоо кампаниясы башталды. Кафедралардан кандидатуралар көрсөтүлдү. Чыныбай экөөбүз иштеген кыргыз адабияты кафедрасы да бир кандидатура көрсөтүшү керек экен. Кафедра башчыбыз Качкынбай Артыкбаев чогулушту чукул чакырып эле доцент Калыбек Байжигитовдун кандидатурасын сунуштап салды. Аны дароо эле С. Закиров, А. Абдразаковдор колдоп сөз сүйлөштү. Көрсө, булар менен мурда эле макулдашылып коюлган нерсе экен. Колго салаарда эле Чыныбай ордунан тура калып, «мен бул кандидатурага каршымын. К.Байжигитовдон улуу, тажырыйбалуу, студенттер абдан сүйүп, урматтаган доцент Лайли Үкүбаеваны эмнеге көрсөтпөйбүз? Мен эженин кандидатурасын К.Байжигитовго альтернативдүү сунуштайм» – деп турбаспы. Кафедраны бир топко оор тыныгуу басты. Чынында Чыныбайдын минтип айтарын мен да күтпөгөм, мени менен бир ооз да кеп кылган эмес. Мен шашып кетип, «Чыныбай, жок, мейли Калыбектин кандидатурасы эле кете берсин» дедим. Чыныбай кайра туруп, «жок, Лайли эжени факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасы бир добуштан декандыкка сунуштаптыр. Эмне үчүн өзүбүздүн кафедра сунуштабайт?» – деп маселени кабыргасынан коюп туруп алды. Колдорду санай келгенде К.Байжигитовдун кандидатурасын сунуштоо өтүп кетти. Мындай жосунду жасоо ал учурда, Качкынбай Артыкбаевдин күчтүү бийлиги турган маалда, өтө оор «кылмыш» эле. Чыныбайдын кафедранын эң кичүү кадры болуп туруп ушундай «кылмышка» барганы «дзоттун амбра-

зурасына» төшүн тосконго барабар эрдик эле. Кийин бул эр жүрөктүүлүгүнүн запкысын да жетекчиликтен көп эле көрүп калды.

Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүгүнө жетип, өз алдынча мамлекет катары башка мамлекеттер менен мамиле түзө баштаган алгачкы жылдары биринчилерден болуп Түркия мамлекети менен экономикалык, маданий, илим-билим тармагында алака-катыш башталганы баарына маалым. Мына ошол жылдары Билим берүү министрлигин жетектеген билимдүү, жаңыча ой жүгүртүп иш алып барууга жөндөмдүү министр Чолпон Жакыпова Чыныбайды Түркияга окууга жиберилген балдар-кыздарга баш-көз болуп министрликтин өкүлү катары иш алып барууга тандап калганын уктук. Чыныбай үй-бүлөсүн алып, Түркияга көчүп кетти. Бул мезгилдерде да биз кол үзүшкөн жокпуз. Түркияга конференцияларга барып калганыбызда Чыныбайлардын үйүндө болуп, иш-чараларда бирге жүрүп сонун күндөрдү өткөрдүк.

Айрыкча Түркияга азыркы академигибиз Абдылдажан Акматалиев демилгелеп өткөргөн «Айтматов жумалыгы» эстен кетпейт. Чыныбай ал кезде түрк тилин өздөштүрүп, өзүнө тагылган милдетти так аткарып, Кыргызстандын Түркиядагы элчиси, белгилүү кинорежиссер Төлөмүш Океевдин урматтоосуна татып калганы бизди кубандырды. Ошол эле учурда «Азаттык» радиосунун Түркиядагы кабарчысы катары да иштеп жүрүптүр.

Ошол күндөрү Ч. Айтматов менен бирге Түркияда көп эле суктанарлык күндөрдү өткөрдүк. Бардыгын айтып олтурууга мүмкүн болбосо да Чыныбайга байланыштуу бир-эки күлкүлүү окуяны эскере кетейин.

Чыңгыз Айтматов Люксембургдан келгиче биз кадыресе эле бир мейманканада жаттык. Агай келгенде

Анкарадагы тарыхый деп эсептелген эң баалуу «Анкара Палас» деген мейманканага, агайдын жанына бизди которушту.

Чыңгыз агай люкс номерде. Бир кечте агай жок, номери ачык турган. Чыныбай да үй-бүлөсү менен бизге келген. Анан эле күтүүсүздөн Чыныбай «Чыңгыз агай кандай төшөктө жатты экен, силер агайды карап тургула, мен чуркап кирип көрүп силерге айтып берейин» деп, «койсоңчу» дегенге үлгүргөнчө агайдын бөлмөсүнө шып кирип кетсе болобу. Баарыбыз күлүп, күтүп калдык. Чыныбай тез эле атып чыкты да, «шейшеби агайдын укмуш жибек экен!» деп башка көргөн-байкаганын да бизге жомоктоду. Анын бала кыялына чындап күлдүк. Эртеси Чыңгыз агайды Сулайман Демирэль кабыл алып, өзүнүн алтын медалын белек кылыптыр. Чыңгыз агай аны бизге көрсөтүп, жолукканын айтып жаткан. Бир убакта эле Чыныбай агайдын колунан алтын медалды сурап алып эле, бардыгыбызды тегеретип «алтын медалды» ырымдап өптүрүп чыкса болобу. Ал жерде Ырыс Бейбутова, Абдылдажан Акматалиев, Сыртпай Мусаев, Чыныбайдын жолдошу Нуржан, мен жана да өзбек кыздар бар болчу. Агай баш болуп Чыныбайдын бул изги кыялына боорубуз эзилгенче күлгөнбүз.

Кандай шарттан улам ал кызматынан кетти, так айта албайм. Чыныбай Түркияда (иштен бошоп калганда) бир канча жыл бою калды. Анан эле жылдардын бир жылында тегирмен салып түрктөр менен бир иш баштамай болдум деп келди. Сокулук районундагы Карл Маркс айылынан бир жер алыптыр. Айылдан апасын алып келип, бир туугандары менен ошол жерге «быссымылда» деп кой союп түлөө өткөрүп, ишкерлик кадамын таштады. Ошол түлөөгө ал кездеги эң жакын адамдары катары Мелис, Суусар, мен үй-бүлөбүз менен

катышып, али эч нерсе жок «актай» кырманда Чыныбайдын апасы, бир туугандары менен бирге ак батабызды бердик. Ошентип, кийин дүркүрөп эл баккан, Чыныбайды мыкты ишкер катары элге таанытып, андан аркы ийгиликтеринин пайдубалы болгон «Акун» фирмасы түптөлүп, ишке кирген.

Ошол ошол болду, Чыныбай эми колу такыр бошобогон иш адамы болуп кетти. Мындай чоң ишти баштоо, алдыга жылдыруу түйшүгү аны тап жылдырбай байлап алгансыды. Маал-маалы менен телефондон сүйлөшүп койгонубуз болбосо, баштагыдай тез-тез көрүшпөй калдык. Ар ким өз түйшүгү менен болду, заман да аңгыча миң өзгөрүп кетти.

Акаевдин тушунда бекен, бир жолку бир жолукканыбызда менин жолдошум Нурдинге «Кызык, байке, акчасы болсо эле акылдуу деп ойлойт окшойт, мени өкмөткө жогорку кызматтарга бир канча жолу чакырышты, барганым жок» – деп борсулдап күлдү. «Эмнеге барбайсың, сенден артыктар иштеп жатыптырбы? Сен билимдүүсүн, иштермансың, колуңан ишти мыкты аткаруу да келет, бара берсең болмок» дегеним эсимде.

Республикалык Ишкерлер бирдигинин жетекчиси болуп жүрүп элге таанылды, «Акун» фирмасын республикадагы көп тармактуу алдыңкы фирмалардын катарына кошту, айтор Чыныбайыбыздын «иши илгерилеп, ити чөп жей» баштаганда өкмөттөгү жетекчилер анын билимин, тажрыйбасын элдик ишке пайдаланалы дешти көрүнөт, адегенде бир партиянын катарына тартышып, андан ары өстүрүп олтуруп, Жогорку Кеңештин төрагалыгына жеткиришти. Бул мезгилде Чыныбай да төрт тарабынан келишип, «акыл азуусу» чыгып, республикадагы экинин бири болуп, эл башкарганга өзү да толук бышып жетилип, психологиялык, моралдык-нравалык жактан толук даяр болуп калган эле.

Ошондуктан ал кайсы гана иште иштебесин бардыгын абийирдүүлүк менен аткарды, эли-журтунун сүймөнчүлүгүнө ээ болду.

Чыныбайдын даражасы бийиктеген сайын биз андан улам алыстай бердик, майда барат, ыпыр-сыпыр иштерибиз менен анын убактысын алганыбыз жок. Иш сурап, жардам сурап ж.б. барбадык, аны чоң иштеринен алаксыткыбыз келбеди. Тек кана алыстан багып, ийгиликтерине кубанып, жакшылык гана каалап жүрдүк (биз дегеним Чыныбай, жаш кездеги пикирлеш, тилектеш адамдары академик Абдылдажан Акматалиев, мен анан доцент, КМУУда декан Ырыс Бейбутовалар).

Менин жолдошум Нурдиндин элдир-селдир жамактатып, бир нерсе шилтей коймою бар. Маал-маалы менен Чыныбай жөнүндө сүйлөшүп калганыбызда:

Акундун уулу Чыныбай,
Ичинде кир жок кымындай.
Азыр
Кругу башка Чыныбай,
Другу башка Чыныбай –

деп калчу бизди тамашалап...

**Суусар Искендерова**
филология илимдеринин доктору, профессор

## ЖАРКЫРАП КҮЙГӨН БИР ЖЫЛДЫЗ

Биз Чыныбай экөөбүз 1980-жылдардын орто ченинде азыркы Улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабияты кафедрасына окутуучу болгон күндөн таанышып, Чыныбайдын өмүрүнүн акырына чейин эже-ини болуп, кол үзүшкөн жокпуз.

Алгачкы таанышканда эле мотураңдаган, кичи пейил, элпек, ачык, шайыр, ичинде кири жок, акылы тетик бала экени көрүндү. 1988-жылы экөөбүз бир күндө адистештирилген Кеңештен адабият боюнча кандидаттык диссертациябызды коргодук. Ошентип, Чыкем «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман маселеси» деген темадагы кандидаттык диссертациясын филология илимдеринин доктору, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Абдыкадыр Садыков агайдын жетекчилиги менен коргоп, филология илимдеринин кандидаты даражасына ээ болгон.

Албетте, илим жазыш канчалык оор, түйшүктүү экенин өз башынан өткөргөн адамдар гана билет, илимий-теориялык эмгектерди окуп, анан фактылык материалдарды топтоп, андан кийин гана теориялык билиминди көркөм чыгарманы, текстти талдоого пайдаланасың. «Илим – ийне менен кудук казгандай» деп бекер айтылбаса керек. Чыныбай да мына ушул татаал жолду эмгекчилдиги жана көздөгөн максатына жетүү үчүн талыкпай иштеген көктүгү менен басып өткөн.

Биздин эже-ини катары жакындашуубуз да ушундан башталды, диссертацияны коргоо үчүн ага чейинки көп аракет, түйшүктөрдү бирге өткөрдүк, чогуу аракеттендик, анда диссертациялык Кеңештин мүчөлөрүнө Казакстандан да окумуштуулар, академиктер катышчу, аларды алып келип, кайра жеткириш керек эле, биз ынтымакташып аны да өткөрдүк. Академиктер Зейнулла Кабдулов, Заки Ахмедов агайлар келишип, экөөбүзгө негизги оппоненттер болуп беришти эле, азыр ал агайлар да жок, Абдыкадыр агай да Чыныбайдан аз эле мурда түбөлүк жайга кетти, жайында анын байбичеси каза болгондо барсак, агай Чыныбайга ыраазы болуп, келип кетти деп отурган эле.

2014-жылы «Жалын тоо» ырлар жыйнагынын ачылышында сүйлөгөн сөзүндө өзү айткандай, кичинесинен китепке, сөзгө жакын болуп өскөнү аны акындыкка, илим жолуна жетелеп келген экен, дагы бир сөз, ал котормочу да эле. Өмүрүндө Т.Кожомбердиевге окшогон зор таланттан кеп-кеңешин алуусу да чыгармачылыгына чоң түрткү берген болуш керек. Акын катары ырларында чыныгы турмуштагы адамдардын элеси аркылуу алардын эмгегин, жашоосун көркөм чагылдырып бере алганы байкалат. Ырларында дайыма чындык менен акыйкатсыздык катар жүрөрү кашкайып көрүнүп турат. Баарыбыз билген «Тушоо кесүү» ырындагы теңсиздик кайсы заманда болбосун, кездешээрине күбө болдук. Чыкем дагы ошол бала кездеги теңсиздик көңүлүндө калып калган экен, өз өмүрүнүн акырына чейин чынчыл, калыс болуп өттү, эч качан калп сүйлөчү эмес. Өрт алып жатса да чындыкты сүйлөйт эле, ошол сапаты өмүрүнүн аягына чейин сакталды.

Чыкем адамдын кадырына жете алган, барпаңдаган жөнөкөй, жупуну адам эле. Мейли ал бай болгондобу, белгилүү саясатчы болгондобу, баары бир баягы эле Чыныбай эле. Ар бир бала ата-эненин эмгегин акташы милдет эмеспи. Чыныбайдай болуп ата-эненин эмгегин актаган балдар аз эле болсо керек. Жогоруда сөз болгондой, адегенде ун чыгаруучу чакан фирма ачып, кийин талыкпаган аракеттери менен аны чоң концернге айландырды, натыйжада атасынын ысымына коюлган «Акун» менен чет өлкөлөргө чейин белгилүү болду. Жаңы ачылганда биз да кандай аракеттер менен ачылганына күбө болдук эле.

Союздун учурунда студенттерди ар кандай практикаларга алып барып, жеринде кошо жүрөр элек. Ошондой практикалардын бири – фольклордук практика эле.

Өткөн кылымдын 90-жылы 1-курсту аяктаган студенттер менен эки жумага Нарын областына алып барып калдык. Ошондо Чыныбайдын Жан-Булактагы үйүндө болуп, апасынын колунан да чай ичип калдык эле. Апасы балпайган, кудай берген берекелүү, маңдайы жарык, пейли кенен кыргыздын ак көңүл керемет байбичеси экен. Кийин ошол үйүнүн ордуна айылга бала бакча салып, атын апасынын атынан коюп бербедиби. Ата-энесинин арбагы ыраазы болду деп ойлойбуз.

«Апам» деген ырында:

«Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат»,–

деп өмүр бою апасынын жытын искеп, унутпай жүргөн экен.

Чыкем депутат, Жогорку Кеңеште спикер болгондо да эл үчүн далай мыйзамдарды кабыл алдырганы элдин эсинде. Алар жөнүндө кесиптештери кенен айтат деп ойлойм.

Чыныбайдын дагы бир бактысы – Нуржан деген жарга туш болгону. Нуржан ачык-айрым, тың, акылы терең, эстүү жан экен. Жакшы үй-бүлөдө чоңойгон, тарбия көргөн кыз тура. Кыргызда «Ата көргөн – ок куят, эне көргөн – тон бычат» дейт. Нуржан да Чыкемдин колуна – кол, бутуна – бут болуп, ал баштаган ойлорду, идеяларды ишке ашырууда талыкпай колдоп келди. Жакшынакай эки кыз, бир уулдун ата-энеси болушту, балдары да эстүү-акылдуу, эмгекчил болуп өсүштү.

**Назаркул Ишекеев**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер

## ТАГДЫР НАСЫЙКАТЫ

Бак-дөөлөтүбүз, ырыскы-берекебиз мелт-калт болуп, толуп-ташып турса да, өкүнүч-муңу жана арман-күйүтү – анын чеги бар. Баарын чыдап көтөргөн Жер-Эне менен бардыгына күбө болгон үстүбүздөгү Көк Асман гана түбөлүк чексиз. Анын учу-кыйырына жана мезгили менен мейкиндигине көз да, акыл да жетпейт.

Натуралдык философиянын өкүлдөрү адам өлбөйт, ал суугa, абага, өсүмдүккө, жан-жаныбарга айланып кетет дешет. Муну Чыңгыз Айтматов тарыхый эстутум концепциясында чечмелеген. Кылымдар бою көксөгөн азаттыктын, эркиндиктин даңазалуу да, драмалуу да, таптакыр бир-бирине окшобогон жылдары учкан куштай закымдоодо. Айтылуу акын Арстанбек айткандай, устаранын мизинде оодарылган оомал-төкмөл бул замандын күчтүү инсандарынын бири Чыныбай Турсунбековду эскерип, макала жазып калуу, ал студент кезде кимдин оюна келиптир. Айла жок. Асыресе, эскерип отурганыбыз бул – тарыхый эстутумдун салтанаты. Буга да шүгүрчүлүк дейли. Ал ириде кыргыз тили жана адабияты боюнча окутуучу, өлкөбүздөгү адабият таануу илиминин көрүнүктүү өкүлү, акын жана котормочу болгон. Инсандын калеминен көптөгөн илимий эмгектер жазылып, ырлар жыйнактары чыгып, котормолору жарык көрүп, айтор, улуттук рухий-маданий баалуулуктардын корун байыткандыгы талашсыз.

Эсимде. Август айынын аптаптуу күндөрү али жадымда катылуу. Аламүдүн районунун Биринчи май

совхозуна жаңы окууга өткөн студенттерди жумушка алып барып калдым. Ошол жерден тагдыр мени Чыныбай менен тааныштырды. Ал элетте чоңоюп, эмгекке тотуккан, мектепти медаль менен бүтүргөн улан экен. Анда студенттерди эмгекке тарбиялоо менен жарыш ар кандай маданий иш-чараларды уюштуруу аракеттери көп болор эле. Демилгелүү топ «Дүбүрт» деген дубал гезитин чыгарышты. Чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү менен алардын арасынан Чыныбай дароо эле баамга урунду. Ырларын дубал гезитине үзбөй чыгарып турду. Анын студент катары ишке болгон жоопкерчиликтүү жана демилгелүү мамилелери, чыгармачылыкка карата шугулдангандыгы, ак ниет, адамгерчиликтүү касиеттери айыл чарба жумушунда эле мага жылуу таасирлерди калтырбастан, устат-шакирт катары мамилелерибиздин пайдубалын бекемдеп, анын келечектүүлүгүнө зор күдөр-ишенимди жаратканын кийинчерээк баамдадым.

Окууну мыкты окуду. Адабий ийримдин активдүү мүчөсү болду. Студенттердин арасында лидерликке ийкемдүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн жана таланттуулугун көрсөтө алды. Жогорку курста жаш акын катары кадимкидей оозго алынып, окурмандарга таанылып, элге кадыресе белгилүү болуп калды. Окууну артыкчылык диплом менен бүткөрдү. Алгач, бир аз басма жаатында иштеп, аспирантурада окуп, илимий чөйрөгө ишенимдүү жана батыл-өткүр аралашты. Шаар поэзиясына арналган диссертациясын ийгиликтүү жана табылгалуу коргоп, илимий эмгегинин монографиясын орус тилинде чыгарды. Адабий чөйрөгө акын гана эмес, жөндөмдүү адабиятчы-окумуштуу катары нак таанымал болуп калган маалда, бир кезде өзү окуган факультетке окутуучулук кызматка келип орношту. Ошентип, кесиптеш болуп, айтылуу филфакта чогуу иштеп калдык.

Доор алмашып, система өзгөрүп, билим берүү тармагындагы заманбап реформалардын зарылдыгынын көйгөйлөрү дамамат айтылуу менен, курч коюлуп турган чак. Өзгөчө, Билим берүү жана илим министри Чынара Жакыпованын жылдызы жанып, анын кескин реформалары кызуу талкууланып, негизинен, эл арасында колдоо менен кубаттоо таап турган маал. Бөтөнчө, ЖОЖдорго өтүүдөгү коррупцияга каршы күрөш ата-энелердин, бүтүрүүчүлөрдүн, жалпы калктын ачык-айкын колдоосуна ээ болгон. Дал ушул өнөктүккө жаңычыл көз караштагылардын сабында Чыныбай экөөбүз да жигердүү үлүш-шыбагабызды коштук. Министрдин бул багыттагы тайманбас аракеттери, өз учурунда абдан натыйжалуу болду. Өлкөбүздүн булуң-бурчунан келген миңдеген бүтүрүүчүлөр каалаган жана тилеген окуу жайларына өз билимдери менен парасыз студент болуп калууга жетишишти. Министрдин чечкиндүү жана майтарылбас ишмердүүлүгү сайга кеткен жок, акыры өлкөбүздө жалпы республикалык тестирлөө (ОРТ-ЖРТ) долбоорунун киргизилишине жана бүгүнкү күндө да жемиштүү иштеп жатканына негиз болуп калды. Министрдин демилгелүү тобунда кызматташуунун натыйжасында, Чыныбай Турсунбеков Түркияга Кыргызстандын билим берүү боюнча өкүлү болуп жөнөтүлдү. Мага Америкага барып окуп келүү сунушталды, бирок докторлук диссертацияма байланыштуу сапарга чыга албадым.

Ырас, эркин ойлоо укугу – адамдын эң улуу артыкчылыгы. Дал ушул касиет анда бар эле. Буга айкын мисал, кайра куруунун, эркиндик менен азаттыктын шаң-шарапаты аркылуу кыргыз филология факультетинде да консервативдүү жана жаңычыл көз караштардын тымызын күрөшү жүрүп турган кезең. Бул,

айрыкча, декандык кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүдө жана шайлоонун жүрүшүндө даана байкалды. Сегиз талапкер ат салышты. Студенттер жамаатынын өкүлдөрү да добуш берүү укугуна ээ болуп калган учур. Жаштардын аракет-умтулууларын, мүдөө-максаттарын, каалоо-тилектерин, демилге-жигерин ар дайым колдогон жана «Жаш толкундар» адабий ийриминин жетекчиси катары алардын жаратмандык иштерине дамамат түрткү берип келген жаш окумуштуу Чыныбай Турсунбековдун улан-кыздардын арасында аброю оболоп, мартабасы марып тургандыгы шайлоодо чечкиндүү фактор болуп калды. Дегеним, студенттер Чыныбай сүрөгөн талапкерге тобу менен «куюлуп» кетти. Ошентип, шайлоодо жаштарды артынан ээрчитип, колдогон талапкерин декандык кызмат ордуна шайлатып кеткени али эсте.

Таланттуу педагог катары миңдеген жаштардын филологиялык билимин жогорулатып, таалим-тарбия берип, дүйнө таанымын өркүндөтүп, жалпы маданиятын көтөрүп, татыктуу адис катары калыптандырган. Айрыкча, студенттердин калканычы болууга, жаштардын көйгөйүн көкүрөгү менен сезип-туюуга, алардын ишеничин көтөрүп, кызыкчылыктарын көздүн карегиндей сактоого дилгир эле. Педагог катары айкындыкты, айкөлдүктү, боорукерликти жана кайрымдуулукту пир туткан касиети жадымда. Ар бир студентке ашкере сезимтал, кылдат мамиле кылып, алардын рухий-адептик деңгээлин оптимисттик мерчемде баалаганга маш болчу. Жаштарга жарыктын, жылуулуктун жана мээримдин нурун ар дайым төгүп турчу. Устаттын кадырлуу, белдүү ар бир сөзү студенттерге эм эле. Чыныбайдын окуу процессиндеги педагогикалык иш стилин жалпылаштырып, мекенчил, айкөлдүк менен гуманизмге каныккан педагогика дээр элем. Менимче, ту-

баса акыл маданияты болбой туруп, окумуштууда өйдөкүдөй нарк-насилдин болушу мүмкүн эмес.

Ошондой эле, доцент катары кыргыз адабияты боюнча обзордук, монографиялык жана проблемалуу лекцияларды илимий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык, психологиялык-методикалык жогорку деңгээлде окуу маданиятына жетишкендиги дилимди байыткан. Окумуштуу лекцияларында баяндалып жаткан маалыматтын жогорку илимий деңгээлин сактоого, айтылган билимдин далилдүүлүгү менен аныктыгын камсыз кылууга, мазмунду так, даана, ачык-айрым таржымалдоого, угуучулардын ой жүгүртүүсүн, таанып-билүү чабытын активдештирүүгө, студенттер менен байланыш түзүп, аудиториянын таасирленишин өркүндөтүүгө, базалык түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүүгө, алардын аныктамаларын, дефиницияларын берүүгө жетишкендигине далай ирет күбө болгом. Ал лекцияларын мүмкүн болушунча, академиялык өңүттө жана илимий-популярдуу мазмун-маңызда уюштурууга талбай аракеттенчү. Ошондуктан Чыныбай Турсунбековдун дарстары түшүнүктүү, ишенимдүү жана эмоционалдуу-экспрессивдүү таасир берүү сапатына ээ эле.

Ал эми дипломдук иштерди жаздырууда студенттердин билимдерин кеңейтүүгө, бышыктоого жана системалаштырууга, кесиптик билгичтиктери менен көндүмдөрүн өркүндөтүүгө өзгөчө маани берчү. Өйдөкү талаптар аркылуу студенттердин өз алдынча илимий-изилдөө билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өркүндөтүүнү тилек кылган жана бүтүрүүчүлөрдүн өз алдынча кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгынын деңгээлин текшерүүгө, аныктоого ак дилинен умтулгандыгы, анын иш-аракеттеринен таасын сезилип турчу.

Коомдук система өзгөрүп, билим берүүнүн методологиясы гносеологиялык, прогноз түзүүчүлүк, кайра түзүүчүлүк жана уюштуруучулук функциялары жаатынан кыйчалыш көйгөйлөргө тутукккан кезде, декандын орун басары кызматында мээнет кылып, кыргыз филологиясы боюнча билим берүү стандарттарына жана типтүү окуу пландарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү аркылуу окуу-методикалык комплекстердин жаңы муунун даярдоого орошон салым-үлүшүн кошуп кетти.

Ал педагогикалык ишмердүүлүгүндө билим берүү менен тарбиялоонун төмөнкү парадигмаларын ар дайым жетекчиликке алганын баамдагам. Биринчиден, өлкөбүздөгү билим берүүнүн жана тарбиялоонун максат-маанисин так жана айкын түшүнүп, ага чыгармачылык менен, үзгүлтүксүз изденүү, демилгелүү далалаттануу аркылуу мамиле кылган. Экинчиден, билим берүүнүн жана тарбиялоонун (акыл тарбиясы, көркөм-эстетикалык тарбиясы, мекенчилдик тарбиясы, эмгек тарбиясы ж.б.) мазмун-маңызын фундаменталдуу негизде өркүндөтүүгө ар дайым жана дамамат маани берген. Үчүнчүдөн, билим берүүнүн методикасы менен технологиясы ар качан инновациялык дөөлөткө, жаңычыл касиетке, майнаптуу сапатка ээ болуп турушуна үзгүлтүксүз жана тынымсыз умтулуп, жигердүү аракеттенген. Төртүнчүдөн, билим берүүнүн натыйжасын баалоодо академиялык чынчылдыкты тумарындай тутунган. Дал ушул өрнөктүү да, үңгүлүү да педагогдук, инсандык касиет-сапаттары аркылуу кесиптештеринин жана студенттердин арасында ал кадыр-баркка, сый-урматка ээ эле.

1993-жылдан баштап Түркияда бир топ жыл иштеди. Алгач өлкөбүздүн Билим берүү жана илим минист-

ринин ал жактагы өкүлү кызматын аркалады. Түрк тилин, алардын менталитетин, рухий-материалдык дүйнөсүн ичкериден үйрөнгөн кыргыз окумуштууларынын көч башында болду. Ал мезгилдеги орус-түрк дипломатиялык мамилелеринин оош-кыйыш жагдайларынан улам, Ч.Айтматов деле ал жакта кең-кесири жана шаан-шөкөттүү болбоптур. 1994-жылы Түрк мамлекети гениалдуу жазуучуну чакырып, төрт апта өлкө боюнча экскурсия уюштуруп, сейилдетип гана тим болбостон, эл менен айтылуу да, даңазалуу да кездешүүлөрдү байма-бай өткөргөн экен. Ошондо түрк тилин мыкты билген Чыныбай залкар сүрөткерге тилмечтик кылуу бакты-таалайына оролгон. Ушул процессте жалпы билим деңгээли мол, ой өрүшү кенен жана терең, өзгөчө адабий, маданий түшүнүгү жогору жаш тилмечке улуу жазуучу чексиз ыраазы болуп, «Турсунбеков табылгыс адис экен» деген. Акыл-дарамет көрөңгөсү, турмуштук тажрыйба-практикасы, адамдык нарк-насили, турпат-сыны менен дипломат экендигин, анын мындай кудурет-күчүн кыргыз мамлекети иштиктүү жана жигердүү пайдаланышы абдан зарурат экендигин Ч.Айтматов расмий чөйрөдө шардана кылганын өз оозунан эшиткеним бар.

Айтылуу «Манас» эпосун тектеш элге насыйкаттоодогу жана жайылтуудагы Чыныбайдын эмгеги да өтөлгөлүү. Эпостун 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын Түркиядагы бөлүмүнүн директору катары ал өлкөнүн ар кайсы чөлкөм-аймактарында ар кандай коомдук-маданий, илимий – тажрыйбалык иш-чараларды уюштурган, айрыкча, конференцияларды, форумдарды, симпозиумдарды өткөргөн. Кыргыз, түрк, орус тилдеринде түстүү шөкөттөлгөн көркөм маңыздуу тексттер менен жабдыл-

ган альбомду даярдаган авторлордун бири болгон. Ал «Манас-1000» деген аталыштагы лотерея даярдап, маарекени өткөрүү үчүн мамлекетке акча топтоп берген. Бул майрамга Түркиядан келген конок-меймандарды акысыз алып келгендигин да эскерип калчу.

Кийин жеке ишкердиги ийгиликтүү уланып, «Кыргыз ишкерлер биримдигинин» төрагасы болуп турганда «Кыргыз-Түрк ишкердик коомунун» теңтөрагасы катары да жигердүү иштеп, эки өлкөнүн саясий-экономикалык жана дипломатиялык алака-катышына, мамиле-байланышына кошкон салымы да олуттуу жана салмактуу.

Түркиядагы Намык Кемал Зейбек корунун тапшырмасы менен түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көк жалдардын өлүмү» даңазалуу романын кыргыз тилине которгон. Бул чыгарма азыр да китеп күйөрмандарынын арасында зор кызыгууну туудурган окумдуу котормо.

Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы кабыл алынган. Аталган Улуттук программанын башкы максаты – Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары мамлекеттик тилди толук жана кеңири колдонууну камсыз кылган натыйжалуу тил саясатын куруу аркылуу эне тилин, мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдерди эркин билген өлкөбүздүн көп тилдүү жаңы муунун өстүрүү көрсөтүлгөн. Аталган Улуттук программаны аткарууну көзөмөлдөөчү атайын топ өлкөнүн Президентинин Жарлыгы менен бекитилген. Топтун төрагасы, фракциянын башчысы Чыныбай Турсунбеков болчу. Бул топтун көзөмөлдөөсү менен Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияда, Билим

берүү жана илим министрлигинде, Маданият жана маалымат министрлигинде, Улуттук илимдер академиясында жана Башталгыч кесиптик билим берүү департаментинде кыйла иштер бүткөрүлдү. Өкмөттүн токтому менен бекитилген финансылоо индикаторунда да каржылоо боюнча өзгөчө проблемалар жаралган жок. Себеби, көзөмөлдөөчү топ каржылоо маселесине тыкыр көз салып, көйгөйлөр пайда болсо, аларды атайын жыйындарда карап, тилдин пайдасы үчүн чечип берип турчу. Көзөмөлдөөчү топто аталган мекемелердин отчеттору тартиби менен каралып, проблемалар жалпы талкууланып, иштиктүү чечимдер кабыл алынган. Натыйжада, көзгө толумдуу, ойго алымдуу жумуштар аталган мекемелерде жүзөгө ашырылып, мамлекеттик тилди пайдалануунун зарылдыктары артып, колдонуунун системалуулугу өйдөлөдү.

Мамлекеттик тил комиссиясы ачык конкурстун негизинде 531 беттен турган 35 басма табакка чукул «20-кылымдагы түрк дүйнөсүнүн адабияты» деген Чыныбай Турсунбековдун котормосу Улуттук программанын алкагында жарык көрдү. Бул котормодо кыргыз окурмандары түркий адабиятынан, түндүк азербайжан адабиятынан, түштүк азербайжан адабиятынан, өзбек адабиятынан, түркмөн адабиятынан, казак адабиятынан, кипр түрктөрүнүн адабиятынан, ирак түркмөндөрүнүн адабиятынан, батыш тракиялык түрктөрдүн адабиятынан, Болгария түрктөрүнүн адабиятынан, мурдагы Югославия түрктөрүнүн адабиятынан, Крым татарларынын адабиятынан, татар-башкыр адабиятынан, карачай-балкар адабиятынан, каракалпак адабиятынан, уйгур адабиятынан мыкты чыгармалар тандалып алынып, кыргыз тилине которулган. Ошону менен катар, аталган адабияттардын ар бирине илимий

сыпаттама бөлүмдөрүн котормочу өзү жазуу аркылуу жалпылаштырган.

Албетте, көркөм котормочулук – адабий чыгармачылыктын бир түрү. Ал – башка этностордун менталитетин, иденттүүлүгүн жана башка баалуулуктарын үйрөнүүнүн жана үйрөтүүнүн кайталангыс мектеби. Көркөм котормо тилге коммуникациялык эле сапат бербестен, эстетикалык-поэтикалык боёк, түс, даам, образ, мүнөз, касиет берет. Ушул себептүү көркөм котормо маселеси искусство жаатына кирип, анын өзгөчө мыйзамдарына баш иет. Анын котормолорунда текстке кылдат мамиле жасап, түп нусканын мазмуну менен формасынын бирдигин, улуттук жана жеке өзгөчөлүгүн сактап, аны нукура искусстволук чыгарма катары кайра жаратуу керек деген өзөктүү идея кызыл сызык болуп өтөт. Кыргыз көркөм котормосун калыптандырган А.Осмоновдун, С.Бектурсуновдун, У.Абдукаимовдун, О.Орозбаевдин, К.Саякбаевдин котормодогу күчтүү салттарын түрк тилдеринин алкагында уланткан. Ал кыргыз, түрк, өзбек, казак, татар, азербейжан элдеринин өткөнүн, бүгүнкү күнүн жана келечегин айкалыштырган көп түрдүү көркөм-эстетикалык, маданий баалуулуктарды интеграциялоо аркылуу поэтикалуу, интеллектуалдуу-аналитикалык негизде ой чайкаган рухий империяны куруп кетти деп айтууга негиздер мол.

Расмий кызматтан алып салгандан кийин, «Азаттык» радиосунун кабарчысы болуп иштеди, анан Түркиядан өнөктөштөрдү таап, дан багытында өндүрүштү баштап, албан ийгиликтерге жетишти. Миңдеген жарандарга жумуш ордун түзүп берди. Жубайы Нуржан экөө үй-бүлөдө эле эмес, ишкердикте да бири-бирине эриш-аркак, өбөк-жөлөк болуп, жаратмандык менен демилгелүү, майнаптуу эмгектенишип, мамлекеттин

социалдык-экономикалык өнүгүшүнө өрнөктүү жана насыйкаттуу салымдарын кошуп келишти.

Азыр кайрымдуулук, боорукердик, жоомарттык күн сыяктуу зарыл болуп олтурат. Канткенде адам уулу адам болорун аныктоо кыйын. Бекеринен, залкар акын, адамзаттын сыймыгы Асан кайгы: «Боорунда буту жок, жылан байкуш кантти экен? Куйругу жок, жалы жок, кулан байкуш кантти экен? Алдейлээрге эне жок, асыраарга ата жок, жетим байкуш кантти экен?» – деп, толгонбосо керек. Чындыгында эле, Асан Кайгынын турмуштук философиялык көз карашынын негизин боорукерлик, жандуу, жансызды аёо түзөт. Ошол тариздүү Чыныбай ата-бабабыздан калган боорукерликтин, мээримдүүлүктүн гана эмес, абийирдүүлүктүн, намыскөйлүктүн, токтоолуктун, сабырдуулуктун, карапайымдыктын, ак ниеттүүлүктүн, тилектештиктин, камкордуктун жана жаратмандыктын туусун бийик көтөргөн, бышык азамат болчу. Жүйөлүү сынга туюм маданияты калыптанган, сөзү менен ишинин биримдигин оңой эле колдон чыгара койбогон, көзү жеткен нерсеге чечкиндүүлүгүнөн жеңил-желпи жана бербеген күжүрмөн жигит эле. Ага арамзалык, эки жүздүүлүк, жагынуучулук, мансапкорлук, ысырапкорчулук, шалаакылык ж.б. сындуу терс сапаттар чоочун экенин айта кетүүм эп.

Баса, материалдык жактан байлык-казынасы толуп, баймана-мартабасы артып, кызматтык дөөлөтү оболоп турганда да, бир кезде окутуп, таалим-тарбия берген окутуучу-профессорлорду «агай» деген кичипейил урматтоосунан жазбай, бу дүйнөдөгү устат-шакирт институтунун баалуулуктарын жаңы деңгээлге көтөрүп, анын семантикасын тунук, таза жана ак касиетсапаттар менен карк кылып кете берди.

Депутат болгондон кийин фракциянын башчысы катары партиялардын башын бириктирип, ырыс алды – ынтымакка багыттап, бийликтин, өлкөнүн туруктуулугу жана түбөлүктүүлүгү үчүн өзүнүн билимин, тажрыйбасын, эмгегин, албетте, тактикалык өңүттөгү болобу, стратегиялык негиздеги болобу, натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга жумшады.

Спикер болуп турганда, төраганын ыйгарым укуктарын мыйзамченемдүү аткарды, акыйкатта, КМШ жана башка чет өлкөлөр менен мамилелерди чыңдоодо анын дипломаттык өнөрү даана көрүндү. Эл аралык жыйындарда, конференцияларда, форумдарда тумарлуу ойлорун, фундаменталдуу көз караштарын айтып, кыргыз элин уятка калтырбады. Ага жаамы журт күбө болуп турду. Ал мамлекеттин биримдиги, бүтүндүгү жана залкар келечеги үчүн ак пейилинен күрөшкөн күчтүү инсандардын катарын толуктап да, байытып да кетти. Спикер катарында кызматтык этиканы так кармап, эл өкүлдөрүнүн башын кошуп, өлкөнүн жаркын болочогу үчүн, калктын түпкү кызыкчылыгына жооп берген мыйзамдарды кабыл алдыруу аркылуу мекенине ак кызмат өтөө стилин өркүндөттү.

Өзү мүчө болгон партиянын кадыр-баркын арттыруу максат-тилегинде өлкөнүн чар тарабын түрө кыдырып, илимий жана практикалык жактан майнаптуу жумуштарды бүткөрү аркылуу партиянын катарындагы социалдык-психологиялык атмосфераны жакшы түшүнүп, ички реформанын зарылдыгына көзү жеткен, көкүрөгү ынанган, ошондуктан чечкиндүү изги аракеттерге кадам таштагандыгы көпчүлүктүн көөнүндө. Өлкөбүздүн соңку тарыхындагы жаркын көрүнүштөрдү жаратууга, түзүүгө жана илгерилетүүгө, ошондой эле, саясатта бир беткей тенденциялуулуктан өзүн

алыс кармап, ойдун көп түрдүүлүгүнө жигердүү умтулган. Ал кыргыз коомунун алдында турган көйгөйлөрдүн көп кырдуулугун ачык айтып, адил сүйлөгөн мамлекеттик ишмер жана депутат катары тарыхта атын жана затын калтырды.

Ата журтум, тууган элим, мекеним,
Жан кубатым, сүйгөн жерим, секетим –

деп Алыкул жазгандай, эли үчүн, жери үчүн, Ата Журту үчүн, Ала-Тоодой кең мекени үчүн кажыбас кайрат менен талбай иштеп, өзүнө өзү эстелик куруп кетти.

Ал өз муундаштары сыяктуу эле жаңы менен эскинин, бар менен жоктун, сүйүү менен жек көрүүнүн, оң менен терстин, жакшылык менен жамандыктын, өмүр менен өлүмдүн, ак менен каранын, акыйкат менен наадандыктын, адам менен табияттын, достук менен кастыктын, ыйман менен ар-намыстын, адал менен арамдыктын, өтмүш менен болмуштун, кубаныч менен өкүнүчтүн, шарапат менен кесепеттин, социализм менен капитализмдин, тоталитаризм менен азаттыктын, ийгиликтүү ишкердик менен көралбастыктын, заң-закон менен мыйзамсыздыктын, арзан менен кымбаттын, ааламдашуу менен этномаданияттын, мүнөз менен тагдырдын ашташкан жеринде, тогошкон тоомунда нарк-насилдүү, мартабалуу өмүр кечиргендиги көз алдыбызда өттү.

Анын адамдык баалуулуктарын кыскача төмөнкүдөй түшүнүктөр менен мүнөздөп кетсем болот:

**анын башаты – Мекен болгон;**
**шаары – үй-бүлө болгон;**
**булагы – билим болгон;**
**чырагы – илим болгон;**
**тиреги – намыс болгон;**
**тилеги – ыйман болгон;**

**урматы – улуулук болгон;**
**ызааты – кичүүлүк болгон;**
**медери – уул-кыздары, неберелери болгон;**
**руху – айкөлдүк жана акыйкат болгон;**
**асылы – адамгерчилик болгон;**
**насили – нарктуулук болгон;**
**калкасы – кайрымдуулук болгон;**
**кыяматы – маңкурттук болгон;**
**бермети – Ысык-Көл болгон;**
**бешиги – Ала-Тоо болгон;**
**урааны – Манас болгон.**

Азыр да анын Теңир-Тоодой шаңкайган образ-элеси менен турпат-бейнеси көз алдымда турат. Анын чын дүйнөдөгү сапары жалган дүйнөдөгүдөн да байсалдуу, ырыс-кешиктүү, бак-таалайлуу болсун демекчимин!

***Тентимишова Нуржан:***

Чыныбай Филология факультетинин деканынын орун басарлыгынан кетип, жөнөкөй окутуучу болуп иштей баштаган. Биз Илимдер академиясынын үй-бүлөлүк жатаканасында жашачубуз, кошуналарыбыз биз сыяктуу жаш окутуучулар жана илимпоздор эле. Бир жолу жайкы эмгек өргүүгө чыгуунун алдында короодо чогулуп аркы-беркини сүйлөшүп атышып, өргүүдөн кайтып келгенден кийин экономикалык талаптар (эмгек акыны жогорулатуу ж. б.) менен пикетке чыкмакчы болушат. Ошол боюнча баары жайкы эс алууга тарап кеттишет. Чыныбай 2 жылдан бери отпускасын ала элек болгондуктан, жайкы эс алуубуз узака созулуп кетет.

Эс алуудан кийин Чыныбай жумушка чыккан биринчи күнү кесиптештери аны КГБдан издеп жатышканын айтышат. Көрсө, баягы короодон сүйлөшүлгөн

сөз ал жакка чейин жетип, ошол боюнча издеп атышыптыр.

Чыныбайды шашылыш түрдө ошол кездеги Билим берүү министри Жакыпова Чынара Шаршеновна чакыртты. Ал билим берүү мекемелериндеги коррупцияны түп-тамырынан бери жок кылууга умтулган, Кыргызстанда билим берүү тармагында эң жакшы шарттарды түзүүнү каалаган прогрессивдүү инсан эле. Чынара Шаршеновна менен болгон жолугушууда Чыныбай пикетке экономикалык талаптар менен гана чыга тургандыктарын түшүндүрдү. Чынара Шаршеновна Чыныбайга «андай эле энергияң ашып-ташып атса, анда жакында өтө турчу чоң кыргыз-түрк конференциясын уюштурууга жардам бер», – деп Чыныбайды конференцияны даярдоо боюнча уюштуруу комитетинин мүчөсү кылып дайындады. Чыныбай бүт жан дүйнөсүн арнап эртеден кечке иштеди.

Адашпасам, конференция Ысык-Көлдө өткөн. Түркиядан көп илим-билим адамдары келишти. Конференция ийгиликтүү аяктагандан кийин Чынара Шаршеновна, Чыныбайдын салымын жогору баалап, ага эки сунуш берди. Биринчиси – Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин өкүлү катары Түркияга баруу, экинчиси – Америкага. Бирок Америкага баруунун негизги шарты англис тилин билүү болчу. Чыныбай англис тилин үйрөнүүгө канча убакыт керек экенин сурап, алты эле ай убакыт калганын билип «асмандагы турнага караганда колдогу чымчык жакшы» деп Түркияга барууну чечти.

1993-жылы февралда Чыныбай Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин өкүлү катары Түркияга кеткен. Алгач жалгыз барып, алты айдан кийин бизди алып кетти.

**Таалайбек Жумабаев**
«Билим сервис» компаниясынын директору

## АГАЙДАН АБДАН КӨП ТААСИРЛЕРДИ АЛГАМ

Чыныбай Акунович менен студент кезимде таанышканмын. 1992-жылы Анкара университетинин педагогика факультетинде окуп баштадым. 1993-жылы Чыныбай Акунович Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Түркия мамлекетиндеги өкүлү болуп келген. Чыныбай агай элүүгө жакын кыргыз студенти жашаган «Ата Түрк» атындагы жатаканага келип биз менен таанышкан. Агайды алгач көргөндө жаш, салабаттуу жана орду менен сүйлөгөн, айтор көзгө сүйкүмдүү элес калтырган эле. Чыныбай агай студенттер менен абдан тыгыз иштешти. Ар бир студенттин окууда жана окуудан тышкаркы да көйгөйлөрү менен таанышып, чечүү жолдорун таап, ар дайым жардам берчү. Мен студенттердин улуусу катары агайдын жардамчысы болуп бирге иш алып барып жүрдүм.

1993-жылы жайкы эс алуу учурунда Кыргызстанга кетүү үчүн Анкара шаарынан Стамбул шаарына чейин автобус менен келип, андан ары учак менен учуп кетмек элек. Бирок тилекке, каршы аэропортко келсек, бизди алып кете турчу учак Кыргызстандан келбей калыптыр. Ал кезде азыркыдай байма-бай каттаган рейс жок эле. Бир жумада бир учак келсе, келди болбосо жок. Аэропортто эмне кылаарыбызды билбей калдык. Анан Кыргызстандан атайын делегация менен келген учак кайра Кыргызстанга учуп кетип аткан экен, биз Чыныбай агай менен кеңешип, кыздарды салып жибергенге аракет кылып баштадык. Болгон аракетти жумшап атсак, баягы учакка чоңдордун балдары, тааныш-билиштери бар студенттер отуруп, Кыргыз-

станга учуп кетишти. Эки жүзгө жакын карапайым студенттер кала бердик. Баарыбыз Стамбул шаарын билбейбиз, тааныштарыбыз жок, бара турган жерибиз да жок, аэропорттун ар кайсы жеринде сумкаларды жазданып жатып калдык. Ошондо Чыныбай Акунович биз менен үч күн бою ар бир студентке күйүп-бышып жаныбыздан чыкпай жүрдү. Чыныбай агай чуркап жүрүп акыры жатаканадан бекер орун таап берип, эркектерди өзүнчө, кыздарды өзүнчө жайгаштырды. Кийин Кыргызстандан атайын учак келип бизди алып кетти. Агайдын талаада калган студенттерге, дегеле адамга кылган сый мамилесинен, адамгерчилиги менен жоопкерчилигинен мен аябай таасирлендим.

Кыргызстанга келгенден кийин газетага Чыныбай агайдын тууганчылык, тааныш-билиштик мамилени колдонгон айрым бир адамдардын балдары менен карапайым инсандардын балдарынын ортосунда айырмачылык болуп аткандыгы жөнүндө берген интервьюсу чыкты. Бир жумадан кийин бизди Билим берүү министрлигине чакырып, Стамбул шаарында болгон окуя жөнүндө сурашты. Биз болгонун болгондой айтып бердик. Чыныбай Акуновичтин тайманбай чындыкты бетке айтып студенттердин таламын талашып, укуктарын коргошу, айрым бир жетекчилерге жакпай калышы толук мүмкүн эле. Балким, Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү кызмат ордунан башка кызматка которулушуна да ушу себеп болушу ыктымал.

## «КАЛПАГЫМ – КАЙЫРЧЫДАЙ»

*Чыныбай Турсунбековдун «Кыргызстан маданияты» гезитине жарыяланган маегинен:*

Маектешибиз Чыныбай Турсунбеков, Түркия жумуриятында билим берүү боюнча өкүл.

***– Жакында Түркиядан каникулга келишкен студент балдарыбыз өкмөткө бир топ эле наразыдай.***

– Оо, дагы жакшы. Алар жөнөп жатышканда Кыргызстанга жетип эле Ак үйдү аңтарып таштачудай болуп жатышкан. Кыргыздар да – ачуусу утурумдук. Үйлөрүн да сагынышса керек. Кайра кетчү самолёттун маселесин өзүбүз чечебиз деп убада берип кетишти эле, дайындары жок.

Ал эми наразылык тээ түбүнөн түрүлүп келди. Алгач Түркмөнстан самолёт жиберип, балдарын кышкы каникулга алып кетти. Артынан Өзбекстандын вице-премьери Карабаев баш болуп ата-энелерден турган делегация окуучу-балдарына келди. Бардыгына белек-бечкек келтиришти. Андан кийин дагы келишти, дагы. Казакстандын балдарынын ооруп-сыркаганы, жамандык-жакшылыгы болсо мага окшогон өкүлү өкмөтү чөнтөгүнө салып берген билеттен жазып берип жөнөтүп турду. Май айында болсо атайын комиссиясы келип, балдарынын жашоо-турмушу менен таанышып кайтты. Ушунун баары өкмөттүк деңгээлде болду. Балдар болсо бирге жашап, бирге окугандыктан, мындай нерселерди көрөт, угат тура. Анан ичтери күйөт экен. Барсаң эле балдар ушуларды айтат, нааразы болушат. Элдин жашоосу кыйындыгын, экономикабыз көтөрүм болгондугун айтам. Бир сааттап түшүндүрөм. Балдар түшүнүшөт, бирок кетээримде «жалгыз өтүнүчүбүз, жайкы каникулда жалдыратпай алып кетишсе» дешет. Андай ар жолугушуудан кийин министрликке кыскача отчет жазам, балдардын өтүнүчүн кабарлайм. Министрибиз Чынар Шаршен кызы тынчсызданып, кайра-кайра суратат. «Сен да бир жол тап, жылчык изде» дейт. Жылчыкты алгач өзүбүздүн Түркияга келген чоңдорубуздан издедим. Мартта вице-премьерибиз Аб-

дыганы Эркебаев, президенттин кеңешчиси Салижан Жигитовдор келишти. Анкарадагы, Стамбулдагы студентерге жолугушушту. Жакшы кеп-кеңештерин, жылуу сөздөрүн аяшпады. Мен кетүү маселесин баш кылып, бир канча өтүнүчүмдү жазып бердим. «Чечип берүүгө аракет кылабыз, ал эми кыргыздын улуттук кийимдерин, музыкалык аспаптарды артисттер менен бердирип жиберем» деди. Болбоду. Апрелде Тургут Озал кайтыш болду. Мен Стамбулда Темир Думанаев деген студентибиз ооруп, шашылыш ошого кетип жаткам. Чынар эже телефон чалды. «Чыныбай, Медеткан Шеримкулович кетти. Жолугуп, балдардын проблемасы болсо айт. Өзгөчө каникул маселесин сүйлөшүп кал!» деп. Командировканы токтотуп, Медеткан агай жашаган мейманканага бардым. Колумда Жогорку Кеңешке кайрылуу каты да бар. Ошол жерден Куловго, Кыргыз аба жолдорунун президенти генерал Орузбаевге жолуктум, баарына ахвалды түшүндүрдүм. Эртеси Ата Түрк журтунда студенттерибиз, угуучуларыбыз, окуучуларыбыз менен жолугушту. Балдардын ыйламсыраган түрүн көрүп, Медеткан агай жумшак адам экен. «Ата-энеңерге, бөбөктөрүңөргө белек-бечкектериңерди камдай бергиле, буюрса, алып кетебиз» деди. Балдарга деп видеокамера сатып берди. Тилекке каршы, ал видеоаппаратты Дилде Бейшен кызы кайрып балдарга көргөзгөн жок. Медеткан агай Кыргызстанга келип, балдардын өтүнүчүн депутаттарга жеткирди. Депутаттар «балдарыбызды таштабайбыз» дешип чуулдашты. А биз болсо ушундан кийин бир аз тынчтанып жатып калдык. Анан эле 25-майда лицейдин окуучулары каникулга тараштты. Чынар эже айласы кетип Түркиянын башбакандыгына факс жиберди. Эженин демилгесинен кийин мен эми Түркиянын таасирлүү

адамдарын тегеренип чуркай баштадым. Айтор, 8-июнда Билим берүү министрлигине караштуу 116 окуучу жана Техникалык билим берүү комитетине караштуу 43 бала жөнөтүлдү. 9-июнда Түркиянын агартуучуларынын жыйыны болду. Мен түрктөрдүн багуусунда жаткан Казияттын 99, Комитеттин 81 баласы жөнүндө кеп болоорун сезип, Кыргызстан өз акчасына өткөндүгүнө байланыштуу экономикалык курчоодо калгандыгын, ошондуктан каникулга балдарды алып кете албай жаткандыгыбызды алдын ала түшүндүрдүм. Бирок кыргыздардын айынан мугалимдерин эс алууга кетире албай ремонтторун баштай албай жаткан түрктөр болбоду. Бир топ ачуу сөздөр айтылды. «Бир самолёт жибере албаган эмне болгон мамлекет?» дегенге чейин барышты. Айла кеткенде мен «окуу ар кимдин өз иши, кыргыздын балдары Америкага чейин өз акчалары менен барып-келип окуп жатышат, буларга да мамлекет милдеткер эмес» деп кутулдум. Тилекке каршы, ал балдар 25-июнга чейин Түркиядан кете алышпады. Ырас, акча-тыйыны бар он чакты бала гана эртерээк өз жолдору менен кете алышты. Бир күнда отуз-кырк звонок келет. Балдар чалат. «Агай, качан кетебиз?» Кээси ыйлайт, кээси сөгөт «колуңдан эчтеке келбегенден кийин эмне отурасың» деп. Мугалимдер, райОНО, горОНОлору чалат: «Качан балдарыңды алып кетесиң?» деп. Анын үстүнө Конья менен Мерсинде мушташ чыкты. Жергиликтүү балдар менен. Коньянын балдары туалетке чыга албай калышты. Мерсиндегилерди жалынып-жалбарып атып Аданага которттум. Аяктан чалат: «Элүү балаң тентип кете турган болду» деп, Зам. министр чакырат: «Бензиниңдин акчасын берип атабыз. Түркия аэропортундагы чыгымдарды көтөрүп атабыз, деги учагыңар барбы?» деп. Чынында жин-

ди болуп кете жаздадым. Аман болушсун, ошол жердеги мага окшогон Түркмөнстандын, Казакстандын, Өзбекстандын, Азербайжандын өкүлдөрү жардамчы болушту. Казакбай, Кадыржан акелерге, Нуржанга, Солмос-Ханумга ырахмат! Айтор, чыдамым түгөнгөндө Кыргызстанга учуп келдим. Ильяс Касендеевичке бардым: «80 балама акча таптым, бирок самолёттун калган орунуна төлөй турган шерик таба албай атам» деди. Кимсанбай ажыга бардым «Аракет кылып атабыз». «Аракет кылганыңарга бир ай болбодубу» деп ичимден ачууланып алып, Абдыганы Эркибаевичке бардым: «Күзүндө Түркияга жөнөтүп жатышканда «Биз жөнөтүп жатабыз» дешип өкмөткө бир сөз айтканга жарашкан жок эле, эми акча керек болгондо «кыргыздын балдары, өкмөт кам көрүш керек» деп бизге келишиптир, жибергенди билишкен, апкелгенди да билишсин деп таарынычы бар экен, аны айтты. Анан Күмөн Исак уулуна «министрлер же балдарын алып келишсин, же иштей албайбыз деп арыздарын жазышсын» деп тапшырма берди. Мен буга чейин эле Казият менен Комитеттин жообун угуп келгем да. Айлам кетип Медеткан Шеримкуловичке бардым. А киши дагы бир самолёт балдар калганын билбейт экен. Чоочуп кетти. «Өткөндө Абдыганы менен Чынараны чакырып айтып, анан окуучуларды алдырып келбедик беле. Эмне, дагы балдар калдыбы?» деп. Анан президенттин эл аралык мамилелер бөлүмүнөн Мокеев чакырды. Кыскача отчёт сурады. Жазып бердим. «8-июлда Аскар Акаевич Стамбулга барат, ТУ-154 канча орундуу» деди. «164 орундуу» дедим. «Андай болсо 120 орунду силерге беребиз, жетимдерди, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарын гана салсын деди Аскар Акаевич». «Болуптур» деп кубанып кеттим. Бирок, 120 баланын тиз-

месин ким түзөт. Эртеси атаандашуу, чуру-чуу болбосуна ким кепил болот. Ошондуктан акча төлөнө турган бир самолёттукун жалпы балдарга бөлүүнү туура көрдүм. 60 доллардан чогулттум. Бирок, Кыргызстандан бирде президенттик самолётто 50 орун гана бар деп кабар келсе, бирде 90 орун бар деп келет. Айтор, бир самолёттогу орунду жакшылап эсептей албай коюшту. Айла кеткенде Чынара Шаршеновна «ар бир самолёттун акчасын чогулт» деди. Ансыз да ыйлап аткан балдар ого бетер озондошту. Менден кайра-кайра эсебин сурашат: «Түрктөр учактардын жарым чыгымын өздөрүнө алып жатышкандан кийин эмнеге?» дешет. Ахвалды түшүндүрүп, кайра-кайра кирип жүрүп Түркиянын министрлигинен июль, августтун стипендиясын алдын ала берүүгө макулдук алдым. Июлдукун беришти. Августтукун финансы министрлиги бердирбей койду. «Булар ансыз деле кете албай жатышат, келбей калышса ким төлөйт» дешет. Аңгыча Кыргызстандын студенттерин алып кетүүгө кетчү чыгымдардын жарымын Түркия өкмөтү төлөйбүз дегенди угуп алышып, Казакстан өкүлү Намык Кемал Зейбекке барыптыр: «биздин деле жыргап кеткен жерибиз жок. Андай болсо бизге да жардам бериңиз?!» деп. Түркия окмөтү кайра да буйрук чыгарды. Эми бардыгына жардам берилсин деп. Бирок, кыргыздын түйшүгү түгөнбөйт экен. Ошентип бардык маселени чечип, буюрса «жөнөтөм» деп 4-июлда таң атпай Стамбул аэропортуна келсек, самолетубуз жок. Кечке кезээрип күттүк, жок. Кыздар бултуңдап таарынып, жигиттер күңкүлдөй баштады. Бир тобун Казакстандын балдарын алганы келген самолетко салдым. Калганын алып барып «Ата Түрк» журтунан тамак бердирип, кыздарды бир жатаканага, балдарды бир жатаканага жайгаштыр-

дым. Самолет эртеси саат 22де келди. 7 баланы ашык салдым. Бирок 1 тонна жүгү калып калды. Чатак ушу жүктөн ыкты. Генерал Орузбаевди эки күн издеп таба албай 7-июлда кечки ондордо Кыргыз керек-жарак коомунун төрагасы Орозбаевге түшүп калдым. Ал киши кичипейил киши экен: «Президенттик аппараттын башчысы жанымда жатат. Ал киши келгенде айтамын. Өзүм да депутат катары аракет жасайм. Айтор, жүгүңөрдү калтырбайбыз» деди. Айткандай эле таңкы алтыда телефон чалды. «Буюрса, жүктү да кошо ала кетебиз» деп. Трубканы коёр замат телефон кайра чырылдады. Алсам, Төлөмүш Океевдин кеңешчиси Дилде Бейшен кызы: «Чыныбай, менде сегиз баланын тизмеси бар. Ошолорду самолетко биринчи кезекте саласың!». «Самолетко биринчи кезекте өткөндөгү самолеттон калган жүктөрдү салам дедим. «Ай, сен кандай немесиң, бул деген президенттин самолету, болбойт», «Дилде Бейшеновна! – дедим демимди ичиме жыйып,– алар 120 доллардан төлөп учушту. Анан жүгү калып калсынбы?» «Жүк-мүгүңдү билбейм. Төмөндөгү жетим балдарды биринчи кезекте саласың. Жазып ал! Акаев Айбек, Шеримкулов Кунай, Муралиев Алтынбек, Исанов Алмаз, Жаманбаева Нурила, Иззатов...» «Андай болсо өзүңүз салыңыз, мен мындай тартипте сала албайм!» «Мен да салбайм. Но Айбекти Аскар Акаевич лично сам просил». «Кечирип коюңуз, мага да а киши только жетимдерди, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарын саласың, деп көрсөтмө берген!» деп трубканы коюп койдум. Көрдүңбү досум, Акаевге окшогон адамдардын кадыр-баркын кандайча түшүрүшөт, атын сатышат. Кошоматтын да чеги болуш керек да! Ошол учурда реалдуу абалды толук билген мен гана болчумун. Мага 90 орун беришкен. Түнү менен бардык шаарлар менен

кабарлашып, канча бала экзаменден дагы кулаганын, кайсы шаардан канча бала жиберилгенин тактагам. Тизмем 75 гана кишиге жеткен. Проблема 1 тонна жүк гана болчу. Анын үстүнө, Казакстандын самолетуна да сүйлөшүп койгом. Жөн гана абалды сураса, баары түшүнүктүү болмок. Аэропортко барсам, баягы тизмедеги балдардан тек Нурила менен Алмаз гана бар. Экөөнүн тең аталары жок. Экөө тең 120 доллардан акчаларын да беришкен. Айтор, каттоо башталды. Мен «жүктү биринчи кезекте салгыла, анан балдарды өткөрөм» дейм, түрктөр «бизге жүктү салбагыла дешкен» деп болушпайт. Жарым саатча тирешкенден кийин самолеттун командирин чакырып келишти. Ал «президенттин самолету кармалбаш керек» деди. «Мен да президентибиздин кадыр-баркы үчүн жанталашып атам. Ал киши үчүн күйсөңөр мен айткандай кыласыңар, болбосо өзүңөр салып алгыла» десем, «Болуптур, сен жооп бересиң» деп басып кетти. Жүктү салдырдым, балдарды өткөрдүм. Самолетко түштүк. Андан кийин гана Акаевдин сакчыларынын бири Айбекти алдыңкы тараптан алып келип, президенттик салонго отургузуп, генералга «аман-соо жеткирдим» деп кабарлады. Ошондо гана мен Дилде Бейшеновна президентибиздин үрөйүн учурганын түшүндүм. Бирок, ишене албадым. Студенттер отурган салонго өтсөм, калган төртөө да келишиптир. Ичинен бириси, «Агай, балдардын жүгү салындыбы?» дейт. «Ооба эмне болду?» «Дилде Бейшеновна ошол жүк үчүн сизди, бизди самолетко салдырбайм, «сюрприз устрою» деп атат. Жанталашканына караганда, жарымы өзүнүкү да» деди. «Ошону үчүн башка балдардан бөлүнүп келип түштүңөрбү?» «Жок, агай, эртең менен мейманканага барсам, эже салып алды». «Анан айткандарына ишендиңби?» «Ага ким ишенмек эле».

«Мен үчүн баарыңар тең кыргыздын балдарысыңар. Байдын баласы, кедейдин балясы, чоңдун уулу, бай-куштун кызы жок. Милдетим, баарыңарга бирдей жардамчы болуу». «Аны билебиз, агай». «Ырахмат билгениңерге» дедим ичимден. Анан Аскар Акаевич келди студенттердин салонуна төгүлүп-чачылып. Балдар-кыздар менен көпкө сүйлөштү. Бирок, мага таарынып калгандыгын байкадым. Аңгемелешүүнүн аягында гана жайкы күндөн кабагы «жарк» ачылып, проблемаларымды сурады. Демирель менен көзмө көз, оозмо-ооз сүйлөшкөнүн, ал киши «Кыргызстан экономикалык жактан оңолуп, бутуна туруп алганча каникулга балдарды биз алып барып, алып келип турабыз» деп убада кылганын айтты. Ошондон кийин мен барып, биринчи салондон Айбекти алып келип студенттердин салонун аралатып, эч ким ага атаандашпай турганын, Дилде эжеси чымынды төө кылып жибергенин түшүндүрдүм. Ал эми самолеттон түшкөндө менин жүгүм бар болгону 20 кг. экенин көрүшүп, эжесинин сөзүн айтып күлүштү. Бирок ошол эле самолет менен биз жаман-жакшы көрүнүшүп, балдардын жүгүн араң салган президенттин самолету менен салондон бери шыкалып коммерсанттардын мебелдери келди?!..

Көрдүңбү, иним, наразылык деген кайдан келип чыгат.

– ***Түркиянын билим берүү системасы биздикинен эмнеси менен айырмаланат экен?***

– Эң биринчи айырмасы кабыл алуудан башталат. Ал жакта түздөн-түз өкмөткө баш ийген «Экзамен жүргүзүү борбору» деген бар. Мына ошол борбордо жыл бою тесттер даярдалып, дискеттерге түшүрүлөт. Тышкарыдан бир да тиешесиз адамдар кирүүгө акылары жок. Анан ал дискеттер менен бүткүл Түркияда бир күндө

сынак жүргүзүлүп, жыйынтыктары ИОГго жиберилет. ИОГдон болсо алган пуандарына (баллдарына) жараша ЖОЖдорго бөлүштүрүлөт. Түркияда эч кандай тааныштык, акча роль ойной албаган жалгыз нерсе – дал ушул университеттердин кирүү экзамени дешет. Ал тургай Тургут Озалдын уулу мындай сыноодон өтө албай калып, акча төлөмө менчик университеттен окууга аргасыз болгон. Кирүүдөн кийинки экзамендер жөнүндө да ушуну айтышат. Айтор, билим берүү министри Чынар Шаршеновна эки жылдан бери аягы менен тик туруп, баласы өтпөгөн көпөстөргө, мафиоздорго жаман көрүнүп жасап жаткан реформа ушундай деңгээлге жетүүгө багытталган. Ырас, бул жерде Түркияда ЖОЖдордогу илимий даражалуу окутуучулар айлыгы жогору кызматкерлердин катарына кире тургандыгы да маанилүү фактор. Ал эми билим берүү төмөндөгүдөй баскычтардан турат: Илкокул (башталгыч мектеп), ортоокул (орто мектеп), университет (эки жылдыгы биздин колледждердей, 4 жылдыгы бакалавр даярдайт), үксеклисанс (мастерлерди даярдайт – 2 жыл), докторантура (үч жыл). Окуулар түркчө, кээси англисче, айрымы французча. Англисче, французча окуткан факультеттерде, ЖОЖдордо окутуучулар Америкадан, Европадан билим алып келгендер. Сапаты тууралуу кескин пикир айтуу азырынча эртелик кылат. Себеби балдарыбыз азыр даярдык курстарды гана жаңы бүтүштү. Буюрса, эмки келгенде бир топ тажрыйба топтолот, ошондо айтарбыз.

***– Балдарыбыздын көпчүлүгү «иншалла» деп калыптыр, диндин таасири өтө күчтүүбү?***

– Түркия демократиялык өлкө. Кааласаң орозо тут, кааласаң тутпа. Кааласаң намаз оку, кааласаң окуба. Ырас, орто мектептердин дин сабагы окутулат. Анда

диндин тарыхы, шарты ж. б. жөнүндө маалымат берилет. Бирок ЖОЖдорунда жок. Ошондой болсо да эске ала турган бир нерсе бар. Түркияда ар кандай агымдар, партиялар бар. Ичинде ашынган фанатиктери бар. Айрым партияларды Иран сыяктуу мусулман өлкөлөрү каржылайт дешет. Алардын арасында биздин балдарга жакындашуунун жолун издегендер да арбын. Тилекке каршы, алар биздин кыйынчылыгыбызды, болгон мүмкүнчүлүгүбүздү пайдаланууга аракеттенишүүдө. Маселен, жашаганга үйлөрүн, иче турган тамагын сунуш кылышат. Самолетко акча чогултткан мезгилде бир топ балдар ошондой коомдорго акча сурап барган фактылар бар. Ал эми андай коомдор балдарга акча-тыйын менен катар колдоруна куран китептерди карматышкан. Буга каршы биз Түркия өкмөтү менен бирге колдон келишинче иш жүргүзүп жатабыз. Маселен «Үй-бүлө» программасын иштеп чыктык. Балдарга демократиялык көз караштагы интеллигент үй-бүлөлөрдү таап берүүгө аракет кылып жатабыз. Балдар бош убактыларында ошол үй-бүлөлөрүнө барышат, каникулдарын өткөрүшөт ж.б. Бирок, бул бардыгын камтый элек жана албайт дагы. Ал эми «иншаллага» келсек, мунун коркунучтуу эч нерсеси жок. Түрктөр көп айткан келмелер балдардын кулагына сиңип жатат да. Анан калса, мусулманчылыктан ала турган дурус нерселер бар экен. Маселен, ичкиликтен оолактатууда, тазалыкка үйрөтүүдө, ыймандуулукка тарбиялоодо. Мындай нерселерди алууга болот.

***– Ал жактын идеологиясында ачык болбосо да орустарды жек көрүү сезими күч экени байкалгансыйт. Студент балдарда бир жактуу көз караш калыптанып калбайбы?***

– Хм. Эми бул эки эл илгертен жоолашып, атаанда-

шып келген экен. Орус тарыхы деле түрктөр жөнүндө жазганда кыйратып мактап ийбейт. Түрктөр да орустар тууралуу өз чындыгын жазат көрүнөт. Дегинкиси бул биздин баш оорубуз эмес. Балдар бул жакта он жыл орус тарыхын окуду, эми ал жакта төрт жыл түрк тарыхын окусун. Анын эмнеси бар. Эстүүлөрү экөөн салыштырып, оз чындыгын таап алат.

– ***Окулчулуктө көйгөй маселелер да арбын чыгар?***

– Жетээрлик, ачыгын айтканда казакта да, түркмөндө да, өзбекте да, жада калса согушуп аткан азербайжандыкында да меникиндей көйгөйлөр жок. Бир эле маселени алалы. Бала тартип бузду. Окуудан чыгардык. Казак чөнтөгүндөгү бир билетин алат да салып жиберет. Түркмен менен өзбек элчилигине чалса, бүттү. Менин таянар кыйраткан элчилигим да жок. Демейде пайдалуу иш болсо шымаланып жетип келет. Маселен, баласы менен Муралиевге бир нерсе алып бераэрде. Башка учурда жок. Маселен 4 бала тартип бузуп, Анкарага алып келип колума март айында салып беришти. Мен же кетире албайм. Эмне десең, акчабыз жок дешет. Эркебаевге айттык. Колунан келбеди. Шеримкулов алып кетейин десе, төртөө жылт коюп качып кетишти. Ал эми Дилде Бейшеновна бир гана мени кеткенди билет: «Качан кетиресиң?» Ал эми үч ай мен аларды кандай күч менен бактым, өз жанымaн канча акча кетти, сураган да жок. 25-июндагы самолеттон да бир бала уктап калып калды, 15 жашта. Дилде Бейшеновнага айтсам, «өзү күнөөлүү, эмне кылсаң ошо кыл, мен билбейм» дейт. Лицейлер жабылган. Студенттердин жатаканалары кабыл албайт. Айлам кеткенде калпагымды көтөрүп алып Түркиядагы жатаканалар башкармасында иштеген чоңдордун бирине бардым.

Телефон чалды. Анан аны бириндеги самолеттун командиринен сурансам, жакшы жигит экен, бекер ала кетти. Ал эми 25-июндагы самолеттун 15 оруну бош кеткеничи да, полисакадемиянын 16 баласын Дилде эжебиз «келбегиле» деп койгонучу. Окуусун бүтүп кетип жаткан аданалык студентти «самолетко салба, акчасын ал» деп баланы ыйлатып, өзүнүн студент уулун (иниси деп да айтышат) элден биринчи отургузуп койгонучу. Анысы аз келгенсип, ошол күнү түрктөрдү да нааразы кылды. Учкучтар «бир күн эс алабыз» дешип, мейманканага жатып алышты. Элчибиз кошо кетти. Балдарыбыз ачка. Биз министрликтен акча жаздырып келип, балдарга тамак бердирдик. Аңгыча эле министрдин орун басары Кенен Колукиса издеп атат дешти. Бардым, «Чыныбай, силердин учкучтарды мен мейманканага жаткырып койбосом, балдар кыргыздыкы болсо, тамагын бердирип жатсам, Дилдеңердин бул эмне кылганы?» «Эмне болуп кетти?» «Азыр барып алып башбакандыкка арызданыптыр. Министрлик балдарды ачка таштап койду деп. Мага нааразы болуп телефон чалышты». Мына ушундай, досум. Бул меники эмес, кыргыздыкы. Акча чогултуп жатканда дагы бир маселе чыгарды. Министрликте балдар менен жыйналыш өткөрүп жаткам. Балдар «Президенттин самолетуна кимдер түшөт, акча төлөшөбү?» деген маселелерди коюшуп, «Дилде эже, Муралиев Алтынбекти ошол самолет менен бекер салып жиберем дептир» деп калышты. «Андай болбойт, бардыгы бирдей төлөшөт» деп мен катуу убада берип жатсам, эже келип калды. Балдардын суроосун айтып, «Алтынбек акчасын берсин» десем, «Алтынбек 2-июлда аскер самолету менен кетет» деп так кесе жооп берди. Бирок, 8-июлда мени балдардын көзүнчө жер каратып, президенттик

самолетко сегиз адамдын тизмесине кошуп салып жиберди. Айтор, мунун баары менин иштешиме тоскоол болгон көйгөйлөр. Дагы бир көйгөй өзүмдүн жолума байланыштуу. Азербайжан экөөбүздөн башка өкүлдөргө өкмөтү төлөп берет. Казакстан менен Өзбекстандын өкүлү өз өкмөттөрүнөн да акча алышат. Эми бул майда маселелер, түрктөргө ырахмат, колдорунан келишинче жардам берип жатышат.

Аңгемелешкен ИСАК КАМАЛ уулу.

**Эрмек Өмүралиев**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин алтынчы саясий департаментинин директору

## «МАНАС-1000»ге АРНАЛГАН ИШ-ЧАРАНЫН АТКАРЫЛЫШЫНА ЧЫНЫБАЙ АКУНОВИЧТИН ЭМГЕГИ ЗОР

Чыныбай Акуновичтин Түркия мамлекетинен Кыргызстанга келип, алдыңкы ишкер жана мыкты саясатчы катары жараткан жигердүү ийгиликтеринин башталышы Түркия мамлекетиндеги ишмердүүлүк учурунда топтогон эбегейсиз чоң тажрыйбалардын аркасы менен калыптанса керек деп ойлойм.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Түркия мамлекетиндеги өкүлү катары бир жакшы иштерди алып барды. Андан кийин «Манас–1000» мамлекеттик комитетинин алдындагы «Манас дастаны» филиалын жетектеген. Түрктөр Манастын 1000 жылдыгын өткөрүүгө чоң жардам берип, ошол кездеги Турция президенти Сулейман Демирель эң сыйлуу конок болгон. 3 кабаттуу боз үй тигилип, ТРТ мамлекеттик телерадиокомпаниясы атайын автобус менен ке-

лип, дүйнөлүк деңгээлде түз эфирге чыгарылган. Мына ушундай олуттуу иш-чаранын ишке ашышына жана уюштуруу иштеринде Чыныбай Акуновичтин эмгеги абдан чоң болгон.

«Манас-1000» мааракe иш-чарасы ийгиликтүү аяктагандан кийин, уюштуруу иштерине активдүү катышкан адамдарды пайдаланыш керек болгон. Кыргызча адабий тилде мыкты сүйлөгөн, Кыргызстандын тарыхы жана адабияты, маданияты болобу, баардык маалыматка ээ болгон, түрк тилин дагы жогорку деңгээлде өздөштүргөн адам аз эле. Чыныбай Акуновичтин ушундай сапаттарга ээ экендигин көпчүлүк билчү. Ошентип «Азаттык» радиосунун кабарчысы болуп иштеп калды.

Чыныбай Акуновичтин Түркиядагы Кыргызстандын ошол кездеги элчиси Төлөмүш Океев менен мамилеси абдан жакшы болчу. Ар кандай иш-чараларда элчибиз Чыныбай Акуновичке дайым таянып иш кылаар эле. Негизи маселенин баары кадрда болот эмеспи. Мен ойлойм, Чыныбай Акуновичтин кийин Жогорку Кеңештин депутаты, төрагасы катары жогорку кызматтарда эмгектенип жүрсө дагы адамгерчилик сапатты унутпай, адамдарга жакшы мамиледе болушу Төлөмүш Океевден алган үлгү болсо керек. Элчи Чыныбай Акуновичтин аракеттерин көрүп, эмгектерин баалап дипломатияга да үгүттөп, элчиликтин кызматкери кылуу максатында Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигине сунуштаган. Бирок, элчиликке иштеш үчүн алгач Тышкы иштер министрлигинин борбордук аппаратында иштеши керек деген себептер менен сунуш колдоо таппай калган. Чыныбай Акунович өзү да: «Мени ошондо Тышкы иштер министрлиги ишке алып койсо, анда ишкер боло албай калмакмын», – деп тамашалап калчу. Ишкерлик жаатында көбүрөөк маани

берип, түрктөр менен тыгыз иш алып барып, алдыңкы ишкерлердин бири болду. Төлөмүш Океев менен дагы тыгыз иш алып барып, бири-бирине жөлөк болуп жүрүштү. Расмий дипломат болбосо дагы бир аягы элчиликте болуп, маданият маселелери боюнча жооптуу бейрасмий кызматкер катары аралашып жүрчү.

Чыныбай Акунович дипломаттыгын кийин чоң саясатта да көргөзө алды. Оппозиция менен бийликтин ортосундагы кагылышууларды тең алып барып, көпүрө болуп бере алды. Бири-бириңерге кечиримдүү болгула деп ортомчу болуш баардыгынын эле колунан келе бербейт. Өмүрбек Текебаев көпчүлүк интервьюларында Чыныбай Акуновичтин калыстыгын айтып жүрөт. Бийлик менен Өмүрбек Чиркешович оппозиция катары көп тил табыша албай, чоң кризиске алып бара турчу мезгилде Чыныбай Акунович чыныгы дипломаттыгын көрсөтүп, элдин, мамлекеттин жана улуттун кызыкчылыгы эң жогорку орунга коюп, ал эми жеке кызыкчылыктарды төмөн кармап балансты сактап берген.

Түрк мамлекети карым-катнаштары жакшы болгон башка мамлекеттер менен эки тараптуу ишкерлер кеңештерин түзүшкөн. Кыргыз-Түрк ишкерлер кеңеши да түзүлүп, кыргыз тараптан ылайыктуу жана татыктуу тең төрагалыкка муктаждык бар деген маселе дипломатиялык канал аркылуу козголгон. Мен ал кезде Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинде иштеп жүргөм.

Чыныбай Акуновичтин эмгегин, топтогон мол тажрыйбасын эске алып, Кыргызстан ишкерлер союзунун төрагасы, Кыргыз-Түрк жаны тарыхынын калыптанышын билген, түрк тилдүү мамлекеттер ортосундагы жакындык мамилелерди жакшы билген адам катары, Түркиянын тышкы экономикалык байланыштарынын

кеңешине Кыргыз тараптын теңтөрагалыгына сунушталган. Чыныбай Акунович теңтөрага катары Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы ишкердик алакаларды чыңдоого бир топ аракеттерди жасап өз салымын кошту. Кийин саясатка кетип, колу тийбей калса дагы өзүнүн кеп-кеңештерин берип колдоп жүрдү. Түркиянын майда жана ири ишкерлери Кыргызстанга келгенде Чыныбай Акунович менен кеңешүү үчүн ар дайым издеп жолугууга аракет кылышчу. Себеби Чыныбай Акунович эки тарапты жакшы билген калыс, адилеттүүлүк жана акыйкаттык менен таза иш алып барчу.

**Адыганы Эркебаев**
белгилүү саясатчы, КРЖКнын экс-спикери,
филология илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги,
сынчы, адабиятчы

## АР ТАРАПТУУ ЖӨНДӨМДҮҮ УЛУТМАН ИНСАН

Чыныбай Турсунбековду студент кезинен эле билем. Мен Москвадан аспирантураны бүтүп келген жылдары Чыныбайдын алгачкы «Жүрөктөгү жаңырык» деген жыйнагынын «Жаштар үнү» сериясынан (1985-жыл) жарык көрүүсүнө себепкер болуп, жаш акынды колдоо иретинде китебине оң пикир жазып бергем. Ошол тунгуч жыйнагындагы ырларынан эле Чыныбайдын изденгич, жаңычыл акын экенин көрүүгө болот эле.

В.Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер институтунда окутуучу болуп иштеп жүргөн жылдары Чыныбайдын өмүрлүк жубайы Нуржан Тентимишовага да чет эл адабиятынан сабак берип калдым. Нуржан да ошол мезгилде эле тың, алдыга умтулган кыз болуучу. Кийин ал Чыныбайдын «жеңилин жерден,

оорун колдон алып», мыкты бизнесмендердин катарын толуктады.

Кезинде Чыныбай «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман проблемасы» деген темада диссертация жазып жүргөндө ал диссертациясын да колдоо менен бирге эле ага Е.И.Орлованын «Орус чыры»: М.А.Волошин жана М.А.Булгаковдун чыгармачылыгындагы Ф.М.Достоевскийдин романдарынын мотивдери жана образдары» деген эмгегин карап чыгууну сунуш кылгам. Аталган диссертациясын ал 1988-жылы коргоп, филология илимдеринин кандидаты деген илимий даража алган.

Кийин Чыныбай Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү болуп иштеп жүрүп, ошондон кийин бизнеске аралашты. Ун чыгарган «Акун» фирмасы аркылуу белгилүү бизнесмен болуп таанылып, ишкерлер ассоциациясын да жетектеп турду.

2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бешинчи чакырылышына Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын тизмеси боюнча депутат болуп шайланып, ошол эле КСДПнын парламенттик фракциясынын лидери катары өлкөдөгү саясий иштерге активдүү аралашып, коомго, элге пайдалуу көп иштерди жүзөгө ашырууга өзүнүн татыктуу салымын кошуп келди. 2015-жылы да аталган партиянын тизмеси боюнча КРЖКнын алтынчы чакырылышынын депутаты болуп шайланып, Жогорку Кеңештин парламенттик көпчүлүк коалициясынын жетектеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп эмгектенип, мыйзам чыгаруу ишинин өнүгүшүнө зор салым кошо алды. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп иштеп турган маалда мыйзамды карманууу менен иш алып барып, өзүн ый-

мандуу, токтоо жана саясий жактан такшалган инсан катары оозго алынды.

Чыныбай Акунович өзү бизнестин өкүлү экендигине карабастан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешининин жыйналышында, расмий жыйындарда өз оюн түз айтып келгендиги, биресе, анын өзүнүн ак мээнети менен бизнес кылган абийирдүү инсан экендигин тастыктаса, бир чети, ал ар тараптуу жөндөмдүү, билими терең интеллигент, эл тагдырына, өлкөнүн тагдырына кайдыгер карабаган улутман инсан экендигин көрсөтө алды.

«Манас» университетинде «Жалын тоо» китебинин жүз ачары болгондо дагы мен Чыныбайдын ошол китеби тууралуу өз оюмду айткам. Акын катары да улам барган сайын Чыныбайдын калеми төшөлүп, мыкты жазылган чыгармаларды жаратып келаткан.

**Сонунбү Аттокурова**

орус тили жана адабияты мугалими

## АКЫН, ИЛИМПОЗ, САЯСИЙ ИШМЕР

**Элиме**

Кылымдардын тереңине жашынган,
Коктуларга жылдыз болуп чачылган,
Сенин өткөн тагдырыңды чогултуп,
Тарых болгум келет жакшы жазылган.

Чыныбай Турсунбеков

Досубуз өзү жазган ыр саптарында жазгандай элине, жерине арнаган поэзиясы аркылуу кыргыз адабиятында аты өчпөс, чыгармалары өлбөс тарых болуп кала бермекчи!!!

1986-жылы Чыныбай Акуновичти биринчи жолу көргөнүм бүгүнкү күнгө чейин эсимде. «Эр жигиттин

белгиси – кайраттуу болот жалындап» дегендей, эмгектен коркпогон, билимди тереӊ кадырлаган, келечекке ишенимдүү караган кайраттуу жигитти көргөнмүн.

Эртеӊ менен шашылып чыгып баратып кичинекей кызын эркелетип:

– Силер эс алып, жакшы отургула, – деп жылмайып үйдөн чыгып кетти.

– Чыныбай шашылып кайда кетти? – деп кызыгып сурадым.

– Китепканага, ал аспирантурада окуйт, кандидаттык диссертациясын жазып жүрөт, ошону үчүн убактысы ар дайым тар – деп айоо сезим менен Нуржан жылмайды.

– Оо! Эӊ сонун турбайбы! 2 кызыл диплом бир үйбүлөдө! Кудай буюрса, эки диплом – эки канат, тез эле көкөлөп булут аралап учасыӊар, – деп келечекке ишенимдүү карап, кобурашып Айдайды алып эшикке сейилдегени чыктык.

Ошол кезде көрсө, досумдун үй-бүлө ордосу Түштүк-2 кичирайонунда, бир комнаталуу үйдө бактылуу сезимдерди жараткан жана албан ийгиликтердин башаты болгон үй-бүлө очогуна айланган экен! Мисалы, ошол үйдө жаш аспирант Чыныбайдын биринчи жолу жарык көргөн ырлар жыйнагы китебин эстеликке алганмын. Совет доору мезгилинде Нуржандын өмүрлүк жолдошу Чыныбайдын ийгиликтери жөнүндө бактылуу жана сыймыктануу сезимге сугарылып жазылган каттар аркылуу билип, кубанычына ортоктош болор элек!

Көп өтпөй, совет доору урады, заман өзгөрүлүп, базар экономикасы алга карай кадам таштап жаткан жылдар эле. 1997-жылы «Акун» кампаниясына Нуржанды издеп барып калдым. Албетте, мен кызыгып

ичине «саякатка» кирип чыгууну көздөдүм! Жумуш жүрүп жаткан процесстерин көрүп, М.Горькийдин «Дело Артамоновых» деген чыгармасы көзүмө элестеди. Баарыңыздарга белгилүү болгондой, орус жазуучусу «Зарождение капитализма в России» деген теманы чагылдырган. Ошондо досума жылмайып: «Я вижу Дело Артамоновых!» – дедим.

Чындыгында, биздин жергебизге капитализм системасы келгенин, капитализмдин рельсинде «Дело Акуновых» жаралганын көрдүм жана жөнөкөй мугалим катары көз карашымды, пикиримди айтып абдан кубангамын!

Чыныбайдын түшүмдүү өмүр жолун, чыгармачылыгын чагылдырган совет конверттерине салынган каттарды мемуар катары достугубуздун 36 жылдыгына байланыштуу Нуржандын туулган күнүндө тапшырдым эле! Ал эми мен үчүн ал каттар – жаштык кезибизден бүгүнкү күнгө чейин – үзүлбөгөн жип, бузулбаган көпүрө эле...

Чыныбайдын ааламга атагы чыккан ийгиликтин мунарадай бийик тепкичтери: таланттуулугу, принципиалдуулугу, эмгекчил жана чексиз адамгерчиликтүү инсан болгонун баса белгилейт!

**Тынчтыкбек Чоротегин**
Борбордук Азия тарыхы, этнология,
маданий тарых жаатындагы адис

## ДИЛИ ТАЗА, ОЮ БИЙИК ЧЫНЫБАЙ...

Чыныбай Акун уулу Турсунбеков Ички Теңир-Тоодогу Нарын районуна (мурдагы Тянь-Шань районуна) караштуу Жан-Булак айылында 1960-жылы тогуздун (октябрь) айынын 15инде жарык дүйнөгө келген. Өзү

да «…көп балалуу үй-бүлөдө чоңойдум. Менин он бир тууганым бар, үй-бүлөдө бешинчи баламын», – деп эскергени, «Беш сом» ырында жана башка чыгармаларында бала чактагы каатчылыкты жаап-жашырбастан чагылдырганы эсибизде.

Кеч күздө төрөлгөндөр орто мектепке кийинки жылы туулган балдар менен бирге кабыл алынчу. Чыныбай да 1961-жылы төрөлгөндөр менен бирге биринчи класска 1968-жылы барып, орто мектепти 1978-жылы аяктаган.

Алгачкы ырын мектеп партасында, 5-класста жүргөндө эле жазгандыгын, андан сырткары «Менин мугалимим – Каракол пединститутунун жаш бүтүрүүчүсү Шарапат Ибраеванын анда таасири күч болду. Ал чыгармачыл инсан болчу. Анын сабактарында эжебиздин жетекчилиги алдында мектеп программасындагы спектаклдерден оюн койчубуз. Кийинчерээк өзүм сценарий жазып баштадым», – деп өзү мага бир сапар айткан эле.

Тоо койнунда, шар аккан Нарын дарыясынын түштүк тарабында кооз жерде жайгашкан Жан-Булак айылы совет доорунда тартуулаган күрдөөлдүү бала чак, ошентип, Чыныбай үчүн чыгармачыл демөөрдү да тартуулаган. Ал айылдык китепканадагы китептерди эч калтырбай окуп чыгууга да жетишиптир.

«Бала кезимде, Аркадий Гайдардын «Тимур жана анын командасы» китебин окуп чыккандан кийин, мен өз айылымда «тимурчулар» тобун түзгөм. Балдар болуп биз жаратылышты кайтарчубуз, айылдык балдарга бактарды сындыртчу эмеспиз. Улгайган адамдардын чарбасына жардам берип, ишембиликтерди уюштурчубуз», – деп да Чыныбай айтканы эсимде.

Бишкектеги айтылуу «Марал» үналгысы 2019-жылы 7-майда бир өзгөчө мыкты берүүнү обого алып

чыккан. Таланттуу кинорежиссёр, өзүнчө отурганда төкмөлүгү да бар, төкмө өнөрүн да колдоого алып келген ишмер, депутат Садык Шер-Нияз алып барган бул татынакай берүүдө Чыныбай Турсунбеков өзүнүн чыгармачыл өнөрканасына сүңгүп, XX кылымдын башындагы түркиялык даңазалуу акын Мехмет Акиф Эрсой (Mehmet Akif Ersoy; 1873–1936) жазган «Күфе» («Küfe»; кыргызча «Торбо», ары-бери жүк ташыганда колдонулчу жабдык) тууралуу ырдын өзү которгон кыргызча текстин шашпай окуп берет.

Бул тасмада Чыныбай көр оокаттын айынан азыр да базарларда жүк ташып оокат кылган жаш балдардын тагдырына шайкеш түркиялык Хасан аттуу баланын тагдыры чагылдырылган ушул ырды осмон түркчөсүнөн которуп жатып, балким, шаарда эле эмес, элетте да турмуштун мүңкүрөткөн учуруна моюн бербей, ак эмгеги менен жашаган жаш замандаштарын ойлогондур. Бул ырдагы өзгөчө басым коюлган ой – колу соо, буту аман туруп тилемчилик кылганга караганда, кичинекей болсо да, өз эмгеги менен баар табуу алтынга тете экендиги чагылдырылган саптар азыр да осуят:

Hay hay! Neden bu söz lâkin?
Kuzum, ayıp mı çalışmak; günah mı taşımak?
Ayıp: Dilencilik, işlerken el, yürürken ayak.

**Чыныбайдын котормосу:**
Ай-ай-ай! Мунуң балам не дешиң?
Жумуш кылган айыппы? Жүк ташыган күнөөбү?
Айып – кайыр сураган, бекер жүргөн – күнөө бу!

Алып баруучу Садык акырына чейин чыдап, котормону толук обого чыккандай окутканы дурус болду деп ичимден ойлодум. Түркиянын гимнинин текстин жаз-

ган айтылуу Мехмет Акиф Эрсойдун бейнеси бейкүнөө балдарды бай жана жарды кылып бөлгөн шум тагдыр тууралуу унутта калгыс чыгармасы аркылуу ого бетер башка деңгээлде кабыл алынат экен. Анын чыгармачылыгынын ушул өңүтүн Чыныбай кыргыз окурмандарына өз котормосу аркылуу тааныштырды.

Негизи, ушул тапта каяккадыр шашабыз, ашыгабыз, умтулабыз... Заманабыз да учкул болгондо, бардыгыбыздын көөнүбүз элеп-желеп болуп, ар бир мектешибиздин ички сырын, кубанычын, ой толгоосун, тилегин, күйгөнүн, сарсанаага баткан жагдайларын угууга да убактыбыз жок... Көрсө, бир саамга токтоп, телескопту коё туруп, Садык Шер-Нияз инибиздей кээде микроскопту ички дүйнөбүзгө да багыттап, аны чагылдыруудан аянбашыбыз керек экен.

Чыныбай менен жакшы дос болдум. Анын Кыргызстанда Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде окуп, чыгармачыл ийримдерге катышып жүргөнүнөн бери жакшы билем. Ал дагы мени чыгармачыл далаалатым үчүн сыйлачу. Дайыма сылыктыгынан жазбай «Тыке» дечү.

Экөөбүз бир жылда, 1988-жылы, кандидаттык диссертацияларыбызды коргодук. Мен «Жалпы дүйнө тарыхы» боюнча, этнология, булак таануу жана тарыхнаама айкалышкан темада Ташкенде жактасам, Чыныбай Бишкекте «адабият таануу» тармагында «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман проблемасы» деген жаңычыл темада ишин ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин кандидаты болду. Жогорку билим берген алтын бешигибиз – КМУУда чогуу иштеп да калдык.

Анан Чыныбай Түркияга кызматтык сапарга кетти. Ал 1993–1994-жылдары Кыргыз Республикасынын

Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү болуп иштеди (ага чейинки алгачкы өкүл – тилчи илимпоз, кийин ишкердикке кеткен Разак Сайдилкан жездебиз эле).

Чыныбай 1995–1997-жылдары Анкарада «Түрк кызматташтыгы жана өнүгүү агенттигинин» (ТИКА) кызматкери болду; ара-чолодо «Манас-1000» мамлекеттик комитетине караштуу Түркиядагы «Манас дастаны» филиалынын директору болуп да иштеген. Дал ошол маалда, 1993–1996-жылдары, ал «Азаттык» үналгысынын Түркия боюнча сырт кабарчысы да болгон. Аны бул кабарчылык кызматка айтылуу Аким Өзгөн (13.12.1953 – 27.3.2017) агабыз чакырган эле. Менимче, «Азаттыкта» бир эле учурда Түркиядан да кыргыз тилинде кабар топтоонун эң биринчи демилгечиси – Аким Өзгөн болду жана бул жаатта адабиятчы, акын Чыныбай алгачкы карлыгач болуп калды.

Түркияда илимий сапарда болгон сайын мен Чыныбай менен Нуржанга үзбөй жолугуп, алардын үйүнөн даам сызып, кенен-кесири баарлашып кайтаар элем. 1998-жылдан тартып мен өзүм да чет өлкөлөрдө көбүрөөк жашап, Кыргызстанга кыска убакытка келген сайын, учкай болсо да ал-акыбалды сурашканыбыз менен, көп досторума мурдагыдай кенен жолуга албай, бирок саламыбыз дайыма түз болуп, ошол досторума ич дүйнөмдө жалаң жакшы тилегимди арнап келдим. Алардын бири – Чыныбайдын үй-бүлөсү эле.

2009-жылы 19-июлда досубуз, укук коргоочу Турсунбек Акун өзүнүн атасынын маарекесин белгилеп, Нарын дарыясынын жогорку агымындагы айтылуу Кайыңды капчыгайында өлкөдөгү көптөгөн оппозициячыл маанайдагы кишилерди чакырган экен. Кайран Тукебиз Ак үйдө да адам укуктары жаатында иштеп,

бирок оппозиция менен эч кол үзүшпөй, калыбынан жазбай келгендигин ошол тойдо да көрсөткөн.

Жайкы эс алууда жүргөн чагым эле. «Чакырган жерден калбагын» деп, ал жакка барсам, ыраматылык жазуучу, бир кезде КДКнын теңтөрагасы жана депутат болгон Казат Акматов, оппозициядагы «Ата Мекен» партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев, жаш саясатчы Алмамбет Шыкмаматов, журналист Сыргак Абдылдаев (бакиевчилердин кол салуусунан кийин ал Швецияга башпаана таап кетти) жана башка ар кыл коомдук ишмерлер, журналисттер, Тукебиздин өз айылдаштары чогулган экен. Ошондо Чыныбай менен Нуржанга да жолугуп, жакшылап баарлашып калдык. «Кара тизмедеги» далай кишилер тойго келгенин угуп, облус губернатору келбей койгону да эсте. Мурдагы дубан акими Кемел Ашыралиев агабыз аламан байге маалында калыс болду.

Президент К.Бакиевдин бийлигинин тушунда анын менчигинин айрым бөлүктөрүн уулу Максимдин тобу кантип тартып алуу үчүн кысым жасагандыктары тууралуу Чыныбай өзү мага айтып берген эле. Дал ошондой опурталдуу учурда ал Кыргызстан ишкерлер биримдигинин президенти, Кыргыз-Түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы коомдук кызматтарын да аркалады.

Кыргызстандагы ишкерлер уюмдашуу аркылуу өз таламдарын сактоого умтулган маселе теренде жаткандыгын жогоруда айтылган жана башка кысымдар өздөрү эле айгинелеп турат. Балким, дал ошол ишкердик уюмдашуу Чыныбайды саясатка андан ары киришүүгө түрткөндүр?

2010-жылдын чын куран (апрель) айынын 7синдеги экинчи элдик ыңкылапты Чыныбай жан дили менен кубанып тосуп алгандыгы эсимде. Бул ыңкылапты ал

эмнеге кубаттагандыгы да айдан ачык аңдалат. Ыраматылык ишкер, бир кездеги КДКчы Таабалды Эгембердиев да ыңкылап маалында калайыкка «Шоро» суусундуктарын бекер таркаткандыгын билебиз. Ал дагы эркин базар мамилелерине жана демократияга карай багыт алчу өзгөрүүлөрдү эңсеген.

Биз, Чыныбай, Арслан Капай уулу ж.б. болуп ошол айдын 10унда «Ата-Бейит» эскерүү жайында ыңкылап маалында курман болгон баатырларды жайына берүү жөрөлгөсүнө чогуу катыштык.

Кийин, Прагага кайтып кетээримде, ошол айдын 24үндө, Чыныбай менен кайра кезиктик. Ал Убактылуу Өкмөттүн өкүлдөрүнө ишкерлер көмөк кылып, реформалык жактан сунуштарын айтып жатышканын айтты.

Ошол таптан тартып Чыныбай саясатка биротоло киришип кетти го, чагымда.

Кийинчерээк, 2017-жылы үчтүн айынын (январдын) 25инде Чыныбай Жогорку Кеңештин төрагасы кезинде мен КТРКнын Байкоочу кеңешинин тобу менен чогуу анын Ак үйдөгү кабинетинде жолугуштук.

Тажрыйбалуу журналисттер Тамара Жаманбаева, Абды Сатаров, Бүбүкан Досалиева (1958–2020), Абдыганы Халилов, Сабыр Муканбетов, тилчи жана педагог Назаркул Ишекеев, драматург жана акын Жеңишгүл Өзүбекова ж.б. КТРКнын бүгүнкү көйгөйлөрүн чечүү жолдору тууралуу өз ойлорун айтышты.

Жалпысынан, КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн айтымында, 2010-жылкы экинчи элдик ыңкылаптан соң, коомдук сыналгы жана үналгы компаниясын калыптандыруу жаатында көп алгылыктуу иштер аткарылды. Алардын бири катары КТРКнын мурдагы Башкы деректирлери Кубат Оторбаев менен

Султан Жумагуловдун учурунда жүзөгө ашырылганын да Байкоочу кеңеш мүчөлөрү калыстык катары белгилей кетишти. Бирок коомчулук күткөн заманбап сере дагы эле кол жеткис болуп жатканын, Илим Карыпкулов жетектеген КТРК дагы эле бир беткей иштеп жатканын, мындай акыбалдан чыгуунун жолдорунун бири – КТРКны өкмөттөн көз каранды эмес булакка байлоо, абонемент төлөмү сыяктуу аргалар экендигин, бийлик бутактары КТРКга басым жасабашы зарылдыгын айткан элек.

Калайыкты абоненттик төлөм идеясына даярдоодо атуулдук коомдун да ролу чоң экенин Ч.Турсунбеков Жогорку Кеңештин төрагасы катары белгилеген.

КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөсү, эркин журналист Сабыр Мукамбетов парламенттин көз кырында жалаң гана КТРК болбостон, өлкөдөгү «коомдук маалымат каражаты» катары кызмат кылууга тийиш болгон бардык компаниялар (анын ичинде ЭлТР да) турушу абзел жана алардын ишмердигине коомдук кызыкчылыкта көзөмөлдү жүзөгө ашырууну тескөө жана түздөө үчүн Жогорку Кеңеш тарабынан бирдиктүү коомдук көзөмөл уюму – бирдиктүү Байкоочу кеңеш шайланышы абзел, – деп айтты. Бул сунуш, менимче, азыр да өзгөчө алгылыктуу.

Жогорку Кеңеш, интернеттеги эркиндикти чектөөнүн аргаларын Путиндин авторитардык бийлигине үндөшүп издештин ордуна, дал ушундай заманбап чараларды издеши керек деп ойлойм.

Чыныбай 2017-жылдын тогуздун айынын (октябрынын) 25инде Жогорку Кеңештин төрагасы кызматынан өз ыктыяры менен кетип, ордуна атаандаш шайлоо аркылуу Дастан Артисбек уулу Жумабеков келди.

Чыныбайдын кызматтан күтүүсүздөн кетиши да,

Исхактын спикерликке өтпөй калышы да Ак үй, аткаруу бийлиги тымызын аралашкан чоң саясий оюндун бир бөлүгү эле. Ободу Чыныбайга деле мурдагы президент Алмазбек Атамбаев болочокку президенттикке талапкер катары өзүңдү сынай аласың деп айткан, мындай кепти Өмүрбек Бабановго деле айта жүргөн дешет; бирок өзүнө Чыныбай менен Өмүрбектен да алда канча ишенимдүү жана ийкемдүү сезилген Сооронбай Жээнбековго ишеним арта баштап, Фарид Ниязовдун сөзү аркылуу Чыныбайга президенттикке талапкер болуу оюңдан кайт деп «партиялык тапшырма» бергени элдин көз алдында эле болуп жатты.

Ал эми саясатта «өң тааныштык» болбоого тийиш. Шайландыңбы, биринчи элге кызмат кыласың. Дал ушул сабакты А.Атамбаев өзүнүн досу Сооронбай Жээнбековдон алды. Менимче, Чыныбай Турсунбеков деле, Өмүрбек Бабанов деле «медведевчи» болуп бермек эмес, акыры тымызын гана «аталык» болгусу келгенге каршы көтөрүлүшмөк, а балким, мындан да эртерээк чыгышмак. Коңшу Казакстанда деле Касым-Жоомарт Токаев өз алдынча саясаты аркылуу жетилген мамлекеттик башчы катары өзүн татыктуу тастыктай баштады.

Чыныбай досумду эскерип жатып, ушул өңүттөрдү да айтып жатканым – анын саясий туруму, бейнеси, иш-аракети, күрөшү, аны колдоо жана ага каршы кодулоо аракеттери бүт эми калыс чагылдырыла турган тарых барактарына кирүүсү абзел, ошондой ишке айрым ойлорубуз огожо болуп калаар.

2018-жыл Чыныбайдын тагдырындагы аны дайыма санааркаткан кайгылуу окуя менен коштолгон. Ошол жылы теке (июль) айынын 21инде ал «Акун» эс алуу жайында жаш «азаттыкчы» Улан Эгизбаев менен баар-

лашкан экен. Эртеси күнү, жуп кетээринде, Улан көлгө чөгүп кетип, күтүүсүздөн кайтыш болуп жатпайбы! Калайык арман кылып жатса, ээн ооз айрым кишилер Чыныбайды да жазыксыз жерден күнөөлөгөнгө тап беришти.

Ушул окуя анын жүрөгүн далай эзди. Менин билишимче, Чыныбай айкөлдүк кылып жүздөгөн адамдарды, мугалим, окутуучуларды, өз устаттарын да, шакирттерин да, үзөңгүлөштөрүн да «Акун» эс алуу жайына конокко чакырып, бекер эс алдырып келчү. Бул анын эч шардана кылбай эле жыл сайын кадыресе жасап жүргөн меймандостугу болчу.

«Азаттыкты» өз жаныңдай көргөн Чыныбай Уланды кантип эле жамандыкка ыраа көрмөк? Ыраматылык Уландын ата-энесине, өмүрлүк жарына ыракмат, алар мындай бузуку ойлорго чакыргандарды укпастан, жазмыштуу окуянын эч саясатка байланышпаган себебин – маркумдун сууда сүзө албагандыгы менен байланыштуу турмуштук себепти туура эле аңдашты.

Соңку жылдары Чыныбай менен өмүрлүк жары Нуржан биз чакырган олуттуу окуяларга дайым катышып келишти. Ал экөө тең жайдары күлүп, жароокерлик менен жакшылыктарыбызда да, оор окуяларыбызда да колдоп келишти.

Чыныбайдын бир жакшы сапаты – ичкиликти эч ичпей туруп, кечеде баарлашкандар менен бажырап сүйлөшүп, чын ыкласы менен борсулдап күлүп, өзүнүн карапайымдыгынан эч жанган жок. Анын көп окугандыгы, жеке адептүүлүгү жана эстүүлүгү баарлашкандарга дароо сезилээр эле.

Анын ачуусу чукул болгон же өтө капалуу турган учурун эч кездештирген жокмун. Табиятынан нагыз дипломат жана данакер эле.

Чыныбай өзү жогорудагы Садык-Шернияз менен маегинде Алым Токтомушев, Алик Акималиев, Барчынбек Бугубаев сыяктуу акындардын чыгармаларын жарыялоого демөөрчүлүк кылганын эскерген экен. Чыныбай: «Олжобай Шакир келип алып, өз көйгөйүн айтпастан, «баланча калемгерге жардам бериңиз» деп кетчү», – деп күлүп айткан жери да бар экен.

Бирок, Жогорку Кеңештин төрагасы катары мамлекеттик бюджеттен маданият тармагына көбүрөөк каражат которткоңго катуу аракет кылсам болмок экен, деп өз катасын да ушул тасмада мойнуна алат.

**Чыныбай Турсунбековдун Садык Шер менен болгон маегинен («Марал» радио):**

***– Чыныбай Акунович, сиз абдан залкар, манилүү, мамлекеттик жумуштарда иштедиңиз. Сиз өзүңүздү кийин тарыхта калтырганда, неберелериңиз менен сүйлөшкөндө кайсынысын көбүрөк басымдуу кылып айтасыз: «Мен чоң атаңар мамлекеттин экинчи адамы болуп, керек болсо президенттикке ат салышып», – деген сөздү сүйлөйсүзбү же «Чоң атаңар мындай чыгарманы жазды эле» дейсизби? Кайсынысы сизге басымдуураак, баалуураак?***

– Мен балалык кезимден келаткан нерсе болгон үчүн, албетте адабият өтө жакын, баалуу. Себеби илгертен жакшы сөз, улуу сөздөр адамдын жүрөгүндө калып, муундан-муунга сакталып келет. Мамлекеттин башына жетип, бирок ың-жыңсыз кеткен адамдар көп.

## Нуралы Капаров

белгилүү акын жана журналист

Бизде, кыргыздарда акындар көп. Бирок өмүр бою жолун таппаган акындар аз эмес. Анын себеби эмнеде? Же талант жетишпейт же акын-жазуучу болуш үчүн адамдык көп сапаттар керек болот. Биринчиден, чынчыл болуп, турмуштун реалдуу чындыгын чагылдырыш керек. Чыңгыз Айтматов дагы ушуну карманган киши болгон. Экинчиден, таланттуу, үчүнчүдөн эмгекчил болушуң керек.

Мен жакында Чыныбайдын ырларын «Жалын тоо» китебинен кайра окуп чыктым. Ыр деген ушундай экен, жөн эле окуп кетесиң, ал эми көңүлүңдө айрым эле ырлар калат. Анан кайра-кайра окусаң, адамдын мүнөзү чыга баштайт. Чыныбайда кыргыздын көп акындарында боло бербеген мүнөз бар экен. Ал назиктик жана сүрөткерлик. Чыныбайдын ырларын окуп отуруп Есениндин, Рубцовдун, Феттин ырлары эсиме түштү. Ал орустун акындарын да мыкты өздөштүрүптүр. Өздөштүргөнү, аларды туурап жазбай, алардын чыгармаларын сиңирип, анан өзүнүн акындыгынын жолун тааптыр. Жөнөкөй турмушту, чындыкты сүрөттөгөнү эң жогорку деңгээлде. Адамдарга жана жаратылышка болгон аябай назик астейдил мамиле бар. Мисалы, мен өзүм да ыр жазып жүрөм. Карап туруп өзүмдө ушул касиеттер жок экенин байкадым. Мен такыр бөлөк жолдогу, бөлөк акын экенимди билдим. Талантты сыйлаган, түшүнгөн адам өзүндө жок нерсеге суктанат да. Мен Чыныбайдын бир топ ырларына суктандым. Эгер мындан дагы көп жазып, чыгармачылыгын өнүктүрсө бизден Фет, Рубцов, Есенин чыкмак экен деп ойлойм. Чыгармачылыкка аз эле жылдарын арнап калды да. Илимге да кирип кетти. Ишкерлик, саясат менен да алектенди.

Салижан Жигитовдун айткан сөзү эсиме түштү: «Бу кыргыз адабиятында азабыңды жедирбеген адам жок. Газетага келсең, бүжүрөгөн макала жазып газета чыгара албай атышат, макала жазып бердим. Энциклопедия чыгара албай жүрүшкөн экен, үч-төрт жылда аны жолго койдум. Кыргыз адабиятынын илими өтө эле мажирөө болгонунан илимге кирип кеттим. Президенттин кеңешчиси кызматына да кетип калдым. Ошентип отуруп чачырап кеттим. Убактымдын көбүн чыгармачылыкка арнабай ар кандай иштер менен алек болуп атып ушундай болуп калдым», – деген.

Менин байкаганым, Чыныбай көңүлүнө келе бергенин жаза бербей, көңүлүн толкуткан нерселерди жазган. Мисалы «Чындык» деген эң сонун ыр жазыптыр, окуп берейин:

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
Чырылдап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.

Карманып алып бетине,
Бөлүнө калып экиге,
Кагышкан элде – сени эмес,
Издешет пайда өзүнө.

Миң түрдүү жалган чубуруп,
Чындыкпыз дешип кубулуп,
Келишет сенден жүз эсе
Жүрөккө жакын туюлуп.

Оо, чындык, кандай ачуусуң,
Өзгө да жаттай катуусуң.
Жалтанып турат арстандар
Бүлөгөн айга азуусун.

Жаралуу жапан дүйнөдө
Сен жалгыз, жалган миң беле!
Жашайсың эркин учалбай,
Жаткансып чыкпас түрмөдө.

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
Чыркырап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.

Менин көз алдыма элестей түштү. Көпчүлүк учурда саясатта болобу же башкада болобу, жалганды эркиндикке коё берип, чындыкты түрмөгө камайбыз да. Чыныбай мына ушул нерсени айтып атат. Өзү чындык үчүн берилип, чындык үчүн жалындаган акын болгон.

Мындан сырткары ал сүрөткер болгон. Сүрөткерлик биздин кайсы акында бар? Турар Кожомбердиевде, Шайлообек Дүйшеевдин пейзаждык ырларында, анан Чыныбайда гана бар. Калган акындарды мен эстей албай атам, көбү философ акын болуп кеткен. Сүрөткер акын назик болушу керек. Эл байкабаганды байкаган баамчыл болуш керек. Сүрөткер десе эле табиятты эле сүрөттөп койбой, ошол ички туюмунда кандай байланыш болуп атканын жана ички сезимин бере алган акын болуш керек.

Турар Кожомбердиев деген залкар акын болгон. Анын карындашы Чыныбайдын химия сабагынан берген мугалими болгон. Анан Чыныбайдын калың дептерге жазылган ырларын алып барып агасына көрсөткөн экен. Ал учурдун эң мыкты, эң залкар акыны Турар Кожомбердиев окуучу баланын көңүлүн калтырбай, Чыныбайдын ырларына өзүнүн пикирин жазыптыр.

Чыныбайдын ырлары менен Турар Кожомбердиевдин ырларынын окшоштугу байкалат.

Бир сөз менен айтканда, Чыныбай жакшы акын, саясатчы, ишкер болгон. Ишкерлер союзун жетектеп жүргөндө да «калпычылар, алдамчылар көп турбайбы», – деп нааразы болуп жүрдү. Биз тамашалап: «сен ишкерлердин баарын чынчыл кылсаң, анда сага алтындан бюст коюш керек», – деп тамашалаганбыз. Кийин саясатка барып, Өмүрбек Чиркешович айткандай саясатчынын баарын чынчыл кылганга аракет кылган экен да. Эми чынчыл адамды эч качан жаман сөз ээрчибейт жана эч качан өлбөйт. Чыныбай кыргыз адабиятында өз изин калтырып кетти. Чындык үчүн берилген, чындык үчүн жалындаган акын болгон Чыныбай.

***Айдай Турсунбекованын эскерүүсүнөн:***

Папам достукка өзгөчө маани берчү эле. Досум деп айтчу кишилер саналуу эле. Алар мектептен, университеттен бери чогуу келаткан достору. Бизнестен да тапкан абдан жакшы көргөн, урматтаган, ишенген эки досу бар. Кыргыз эл акыны Кожогелди Култегин студенттик кезден бери келаткан досу. Папам саясатка баш-оту менен кирип кеткенде, «Чыке, сен жакшы акынсың. Поэзияны таштаба. Ырларыңды чыгар» – деп жанын койбой, өзү редактор болуп «Жалын Тоо» аттуу үчүнчү ыр жыйнагын даярдап берди эле. Кожогелди аяш атамын берген деми менен азыр төртүнчү ыр жыйнагын даярдап чыгарып атабыз. Бүгүн аяш атамын атам жөнүндө жазган эскерүүсүн окуп, мен дагы дем-күч алдым.

**Кожогелди Култегин**

Кыргыз эл акыны

# ЧЫНДЫК МЕНЕН ЧЫҢАЛГАН ЧЫНЫБАЙ

Чыкемдин бизден да жакшы көргөн жан курбусу бар эле – Чындык деген! Башкадан алыстаса да, Чындыктан эзелим алыстабайт болчу! Башканы кой, бизнесте, башканы кой, саясатта Чындыкты жанынан чыгарбаганда – таазим кылып, тан бердик! Чыныбай дагы – Чыке болчу, Чындык дагы – Чыке болчу!

Чыныбай таланттуу акын катары таанылып турган кезинде биз үчүн Чыңгыз Айтматовго жолугуш, бетмаңдай келиш мүмкүн эмес нерсе эле. Ошондуктан «Биздин өзүбүздүн Чыкебиз бар!» деп койчубуз аны көрсөтүп. Оозубузга сала бергендей, өзүбүздүн Чыкебиздин жолу дагы абдан байсалдуу, абдан сыймыктуу, абдан ооматтуу болгондугуна жалпы кыргыз эли күбө!

Ал өзү акын эле! Атасынын аты Акун эле! Мартабасын көтөргөн ак ун болду!

Чыке экөөбүз катар окудук, катар ыр жаздык, катар «Кыргызстан» басмасына ишке кирдик, туңгуч китебибиз да 25 жашыбызда катар, бир кутучада жарык көрдү.

Кайран Чыкемдин өмүр-таржымалын шарттуу түрдө он жылдыктарга бөлүп карасак болот экен. 30 жашка чейин ал көрүнүктүү акын, аспирант, илимдин кандидаты, декандын орун басары даражаларына жетти.

40 жашка чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Түркиядагы өкүлү, ТИКА кызматкери, «Манас-1000» мамлекеттик комитетине караштуу Түркиядагы «Манас дастаны» филиалынын деректири кызматтарын аркалап – дипломатияда өзүн

көрсөттү. «Жаңы тууган» Түркияны, түрктөрдүн тилин биринчилерден болуп өздөштүргөн кыргыз айдыны!

50 жашка чейин «Акун» фирмасын негиздеп, атагын чыгарып, фирмалар тобуна айландырып – Кыргызстандагы бирден-бир бизнесмен болуп чыга келди. Андыктан Кыргызстан ишкерлер союзунун президенти, Кыргыз-түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы коомдук кызматтарына тартылды.

Ал эми 60 жашка чейин, өзүңүздөр жакшы билгендей, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуу менен, Кыргыз саясатында өзгөчө чоң орду бар инсанга айланды. Бийлик фракциясынын башчысы, көпчүлүк коалициянын башчысы, Жогорку Кеңеш төрагасы мартабаларына чейин жетти.

Ушунун баарысына жанагы Чындык деген жан курбусу жеткирди. Чындык бар жерде Эмгек, анан Жөнөкөйлүк сөзсүз бирге болот экен. Аны дагы Чыныбай Акуновичтен улам байкадым. Карапайым үй-бүлөдөн чыккан кара тоголок бала Чындык, Эмгек, Жөнөкөйлүк аркылуу калың элдин сыймыгына айланды!

Жөнөкөйлүк демекчи, маселен, ал убагында түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көкжалдардын өлүмү» романын, ошондой эле «Түрк дүйнөсүнүн адабияты» деген аталыштагы эки томдукту кыргыз тилине которгон экен. Канча чоң эмгек! Өзү бир жерде кеп кылып да койчу эмес аларды.

1994-жылы Түркия мамлекети Кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовду Түркияга чакырып, бир ай бою өзгөчө эсте каларлык жолугушууларды өткөрүп, өзүнчө узун сүрөө адабий, маданий майрам курганы бар. Ошондо улуу жазуучуну жандоо, котормочулук жасоо вазипасы так ушул Чыныбай Акуновичке жүктөлгөн экен. Натыйжада отуздан ооган жаш жи-

гиттин жасаган жардамына, кылган кызматына Чыңгыз Төрөкулович жан-тени менен ыраазы болуп, Чыныбай Турсунбеков кыргыздын табылгыс кадрларынан экендигин, туруш-турпаты менен дипломаттыгын, анын мындай мүмкүнчүлүгүн Кыргызстан пайдаланбаса болбостугун көпчүлүктүн алдында шардана-шардана айтыптыр. Башка киши болсо – муну деле кыйла реклама жасамак өзүнө.

Жогорку Кеңеште бийлик фракциясынын жетекчиси, коалиция башчысы катары канча өкмөт түздү, канча кыйчалыш кырдаалдарды жолго салды, Жогорку Кеңеш төрагасы катары канча бараандуу эмгек өтөдү.

Бир дагы жолу муну мен жасадым деп төшүн какканы жок. Менин эмгегимди билбей атасыңар деп доомат артканы жок. Чындыктан, Жөнөкөйлүктөн жазбады. Ар дайым асылгандар болду байлыгына, бийлигине – кээ бирде кетилдеп күлүп коюп гана кутулду. Бул айласыз экенсиңер дегени болчу. Төрага катары наразылыкты өз партиясынан көбүрөөк укту. Бул анын кашкайган калыстыгынын далили эле.

Чалкеш саясатты дагы Чыныбай Акунович жөнөкөй гана түшүндүрүп койчу. Чатышкан маселени дагы Чыныбай Акунович жөнөкөй гана чечип салчу. Кыйчалыш кырдаалда бир аз кызара, бир аз кызаңдай түшмөйү бар эле. Бир аз. Ашынып кетчү эмес. Ачуудан (ачуу ичимдиктен да, ачуу сөздөн да, ачуу кыял-жоруктан да) дайыма алыс болуп – өмүрүн пакиза тутунду. Өтөлгөлүү, өрнөктүү өмүр сүрдү. Бул айткандарым барган сайын бажырайып көрүнөрүнө, барган сайын дааналанаарына бөркүмдөй ишенем.

Чыныбай Турсунбековдун бир классикалык ыры бар «Тушоо той» деген. Ырда балалыгы чагылдырылат Совет доорундагы. Балдар тушоо тойдо жабыла жүгү-

рүп, бирок биринчи келген бала эмес, парткомдун баласы тушоону кесет... Автор «партком» кезинде дагы мындай калыссыздыкка өмүрүн беттештиргени жок, өзүн кириптер кылганы жок. Балалык аруулугун түбөлүк сактады.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Эгер жакшы чыгарма жаратам десең, сөзсүз түрдө эргүү керек. Поэзиядан азыркы байкоом – эргүү, толгоо жаш кездегидей эмес, башка багытка бурулат экен. Жеке сезимиңди чоңураак деңгээлге чыгарып, жалпы эл кабыл ала тургандай чыгармалар жаралат экен. Саясатта болсо жасаган ишиңен ырахат алуу кыйыныраак. Анткени, бийликтин бир эле бутагына аралашсаң, эл сенден көп нерсени күтөт, талап кылат. Ал эми талапты аткарууда жалгыз эле сен чечпейсиң, бир нече жагдайдан көз каранды. Поэзияда болсо баары өз колунда.

Алгач бизнес менен адабий ишмердүүлүктү бирге алып кетүүгө аракет кылдым. Бирок бул мүмкүн эмес болду. Компанияны бутуна тургузуу үчүн ага бүт убактымды бөлүүгө туура келди. 50 жылдык маарекеме карата үчүнчү ыр жыйнагымды чыгардым. Бул саамалык студенттик кездеги досум, Кыргыз эл акыны Кожогелди Култегиндин аркасы менен болду. Ал менин ар кайсы жылдардагы ырларымды чогултуп, жаңы чыгарма жазуумду да талап кылды. Бул үчүн мен Ысык-Көлгө эс алганы бардым. Ысык-Көл дайыма өзгөчө шыктандырат. Менде дагы чыгарма жазуу каалоом пайда болду.

## ПОЭЗИЯ САЯСАТКА БАШ ИЙБЕЙТ

Жогорку Кеңештеги КСДП фракциясынын башчысы Чыныбай Турсунбеков «Жалын тоо» аттуу ырлар жыйнагын чыгарды. Кыргыз-түрк «Манас» университетинде өткөн китептин бет ачарына чыгармачыл интеллигенция менен кошо саясатчылар, өкмөт мүчөлөрү, Президенттик аппараттын өкүлдөрү келишти.

Чыныбай Турсунбеков азыр коомчулукка саясатчы, Жогорку Кеңештеги Социал-демократтар фракциясынын лидери жана ишкер катары белгилүү. «Жалын Тоо» – поэзия дүйнөсүнө 80-жылдардын этегинде кирген акын Чыныбай Турсунбековдун үчүнчү китеби. Автор китебинин бет ачар аземинде поэзияга кантип, качан кызыгып калганын мындайча кеп салды:

– Мен 5-класста окуп жүргөндө биздин айылга Шарапат Ибраева деген эжеке келип калды. Ал Каракол педагогикалык институтун бүтүргөн математик экен. Ошол эжекебиз биздин класстын класс жетекчиси да болду. Ал бир күнү «жаңы жыл келатат, ага карата ыр жазып келгиле» деп тапшырма берди. Эртеси мен жазган ыр жарап, мугалимибиз мени мактап, ошондон кийин бир класстын акыны болуп калдым.

Турсунбековдун акындык шыгынын артышына Турар Кожомбердиев баштаган чоң акындардын, кийин Фрунзеге келгенде чыгаан акындар, студенттик, чыгармачылык чөйрө таасир эткен. Эки китеп чыгарып, СССР жазуучулар союзунун мүчөсү болуп калган кезде заман оодарылып, ишкердикке ооп кеткен. Эми минтип саясатта экинин бири болуп калган кезде чыккан үчүнчү китебин чыгарган экен.

## Текебаевге тааныш кусалык

Китептин бет ачарына акын-жазуучулар, поэзия сүйүүчүлөрдөн тышкары Жогорку Кеңештин төрагасы Асылбек Жээнбеков баштаган депутаттардын жоон тобу келди. Алардын бири, «Ата Мекен» фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев Чыныбай Турсунбековдун чыгармачылыгы тууралуу сөзүн анын акындык шыгын ойготкон таасирлерден баштады:

– Мен педагогмун. Чыныбайдын биринчи сүйүүсү жаш практикант Шарапаттан башталган. Аны өзү билген эмес. Ал азамат деп койсо жаңы дүйнөгө, башка маданиятка умтулуп, эдиреңдеп ыр жазып жүрүп чоңойгон турбайбы. Баарыбыз айылданбыз. Азыр кайрадан ошол өткөнгө кайрылгысы келген адамдар бар. Мен Чыныбайдын «Атама» деген ырынан бир куплет окуп берейин:

«Жазда балкон түбүндөгү
Бакка конгон чыйырчык.
«Жүр! – дегенсийт, – кыштагыңа.
Бир кетелик. Кийин, чык».

Бул айылга болгон кусалык. Мага тааныш сезимдерди мен ушул саптардан көрүп турам.

Сөзүн тамашага салган Өмүрбек Текебаев саясатта акындар эңсеген тазалык жок экенин кошумчалай кетти:

Дос да күттүк кучак жайып, кубанып,
Коюнума жылан таштап ийгенче.
Акын боло албастыгы бул анык,
Болмок бирок адамдыкты үйрөнсө,

– деп өзүнүн калемдештеринен күйгөнүн жазыптыр. Данияр Ильич кетип калды. Бирок ачыгын айтканда, Чыныбай Данияр Ильич экөөбүздү ээрчип, эки жыл жүрсө дагы далай күйөт го. Анан дагы жаңы ырларды жазат, ошондо окуйбуз.

Жазуучулар союзунун төрагасы Акбар Рыскулов «Чыныбайдын алгачкы ырлары Есениндин деңгээлинде жазылган десек да болот» – деп баалады.

Эл өкүлү Каныбек Иманалиев поэзия менен саясат бири-бирине кайчы келген эки бөлөк дүйнө экенин белгилеп, бирок минтип поэзия менен жолугушууга акын-жазуучулар менен кошо саясатчылардын келип, ыр угуп отурганы жакшы жөрөлгө деди.

«Демек, саясатчыларды арча менен аруулагансып поэзия менен аруулап койсо болот экен да. Мындай кечелерди кеңейтүү керек. Бул руханий диалог. Биз парламентте атаандашпыз. Ал эми түбөлүктүү поэзиянын алдында биз эч ким эмеспиз. Беш жылда кылган ишиң мүмкүн бир акындын эки сап ырына татыбайт», – дейт депутат Каныбек Иманалиев.

Кыргыз эл жазуучусу Мелис Абакировдун пикиринде да бул кеченин негизги мааниси саясатчылар менен маданият ишмерлеринин арасын жакындатуу болду:

«Эгерде адабиятка мамлекеттин көз карашы түз болбосо анда ошол өлкөнүн да, жетекчилердин да аягы жакшы болбойт деген пикирлерди уктуң да. Бул абдан жакшы пикир болду. Маданият ишмерлери өкмөт башчысынын орун басарлары, депутаттар, спикер келгенинен пайдаланып өз ойлорун ачык айтып калганына кубандым. Мындай учурда биринчи катарда мамлекеттик жетекчилер эмес ак сакал, көк сакал акын-жазуучулар отурушу керек деген сөздүн айтылганы мага аябай жакты». Мелис Абакиров ошол эле учурда акындар саясатчы болбошу керек деген түшүнүк туура эмес экенин, өз ырына калп айта албай турган чыныгы акындан мыкты саясатчы да, мыкты мамлекеттик жетекчи да чыгарын кошумчалады.

Чыныбай Турсунбеков да кеченин соңунда бул салтанаттын башкы максаттарынын бири – саясатчылар менен чыгармачыл интеллигенциянын башын кошуп, адабияттын, маданияттын баркын көтөрүү болгонун айтты.

**Бекташ Шамшиев**

Журналист, тилчи, котормочу

## «КҮЗГӨ АЙЛАНДЫМ ЗАМАТТА КҮТҮРӨГӨН...»

### Жаңы жатакана

Чыныбай Турсунбеков ал кезде жапжаш жигит, Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун аспиранты. Бул эми 1986-жылкы окуя. Кыргыз илимдер академиясынын Бишкек темир жол вокзалынын артындагы «Түштүк-2» кичирайонунда жаңы жатаканасы бүтүп, 90 бөлмөлүү жаңы үй жаш илимпоздор менен аспиранттарга бөлүнө баштаган. Чыныбайга ошол жаңы жатаканадан орун берилип, чоң чемоданы менен китептерин алып көчүп келген экен.

Жатакананын коменданты болуп Инаш эже деген боорукер аял иштечү. Жатакана жаңы бүткөн, ал кезде кыргыз жаштарынын көбү шаарда үйсүз, ижарага үй алып турушчу. Анан ошол боорукер эже Чыныбайга кенен бөлмөнүн ачкычын берип жатып, сүйлөшкөн кызы болсо тезинен алып келип кирип алышын айтыптыр. Ошондон көп өтпөй «Чыныбай үйлөнүптүр» деп жатакана дуулдап калды.

Чыныбай менен Нуржандын жаңыдан түтүн булатышы ошол куттуу жайдан башталды. Үйлөнгөндөн кийин Чыныбай ак «Москвичин» минип ары-бери каттап калганын көрчү болдук.

1995-жылы Түркияга ортолук окуу китебин жазганы барып, Анкарадагы Чыныбайдын үйүндө конок болгонум эсимде. Түркиядан Чыныбай ишкер болуп кайтканын, ун чыгаруу бизнесине өтүп, ири салык төлөөчүлөр катарына кошулганын кайсы бир басылмадан окуп калдым. Арадан анча көп өтпөй Чыныбай саясий иштерге аралашып, Ишкерлер биримдигин жетектеп, анан парламентке депутат, фракция башчысы, спикер, кызматы жагынан өлкөдөгү экинчи адам болуп калды.

Чыныбай турган турум-турпаты боюнча акын эле. Бала кезинен кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларын окуп, алардын ичинен Турар Кожомбердиевди өзгөчө пир тутуп, поэзияга өмүрүн арнайм деген изги тилек менен келген. Ушул тилек аны Кыргыз мамлекеттик университетине алып келип, окуусун аяктагандан кийин басма жаатында иштеп, анан адабий илим изилдөө жагына өтүп жатпайбы.

Арада социализм тарыхый аренадан урап түшүп, адабият менен илимге мурдагыдай көңүл бурулбай, базар-нарк мамилелери орун-очок ала баштады. Тагдыр жолу Чыныбай Турсунбековду кийин саясатка аралаштырды.

## Алыкенин китебин чыгарганда

Ал мамлекеттик жоопту кызматтарды аркалап жүргөндө чыгармачылыктан кол үзбөй ыр жыйнактарын чыгарды, улут адабиятына жардамын берип, көмөгүн көрсөтүп келди. Кеп ыңгайынан улам Олжобай Шакир инимдин Алым Токтомушевдин 60 жылдыгына арналган китебин кантип чыгарганы тууралуу эскерүүсүнөн үзүндү келтире кетүүнүн ушул жерде ыгы келип туру.

«Алыке 60ка чыгып аткан. Башкалар той берип

дуулдап-шуулдап атпай-журтка аңыз курат экен, Алыке кайдан антсин? «Эч болбосо бир китебиңизди чыгарбайсызбы» дегениме көңүлсүнбөдү. «Кайдан акча табылмак эле» деп койду. Бир күнү анан ымалалашып жүргөн ага санап «Акун» фирмасынын жетекчиси Чыныбай Турсунбековго телефон чалдым. «Сизге тарых үчүн, адабият үчүн тилемчи болуп чалып калдым...» дедим. «Не болуп кетти» деди. Алыкенин 60 жашка чыгып, бирок ушуга чейин «Жолдогулар» аттуу ырлар жыйнагынан башка (анын ичинде да болгону он чакты эле ыр) китеби чыкпаганын айтсам, баландай күнү келгиле деди.

Айткан күнү Алыкем экөөбүз ээрчишип бардык. «Канча керек» деди Чыкебиз. Алыке «500 доллар берсең жетет» дебеспи! «Э... коюңузчу, Алыке! Ал эмне болот, калың эле китеп чыгаралы» десем болбойт. Экөөбүз Чыныбай Турсунбековдун көзүнчө анча жетпейт, мынча жетет деп тартышып отурабыз.

Бир убакта Чыкебиз айтып калды: «Алыке, мен сизди абдан терең урматтайм, 1000 доллар берейин, жетпесе дагы айтарсыңар» деп. Ошол ошо болду. Алыке бирок жетпеди деп кайра барбады кийин, жетишинче жетти деп «Эски дептер» аттуу жыйнагын чыгарды, болгону 500 нускада. Китебин басып эле жатып калдык. Тандалмалар жыйнагы дээр эмгеги болуптур. Бирок «Эски дептер» чыныгы китепкөйлөрдүн көбүнө жетпеди, көбүн чыгармачыл чөйрө талап кетти окшойт. Чыгармачыл чөйрө сатып алмак беле. «Автографың менен берчи» деп бекер алып басып кетет эмеспи...».

Чыныбай үчүн адабият жакын туруп кире албаган, кошуна туруп каалаганда катташа албаган арманы болчу. Кыйла убакты-сааты аяк-башы билинбеген саясий талаш-тартыш, колду байлаган жумуш, анан

бир кайыбынан убакты-сааты болуп калса калем кармап, чыгармачылыкка киришүү болуп калды окшойт. Ошон үчүн ал үч поэтикалык жыйнагын, кандидаттык диссертациясынын китебин чыгаруу менен гана чектелип, бапыратып басылмаларын басууга ашыкпады. Поэзияга келгенде агынан жарылып, көңүлдө буккан сезим ойлорун ак кагазга тизди.

## Саясий мектеп

Кийинки маектеринин биринде өзүн саясатчы катары сезе баштаганын белгилей кеткен экен. Бирок анын бала кездеги илгери үмүт, изги тилеги кескин өзгөрүлүп, акын болбой калганына ичи чыкпай, анткен менен көркөм сөз ышкысы улут адабиятынын абалына кызыгып, каламдаштарына көмөк көрсөтүп, жардамын аянбай берип жүрдү. Мына ушул кош башталма – адабият менен саясаттын бир адамда эриш-аркак жүрүшү кандайынан келгенде да кызыктуу темалардын бири. Мына ушул теманы иликтөөгө кызыккандарга Чыныбай Турсунбековдун өмүр жолу жакшы мисал болуп берет эле.

«Саясат мени өлкөнү, адамдарды түшүнүп билгенге үйрөттү, – деп билдирген ал маектеринин биринде. – Адамдардын оң да, терс да касиеттерин, ар кайсы кырдаалда эмнеге жөндөмдүү экенин көрдүм. Өлкө экономикасындагы абалды, кадр саясатындагы, эл аралык, инвестициялык жана башка маселелердеги көйгөйлөрдү ийине жеткире түшүндүм. Көп нерселерди системага аралашкандан кийин гана билет экенсиң. Андыктан саясаттан мындай баалуу тажрыйба алганым үчүн, иш үстүндө туура жолдо таза жүргөн, кесипкөй, патриот адамдардын нечени кездештиргениме ыраазымын.

Чынында, бизде ишкер адам саясатка аралашса,

бизнесин коргогону келди деген түшүнүк калыптанып калган эмеспи. Эл баарына тараза, балким, мунун чындыгы бардыр, бирок менде мындай ой дегеле болгон эмес, азыр деле жок. Тескерисинче, менин саясатка аралашканым, учурда үй-бүлөм алектенип жаткан бизнеске залакасын тийгизип жатат».

Коомдук турмуш өткөн кылымдын соңунда кескин өзгөрүлүп кетпесе Чыныбай акындык өнөрдүн артынан түшүп, бул жаатта алдыңкы саптагы калемгерлер катарында турмак.

Саясат ал үчүн утурумдук нерсе болчу. Таанымал ишкерди парламентке үгүттөгөн адамы экөөнүн кийинчерээк мамилеси сууп, айтылган убада, кол кармашып бекитилген сөздүн көбү түккө арзыбай, тунугу менен ылайы, жакшысы менен жаманы аралашып кеткен жерге кошулуп калганына өзүн жаман сезип жүргөн болуу керек.

## Кыргызда калчу өнөр

Бала кезинде айылдагы китепканада болгон китептердин түгөл баарын окуп, Аркадий Гайдардын айтылуу «Тимур жана анын командасында» баяндалган окуяларга шыктанып, жалаң тестиерлерден өзүнчө топ түзүп, «тимурчулардын» ишин алыскы тоо арасындагы Жан-Булакка жайылтуу аракети эле көп нерсени айгинелеп туру го.

Чыныбай Турсунбеков кийин балалыгы, айылына кайрылып өмүрдүн кызык учурун эсине салып, өмүр-жашоонун кызыгын канаттуу саптарына сыйдырган.

Бүгүн кечке сезимди булут басып,
Бир топ китеп барактап, угут татып.
Жазындагы дарактай жашыл элем,
Жазылбаган барактай кысыр элем –

Көкүрөктөн көңүлдүү ыр төгүлүп,
Күзгө айландым заматта күтүрөгөн.

Сүйүүнүн улуулугун,
Сүйүүнүн бийиктигин,
Сүйүүнүн тереңдигин,
Сүйүүнүн ыйыктыгын,
Мен билбей жүрүптүрмүн!

– дейт акын дагы бир ырында. Окурманынан сыр жашырбаган акын ышкы сезимин козгогон ким экени ачык айтат. «Чын сүйүүнүн касиети, Нуржаным, Чоң сүйүүнүн күчү бу!!!»

Жалтайлабай эр жигиттин күчүнөн,
Жан кыйнаган ушул көйгөй турмушта.
Жарты сабак ырым сен деп түшүнөм,
Менин кылган жакшылыгым кыргызга.

Көркөм адабиятка деген айныксыз сүйүү гана аны кийин турмушунда кездешкен толгон-токой тоскоолдуктардан тайгылтпай алып өтүп, социализм «күп» этип кулап түшкөндөн кийин турмуш жолун кескин өзгөртүүгө алып өткөн. Ишкерликтин эчен кыйын ачык-жабык тоскоолдуктарына кайыл болуп, тыйындан тыйын курап, өлкөдөгү беш манжа менен саналчу ишкерлер катарына кошулду.

Бул мезгил адабияттын өзү үчүн да аябай оор учур эле. Мамлекет баштагыдай кыргыз жазуучуларынын түн күзөтүп жараткандарын китеп кылып чыгарып, олчойтуп калем акысын төлөп бериши токтолуп, китепти чыгарыштан да сатып өткөрүш опсуз оор жумушка айланып калган. Чыныбай башка калемдештеринин китебин чыгарып, каржылык колдоо көрсөткөнү менен, өзүнүн жазгандарын жабыратып чыгарбады.

**Айдай Чотуева**
журналист

# ЧЫНЫБАЙ АГАЙДЫН ЧЫН СЫЙЫН КӨРГӨМ

– Чыныбай менин курсташым болот да, экөөбүз чогуу окуганбыз – деди, «Адабий гезит» газетасынын редакциясына ар дайым келип турчу акын Алик Акималиев агай.

– Аа, агай, мен ал кишиден интервью алмакмын, чогуу баралычы сиздин таанышыңыз болсо, – дедим.

– Ал менин китебимди чыгарып берем деген, даяр болуп калды акча алышым керек, макул, бирге баралы – деп, баладай кубанып калмай жайы бар эле.

Алик Акималиевдин ар дайым жанында жүргөн, Кубанычбек Басылбеков сөзгө аралашып: «Китептеримди залогдон чыгарыш керек эле, Чыныбайдан он миң сом сурасам береби, тиги таап бербесең китептериңди бербейм деп атат», – деп башын кашыйт.

– Берет, биз менен бирге бар, сен китебиңден бирди колуңа алып ал, мен китебимди чыгартканга акча алам, сурап койгом, берет. Айдай интервью алат, сен он миң сом сура, китептериңди залогдон чыгарып аласың, – деди Алик агай шымаланып. Өзү ошондой, шайдоот, бала кыял киши эле. Ошентип үчөөбүз Киркомстройдогу «АКУН» фирмасынын дарегине бардык.

Секретары:

– Чыныбай Акунович ар кандай убакытта болот жумушта, кээде эртең менен, кээде түшкө маал, кээде түштөн кийин келет, – деп жооп берди.

Эки акын жана мен болуп Чыныбай Турсунбековду үч күн күттүк. Ал кезде телефон деген жок, болсо да бирин-экин адамдарда боло турган. Төртүнчү күн дегенде Чыныбай Турсунбеков папкасын колтугуна

кысып, биз менен жылуу учурашып, өзү олтурган иш бөлмөсүнө Алик агай экөө кирип кетти.

Бир саамдан кийин чыккан Алик агай:

– Экөөң жөнүндө айтып койдум, сени кирсин деди, айт баарын, уялба, ошончо он миң китебиңди, он миң сомго залогдо калмак беле, – деп Кубаныч агайга дем берип, Чыныбай агайдын бөлмөсүнө киргизип жиберди. Андан соң мага кезек келип, Чыныбай Турсунбековдун кабыл алуу бөлмөсүнө баш бактым. «Адабий гезит» газетасына акындардан, жазуучулардан интервью алаар элек. Чыныбай агай ал кезде саясатка келе элек, ишкердик жана чыгармачылык менен алектенчу.

Чыгармачылыгы, чыгармачыл адамдарга болгон көз карашын, пикирин сурадым. Берген суроолорумдун бирине «Чыгармачыл адамдар чыгармачылык менен жан багууга болбойт. Аларга мен таазим кылам, рахматымды айтам»,– деди.

Маектин аягында Чыныбай агай: «Сен мени үч күн күткөн турбайсыңбы», – деп чөнтөгүнө колун салып, жүз доллар мага сунду.

– Жок агай, рахмат, албайм – дедим. Агай ордунан туруп келип жүз долларды колума карматып жатып: «Ал, алагой, силердин айлыгыңар аз эле да, анан үч күн интервью алам деп күтөсүңөр, аз да болсо жардам болсун» – деди. Акча алганыма уялып, рахматымды айтып сыртка чыктым. Алик агайым сыртта мени күтүп аткан экен, экөөбүз бир топко чейин жөө бастык.

– Чыныбай деген мага он миң сом берди, мен муну басмаканага алып барып берем, баштай беришет китебимди. Ал эч кимдин көңүлүн калтырбайт, адамгерчиликтүү, жакшы адам. Канча чыгармачыл адамдар келет, баарына жардам берет, – дейт Алик Акималиев.

Чынында, биз күткөн үч күн аралыгында бир топ

чыгармачыл инсандар келип-кетип атышкан болчу. Көрсө, алар эки акын агайым сыяктуу жардам сурап келип атышкан тура. Чыгармачыл адамдарга тымызын, эч кимге айтпай, билгизбей жардам берип, колдоп жүрчү экен. Мага берген жүз долларга сумка сатып алып көп жыл көтөргөнүм эсимден кетпейт.

**Болотбек Таштаналиев**
*журналист*

## АКЫН, ИШКЕР, САЯСАТЧЫ, ИШМЕР

Акын, котормочу, ишкер, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыныбай Турсунбеков менен Совет доорунда СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети; КУУ) катар окуп калдым. Биз университеттин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 1-курсуна келгенде, ал акыркы, 5-курсунда экен. Студенттер, асыресе «Жаш толкундар» адабий ийриминин мүчөлөрүнүн арасында акындык таланты узун сабак сөз боло, ар бир жазган ырын тамшануу менен окуп, ырларын жатка айтып, кичүү муундагы калемгерлер ага «Чыныбай байке» деп урмат жана сый менен кайрылар элек.

Чыныбай Турсунбеков акыркы он жылда кыргыз саясатынын чок ортосунда жүрдү. Ага чейин узун элдин учуна, калың элдин кыйрына иш билги, ийгиликтүү ишкер катары таанылды. Арийне, мен үчүн, менин калемдештерим, досторум үчүн Чыныбай байке таланттуу акын жана чыныгы адам бойдон кала берди.

Ал 2017-жылы өткөн президенттик шайлоодо мамлекет башчылыкка талапкерлигин коюуга ниетин билдирип, кыргыз интеллигенциясы, асыресе акын-жа-

зуучулар жана айрым партиялаштары тараптан колдоо болгону менен, ошол кездеги президент Алмазбек Атамбаевдин текеберлиги жана КСДП партиясындагы айрым күчтөрдүн кутумчул иш-аракеттеринен улам, ал өз оюнан кайтканы эсимде.

Ал учурда Чыныбай Турсунбеков Жогорку Кеңештин Төрагасы болчу. Ошол күндөрдө КСДП ичинен ирип, аябай эле саясий оюндар болду. Чыныбай байке да эр экен, көшөрүп, акыр-аягына чейин турду. Бирок, Атамбаевдин тегереги жана КСДПнын саясий кеңеши жеңип кетти.

Ал күндөрдөгү окуяларга тарых далай жолу өз баасын берет деп ойлойм.

Биз, карапайым эл, кыргыздын коомчулугу билген жалгыз чындык – Чыныбай Турсунбеков саясатка аралашкан он жылда акыйкат үчүн жалтанбай төшүн тосуп, чыркыраган чындыкты коргоп, А.Атамбаевге болобу, башкасынабы, каш кайтарып, эч коркпостон, кара башынын камын ойлобостон, калыс жана акыйкат сөзүн айта алган саналуу саясатчылардан болду.

Жогорку Кеңештеги «Ата Мекен» фракциясынын үстүнөн кара булут айланып, фракция лидери Өмүрбек Текебаевге кылмыш иши козголгон мезгилде да, ал акыйкаттуулугунан, калыс турумунан тайган жок. Президент А.Атамбаевди саясий оппоненттерин куугунтукка албай, сотторду «Мегаком» айланасындагы ишти мыйзам чегинде кароого чакырды.

Ал мына ушул артына кайтпаган көкжалдыгынын айынан А.Атамбаев менен мамилеси сууп, анын кыйыгына калды. Ч.Турсунбековдун чындыкты тарс эттире бетке айтып, калыс турумду кармангандыгы үчүн каардаган Алмазбек Атамбаев аны кекээр менен «Чыныбай Чиркешович» деп атаганы да саясатчылар арасында айтылып келет.

Мүмкүн, А.Атамбаев Жогорку Кеңештин төрагасы Ч.Турсунбеков мамлекет башчылыкка талапкерлигин коюуга ниетин билдиргенде, аны колдобой, КСДП аркылуу өзүнүн досун алып чыгып, шайлоодон кийин, аны төрагалык кызматтан оодарып түшкөндүгү да ошондон чыгар.

«Кайтаар дүйнө» дейт, кийин А.Атамбаевдин башына каран түн түшкөндө, кайра эле калыстыгынан, акыйкат жолунан тайбаган Ч.Турсунбеков баягысындай эле калыс сөзүн аяган жок. Ага карата ар кандай чагым сөздөр айтылып, ал түптөгөн бизнеске байланыштуу коркутуулар болгондугуна карабастан, өз турумунда акыр аягына чейин турду. Кечээ эле А.Атамбаевдин жанында сагаалап, этегинен өөп жүргөндөр аны сатып кеткенде, ал гана өзүнүн калыс турумунан тайбады. Коркподу.

Эки достун достугу кандай аяктады, анын акыр аягы Кыргызстанды кандай саясий жана экономикалык кризиске алып келип такады, аны бүтүндөй дүйнө жүзү көрдү. Ушул бүгүн акыркы 3-4 жыл аралыгындагы өлкөбүздүн коомдук-саясий турмушунда болуп өткөн саясий окуяларга сереп сала отуруп, эгер 2017-жылы президенттик шайлоого Чыныбай Турсунбеков катышып, мамлекет башчысы болуп калганда, экономикабыз өнүгүп, А.Атамбаев да түрмөгө түшпөй, быйылкы парламенттик шайлоо да мыйзам чегинде өтүп, Кыргызстанда 6-9-октябрдагыдай саясий кризис да болбойт беле деген ойго кетесиң. Себеби, ал иш билги ишкер, дасыккан саясатчы, мамлекеттик ишмерден мурда – чыныгы адам эле. Чыныбай байкенин бийик адамгерчиликтүү, достукка бекем, адамдык баалуулуктарды баарынан жогору койгон, досторуна, тааныш-бейтаанышка колун сунуп, жарыгын чачкан,

колу ачык адам болгону аны тааныгандардын эсинде түбөлүк кала берет. Чыныбай Турсунбековдон кара кылды как жарган калыс, чындык үчүн күйүп-жанган, адилеттүүлүктү жана мыйзамдуулукту, адамгерчиликтүүлүктү бийик койгон журт башчысы чыкмак.

Анын досу, Кыргыз эл акыны Кожогелди Култегин: «Чыкемдин бизден да жакшы көргөн жан курбусу бар эле – Чындык деген! Башкадан алыстаса да, Чындыктан эзелим алыстабайт болчу! Башканы кой, бизнесте, башканы кой, саясатта Чындыкты жанынан чыгарбаганда – таазим кылып, тан бердик! Чыныбай дагы – Чыке болчу, Чындык дагы – Чыке болчу! Чындык бар жерде Эмгек, анан Жөнөкөйлүк сөзсүз бирге болот экен. Аны дагы Чыныбай Акуновичтен улам байкадым. Карапайым үй-бүлөдөн чыккан кара тоголок бала Чындык, Эмгек, Жөнөкөйлүк аркылуу калың элдин сыймыгына айланды!» деп айтканында калет жок.

Ал карапайым элге күйүмдүү мамлекет башчысы болмок. Акындар Алик Акималиев, Барчынбек Бугубаев баштаган ондогон чыгармачыл адамдар Чыныбай байкенин жакшылыгын айтып түгөтө алышчу эмес. Акын-жазуучулардын жоон тобу ай сайын каптап алган ак унун айтпаганда, жылына 10-15 миң сом тегерегинде бир же эки жолу жардам алып турушканын билем. Таланттуу акындар Барчын Бугубаев менен Алик Акималиев эч жерде иштебей, жалаң чыгармачылык менен иштеп, ыр жазгандарынын сыры ушунда болчу.

Ошол жылдары менин «Кыргыз Туусундагы» алган бир айлык айлыгым миң сом эле. «Барчын, сен, Чыныбай байкеден мен бир жыл иштеп тапканды бир күндө алып жатасың. Ал бул акчаны сенин талантыңды сыйлап берип жатат. Эми ошого татыктуу ырларды жаз» дечүмүн Барчын досума. «Ээ, Боке, мен да ошону ой-

логондо, түнү уктабай ыр жазып чыгам» дечү Барчын.

Биз, Барчын Бугубаев, Дүйшөн Жапаровдор болуп КМУда (азыркы КУУда) катар окудук. Чыныбай Турсунбеков, Кожогелди Култегиндер бизден жогорку курста окуп, жылдыздары жанып турганы эсимде. Алар 4-5-курста окуп, чыгармачылыгы, адамгерчилиги менен студенттер арасында кадыр-баркы бийик эле. Чыныбай байке Барчын менен дос болбосо да, анын акындык талантын сыйлап, минтип колунан келген жардамын берип, колдоо көрсөткөнү анын айкөлдүгү, жоомарттыгы гана эмес, улут адабияты үчүн күйгөн мекенчилдиги, эң башкысы – бийик адамгерчилиги десем да болот.

Акын Алик Акималиев да досу Чыныбай Турсунбеков менен дайыма сыймыктанар эле. «Чыныбайдан ун алышым керек эле. Барсам, отурган экен, «Унду жонума салып көтөрүп кетмек белем» десем, колума миң сом карматты да, айдоочуларына айтып жеткиртип койду» деп жаш баладай барбалактап сүйүнүп: «Чыныбайга айтып, сени да бекер ун алчулардын катарына киргиздирип коёюнбу» деп кошумчалап, Чыныбай үчүн айрым маселелерди өзү эле «чече» салчу.

«Алик байке, менин да тегирменчи досторум бар. Ун керек болсо, ошолордон алам» деп кутулчумун андайда. Чыныбай байке акын Алик Акималиевге ундан эле жардам берген жок. Жыл сайын бир же эки жолу 10-15 миң сом акчалай да жардам берчү. Китептерин басмадан чыгарууга да акчалай колдоо көрсөттү.

Чыныбай Турсунбеков тууралуу маалыматтарды чогултуп жатып, ал акын-жазуучуларга, интеллигенция өкүлдөрүнө аябагандай көп материалдык жардамдарды бергени тууралуу маалыматтарды жолуктурдум.

Мындан беш жыл мурда жоон топ журналисттер

Чыныбай Турсунбековду коштоп, Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылына барып калдык. Айылдын чок ортосунда жайгашкан эки кабат үйдө жашагандардын көбү майыптар экен. Ал депутат катары ун, май ж.б. азыктардан ала барган экен. Жардамчылары аларды таратып берди. Аңгыча бири акчалай жардам сурады эле, жардамчысын чакырып, дароо 15 миң сом санап берди. Мына ошондо анын колу ачыктыгына дагы бир жолу өз көзүм менен күбө болдум. Алик Акималиев, Барчын Бугубаевдер бекеринен мактабаптыр деп ойлодум.

Арийне, ал кайрымдуулук иштерин эч качан эч жерде айтчу эмес. Сыягы, ал кимдир-бирөөгө жардам бергенин кадыр-колко кылганды жактырбаса керек.

Кызы Айдай Турсунбекованын: «Атам, «миллионердин миллион карызы болот» деп айтчу эле» дегенинде Чыныбай байкенин адамгерчилигинин, айкөлдүк касиетинин сыры жатат.

Чыныбай байке акын жана адам катары менин эсимде көбүрөөк калды. Анын алгачкы ырлар жыйнагы менин китеп текчемдин эң сыйлуу жеринен орун алган.

«Сен мага досуңдун ким экендигин айтсаң, мен сенин ким экениңди айтам» демекчи, кайсы гана акынды окуба, анын ырлары акындын ким экенин айтып турат. Акын Чыныбай Турсунбековдун ырларынан да бийик адамгерчилик, жөнөкөйлүк, аруулук, кеменгерлик, калыстык, мекенчилдик сезилип турчу.

**Күн**

Эртең менен күлүп-жайнап чыгып Күн,
Кечте кайра уясына жашынат.
Адам андан жагып отун үмүттүн,
Алдыдагы максатына ашыгат.

Күн бар болсо тээ бийикте жагылган,
Жылдызга да камчылайсың атыңды.
Анын нуру мезгил болуп агылган,
Бойойт акка күндө бирден чачыңды.

«Эртең кайра Күндүн көзүн көрөлү» –
Оо, адамдар, бул бир жөн сөз болбосун.
Ар бир үйдүн күлүп чыккан бөбөгү
Ачык тийген Күн астында ойносун.

Алааматтуу коркунучтун алдында
Адамың да, чөбүң дагы бир өңдүү.
Жалгыз гана бардыгынын камында
Жүргөн Күндүн амандыгын тилейли.

Акын Ч.Турсунбековдун өзүнө окшогон жөнөкөй да, алпейим да, жугумдуу да, аруу да, мээримдүү да, не деген керемет ыр. Анын ар бир ыры мына ушундай түшүнүктүү, окумдуу, ачык, сыр жашырбаган, жан дүйнөсүнөн төгүлүп түшкөн ырлар. Ал көптөгөн маектеринин биринде: «дүйнөнү баланын көзү менен карайм…» дегени бекеринен эмес. Өзү айткандай эле, жан дүйнөсү жаш баланыкындай аруулугу, тазалыгы акын Ч.Турсунбековдун ырларынан дароо эле сездирет.

Ишкер Ч.Турсунбеков колу ачык, жоомарт, берешен, кайрымдуу эле. Саясатчы Ч.Турсунбеков кара кылды как жарган калыс, акыйкат, чындык үчүн күйгөн, карапайым элдин тагдырына кайдыгер карабаган чыныгы мамлекетчил, алдыны көрө билген инсан болчу.

Акын Чыныбай Турсунбековдун таланттуу ырлары муундан-муунга өтүп, жүздөгөн жылдар адамдардын жүрөгүн жылытып, эскирбей да, оңбой да, тозбой да окула берет.

Адам Чыныбай Турсунбеков көзү тирүүсүндө ондогон-жүздөгөн карапайым адамдарга жарыгын чачып, жашоосуна дем-күч берди. А.Акималиев, Б.Бугубаев баштаган ондогон акындар, жазуучулар анын материалдык колдоосу менен мыкты чыгармаларды жазып, кыргыз улуттук адабиятына кайталангыс салымдарын кошуп кетишти. Канчаларга мамлекеттик жана эл аралык адабий сыйлыктарды алышына түздөн-түз жардамын берди. ЖОЖдордун профессорлоруна, окумуштууларына Ысык-Көлдөгү «Акун» эс алуу жайында жайкысын эс алууга жыл сайын шарт түзгөндүгү да маалым. Ал андай жакшылыктарды кадыр-колко кылбай да, аны коомчулукка жар салбай да жасай берчү. Мына, жакшынын шарапаты деген ушул. Чыныбай Турсунбековдун басып өткөн жолу, акындыгы, ишкердиги, саясий ишмердиги чыныгы адамдык жашоонун кайталангыс үлгүсү десек эч ашыкча болбойт.

Ал бул турмушта эмнеге жетсе, эмнени жаратса, ага өзүнүн карандай мээнети менен жетти. Ал башкаларга окшоп, мамлекеттен уурдаган жок. Мыйзамсыз иштерге барбады. Анын жыйнаган дүйнөсү жана жасаган жакшылыктары Ч.Турсунбеков түптөгөн «Акун» тегирменинин унундай ак.

**Олжобай Шакир**

акын, публицист

## «КУДАЙДЫН ТИЗМЕСИНИН КАТАСЫ БАР»

– О Чыке, арыбаңыз...

– Бар бол!

– Качан жолугабыз? Убактыңыз кандай?.. Качан чай ичишебиз?..

– Убактым деле бар, бирок жолугушпагыла, кафе-ресторандарга барбагыла деп атышпайбы...

– Ха-ха-ха... – Чыкем менен былтыркы каргашалуу жылда эң акыркы үн алышканыбыз ушул болду телефондон.

Куйкумдуу сүйлөгөн Чыкемдин «жолугушпагыла, кафе-ресторандарга барбагыла деп атпайбы» дегенине боорубуз эзилип каткырганбыз телефондун эки учунан. Ковид күчөгөн күндөрдүн алдында сүйлөшкөндөгүбүз болчу. Ошондон көп күн өтпөй бейтааныш бирөө телефон чалып калды:

– Үй дарегиңиз кандай?.. Чыныбай Акунович сизге бир аманат тапшырды эле, ошону жеткирип берейин дегемин...

Көрсө, элде азык-түлүк тартыштыгы башталганда Чыкем мени ойлогон окшобойбу... «Акун» компаниясынын атынан ун-пун жөнөтүп жибериптир үйүмө.

Анан эле бир күнү маалымат каражаттарында Чыкемдин сүрөтү жайнап кетсе болобу! Эх, аттиң – суук кабар! Өнө боюм дүр дей түштү. Жер муштап күрсүнүп бүтө элек кезде, дагы бир асылдан ажырап калдыкпы – Чыкем ай, Чыкем, эскайран!

Чыкемдин алдында эле элибиз кандай гана жоготууларга жер муштап отуруп калбады! Кандай гана асыл инсандар биринин артынан бири узай берди! Биринин топурагы сууй электе экинчиси, үчүнчүсү... онунчусу... Топурак сууй электе, көкүрөк сууй электе, көз жаштар кургай электе эле биринин артынан бири кеткен асылдарды жоктоо тирүүлөрдүн азабы турбайбы!

Коронавирус айынан ал күндөрү кадырлаш, санаалаш адамдар менен бетме-бет көрүшпөй, телефондон эле амандык сурашкан апааттуу күндөр келбедиби. Жакшы көргөн адамдарың менен көзмө-көз көрүшө албай калган күндөргө кептелбедикпи! Ажал туш-туш-

тан тооруп, ар бир кадамыбызда ажал аңдып турган күндөргө кабылбадыкпы! Телефонду чукуласаң: тааныш-билиштердин ысымдары көзгө урунат. Арасынан Чыныбай Турсунбеков, Элмирбек Иманалиев, Зайырбек Ажыматов, Чубак Жалилов, Бүбүкан Досалиева, Болот Шер, Тилек Мураталиев... И-ий койчу, жүрөк сыйрылат.

Телефондогу тизмелерди өчүрүп салганга азыр да кол бара элек. Баарын эле өлүмгө кыйбайт экенсиң. Тирүү жандай сакталып жүрө беришсин дедим да, жүрөккө жакын адамдардын номурлары ушул күнгө чейин телефонумда сакталуу... Тирүүлүктө жакын адамдардан ажыраткан 2020-жылдагы каргашалуу күндөр-ай!.. Телефондон эмес, жүрөгүмдөн өчүрүп сала алгыс кадырыбыз өтүшкөн асылдарым! Жаткан жериңер жайлуу болсун түбөлүк! Силер жазданып жаткан топурактан чанагы жарылып гүл өнүп чыксын, көкжашыл шибер чөптөн кыртыш калыптансын.

Ар бириң кыргыз коомунда кыртыш байлап, ар бириңдин өз ордуңар бар эле. Гүлдөй назик жүрөгүңөрдөн чыккан жакшылык иштерди айтып түгөтө албастырбыз эми...

* * *

Чыкем үйгө берип жиберген унубуз көпкө жетти. Ошол ундан о дүйнө кеткендердин көбүнө үйдөн жыт чыгарып, куран багыштаган болдук. Чыкем берип жиберген ак ун турган тушка көзүм кадалган сайын, жүрөк сыгылып жүрдү. Өзү жөнөткөн ундан өзүнө арнап боорсок бышырдык, куран окудук. Чыкем экөөбүз кафе-ресторандардын бириnde чогуу отуруп жебей калган напсибиздей туюлуп жүрдү мага акыркы жөнөткөн аманаты... Адатынча куйкумдуу сүйлөгөн Чыкем

«мага куран окутуп коёрсуң» деп атайы эле аманатка жөнөтүп жибергендей туюлуп жүрдү бурчта турган ак уну…

* * *

Чыкем экөөбүз 90-жылдардан бери ага-инидей элек. Бирде таарынышып, бирде табышып алчубуз тез эле. Чыгармачылык алакабыз үзүлбөдү. Көп жакшылыгын көрдүм. Жашырганда эмне: батирден батирге көчүп жүргөн күндөрүм болду жашоодо. Тартыш турмушта жүдөй түшкөнүмдө барар кишим, тайанар кишим эле Чыкем. Ошондо да ит кыялымды карматчумун Чыкеме: адабият өндүрүш эмес экенин, бизнес эмес экенин колкоо кылчумун ага. Коколой башым менен келбегенимди айтып, өзүмө жардам сураганым аз келгенсип – ыраматылык болуп кеткен устатым Алым Токтомушев менен таланттуу акын Алик Акималиевдин китептерин Чыкеме док уруп атып жарыкка чыгарганыбызчы…

Өндүрүш ишин өйдөлөтүү үчүн өзү кредитке батканын айтып, карызы кыстап турса да эркелигибизди көтөргөн киши эле кайран Чыкем… Акын-жазуучунун далайы анын эрке балдарынан бетер куру кол кетчү эмес эшигинен. Тагдырына таарынган жетим-жесирлер бир жагынан, айылдаштары, тааныш-билиш калемдештери, курсташтары бир жагынан тооруп, Чыкебиз эмне кыларын билбей ойдолоктоп: жардамчыларын, бухгалтерин чакыртчу. Алары кабак-каштарын түйүп, баландай жерге кредитти төкпөсө мөөнөт аяктап калганын; өздөрүнүн өндүрүшүнө акча тартыштыгын айтып баштаганда Чыкебиз:

– Анда чай-пайыңардан койгулачы меймандын алдына, – дечү да, алдыбызга таттысын жайнаттырып, ысык чайын берип отуруп, кайсы бир мөөнөтү келген-

де жардам берээрин айтып узатчу. Ошондо да болгон чөнтөгүн аңтарып атып: – Эч болбосо моногу күнүмдүк расходума деген акчаны алып тургула, – деп узатып калар эле эскайран Чыкебиз, эл багар Чыкебиз.

* * *

Өндүрүш жаатындагы мээнетин, эбегейсиз чыгымдарын билип туруп деле «адабиятка жардам кылуу сиздей чынжырлуу байга кыйынбы?» деп жүк артканымды кантейин «РухЭш» сайтында адабий конкурстарды уюштуруп баштаганымда.

Бир курдай Чыкем экөөбүз Европадан келатып Стамбулдун аэропортунан кезигишип, көпкө сырдаштык.

– Чыке, – дедим бир далай отуруп зериккенде, – буюрса, «РухЭш» сайтынын ити чөп жей турган заман келди. Көрөсүз, адабияттан кызылдай акча түшө турган күн келди. Мен эми сизден өткөн бизнесмен болом. Себеби элдин курсагы тоюнуп, адабиятка болгон муктаждык жаралды. Эми сиз экөөбүз өнөктөштүк менен улуттук адабиятты жолго коёр долбоорум бар. Ошону ишке ашырбайлыбы, – дедим.

– Көрүп атам, окуп атам келечектүү иш баштаганыңды. Бирок кайра эле мага жүк артканы турат окшойсуң э?.. – адатынча борсулдап күлдү.

– Ооба, сизди кайра эле саап баштайын деп атам...

– Ылайым эле адабият, маданият кирешелүү булакка айланса кана. Мен да колдоойм ишиңди, – деп калды.

– Саясатка барам деп миллиондогон акчаларыңызды шайлоолорго короттуңуз. Акыбети эмне болду – кайра башыңыздан ылдый жугунду куйган жалган жалаанын курмандыгы болдуңуз. Андан көрө адабият-

ка инвестиция жумшаганыңыз мөмөсүн берип жүрбөсүн, – дегенимди кош колдоп, Чыкем экөөбүз келечектүү ишибизди бышыктап алганыма ичимден кудуңдап калгамын.

– Анда Бишкекке жетели, экөөбүз чай ичишип, долбооруңду колдоого алам, – деген бойдон бир самолётто чогуу келгенбиз.

Ошондон көп өтпөй Чыкем экөөбүз КТРКнын түз эфиринен дүйнө адабиятын кыргыз тилине түп нускадан которгон конкурсту үзгүлтүксүз улай берерибизди атпай-журтка жар салганбыз. Ал күнү чай ичише албадык. Түн жарымы болгондуктан тарап кеттик. Жакында чай ичишебиз деген бойдон тарадык...

Ошол бойдон бирге отуруп чайыбыз да ичилбей калды. Улуттук адабиятты өнүктүрүү боюнча кыялдарыбыз да ишке ашпаган бойдон калды. Чыкемдин телефон учунан: «... жолугушпагыла, кафе-ресторандарга барбагыла деп атышпайбы...» деген күлкүсү гана кулагымда калды...

* * *

Ал киши менен далай интервьюларды уюштурдум. Адабият айдыңында мыкты акындардын сабында жүргөн Чыныбай Турсунбеков адабият илиминде да, котормо өнөрүндө да улуттук адабиятыбыздын казынасын байытчу эмгектерин калтырып кетти. Түрк тилинен кыргызчага которгон мөл-мөл чыгармалары өзүнүн авторлук чыгармасындай өрнөктүү тексттин үлгүсү болуп калды. Колума тийгендерин гезит-журнал, «РухЭш» сайтына жарыялап келдим.

Өзү да «РухЭш» сайтынын ишмердигине тилектеш, санаалаштыгын билдирип, улуттук адабиятты байытуу багытында: дүйнөлүк адабияттын өрнөктүү чыгар-

маларын кыргыз тилине түпнускадан которуу боюнча жарыяланган конкурсубуздун байге фондуна өз чөнтөгүнөн жүз миң сом бөлүп берген. Ал жолку конкурсубуз жыйынтыкталып, кийинкиси токтоп туру…

Көрсө бу жашоонун өксүгүнө устатым Алым Токтомушевдин каңырыгы бекер түтөгөн эмес тура минтип:

Тиленип тийбей калган бата сыңар,
Тирелип ар кай жерде жатасыңар.
Ар бириң кеткен сайын ойлоп келем,
Кудайдын тизмесинин катасы бар!

**Абдыкадыр Садыков**
филология илимдеринин доктору, профессор

## ЛИРИК АКЫН

### Алгачкы таасирлер

Чыныбай Турсунбеков азыркы мезгилде коомдук ишмер катары элге аты кеңири белгилүү болуп калган инсан. Ал Нарын районунун Жан-Булак деп аталган айлында көп балалуу үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Балалык мезгили ошол жерде өтүп, ал айылдык мектепти бүткөндөн кийин Фрунзе шаарына келип, Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетине кирип, аны алдыңкылардын бири болуп аяктаган соң, «Кыргызстан» басмасында бир аз убакыт редактор болуп иштеп турган. Андан кийин Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун аспирантурасына өткөн. Мен анын илимий жетекчиси болчумун. «Кыргыз прозасында шаар менен кыштактын карым-катнашын чагылдырган чыгармалардагы конфликт жана каарман проблемасы» деген теманы кандидаттык диссертация катары тандап

алып, аны өз мөөнөтүндө аяктап, 1988-жылы илимий даража алган.

Жаш адамдын жогорку окуу жайын бүтөр замат эле аспирантурага өтүп, диссертациялык эмгек жазышы – бул көп эмгекти жана убаракерчиликти талап кылатурган өтө түйшүктүү жумуш. Чыныбай окуп жүргөн мезгилде диссертацияны Москвага Жогорку аттестациялык комиссияга орус тилинде жиберүү керек деген талап бар болчу. Айылдык мектепте бүткөн жаш илимпоздун ошол тилдик барьерди тез эле жеңип чыгышы үчүн албетте, табиятынан бүткөн эмгекчилдик жана шык көмөк берген.

Илимий эмгек жаратуунун татаалдыгын аны өз башынан кечирген адамдар гана билет, анткени, аны жазыш үчүн көптөгөн илимий китептерди окуп, теориялык багаж топтоп, аны көркөм чыгармаларды талдоо процессинде ыктуу пайдалана билүү талап этилет. Чыныбай мына ушул этапты көгөрүп тынымсыз иштөө менен гана жеңип өткөн.

Эми акындык өнөрүнө келе турган болсок, ал мектепте окуп жүргөн жылдарында эле поэзияга кызыгып, ыр сымал бирдемелерди жазып жүргөн экен. Өзүнүн айтуусуна караганда, мугалими жаңы жыл жөнүндө дил баян жазып келүү тапшырмасын берсе, ал аны ыр менен бериптир. Эжейи баланы класста мактап, бул ага бир топ дем бериптир. Ошондон тарта Чыныбай адамдын жан дүйнөсүн изилдей турган бул татаал өнөрдүн артынан түшүп, чыгармачылыгын студент кезинде андан ары улантып, окууну аяктаары менен эле чакан китепчесин чыгарат. Ал кандай гана кесипти аркалабасын, акындык өнөрүн таштабай, бүгүнкү күнгө чейин өркүндөтүп, жакында эле «Жалын тоо» аттуу бир томдугун жарыкка чыгарууга жетишти. Де-

мек, Чыныбайдын жан дүйнөсүндөгү акындык сезим эч кандай тоскоолдукка баш ийбей, өнүгүп өсө бере тургандыгы айкын болуп калды. Мен ага тилектештигимди билдирип, жаңы чыккан китебине илимий, адабий таануучулук пикир айтып, колдоо көрсөтүп коюуну туура таптым. Ушул жерде урматтуу окурман, бир маселени эскертип коюунун зарылдыгы бар. Анткени, аны айтып жаткан себебим, жогорку кызматта иштеген адам жөнүндө кимдир бирөө мактап макала жазса, аны кошомат катары кабылдаган учурлар да кездешет. Менин анын поэзиясы жөнүндөгү көз карашым башка акындар тууралуу жазып жүргөнүм сыяктуу эле кабылданышы керек деп ойлойм, себеби, азыркы мезгилде жайнап чыгып жаткан ыр китептерин же башка жанрлардагы чыгармаларды окуп, талдап, дурусун дурус, бурушун буруш деп айтуу адабиятчы жана сынчылардын милдети болсо дагы аны жакшы өтөй албай келе жатабыз.

Дагы бир эскерте кетүүчү нерсе, мен анын чыгармачылыгы менен көп жылдардан бери тааныш болсом да ушул кезге чейин унчукпай келгендигимдин себеби, поэзияны ал жөн эле эрмектеп (хобби деп коюшат эмеспи) жүрөбү же бул анын табиятында берилген касиетпи деп да ойлоп келгем. «Жалын тоо» китеби менин оюмдун экинчи багытын бекемдеди, б.а., ыр жазуу анын жан дүйнөсүндөгү бөлүнгүс бир сапат экен.

Эмесе, урматтуу шакиртим, алган сапарың байсалдуу болсун! Коомдук иш сенин поэзияңа эч кандай жолтоочулук келтире албайт. Улуу жазуучулардын бир катарлары мамлекеттик жумуш менен бирге эле чыгармачылык менен да алектенип келгени белгилүү эмеспи.

## Поэзия дүйнөсүндө

Акын ырды кыйналып-кысталбай илхамы келгенде эркин жазуу керек. Ошондой табигый түрдө жаралган ырлар окуган адамды өзүнө тартып, сезимин козгойт. Эгерде ал адабиятчы болсо, дароо калемин колго алып, акын тууралуу ой-толгоо жазууга ашыгат. Мен Чыныбай Турсунбековдун бир томдук поэзиясын окуп отуруп, ошондой чечимге келдим. Анын студент кезинде жазган ырлары чакан китепче болуп чыгып, мындан көп жылдар мурун колума тийген эле. Анда ал менин аспирантым катары тырмак асты эмгегин жетине албай мага белекке берген болчу.

Аны мен бир сыйра көз жүгүртүп туруп, көп китептердин арасына кыпчып коюу менен чектелгем. Кийин дагы бир жыйнак чыгарыптыр, аны көрбөй калыптырмын. Сыягы анда ал Турцияда иштеп жүрсө керек эле. Эми үчүнчү китебин мага Чыныбайдын Манас-түрк университетинде өткөн поэзия кечесине катышкан шакиртим М.Жаңыбаева алып келип берди. Анда ооруканада элем. Маанайым анча болбогон соң, бир аз көз жүгүртүп туруп тим болгом. Бир жума өткөн соң, үйгө келип, А.Жакшылыковдун мени күтүп стол үстүндө турган соңку ырлар жыйнагын коё туруп, Чыныбайдын бир томдугун үңүлүп окуй баштадым. Ошондо ал өтө урматтап сүйүп окуган кудум Алыкул сыяктуу профессионал акын көз алдыма тартыла түштү. Өзгөчө, поэтикалык деталдарды колдонуу чеберчилиги мени кубантып, жан дүйнөмдү бийлей баштады. Бир топ ырларынын тушуна плюс белгисин коюп, окуп отургам, анан жарымдап калганда пайда болгон ойлорду карточкаларга түшүрө баштадым. Мына ошентип, ушул эмгекче жаралды. Ал тез жана шар жазылды,

анткени, айтыла турган ойлор жабалактап улам бири чубуруп башыма келе берди…

Акын деген ким?

Эң биринчи иретте белгилей турган нерсе, анын поэзиясынан акын деген ким, анын милдети эмне деген суроого жооп алдым. Б.а., лирикалык «мендин» ачык тартылган портретин көрдүм. Ал алдына айкын, чоң максат койгон учкул канат жаш жигит экен.

Жаркыратып жан серек жаштыгымды,
Жаратамын жалындуу жакшы ырымды.
Керек болсо кайрадан жасап алам,
Маңдайыма жазылган тагдырымды. (117-б)

Бул өз тагдырын өзү жасап алган жигит анын өзүнө окшоп турат. Ал базар экономикасынын шартына ылайыкташып, бул жумушту ийгиликтүү ишке ашыргандыгы анын жогорку ыр саптарында айтылгандай, өзүнүн келечегин өжөрлүк менен жүрүп өзү жасап алгандыгынан көрүнөт.

Ыр жазуу ар кимдин эрмеги эмес. Алыкул «жакшы ыр жазсам бутунан өөп жөнөтөм, жаза албасам көзүмдүн жашын көлдөтөм» деп айткандай, Чыныбайдын лирикалык «мени» кээде ыры жакшы чыкпай калса, ызаланган, өзүнө-өзү нааразы болуп, тынымсыз изденген:

Маңдайга жазган андан айырбасын,
Максатты тагдыр жолдон кайырбасын.
Жаман ыр-эшик тоскон мастан кемпир,
Жакшы ыр бул – уялаш карындашым.(111-б)

Демек, лирикалык «мен» үчүн жаман ыр – эшик тоскон мастан кемпир, жакшы ыр – сүйкүмдүү, мээримин төгүп турган карындашы сыяктуу.

Чыныбай Турсунбеков ыр жазууну мектептен баштап, студенттик кезде уланткан. Акындык шык ага

тынчтык бербей изденген, бирок, аткан ок дайым эле бутага тие бербейт тура. Ошондо ал жазуу столдон туруп кетип, китеп текчесиндеги классиктерди барактап отурат. Бир убакта эле илхам келе түшөт да, татынакай ыр саптары ак баракка төгүлө баштайт:

Бүгүн кечке сезимди булут басып,
Бир топ китеп барактап, угут татып.
Жазындагы дарактай жашыл элем,
Жазылбаган барактай кысыр элем -
Көкүрөктөн көңүлдүү ыр төгүлүп,
Күзгө айландым заматта күтүрөгөн. (112-б)

Жигиттин үч милдети бар дейт акын. Эң негизгиси, карама-каршылыктарга толтура бул дүйнөдө Алыкул айткандай, анын миң кырдуу сырына төп келген айлакер, күжүрмөн, кайраттуу боло билүү керек. Эгерде сенин эркиң бир аз эле бошой түшсө, ал сени биротоло басып алат...

Чыныбай акындын негизги үч милдети катары төмөнкү шарттарды белгилейт:

Атаң өлсө ордун анын жоктотпо,
Аял кетсе мусапырга окшошпо.
Касың менен ачык кармаш аянбай,
Жеңиле бил, байкатпастан бут тоссо. (113-б.)

Ал эми эгерде сөз инсан катары анын өзү жөнүндө жүрсө, анда ал жакшы ыр жазып, элге алынып, өз поэзиясы аркылуу кызмат кылсам деп эңсейт:

Жалтайлабай эр жигиттин күчүнөн,
Жан кыйнаган ушул көйгөй турмушта.
Жарты сабак ырым сен деп түшүнөм,
Менин кылган жакшылыгым кыргызга. (114-б.)

Ооба, нагыз поэзия жан дүйнөнү тазартып, адамдарды эмгекке, күрөшкө, максаттуу жашоого үндөйт.

Кылымдардан бери эле көркөм адабият ушул улуу миссияны аркалап келген. Өздөрүнүн жаркын поэзиясынын кадырын түшүрүп, наадандарга тепсетпей, Пушкин, Лермонтов сыяктуу улуу акындар кара баштарын өлүмгө байлашкан. Чыныбайдын да лирикалык «мени» эгерде эл тагдырына коркунуч туулуп, акындык кудурет кыл көпүрөнүн кырына коюлса, анда ал да ак өлүмгө даяр экенин мындайча туюнтат:

Же бир гана боштук калып сезимде,
Же «дүрт» этип күйүп кеткен кезимде.
Өлтүрүшсө ыры өмүрүн кайра улап,
Өчүрүшсө тутануучу кайра бат
Акын өзүн алып барып кайда урат?
Айтчы, курбум, акын өзүн кайда урат? (118-б)

Бул кызыл кекиртектик кылып ураалаган демагогиялык ыр сымалдарга такыр окшошпойт, анткени, акын ага чейинки куплеттерде ойду логикалык жактан бышырып койгон. Ооба, «түгөйүнөн ажырап, күйүтүнөн өзүн жарга урган куш» же аварияга учурап, күйүп бараткан самолёт жерди көздөй умтулган сымалдуу лирикалык «мен» да ошолордой тагдырга б.а. өлүмгө баруугa даяр. Патриоттук ойго чөмүлгөн төмөнкү саптар жогорку ырдын негизги пафосун мындайча улайт.

Маңдайга жазган жазуудай,
Максатты ишке ашырбай,
Өткүм жок жалган дүйнөдөн,
Өчкүм жок бийик атылбай. (119-б.)

Акын поэзияны ар дайым эл кызматында болуп, аларга эстетикалык рахат берип, эл-жерди сүйүүгө шыктандырса өзүн бактылуу сезээрин бир катар ырларында жакшынакай табылган поэтикалык деталь ар-

кылуу сүрөттөй билгени – бул анын жан дүйнөсүндө ыр уялаган талант экендигин күбөлөй алат. (120-б.)

**Балалык кез – наристе баёолук,**
**жигиттик кез – изденүү**

Балалык кез эч кайталангыс өзүнчө бир наристе курак. Адам жашы улгая баштаганда ошол керемет мезгилин көп эстейт. Маркстын сөзү менен айтканда, чоң адам кайра балага айлана албайт, бирок, ал анын өтө бир сүйкүмдүү баёо кылык-жоругуна суктанбай койбойт. Ошол сыңары Чыныбай да балалыктын ар түрдүү кырдаал, жагдайлардагы көрүнүшүн жакшы табылган көркөм деталдар менен таасын сүрөттөп берүүгө жетишкен. Бир ырын «Балалык» деп атап, ошол чыт курсак учурун сагынганын өзгөчө бир эмоция менен туюнтат:

Жарышып желге чуркачу,
Белине турбай турсасы.
Бал экен го ал курак;
Чайыңа салып ууртачу. (7-б.)

Балдай таттуу зат жок го дүйнөдө! Акын балалыктын асылдыгын, кереметин ошондой элестетет.

Баланын төрөлүшү, жарык дүйнөгө келиши – бул чексиз кубаныч. Ал тукум улоо табияты, адамзат пендесинин эртеңки күнү. Эми аны алдейлеп өстүрүү, чоңойтуу үчүн эне-атанын мойнуна көп милдет жүктөлөт.

Жапжаш туруп ата болуу кубанычын акын «Кызым төрөлгөндө» аттуу ырында эмоцияга толгон сезим менен чагылдырат:

Оо, бакырган үнүңөн,
Өйдө-төмөн жүгүрөм.
Сүйүнчү бер адамдар,
Жентек жеп кет үйүмөн (107-б)

Баягыда Айтматовдун Субанкулу биринчи уулу Касым төрөлгөндө чексиз кубанычын билдирип тоолорго кайрылып, сүйүнчүлөгөн эмеспи. Себеби, көз жарган перзент табияттын бир чырпыгы да! Ошол сыңары «Акундун акын уулу да» (өз сөзү) чүрпөлүү болгондо эмне кыларын айласын таппай алдастап, көчөгө чуркап чыгып, эл-журтка сүйүнчү айтып кыйкырат.

Ошентип, төрөлгөн жандык бир жашка чыгып, тамтуң басканда чоң эне, чоң ата тушоо кесүү расмисин жасайт. Ушундай аталган бир ырында акын кээ бир адамдардын салтка туура келбеген терс кылыгына ыза болгонун жашыра албайт:

Биринчи жеткен агам
кечирип кой,
тушоосун кесе алган жок.
Тушоону кести,
парторгдун баласы
арттан барган. (5-б)

Анткени, жарышта биринчи келген бала тушоо байгесин ала албады, аны кошоматчылар парторгдун баласына ыйгарып койду. Ошондо кичинекей бала турмушта кездешүүчү адилетсиздиктин бир үзүмүн көрүп, аябай ызага батканын мындайча туюнтат:

Байкем экөөбүз
ызаланып,
капаланып,
келсек үйгө,
Апабыз
шымыбыздын жыртыгына
жамаачы салып отуруптур.
Сагындым жыртык шымым...(6-б)

Бул жакшы деталь. Акын көп балалуу үйдө анча жетишпеген турмушта өсүп чоңойгонун «жыртык шым» деталы менен элестүү туюнта алган.

Жеткинчектин мектеп партасына отуруп, мугалимдин ага «ата, атка така как» деген алгачкы сүйлөмдүн тамгаларын жазууга үйрөтө баштаганы өмүрүндөгү эстен кеткис күндөрдүн бири:

Сыр жыттанган парталарга отуруп;
Тамга үйрөткөн мугалимге кошулуп.
бир кезде чөкө таандай чурулдап,
«Ата, атка така как» деп окудук.

Совет заманында окуучулар октябрят, пионер, комсомол деген уюмдарга бириктирилип, аларга гуманисттик, патриоттук тарбия кичинесинен баштап жан дүйнөсүнө сиңирилген:

Сабактан соң үйгө чуркап энтигип,
«төрт», «беш» алсак сүйүнчүлөп келчүбүз.
Эч кими жок Айкан деген эненин,
Күндө барып суусун ташып берчибиз. (8-б)

Ата Мекендик согуш маалына туш келген балалык абдан оор күндөргө кириптер болгон 14-15 жаштагы Айтматовдун курагындагы балдар колхоздун жумуштарын аткарып, өлкөбүзгө кол, бут болууга жарашкан. Ал эми Чыныбайлардын мууну жакшы учурга туш келип, алар ойноп-күлүп, бактылуу балалыкты баштан кечиришкен:

Балдар болуп эшек минип, анан да
чүкө ойноп, кармалчубуз агайга.
Кечиндеси кой тосконду унутуп,
Атабыздан тил укчубуз далайга. (8-б)

Өспүрүм куракка келген улан-кыздардын да көңүлдөрү куунак, шатыра-шатман, оюн-күлкүгө карк:

Секелек көөдөндөрү алып-учуп,
Балдарды карга басат жабылышып.
Чабалбайды качырбай кармап алып,
Ыйлатышып коюшат чала-бучук.
Жүрүшөт ушунчалык жыргап алар,
Күлүшөт таза назик шыңкылдашып,
Шыбырашып коюшат: «Агайды да
карга оонатып койсок» – деп кыңкылдашып... (13-б)

Ашыкча коолдоосу жок кадыресе сөздөр менен тартылган бул элес көңүлгө уюйт, балалык күндөрдүн бир үзүмүн көз алдыга даана элестетет. Ооба, «жөнөкөйлүк – бул таланттын карындашы» деп А.П.Чехов айткандай, жөнөкөй, табигый ыргакта турмуш көрүнүштөрүн элестүү тартып берүү – бул чеберчиликтин бир жагдайы катары каралуу керек.

Өспүрүм кыздар эркек балдар менен тең жарышып, жай чилдеде чөмөлөй салып, чөп үймөккө кол кабыш кылып жүрүшөт. Баягыдай эле эмгекке шаттык кошулуп, күлкү-тамашалар аба жарып, асман айга – угулат:

Жай чилдеде
ызылдашат чиркейлер үйүлүп
Кой сарайдын артына чөп үйүшүп
жүрүшөт окуучулар,
күлүшөт шаттанышып.
Мурат менен Атыркүл бир боо чөптү
биргелешип үймөккө барат ташып.
Сарайдын эшигине Мааткеримов
М+А=Сүйүү деген
сүйлөмдү аппак бор менен
салат жазып... (14-б)

Кичинекей деталь бир замандагы жөрөлгөлөрдү эске салат. Анда азыркыдай өтө ачыктык, кыздар жи-

гиттердин мойнуна асылып өбүшүү деген жок. Баары тымызын ичте катылуу. Ч.Айтматовдо Султанмураты Мырзагүлгө наристе сүйүү сезимин кат аркылуу билдирсе, кыз бет аарчынын чекесине сайма менен С+М деген жазуу жазып, жооп берет. Бул экөөбүздүн тилегибиз бирге дегенди туюнткан.

### Эне жана ата очогу

Лирикалык «мен» онунчу классты бүтүп, алыскы шаарга окууга кетет. Жаңы шартка ылайыкташып, студенттик күндөрдү башынан кечирип жүргөн кезде ал эне-атасын, айылын сагынат. Ушул тема да акындын жыйнагынын биринчи бөлүмүндө кеңири орун алган.

Жарык дүйнөнү көрсөткөн эне-ата тууралуу жазбаган акын жок, болууга да мүмкүн эмес. Аны ар ким өз чамасына, кудуретине жараша чагылдырып келишкен. Чыныбайдын бул темадагы ырларында деталдык жакшы табылгалар бар. Анын апасы карындашына айтып берип уулуна кат жаздырат:

Ортосунан бүктөлгөн
Ушул каттар топ барак,
Момпо салган апамдын
Кемсели эле жыттанат. (21-б)

Бир кезде апасы конокко барган жерлеринен кенжем деп баласына дайыма чөнтөгүнө эки-үч момпосуй сала келчү экен. Кат алган сайын ошол учур лирикалык «мендин» көз алдына элестейт.

Уулу атасынын тракторчулук кесибин улантпаса да, анын эмгегин өтө урматтайт:

Ата жолун улап кийин
минбесем да трактор,

Талаа сүйгөн жан сезимим –
сезимине мураскор. (18-б)

Сагыныч сезими студентке өзгөчө ойноп-күлгөн, балалык өткөн жер-суусуна карата да күчтүү.

Тоо темасы кыргыз акындарында кеңири иштелген. Чыныбайда да бул тема белгилүү деңгээлде орун алган. Айылына каникулга келе жаткан кезинде биринчи эле анын көзүнө калдайган кара тоосу көрүнөт:

Канатын куштун талыткан,
Карааны менен сагынткан,
Калдайган кара тоолорду,
Келатам тиктеп алыстан. (25-б)

Илгери ал бала чакта тоолор кандай көрктүү эле. Күңгөйү көк мейкин, тескейи арча, карагайга жыш толгон тоолор кийин ал эр жеткен кезинде ошол келбети бир аз бөксөрүп, кетилип бараткандай, анткени, табиятка мамиле кескин өзгөрүп, ага жырткычтык кыла башташкан. Карагайлар кыйылып, арчалар тонолуп, мурдагы көк мейкин дагы эмнегедир кара топуракка айланып бараткандай:

Канча бир кылым калчаган,
Калдыбы кыйган арчадан?
Кажыбас алптай көрүнчү
Кыргыздын тоосу чарчаган. (25-б)

Тоонун кокту-колотторунда койчулар мал багат. Бул кайраты кажыбаган эмгекчил адамдарды даңазалаган көп ырлар бар. Өзгөчө алардын аялдарычы! Эрлери менен тең жарышып иштеп, койдон мол төл алып, өздөрү да төлдөп, жылына бирден бала төрөп, эч качан муңаюуну билбеген бул аялзатын мактоого сөз жетпейт. Лирикалык «мен» да алардын эрдигине суктанбай коё албайт:

Аялдары калк келет момураган,
Кандай күндө жүрсө да моюбаган.
Ар жыл сайын бирден уул төрөп берет,
Эрдик менен өмүргө жол улаган. (28-б)

Лирикалык «мен» айылга келсе мурдагыдай эмес, шифер менен жабылган ак тамдар, көчөлөрүнө да таш төгүлүп, машиналар жүрүүгө ылайыкташкан. Бирок, ал тааныган адамдардын көбү жок. Мурда көрүп-билбеген жаштар арбыган:

Түшүптүр секичеңе жаңы тамдар,
Торолуп келатыптыр чоочун балдар.
Көрүнбөйт бирок күтүп алик алчу,
Кыдыйып эшек минип жүргөн чалдар...

Ошентип, табияттын мыйзамына багынбашка арга жок. Мурда аны тосуп алып учурашып, ал-жай сурашкан карыялар эми көрүнбөйт. Айылда жалаң ага «чоочун» сыяктуу болуп калган адамдар жүрөт.

**Жыл мезгилине арналган ырлар**

Акындын жылдын төрт мезгилине арнаган ырлары көп. Анын кайсыл учуру болсо да ага жагымдуу. Акын анын ар бирине ылайыктуу көркөм каражат таап, таасын сүрөттөй билет.

Жаз – бул жылдын өзүнчө бир керемет мезгили. Жаз келгенде бардык жандык козголуп, кышкы тонун чечип, жайдарлана баштайт. Айлана жашыл түскө жамынган, аба да бир башкача жанга жагымдуу:

Тереземди ачсам үйгө
Кирет «бур-р» деп асыл жыт.
Жашыл дүйнө жанды козгоп,
Ойнойт канда асылдык. (35-б)

Жай айында ачык асманда калкып бараткан айды карап туруу кандай ырахат. Ал көк деңизде сүзүп ба-

раткан Айтматовдун ак кемесине окшоп кетет. Чыныбай жайдын толукшуп турган сулуулугун келин-кыздардын көкөлөгөн көңүлүнө төп келтирип сүрөттөйт:

Айдын күмүш нурлары,
көк өзөнгө көлөкөсүн түшүрөт.
Тармалданган кайыңдын –
эки чака көтөрүп,
сууга келген кызындай ал
дөңсөөдөгү айылдын.
Асмандагы жылдыздар
жаш келиндей жымың-жымың күлүшүп,
ак чачтары ак калпактай жарашкан
үйлөр менен көз кысышат алыстан. (47-б)

Бул жакшы тартылган сүрөт. Жайдын толук кезинде тоодо ай жерге жакындап келген сыяктуу адамды суктантат. Ал эми жогорку саптарда ошол сулуулукка жарашкан айылдын көрүнүшү, кыз-келиндердин суу алып бара жаткан мезгили көз алдыга элестейт.

Жай бүтүп, күзгө тартканда жайлоо ээндей түшкөн мезгил мындайча сүрөттөлөт:

Алты бакан селкинчектер байланган,
Кыз-жигиттер оюн кылып шаңданган.
Бир кездеги түндөрүнөн жайлоонун,
Көк асманда жалгыз сүйгөн ай калган. (49-б)

Ал эми айдын батар мезгилинде анын «бактын бутагына илинип калган» көрүнүшү көп акындарда кайталанган традициялуу сүрөт Чыныбайда да орун алган.

Күз мезгилинин берекесин бир гана кичинекей деталь менен элестетип бере алгандыгы – бул акындык чеберчиликтин бир белгиси:

Аңыз жыттуу талаасында колхоздун,
Саман-топон жатаар эле чачылып.

Ойноп жүрсөк кампачынын аялы,
Буудай кууруп берер эле чакырып. (45-б)

Ооба да! Бар үчүн кампачы апа балдарды чакырып алып бадырак берип сыйлап жатпайбы. Ал эми кампанын ичи эгинге толуп турушу – бул береке байлыктын символу.

Кыштын өзгөчөлүгүн сүрөттөөдө Чыныбайда башка акындарда кездешпеген бир оригиналдуу деталь бар:

Жалбырактар күбүлүп бүтмөк болду,
Күздөн баштап унчукпас теректеги.
Бутактардын жылаңач кучагында,
кар жамынган кыш болсо уктайт эми. (34-б)

Мына, кар жамынган бутакта кыш өзүнүн өмүрүн өткөрүп жатат. Бул сүрөт көңүлгө уюйт.

**Куштар жана жапайы жан-жаныбарлар**

Чыныбайдын бир томдугунун биринчи бөлүгүндөгү бир катар ырлар аталган темага арналган, анткени, алар адамзат жашоосунун бир бөлүгү. Ошолордун ичинде өзгөчө бир сулуулугу, көркөм-көрүнүшү менен айырмаланган бир жандык – бул маралдар. Кадимки Орозкул зөөкүр аттырган Бугу-Эне. Мунун тукуму үзүлүп бараткандан улам өкмөт аны коргоого алып, атайын Кызыл китепке жаздырган:

Чыга калдым капыс кырчадан –
Белден келген узун тулаңдар.
Кыр алдынан кызык маңкайып,
Карап калды бир саам маралдар.

Ушулардай укмуш болуучу
Кинодогу көргөн Бугу-Эне.
Мээрим чачып күлчү апамдын
Көздөрүндөй көзү куду эле. (39-б)

Акын айбан затындагы эне менен өз энесинин мээрим чачкан көздөрүн бекер салыштырып жаткан жок, анткени, экөө тең эне. Ал эми дүйнөдө энеден өткөн улуу зат барбы?! Ал табияттын тукум улоо үчүн жаратып койгон өзүнчө бир керемет дүйнөсү!

Канаттуулардын ичинен адамга өтө жакыны – бул чабалекей. Ал адам жашаган үйдүн шыбына уя салып, жумуртка тууйт. Лирикалык «мен» чабалекейдин бир балапаны «тентектик» кылып жерге кулап түшүп өлүм тапканына абдан кайгырат:

Шыпка курган үйүнүн астында
Учуп-күйдү далайга чыдай албай…
Чабалекей! Кымбатым, эмнеликтен
Тентегиңе көз салбай койдуң экен? (48-б)

**Махабат ырлары**

Бул түбөлүктүү тема. Жандуу сезими бар адам карыганча махабат дүйнөсүнөн оолактай албайт. Айтматов айткандай, жашоо бар жерде өлүм да, сүйүү да бар. Сүйүү деген – бул сезим. Акын Чыныбай «ак жоолукчан кара көз» кызга бир имерилип, ырахаттана карап койсо, бул да сезим. Ал бирөөлөргө көзү түшүп, сүйкүм тиктесе – ал да табигый сезим. Сүйүүнү дайым эле Лайли менен Мажнун сыяктуу элестетүүгө болбойт. Алардын сүйүүсү – бул романтика, өтө бийик ышкы. Ал эми турмуштагы махабаттын миң кыры, түркүн сырлары бар. Калемгерлер аны ар бири өзүнчө көркөм каражат таап, сүрөттөп келишет.

Ошентип, лирикалык «менди» бир көз ирмемде «кара көз сулуу» өзүнө магниттей тартып алды:

Ырахат таап андагы көз ирмемден,
Унутпастан айтып, жазам сүрөттөп.
Аман болсок жолугабыз бир жерден,
Ак жоолуктун ичиндеги каракөз. (78-б)

Бир тараптуу армандуу сүйүү, сүйгөнүнө жетпей калуу мотиви бир катар ырларында орун алган:

Кээде ызадан көздөрүмө жаш алдым,
Мезгил менен бирге кемип-азайдым.
Эки башка кеткен менен экөөбүз,
Сени сүйгөн жүрөк менен жашаймын.

Махабат дүйнөсүндөгү бир жагдай – экөө бири-бирин билишип, жактырышып жүрүп эле, эмнегедир кандайдыр бир себептер менен баш кошо албай арманда зарлап калган учур:

Айга, күнгө тең келүүчү ардактуум,
Сен келбейсиң, мен айла жок барбасмын
Сүрөт менен сенден калган, кымбаттуум,
Жүрөк менен сени сүйгөн, кымбаттуум.
Жашаарымды мен эч качан танбасмын.

Айрым ырлар шаттуу махабатты даңазалоого арналган. Буларда эки тараптын тең көңүлдөрү куунак, сүйүү ырахатына назданып эркелешет:

Кымбатым сезим байрагың,
Жүрөккө канат байладың.
Бактымдай төргө чачылган,
Түбөлүк сенсиң майрамым. (108-б)

Сүйүү менен кездешүү («кара көз кыз» символу) жигит үчүн кандай бакыт. Экөө тең жадырап-жайнап бири-бирин тиктеп, ажыраша албай турган учурду элестетип көрөлүчү:

Автобекет: кыймыл– адам агылган,
Узун, кыска сапарларга камынган.
Мандайымда мончоктой кыз. Ысымы
Жүрөгүмдө өчпөс оттой жагылган. (109-б)

Ошол бактылуу мүнөттөр узакка созулбады. Алматыга каттоочу автобус да келип калды:

Терезеден колун секин булгалап,
Жөнөп жатып акыркы ирээт жылмаят.
А мен болсо автобусун жөнөтпөй,
Койгум келет. Жардам берчи, жылгаяк?!

Ушундай чагылгандай от жануу да махабатта көп болот экен. В.И.Ленин Инесса Арманд менен болгон бир аңгемесинде «мимолетная страсть сильнее чем любовь» деген экен. Ошонун сыңарындай, Чыныбайдын лирикалык «мени» да «кара көзүн» узатып, күйүп-жанып кала берди.

Акындын айрым ырлары студенттик сүйүүгө арналган. Жатаканада маңдайкы чакан бөлмөдө бир татынакай сымбаттуу кыз жашайт. Лирикалык «мен» аны менен кантип таанышуунун айласын таппай жүрөт:

Мына мобул маңдайдагы бөлмөдө
Бир кыз жашайт татынакай, сымбаттуу,
Эмнегедир айткым келет башбагып:
– Жигит керек эмес бекен ыр жазчу? (91-б)

### Аалам дүйнөсү жана адам дүйнөсү

Мына ушундай эки түшүнүк бар. Экөө тең теңдикти, чексиздикти туюнтат. Айтматовдун жазуучу адам дүйнөсүнүн четин да оюп сүрөттөп жетише электигин айткан жери бар. Ал анын тигил же бул көрүнүштөрүн гана чагылдырып, адамды ачуу үчүн пайдаланат. Ошол сыңары Чыныбай да эки дүйнөнү бири-бирине байланышта сүрөттөөнүн устаты деп айтсак болот. Мисалы, күн – ай ааламга жарык чачат, нур берет. Бул жалпыга белгилүү чындык. Ал эми ар бир чыккан күн адамдын бирден чачын акка боёп жатканына эч кимибиз баам салбайбыз. Б.а., ар бир чыккан күн – бул жашоонун, өмүрдүн символу:

Эртең кайра күндүн көзүн көрөлү,
Оо, адамдар, бул бир жөн сөз болбосун.
Ар бир үйдүн күлүп чыккан бөбөгү,
Ачык тийген күн астында ойносун.

**Адам жана мезгил**

Бир томдуктун үчүнчү бөлүмү табият дүйнөсүнүн «адам» жана «мезгил» деген проблемасына арналган. Бул тема кылымдардан бери нечендеген калемгерлердин, философтордун көңүлүнүн борборунда жашап келген чоң тема. Көркөм адабиятта ал ар түрдүү ракурс, жагдайларда чагылдырылып келүүдө.

Жер-Эне баласын эмизип жаткан апага окшош сүрөттөлүшү – бул традициялуу. Ал чындыкты ар бир акын өзүнчө табылган көркөм ыкмалар менен берүүгө тийиш:

Күзүндө көнөк-көнөк сүтү аккан,
Жер-Эне баарыбызды багып жаткан.
Ансайын тыта берип көкүрөгүн,
Карасаң калган так көп айыкпастан.

Демек, адамдар жаратылышка сугалактык мамиле жасап, анын денесине айыкпаган так салып жатканы – бул адилетсиздик, мээримсиздик. Мисалы, токойлорду тоногону, ал аз келгенсип тоо айбанаттарын кырып жатканы ак сүтүн берген энеге ырайымсыз мамиле жасоонун бир гана мисалы.

Мезгил өтөт, адам аны менен кошо өзгөрөт. Мына, кечээ күнкү көргөн бүгүн жок, өткөн күндөр жыл сайын адам өмүрүн уурдап жатат:

Жолдо калып кызыл тайым,
Жакындоодо буурул ат.
Чет-четинен сызып баарын,
Өмүр колдон суурулат.

Мында тай – балалыктын символу, буурул ат болсо – бул баягы Алыкулдун «боз ат минген отуз жашына» окшош сүрөттөлүш. Албетте, ассоциация бар, ошону менен бирге оригиналдуу табылгадан да куру эмес. Алсак, тайдын жашы менен асый аттын курагы антипод түшүнүктөр.

«Айтчы?» деген ырда лирикалык «мен» мезгил менен сүйлөшөт да, тагдыры кандай болоорун сурайт. Бирок ал кандай болгон күндө да баарына чыдаарына ишендирет:

Келиштирип ыр жазып турмуш үндүү,

Кетирейин деп жүрөм бар күчүмдү – (157-б) дейт акын.

Жашоодо, өмүрдө, чындык деген түшүнүк бар. Аны ар ким эле көрүп, таанып-биле албайт, анткени, ичи тар, жегич, бирөөлөрдүн эсебинен жашагандар үчүн ал абдан ачуу. Алардын каршысында чындык үчүн чыркырап күрөшкөндөр турушат. Бул бири-бирине каршы эки чындык кылымдарды карытып, күрөшүп келүүдө. Азыркы капиталисттик коомдун шартында нагыз чындыкты табуу кыйын, анткени, оокаттуулар, байлар, мителер үчүн ал сырт жагынан чүмбөттөлгөн. Акын Чыныбай ал тууралуу мындай дейт:

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
Чырылдап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.
Миң түрдүү жалган чубуруп,
Чындыкпыз дешип кубулуп... (158-б)

Азыр ядролук согуш коркунучу күн тартибинен түшө элек. Улуу Айтматов бул теманы өзүнүн публицистикасында кенен-кесир чагылдырып, дүйнөдө

тынчтык орнотуу үчүн тынымсыз күрөшүп келген. Чыныбай да ошол проблемага үн кошуп, жер жүзүндөгү калкты акыл-эстүүлүккө чакырат:

...Күн жана Жер –
Эки улуу планета, эгиз жылдыз,
Экөөңөрдүн тапканыңар
Кам көрүп бакканыңар -
Жердеги өкүм сүргөн жалгыз турмуш.
Ошондуктан,
ракета менен
Жер сени «тарс» атып талкалоо эмес,
рогатка менен
чымчыгыңды «тырс» атып өлтүрүү да -
жеткен кылмыш! (161-б)

Ырда сюжет болобу деген суроого Чыныбайдын бир топ ырларынан «ооба» деген жооп алууга болот.

Лирика – бул сезим. Акында ал күчтүү, көп ырларында аны толкуп-ташыган сезим бийлеп турат. Ошону менен бирге ал өзүнүн тигил же бул көрүнүшкө карата болгон ой-туюмун чакан сюжет аркылуу элестетип берүүгө жетишет. Мисалы, «Үй жөнүндө сүрөттөр» деген ырында орус кемпир үй актап жатат. Ал улуу кызын таза үйдө жашап, ар дайым таза жүрүүгө үндөйт. Күн тийген терезенин текчесинде таргыл мышык үргүлөөдө. Аны сырттан карап, айнекке мурдун такап, секелек кыз күлүп турат. Тестиер бала чатырдагы көгүчкөндүн уясын көрөм деп, шаты менен жогору чыгып баратат:

Шымынын мыкка илинген багалеги
Шилтеген жерден бутун айрытчудай.
Бийикти беттеп бара жаткан бала,
Түрү жок, бирок артка кайрылчудай.

Жакшы деталь – подтекст бар. Бала максатына жетмейинче токтой турган түрү жок. Ал шымы мыкка илинип, кулап түшсө да макул.

«Жылдыздуу жээк» (131-б) да ошого окшош ыр. Ал – жигиттин алдына койгон максатынын символу. Ага жетүүнү кимдер гана эңсебеген. Бирок, ал оңой менен ишке аша койчудай көрүнбөйт. Жылдыздуу жээкке жетиш үчүн адам каны-жанын аябай турган патриот болуу керек.

Согушка кетип, окко учкан уулун өмүр бою күтүп зарлаган энелердин, аталардын образдары Айтматовдун «Саманчынын жолунда», А.Осмоновдун «Жеңишбегинде» эң таасын чагылдырылган. Бул теманы Чыныбай «Жол жана эне» деген ырында оригиналдуу табылга аркылуу сүрөттөп берет. Өтө карыган эне айылга кирген чоң жолдо баласынын тумагын колуна кармап, кечке отура берет. Бул бир жагы үзүлбөгөн үмүт, экинчи жагы – жоктоо мотиви:

Телмирип ар бир түшкөнгө,
Келчү кеч – кыймыл бүткөндө.
Жол дагы ага кошулуп,
Үйрөнгөн киши күткөнгө.
Жол эле жолдой агылган,
Бозомук жоолук салынган.
Бир гана эне ал жолго,
Баруучу күндө айылдан. (165-б)

## Соңку сөз

Чыныбайда «Ала-Тоо» деп үнүн бардыгынча кыйкырган ырлар дээрлик жок. Анын Ата Журтка деген ак тилеги бир томдуктун жалпы духунда, пафосунда сезилип турат. Ал лириканын ийкемдүү каражаты аркылуу мекенге болгон улуу сезимин ыр саптарынын «муун-жүлүнүнө» сиңирип жиберген:

Сенин өткөн тагдырыңды чогултуп,
Тарых болгум келет жакшы жазылган. (198-6)

Бул саптарда бүткүл ой подтекстке чөгөрүлгөн. «Элинин тарыхына айлануу» деген сөз аны менен тагдырлаш, кубанычына толкуп, кемчилдигине кейип, жашоо деген ойду туюнтат. Ошон үчүн акын өзүнүн эң мыкты ырларын мекенге болгон ак сүйүүсүнүн белгиси деп эсептейт.

Лириканын негизги өзгөчөлүгү улуу Белинский айткандай, ал «поэзиянын поэзиясы», «поэзиянын жаны жана агып турган каны». Мына ушул улуу талаптын деңгээлинде караганыбызда Чыныбайдын көпчүлүк лирикасы окурмандын жан-дүйнөсүн козгоп, сезимден-сезимге өтөт.

Акын колдонгон сөз каражаттарынын ичинен өтө маанилүүсү – бул көркөм деталь. Ал кичинекей бир сүрөттөө, салыштыруу же метафорага кайрылуу аркылуу өтө маанилүү ойду туюнтат. Аларда акын айта турган идея көп убактарда текст артына катылып, окурманды ойлонтуп, талдап окууга чакырат. Бул профессионалдык поэзиянын негизги касиети.

Эгерде тематикалык жагынан алып карай турган болсок, акын аалам, жыл мезгили сыяктуу темаларга көп кайрылып, аларда табият сүрөтү адамдын ички дүйнөсү менен катар коюлуп, коздук бири-бирине өтүшүп, бири экинчисин толуктап турат.

Жалпысынан алганда «Жалын тоону» окуган кезибизде биз поэзия дүйнөсүнө кирип, жан дүйнөбүзгө рахат алабыз. Чыныгы поэзиянын касиети мына ушундай.

Мактоо сөздөрдү айтуу менен бирге мен шакиртиме күндүр-түндүр бүтпөгөн коомдук иштер менен катар чектелүү убактысында изденүүгө, ойлонуп-толгонууга жол таба алат деп ишенем. Ага Алыкулдун поэзияга

кылган мамилесиндей өтө жооптуулук менен карап, мындан ары да чыгармачылыгын жогорку бийиктикке көтөрүп чыгуусун каалайм.

03.12.2014

**Кожогелди Култегин**
Кыргыз эл акыны, Кыргызстандын ТҮРКСОЙдогу өкүлү

## АЛКЫШТАН БАШКА АЛАРЫ ЖОК ЭМГЕК

Адабиятчы, акын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Чыныбай Турсунбековдун кыргыз окурмандарына сунуп жаткан бул китеби өзгөчө баалуу. XX кылымдагы Түркий калктардын адабияттарынын кыскача тарыхы жана омоктуу акын-жазуучуларынын чыгармаларынын кыргызча котормосу түпнускасы менен бирге алдыга сунулат. Эгемендүүлүктүн байрагын желбиреткен, эркиндиктин абасын жуткан, тарых-тамырын жакшылап таанып кирген кыргыз окурмандарына бул эмгек айныксыз керек деп айтар элем.

Китептин кол жазмасын окуп чыккан соң эки нерсени аргасыз эстедим. Казактын легендарлуу опера ырчысы, СССРдин жана Казакстандын калк артиси Бибигүл Төлөгөнова эженин бир айтканы бар. ТҮРКСОЙ иш-чарасы менен Түркияга келген Бибигүл Төлөгөнова ТҮРКСОЙдогу жолугушууда: «Мен СССРдин эл артиси катары СССРдин бүт-бардык аймагын кыдырдым окшойт. Бирок, анда биз кучакташкан көптөгөн элдер биздин досторубуз эмес – туугандарыбыз экенин дегеле билбеппиз. Мына эми ТҮРКСОЙ аркылуу гана алардын Түрк элдеринен экенин билип, көзүбүз ачылып олтурат...»

Чыныбай Турсунбеков дагы так ошол досторубуз эмес – туугандарыбыздын, кандаштарыбыздын көркөм сөз көрөңгөсүн, тактап айтканда, 20-кылымдагы адабиятын алп Манастын тилинде алдыбызга жайып турганы.

Экинчи эстеген нерсе, автор бул эмгекти тээ илгери Түркияда узак жылдар камыр-жумур иштешкенден улам колго алып, терең окуп-билгендиктен, Түркия аркылуу жалпы Түрк дүйнөсү менен жакындан таанышкандыктан улам которууга билек түрө киришип, ошол мезгилдердин иш натыйжасы катары жараткан шекилди. Андыктан, артка кайрылып, ал жагдайга аярлап өтпөсөм болбостур.

Кыргыздын улуу «Манас» эпосун жайылтуудагы Ч. Турсунбековдун эмгегин эске албай коюуга да болбос. «Манас» эпосунун калыптангандыгынын 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча түзүлгөн Мамлекеттик дирекциянын Түркиядагы филиалынын деректири катары Түркиянын ар кайсы шаарларында «Манас» эпосун таанытуу иш-чараларын, илимий конференцияларды уюштурган. «Манас» боюнча кыргыз, түрк англис тилдеринде иллюстрацияланган түстүү, кооз, тексттүү альбом чыгарып, анын авторлорунун бири да өзү болгон. Ошондой эле «Манас-1000» деп аталган лотерея даярдап, 1000 жылдыкты өткөрүү үчүн мамлекетке кыйла каражат топтоп берген. Ал тургай Кыргызстандагы «Манас-1000» майрамына Түркиядан меймандарды алып келип, алып кеткен учак каттамы жеке Чыныбай Турсунбеков тарабынан акысыз уюштурулганын Түркия коомчулугу жакшы билет

Кийин жеке бизнеси гүлдөп-өнүгүп, Кыргызстан ишкерлер союзунун төрагасы милдетин аркалап турган учурда дагы Кыргыз-Түрк ишкердик коомунун теңтө-

рагасы (Кыргыз тараптан) болуп шайланып, бир канча жолу биргелешкен бизнес-форумдарды уюштуруу менен, эки тараптуу экономикалык мамилелердин өнүгүшү үчүн салым кошкон.

Демек, автор Түркий калктардын биримдиги үчүн кызмат кылууга, Түркий калктардын XX кылымдагы адабиятын минтип бир канча тилден которуп – кыргыз тилинде тааныштырууга толук кудуреттүү эле. Башкача айтканда, бул китеп – табигый жаралган эмгек.

Эмне үчүн XX кылым тандалып алынган? Китепте жазылгандай:

«Жалпы түрк дүйнөсү үчүн XX кылым ар түрдүү окуяларга бай мезгил болуп саналат. Ушул кылымдын башында түрктөр курган мамлекеттердин эң күчтүүсү болгон Осмон империясы кыйрап, ордуна Түркия Республикасы пайда болду. Крым, Казань, Кавказ жана Түркстандагы түрк элдери да бул кылымдын башындагы Россия падышачылыгынын кыйрашы менен, өздөрүнүн улуттук мамлекеттерин курушкандарына карабастан, көп өтпөй эле мурдагыдан катуу орус башкаруусунда калышты... Ал эми Чыгыш Түркстанда жашаган түрк элдеринин XX кылымдагы тагдыры орустардын кол алдында жашаган түрк элдеринен айырмалуу. Ар дайым кытай өкүмчүлүгүнө каршы күрөш жүргүзүп келет...»

Мына ушундай улуу өзгөрүштөрдүн, ага ылайык жүргөн тынымсыз коомдук изденүүлөрдүн натыйжасында абалкыдан айырмаланган көркөм ойлоо, көркөм сөз, көркөм адабият пайда болгондугу бул котормо китепте терең ынанымдар менен баяндалат. Демек, бул китеп, биринчиден, Түркий калктардын жана алардын адабиятынын авторлор тарабынан жазылган XX кылымдагы кыскача тарыхы. Кандаш калктардын жана

боордош адабияттардын байланыштары жана байланышуу кыйынчылыктары. Башкача айтканда, илимий изилдөө. Экинчиден, ошол теги, тамыры бир элдердин көрүнүктүү адабият өкүлдөрүнүн чыгармаларынын же чыгарма үзүндүлөрүнүн котормолору. Башкача айтканда, көркөм котормо. Ушул бирин-бири толуктаган эки жанр аркылуу Ч.Турсунбеков кыргыз окурмандарын Түркий дүйнө, Түркий адабият менен кенен тааныштыруу мүдөөсүн көздөгөн жана ал мүдөөсүнө толугу менен жеткен.

Ошол эле кезде бул китеп мурдараак Кыргызстандагы бизнес тармагынын өнүгүшүнө, кийинчерээк саясий-демократиялык парламентаризмдин өнүгүшүнө кошкон салымдары менен элге-журтка аттын кашкасындай таанымал болгон Чыныбай Турсунбековдун башка дагы бир олуттуу жүзүн – окумуштуулук жана котормочулук өнөрүн таасын көрсөтүп турат.

2012-жылы мен акын катары Азербайжандын улуу сатирик-акыны Мирза Алекбар Сабырдын 150 жылдык маарекесине барып катышкан элем. Ал кезде түрк тилин билчү эмесмин. Орус тили аркылуу Мирза Алекбар Сабырдын сатираларынан, какшыктарынан, мазактарынан кабардар болуп, атаңгөрү, ушул ырларды азербайжанчадан түз кыргызчага мыктылап которсо – ырлар өзгөчө таасирдүү болсо керек деп ойлодум эле. Ошол тилегим бүгүн акын Чыныбай Турсунбеков тарабынан орундалып олтурат. Анда XX кылымдагы Түрк дүйнөсүнүн адабиятынын бир тамчысы катары Мирза Алекбар Сабырдын «Айдыңдар маршы» деген какшыкырынын төрт түрмөгүн үзүп алып, чогуу окуп көрөлү:

Интеллигентпиз, кербезденип жүрөбүз,
Кандай гана шаттуу өмүр сүрөбүз,
Бир жумада бирден сулуу сүйөбүз,

Бардык иштин жолун таап жайлайбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Жактырбайбыз караңгы калк кысымын,
Кемчилигин– көп мусулман кызынын,
Уккум келбейт Батма, Кезбан ысымын,
Аня менен Соняларды жандайбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Акылы аз, түшүнүксүз кээ бирөө,
Күнөөлөшөт. Биз байкушта не күнөө?
Күлкү келет айткан насаат кебине,
Билимдүүлөр эч түшүнө албайбыз!
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Үй-бүлөнү такыр эстен чыгарып,
Күн-түн дебей жыргап сайран курабыз,
Мейманкана рахатына кубанып,
Неге үйгө биз үңкүйбөй барбайбыз?
Жар бол, Кудай, кандай асыл жандарбыз!

Мирза Алекбар Сабырдын ушул ырынан да ачык көрүнүп тургандай, Чыныбай Турсунбеков котормодо ырлардын маани-мазмунун гана кыргызча так бербестен, ошону менен бирге ырлардын формасын дагы дал өзүндөй алып түшкөн. Демек, муун өлчөмдөрү дагы, уйкаштыктары дагы кудум түпнускадагыдай сакталган. Бул чыныгы чеберчилик, чыныгы жоопкерчилик! Мындай формалык өзгөчөлүктөрдү так сактоо – кайсы улуттун акындары кайсы ырдык форманы көбүрөөк колдонот, кайсыга басым жасайт, ал форманын артыкчылыктары кандай – баарынан кабардар кылып турат. Китепте чыгармалардын түпнускалары биз, кыргыздар учурда колдонуп жаткан тамгаларда эрикпей-зерик-

пей көчүрүлүп сунушталган. Бул жагдай котормону түпнуска менен салыштырууга эң сонун мүмкүнчүлүк берет. Маселен, кыргыз окурмандары ирандык азербайжандардан чыккан Түрк дүйнөсүнүн сыймыгы Мухамбет Хусейн Шехриярды анча биле беришпейт. Моюнга алам, мен өзүм деле аны Түркияга баргандан кийин билдим, бааладым. Ошол Шехриярдын «Хайдар Бабага салам» деген атактуу поэмасы бар. Поэманын, маселен, бир түрмөгү Чыныбай Турсунбеков тарабынан кыргызча төмөндөгүдөй которулган:

Майрам шаңы кыштын күчүн жыкканда,
Байчечекей, жоогазындар чыкканда,
Ак булуттар көйнөктөрүн сыкканда,
Узакташат бизден жылдын бир жүгү,
Үзүлгөнсүйт дартыбыздын киндиги.

Эми ушул котормону түпнуска менен салыштырып көрө бериңиз. Бир кынтык табыш кыйын го:

Байрам йели чардахлары йыханда,
Новрузгүлү, гарчичэги чыханда,
Аг булутлар көйнэклэрин сыханда,
Биздэн дэ бир йад елэйэн саг олсун,
Дэрдлэримиз гой дикэлсин, даг олсун.

Мухамбет Хусейн Шехриярдын эне тилин билбесеңиз да, чыгарманын техникалык жагын салыштырууга болот – муун өлчөмдөрүн эсептеп, уйкаштык орундарын карап дегендей. Ошол эле кезде мындан эки тилдин жакындыгын, демек, бир туугандыгыбызды да аңдоого мүмкүнчүлүк ачылат. Кызыгууну арттырат.

Кошумча катары атактуу түрк акыны Мехмет Акиф Эрсойдун «Өнөр» аттуу ырынын биринчи түрмөгүн бере кетейин.

**Кыргызча котормосу:**
Сен кыдырган бакчада бажырайып гүл ачпайт,
Байыр алган миң бир жаз билсең биздин жергеге.
Азгырып көр тоолукту кыздай болуп кылактап,
Кыйын басыш түз жолдон тоого көнгөн пендеге.

**Түпнускасы:**
Йалныз сенин гездигин бахчеде ачмаз ки чичек,
Бизим дийарымызда бин бир бахары саклар!
Колумуздан тутарак сен истерсен бизи чек,
Инжинир дүз жаддеде дагда гезен айаклар.

Он төрт мууну экөөндө тең жети-жетиден болуп тең экиге бөлүнүп турат. Сырткы жана ички муундук катыш экөөндө тең бипбирдей. Котормонун уйкаштыгы да так түп нускадагыдай берилген.Ал эми поэзияны мындай мазмуну менен формасын толук сактап бериш үчүн өтө чоң чеберчилик, чыныгы акындык талант керек.

Чыныбай Турсунбековдун котормочулук эмгегинин натыйжасында Түркия адабиятынан, Түндүк Азербайжан адабиятынан, Түштүк Азербайжан адабиятынан, Өзбек адабиятынан, Түркмөн адабиятынан, Казак адабиятынан, Кипр түрктөрүнүн адабиятынан, Ирак түркмөндөрүнүн адабиятынан, Батыш Тракиялык түрктөрдүн адабиятынан, Болгария түрктөрүнүн адабиятынан, мурдагы Югославия түрктөрүнүн адабиятынан, Крым татарларынын адабиятынан, Татар-Башкыр адабиятынан, Карачай-Балкар адабиятынан, Каракалпак адабиятынан, Уйгур адабиятынан таасирдүү көркөм туюнтмалар арбын алынып китепке киргизилген. Балким, Мухаммед Хусейн Шехрияр, Өскер Жашын, Осман Түркай, Мехмед Эмин Юрдакул, Өмөр Сейфеддин, Зия Гөкалп, Яхя Кемал Беятлы, Фарук Нафиз

Чамлыбел, Ахмед Хамды Танпынар сыяктуу Түрк дүйнөсүнүн сыймыктуу акындарынын, жазуучуларынын чыгармалары Түркий тилдердин бир салаасы болгон кыргыз тилинде биринчи жолу жарыяланып жаткандыр. Ушул фактынын өзү эле кандай жүрөк толкутарлык сүйүнүчтүү жана жүрөк сыздатарлык өкүнүчтүү!

Андыктан дагы Чыныбай Турсунбековдун «XX кылымдагы Түрк дүйнөсүнүн адабияты» эмгеги, котормосу эгемен журтубузга эптүүлөй керек. Талантына башты ийип таазим кылып,ал турсун бул эмгек адабиятчы жана акын тарабынан дагы улантылышы зарыл болуп тургандыгын баса белгилей кетмекчимин. Ал эми эмгек ээсинин, менимче, алкыштан башка алары жок!

6

## Чыныбайдын экинчи доору:
# БИЗНЕС – ИШКЕРДИК
### (50 жашка чейинки өмүр)

### *«БИЗНЕС ДЕЛЕ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК СЫЯКТУУ»*

*«Негизи чындап киришсең, бизнес деле чыгармачылык сыяктуу. Чыгармачылыкта деле табигый шыкты бүлөп, курчутуп турбасаң талантың мокоп, алга жылуу, өсүү болбогон сыңары бизнесте да такай бир орунда тура берген жарабайт. Мээнет менен табылган акчаны ой келди чачпай өндүрүштү өнүктүрүүгө жумшап, керек болсо кредит алып, учурга шартка жараша аракеттенип, тынымсыз изденүү менен улам алга жыла берүү керек»*

***Чыныбай Турсунбеков***

**Нуралы Капаровдун «Санжыра» радиосунда берген маегинен:**

Чыныбайдын өзү менен көп сүйлөштүм. Бир жолу:

***– Ишкерликке кантип өтүп кеттиң, ошол керек беле? – деп сурап калдым.***

– Турмуштук жагдай ушундай болуп калды. Түркияга барып иштеп баштасам менин ордума башка киши жиберип коюшту. Мен кайра Кыргызстанга келгенден намыстандым. Төлөмүш Океев сыяктуу адамдар

менен жакшы мамиледе болуп, ишкерлик менен алектенип кеттим, – деди.

***– Сен ишкерликти жакшы жолго коюп кеттиң. Ушу бирдемең бар го, ишкерликке башка тармактан келгендер иштей алчу эмес эле, сенин касиетин бар, – деп тамашаладым.***

– Менин атам ар бир баласы төрөлөөрдө аян-түш алчу экен. Мен төрөлөөрдө атам талаадан казан таап алыптыр, – деди.

***– Анда сен жолуңду туура эле тааптырсың, – дедим.***

## ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВ МЕНЕН НУРЖАН ТЕНТИМИШОВАНЫН «ГРАБЛИ NIGHT» БЕРҮҮСҮНДӨ СҮЙЛӨГӨН СӨЗДӨРҮ

***Нуржан Тентимишова:***

*2017-жылдын декабрь айында бизнес-курстарды өткөрүүчү «Предприниматель» мекемеси уюштурган «Грабли-Найт» деп аталган иш-чарага катышканыбызда Чыныбай өзү жөнүндө төмөнкүлөрдү айткан эле:*

*Мен өз өмүрүмдү үч доорго бөлөм:*

*биринчиси – 35 жашка чейин чыгармачылык жана илим менен алек болдум;*

*экинчиси – 50 жашка чейин ишкердик менен алек болдум;*

*үчүнчүсү – 50 жаштан бери карай саясат менен алек болдум.*

*Ал иш-чаранын эрежеси боюнча ири ишкерлер бизнестеги оош-кыйыштары, өздөрүнүн жаңылган, алданган, банкротчулукка чейин жеткен учурлары жөнүндө жана ал ачуу тажрыйбаларга таянып «тырмоокторду» баспоо тууралуу кеңештерин беришмек. Мындай*

*жолугушуулардын негизги максаты – жаш ишкерлерди жана кандайдыр бир жаңы иш баштоону каалагандарды шыктандыруу.*

*Биз өзүбүз кабылган кыйынчылыктар, ал кырдаалдардан чыккандагы топтогон тажрыйбалар жана тырмоочту басып алганда чекебиз «томуйган» учурлар жөнүндө айтып бердик.*

***Чыныбай Турсунбеков:***

Бүгүнкү иш-чаранын темасында айтылган тырмоок (грабли) менин чекеме ай сайын эмес күнүгө тийип атты. Негизи кээ бир адамдар мынчалык чекеге жегенде өлүп калышы ыктымал да, мен тескеринче күчтөндүм, чыңалдым анан бүгүнкү даражага жеттим.

Эми экинчи баскычтагы өмүрүм тактап айтканда ишкердик мезгилдеги «тырмооктор» жөнүндө айтып берүүнү туура көрүп турам. 1992 жылдын аягында Түркияга Билим берүү министрлигинин өкүлү кылып жибериштн. 1994-жылы жайында үй-бүлөм менен Кыргызстанга өргүүгө (эс алууга) келдим. Кайра Түркияга баргандан кийин Кыргызстандагы билим берүү министри алмашып, артыман жаңы адамды менин ордума жиберишти. Өзүңөр элестетип көргүлө, Түркияда жубайым жана эки кичинекей кызым менен иш-сиз жана үйсүз көчөдө калдым. Мага менден жаш бир жигит келди, колума министрликтин буйругун берип: «Чыныбай Акунович, мен сиздин ордуңузга келдим, үйдү бошотуңуз»,– деди.

Мына ушундай кырдаалда: «Эмнеси бар экен, Кыргызстанга кетели. Мен өмүрүмдүн 35 жылын чыгармачылыкка, илимге арнап келгем, жогорудагыдай сыйлыктарга ээ болдум, китептерим чыгып атат. Илимий даражам бар. Кандидаттыгымды жактагам, университетке мугалим болоюн», – дедим.

*Нуржан Тентимишова:*

Бирок, мен каршы болдум. Кыргыздарда «намыс» деген түшүнүк бар эмеспи. Кечээ эле бизди туугандарыбыз, досторубуз узатып атты эле, а бүгүн биз кантип «иштен алып койду» деп барабыз. Эмне кылсаң да кийинки жылга чейин биз Түркияда калышыбыз керек» – деп болбой койдум.

## Ишкердиктеги биринчи аракет: «Анталья – Бишкек» ЖЧК

**Чыныбай Турсунбеков:**

«Эмне кылыш керек?» – деп бир күн ойлондум, эки күн ойлондум. Анан бир фондго барып, түрктөрдө өзүлөрү жакшы көргөн жазуучу бар Нихал Атсыз деген, анын «Көк жалдардын өлүмү» деген чыгармасы бар эле, «чыгарманы которуп берем, канча калемакы бересиңер?» – дедим. Алар менен соодалашып бир суммадагы баага токтодук. Түнү менен ал романды которо баштадым. Күндүзү ар түрдүү адамдар менен жолугуп, мындан ары эмне кылам, кандай кылам деген ойлордо баарлашып аттым. 1995-жылдын январь айында (3 айдан кийин) романды толук которуп бүттүм. Ал ортодо сүйлөшүүлөрдүн аркасы менен үч өнөктөш таптым, бир түрк, эки кыргыз. Алар менен фирма ачып бизнес баштоо жөнүндө сүйлөштүк Түрк адамдын тажрыйбасы бар, Анталья шаарында нан бышыруучу жай ачып иштетип жүргөн. Беркилер болсо Кыргызстанда анча-мынча иш кылабыз деп «челночный бизнес» менен алектенип жүрүшкөн. Алар Түркияга келишти. «Анталья-Бишкек» деген фирма ачабыз, фирманын уставын Кыргызстанда каттоодон өткөрөбүз, аренда-

га имарат алабыз деген чечимге келдик. «Мен алты айга чейинки мөөнөт менен жабдууларды бере алам, нан бышыруучу жай куралы», – деди түрк өнөгүбүз. Ал жабдууларды Кыргызстанга жеткириш керек болду. Өнөктөштөрдүн арасынан менде гана акча бар экен. Романды которуудан алган калемакымды бердим. Ошентип 1995-жылы Бишкек шаарында 6-кичи райондо түрк батон чыгарган алгачкы «Анталья-Бишкек» деген аталыштагы нан бышыруучу жай ачылды. Ачыгын айтканда, ишибиз жакшы жүрө баштады. Эсимде, эртең мененки саат 4тө Орто-Сай сыяктуу базарларда нан саткан ортомчулар келип, нан алганы кезекке турушчу. Ошол жерден кечки саат 6га чейин чыкпай нандын баарын алып кетишчү. Мына ошентип иш кызуу башталды. Мен да жыргап калдым. Бизнес менен анча ишим жок. Өзүм Түркияда жашайм. Кыргызстанда үчөө иштеп атат. Ай сайын пайда мынча болду деп эсептеп беришет. Кыргыздар байыса эмне кылат, билесиңерби? «Кыргыз байыса катын алат, өзүбек байыса там салат» дейт. Эки кыргыз өнөктөшүм экинчи аялдарын алышты. Түрк өнөктөшүм болсо аларды көрүп качты окшойт, ал четтей баштады. Айтор бир сөз менен айтканда, жакшы иштеп аткан фирмабыз жылдын аягына жетпей иштебей калды. Түрк өзүнчө фирма ачып кетти. Баарыбыз ортого тапкан-ташыганыбызды бөлүштүк. Ошентип, фирмабыз жабылды.

**Тыянак:** Ишкердикте ийгилик келет, эгер табылган киреше өнүгүүгө багытталса. Ал эми биз кирешени ортоктордун ортосунда тең бөлүп, ар ким өзүнүн кайсы бир көйгөйүн чечүүгө (м. экинчи аялга үйлөнүүгө, жаңы унаа сатып алууга) жумшап түгөтө бердик. Ошону үчүн бул жолку аракетим ишке ашпай калды.

## Экинчи аракет:
## «Керемет-1» ЖЧК.
## «Алдап кеткен өнөктөш"

***Чыныбай Турсунбеков:***

Мен, албетте, бизнестин даамын таттым, акча кантип табыла турганын түшүнүп калдым. Ачыгын айтыш керек, ишкерликке келгенге мүмкүнчүлүк буга чейин да болгон. 1991-жылдын аягы 1992-жылдын баштарында Кыргыз Республикасынын Улуттук ишкердик фонду түзүлгөн. Анын төрагасы Жалил Садыков деген кыргыздын көрүнүктүү акыны болгон. Жалил Садыков бир күнү мени чакырып айтып калды: «Чыныбай, мына Кыргызстанда жаңыдан менчиктештирүү башталып атат. 10-кичи райондо «Гүлкайыр» деген азык-түлүк дүкөнү бар, ошону албайсыңбы», – деди. «Мен ал дүкөндү алсам кантип иштетем, товарды каяктан алам?» – дедим. «Сага сен каалашыңча ссуда беребиз»,– деди. Кредит эмес ссуда. Албетте, мен ойлонушум керек эле. Нуржан экөөбүз кеңештик, эмне кылабыз, дүкөн жана ссуда колго тийип атат. Мен бир жагынан ушунча жыл илимдин артынан жүрүп кандидаттыгымды жактасам, эми докторлукту жактаганы атсам, анын үстүнө соода-ны билбесек, ал ссуданы кантип төлөп берет элек деген себептер менен баш тартканбыз. Мына ушинтип бир кезде алаканга салып алып келип бергенде баш тарткан бизнеске көчөдө калганда келдим.

Бизнестин артыкчылыгын, эркин боло тургандыгымды, бир чиновникке көз каранды болбой тургандыгымды көрдүм. Өз тагдырымды өзүм жасай турганымды көрдүм. Дагы күпүлдөп ишке кириштим. Башка өнөктөш таптым. Ал Кыргызстанда анча-мынча иш алып жүргөн эле. Ал өнөктөш менен мен Түркияда бо-

лом, сен Кыргызстанда болуп иштетесиң, кандай иш кылсак туура болот экендиги тууарасында сүйлөштүк. ОсОО «Керамет» деген фирма ачтык. 15 тонналык тегирмен алдык. Баягыдай нан бышыруучу жайга жабдык алдык. Тегирмендин, нан бышыруучу жайдын анан кафенин жабдууларын Кыргызстанга жибердим. Баягы өнөктөшүм тегирменди Корумдуга, нан бышыруучу жабдууну Чолпон-Атага, кафени Бишкекке ачты. Үчөөнө өзүнүн директорлорун койду. Ар бир айда кабарлашып иш жөнүндө сурасам, «жакшы», – дейт. 300 000 АКШ долларга чейин товар жиберем. Ал кезде үйлөрдө суу жылыткан «Аристон» жаңыдан чыгып аткан, тушкагаздарды жана башка көптөгөн товарларды жиберип турдум. Товарлардын акчасы келет бирок пайдасын сурасам, ар кандай шылтоолорду айтышып, мен пайда көрбөй калдым.

Бир жолу Түркиядан Бишкекке учуп келдим. Ал кезде Түркиядан учуп келиш да кыйын болчу. Келип эле эсептерди сурасам, «Мен мындай фирмада иштегим келбей калды, пайда жок экен. Иштетиш оор экен, башка иштерим болуп атат», – деп кача баштады. «Буга чейин кошкон 20 000 АКШ долларын таап берсең кетем», – дейт. Акчаны таап бердим. Кетти.

**Тыянак:** Бул туугандардын жана достордун жардамы менен чекебизге тийген «тырмоочтор» эле. Ишкердикте негизги басымды эч убакта туугандарга жана досторго жасабасаң гана ийгиликке жетишиң мүмкүн.

### Үчүнчү аракет:
### «Керемет-2» ЖЧК,
### Биринчи насыя жана алгачкы чоң жоготуу

***Чыныбай Турсунбеков:***

Фирмалар менин мойнумда калды. Карасам, Ысык-Көлдөгү фирмада буудайды 50 тыйындан алып унду

3 сомдон сатчу экен. Мындайча айтканда, 100дүн 75 пайызы ун болот. 75 пайызын 3 сомдон сатат. Буудайды 50 тыйындан алат. Канча эсе пайда көрүп атканын өзүңөр эсептеп көргүлө. Нан бышыруучу жайда 20 тыйындан кичинекей батондорду сатчу. Айтор аябай көп пайда көрүп аткан экен. Айла жок тегирменди Нарынга, нан бышыруучу жайды Бишкекке көчүрдүм. Өзүмдүн кишилеримди директор кылып койдум. Күпүлдөп иштеп баштадык.

Кийин Түркиядан жаңы өнөктөш таптым. «Кел фирманы чоңойтолу, көп эле пайда тапса болот экен, бир айда керек болсо бир канча миң доллар киреше тапса болот экен», – десем, ал макул болду. «Сага Түркиядан жаңы жабдуу жиберем, бирок акча жок кредит алыш керек», – деди, – бардык компаниялар кредит алып өсүшкөн», – деди. Евразия өнүктүрүү банкынан 170 000 АКШ доллар суммасындагы биринчи кредитимди алдым. Өзүмдүн үйүмдү, туугандарымдын үйүн, болгон жылтыраган оокаттарыбызды күрөөгө койдум. Элестетип көргүлө, 3 бөлмөлүү батирдин баасы 2500-3000 АКШ доллар болчу. Азыр 170 000 АКШ долларына 3 бөлмөлүү элиткадан батир аласың. Жаңы күчтүү тегирмен үчүн жогорудагы кредитти алдым. Натыйжада баягы өнөктөшүм алдамчы болуп чыкты. 124 000 АКШ долларды алып бербей койду. Түркияга барып артынан жүрдүм, элчиликке бардым. Ала албай койдук.

***Нуржан Тентимишова:***

Кыргызстан жана Түркия мамлекеттеринин ортосунда юридикалык маселелер боюнча өз ара жардам көрсөтүү боюнча келишим ал кезде али түзүлө элек болчу. Ошол себептүү биз ал кредитти кайра өндүрө албадык. Балким, тажрыйба жана билим жетишпеге-

ни үчүн алданып кала бердик окшойт. Биз азыр ошол ачуу тажрыйба жөнүндө жепжеңил гана айтып берип жатканыбыз менен, чындыгында бизге абдан эле оор болгон. Ал кезде Анкарада жашачубуз. Чыныбай Кыргызстанга бат-бат каттачу. Ортокторубуз алдап кеткен кезде Чыныбай Кыргызстанда болчу. Мен Түркиядагы биздин элчиликте иштейт элем. Мен ага телефон чалып, ал-акыбалын сурасам, жакшылыктуу жооп бере албады, себеби кан басымы көтөрүлүп кеткен экен. Мен сарсанаа батып, өз эжеме чалдым да: «Биз ушундай бир жаман акыбалдабыз, азыр Чыныбайдын жанында эч ким жок, аны жалгыз калтырбай, колдоп, көңүлүн көтөрүп койуңузчу» деп сурандым.

Жаңы иш ачыш үчүн кредит алып өтө чоң жоопкерчиликти мойунга илген элек. Күрөөгө өзүбүздүн эле мүлктү эмес, туугандардын үй-жайларын да койгондон кийин, эгер өз маалында төлөй албай калсак, бир эле биз эмес, бизге ишенгендердин баары талаада калмак. Андан бери көп мезгил өткөнүнө карабай ошол кыйын кырдаалды эстегенде денемди калтырак басат. Биз анда кайра чыккыс туңгуюкка кабылсак да, Чыныбай бу сапар дагы туура жол таап, кооптуу абалдан кутулуу жолун тапты.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Мындай учурда эс качан чөкпөш керек, пессимист болбош керек. Мен мойнумдагы жоопкерчиликти сезген адаммын. Менин мойнумда жоопкерчилик көбөйдү. Евразия өнүктүрүү банкына 170 000 АКШ доллар кредитти төгүп беришим керек эле. Экинчиден, жаңы тегирменди алып келиш керек. Үчүнчүдөн, туугандарымдын күрөөдөгү үйлөрүн чыгарышым керек. Күнтүн дебей акча издейм. Акыры тааныштар аркылуу бир кишилерди таптым. Алар айтты, макул, күрөөсүз

сага акча беребиз бирок жылына 148 пайыз менен. Ал кезде банкта кредиттер 14 пайыз болчу. Мындай кырдаалда макул болуп алдым. Жүгүртүүгө жумшап ишканаларды иштетүүгө кириштим. Кайра акча издеп атып башка кишиден жылына 130 пайыз менен акча алып берки 148 пайызды жаптым. 18 пайызга азыраак деп. 120 пайыз менен таап 130 пайызды жаптым. 90 пайыз менен алып 120 пайызды жаптым. Эми ишим жеңилдеп калды. Фирмаларым иштей баштады. Кичине болсо дагы тегирменден, нан бышыруучу жайдан акча түшө баштады. Анча-мынча берки кафеге жардам бере баштадык.

**Тыянак:** Эгер ийгиликке жетем десең, анда жаңы иштин башында өзүң туруп мекемени өзүң башкарышың керек.

## Төртүнчү аракет:
## «Акун». Башталыш

***Чыныбай Турсунбеков:***

Түркияга бардым, дагы бир өнөктөш таптым. Мен жалкыбайм. Көгөрүп артынан түшө берем да. Дагы чоңоём деп атам, бул тармакта биринчи болом деп атам. Ошол өнөктөш менен сүйлөшүп, Түркиядагы элчи Төлөмуш Океев деген кинорежиссёр менен жолуктум.

– Чыныбай, эмне кылып атасың? – дейт.

– Акча издеп атам, азыр жылына 90 пайыз менен алдым.

– Мен сага жылына 40 пайыз менен акча берейин.

Аябай сүйүндүм. 60000 АКШ доллар берди. Маселени чечтим. Баягы сүйлөшкөн өнөктөшүм: «сапаттуу продукция чыгаруу үчүн 1 же 2 валдуу тегирмендер жарабайт 4 валдуу 60 тоннадан ылдый болбош керек. Мен аны сага узартып төлөөгө берем, баасы 600 мин

доллар. Эгер экөөбүз өнөктөш боло турган болсок анда сага 300-400 миң АКШ долларга берем. Бирок жок дегенде 100 миң АКШ долларын төлө», – деди. Төлөмүш Океевден алган 60000 АКШ долларга өзүм ала келген 40 000 АКШ долларын кошуп 100 миң долларга үчүнчү тегирменди алып келдим. Бул 1997-жылдын башы эле. «Акун» деген фирма түздүм. Ар бир уулдун татыктуу уул болуу, атасынын атын даңазалоо каалоосу бар болсо керек. Мен фирмамды ачканымда, түрк тарап мага кыргызча «ак ун» деп атоону сунушташкан. Атамдын аты Акун. Жакшы дал келүүчүлүк болду. Мындан тышкары бул ат мага атамдын атын уят кылбагандай иштөө жоопкерчилигин жүктөйт.

Өнөктөштөрдөн дагы, чекеге тийген тырмооктордон (граблилерден) дагы тажаган жокмун. Бир эле максат: мен ушу тармактын ийне-жибине чейин үйрөнүп калдым. Демек мындан пайда табам, иштете алам деген ой менен «Акунду» иштете баштадым. Эң негизги максатым, эң жакшы жана сапаттуу жабдуу коюшум керек эле, аны койдум. Мен негизи сапатка көңүл бурдум. Казакстанга чейин барып сапаттуу буудай алып келе баштадым. Кыргызстанда биринчи болуп аккредитациядан өткөн жеке менчик лаборатория ачтым. Негизги максатым: эң алдыңкы технология (эң алдыңкы жабдуулар), экинчи – сапаттуу буудай, үчүнчү – сапатты контроль кылган лаборатория. Мына ушул үч нерсе ийгиликке жеткирди десем болот. Кыргызстандын ар бир шаарында Советтер Союзунан калган чоң тегирмендер бар болчу, азыр да бар. Ошол кезде Кыргызстанда Канадалык агрокорпорация иштеп аткан. Ошолордун арасына кирип «Акунду» иштетип ийгиликке жеттим.

**Тыянак:** Жаңы иш уюштурган кезде өндүрүлө турган продукцияны жана ал товар сатылуучу базарды

тыкыр изилдеш керек. Бирок булардын баарын билгендигиң дайыма эле ийгиликке жеткире бербесин толук мүмкүн.

## Өнүгүү – кыймылда, токтоп калуу – өлүмгө тете

***Нуржан Тентимишова:***

Өндүрүшкө акча керек болгондуктан, банктардан кредит алып, жабдууларды сатып келип, аларды иштетүү аркылуу киреше таап, кредитти үстөгү менен төлөп, анан кайрадан жаңы кредит, жаңы жабдуу, жаңы киреше таап, айтор, ар дайым өнүгүүгө аракеттендик. 2002-жылы 2 миллион 400 миң евро өлчөмүндөгү биз үчүн өтө чоң суммадагы кредитти немистердин макарон чыгарчу жабдуусун сатып келүү үчүн алганыбыз эсимде. Ал кредит үчүн «Акун» компаниясынын мүлкүнүн баарын күрөөгө койдук.

Чыныбай башкы деректир катары жеке кепилдик милдеттенмесине кол койду. Мен анын жубайы катары биргелешип жоопкерчилик алуу үчүн кошумча кепилдик милдеттеме деп аталчу документке кол койууга тийиш элем. Ал документти толтуруп жана кол койуу үчүн банкка келгенде мен абдан катуу кабатырландым. Буга чейин бир ирет күйүп кеткендей болуп кайра да кыйналбайбызбы деп корктум. Ошол себептүү, бул кредиттин алынышына такыр каршы элем. «Чыныбай, балким биз бул макарон чыгарчу жабдуудан баш тартабыз? Кредит албай эле тынч жүрөлүчү! Аны алыш абдан оңой болгону менен, үстөгүн кошуп төлөш кандай кыйын...» – десем, ал мага буларды айтты: «Нуржан, эгер сен биздин компаниянын тынымсыз өсүп-өнүгүүсүн каалагасаң, анда бул кредитти коркпой-үркпөй туруп алышыбыз керек, анткени, кыймыл бар жерде

гана өнүгүү болот да, кыймыл токтогон кез өлүмгө окшошот» деп өтө жүйөөлүү сөзүн айтып мени ынандырды.

Урматтуу «Грабли найт» иш-чарасынын катышуучулары, азыр силердин алдыңарда чоң тизме илинип турат. Андан биз жараткан ийгиликтер менен таанышасыздар.

1997-жылы күнүнө 60 тонна данды тартуучу кубаттуулуктагы түрктөрдүн тегирменин ишке киргиздик. Бул биздин эң алгачкы чоң өндүрүш эле.

Кийинки жылы күнүнө 100 тонна ун чыгаруучу тегирменди орноттук.

1999-жылы тендерге катышып «Чынар» пансионатын уттук. Анын аукционго коюлган баасы 4,5 млн. сом турса да, биз аны 10 млн. сомго алдык. Менимче, Кыргызстандын тарыхында мамлекеттик мүлк эки эсе кымбат баага сатылган жапжалгыз факт ушул болсо керек. 2002-жылы ал пансионатты «Акун Ысык-Көл» деп жаңыча атадык.

1999-жылы «Акун-Суу» ЖЧКсын ачтык. Ал мекеме сууларды жана суусундуктарды идиштерге куюп сатуу өндүрүшүндө ийгиликтүү иштөөдө.

2002-жылы «Век» ЖЧКсын сатып алдык. Бул чакан ишкананын күнүнө 40 тонна ун чыгарчу тегирмени бар эле. Булар бизден кийин уюшулушкан. Биздин тегирмен иштей баштагандан кийин пайда болгон ун комбинаттарынын баары эле эмнегедир «Акунду» талкалайбыз!» деген ураан менен иштегенди жакшы көрүшчү. «Век» да ошол тизмедеги ишканалардын бири болчу. «Век» ЖЧКсынын сатуучу агенттери биздин клиенттерге: «мына эми биз пайда болдук, биз жаңы, күчтүү, келечектүү ишканабыз. Биз «Акунду» озуп өтөбүз. Ошондо «Акундан» эмне калаарын көрөсүңөр» деп ачык эле айтып жүрүшчү. Бирок убакыт  ар нерсе-

ни өз ордуна койот экен. 2002-жылы «Вектин» кожоюну да бизге өз ишканасын сатып алуу сунушу менен кайрылды. Биз анын айтканын, албетте, орундаттык.

2003-жылы кыска макарондорду өндүрүүчү немистердин жабдуусун ишке салдык. Ал долбоор үчүн 2 млн. 400 миң евро көлөмүндөгү кредит алганыбызды айтып өтпөдүмбү.

2004-жылы «Бишкек ун комбинаты» ачык акционердик коомунун акцияларын сатып алдык. Бул ишкана 1929-жылы курулган. Бишкектеги эң чоң жана жашы улуу ишканалардын бири. Быйыл анын курулганына 88 жыл болот. Акаевдин доорундагы приватизация учурунда «Бишкек ун комбинаты» да чет өлкөлүк компанияга сатылып кеткен эле. Жаңы кожоюндар – Казакстандык ири компаниянын ээлери «Бишкек ун комбинатынын» өнүгүүсүнө акча жумшагылары келбей, эски жабдуулар менен эле иштей беришкендиктен, алардын товарынын сапаты кыйла төмөн болуп, сатуу жаатында чоң көйгөйлөр жаралган. 2004-жылы Казакстандык компаниянын өкүлдөрү өздөрүнүн акцияларын бизге сунуш кылышты. Ал кезде биздин мойнубузда 2 миллион 400 миң евро өлчөмүндөгү кредит бар болгондуктан, бош акча каражатыбыз жоктугун айтсак, алар өздөрү бизге көмөктөшүшүп, «Бишкек ун комбинаттын» мүлкүн күрөөгө алган соң, бизге кредит берүүчү банкты табышты. Биз ал кредит менен казак компаниясынан «Бишкек ун комбинаты» ишканасынын акцияларын сатып алдык. Мекемедеги акыбал абдан оор экен. Жабдуулары өтө эскиргендиктен, иштөөгө дээрлик мүмкүн болбой калганын эске алып, Чыныбай Түркияга жөнөдү да, ал жактагы ортокторубуздун жардамы менен ун чыгаруучу эки жабдууну алып келди. Ал жабдуулардын кубаттуулугу күнүнө 500 тонна ун чыгарууга жетет.

«Бишкек ун комбинаты» Кыргызстанда ун өндүрүүчү эң чоң ишкана. Түркиядан келген эки жабдуунун акчасын бөлүп төлөө жолу менен кайтардык.

2008-жылы узун макарондорду чыгаруучу Италия жабдуусун койдук.

2010-жылы «Акун» жабык акционердик коомуна 10 миң тонна дан сактай турган элеваторду курдук.

2011-жылы «Акун-кесме» деп аталган азия лапшасын чыгаруучу жабдууну ишке салдык.

2012-жылы «Акылинвестбанкынын» акцияларын сатып алдык. Ал азыр «Капиталбанк» деп аталат.

2013-жылы кыска макарондорду чыгаруучу немистердин экинчи жабдуусу ишке кирди.

2014-жылы куурулган макарондордун өндүрүшүн уюштурдук.

Быйыл, 2017-жылы болсо азия лапшасын чыгаруучу экинчи линияны ишке киргизүүдөбүз. Себеби азия лапшасына талап абдан күчтүү болууда жана биз аны Россияга чейин экспорттомокчубуз.

Мен азыр санап өткөн нерселердин баары кредит жолу менен алынган. Муну айтканым, кредиттен коркпош керек. Болгону кредит чындап эле киреше берилчү ишке гана жумшалууга тийиш.

## Көнүмүш адаттардан арылуу

Биз Чыныбай экөөбүз баш кошкон күндөн бери үй-бүлөнүн арабасын чогуу тартууга көнгөнбүз. Бири-бирибизге дайыма жардам беребиз. Чыныбай кандидаттык диссертациясын жазып жүргөн кезде, мен анын колун ар кандай түйшүктөрдөн бошотууга аракеттендим. Ал кез Советтер Союзунун заманы болчу. Жогорку аттестациялык комиссия Москва шаарында жайгашкандыктан, кыргыз адабияты жөнүндөгү дис-

сертация орус тилинде жазылчу. Чыныбай күндүзү илимий эмгегин жазат. А мен иштейм. Кечинде үйгө келген соң анын кол жазмаларын окуп, оңдоп-түздөп, анан машинкага терчүмүн. Себеби машинисткага төлөгүдөй ашык акча жок. Биз мына ошондой тартыштыктарды деле баштан өткөргөнбүз. Кандай кырдаал болбосун мен ага, ал мага көмөк көрсөтчү. Эч кимде эч кандай ашык суроо жаралчу эмес.

1997-жылы Чыныбай «Акунду» ачкан кезде мен эмчектеги кичүү уулум Эржан менен үйдө олтургам. Кийинки жылы бир жашка толгон уулумду бала бакычка караттым да, Чыныбай менин иштешимди каалабастыгына карабай, «Акунга» ишке чыктым. Ал мени көргөндө, мага эч нерсе деп айтпады. Мен күнүгө жумушка келсем деле Чыныбай мага иш да, иш орун да, айлык да бербеди. Мен жөн эле келип-кетип жүрө бердим. «Акундун» ар кайсы жагын көзөмөлдөп, кээде кассага да келип, иштин жүрүшүнө байкоо салчумун. Ал кезде сатуу бөлүмү али ачыла элек. Чындыгында ал бөлүм анчалык деле зарыл эмес болчу.

Биз өндүргөн унга талап өтө күчтүү болгондуктан, ун алчулар республиканын бардык тарабынан келишчү да алдын-ала төлөм кылышканда, аларды кезекке койуп, «сен эртең, сен бүрсүгүнү, ал эми сен он күндөн кийин ун аласың» деп айтчубуз. Анткени, керек болгон көлөмдөгү унду өндүрүп үлгүрө албагандыгыбыздан, ошондой кадамга баруу менен маселени оңунан чечүүчүбүз. Көрсө, ал мезгилде «Акун» алтын доорун башынан кечирген экен. Так ошо кезде мен кассирдин жанына отуруп алып алармандар менен таанышчумун жана сатуунун жүрүшүн өз алдымча изилдечүмүн. Кээде кандайдыр бир чукул маселелер жаралып, аларга жооп табылбай калса, мен дароо китеп дүкөнгө жүгүрүп, зарыл суроолордун жообун тийешелүү китеп-

терден издеп тапканга аракеттенчүмүн. Ал кезде интернет азыркыдай өнүгө элек эле да. Ошентип акырындык менен аралаша бердим жана бат эле бизде иштин баардыгы эле туура жолго коюлбаганын, көп нерсени өзгөртүүгө туура келээрин түшүндүм.

Бирок Чыныбай мага иш берген жок, 2 жылдай эч кандай кызматым, кабинетим жана айлыгым жок эле иштедим. Эртең менен Чыныбай экөөбүз бирге ишке барабыз, кечинде чогуу келебиз. Бир жолу жумуш бүткөн соң, бирге кетиш үчүн Чыныбайдын кабинетине бардым. Чогуу чыгып келатып эле, ал башкы бухгалтерде иши бар экенин айтып, ага кире кетели деп калды. Экөө бир иштерди сүйлөшүп атканда, мен дагы жөн турбай башкы бухгалтерден сатуу боюнча отчётту сурап калдым. Эмил Байсымаков деген бухгалтер эле, ал мага » Мен сага отчет бергидей сен кимсиң», – деди. Мен унчукпадым. Туурасы унчугалбадым. Жанымда турган Чыныбай да эч нерсе деген жок. Үйгө барып да ал тууралуу кеп козгогон жокпуз. Жолдошумдун мени колдобой, кол алдындагы жумушчусуна кемсинттирип койгону мен үчүн абдан оор болсо да билгизбегенге аракет кылдым. Эртеси баягыдай эле жумушка барсам, менин аткаруучу директор болуп дайындалгандыгым тууралуу Бермет деген офис-менеджер кызыбыз буйрук алып келди. Кийин Байсымаковго «Сага рахмат, сен болбосоң, Чыныбай мага кызмат орду бермек эмес» – деп айтып күлүп калчумун.

Азыр мен эмнеге Чыныбай мени ишке алгысы келбегин түшүнөм. Ал учурда бизнесте айымдар азыркыдай көп эмес болчу. Кыргызда «аял деген эркектин ишине кийлигишпеш керек» деген менталитет бар эмеспи. Болгондо да ошол кезде Майрам Акаева жөнүндө көп кеп айтылчу эле. Президенттин ишине аялы ар дайым

кийлигишет экен деген ушак-айыңдар эл арасында өтө көп жүрчү. Кадр маселелерин чечүүдө эле эмес, саясий чечимдердин кабыл алынышына да түздөн-түз таасир этет деген сөздөрдүн аягы үзүлчү эмес. Бул нерсе Кыргызстан элине түк жакпачу.

Бирок көнүмүш адаттардан арылуу жана мени жооптуу кызматка – аткаруучу директорлукка алуу менен Чыныбай жаңы долбоорлордун үстүнөн иштөө мүмкүнчүлүгүнө жетишти.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Албетте, биздин бизнести негизинен үй-бүлөлүк бизнес десек болот. Үй-бүлөлүк бизнес болгонуна карабай Кыргызстанда менимче ар бир бизнесмен дагы коомдук пикирди эске алат. Ошол кезде коомдук пикир дагы, тарбия дагы мындай болчу: үйдө кожоюн – эркек, аял ишке кийлигишпеш керек. Нуржан иштейм дегенде айттым: «Сага эмне жетишпейт, акча турат, каалашыңча колдон, дүкөндөргө барып кийим сатып ал, каалаган нерсеңди жаса», – деп.

***Нуржан Тентимишова:***

Мен болсо «Андай нерсеге үйлөнгөн биринчи күнүбүздөн баштап көндүрсөң болмок», – деп болбой ишке чыгып алдым.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Бухгалтер «сен отчёт сурагыдай кимсиң?» – деп Нуржанга керсеңдегенде, мен ошол учурда унчуккан жокмун. Бирок, үйгө барып ойлондум. Эки жылдан бери фирмадагы кемчиликтерди айтып, көрсөтүп аткан эң ишенимдүү кулагым Нуржан болсо. Мен аны иштен артка тартып койсом, фирманын иши аксап калаарын түшүндүм. Ошол күн чечүүчү күн болуп калды. Эртеси Нуржанды «Акун» фирмасынын аткаруучу

директору кылып дайындадым. Мен фирманын алдыга жылышын тандап алдым. Экөөбүз биргелешип башкара баштадык.

## Бир эшик жабылганда, дайыма экинчиси ачылат

***Чыныбай Турсунбеков:***

Мен мындан эмнени айткым келип турат. Эгер бир эшик жабылса, анда башкасы ачылат. Турмуштан эч качан түңүлбөш керек. Мен жаш кезимде декандын орун басары болуп калдым. Бирок көпчүлүктүн арасында «жаш бала кайдан келе калып декандын орун басары боло калды» деген кеп тарады. Жада калса бирөө өкүл атасы болгон Өкмөттүн вице-премьер-министрине чейин барып менин кызматымды талашып атканын уктум. Мен декандын орун басары кызматынан өзүм эле кеттим. Жогорку Кеңештин Төрагасы кызматын таштап кеткендей эле. Кызматымды бердим, башка кырдаал чыкты, натыйжада Түркияга кетип калдым. Эгер ал кызматты таштабасам, мен Түркияга кетпей калмакмын. Түркияда да менин кызматыма кызыккан дагы бир бала келип, менин ишимди жана батиримди алып алды. Мен талаада калдым, бирок ишкерликтин эшигин ачып алдым. Ошон үчүн эч качан турмуштан үмүт үзбөш керек. «Не было бы счастья, да несчастье помогло» деген орустардын макалы эң туура. Эгер эшиктер жабылып кайра ачылып турбаса, саясатка дагы келмек эмесмин.

«Акун» өнүгүп иштеп баштаган мезгилде жогору жактын тапшырмасы менен 2008-жылы «Бишкек ун комбинатынын» алдына эртең мененки саат 8ден баштап кечки саат 6га чейин бир машина финполдун кызматкерлери келип, ар бир кирип чыккан машинаны текшерип турушту. Биз баардык 17 машинага 17 касса-

лык аппарат коюп кырдаалдан чыктык. Ошентип алар жарым жылдан ашык кайтарышты. Ал эч нерсе эмес. «Агропродкорпорация» деген мамлекеттик ишкана түзүлдү. Мамлекет бул ишканага 800 млн сом бөлгөн. Азыр банкрот болуп жоголду. Ошол корпорация түзүлгөндөн кийин мага ошол кездеги Айыл чарба министри жолугуп: «Чыныбай, биз «Агропродкорпорациясын» «Акунду» талкалаш учун түздүк», – деди. Мен таң калдым, себеби айыл чарба министрлигинин милдети – Айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканаларды өнүктүрүү, колдоо жана коргоо болгон эле. «Агропродкорпорацияны» түзүшүп ага алар ишенген бир фирманын башчысын жетекчи кылып коюшту. Ошентип алар менен жарым жылдан ашык күрөштүк. Аягында ал фирманын жетекчиси мага киши жиберди. Ал кишиси келип: «Чыныбай Акунович, сизди жеңе албай атабыз. Кантип тынчтык келишимине келишсек болот?» – деди. Бир жагынан темир жол ишканасы биздин фирмага келген темир жолду жаап койгон. Эч кандай максаты жок эле «Бишкек ун комбинатына» Госматрезервдин 6000 тонна сактап койгон буудайын да Таласка чыгарып кетишти. Андан мамлекет 6 млн сомдой чыгым болгон. Мына ушундай нерсенин баарын баштан өткөрдүк. Бир сөз менен айтканда, эгерде 2005-жылдагы революция болбосо, андан кийинки саясий чиновниктердин кутуму болбосо, 2010-жылдагы революция да болбосо, мен саясатка келмек эмесмин. Бизнесим жакшы өнүгүп аткан, ишкерчилик кылып жүрө бермекмин. Сөзсүз түрдө адам бир кадам жасаш үчүн сырткы факторлор түрткү берет.

Мен үч жолу мүдүрүлүп, үч жолу тырмоок (грабли) чекеме тийди, бирок үч жолу тең турдум. Өзүм келип «Акундун» башына тургандан кийин гана өнүгүп-өсүү

болду. Ошондон кийин бизнестин баштаганда башында өзүң турушуң керек экендигин түшүндүм. Анан команда түзүп алгандан кийин аларга өткөрүп берип, сырттан көзөмөлдөп турсаң болот. Бүгүнкү заманбап ишканалар үчүн талап – сапаттуу жабдууларды коюш керек. Кымбат экенине карабай Германиянын кыска макарон чыгарган линиясын, Италиянын спагетти чыгарган линиясын, Азия лапшасы үчүн Кытайдын эн кымбат линиясын алып келип колдонуу жана сапатка болгон тыкыр көзөмөлдү камсыз кылуу менен, бул тармактын эң алдыңкы сабына жеттик деп эсептейм.

Эгер ишкана жакшы иштеп турса анда ашып кетсе бир костюм көп кийип, бир аз кымбатыраак ресторанга барып тамактанып баштайсың. Мен тескерисинче, диетада отурам. Эртең менен айран ичип, түшкү тамакты жебегенге аракет кылам. Кечки тамакты ченеп жейм. Себеби адамга ашыкча нерсенин кереги жок. Бирок адамда амбиция бар, жакшы тилек, артымда бир жакшы из калтырып кетсем деген ниет бар. Ошон үчүн мен ар бир жасаган ишимди алдыңкы жана үлгү кылып жасагым келет. Мен тапкан акчамдын баарын кийимге эмес, эс алууга эмес, ар кайсы жерлерден виллаларды алыш үчүн эмес, ишканаларды өнүктүрүш үчүн жумшап келатам.

Бүгүнкү күнгө чейин эсимде, 3-4 ишкана иштетип жүргөндө москвич (шиньон) машинасын айдап жүрчү элем. Ошол кезде Түркияда элчиликте иштеп жүргөн бир жигит аэропортко жеткирип койушумду суранып калды. Мен макул болуп «Шампан комбинаттын» алдына келип токтотсом, ал ары-бери өткөн машиналарды карап турат. Эшикти ачып: «кел отур», – десем таң калып келип отуруп: «Байке, сиз ушундай машина айдап жүрөсүзбү?» – дейт. «Анан кайсыны айдайын?»

– десем. «Байке, сизге жарашпайт экен», – дейт. Мен айттым: «Эрмек, мен ишканаларды бутуна тургузушум керек, кредиттерди төлөшүм керек, андан кийин анан менде БМВ да болот, Мерседес да болот. Ал эми азыр мен андайга мүмкүнчүлүк бере албайм», – дедим.

Мен тегирмендерди ача баштаган кезде бул тармак абдан өнүккөн болчу. Ар бир шаарда баардык шарты менен бирден тегирмен жана элеваторлор бар болчу. Жада калса канадалык агрокорпорация келип бир канча чоң тегирмендерди алып иштеткен. Мына ушундай кырдаалда мен кантип келип калдым. Эгер бүгүнкүдөй акылым болсо, анда бул тармакка кире алат белем? Жок, эгер бүгүнкүдөй акылым болсо, кирбейт болчумун. Мен чоң тобокелчиликке бардым. Биринчи кадамды аттаганда эле кандай конкуренттердин кандай алсыз жерлери бар экенин көрдүм жана аларды изилдей баштадым. Мисалы, жанагы канадалык агрокорпорацияда мени алдап кеткен өнөктөштөр сыяктуу эле Кыргызстандын алсыздыгын билип, болгон каймактарын алып кетебиз деген чет элдик бизнесмендер иштешкен. Мен жаңы, сапаттуу жабдууларды коюп сапатка көңүл бурбаганда мен алар менен тең тайлашып иштей алмак эмесин. Алар бул тармакта кожоюн болуп тургандыктан, алар сапатка көңүл бурушкан эмес. Менин 1 кг унуман 15 лепешка чыкса, алардын 1 кг унунан 1 да жакшы лепешка чыкчу эмес. Жалпайып кебетеси начар болчу. Анан кимдин унун алышат? Тигилердин унунан 2 сомго кымбат болсо дагы менин унумду алып башташкан. Ошентип бул тармакты ээлеп алдык. Эгер бул тармакта бош орун жок болсо, анда конкуренттердин алсыз жерлерин изилдеп, аларга көңүл буруп иш алып барсаң болот.

Табылды Эгембердиевди таанybaган киши жок болсо керек. «Шорону» жана «Супараны» негиздеген. Ошол киши мени издеп келип:

– Ой, Чыныбай деген сенсиңби?

– Ооба.

– Колуңду берчи, – деп колумду бекем кысып, «Чыныбай деген тегирмен алып келип Кыргызстанда куруп атыптыр дегенди угуп, ал кандай келесоо неме, канадалык агрокорпорация, «Бишкек ун комбинаты» турса бул тармакты кантип алат деп ойлодум эле. Сен эки жылга жетпей конкуренттерди сүрүп чыгып тармакты ээлеп алдың, ошон үчүн мен сага колумду берип атам», – деп келип таанышкан. Бул менин өмүрүмдөгү жана бизнестеги эң чоң баа болуп калды. Мен ар дайым бул учурду эскерип келатам. Ошон үчүн эч нерседен коркпой өжөрлүк менен иш алып барып, ар нерсеге калдат мамиле кылып, күчтүү жакты изилдеп таба билсең тармакта өзүңдүн ордуңду табасың.

Албетте, убакыт ар дайым алдамчылар тарапка эмес ак ниеттүү, келечекке максат койгон ишкерлер тарапка иштейт. Бизнестин биринчи күнүндө мени алдап кетишкен өнөктөштөрдүн иштери ийгиликтүү болуп өнүгүп-өсүп кетишкен жок. Катардагы майда алдамчылардан эле болуп калышты. А мен болсо аларга алдатып жүрүп, эң чоң холдингдин кожоюну болуп отурам. Себеби мен иштеген биринчи күндөн баштап, чогуу иштешкендер менен таза жана чын жүрөктөн иштешүүгө аракет кылдым. Мен жүгүртүүдөгү каражаттарым жок кезде, унум өтпөй артка кетип атса дагы Кыргызстандагы жана Казакстандагы буудай алган өнөктөштөрүмө толугу менен акчаларын төлөп келдим. Бул салт азыр да «Акунда» сакталып келе жатат. Банктар менен иштешкенде дагы жеңил болду. Алгач

«АКБ Кыргызстан» банкы менен иштештим. Жетекчиси Садыбакасова Шарипа эже мага ишенип калгандан кийин бир телефон чалуу менен миңдеген доллар акчаны жөн эле берчү. Мисалы, мен буудай таап, ошол замат акча которуп сатып алыш керек болуп калганда Шарипа эжеге чалып: «мага акча керек», – десем дароо акчаны берчү. Анан барып кредиттик келишим түзөт элек. Мына ошон үчүн азыр «Акундун» мыкты кредиттик тарыхы жана бекем өнөктөштөрү бар. Андыктан «Акун» буудайга жана жаңы жабдууларды сатып алуу үчүн кредит алганда кыйналбайт. Тескерисинче Кыргызстандагы эн чоң банктар «Акундун» артында кезекте турушат. Бүгүнкү күндө эң төмөнкү пайыз менен жана узак мөөнөттөгү кредиттерди «Акун» компаниясы алат.

Ачык айтыш керек мен жаңы ишканаларды ачып, жаңы идеяларды ишке ашырганды жакшы көрөм. Бирок мен бир жаңы ишкана ачкандан кийин ал жерге барып жумушчулардын тартибин карап, көзөмөлдөп туруу менин жаратылышыма туура келбейт. Себеби «стратег» болом, фирманын келечегин ойлойм, жаңы идеяларды ишке ашырам деген адам күнүмдүк иштерден колу бош болуш керек. Ошон үчүн мен ишканаларды башкарууну Нуржанга жана башка дагы жетекчилерге өткөрүп берип, өзүм болсо саясатка кеттим.

***Нуржан Тентимишованын эскерүүсүнөн:***

Биз жумушта бири-бирибиз менен кезигишчү эмеспиз. Ар бирибиздин өз милдеттерибиз бар болчу. Чыныбай – стратег. Ал компаниянын келечегин ойлоп, алдыга максаттарды коюп жана аны кантип ишке ашыруу үчүн иштечү. Жаңы долбоорлор, жаңы өндүрүш ачуу – анын милдети эле. Мен ал баштап берген

иштерди улантчумун. Мунун баары үй-бүлө сыяктуу эле. Үй-бүлөдө кандай: эркек акча табат, там салат, анан аял аны эмерек менен толтурат, бала тарбиялайт, эркек таап келген акчаны сарамжал пайдаланып эптештирип оокат кылат дегендей. Иште деле мен ошол ролду аркалагандай болдум. Чыныбай жаңы долбоор менен иштеп, инвестиция таап, жабдууларды алып келип, монтаж кылып, жаңы ишкананы ачат. Мен ал ишкананы ирээтке салып, эрежелерин иштеп чыгып, күндөлүк маселелерин чечем дегендей.

* * *

Бош убактыбызда биз чогуу болгонго аракет кылчубуз: киного, театрларга барып, кышында лыжа тебүүнү жакшы көрөбүз. Бизнесибизге байланыштуу Жапония менен да бир жыл түздөн-түз байланышып иштештик. Алган таасирлерибиз көп болду. Бирок алар да бизден таасирленишиптир. Жапон консультантыбыз биз менен коштошуп жатканда, «биз эле силерге бир нерсе үйрөтпөстөн, силерден да үйрөнгөнүбүз болду. Мен силер менен бир жыл жүрүп, азыр аялыма башкача көз менен карап, башкача мамиле кыла баштадым,»– деп айтты эле.

* * *

Чыныбай саясатка кеткенден кийин чындыгында биз мурункудай өнүгө албай калдык. Мурда улам жаңы долбоор, идеялар менен иштеп турган болсок, ошол нерседен аксап калдык. Андыктан Чыныбайга: «Сени «Акун» фирмасы эле багып атат, кээде бизге деле көңүл буруп койбойсуңбу? Биз деле сенин шайлоочуларыңбыз» – деп айтып калчумун. Бирок Чыныбай компаниябызга мурункудай көңул бура алган жок. Ал бир

ишке кирсе баш-оту менен кирип, ошол иштин майын чыгара жасачу. Эртеден-кечке чейин иштеп жүрдү. Эс алуу күндөрү да ишине кетип калчу эле. Бизге ишенди окшойт. «Мен иштеп турганда такшалган мыкты кадрларыбыз бар. «Акун» жабык түрдөгү акционердик коом. Анын директорлор кеңеши, башкармалыктары бар. Бир фирмада директор болуп келинчегим иштейт. Айрым фирмаларымда жетекчи болуп мен өстүргөн жигиттер иштеп атат. Депутат болуп иштеп аткандан бери «Акунга» көп болсо жылына бир-эки жолу эле барам. Пансионатыма гана эс алганы көбүрөөк барам. Бирок, иштерине кийлигишпейм. Себеби, бул жактагы иштерим деле жетиштүү. Мен үчүн бизнестеги кызыкчылыктан мамлекеттики жогору турат. Себеби, сен канчалык жакшы жашасаң да, кошуналарың, мекендештериң жакшы жашабаса өзүңдүн жакшы жашаганың маанисиз» – деп бир интервьюда айтканы бар.

* * *

«Акун» компаниялар тобуна 7 компания кирет. Юридикалык жактан алганда, алардын баары көз карандысыз компаниялар. Биз аларды уюштуруучулар катары бириктиребиз. Биринчи компаниябыз «Акунду» (2017-жылы 20 жылдык маарекесин белгиледик) нөлдөн баштадык, аны менен өстүк, кетирген каталарыбыздан сабак алдык. Эми бул компанияны 20 жыл мурун катардагы жумушчу болуп келген кызматкерлер башкарат. Мисалы, башкы директор Улан Калдыбаев жүктөө бөлүмүнүн жумушчусунан баштаган. Лабораториянын башчысы Бейшенова Жылдыз бизде студенттик практикадан өткөн. Мындай мисалдар көп.

Компанияларыбыз балдарыбыз сыяктуу. Ар биринин өзүнүн мүнөзү бар. Мисалы, «Акун» компаниябызда жалаң жаштар иштегендиктен, ал жакта демил-

ге көп болду. Компания башында кичинекей болчу. Кызматкерлер көбүнчө милдеттерине кирбеген тапшырмаларды аткарууга туура келген. Бардык чечимдер мүмкүн болушунча тезирээк кабыл алынчу. Ар бир кызматкер эч кандай тоскоолдуксуз директорго суроо берип, берилген тапшырмаларды тез аткарчу. Алар өз алдынча чечим кабыл алышып, жоопкерчиликти ойлонбостон ала билишчү. Жана мунун баары «Акунда» сакталып калды. Акуновчулардын идеялары көп. Алар дайыма бир нерсени сунуштап турушат. Мен баш тартсам дагы алар ийгиликке жетерине ишенип, долбоорлорун коргошот. Алардын жардамы менен биз айыл чарба тармагын өздөштүрө алдык: арпа айдап, малды тоют менен камсыз кылдык. Ошентип, бизде жаңы багыт пайда болду.

Биздин «Бишкек ун комбинаты» компаниябыз (биз аны 2004-жылы казактардан сатып алганбыз) бир аз башкача түзүлүшкө ээ. Комбинат шаардагы эң эски ишканалардын бири болгонуна байланыштуу (быйыл 92-жылын белгиледик) анын кызматкерлеринин эмгек стажы 30, 40, ал тургай, кээ бирөөлөрдүкү 50 жылды түзөт. Ал жерде советтик мүнөз байкалат. Демилге жетишпейт, бирок жоопкерчилик жана тартип жүз пайыз. Жадагалса, жумушка эч ким кечикпейт.

* * *

Чыныбай экөөбүз филолог эмеспизби. Ал эми өндүрүш ишканасын ачуу биз үчүн таптакыр жаңы нерсе болчу. Көп нерсени өздөштүрүүгө, менеджмент, маркетинг, бухгалтерия боюнча китептерди окууга туура келген. Рон Хаббарддын административдик технологиясы бизге абдан жардам берди деп айта алам. Бул технологияны биздин компанияларда да колдондук.

Менимче, биздин башкаруу корпоративдик башкарууга көбүрөөк окшош болду. Мисалы, жумасына бир жолу биздин компаниялардын директорлору чогулуп учурдагы көйгөйлөрдү талкуулап, керектүү чечимдерди сунушташат. «Бекитилди» же «Бекитилген жок» деген графага кол коюу гана менин милдетим.

Эшигимде «Менеджер, көйгөй менен эмес, аны чечүү жолдору менен кир» деген жазуу бар. Мен кызматкерлеримдин өз ишин ийне-жибине чейин менден жакшы билиши керек жана кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчиликти алуудан коркпошу керек деп эсептейм.

* * *

Биздин компания өстү, аны менен кошо биздин кызматкерлер өстү. Алгач кара жумушчу болуп келген балдарыбыз бүгүн жетекчи. Тегирмендерди иштетип жаткан жигиттер өзүбүздөн тарбияланган балдар. «Акун» – чоң мектеп болду. Башка кесиптин ээлерин практика жүзүндө үйрөтүп, компанияга керектүү кадрларды даярдадык. Кызматкерлерди материалдык жактан колдоо фонду бар. Эгер бир кызматкерибиз үйлөнсө же балалуу болсо, сөзсүз ага жардам көргөзөбүз. Кадрларды тандоо, аларга камкордук кылуу миссиясы туура багытта жүргүзгөндүктөн, көп жыл иштегендерди үй менен камсыз кылдык. 20дай кызматкерлерибизге арзандатылган баа менен квартира бергенбиз. Бир бөлмөлүү квартираны бир жарым миң долларга, эки бөлмөлүүнү – эки миң эки жүз долларга, үч бөлмөлүүнү – үч миң долларга айлыгынын эсебинен төлөө шарты менен бергенбиз. Ссудага машина алып бергендерибиз да кыйла. «Акундун» 20-жылдык юбилейинде компаниябызда иштеп жүрүп үйлөнгөн Альмир Турда-

лиев менен Жыпара Мусаевага бир комнаталуу квартира белекке бердик. Ысык-Көлдө пансионатыбызда жыл сайын биздин кызматкерлер барып, эс алып турушат. Кол астындагы кызматкерлерге жылуу маанай тартуулай алсаң, бул иште жакшы үрөн болуп берет экен. Жетекчи биринчи кезекте кызматкерлерге жагымдуу шарт түзүп берсе гана иш алга жылаарына ишенебиз.

***Чыныбай Турсунбековдун берген маегинен:***

Мен бизнеске жаңы киргенден баштап эле ар дайым адамдарга пайда гана алып келе турган таза бизнес кылам деп айткам. Кыргыздар үчүн эзелтеден ун жана нан өндүрүү асыл иш катары эсептелген. Менин каалоом Кудайга да жетти окшойт. Балким, ошон үчүн да бардык аракеттерим текке кеткен жок. Мындан туура, түз максат койсоңуз жана бул максат кимдир бирөөгө каршы багытталбаса, анда Кудуреттүү Кудай сизди дайыма колдой тургандыгын билсек болот.

Бизнесте мен бир нече принциптерди колдоном: биринчиден, жабдуулар мыкты болушу керек, экинчиден, продукциялар эң жогорку сапатта болушу керек. Ар бир иштин ийне-жибине чейин билүү жана атаандаштар менен теңтайлашууга жөндөмдүү болуу үчүн илимий мамиле болушу керек.

Бир иштин баардык татаал жагын билсеңиз, сиз атаандаштарыңыздан күчтүү болосуз. Биздин элде атаандаштарын «душман», «каршылаш» деп атап алышат. Бирок мен дайыма: «Ооба, бүгүн биз атаандашпыз, бирок эртең биз өнөктөш болушубуз мүмкүн, эгер муктаждык жаралса, биригип компанияларыбызды сактап, бекемдей алабыз», – деп айтам. Мен биригүүнү, консолидацияны колдойм. Ушундай жол менен гана бардык көйгөйлөрдү чечсе болот. Бул нерсе

Нобель сыйлыгынын лауреаты, профессор Нэштин окууларында да ырасталган. Ал тең салмактуулуктун формуласын ойлоп тапкан, анда эки тарапты бирдей тең салмактуулукка алып баруучу стратегияны колдонушат. Эгерде сиз башка фирмалар менен атаандашсаңыз, анда эч ким утпайт. Жеңүүчү чыксаңыз дагы чоң жоготууларга учурайсыз. Эгерде сиз башкалар менен бирге кызматташсаңыз, анда баары утуп чыгат. Мисалы, америкалык ири компанияларды караңыз: алар биригүү менен чоң холдингдерге айланышты жана дүйнөлүк рынокто ийгиликтерге жетишти.

Эмне үчүн бул идеяны бизде колдонсок болбойт? Кыргызстандын рыногу кичинекей, демек, бизнестер да чакан. Бирок биригүү менен башка өлкөлөрдүн рынокторуна чейин, олуттуу деңгээлге жетсек болот.

Ишкер үчүн эң башкысы – ишеним. Ишеним болсо, акча жок эле жеке бизнести баштаса болот. Эгер өнөктөштөрүңүздүн ишенимине ээ болсоңуз, миллиондогон долларлык товарларды да, сырьёлорду да алдын ала төлөбөстөн ала аласыз. Бир гана бизнесмен үчүн эмес, саясатчы үчүн да ишеним – башкы сапат.

Ишенимге ээ болуу – убакытты талап кылат. Бизнеске келгенде ар кандай кыйынчылыктарга карабай өнөктөштөрүңө берген сөзүңө турушуң керек. Алар сага ишениши керек, ал тургай, эң оор кризистик кырдаалда дагы, жоготууга учурасаң да келишимдин шарттарын аткарышың керек. Азыр биздин компания мыкты насыялык тарыхка ээ, инвесторлор жана насыя берүүчүлөр бизге ишенишет. Керектүү документтерди даярдабай туруп, бир телефон чалуу менен бизге насыя берген учурлар болгон. Бул үчүн ишенимге киргенбиз.

**Абдыкалык Дунканаев**
филология илимдеринин доктору,
К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Ардактуу профессору

## ЧЫНЫБАЙ ЧЫНЫ БАЙ ЭЛЕ

2020-жылдын 14-мартында Чыкем Караколго келди. Өзү менен чогуу үй-бүлөсүн, неберелерин, досторубуз Курман менен Гүлмираны ээрчите келип, Караколдон Эркингүл экөөбүздү кошуп алып, «Каприз» кышкы эс алуу жайына эки-үч күнгө эс алдырып кеткен эле. Ылайыгы, шарты келгенде, бизге, досторуна өзгөчө көңүл бөлүп, сыйлап камкордук көрчү. Ар жыл сайын жайкы эс алуу учурунда Чолпон-Атадагы «Акун» пансионатына чакырганынан жазчу эмес. Муну биз, достору эмнегедир Чыныбай менен аяшыбыз Нуржандын милдети катары сезчү элек, эркелеп.

Баарынан да КМУну 1983-жылы бүтүргөн курсташтарынын бардыгын, көрүнүктүү журналисттер Бүбүкан Досалиева менен Бурул Сарыгулова өңдүү досторун, бардыгы 100дөй адамды мурунку жайда пансионатына чакырып, үч күн бою коноктогону эстен чыкпас. Ал 40 жыл мурда чогуу окуган курсташтарын да жанынан чыгарбады. Мамлекеттеги экинин бири болгон Жогорку Кеңештин спикерлик кызматын аркаласа да, айрымдарга окшоп керсейбеди, бой көтөрбөдү, жөнөкөйлүгүнөн жазбады. Чыкем ушундай адам эле. Эркингүл экөөбүздүн Чыныбай менен кийинки 14-16-март күндөрүндөгү бир болгондугубуз, көрсө, акыркы жолугушуубуз экен.

Бул күндөрү мен, Чыкем, Курман – үчөөбүз чечилип сүйлөштүк, сырдаштык, маектештик. Адаттагыдай, Курмандын ойлоп тапкан тамашаларынын, кошуп ийме окуяларынын кызыгына баттык. Анан дагы, ай-

рыкча, Чыкемдин элдин жашоо-турмушу, андагы көйгөйлөр тууралуу кейип кеп салганы бизди да ойлондурбай койгон жок. Өлкөбүздүн экономика саясатындагы, билим берүү багытындагы, салык төлөөдөгү маселелер, одоно мыйзам бузуулар жөнүндө оюн айтып, аларды жолго коюудагы конкреттүү иш-чараларды санап берди эле, кайран Чыкем. Элибиздин мыкты жашоосунан, жетишүүсүнөн кеп кылып, оптимисттик көз караштагы ойлорун билдирди эле, кайран Чыкем. Жеке жашоосундагы пландарынан да узун сабак сөз салды эле, кайран Чыкем. Асыл максаттарын ишке ашыруусуна жетишпей калды. Аттиң, эми Чыкем мындай жолугушуулардын күбөсү да боло албайт... Кош дегим келбейт, кош дегим...

Чыкемдин Чыныбай деген аты чынында эле туптуура тандалып коюлуптур. Чыныбай **чыны бай** эле. Адатта «бай» деген түшүнүктү адамдын топтогон байлыгына карата колдонуп салыштырып жүрөбүз. Материалдык жактан Чыкемдин бай экендиги анык. Ал байлыкты адал эмгеги, мээнети, акыл-күчү, изденгич ишкерлиги менен тапты. Айрым байларга окшоп, элдин эсебинен байыган жок, кызмат абалынан пайдаланып, мамлекет казынасына кол салбады. Буга баары күбө. Ушул жагынан алганда, анын эл алдында жүзү жарык болду, башын өйдө көтөрүп жашады. Чыныбайдын байлыгынын башаты студент мезгилде эле башталган бейм. Курсташтардын «эң байы» ушул Чыкем болчу. Өз акыбети менен тапкан акчасы үч булактан түшүп турчу. Биринчиси, эң мыкты окугандыгына байланыштуу жогорулатылган стипендия катары 56 рубль алчу. Ал кезде, совет өлкөсү учурунда ЖОЖдордо стипендия 40 рублди түзчү. Студенттер үчүн бул чоң акча эле. Экинчиси, окуудан соң кечкисин азыр-

кы Жибек жолу менен Тоголок Молдо көчөлөрүнүн кесилишиндеги ВЛКСМ фабрикасында кароолчу болуп иштеп, мындан айлык алчу. Үчүнчүсү, массалык-маалымат каражаттарына ырлары, макалалары байма-бай жарык көрүп, ага өзүнчө калем акы алып турчу. Кыскасы, балапан кезинен эле адал эмгеги аркылуу акча тапканды өздөштүрүп алган. Ошол мезгилдеги группалаш достору болуп саналган Ороз, Эрмек, Мукаш, мен – баарыбыз Чыкемдин ак көңүлдүгүн, «туура» пайдаланып, анча-мынча акчасына ортоктош болуп турар элек. Университеттин «Алтын бешик» жатаканасында Ороз, Эрмек, Мукаш, Чыныбай болуп бир бөлмөдө жашадык. Бир сындырым нанды тең бөлүшүп, студенттик кайталангыс күндөрдү бирге кечирдик. Бейиши болгур, Ороз менен Мукаш да бул жашоодон эртерээк кетип калышты. Бул досторумдун ар бирөөнүн сапаттары алигиче жүрөгүмдө.

Баса, Чыныбай байлыгына манчыркаган жок, өмүрүнүн акырына чейин жөнөкөйлүгүнөн жазбады. Ал баарыдан мурда адамдарга карата урмат-сыйынын күчтүүлүгү, адамгерчилик сапаты, жөнөкөйлүгү, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги, түшүнүктүүлүгү, калыстыгы менен бай эле. Мен аны ушул сапаттары үчүн терең баалар элем. Аз жашаган өмүрүндө ушул сапаттарынан тайбай өттү. Муну менен Чыкемди жайдак жерден эле мактайын деген оюм жок. Анын асыл сапаттарын 40 жылдан ашуун байланыш-катышта, достукта жүргөнүмдөн улам билем. Аны жакындан тааныгандар, ал тургай, иштеген ишинен, кылган кызматынан кабары барлар да, күйөрмандары да: «Чыныбай мыкты ишкер эле, калыс эле, жылдыздуу адам эле», – деп чын көңүлдөн айтып жүрүшкөндөрүн көп эле угуп жүрөм. Бул – элдин баасы, барктаганы, өмүрүнүн текке кетпегени.

Ал чынында лидер эле. Лидерлигин студент мезгилинде эң жакшы окугандыгы менен көрсөтө алды. Кабыл алуу сезими күчтүү болчу. Эсимде, бир жолу атактуу акын Расул Гамзатовдун орус тилинде жарык көргөн «Менин Дагестаным» аттуу чыгармасын окуп, бизге айтып бергенин уюп уктук эле. Азыр ойлосом, убактысын ошондо эле туура бөлүштүрчү экен: окуп да, иштеп да, жазып да баарына жетишчү. Бул баарыбыздын эле колубуздан келген жок. Кыргыз тили илими боюнча болобу же адабият таануу сабагынан болобу, тапшырмаларды аткарып тим болуп калбай, ошол тапшырмалардын туура же туура эместигин таразалап, калчап, окумуштуулардын илимий-теориялык ойлоруна карата жеке көз караштарын билдирип талдоо жүргүзө билчү. Коомдук турмушка карата да өз позициясы бар эле. Бир жолу 1-курста айтылуу «Ленинчил жаш» гезитине Чыкемдин «Жарыктан түшкөн көлөкө» аттуу макаласы жарык көргөн. Оксюморонду колдонуп тема коюшунун өзү эле, анын ой жүгүртүүсүнүн тереңдигинен кабар берип турат. Мында ошол мезгилдеги атактуу «Эдельвейс» жаштар бригадасынын күңгөй-тескейлери – жаш уландын элегинен өткөрүлөт. Коомдук иш-чаралар, турмуш көйгөйлөрү Чыкемдин көз жаздымынан сырт калган жок, чийелүү маселелер аны дайыма ойлонтуп жүрчү. Анын жыйынтыгын кийин КСДП фракциясынын жетекчисинен, Жогорку Кеңештин спикерлик кызматынан, сабаттуу саясатчылыгынан, бизнесмен-ишмердигинен көрүп турдук го. Жогорку Кенештеги партиялардын ортосунда пикир келишпей, чыгаан лидер саясатчылар коалиция түзө албай чачырап турган мезгилдеринде, Чыныбай бир жолу эмес, бир канча жолу коалиция түзүүгө жетише алды го, мен деген «чаарбаштарды» ымга келтирди го.

Чыныбайдын филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы бар экендигин көпчүлүк биле бербесе керек. Университетти бүтөөрү менен Кыргыз улуттук илимдер академиясынын аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүнө өткөн. Белгилүү окумуштуу, КУИАнын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, профессор А.Садыковдун жетекчилиги алдында «60-80-жылдардагы кыргыз прозасынын каарман жана конфликт маселеси» аттуу темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Диссертациялык ишинин илимий-теориялык салмагы жогору болгондуктан, адабият жаатындагы окумуштуулардын көңүл чордонунда калат. Ал кезде Чыкем болгону 28 жашта болчу. Эгерде Чыныбай саясатчы, бизнесмен болуп кетпегенде, андан филология багытындагы чоң окумуштуу чыкмак. Анткени, анын илимий көз карашы, жөндөмү да күчтүү эле. Кандидаттыгын жактаган соң, Кыргыз улуттук университетинде окутуучу, декандын орун басары кызматын аткарып жүрдү.

1992-жылы Билим берүү министрлигинин өкүлү болуп Түркияга жөнөтүлөт. Мындай чоң мамлекетке бекер адамды жөнөтпөсө керек. Ушундан тарта анын турмушунда бурулуш жасалат. Түрк ишкерлери менен таанышып, бизнес үчүн али жайдак болгон Кыргызстанда шериктештикке негизденген иштер жасала баштайт. Натыйжада, Бишкекте ун комбинатын ачууга жетишет. Азыркы атактуу «Акун» фирмасы ошол 90-жылдардын ичинде түптөлөт. Чыкемдин тапкычтыгын кара, ун комбинатын «Акун» атап, атасынын Акун атына ак унду айкалыштырып, ак деген сөзгө шайкеш келтиргенин. Атты жакшылыкка ыроолоп туура койсо да өз берекесин берээрин фирманын ири-ири ийгиликтери, тамырынын кенен жайылышы көрсөттү. Албетте, мындай зор иштердин аткарылышы кажыбас кай-

ратты, талыкпаган эмгекти талап кылары белгилүү го. Чыкемдин ишинин илгерилешине, бизнесинин өркүндөп-өсүшүнө аяшым Нуржандын да опол тоодой күч болуп бергенин баса белгилеп коюшум керек. Көрсө, кудай-таалам экөөнү бири-бирине эриш-аркак кылып жараткан турбайбы.

Студент мезгилинде Чыкемдин бир адаты бар эле, саламдаша берчү. Алдынан чыккан таанып-таанybаган адамдар менен деле кол берип учураша берчү. Чогуу келаткан соң, биз да өтүп кеталбай аргасыздан Чыныбайды колдоп учурашып калчубуз, ичибизден жинибизди келтирип. Тиги адам да бүшүркөп өтчү эле, бул кайсы тааныштарым дегенсип. Чыкемдин бул адаты бизге өөн көрүнүп, мындай чыга берип эле, жемелеп алчубуз:

– Ай, Чыныбай, көрүнгөн менен эле кол берип учураша бересиңби? Же таанышың болбосо, кишини кыжаалат кылып.

– Ой, учурашкандын эмнеси жаман, адамдарга болгон сый-урматым, аларды да силердей эле көрөм, – деп өз пикирин бекем коргочу, жарыктык. Бара-бара мунусуна да көндүк, эрөөн-терөөн албадык. Эл арасында айтылып жүргөн: «Кирсе да салам берет, чыкса да салам берет», – деген табышмак бар. Жообу – эшиктин туткасы. Муну биз: «Кирсе да салам берет, чыкса да салам берет». Бул ким? – деп Чыныбайга оодарып тамашалап калар элек. Көрсө, Чыныбайдын адамгерчилигинин, адамдарга болгон жылуу мамилесинин, сый-урматынын бир үзүмү ушул адатында катылган турбайбы.

## ТҮРК ТИЛИ МЕНИН ЖЕКЕ ТАГДЫРЫМДА ЗОР РОЛЬ ОЙНОДУ

**Олжобай Шакир менен болгон маегинен:**

Адамдын жеке турмушунда көп эле кокустуктар болот эмеспи, айрым кокустуктар адамдын тагдырын таптакыр күтпөгөн, ойлобогон жакка – жүз сексен градуска буруп кеткен учурлар да болот экен. Менин бизнеске киришим, ишкер болуп кетишим да кокустуктун натыйжасы. Көпчүлүк акын-жазуучулар, адабиятчылар сыяктуу эле мен өзүмдүн жеке турмушумду, келечегимди адабиятсыз, илимсиз элестете алчу эмесмин. Ыр жазып, ырлар жыйнагымды чыгарып, илим изилдеп кандидат болуп, ажайып чыгармачылыктын дүйнөсүндө жашап жүргөм. Туз буйруп Түркияда Кыргызстандын Билим берүү министрлигинин өкүлү катары барып иштеп калдым. Ал жердеги мага жүктөлгөн милдети окуу жайларында билим алып жаткан кыргызстандык улан-кыздардын жүрүм-турумунан тартып алган билимине, күндөлүк суроо-талабына чейин көңүл буруп, көз салып туруу экен. Ошентип студент улан-кыздар менен иштешип калдым. 1994-жылы Стамбулда кинофестиваль өтүп ардактуу мейман катары Ч. Айтматов агабыз да чакырылган экен, ал учурда түрк тилин билген кыргыздар саналуу болгондуктан, Чыкебизге бир эсе котормочу, бир эсе жер шартын, эл шартын билген коштоочу катары мени бекитип беришти. Фестиваль жогорку денгээлде өттү. Чыкем фестивалды да, фестивалдын жүрүшүндө да коштоп жүргөн мени да жактырып калган экен, ал кездеги Тышкы иштер министри Роза Отунбаевага «мына даяр дипломат, түрк тилин да мыкты өздөштүрүптүр, алган билими, сүйлөгөн сөзү ар тарабынан төп келип турат, ушундай жигиттерди

дипломатиялык иштерге эмитен тартпайсыңарбы» деп апендинин кызындай мактап жиберсе болобу! Фестиваль аяктап, ар ким өз тиричилиги менен кетти. Баягы мактоо-алкоо, сунуш кептерди жадыман чыгарып унуткара түшкөн экем, бир күнү тышкы иштер министирлигинен телефон чалып Бишкекке чакырышты. Роза Исаковна өзү кабыл алып, бир ай Тышкы ишер министирлигинде стажировкадан өтүшүмдү өтүндү. Мен макул болдум да, кайрадан Түркияга учуп келип, бир айлык эмгек отпускамды алып Бишкекке келдим. Бир ай Тышкы иштер министрлигинде өткөрүп жаткан стажировкам дос-душмандын арасында уу-дуу кеп жараткан экен, эң негизгиси – Агартуу министрлигиндеги коллегаларым мага айтпай-дебей туруп тымызын Түркиядагы кызматымдын «тагдырын» чече баштаптыр. Ошол учурда легендарлуу парламент тарап, өкмөт өзгөрүүгө туштугуп, жагдай анча стабилдүү эмес учур эле. Стажировкага чакырган Тышкы иштер министрлигиндегилер мени эмес, өздөрүнүн алапайын таппай калганын көрүп, ал жердеги жооптуу кызматтагы адамдардын жообунан улам менин кызматка өтүшүм жөнүндө баш ооруткан адам жок экенин түшүнүп, үйбүлөмдү алып кайрадан Түркиядагы мурдагы өз ишиме кеттим.

10-15 беш күн өтпөй артыман Агартуу министрлигинин буйругун алып жаш жигит келди. Көрсө, менин Агартуу министрлигиндеги коллегаларым Чыныбай Тышкы иштер министрлигине жаңы ишке өтүп кетиптир деген имиш-имиш сөз таратып, ошонун негизинде кызматтан бошотуп коюшуптур. Келген жаш жигитке ордумду бошотуп берип, алыскы Түркияда ишсиз калдым...

Агартуу министрлигине телефон чалып, жетекчилерим менен сүйлөштүм. Бул иш тыкаттык менен ойлонулуп жасалган иш экенин дароо эле түшүндүм.

Ошентип алыскы Түркияда үй-бүлөм менен жумушсуз отуруп калдым. Кайра эле Кыргызстанга көчүп баса берели десем, жоро-жолдош, урук-туугандарга тамак берип коштошуп көчүп келсек, он беш күн өтө электе эле жетип барсак эмне деп ойлошот деп үй-бүлөм намыстанып болбой койду.

Аз убакыт өтүп-өтпөй Кыргызстандын Түркиядагы элчилиги «Манас-1000» дирекциясынын Түркиядагы филиалын ачып жатышканын айтышып, ошол филиалдын директорлук кызматын сунуш кылышты. Мен макул болдум.

Ал жерде да жаман иштеген жокмун. Балким, «Манас-1000» тоюнда сиздер да көргөн-байкаган чыгарсыздар, Түркиядан аземделип жасалып келген буюм – тайымдарды, лотереяларды сатып жатышпадыбы, ошол буюм-тайым, лотереяларды Кыргызстандан бир тыйын акча каражатын албай түрктүн бай жигиттеринин жардамы менен чыгарып барган элем.

Кошумча жумуш катарында «Азаттыкта» да иштеп калдым. Саясатка аралашкан жокмун. Себеби мага тагылган милдеттин өзү саясатка тиешеси жок милдет болчу. Кыргыз-Түрк алака мамилеси, ортодогу соода, агартуу, маданият, социалдык-экономикалык маселелерге байланышкан күндөлүк кабарларды берип турчумун.

Бизнеске кокустук түрткү болду десем болот. Жумуштан кеткенден кийин жан дүйнөм коңултуктап, кийинки аткарып жаткан иштерим утурумдук иштер сыяктанып, моралдык жактан да, материалдык жактан да ортодо түзүлгөн «ваакумду» бир нерсе менен толтурушум керек эле. Ал үчүн күнү-түнү активдуу жан үрөп иштеген жумуш керек эле, мурунку жумушум дал ошондой жумуш болчу. Аз эмес убакыт Түркияда жашап калгандан кийин ал жактан да түрктүн мык-

ты жигиттеринен дос күттүм. Ошол досторумдун айрымдарын бир күнү үйгө мейманга чакырып калдым. Кыргызстандагы, Түркиядагы экономикалык жагдай туурасында аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп, досторумдун бири кыргыз-түрк биргелешкен жеке кичи ишкана ачпайлыбы деп сунуш айтып калды. Сөз ырбап олтуруп ошол отуруштa чоң талкууга айланып, менин да бүйүрүмдү кызытып коюшту. Башта деле мындай сунуш айтып жүрчү, бирок бизнес деген сөз калем кармаган мага өөн учурап кулагымдын сыртынан кетчү. Бул жолу тобокелчиликке барып, түрк досторум менен бизнес багытында чогуу иштешүүгө эмнегедир макулдугумду берип койдум.

Экинчи бир түрткү – менин багымды да, жолумду да түрк тили ачты. Ким бирөөлөр өзүнүн келечегин, бактысын англис, немис, француз, орус тилинен тапса, мен түрк тилинен таптым. Түрк тили менин жеке тагдырымда эң чоң роль ойноду. Түрк тилинин аркасында Түркияда иштеп -жашадым, бизнеске кирдим. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн баардык булуң-бурчунда ишкер түрк жигиттер ийгиликтүү иштеп жатат. Мейли, Американын, мейли Европанын кайсы мамлекетине барба, бармактай болбосо да сөөмөйдөй аброй менен, аз эмес капитал ээси түрк жигиттери көп. Алар менин шериктештерим. Ошолор аркылуу Америка, Европа өлкөлөрүнөн инвестиция алып келип, өндүрүшүмдү кеңейтип жатам...

## Bedrettin Özmen

### GERÇEK BİR DOST İLE HAYAT YOLCULUĞU...

Bu yolculuk Çınıbay ile 1996 yılı Ankara'daki ofisime ziyaretle başlamış oldu. Gayet güzel bir Türkçe ile konuşan her kelimesiyle Türkiye hayranı ve Türk dostu olduğunu belli eden bir dost

oturuyordu. Sanki yıllardır Türkiye'de yerleşik gibiydi. Her şeyiyle içi dışı bir olan bir insan vardı karşımda.

Ticareti neler yapabileceğini anlatırken dikkatimi çeken en önemli nokta; atalarımızın ana yurdu olan Kırgızistan'ın ekonomik yönden nasıl kalkınabilirliğin düşüncelerini yansıtıyordu. Ülke bir an önce kalkınmalı; vatandaşların refah düzeyi artmalıydı.

Kendisi bir felsefe geliştirmişti. Herkes ticareti düzgün bir şekilde yapsa, yatırımcıları ülkeye çekse, acil ihtiyaç duyulan konularla ilgili yatırımlar yapılsa ekonomisi düzelecek ve ülke kalkınacaktı. Kafasında Türkiye'nin hızlı kalkınmasının modeli vardı. Bunu iyice özümsemiş ve irdelemişti.

Çınıbay; Türkiye'ye ülkesinin eğitim temsilcisi olarak görevlendirilmişti. Buna istinaden Türkiye'nin bir sürü yerini gezme olanağı ve bir sürü üst düzey devlet yetkilileriyle tanışma fırsatı olmuştu. Oldukça önemli bir bilgi birikimi edinmişti.

Ben şaşırmıştım, zira bir iş görüşmesi yapacağımızı zannederken, konu ülkesinin kalkınması ve yurtdışı yatırımcılarının ülkesine gelmesi için nasıl bir yol izlemesi gerektiği konusunda destek ve yardım istiyordu. Aslında, karşımda kendi çıkarı için değil de toplumsal ülkesi için konuşan bu insan, beni çok etkilemişti ve O farkında olmadan Kırgızistan'a ilk yatırımcılardan birini kazandırmıştı bile. Kendisine hiç kimsenin desteğine ihtiyacı olmadığını, bu şekilde görüşmeler yapmaya devam etmesini söyledim. «Nasıl?» dedi. «Mesela, şu anda biz Kırgızistan'a bir un fabrikası kurmaya karar verdik. Buna siz sebep oldunuz», dedim. Güldü, şaka yaptığımı zanneti. Ciddi olduğumu anlayınca çok sevinmişti. 8 ay içinde tesisi kurmuş, üretime başlamıştık. Yani, hikayenin başlangıcı ve gerçek bir dostla hayat yolculuğu başlamıştı bile.

Kısa bir süre sonra ikinci un fabrikasını kurduk; paralelinde de makarna tesislerini kurduk. Daha sonra Issık Göl'de turizm yatırımı ve daha bir sürü yeni yatırım projelerini gerçekleştirdik. Bu şekilde sanayi sektöründe Kırgızistan ve Orta Asya'daki en iyi firmalardan birini AKUN'u yaratmıştık.

Çınıbay, girişimci ruhu, kazanılan her kuruşu tekrar ülkesine

yatırım yaparak değerlendirmeyi prensip edinmiş başka bir insan tanımadım. Oldukça mütevazi, temiz içi, dışı bir olan bir insan...

Tanıştırdığım her arkadaşımı ve iş çevremi etkilemiş ve yakın dostluklar kurmuştur. Bu hikaye gerçek bir hikaye, bu insan eşşiz bir insan, sevgi dolu, duygu yüklü, dost düşman demeden elini herkese uzatan bir dünya insanıydı. Din, dil, ırk ayırmadan karşısındakini bir art düşünceye kapılmadan değerlendirirdi. Bunlar kendi özgün oluşturduğu felsefesinin temel ilkeleriydi. Kısa sürede yüzlerce aileye iş, aş sağlamıştı. Bu onun için çok önemliydi. Çalışan personelini sevgiyle yönetirdi. Fikirlerine çok önem verir ve dikkatle dinlerdi. Onlar da sevgiyle ve özveriyle karşılık verirdi.

Eğitim düzeyi yüksek ve çok yönlü kişiliğe sahip olan dostum, filoloji alanında doktora derecesine (PhD) sahip olup Sovyetler Birliği döneminde Yazarlar Birliğinin ve Gazeteciler Birliğinin üyesi ve Cengiz Aytmatov Akademisinin akademisyeniydi. İyi bir öğretmen, eğitmen, şair, çeviri kitapları olan bir yazardı. Aynı zamanda Mevlana felsefesini benimsemiş, herkese kucak açan bir insandı.

Müziğe ayrı bir tutkusu vardı. Çok iyi şarkı söylerdi. Şarkı yapılıp bestelenmiş şiirleri var.

Hiç unutamadığım bir Ekim ayı tatili Antalya Aspendos'un akustik ortamında o duygu dolu, güzel sesiyle söylediği şarkı hala kulaklarımda çınlamakta. Müthiş olmuştu.

Maalesef bunlar tekrar olmayacak, güzel anılar olarak kalacak. Zorunlu olarak 2010 yılında istememesine rağmen zorla ihtiyaç var denilerek politikaya sokuldu.

Artık kendi sektöründe Kırgızistan'ın en büyük sanayicisi olan Çınıbay Tursunbekov, ülkesi için ant içmiş parlamentoya girmişti. Kafasında ilk ticari hayata atıldığı zamanki gibi ülkesi için neler yapmak gerekiyor düşüncesinden başka bir düşünce yoktu. Ancak politikada işlerin farklı yürüdüğünü görmüştü. Dışarıdan görüldüğü gibi değildi. Bu siyasi süreçte , parti Genel Başkanlığı, Meclis Başkanlığı dahil bir sürü görevi başarıyla sürdürmüştü, ülkesi için yoğun bir şekilde çalışmıştı. Siyasi süreç kendini çok üzüyordu,

istediği verimliliği alamıyordu. Bu süreçte yaptığı çalışmalar onu Kırgızistan halkı için bir umut haline getirmişti.

Ben onu tanımaktan ve ailecek ailesini tanımaktan çok mutlu olmuştum. Afrika, Avrupa, Asya dahil bir sürü ülkeyle ticari ilişkilerim ve ortaklıklarım oldu. Ama hiçbir zaman Kırgızistan'daki arkadaşımla yapmış olduğum ortaklık gibi olmamıştı. Bu farklıydı, ortaklıktan öte bir şeydi. Anlatılması zor, ifadesi zor, çok iyi bir dosttu. Çınıbay'ın en önemli özelliklerinden biri de çok yönlü bir kişiliğe sahip olması. Hakkında sayfalarca yazılabilir.

Çınıbay Tursunbekov her zaman yapıcı, uzlaştırıcı ve çözüm üreticiydi.

Çınıbay Tursunbekov yaşamı içerisinde bütün gittiği ülkelerde ülke insanlarının sesi oldu.

Çınıbay Tursunbekov her zaman ülkesini en iyi şekilde temsil etti.

Çınıbay Tursunbekov ülkesi insanlarının geleceğe umutla bakmasını sağladı.

Çınıbay Tursunbekov duruşuyla ülkesinin gurur kaynağı oldu.

İlerici, yeniliklere açık, demokratik bir liderdi.

Çınıbay Tursunbekov, siyasi çalışmaları yöneten, karmaşıkları düzenleyen, imkansızlıkları mümkün kılan, değişiklikleri kucaklayan, yenilikleri teşvik eden ve daha önemlisi bunları yaparken insani değerleri koruyan, kendisini yenileyen, güncelleyen, öğrenen ve öğreten bir liderdi.

O sıcak gülüşünü, ince mizahını, duygu dolu sesini asla unutmayacağım! Mekanı cennet olsun...

**Бедреттин Өзмен**

досу, бизнес партнеру

## ЧЫНЫГЫ ДОС МЕНЕН БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛ...

Чыныбай экөөбүз 1996-жылы Анкарада менин офисимде жолукканбыз. Азыр да көзүмө элестеп турат, түркчө абдан мыкты сүйлөгөн, эч бир расмий түс албай

баарлашкан, түрк элинин тарыхын мыкты билген жана чындап эле түрк маданиятына, тарыхына суктанып отурган маңдайы жарык жигит мени таң калтырган. Мен, бул адам өмүр бою Түркияда жашап жана Түркиянын улуттук жашоо-тиричилигинин маңызын изилдеп жүргөн адам турбайбы деген ойго келгеним да чын.

Соода-экономикалык жактан өнүгүү туурасында сөз болгондо, анын биздин ата-бабаларыбыздын мекени болгон Кыргызстандын экономикалык өнүгүү стратегиясы жөнүндөгү, экономикалык жактан ырааттуу өнүгүү менен элдин турмуш-шартын жакшыртуу тууурасындагы ойлору мени өзгөчө ойго салган.

Анын бизнес жүргүзүү боюнча өзүнүн философиясы бар болчу: эгерде ар бир ишкер өз бизнесинин сабаттуу ишке ашырылышына болгон күч-аракетин жумшаса, анда өлкөдө чет жактан инвестиция тартууга жагымдуу шарттар түзүлүп, тартылып келген инвестициялар олуттуу делген тармактарды өнүктүрүүгө жумшалса, өз учурунда ал өлкөнүн экономикасынын ырааттуу өнүгүүсүнө шарт түзөт. Ал Түркиянын экономикасынын ыкчам өнүгүү моделине ынтызарланып, абдан дыкат иликтеп, аны өз өлкөсүндө колдонуунун келечегин билип турган.

Ал мезгилде Чыныбай Түркиядагы Кыргызстандын элчилигине билим берүү маселелери боюнча атташе кызматына иштеп келген кези болчу. Ошондо биздин өлкө туурасында тереңирээк маалымат алып, ишкер чөйрөнүн, бюрократиялык чөйрөнүн өкүлдөрү, жогорку өкмөттүк чиновниктер менен жолугушууга мүмкүнчүлүк алган.

Мен биздин алгачкы жолугушуубуз биргелешип бизнес жүргүзүү жана кызматташтыкты өнүктүрүү темасында кадимки салттуу форматта болот деп ойлоп

тургам, бирок менин мейманым өзүнө эмес өзүнүн өлкөсүнө кандай жол менен инвестиция тартса болот деп суроо берип, өз өлкөсүнүн ыкчам өнүгүүсү жана чет элдик инвесторлор байыр ала турган жайга айлануусу үчүн кандай стратегия тандап, кандайча туура чечимге келсе болот деп кепке тартканына бир эсе таң калып, бир эсе ыраазы болуп турдум. Мен анын чын дилинен өз өлкөсүнүн экономикалык абалын жакшыртууну каалап жатканына ичим абдан жылыды. Ошентип бүткүл жан дүйнөсү менен өз өлкөсүн сүйгөн менин мейманым мына ушул жолугушууда эле менин инвесторлордун бири болуп калганымды туйган да жок. Сүйлөшүүлөрдү мындан ары ушундай эле өзү каалаган форматта жүргүзүүң керек экен десем бир аз ыңгайсыздана түшкөнү эсимде. Ал менин оюмду түшүнүп-түшүнбөй, эмнени айтып жатасыз деп менден кайра сурап калды. Мен ага: «Биз азыр Кыргызстанга ун чыгара турган завод куралык деген чечимге келдик. Мындай чечимге келүүнүн себеби сиз болдуңуз»-дедим. Анан ал саамга унчукпай калды дагы тамашалап жатасызбы дегендей жылмайып койду. Мен чындап айтып жатканымды дароо эле түшүндү. 8 айдан кийин биз Кыргызстанга жабдууларды орнотуп, өндүрүштү ишке киргиздик. Мына ошол жолугушуудан тартып менин ушул уникалдуу адам менен болгон турмуш жолум башталып, ал менин чыныгы досум болуп калды...

Биринчи долбоордон көп өтпөй эле биз биргелешип экинчи долбоор боюнча ун чыгаруу линиясын коюуну ишке ашырдык. Аны менен катар эле макарон азыктарын чыгара турган линияны иштете баштадык. Жылдардын өтүшү менен Ысык-Көл регионунда туристтик объекттер жана башка долбоорлор ишке берилди. Ошону менен «Акун» фирмасы Кыргызстанда эле эмес,

Орто Азиядагы өндүрүштүк ишканалардын алдыңкы сабына чыкты.

Мен буга чейин бизнес жүргүзүүнүн стратегиялык багыттарын алдын-ала билип турган, иштеп тапкан ар бир сомун өз өлкөсүнүн экономикасын өнүктүрүүгө жумшай турган мындай адамды кезиктирген эмесмин. Чыныбай кристаллдай таза жана да абдан жөнөкөй, жардам берүүгө дайым даяр, көкүрөгү толо сүйүү, жашоого абдан куштар, эмоциясы бийик уникалдуу адам эле. Мен кимди Чыныбай менен тааныштырбайын, анын жарык маанайы, терең билими аларды арбап алчу. Алардын көпчүлүгү менен ишенимдүү дос да болуп калышты.

Ал ким менен болсо да расасына, тилине, динине, ишенимине, улуттук же социалдык абалына, бай-кедейине карабай укмуштуудай толеранттуулукту көрсөтүп, тил табышып сүйлөшүп кете алчу. Көп үй-бүлөлөрдүн иш менен камсыз болуусуна шарт түзүп берген жетекчи катары өзүнүн кол алдындагылар менен да кенен-кесир баарлашып, алардын ой-пикирлерине өзгөчө маани берип уга билчү. Ошол эле учурда жумушчу-кызматчылар да ага жооп кылып урматтоо менен мамиле жасап, өз жумуштарын так аткарууга аракет кылып турушчу.

Менин досум ар тарабынан өнүккөн, терең билимдүү адам эле: филология илимдеринин кандидаты, Чыңгыз Айтматов академиясынын академиги, Союз маалында СССР жазуучулар союзунун, СССР журналисттер союзунун мүчөсү, устат-педагог, бир катар поэтикалык жыйнактардын автору жана котормочусу болгон. Дүйнө элдерин бир туугандыкка жана биримдикке чакырган Мевлянанын философиялык доктринасы жүрөгүнө жакын болчу.

Чыныбай музыкага да жакын болчу, элдик ырларды, өз ырларын ырдаганды жакшы көрөр эле. Антальядан анча алыс эмес жердеги байыркы Аспендос шаарына октябрь айында эс алууга барганыбыз такыр эсимден чыкпайт. Анын байыркы амфитеатрында Чыныбайдын өзү жакшы көргөн ырларын ушундай бир берилгендик менен ырдаганы, анын жагымдуу үнү дагы деле кулагымда жаңырып тургансыйт. Бул эстен чыккыс шоу болгон!

Мени өтө катуу өкүндүргөнү – мындай сонун, эстен чыкпас учурлар эми кайталанбайт. Бирок, ошол Чыныбай менен бирге өткөргөн сонун учурлар менин эсимден чыкпас болуп калат... 2010-жыл анын жашоосундагы бурулуш учур болду. Ал саясатка аттанууга бел байлады.

Ал учурда Кыргызстанда ири өнөр жай өндүрүшүн түзүүгө жетишкен Чыныбай Турсунбеков өз эли жана мекенине кызмат кылууга ант берип парламенттин депутаты болуп калды. Ал мурдагыдай эле болгон күч-аракетин өлкөнүн экономикалык абалын жакшыртуунун стратегиясы менен жолдорун табуунун аракетине жумшады. Көп өтпөй саясатта бардыгы эле ал ойлогондой эмес экенине көзү жетет. Саясаттагы иш-аракеттеринде ал партиялык фракциянын лидери, парламенттин спикери кызматтарында да ал жаман иштеген жок. Иштин жүрүшүндө көңүлү чөгүп, наааразы болгон учурлары да болду: анткени ойлогондой натыйжа бербей калган учурлар да көп болду. Өзүнүн күжүрмөн аракети менен элдин ага берген жогорку ишенимин актоонун аракетин көрүп, элди Кыргызстандын келечеги мыкты болорунан үмүт үзбөөгө ишендиргиси келээр эле.

Мени бул адам менен жолуктурган тагдырыма ыраазымын; биздин үй-бүлөлөрүбүздүн ортосунда да тыгыз

достук мамиле түзүлгөн. Мен бизнесте көп эле чет элдик (Африканын, Европанын, Азиянын) өнөктөштөр менен иштедим. Бирок, Чыныбай менен ишенимге кирген өнөктөштүк союз башкаларынан түп тамыры менен айырмаланып турчу. Биздин өнөктөштүк мамилелер бекем достук мамилелерге чейин өсүп жетти. Ал абдан уникалдуу адам эле – мындай көп кырдуу инсанды бирэки ооз сөз менен айтып жеткирүү мүмкүн эмес.

Чыныбай дайым конструктивдүү ой жүгүртүүсү, өзгөчө толеранттуулугу, дипломаттыгы менен айрымаланып турчу жана компромисстик жол табуунун чебери эле. Кызматына байланыштуу чет өлкөлөргө чыккан учурларында айрыкча өз өлкөсүнүн үлгүлүү өкүлү болуу менен улуттук кызыкчылыкты ырааты менен жеткире биле турган.Ал мекенине кызмат кылуунун үлгүсүн көрсөтүү менен элдин келечекке болгон үмүтүн жандырып, өз өлкөсүнүн сыймыгына айланган.

Чыныбай саясий процесстерди өз нугунда алып кете алган активдүү лидер жана мүмкүн болгон жана мүмкүн болбогон нерселерди да ишке ашырууга жөндөмдүү жаңычыл идеялардын жана прогрессивдүү өзгөрүүлөрдүн жактоочусу болгон. Мындай жагдайда ал дайым адам баалуулуктарына басым жасап, өзүн-өзү өнүктүрүүнү, талбай окуп-үйрөнүүнү үзгүлтүксүз жүргүзүп келген.

**Kemal Köloğlu**

## DEGERLİ BİR DOSTUN HİÇ ÖLMEYECEK ANISINA

SSCB’nin dağılmasından hemen sonra bağımsız, Kırgızistana iş insanları ile yaptığımız seyahatte

O güzel ve çetin günlerde tanışmıştık, ÇINIBAY ile,

Daha sonra Türkiye – Kırgızistan i konseyinde eş başkanlar olarak

ülkelerimizi büyük bir şevkle temsil ettik. Uzun yılar sürdürdüğü görevinde, her iki ülkenin ilişkilerinin gelişmesi için hayatından büyük fedakarlıklar yaparak çok çaba sarfetti Dostluğumuz yılların yıpratıcılığına rağmen kesintisiz bir şekilde

sürdü. Üstelik her seyahatimizde bu güzel dostluğumuza yeni yeni sevgi taşları ekleyerek. Öyle bir dosttu ki yurdunun gelişmesi uğruna kendini hiçe sayarcasına, Kırgızistanın gelişmesi için kendi işlerini bir kenera bırakarak ülkesi için çok çalıştı.

Sevgili dostum, can arkadaşım keşke seninle daha çok zaman geçirebilseydim, zaman kum olup gidiyorken ellerimizden, her daim o gülen yüzünü hiç unutmayacağım.

Evet, iyi ki seninle tanışmışım, dost olmuşum, dostluğunun zincirini hiç koparmayacağım kalbimde!

**Кемал Көлоглу**

түрк ишкери

## КЫМБАТТУУ ДОСУМ ЧЫНЫБАЙ

Мен Чыныбай менен Советтер Союзу кулап, Кыргызстан көз карандысыздыгына кайрадан ээ болгон кыйын учурда Кыргызстанда өтө турган Турциянын ишкерлер чөйрөсүнүн бизнес-жолугушуусуна барып таанышып калгам. Ал мезгил бир караганда эстен кеткис бир жаркын учур болгон экен.

Анда биз Кыргыз-Түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы болуу менен, ар кимибиз өз өлкөбүздүн ишкерлер чөйрөсүнүн кызыкчылыгын абдан берилүү менен колдоп-сүрөп турганбыз. Чыныбай бул кызматта узак жылдардан бери иштөө менен бүткүл жан дүйнөсү менен киришип, болгон күчүн жана билимин аянбай, эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык байланыштарды өнүктүрүүгө чоң салым кошту. Аралыктын алысты-

гына жана жылдардын өтүп жатканына карабай, ишкерчилик иш сапарлар менен кездешип, жүздөшкөн сайын биздин достугубуз өөрчүп-өнүгүп, мазмуну байып, биздин терең жана бекем достугубуздун улам бир «кирпичи» коюлуп жүрүп отурду. Ал өтө эле эмгекчил болчу. Өзүнүн жеке кызыкчылыгын экинчи мерчемге таштап коюп, өз өлкөсүнүн кызыкчылыгы, коомдун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылууга дайым даяр, канжанын аянбаган өжөрлүгү бар эле.

**Osman ÖZKAN**

Çınıbay Tursunbekov,

Kırgızistan'ın hayırlı evladı; memleketini çok seven ve halkına hizmeti bir borç bilen; güleryüzlü anlayışlı insan.

Sizinle 1999 yılında tanıştık; ondan sonra hep dostluk ve sevgiyle görüştük. Kırgızistan da halka dönük ve ülke kalkınmasına katkı sağlayacak her konuda öncülük yaptınız. Beslenme konusunda tesisler kurdunuz.

Otel kurdunuz ve kurma teşebbüsünde bulundunuz. Gençlerin iyi yetişmeleri için okul, halkın toplu alışveriş yapabilmeleri için alışveriş merkezi inşaatları yapmayı arzuladınız.

2010 yılında ülkeniz için zorla politikaya sokuldunuz. Uzlaştırıcı yapıcı, ülkenin gelişmesi için her türlü çabayı gösterdiniz. Umudunuzu yitirmeden hep mücadele ettiniz. Bunları yaparken hep güleryüzlü ve içtenlikli iyi niyetiniz ön plandaydı.

Kırgızistan geleceğini aile sevgisi içinde yetişmiş, iyi eğitim almış gençlerin belirleyeceğini hep söylerdiniz.

Ruhunuz Sad Olsun.

## Осман Өзган

түрк ишкери

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАТЫКТУУ УУЛУ

Өз өлкөсүн чындап сүйгөн жана эл үчүн берилип кызмат кылган Кыргызстандын татыктуу уулу. Ал дайым жайдары жүргөн, адамдарды түшүнө билген жана кичипейил адам эле.

Биз аны менен 1999-жылы таанышканбыз. Ошондон бери биздин ар бир жолугушуубуз өз ара достук жана ишеним атмосферасында өтүп келди.

Ал өлкөнүн социалдык-экономикалык жана өнөр жайын өнүктүрүүгө багытталган чөйрөгө алгач из салгандардын бири: анын катышуусу менен тамак-аш өндүрүшү, мейманкана комплекси жаатында өндүрүштүк ишканалар түптөлгөн. Билим берүүнү өнүктүрүү жана жаш муундарды тарбиялоо, калктын социалдык чөйрөсүн жакшыртуу маселелерине өзгөчө маани берип, мектептердин курулушу жана соода комплекстеринин курулушу боюнча долбоорлордун демилгечиси да болгон.

2010-жылы ал саясий ишмердүүлүккө киришкен. Компромисстик мүнөзү бар, конструктивдүү ой жүгүрткөн Чыныбай Акунович бекем ишеним жана чоң үмүттөр менен өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү жана калктын туруш-шарттарынын жакшырышы үчүн болгон күч-аракетин жумшаган. Анын бардык иш-аракеттеринен түгөнбөгөн оптимизми жана чексиз камкордугу сезилип турчу.

Ал дайыма өлкөнүн келечеги үй-бүлөлүк ынтымак-ырашкерчиликтин, кайрымдуулук менен боорукерликтин, өз ара түшүнүшүүнүн атмосферасында тарбияланган билимдүү жаш муундун колунда деп ишендиргенге аракет кылчу.

**Улан Калдыбаев**
«Акун» жабык акционердик коомунун Башкы директору

# АНДАЙ АДАМДЫ АЗЫРЫНЧА КӨРӨ ЭЛЕКМИН

1999-жылы мен Чүй университетинин экономика факультетин аяктадым. Ал кезде курулуштар да, компаниялар да жок болгондуктан, кесибиме ылайык жумуш таба албай кыйналып жүрдүм. Менин теңтуштарым анда «Акун» фирмасында иштешчү. Мен дагы Жан-Булак айылынан болгондуктан, «Чыныбай Акунович менин жердешим болот» деп сыймыктанып калчумун. Ошондон улам ылым санаппы, айтор, «Акун» фирмасына барып, мени жумушка алыңыздар деп кайрылдым. Чыныбай Акунович менен Нуржан Давлетбековна мени 6-январда өндүрүшкө жумушка алышты. Ошентип, 100 тонналык тегирмендин ун чыгарган (выбойный) жеринде ылганган ундарды ташып-жыюучу болуп иштеп калдым. Кийинчерээк 2001-жылы бөйрөгүм ооруп калып, «Акун» фирмасы ошол жылы сатып алган көлдөгү «Чынар» пансионатында күзөт бөлүмүндө иштедим. Андан көп өтпөй эле мени «Акунга» кампа башчылыгына которушту. Ундарды санап алып, сактап, тиешелүү жактарга жөнөтүп, ал жерде жети жылдай иштеп калдым.

Анан «Акун-Суу» заводунда 3-4 ай директор болдум. 2008-жылдан кийин өндүрүш директору болуп «Акунда» иштедим. 2016-жылы «Акун» фирмасынын аткаруучу директору, азыр болсо генералдык директору болуп иштеймин.

«Акун» фирмасында иштеген узак жылдардын аралыгында Чыныбай Акунович менен Нуржан Давлетбековна бизге ата-энедей эле болуп калды десем болот.

Алар фирманын ишин жөндөп алып кетүүнү гана үйрөтүшпөстөн, инсан катары да бизди тарбиялашты. Кептин чынын айтсам, жашоодо Чыныбай Акуновичтей киши жок сыяктанат. Балким, бардыр. Бирок, мен андай кишини азырынча жолуктура элекмин. Чыныбай Акунович кайталангыс адам эле.

Чыныбай Акунович алгач батирлерин залогко коюп, кредит алып, ал кредитти жабдууларды алыш үчүн Түркияга жиберип, бирок алдамчыларга туш келип калып алданып калган. Кийинчерээк 30 тонналык тегирмендин жабдууларын Түркиядан алып келип Аламүдүн районундагы Октябрьское айылына орнотуп, Кыргызстанда биринчилерден болуп ун чыгарган жеке тегирмен ачкан, 1997-жылы «Акун» компаниясын түзүп, 60 тонналык тегирмен куруп ишке киргизген. 1999-жылы 100 тонналык тегирмен курушкан убакта мен ошол жерге жумушка кабыл алынгам. 2004-жылы Германиядан макарондун түрлөрүн чыгарган жабдууларды алып келип Кыргызстанда биринчи макарон фабрикасын ачышкан. Ошол эле жылы «Бишкек ун комбинатын» дагы казак бизнесмендеринен сатып алышты.

Чыныбай Акунович фирмада иштегендерге өтө камкор болчу. 2009-жылы менин кайненемдин көзү өтүп кетип, энебиздин зыйнатын кылуу үчүн мен жумуштан суранып кеттим. Эртеси эртең менен Чыныбай Акунович мага телефон чалып, айылдын дарегин тактап сурады да: «Биз жакындап калдык, азыр барып калабыз» – деди. Чынын айтсам, мен Чыныбай Акунович келет деп күткөн эмесмин. Анан да өзү эле келбестен «Акун» фирмасында иштеген бардык бөлүмдөрдүн жетекчилерин да бир минибус менен ала келиптир. Элдин көбү эле Чыныбай Акунович менен учурашып, сүй-

лөшкүсү келип турду. Чыныбай Акунович болсо, мен отун жарган жерге барсам ошол жерге барып, башка бир иш жасап жатсам ошол жерге барып, ал-жай сурап, эмне керек деп улам сурап жатты. Анын ошол адамдын башына жаманчылык иш түшкөндө жалгыз койбой камкордук көргөн мамилеси менин өмүр бою жүрөгүмдө калды. Чоң тарбия да болду. Мен ошондон баштап кайра тарбияландым. Азыр мен да кызматкерлерге ошондой камкордук көрүүнү өзүмдүн адамдык парзым деп түшүнөм.

Бизнесте алдыны көрө билүү өтө маанилүү касиет. Чыныбай Акуновичте ошондой көрөгөчтүк бар болучу. Фирмада иштеп жаткан адамдарды да бул тууган, бул бөтөн деп бөлбөйт эле. Бизге жүк ташыгыч болуп келип эле, анан эмгегине, ишке болгон жоопкерчилигине карата тепкичтен тепкичке жогорулап, фирманын белсемдүү кызматкерине, өндүрүштүн башчылыгына чейин өсүп жетип, иштеп калгандар аз эмес. Ишти жөнөкөй тепкичтен баштагандар кайра өндүрүш циклин жакшы билишет. Кыскасы, кадр өстүрүү маселеси жакшы жолго коюлган. «Генерал болом» деген жоокерлерге мүмкүнчүлүк кеңири. Ошон үчүн «Акун» фирмасында Чыныбай Акуновичтин туугандары чоң болсо керек дегендер жаңылышат.

Шайлоодо элге керектүү азыктарды жөн эле айыл өкмөтүнө таштап баса бербестен, биз ар бир айылды талыкпай кыдырып, чыныгы муктаж адамдарга даректүү жардамдарды бердик. Бул азыр айтууга оңой болгон менен, ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген бей-бечаралардын, карыптардын муктаждыгын чечип, алардын үй-бүлөсүнө үмүт байлап, көз жашын аарчуу ар кимдин эле колунан келе бербейт.

«Эмгек кылган, анан жакшылыктан үмүт кылган

адамды жакшы көрөм» – деп калчу Чыныбай Акунович. Андыктан, инсандын эмгегин туура баалоо «Акун» фирмасында небактан бери эле жолго коюлган маселе.

Жакшылыктан үмүт кылган адамга жардам берүү керектигин да Чыныбай Акунович өз мисалында көрсөтүп, мага бул боюнча да чоң сабак берип кетти. Ал мындай болду. Арча-Бешик конушунда жашаган бир аял Чыныбай Акуновичке телефон чалып: «Мен сиздин телефонуңузду издеп жүрүп араң таптым. Биздин үйдө телевизор жок болгон үчүн балдарым дүйнөдө эмнелер болуп жаткандыгынан кабарсыз. Кыскасы, мезгилден артта калып жатышат. Балдарымдын келечеги үчүн бизге телевизор алып бере аласызбы?» – дептир. Анын өтүнүчүн түшүнүү менен кабыл алган Чыныбай Акунович мага карап: «Интернетти да тарта тургандай бир телевизорду бүгүн жеткирип бер, мобул дарекке!»- деди. Эки сааттын ичинде мен телевизорду алып Арча-Бешикке жетип бардым. «Чыныбай Акунович ушундай кыска убакта эле бизге жардам бердиби?..» – деп келин кубанычын жашыра албай ыйлап ийди.

Негизи бизнести тандап алып, ошого баш-оту менен кирген киши көп жолу өтө чоң тобокелдикке барат. Чыныбай Акунович да өтө көп долбоорлорду иштеп чыгып, ишке ыкчам киришчү. Ар кандай контракттарды бир карап чыкканда эле анын кандай натыйжа берээрин айныксыз түшүнчү да, коркпой туруп эле шар кол коюп жиберчү. Ток этээр жери, ийгилик колдоп жүргөн адам эле!.. Андай кайталангыс лидерден айрылгандан бери менин жан дүйнөмдө кандайдыр аңгыроо, бүдөмүк сезим пайда болду.

Фирманын ички маселелерин чечкенде да анын абдан чечкиндүү кадамдары байкалып турчу. Маселен, кээде товарды сатып өткөрүү бөлүмүнүн начальнигин

чакырып туруп эле, турган товардын арзандаткандагы баасын калькулятор менен эсептеп чыгып, анан: «Кампаны канча күндө бошото аласың? Буудай алабыз!..» – деп шашылыш тапшырма берип ийчү.

Албетте, иш болгон соң кээде байкоосуздан, кээде ишке көз жетпей, кээде ыкчамдык жетишпей, айтор, ката да кетет. Бирок, чоң акча маселеси каралып жатса да, фирманын кызматкерлеринин бирөөсүн да кыйкырып урушчу эмес. Кызматкердин жаңылыштыгын жакшылап түшүндүргөн соң, «Эми бул жаңылыштыкты кайра кайталаба!» – дечү. Андайда биз «кантип ушундай катага жол бердим?» – деп катуу уялып калчубуз. Биз Чыныбай Акуновичтен корккондуктан эмес, аны аябай сыйлагандыктан, экинчи антпейм деп ичибизден сөзгө бекип алчубуз. Бул биздин өз лидерибизге болгон улуу урматыбыз эле.

Албетте, иш болгон соң кээде атаандашуу, интрига да кездешет эмеспи. Чыныбай Акунович «Ушак ташыган жарыбайт!..»– деп ынтымакка чакырып турчу. Интриганы абдан жаман көрөр эле.

Чыныбай Акуновичтин Бедреттин бей деген түрк досу: «30 жыл мурда Түркияда бизнесте дал ушундай абал болгон. Бизнеске жол ачмайынча экономика көтөрүлбөйт, мамлекет да кубаттанбайт. Эл да өз өлкөсүнөн чыккан товарларды, азыктарды сатып алышы керек. Биз азыр Кыргызстанга Германиядан чыккан мыкты жабдууларды алып келип койдук. Эми калк да ошол немистердин принциптерин карманып, өлкө башчылары бизнесмендерди колдосо, сөзсүз өсүш болот» – деп айтып калчу.

Кээде биздин элдин арасында айтылчу кепти адамдын өзүнө айта албай, бирок сыртынан ойда шыбап кеп кылган адамдарыбыз бар. Чыныбай Акуновичтин Жан-

Булактагы атасынан калган үйү тууралуу да ушундай кептерди айтып жүрүшкөндөрүн кулагым чалып калды. Бирок, ошол: «Атасынын үйүн оңдоп койбойбу? Үй эскирип, тозуп бүтпөдүбү...»– дегендер Чыныбай Акунович менен бет келип жолукканда баягы айтып жүргөн кептерин таптакыр унутуп калган тейде, бажактап таптакыр башка нерселерди кобурап, анан өзүнө бир жардам сурап жатканын көрчүмүн. «Ии, чоң иштер мененен жүрүп Чыныбай Акунович бул маселени эске албай калды көрүнөт. Бир оңтоюн таап айтып көрсөмбү?» деген ой келген мага.

Бирок, ошол күбүң-шыбың кептер өзүнө айтылбаса да Чыныбай Акунович бир күнү баягы өздөрү чоңойгон эски үйдү түрттүрүп салды. «Ии, эми койкойгон жаңы үй салат экен. Ырас эле болду!..»– деп калдым мен ичимден. Ооба, биз күткөндөй эле койкойгон чоң үй салды. Айылда андай бардык шарттары түзүлгөн заманбап үй жок эле. Бирок, жыйынтыгы биз күткөндөн башкача болду. Көрсө, Чыныбай Акунович атасынан калган эски үйдүн ордуна курулган жаңы имаратты айылдык бала бакча катары курган экен. Чын эле айылда бала бакча жок болчу да. Азыр ал бакчада 102 бала тарбияланып жатат. Бала бакчаны Чыныбай Акунович айыл өкмөтүнө өткөрүп берген. Эгер ар бир бизнесмен өз эли үчүн бирден эле ушундай иш жасаса Кыргызстан гүлдөп кетпейт беле?! Чыныбай Акунович болсо айылда жолду асфальттатты. Клубду, ФАПты, кеңсени капиталдык ремонттон өткөрдү, мектептин ремонтуна өз чөнтөгүнөн жардам берип жүрдү. Оюнда өтө чоң долбоорлор бар эле. Аттиң, өмүрү кыска болуп калганы өтө өкүндүрөт!..

Эми тегирмендер тууралуу айтчу болсом, бизде – Кыргызстанда кезинде элүүдөй тегирмен иштеп, ун

чыгарчу. 2016-жылы 40-45тей тегирмен иштеп калды. Анда деле улпактын баасы 5-6 сомдон ашчы эмес. Азыр 5 эле тегирмен иштеп, улпактын баасы болсо 15 сомго көтөрүлдү. Тегирмендер элге абдан керек, туурабы? Андай болсо тегирмендердин башын эмне жутуп жатат. Аны жашырбай эле айтуу керек, тегирмендердин башын аткезчилик (контрабанда) жутуп жатат.

Ошентип, азыр 5 тегирмен иштеп жатса, калган 45 тегирмендин ордун аткезчилик (контрабанда) ээлеп, 5 киши байып жатат. Маселен, аткезчилердин чоң базасы бар. Айталы, бизде 400 киши иштеп, бир күндө 700 тонна иштете алсак, аткезчилердин базасында 1 кампа башчы, 1 бухгалтер, 36 жүк ташыгыч (грузчик) гана иштейт. Ошентип алар 400 кишинин ордуна 39 кишиге гана айлык төлөп коёт да, Өкмөткө салык төкпөйт. Контрабанданын башында өзбек улутундагы киши турат. Аны калкалагандар өзүбүздүн чоңдор. Былтыр пандемия учурунда 9 эле тегирмен иштеп калганда Асрандиев, Абылгазиевдер бизнесмендерди чакырып жардам сурашкан. Бирок, аткезчилик токтогон жок. Эгер аткезчилик токтосо, мамлекетибизге өтө көп өлчөмдө салык түшмөк.

Андан сырткары да бизде орустардын, түрктөрдүн ун чыгарган фирмалары бар. Мен башка ун чыгарган атаандаштарга көралбастык жасабайм. Алардын продукциясын дагы жамандабайм. Анткени, көралбастыктын өзү сенин атаандаштыкка күчсүз экендигиңди тастыктайт. Айтайын дегеним, аталган фирмалар да аткезчилик менен алектенет жана колдоочу чоң кожолору бар болгон үчүн өлкөбүзгө салыкты да аз төгүшөт. Маселен, «Акун» фирмасы бир айда эле миллиондогон өлчөмдө салыктарды төгүп, бир райондун медиктеринин, мугалимдеринин маянасына төлөнүүчү акчаны

өлкөнүн капчыгына которот. Деги эле бизнесмендерди жаман көрбөш керек. Колдон келишинче колдош керек. Туура, салыкты туура төккөн киши тынч уктайт. Көп адамдарды иш менен камсыз кылгандыгы үчүн да өзүн бактылуу сезет. Антсе да мамлекеттин келечегин ойлогон ар бир өлкө өз бизнесмендерин колдоого тийиш. Маселен, биз буудайды Казакстандан сатып алабыз, аны чек арадан алып өтүү үчүн дагы 12 пайыз кошумча алым төгөбүз. Ал эми аткезчилер антпейт. Бизде тегирмендер салыкты көтөрө албай улам жок болуп, айрымдары тегирмендерин чет өлкөлөргө чыгарып жатса, Өзбекстан өз бизнесмендерин өтө колдоп жатат. Андыктан, өзбек бизнесмендери дагы буудайды биз сыяктуу эле Казакстандан сатып алгандыгына карабастан, кийинки үч жылдын ичинде Ооганстандын рыногун казактардан тартып алып койду. Демек, өзбек мамлекети келечекти көрө билүү менен, өз бизнесмендерин колдоп жатат.

Бизде андай акчаны максаттуу пайдалануу болбой жатат. Маселен, бир ай мурун биздин өкмөт Россиядан он миң тонна, Казакстандан да дал ошончо тонна ун сатып алды. Эгер биздин өкмөт мындан көрө жыйырма миң тонна буудай сатып келип кыргыз тегирмендерге иштеткенге берсе, тегирмендер иштеп, ун чыгарып, канча адамды иш менен камсыз кылмак эле. Ундун баасы өкмөт, монополияга каршы комитет белгилеген баада гана болуп, улпактын баасы дагы ылдый түшмөк. Биздин өкмөт башка өлкөлөрдөн ун сатып келип өзүбүздүн өндүрүштү талкалап атканын түшүнөт болду бекен?

Чыныбай Акунович акчага жутунбаган, ак эмгеги менен иш кылган, абийирдүү адам эле. Мен азыр аргасыздан ичим күйүп айтып жаткан бизнестеги көйгөй-

лөрдү ал чоң трибунадан да айтып келген. Аны өз убагында колдоого алуунун ордуна айрым чоң креслодогу адамдар «Ал өз бизнесин коргоп жатат»– деп кайра калкка жаман көрсөтүүгө аракет кылышкан.

Чыныбай Акунович чоң трибунадан айтканда да ага кулак бургусу келбегендер жактырбаса дагы, мен бүгүн өз деңгээлимде келечекти көздөп чындыкты айта кетким келип турат. Эгер копол айтсам, өндүрүшү жок өлкө – цыганга окшоп калат. Анткени, өндүрүш бутка турса гана өлкө бутуна турат. Экспорт ошондон өнүгөт. Маселен, мамлекет башындагылар колдоп, биз эгер чамдай алсак, анда чийки заттарды Казакстан, Россиядан сатып алып, кайра иштетип, Кытайга ун, арабдарга эт сатсак болот. Бизде мисалы, тескерисинче, Ошто камыр азыктары көп пайдаланылат, бирок, алар Талас аркылуу Казакстандан алып келинет. Акча Казакстанга кетет, өлкөгө салык түшпөйт.

***Чыныбай Турсунбековдун А.Кулинскийге берген маегинен:***

– Билесизби, элдин нааразычылыгынын деңгээли карапайым жарандардын чөнтөгүнө түшүп жаткан каражаттан көз каранды. Кээ бир чиновниктер чөнтөгүнө көбүрөөк акча түшсө эле Кыргызстанда абал жакшырып баратат деп ойлошот. Эгерде өлкө калкынын 1%нын гана жашоосу жакшырып жатса, анда 99%, албетте, нааразы болот. Пропорция тескерисинче – 99%ы калктын жашоо деңгээли өссө, ошондо нааразычылык азаят. Ошондуктан да өндүрүш үчүн күрөшүп жатам. Өндүрүш жана өнөр жай болбосо, Кыргызстан дүйнөлүк экономикада жоголот.

Мен көптөгөн ишкерлерибиз жана өндүрүшчүлөрүбүз менен баарлашам. Алардын Кыргызстандагы баш-

кы душманы ким – аткезчилер. Ал эми аткезчиликтин «крышасы» ким? Биринчи кезекте күч структураларынын өкүлдөрү. Мындай шартта кайсы экономикалык өнүгүү жөнүндө сөз болушу мүмкүн? Бул «крышалар» менен иштеген мамлекет бүгүнкү күндү эмес, эртеңки күндү ойлошу керек. Башкача айтканда, өндүрүштү кантип көбөйтүү керек, мына ушунун үстүндө иштөө керек.

Мына, биз Евразия биримдигине кирдик. Жыйынтыгында пайда көргөн жокпуз. Биз бул пайданы кошуналарыбызга жөн гана белек кылып койдук. Мурда жок дегенде транзит менен жашачубуз. Азыр транзит да жок, анткени биздин кошуналар анын болушуна жол бербейт. Мына эмне жөнүндө ойлонуп, эмне менен алектенишибиз керек, белгилүү.

***Чыныбай Турсунбековдун Чынайым Кутманалиевага (САЯСАТ.kg) 15.04.2020-ж. берген маегинен:***

***– Чыныбай мырза, парламент трибунасынан чыгып, «өкмөт элди ойлойбу?» – деген сөзүңүз ойго салды. Өкмөт неге макаронду силерден отуз сомдон алып, элге андан кымбат саттырууга жол берип жатат?***

– Ачыгын айтканда, макарондун контролдук баасынын минималдык деңгээлин эмнеге 90 сом деп койгонун мен да түшүнбөй жатам. Ошон үчүн парламент трибунасынан бизди 30 сомдон жогорулатпагыла деп айтып, өздөрү 90 сом деп койгонунун себебин билейин деп кайрылдым.

***– Эмне үчүн «элди ун менен камсыздайлы, кыйын кырдаалда элге кол суналы» – деген аракетиңер жасалма бут тосууларга кабылып жатат?***

– Бут тосуулар жеке кызыкчылыктарын мамлекет-

тин, элдин кызыкчылыгынан жогору койгондор тарабынан болуп жатат. Эл да аны көрүп, билип турат...

***– Бул апаат мамлекеттин, өкмөттүн дараметин, ал тургай кимдин-ким экенин ачык көрсөтүп койдубу?***

– Апаат биздин жыртык-тешиги көп экономикабыздын артындагы уяттуу жерлерибиздин баарын сыйрып атат. Эми ал жыртыктарды адаттагыдай жамай бербей, толугу менен жаңылашыбыз керек.

***– Бул кыйын кырдаал кандай болгон күндө да атамекенчи өндүрүшчүлөргө мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү зарыл экенин далилдедиби?***

– Аткезчиликти токтотуп, атаандашуучулукка бирдей шарт түзүп115 
бералбасак же башка өлкөлөрдөй мамлекеттик колдоо көрсөтө албасак, өндүрүш өлөөрүн айдан ачык түшүндүк деп ишенгим келет. Демек, эмки кадамдар өндүрүшкө тикелей колдоо аркылуу жүрүшү зарыл.

***– Ун комбинатыңызда жетиштүү ун барбы?***

Запас буудай бар, жетиштүү. А запас ун жок. Азыр Матрезервдин буудайын тегирменге салып баштадык. Муну жашырбай эле айтып койгонубуз оң го.

***– Колдо барлардын баары мындай учурда тапканын бөлүшүп жатат. Сиз дагы колунда жокторго жардам бере алдыңызбы?***

– Жардамыбыз – бул аягы көрүнбөгөн иш. Ар дайым эле тынымсыз жардам сурагандарга жардам берип келебиз. Азыр биринчиден, фирма минус болсо да компания ундун баасын кармап берип атат. Бир катар региондорго жол киресин компания өзүнө алып, Бишкектин баасы менен ун жеткирип берди. Кечээ жакында эле Нарын шаарындагы 150 колунда жок жана таажывируска каршы күрөшүп жаткан медкыз-

маткерлердин, карантиндик постто тургандардын үй-бүлөлөрүнө ун-макарон жеткирилди. Нарын районундагы айыл өкмөттөр 36 айылдагы 700дөн ашык жакыр үй-бүлөлөрдүн тизмесин жиберишти. Көлдөн да тизме келди. Бишкек жана Чүйдөн жеке өзүмө кат менен кайрылгандардын тизмеси турат. Кайрылгандарга болушунча жардам берилип, бериле элегине даярдык көрүлүүдө. Ошондой эле постто тургандарга болушунча ысык тамак берилип жатат. Айрым коомдук уюмдар менен биргелешип иш-чаралар уюштурулууда. Жалпы жыйынтыгы коронавирус менен күрөш бүткөндө чыгарылат.

***Чыныбай Турсунбековдун «7-каналга» берген маегинен (18.05.2020-ж.):***

Мамлекеттин душманы – контрабанда. Анткени мамлекет өзүнүн реалдуу экономикасын түзүшү керек. А реалдуу экономика деген өндүрүштөн курулат.

Азыркы пандемиянын учурундагы кризис, анын ичиндеги азык-түлүк кризиси бул маселенин канчалык олуттуу экенин көргөздү. Учурунда биз өкмөткө бир канча ирет каттарды жөнөтүп, сунуштарды айтып, кээде комитеттин отурумдарында, чоң жыйындарда айтып келген сөздөр анчалык таасир бербей же олуттуу кабыл алынбаса, пандемия учурундагы 10 күндүк кризис, тактап айтканда, казак өкмөтүнүн өзүнүн өлкөсүнөн сыртка ун азыктарынын чыгарылышына тыюу салышы, канчалык бул маселе орчундуу экенин көргөздү. Чындап айтканда ошондо карайлап калдык. Өкмөт контрабанданын канчалык зыян экенин түшүнгөнүн күнүгө бир канча жолудан кайталап, премьер-министр баш болуп кайра-кайра бизге айтып атышты.

Дүйнөдө кабыл алынган түшүнүк бар, азык-түлүк

коопсуздугун камсыз кыла турган тизмеге кирген продукциялардын 80% ы ошол өлкөнүн өзүндө өндүрүлгөн кезде мындай кризистерден жеңил чыкса болот. Бизде тескерисинче, ашып кетсе 20% өзүбүздө өндүрүлүп, 80% сырттан келип аткандыгын ошол кырдаал көргөздү. Казакстан өкмөтү чыгарбай койгондон кийин, ал жактан товар алып келип аткандар баа дагы кымбаттайт экен деп складдарына бекитип, андан кийин кампаларынан килограммын 44 сомго чейин чыгарып сатып атышы өкмөттү апкаарытып, ички өндүрүшчүлөргө мамилесин өзгөрткөндөй болгон. Ал эмес көп убадаларды берип жиберишкен. Убадаларды бермек турсун, Жогорку Кеңеште ун өндүргөн тармактан кошумча нарк салыгын алуу боюнча мыйзамды киргизгенге макул болуп, колдоо катын беришкен. Бирок, тилекке каршы, оор кырдаал өтүп кеткенден кийин өкмөт бардык убадаларын унуткандыгын убакыт көргөздү. Эң негизгиси, жогорудагы мыйзам кабыл алынгандан кийин, өкмөт өзү макул болуп, колдоо көргөзүп мыйзамды кабыл алып, анан кайра бир канча күндөн кийин президентке кат жазып ошол мыйзамга кол койбой эле коюңуз деп кайрылышынын өзү эле канчалык деңгээлде биздин өкмөттүн позициясынын туруксуздугун, өзүнүн өндүрүшчүлөрүн коргой албагандыгын же айрым бир кызыкчылыктардын куралы экендигин гана көргөзүп турат.

## Рустам Жунушев

«Дөөлөт Трейдинг» ЖЧКнын өнүктүрүү департаментинин директору

Менин эсимде Чыныбай Акунович абдан боорукер адам жана акылман жетекчи бойдон калат. Дайыма Чыныбай Акуновичтин энергиясына, чечим кабыл

алуудагы ыкчамдыгына, интуициясына таң калчумун. Мен анын жетекчилиги астында 15 жыл иштегениме сыймыктанам жана бардык жетишкендиктерим (тажрыйба, баарлашуу жана башка кесиптик сапаттар) үчүн Чыныбай Акуновичке милдеттүүмүн. Аны өзүмдүн мугалимим деп эсептейм. Ал «Акун» компаниялар тобунун башчысы болуп иштеп турганда мен анын бизнес башкаруучулук жана ийгиликтүү ишкерге мүнөздүү болгон көптөгөн адамдык жана кесиптик сапаттарын мүмкүн болушунча өзүмө сиңирүүгө аракет кылдым. Анын чечкиндүүлүгүнүн, ишениминин жана интуициясынын аркасында биздин ишканаларыбыз соода маркалары боюнча Кыргызстандын рыногунда лидер болуп, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Орусия жана Белоруссия рынокторунда таанылды.

Кийинчерээк Чыныбай Акунович саясатка кеткенде мен ЖКнын депутатынын, кийин КР ЖК Төрагасынын коомдук кеңешчиси болуп иштедим. Акыркы жылдары депутат, фракциянын лидери жана КР ЖКнын төрагасы болуп турганда Чыныбай Акунович компаниянын иштеринен бир аз алыстап, мамлекеттик ишмер катары өлкөдөгү экономикалык жана социалдык тармактын төмөндөшүнө көбүрөөк тынчсызданып, Жогорку Кеңеште аталган чөйрөлөрдөгү маселелерди көтөрдү. Түбөлүккө эсимде калган бир окуяны айтайын. 2016-жыл болчу, Монголиядан инвесторлор ири инвестициялык долбоорлорду издеп Ишкерлер союзуна келишкен. Бизде айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалар болгондуктан мен башчыга инвесторлордун биргелешкен долбоорду ишке ашыруу боюнча сунуштарын жеткирдим. Чыныбай Акунович аларды биздин объектилерге алып барып, ишканаларды көрсөтүүнү сунуштап, инвестор менен бирдикте тоют өндүрүүчү же айыл чарба продукциясын кон-

сервалоочу заводду курууга болорун сунуштады. Биз инвестордун өкүлдөрү менен ишканаларыбызды кыдырдык, алар биздин заводдордун потенциалын, ишканалардын жайгашуусун, биздин заводдор жайгашкан жер тилкелеринин баалуулугун баалашты. Объектилер менен таанышкандан кийин акыркы жолугушуу болуп, инвесторлор соода жана оюн-зоок борбору бар 36 кабаттуу эки көп кабаттуу үйдүн курулушунун долбоорун сунушташты. Алар курулушка 80 миллион долларга чейин инвестиция салууга даяр болчу, биз тараптан 6-7 гектар аянттагы жер тилкесин бериш керек болчу, калган бардык чыгымдарды инвесторлор көтөрмөк. Ишканаларды карап чыккандан кийин инвесторлор долбоорду ишке ашыруу үчүн жетиштүү жер аянты бар шаардын борбордук бөлүгүндө жайгашкан «Бишкек ун» комбинатынын аймагын тандашты. Менин оюмча, сунуш абдан пайдалуу болду, анткени ал убакта завод токтоп турган, ун тартуучу өнөр жай төмөндөп, көптөгөн ишканалар жоготууга учурап, жабылып калган. Мен инвесторлор сыяктуу эле, бул баш тартууга мүмкүн болбогон сунуш экенине ишенгем, анткени жер тилкесинин ээсине курулган соода аянтынын 22%ы берилмек. Жолугушууда инвесторлор долбоорду, перспективаны жана долбоордун кирешелүүлүгүн сунушташты. Андан соң Чыныбай Акунович инвесторлорго ыраазычылык билдирип, төмөнкүлөрдү айтты: «Бишкек ун» комбинатынын дээрлик бир кылымдык тарыхы бар, ал 300дөн ашык адамды жумуш менен камсыз кылып келген, камсыз кылат жана мындан ары да камсыз кыла турган стратегиялык объект болуп саналат. Биздин жарандарды эң зарыл продукт менен камсыздайт. Бул тармактагы көйгөйлөр убактылуу, ар бир адам өлкөдө өндүрүштү, айрыкча эң керектүү продукцияны жок кылуу мүмкүн эместигин

түшүнө турган күн келет. Анткени мындай объектилердин сакталышы өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун чыңдайт. Сунуш үчүн чоң рахмат, биз башка варианттарды карап чыгууга даярбыз...» Инвесторлор ошондо Чыныбай Акуновичтин чечимин жогору баалашкан. Мен аларды аэропортко чейин узатып барганымда делегациянын жетекчиси Барсболт Чыныбай Акунович өз өлкөсүнүн улуу патриоту экенин жана мындай лидерлер менен өлкөбүз жакында өнүгүп, гүлдөп кетээрин айткан.

Мен дайыма Чыныбай Акунович менен Нуржан Давлетбековнанын чексиз энергиясына таң калчумун. «Акунда» иштеп жүргөнүмдө миллионерлер – «заводдор менен кемелердин» кожоюндары кантип жашаарын көрүп абдан таң калгам. Бул жубайлардын жумуш күнү «Век» кичинекей тегирменинен башталчу, андан кийин алар «Акун-Суу» өндүрүшүнө, «Бишкек» тегирменине барышчу жана жумуш күнү эң биринчи жана негизги ишкана – «Акун» ЖАКында аяктачу. Чыныбай Акунович ишкананы ийгиликтүү башкаруу үчүн бардыгын өз көзүң менен көрүп, кулагың менен угуу керектигин дайыма айтып келген. Бул башкаруу ыкмалары биздин ишканалардын калыптанышында, өнүгүшүндө жана ийгилигинде эбегейсиз роль ойноду деп ойлоймм.

Кээде мага Чыныбай Акунович бир нерсе жөнүндө сүйлөп жатып, бир эле учурда башка нерселер жөнүндө да ойлонуп жаткандай сезилчү. Бир күнү, 2006 -жылдын күзү болчу, күлкүлүү окуя болду. Мен «Акунда» сатуу боюнча директор болуп иштечүмүн. Өнөктөштөрдүн бири «Байгерчилик» ЖЧКсында продукцияны жеткирүү боюнча карызды төлөө көйгөйү жаралган. Карыз 2 миллион сомдон ашык эле. Чыныбай Акунович күн сайын карызды жабуу боюнча кандай ара-

кеттер көрүлүп жатканы тууралуу отчёт алчу. Ар бир планёрка ушул маселеден башталчу. Бир күнү жамгырда кызматтык унаа менен кеңсени көздөй бараткам. Садыгалиев көчөсүнө бара жаткан жолдо темир жол көпүрөсү бар эмеспи. Астынан унаалар өтөт. Нөшөрлөп жааган жамгырдан көп суу көпүрөнүн астына топтолуп калды, мен көпүрөнүн ортосуна жеткенде радиаторго суу кирип, унаа токтоп калды. Эшикти ачып карасам суунун деңгээли абдан жогору экен, өзүм чыга албай калдым. Унаада отуруп абалдан кантип чыгууну ойлоно баштадым. Бир маалда сол жакта жол тандабас келип токтоду. Тааныштай көрүнөт. Аңгыча унаанын арткы терезесинен Чыныбай Акунович карап мындай деди: «А Рустам, кандайсың, «Байгерчилик» эмне болду? Карыз качан төлөнөт?»

Мен «Байгерчиликтин» кеңсесинен келе жатканымды, алар карызды 10 күндүн ичинде төлөп берүүнү убада кылышканын, бирок кошумча келишим түзүү керектигин айттым. Чыныбай Акунович угуп: «Кеңседе сүйлөшөбүз», – деп жолун улап кетти. Мен чоң көлчүктүн ортосунда кала бердим. Бир топ убакыттан кийин шефтин унаасы кайра келди. Көрсө, кеңсеге барышса мен жок, кайда экенимди сураганда айдоочу көпүрөнүн астындагы көлчүктө тыгылып калганымды айтыптыр. Чыныбай Акунович күлүп, айдоочусун мага жардамга жөнөтүптүр. Кеңсеге келсем, баары күлүштү. Ошол күнү Чыныбай Акуновичтин пландаштырылган абдан маанилүү жолугушуусу болмок, ага катуу даярданып жаткан экен.

Ал жылдар биздин компаниялар үчүн оор болду жана бул Чыныбай Акуновичке чоң сокку болду. Өлкө президентинин уулу биздин компанияларга басым жасады. Коопсуздук күчтөрү шоунун беткаптарын кийишти, соттордо ойдон чыгарылган материал-

дык дооматтарды коюшту, уюшкан кылмыштуу топтун жигиттери ишкананы айланчыктап, ишканага кирүүгө аракет кылышты. Мунун баары компаниябыздан акция алуу үчүн жасалды. Бул нерселер жетекчибизди чыңалтып жатканын көрдүк, бирок анын кайраттуулугу жана токтоолугу бизге ишеним берди.

Өндүрүштү пландаштыруу боюнча жыйын эртең мененки 8:30дан 9:00гө чейин өткөрүлчү. Бир күнү биз Чыныбай Акуновичтин иш бөлмөсүндө планёркада өндүрүш маселелерин талкуулап жатканбыз. Кеңсеге эки киши кирип келди. Алардын бири уюшкан кылмыштуу топтун лидери болчу. Биз аң-таң болуп калдык, ошол учурда Чыныбай Акунович документти карап жатыптыр, ал көзүн өйдө көтөрүп, аларды карап, жайбаракат, бирок үнүндө өзгөчө тембр менен мындай деди: «Эй балдар, эмнеге кабинетке уруп-согуп эле киресиңер? Жыйын өтүп жатканын көрбөй жатасыңарбы?» «Биз тез арада сиз менен бетме-бет сүйлөшүшүбүз керек», – деди бирөөсү. «Көрүп атасыңбы, бизде жыйын болуп жатат, азыр сени менен сүйлөшкөнгө убактым жок, приемныйда күтүп тур», – деди.

Алар кеңседен чыгып кетишти, шеф болсо жыйынды андан ары улантты. Чогулуш бир саатка жакын созулду, биз кеңседен чыкканда баягы жигиттер кетишиптир. Ошондо шефтин аябай ачуусу келген жана чечкиндүү сүйлөгөн. Алар да муну көрүп артка чегиништи го деп ойлойм.

Азыр мен Чыныбай Акунович менен болгон жолугушууларды, баарлашуунун башка учурларын көп эстейм. Кээде биз ишибизде ката кетирдик, берилген тапшырмаларды аткарбай калып жүрдүк. Мен үчүн эң коркунучтуусу шефтин «ай, уят эмеспи» деген сөзүн угуу болчу. Бул сөздү укканда анын көзүнө карай алчу эмесмин. Чыныбай Акунович катуу талап койчу жана

бул нерсе каталарымды оңдоого, жоопкерчиликти сезүүгө чоң түрткү болду.

Кээде жумушта, коомдук иштерде туңгуюк кырдаалга туш болгонумда Чыныбай Акунович мындай учурда кандай чечим кабыл алмак деп ойлойм. Бул көбүнчө менин жумушума жана жашоомо жардам берет. Анын бул дүйнөдөн эрте кеткени өкүнүчтүү. Кээде, балким, ал Жаратканга көбүрөөк керек болгондур, ошондуктан алып кеткендир деп да ойлойм. Чыныбай Акунович – менин мугалимим, устатым, улуу жана акылман агам катары түбөлүккө жүрөгүмдө сакталат! Ал баарын жогору жактан көрөт, үй-бүлөсүн жана тукумун коргойт деп ишенем. Анткени адам унутулганда гана өлөт. Бирок Чыныбай Турсунбековдун элеси акын, мамлекеттик ишмер, эгемендүү Кыргызстандын бүтүндөй стратегиялык тармагынын негиздөөчүсү катары тарыхта түбөлүк калат.

***Нуржан Тентимишова:***

Бизде Эмил Байсымаков деген башкы бухгалтерибиз бар болчу. Бир жолу Чыныбай экөө банкка кредит боюнча сүйлөшүүгө кетишкен. Бир кезде Эмилге коридордо жолугуп калдым: «Чыныбай сени менен кошо келдиби?» – деп сурасам, «Жок, кармалып калды» – деп жооп берип койду. Мага жооп бергени жана жүрүм-турумy башкачадай сезилди. Бирок иштер менен алек болуп атып, көп маани бербей басып кеттим. Кечинде Чыныбай келип, ал күнү мага эч нерсе айткан жок. Кийин бир топ убакыт өткөндөн кийин ошол күнү болгон окуя тууралуу айтып берди. Көрсө, ошол күнү Рысбек Акматбаевдин балдары Чыныбайды машинага салып кетишиптир. «АКБ Кыргызстан» банкынан чыкканда эле төрт жигит келип: «Биз Рысбектин балдарыбыз, Сизди ал киши күтүп атат» – деп машинага

отургузуп Чоң-Арык тарапка айдап жөнөшүптүр. Чыныбайдын эки жагында эки жигит, алдыда айдоочунун жанында дагы бир жигит отуруптур.

Чыныбай мага «Рысбек Акматбаев менен кол алышып учурашканда алаканымын тердегенинен менин коркуп атканымы билбесин деп, жол бою алаканымы шымыма сүртүп бардым», – деп айтып берди эле.

Ошентип ээн талаага алып барышыптыр. Ал жерде Рысбек күтүп атыптыр. Рысбек: «Байке, кандайсыз?» – деп учурашып, бир саттай ары-бери басып сүйлөшүшүптүр. Чыныбай «Мен насыя менен жашаган кишимин, мага эч нерсе бекер келбейт. Насыя алып буудай сатып келем, жолуна төлөйм, буудайды иштетип ун чыгарам, ун салыш үчүн кап сатып алам, жада калса каптын оозун тигиш үчүн жипти да сатып алам», – деп айтып бериптир. «Билбейм, бир нерсем менен жагып калдым окшойт, бир сааттай сүйлөшкөндөн кийин «Макул, байке, анда тааныш болуп жүрөлү» – деп колун берип, балдарына «байкени жеткирип койгула» деп коё берди деп Чыныбай кийин мага айтып берди эле.

Негизи Бакиев заманында мындай окуялар көп эле болгон.

**Нургазы Мусаев**

журналист

## АКУН. «АКУН». АДАМ

«Эң бактылуу мүнөттөрдө да кайгы эшигибизди черткилеп турат», – деп кайсы бир улуу адамдын жазганын окуганым бар.

Биздин коомдо байларга карата бир беткей мамиле жаралды. Бай десе эле, байларга акча асмандан жаап жаткандай, ошол акчаны терип алып жыргап жашап

жаткандай ойлошот. Коомдук турмушта ортолукту табуу, социалдык катмарлардын ортосундагы ынтымак-ырашкерлик, бакубат жашоону орнотуу вазийпасын мамлекет да, өзүбүз да жасай албадык. «Байлар» деп дүңүнөн бир алкактын ичине салып алып, аларды каргап-шилей бермейибиз бар.

Илгерки кыргыз болсо байларды «жоомарт бай», «каткан бай», «сасык бай» жана башка деп бир нечеге бөлүп, ошого жараша мамиле кылып, ошого жараша коомдук орун берчү экен. Бу кызыгың түшкүр кызыл дүнүйө кулпуруп, азгырып, жеткирбей кыйнаганын кара. Анан дүнүйөгө жетип алгандан кийин аны кармап туруштун кыйындыгын айт. Чыныбай мырза дүнүйөгө кыпкызыл мээнет, аракет менен жеткен киши эле. Курсагы менен ойлонгон көр пенде байларга, бийлик ээлерине карата өзүнүн ал кишиден пайда, зыян көргөнүнө карата мамиле кыла берет. Мисалы, менин да жакын тааныш досторум бар. Кайсы бир бай же бий пайгамбар болуп кетсе да, өзүнө пайдасы тийбесе же бир ишин бүтүрүп бере албаса, ал начар, андай-мындай дей берет. Субъективдүү мамиле деп койот го. Чыныбай мырза боюнча да ар ким ар нерсе дей берчү.

Жеке мен аны берешен, жоомарт байларга коштум. Ажо көрсүн, кожо көрсүнү жок эле канчалаган адамдарга жардам берчү экен. Ага өз көзүм менен күбө болдум. Пандемия учурунда Айыл чарба министрлигинин Маалымат катчысы болуп иштеп калдым. Проблемалардын башаты паника болду. «Араң турган карышкырды айкырып ийип үркүттүк» дегендей, араң турган элди ушак-айың сөздөр элейтти. Казакстан чек арасын жабат экен, акчачылык башталганы калды деген ушак желдей тарады. Элдер мүшөк-мүшөк ун сатып ала баштады. Менин бир бай досум өзү эле 10 кап унду жыйып алды, мисалы. Кыргызстанда иштеп жаткан

9 ун тегирмен бар. Ошол учурда бир гана: «Акунда» эле буудай запасы бар болуп чыкты. Башка бир да тегирменде буудай жок. Ал ортодо доллар 84 кө секирди. Мен Айыл чарба министринин маалымат катчысы, азык-түлүк коопсуздугу боюнча ыкчам топтун мүчөсү катары күн-түн ун комбинатында жүрдүм. Чыныбай мырза түштөн кийин «Акунга» келип жатты. Негизги ишти ал кишинин жубайы Нуржан эже жүргүзөт экен.

Мен ошондо көрдүм «Акун» көтөргөн жүктү! Турсунбеков чалдыбары чыгып жаткан ун комбинатын менчиктеп, миллиондогон насыяларды алып заводду ишке киргизиптир. Көлдөгү пансионат, болгон мүлкүнүн баары күрөөдө экен. Коменданттык саатка байланыштуу региондордон келген жумушчулар комбинатка келе албай калышты. Күндө ондогон тонна улпак чыгып, аны улам тазалап турбаса, бат эле чирип, элеватордун трубасына улпак толуп, ишкана токтойт экен. Улпак алгандар шаарга кире албай, тоо болуп үйүлүп, сасый баштады. Бир жагынан буудай түгөнүп жатты. Казактар сырьего болгон бааны көтөрүп салды.

«Акун» мүшөгүнөн 50 сом зыянына иштеди жарым айдай. Ал ортодо фискалдык органдар келип жүдөттү. Бир жагынан популист депутаттар, экинчи жагынан социалдык түйүндөгүлөр «Акунду» каргап-шилеп, аябай тоскоолдук жаратып жатты. Ошол кризис күндөрдө «Акун» болбогондо эмне болмок, элестете албайм. Ун семичкедей кетип жатты. Кийинчерээк Айыл чарба министрлигинин аракети аркылуу казак компаниялары менен келишимдер түзүлүп, четтен ун келе баштады. Кырдаал жакшырды.

«Акундун» генералдык директору, Нуржан эженин чачын агартты го пандемия. Андан да өкүнүчтүүсү, короновирус турмуштук тажрыйбасы, акыл-параса-

ты, байлыгы, бийлиги толуп-ташып турган Чыныбай аганы алып кеткени болду. Чыныбай агабыз жапжаш бойдон чын дүйнөгө кете берди. Дагы канчалаган иш-пландар, максаттар бар эле. Буудай өстүрүү, иштетүү тармагында буга чейинки Өкмөт башчылар кетирген каталарды оңдойбуз, кыргыз буудай жагынан башкаларга көз карандысыз болбогондой иштерди жасайбыз деди эле.

Кыска өмүрүндө Турсунбеков агабыз көп иш бүтүрдү. Кайсы бир улут, «Ылайым өткөөл мезгилде жашап кал» деп каргайт имиш бирин-бири. Ошол жүгү эбегейсиз оор өткөөл мезгилде элибизге өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болду агабыз. Бир эле учурда эл баккан берешен бай, ийгиликтүү ишкер, нускалуу, салмактуу мамлекеттик ишмер, жүрөгү назик, зирек акын болуунун мыкты үлгүсүн көргөздү. Анын депутат катары, мамлекеттик ишмердиги жөнүндө кенен жазышаар. Анан да бизнести кантип бутуна тургузганы, кантип ийгиликтүү ишкер болгону көпчүлүк үчүн кызыктуу баян болор.

***Нуржан Тентимишова:***

Биз кредит менен жашайбыз. Чыныбай бир кезде: «Миллионердин миллион карызы болот» – деп айтып калчу. Анын сыңарындай, бир иш жасайын десең, кредитке акча алып иштетесиң. Ошондуктан биздин берешебиз көп. Өнүгөм деген адам кредитке акча албай коё албайт, бирок ошол каражатты акча алып келчү нерсеге жумшаш керек. Бересе менен катар аласабыз да көп. Мурунтан иштеп келе жаткан кардарларыбызга унду карызга беребиз, алар сатып, акчасын анан алып келишет. Сейфимде «кооптуу карыздар» деген узун тизме бар. Эми аны айрып ыргытып салсам деле бол-

мок, бирок сейфте жүрөт. Ошолор кайтарылбай калган карыздар. Негизи бирөө карызга акча сурап келсе бербеш керек же берсең аны кайра сурабашың керек экен. Андыктан бирөө карызга акча сурабаса экен деймм. Сураса көңүлүн кыйбай берип коёсуң, кайтарып бергенге мүмкүнчүлүгү болбой калса, ал сага экинчи жолобойт, качат. Ушинтип жакшы теңтуштарыбызды жоготуп алган учурлар көп болгон.

7

## Чыныбайдын үчүнчү доору:
# ЧОҢ САЯСАТТАГЫ 10 ЖЫЛ
## (60 жашка чейинки өмүр)

### ЭГЕР СЕН САЯСАТКА БАРБАСАҢ – САЯСАТ САГА ӨЗҮ КЕЛЕТ

***Нуралы Капаровдун «Санжыра» радиосунда берген маегинен:***

***– Ал эми саясатка эмнеге кирип кеттиң? – десем:***

– Саясатка да ушундай жагдайда кирип кеттим. Бирок аябай жүдөп атам, – деди.

***– Эмнеге? – деп сурадым.***

– Саясатчынын баары калпычы болот турбайбы, – деди.

***– Эми саясат деген ошондой булганыч болот да, – десем, ошол нерсеге каршы сөзүн айтты:***

– Таза саясатчы болсо деле болот да. Саясатты дагы тазаласа болот. Эмне үчүн чындык, тазалык ал жерге жарашпайт экен, – деп ошону менен күрөшүп жүрдү. Саясатты чындыкка такап, анан тазалайм, реформаны жүргүзөм деген ою бар болчу.

Анан мен айттым: «Сен педагог-саясатчы экенсиң. Саясатта жүрдүң, бийликте жүрдүң. Бийлик менен

байлык жейт өзү адамды. Адамдын душасы, көңүлү таза болбосо, жакшы чыгарма чыкпайт. Сенин чыгармаларың баягыдай эле болуп чыгып атыптыр, көрсө сен бийликке да, саясатка да алдырган эмес турбайсыңбы душаңды. Ошол боюнча сакталыпсың, досум, – дедим.

***Нуржан Тентимишова:***

Биздин үй-бүлө мамлекетибиздеги болуп жаткан кырдаалдарга кайдыгер карабайбыз. Балдарыбызга да ар тараптуу тарбия бергенге аракеттенебиз. Жумуштан кийин балдарыбызды ээрчитип алып, «Эл эмне үчүн митингге чыгып жатат?» деген суроого жооп алыш үчүн аянтка барчубуз. Азыр балдарыбыздын баарынын кандай кырдаал болбосун, өзүнчө көз карашы бар.

Чыныбайга канча сунуштар түшсө дагы саясатка аралашкан эмес. Көп учурда саясатты саясатчылар жасашы керек, бизнесмендер экономиканы көтөрүшү керек деп койчу. Ишкерлерге болгон тоскоолдуктардан улам саясатка аралашууну чечти. Биздин үй-бүлө балдардын каны менен келген бийлик элдин үмүтүн актайт деген ойдо Чыныбайдын саясатка аралашуусун туура көрдү. Ишкерлердин көйгөйүн жакшы түшүнгөндүктөн жакшы мыйзамдарды жазууга, экономиканы көтөрүүгө салымын кошот дедик.

***Чыныбай Турсунбековдун Чынайым Кутманалиевага («Арена» гезити, 04.08.2011-ж.) берген маегинен:***

***– 7 апрелде каза болгон балдарга жардам берейин деп сизди биринчилерден болуп кол сунду деген эле Каныбек Иманалиев. Канча сомго жардам бердиңиздер эле?***

– Каныбек Капашовичтин эстеп, айтып койгону-

на ырахмат. 8-апрелде таң атпай Каныбек Капашович телефон чалып, акыбал кыйын экенин айтты. Ишкерлерге, бизнесмендерге телефон чалып, азыркы өкмөт олтурган имаратка чакырдым. Алымкадыр Бейшеналиев деген доктор: «Өлгөндөрдү жеткиргенге каражат жок болуп жатат»– деди. Өз жанымдан акча бердим. Комиссия түздүк. Фондго 100 миң сом бердим.

Осмонбек Артыкбаев, Турсунтай Салимов, Мамытбай Салымбеков, Султан Урманаев жана Карганбек Самаковдор дагы 100 миң сомдон беришти. Андан тышкары, 500 сомдон баштап, 1 койго чейин бергендер болду. Кыскасы, үч күндүн ичинде 2 миллиондон ашык сумма чогулган. Райкан Алканов аксакалыбыз болсо «Ата бейиттеги» көр казган балдарга өз жанынан чоң суммадагы акча берген, өлгөн балдардын үй-бүлөлөрүнө 20 миңден бердик. Калган акчаны «Мекен шейиттерине» которуп бергенбиз.

Ошол күндөрү «Мир» телеканалынан апрель окуясында жарадар болгон Бедил Чаргынов аттуу жигиттин операциясына жардам сураган кайрылуу болуптур. Келинчегим көрүп, фирмада маселе көтөрдү. Кайрылуудагы телефонго чалсак, карындашы келди. Көп фирмаларга, жадагалса ак калпак кийип, апрель шейиттерине куран окуп жүргөнүн тынбай рекламалаган «Мегакомдун» ошол кездеги жетекчиси Силичке чейин барыптыр. Ал көрүнгөн шылтоону айтып, жардам бербептир. Биздин жамаат бир күндүк айлыгыбызды (жүз кырк миң сом) бердик. Тилекке каршы, Бедил Москвада он үч жолу операция болуп, бирок каза болуп калды. Азыр биздин фирма анын балдарына ай сайын төрт миң сомдон акчалай жардам берип турабыз. Биздин жамааттын кыз-жигиттери ошол 7-8 апрель күндөрү чогулуп барып, жарадарлар үчүн кан да беришкен.

***Чыныбай Турсунбековдун Бакыт Туруканового берген маегинен:***

***– Чыныбай Акунович, сизди өлкөдөгү эң таасирлүү ишкерлердин бири катары билебиз. Саясатка кандай максат менен аралашкансыз?***

– Мунун чынында бир канча себептери бар. Мени саясатка жашоо-турмуш өзү алып келди десем да болот. 2005-жылдагы тоноочулукта ири, орто, майда ишкерчиликтин өкүлдөрү абдан жабыр тартышкан, алардын катарында биздин компания да болду. Анткени, биз көптөгөн соода түйүндөрүнө продукция жеткирип турчубуз. Ошол кезде мен Ишкерлер союзунун башкармалыгында болуп, кийин жетектеп калгандыктан, көп ишкерлер жардам сурап кайрылышкан. Биз колдон келген жардамдын баарын берип, Союздун алы келбей калган учурда, жадагалса, өз каражатыбызды да аяган жокпуз.

2010-жылдагы апрель окуяларынан кийин да ушундай эле кырдаал кайталанды. Кандайдыр бир сапаттуу өзгөрүүлөргө жетишүүнү каалайсак, кырдаалды көзөмөлгө алууга тийиш элек. Мындай чечимге келишиме ата мекендик ишкер чөйрөнүн өкүлдөрү да түрткү болушту. Мени саясатка алып келген жашоо-турмуштун өзү болду деп жатканым ошондон.

Ошол эле маалда буга Алмазбек Атамбаевдин да таасири болгон. Ал 2010-жылы апрелден кийин адегенде «министрликтердин бирин башкарып бер» дегенде мен баш тарткам. Күзгө жакын шайлоо өнөкөтү башталып, мага ар кайсы партиялардан сунуштар түшө баштаганда Атамбаев кайра чакырды. Ушул жерден бир нерсени белгилей кетейин: Алмазбек Шаршеновичте адамдын намысына тийип, ийге келтирүү жөндөмү күчтүү. Мага ошондо: «Өзүңө жетишээрлик оокатың бар, сен-

дей өзүн баккан тың азаматтар элди да багат, элибиз кыйналып турганда кантип четте турасың? Өлкө сендей адамдарга муктаж болуп турганда, каалабайм, барбайм дегениң болбойт го, же өз элиңе жардам бергиң келбейби?» деди. Талуу жерден кармап туруп айткан мындай сөздөрдү уккандан кийин ар кандай адам намыстанат, жоопкерчилиги ойгонот. Мен макул болдум.

***– Саясаттан утканыңыз, уттурганыңыз эмнелер болду?***

– Саясат мени өлкөнү, адамдарды түшүнүп билгенге үйрөттү. Адамдардын оң да, терс да касиеттерин, ар кайсы кырдаалда эмнеге жөндөмдүү экенин көрдүм. Өлкө экономикасындагы абалды, кадр саясатындагы, эл аралык, инвестициялык жана башка маселелердеги көйгөйлөрдү ийине жеткире түшүндүм. Системага аралашкандан кийин гана көп нерселерди билет экенсиң. Андыктан саясаттан мындай баалуу тажрыйба алганыма, нечен туура, таза жүргөн, кесипкөй, патриот адамдарды кездештиргениме ыраазымын.

Чынында, бизде ишкер адам саясатка аралашса, бизнесин коргогону келди деген түшүнүк калыптанып калган эмеспи. Эл баарына тараза, балким, мунун чындыгы бардыр, бирок менде мындай ой дегеле болгон эмес, азыр деле жок. Тескерисинче, менин саясатка аралашканым, учурда үй-бүлөм алектенип жаткан бизнеске залакасын тийгизип жатат.

***– Парламентке келгенден кийин Атамбаев менен болгон мамилеңиз кандай уланды?***

– Ачыгын айтайын, менин бир кемчилигим бар. Мен адамдарга чексиз ишенем, алар катачылык кетирсе да, туура эмес кылса да, дагы бир мүмкүнчүлүк бергим келет. Өзгөчө канатташ, катарлаш, өнөктөш болуп калган адамдарга. Мен Алмазбек Шаршеновичтин

өлкөнү жакшы жагына өзгөртөм деген тилегине чын дилимден ишенгем. Бирок, эч качан анын айткан жагына басып көнгөн адам болгон эмесмин. Негизи эле ар кандай нерсеге токтоо, сын көз караш менен караган туура. Бул же тигил окуяга, маалыматка карата ачык айта турган оюм, ээлеген позициям бар. КСДП-нын парламенттеги фракциясынын башчысы болуп турганда, фракциядагы депутаттардан, штабда иштеген партиялаштардан келип түшкөн өлкөдөгү абал, кадр саясаты же президенттин тегерегиндеги адамдар аралашкан коррупциялык учурлар боюнча ар кандай кайрылууларды угуп, кабылдап, айтылган маселелерди Атамбаевге койчумун. Мындай кайрылуулардын ичинде Икрамжан Илмияновго тиешелүү да маселелер болоор эле.

***– Ал буга кандай реакция кылчу?***

– Алмазбек Шаршенович абдан эмоционалдуу адам. Ал буркан-шаркан түшүп, анан кайра басылганда, кечирим сурагандан да арданбайт. Бирок Илмиянов туурасында кандай айтышпасын, эмне дешпесин, дайыма анын таламын талашып турчу. Мага Икрам менен талашып-тартышкан же аны менен кагылышып калган бир катар партиялаштарды, фракция мүчөлөрүн Атамбаевдин ачуусунан коргоп калууга туура келген. Маселе кээде «же Икрамдын айтканын угасыңар же мандатыңардан, кызматыңардан айрыласыңар» деп түз эле коюлчу. Арачылык жасаган кезде мага да бир-эки жолу Фарид Аблезимович аркылуу «андай болсо, мандаты менен жоопберет» деп айттырган учурлары болгон. Бирок мен позициямдан тайбай, кесиптештеримди дайыма акыр-аягына чейин коргоп жүрдүм.

***– Демекчи, кадр саясатын жүргүзүү жаатында кандай иштештиңиздер?***

– Чынында, бул абдан маанилүү маселе. Кадр маселеси боюнча Алмазбек Атамбаев менен пикир келишпестик чыгып турчу. Менин түшүнүгүмдө кадр үчүн күрөш – бул кызматка өз кишилерди, тууган-туушкан, тааныш-билишти эмес, чыныгы профессионалдарды, патриотторду тартуу. Анткени саясатта болуп келаткан мезгил ичинде турмуштун катаал мектебинен өткөнүм мени адамдарды жакшылап билгенге үйрөттү. Баса, менин ошол принцибимди билген Атамбаев акидей асылган айрым тааныштарын «Акунович каршы болуп жатат» деп жолго салып койчу.

***– Атамбаев менен ортоңуздарга жарака кетирген ушулар болгон экен да?***

– Ушу да болду окшойт. Анткени, 2012-жылдан тарта Атамбаевдин тегерегиндеги адамдар мага компромат издей башташты. Мен муну даана билем. Алмаз Маткасымов деген адамга ушул ишти атайын жүктөп да коюшкан. Ал жигит болгон инстанциянын баарына чуркап, мен жөнүндө бирдемелерди чукуп чыкканга катуу аракет кылды. Аны таап туруп, «эмнеге минтип атасың, муну сенден ким суранды?» десем, оозу-мурду кыйшайбай туруп «Чыныбай Акунович, сиз биздин лидерибизсиз, ошондуктан артыңызда анча-мынча иштер болсо, тазалап турайын деп өзүм демилге көтөрүп атам» – деп күлкүнү келтирген кепти айткан. Бул бир былжыраган сөз да. Анткени, биринчиден, менде эч кандай тазалай турган иштер болгон эмес, экинчиден, мындайды өзүнүн демилгеси менен ким кылмак эле?

Атамбаев экөөбүздүн жолубуз эки ача кетишинин башка бир себеби, менин Текебаевге карата жасаган жакшы мамилем да болду деп ойлойм. Дегеле мен ким менен болбосун, тил табышып, камыр-жумур аралашып, сыйлашып-урматташып иштешкенге аракет кы-

лам. Бир жолу Нарында эл менен жолугушканда мага «саясаттагы устатыңыз ким?» деген суроону беришкенде, мен «эки устатым бар, бири Атамбаев, экинчиси Текебаев» дегеним бар. Ошол айтканым маалымат каражаттарына чыгып кетти. Анан калса Текебаев менен 7-кабаттагы кабинеттерибиз жанаша болгондуктан, тез-тез кирип-чыгышып тураар элек. Мага компромат издегендер, мени Атамбаевден алыстаткысы келгендер үчүн менин Текебаевге болгон оң позициям оңтой берди болгонунда шек жок. Ошондо айрымдардын мени отургузуп коюу максаттары болгону да байкалган. Өзгөчө Текебаев, Отунбаева, айтор, Убактылуу Өкмөттүн бир катар мүчөлөрү жөнүндөгү өзүнүн билдирүүсүнөн кийин ал менин маанайымды баса белгилеп сураганда мен Текебаев маселеси анын тынчын канчалык деңгээлде алып жатканын жакшы түшүнгөм. Бул 2016-жылдын 31-августундагы президенттин белгилүү сөзүнөн кийин эле. Андан көп өтпөй Атамбаев 60 жылдык мааракесин белгилеп, президиумда премьер-министр, Бельянинов, «Кыргызгаздын» бир аксакалы болуп отурушту. Ал эми протокол боюнча Жогорку Кеңештин төрагасы ошол жерде болушу керек эле. Атайылап ал жактан көпчүлүктүн арасына айдашканы түшүнүктүү. Мен буга арданган деле жокмун, бирок бул эң башкысы мамлекет үчүн, биз сыймыктанып жүргөн «парламенттик өлкө» деген түшүнүк үчүн ачык сокку эле. Мына ошентип жеке мамилелер жалпы эрежелердин үстүнө чыга баштаган.

Ачыгын айтканда, 2015-жылга жетип-жетпей эле биздин жеке мамилелер ойдогудай болбой калган. Ошого карабастан, 2017-жылы апрель айында Алмаз Шаршенович мага эки жолу телефон чалып, «президенттик шайлоого даярдан, өзүм эл кыдыртам, өзүм

Ишкерлер жыйынын өткөрүп берем» деп айтышы азыр да ар кандай ой жорууларга түртөт. Анын бир жолкусу республикада бардык бийлик бутактарынын жана эл аралык финансы институттарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөн Экономикалык форумдагы менин катышкандардын жандануусун жараткан сөзүмдөн кийин болгон эле. Атамбаев ошондо адатынча өтө катуу таасирленүүнүн натыйжасында, телефон чалган беле же кандайдыр бир ой-жүгүртүүдөн улам сунуш кылганбы, айталбайм. Мага болгон ошол телефон чалууга менин өлкөнүн экономикасын көтөрүү жөнүндөгү баяндамамдагы алгылыктуу пикирлерим себеп болгон деп ишенгим келет.

Мага каршы күчтөр азыр деле Текебаевге карата болгон ошол позициям үчүн жана Бабанов менен сүйлөшүп алганбы деген божомол аркылуу бир жээкке сүрүп чыгып, алардын душмандарына же саясий оппоненттерине кагылыштырууга аракет кылып жатышат.

***– Бул сизди 2020-жылда боло турган парламенттик шайлоого катышуудан баш тартууга аргасыз кыла алабы? Негизи эле сиз кийинки чакырылышка депутаттык үчүн ат салышайын деген оюңуз барбы? Кимдер, кайсы саясий күчтөр менен барууга ниеттенип жатасыз?***

– Чынымды айтайын, азырынча бир чечимге келе элекмин. Албетте, каалоо да, күч да бар. Бирок жалгыз адамдын колунан эч нерсе келбейт, андыктан пикирлештер, менин экономикалык өнүгүү боюнча позициямды колдогон күчтөр менен барсам дейм. Өлкө үчүн жакшы иштерди жасасак деген тилегим бар. Бирок ар кандай саясий оюндар менен алектенип, тымызын күрөштөргө аралашам деген ниетим жок. Бул колуман да келбейт, ага каалоом да жок. Өзүмдүн позициямды,

принциптеримди, көз караштарымды алмаштыргым келбейт.

Биздин чакырылыштын мөөнөтү аяктаарына аз эле убакыт калды. Саясий териштирмейлерге ушунчалык баш-отубуз менен кирип кеттик, эң маанилүү болгон экономика оор абалдан чыга элек. Канчалык аз убакыт калганына карабай, биз кырдаалды жакшы жагына өзгөртүү үчүн колдон келгендин баарын жасап үлгүрүшүбүз керек болуп турат. Парламенттин кийинки чакырылышына келе тургандар эмне кылаарын так билишкени абдан маанилүү.

***– Чыныбай Акунович, деги экономиканы көтөрүү үчүн кредит менен грант күтүп отурбай, инвестиция тартуунун, акча табуунун башка кандай жолдору бар?***

– Албетте, бар. Инвестицияларды тартуунун, арзан акча табуунун жолдору арбын. Мисалы, Германияда жыл сайын 400 миллиард евродон ашык акча артып калат. Кайда жумшаарды билишпейт, бизге болсо бергиси келбейт. Анткени Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдүн рейтинги төмөн, акча бере алчу институттар ишенбейт. Себеби биз экономика менен эмес, негизинен саясат менен алпурушуп калганыбызды көрүп турушат. Кредит, гранттарды алып да келатабыз, бирок бул каражаттарды көзөмөлдөп, натыйжалуу иштетүү жагы ойдогудай болбой жатпайбы. Коррупциянын тамыры толук кыркыла элек. Андай учурда ким акча бергиси келет? Маселен, ошол эле «Кумтөрдүн» 600 миллион доллардан ашык акциялары кыймылсыз жатат. Андай эл аралык деңгээлдеги акцияларды пайдаланып, керек болсо «Газпром» сыяктуу дөө-шаалар Европанын каражатына иш кылып жатпайбы! Мунун аркасы менен Кыргызстан да Европадан арзан акча алса болот

(ред. ушул жерден Чыныбай Акунович жандана түштү, интонациясы да өзгөрдү жана өзү курган ишканага байланыштуу мисал да айтып жиберди). Ишеним деген улуу кыймылдаткыч күч бар, бирок ал өтө чоң күч-аракеттин аркасы менен келет. Ошондуктан бул багытта иштеп, Кыргызстанга болгон ишенимди көтөрүү керек деп эсептейм. Билсеңиз керек, Нэш деген гениалдуу үй-бүлө (атасы менен уулу) бар. Улуусу тең салмактуулук теориясы менен АКШда дүйнөлүк деңгээлдеги корпорациялардын жаралышына илимий негиз түзгөн. Ага ылайык, адамдар биригип, ынтымакка келгенде гана бир максатка жетише алат же ала турган пайдалары, жете турган жеңиштери чоң болот. Бул бүт тармакка тиешелүү. Экономика гана эмес, саясатта да упайды көбөйтөт. Кичүүсү арам акча менен адал акчанын эмнеге жеткире турганы боюнча теорияны ачкан деп жалпак тилде түшүндүрсөк болот.

Мен конструктивдүү күчтөр менен кызматташууга жан дилим менен барам, өзүмдүн тажрыйбам, байланыштарым, билимим менен бөлүшүүгө даярмын. Анын үстүнө менин Европада, Орусияда, Казакстанда, Кытайда, Түркияда бизнес, саясат жаатында калыптанып калган байланыштарым бар. Мен мунун баарын өлкө кызыкчылыгы үчүн максималдуу пайдалануубуз керек деп эсептейм жана Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүгө, мамлекеттүүлүгүн чыңдоого андай байланыштар абдан чоң роль ойнойт деген бекем ишенимим бар. Акырында бир нерсени баса белгилеп кетким келет: менин саясий позициямда эң башкы ниет – кимдир-бирөөгө атаандаш же оппонент болуу эмес, биздин өлкөдөгү мейли татаал, бирок позитивдүү өзгөрүүлөрдү жаратууга активдүү катышуу.

***19.11.2019-ж.***

***Чыныбай Турсунбековдун Лейла Саралаевага берген маегинен:***

Биринчи айлар оор болду. Бизнести жакшы билчүмүн, кыргыз ишкерлеринин бизнес-коомчулугун жетектечүмүн, бизнесмендердин бардык көйгөйлөрүн чече алчумун. Бирок, саясатта мен жаңы келген адам болгонум үчүн, авторитетке жаңыча түрдө ээ болушум керек болду. Кулов, Текебаев жана башкалар сыяктуу тажрыйбалуу саясатчылар менен баарлашып көп нерсени үйрөндүм. Бир өзгөчөлүгүм бар: **мен дүйнөгө баланын көзү менен карайм, жаңы нерсени үйрөнүүнү жактырам.** Бул өзгөчөлүктүн аркасында бардык кыйынчылыктарды жеңе алдым. Кыйынчылыктар жетиштүү эле болду – партиялаштарым менен болгон мамиледен баштап (мен алар үчүн жаңы, бейтааныш адам болчумун), ийгиликсиздикке учураганымда бактылуу болгон оппоненттерим менен болгон мамилем менен аяктады. Кийинчерээк мен партиялаштарым менен да, оппоненттерим менен да тил табууга жетиштим. Кандай гана кырдаалда болбосун, мен өзүм тандаган жол менен кетем, андан чыкпайм. Анан бара-бара менин колдоочуларым көбөйүүдө.

**Өмүрбек Текебаев**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мурунку Төрагасы, «Ата Мекен» партиясынын лидери

## БЕТТЕГЕНИН БЕРБЕГЕН ӨЖӨР САЯСАТЧЫ

Чыныбай Акунович Турсунбеков өз көз карашында мурдатан эле «Ата Мекен» партиясын колдоп келген. Жалпы Кыргызстандын келечегин көздөгөн «Ата Мекен» партиясынын максат-мүдөөсү үчүн анын жакын адамдары да саясий күрөшкө баш байлап, ачкачылык

жарыялап олтурганга чейин барышканы ага күбө. Антсе да, биз Чыныбай Акунович менен 2010-жылдын кооптуу күндөрү өзгөчө жакындашып кеттик. Чыныбай терең билимдүү, накта интеллигент жигит эле. Ар тараптуу жетилген инсан эле. Ал ар кандай татаaал маселелерди да акыл жана сабырдуулук менен, компромисттик жол менен чече билген адам эле. Биз беш жыл парламентте бирге иштештик. Ал калп эле кыйкырып чыга бербеген, кызыл кекиртек эмес, токтоо адам эле. Андыктан, кыйкырып чыгып, кайым айтышууну, эптеп эле саясий упай топтоону көздөгөн жеңил-желпи саясатчылар үчүн ал биресе чечкинсиздей да туюлуп кетээр эле. Бирок, Чыныбай Акунович өз позициясын абдан бекем карманган, беттегенин бербеген өжөр саясатчы эле.

Ушул жаатта мен бир окуяны айта кетейин. Чыныбай Турсунбеков КСДПны лидер катары жетектеп турган мезгилде биз – партиянын лидерлери тез-тез жолугуп турар элек. Ошондо бир жолу мен, Феликс Кулов жана Канат Исаевдер болуп сүйлөшүп олтурган маалда биз үчөөбүз Чыныбай Акуновичке мындай бир өтүнүч айтып калдык. «Чыке, сен А.Атамбаевдин эң жакын адамысың. Шефиңе айт, ойлонбой туруп эле оозуна келе калган сөздү сүйлөй бербесин. Ал өзүн эле эмес, бүткүл Кыргызстанды уят кылып бүттү! Мунун залакасы дипломатиялык мамилелерге да тиет. Минте берсе Кыргызстан экономикалык барьерде калышы мүмкүн» – деп айттык.

Ошентип, айтарын айттык да, Чыныбай муну тамаша катары эле кабыл алып, күлүп туруп басып кетет деп ойлодук. Анткени, анда А.Атамбаевге эч ким андай сөздү тике айта албайт болчу. Бирок, биздин жүрөгүбүздү өйкөп жүргөн ал ойду Чыныбай А.Атамбаевге

айтыптыр. Ошондон көп өтпөй эле Чыныбай: «Мен силер айткан кепти А.Атамбаевге айттым... Бирок, анын айтканын силерге айтпай эле коёюн» – деди. Биз түшүндүк. Ошентип, А.Атамбаевге биз өзүбүз айта албаган көп сөздөрдү Чыныбай аркылуу айттырчубуз. Акыйкатты айтса, А.Атамбаевге жакпай кала турганын Чыныбай да эң сонун билчү, бирок, өлкөнүн келечеги үчүн ал акыйкатты айта билчү. Чындыгын айтканда Чыныбай өз позициясы жагынан «Ата Мекен» партиясына жакын турчу.

Чыныбайдын көп кырдуу талант экенин башынан эле билчүмүн. Антсе да, анын акындык дараметин ага чейин жете баалабаптырмын. Бир күнү Чыныбай мага «Жалын тоо» деген китебин берди. Мен аны кунт коюп окуп чыктым. Кийин, «Манас» түрк университетинде ошол китепке талкуу болгон убакта ал китеп мен берген бийик баага татыктуу экендигин башкалар да тастыкташты.

2016-жылы А.Атамбаев менен биздин ортобузда идеялык кагылышуу болуп өттү да, ортого жик салынды. Ошондон тартып атамбаевчилерде мени түрмөгө олтургузуу ниети пайда болду. Мамлекетибиздин түпкүлүгүн ойлоп, саясий кризисти тереңдетпөө максатында Чыныбай бизди жараштырганга аракет кылды. Бирок, атамбаевчилер өз мүдөөсүнө жетип, мени абакка олтургузмайын жаны жай албайт эле. 2017-жылдын февралында алар мени түрмөгө олтургузушту. Албетте, биздин коомдо кайсы саясатчы түрмөгө олтургузулса, ал турсун, ким президент менен кайчы пикирде болуп калса эле, адамдар андан качып калат. Чыныбай Акунович, ал мезгилде өзү төрага болуп турса да, УКМканын абагына бир топ фракция лидерлерин алып, менин акыбалымды сурап кетти. Бул чоң дем берчү нерсе да. Жөн эле достор эмес, килтейген чоң институттун – пар-

ламенттин Төрагасы келгени сага дем берип, чыйралтат да. Ошол жерде иштеген персонал, көзөмөлчүлөр да башкача мамиле кылып «Бул жалгыз эмес, сурай турган адамы бар экен» деп калышат. Адамдар ушундай да. Ошентип барып колдоо көрсөткөнү бул өзүнүн граждандык позициясын билдирген кыймыл-аракет. Анткени көп адамдар мен түрмөдөн чыкканга чейин мени менен эмес, менин үй-бүлөм менен да сүйлөшпөй качып жүрүштү. Кийин, коркунуч жок болгондон кийин гана пайда боло башташты.

Чыныбай адам кадырын түшүнгөн, достукка бек инсан эле. Кийин А.Атамбаев түрмөгө олтургузулганда да ал А.Атамбаевди саткан жок. Тескерисинче анын жасаган иштерин улам белгилеп жүрүп олтурду. Бул анын кошоматчылыктан бийик тургандыгын, бийликке жойпуланбай, ар дайым өз позициясын бек кармагандыгын далилдеп турат.

Чыныбай бардык адамдардын башын бириктирип, жеке амбициясына алдырбай, иштин гана кызыкчылыгын көздөгөн жайы бар эле. Ал көпчүлүк коалицияны түзгөн негизги фракциянын лидери катары коалиция мүчөлөрүн эле эмес, оппозиция лидерлерин да бириктире билди. Чыныбай ар дайым шайыр-шайдоот сүйлөп, жүргөн жери күлкү менен тамашага толоор эле. Оор маселелерде бири-бирин жаман көргөн, бири-бири менен келишпей жүргөн адамдарды тез эле бир пикирге алып келчү. Биз Чыныбайдын кабинетинен чыкпай тез-тез чогулуп турат элек.

Кыргызстанга элдин башын бириктирип, мобилизациялоого дем бере билген, өзүнө душман күтпөгөн, баарын бириктире турган жолду таба билген адам керек эле да. Чыныбай так ушундай мамлекеттик ишмер болуп он жылда калыптанып калган болчу.

## Феликс Кулов

генерал-лейтенант, көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер, «Ар-Намыс» партиясынын төрагасы

# САЯСАТЧЫЛАРДЫН ИЧИНДЕ АК КАРГА СЫЯКТУУ БӨЛҮНҮП ТУРЧУ

Бизнесмен, акын катары сыртынан атын угуп жүрсөм да мен Чыныбай Акунович менен парламентке келгенде гана расмий тааныштым. Бирок, көп өтпөй эле биз жакындашып кеттик. Ал КСДП фракциясынын мотору сыяктуу болчу. Фракциянын бүтүндөй түйшүгү анын мойнунда эле. Фракциянын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу зарыл болгондо көп ирет акчалай да көмөк көрсөтүп жүрдү. Бирок, ал жумшаган акчасын кайра кайтарып алууну максат кылчу эмес. Мен ошого таң калчумун. Чыныбай Акунович абдан ак көңүл, айкөл адам эле. Коомчулукта КСДПнын таасирин арттыруу үчүн ал баарын жасады. Бирок, кептин чынын айтканда, анын күжүрмөн эмгеги бааланган жок.

Чыныбай Акунович интриганы жактырбаган, түз жүргөн адам эле. Саясатчылардын ичинде ал ак карга сыяктуу бөлүнүп турчу. Кутум уюштура койгондор куйтулугу жок адамга алгач саясатчылар «саясатта кайнап быша элек экен» – деп мыйыгынан жылмайып карашат. Бирок, парламентарийлер анын ошондой таза табиятына, принциптүүлүгүнө көнүп алышкан соң Чыныбай Турсунбеков ошонусу менен да кадыр-барк алды. Анын ойлонуп туруп бир сүйлөгөн мүнөзү, өжөрлүгү көбүнө жакты.

А.Атамбаев Президент болуп турган маалда мен бир маселени Чыныбай Акуновичке түз айттым. Буга чейин премьер-министр болуп иштеп келишкен Жоомарт Оторбаев да, Жантөрө Сатыбалдиев да, Темир Сариев

да КСДПнын мүчөлөрү эмес. Андыктан, азыр өлкөнү өнүктүрүү ишинин багыттоочусу болгон, түздөн-түз жооптуусу болгон «Кыргызстан социал-демократтар партиясынын» бир жигердүү, ишти тартып кете ала турган мүчөсүн премьер-министрлик орунга көрсөтөлү. Анын талапкерлигин Президентке сунуштайлы дедим. Анда Чыныбай Турсунбеков: «Сиздин логикаңыз туура. Бирок, ал маселени А.Атамбаев өзү карап көрүп, чечиши керек. Башында эле айтып коёюн мен премьер-министр болоюн деген оюм жок» – деп сыпайы жооп кайтарды. Ошондон кийин мен өзүм демилге көтөргөн бул маселени президентке айтууну туура көрдүм. Албетте, Президентке сунуштаган маалда КСДПнын кайсы бир мүчөсүн эмес, фракциянын лидери Ч.Турсунбековдун талапкерлигин сунуштадым.

А.Атамбаев ал сунушту уккусу да келбей: «Чыныбай болбойт!» – деп так кесе айтты. Кыязы Ч.Турсунбековдун адилет, абийирдүү, өз көз карашын коргой билген, принцибинен жанбаган мыкты сапаттары Алмаз Шаршеновичке жакпай калган көрүнөт. Атамбаев анда «Кыргызстандын тагдырын мен гана чечем. Мен кандай чечсем да ошол чечимди талдабай туруп эле мени колдоп, коштой чапкан адам керек мага» – деген ойго бекип калган кези экен. Эгер ал менин сунушумду кабыл алып, Ч.Турсунбековду алгач премьер-министрлик кызматта сынап көрүп, анан аны Президенттик жарышка аттандырып, колдоп койгон болсо, анда саясаттагы бөлүнүп-жарылуучулук токтоп, азыр таптакыр башка деңгээлде жашамакпыз.

Ырас, А.Атамбаев өз кезегинде Чыныбайга: «Сен Президенттик жарышка даярдана бер! Мен сени колдойм!» – деп убада берип салган учуру да болгон экен. Бирок, Президенттик шайлоодо ал Ч.Турсунбековду колдомок турсун, тескерисинче, ага жаалын бурк-

тү. Демек, Чыныбай Турсунбековдун талапкерлигин КСДПнын саясий кеңеши колдобой койгондугунун себеби да мына ошондон деп түшүнсө болот. Чыныбай Акунович Президентке болгон таарынычын мага айтканда, мен аны жумшарткым келип: «А.Атамбаевдин да өз ою бардыр. Аны жүрөгүңө жакын алба. Ал менин деле инсандык сыймыгымды тебелеп: «Ф.Кулов «темир генерал» эмес эле, «жыгач генерал» экен деп балп эткен. Ошондой эле кордоо сөздү Ө.Субаналиевге да айткан. Анан анын өзүнө Адахан Мадумаров жооп берип: «Кемчонтойду Президент шайлап алсак, ушундай болот да...» – деп айткан эмеспи. Андыктан А.Атамбаевге таарынба. А.Атамбаев бизге жакса-жакпаса да, аны эл шайлаган. Мен Атамбаевге кошомат кылайын деген оюм жок. Бирок, азыркы тапта аны колдоп коёлу. Саясат ошону талап кылып турат» – деп айттым. Мен аны канчалык деңгээлде ынандыра алгандыгымды билбейм, бирок ал ырайынан кайтты. Чыныбай Акуновичтин дагы бир артыкчылыгы – ар кандай татаал кырдаалдарда кармана билчү. Бирок, ошондон кийин байкаганым, Ч.Турсунбеков канчалык оптимист болсо да шайлоого болгон кызыкчылыгын жоготкондой көрүндү.

Ал эми А.Атамбаевдин сөзү көп учурларда эле эки ача чыгып калчу. Маселен, Аида Салянованын күйөөсү абакка түшкөн учурда А.Атамбаев ага жардам берчүүдөй түр көрсөтүп, көпчүлүк коалициясы убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу чечим кабыл алсын деди. Аида Салянова бир жакшылык болуп кетеби деп үмүттөнүп, эгер ошондой болсо парламентте бир чуу көтөрүп жарылып алгысы келди. Бирок, парламентте ал сунуш колдоого алынган жок. Демек, ал жөн эле кайрылган адамды иттен чыгарып койгон, ал турсун моралдык жактан кайра сындыргысы келген сценарий болгон экен.

Кийин Чыныбай Акуновичтин башына кара булут айланган мезгилдер да келип жетип, анын банкына, мүлкүнө кайра-кайра негизсиз текшерүүлөр жүргүзүлдү. Пансионатта эс алып жүрүп сууга чөгүп кеткен журналист Уланбек Эгизбаевдин өлүмүнөн кийин пансионаттын жетекчиси – Чыныбай Турсунбековдун кызын ал окуяга күнөөлүү катары эсептөө аракеттери Чыныбай Акуновичти бөтөнчө туталандырып, анын ден соолугунун начарлашына негиз болду го деп ойлойм. Анткени, адам ак жеринен күйгөндө анын иммунитети кескин төмөндөп кетет эмеспи.

Шамал тескери согуп турган ошол кысталыш күндөрдө мен Сооронбой Шарипович Жээнбековго кайрылып: «Трагедия болбосо жакшы болот эле, бирок болуп кетти. Эми Чыныбайдын кызында эмне күнөө?»– деп айттым.

Мен Чыныбай Турсунбековду сыйлачумун. Биз өз ара жакшы мамиледе болуп, түз сүйлөшсөк да, мен ага ар дайым «Чыныбай Акунович» деп кайрылчумун. Дагы бир байкаганым, Өмүрбек Чиркешович аны менен достордой ысык мамиледе болчу, ошон үчүн ал «Чыныбай» деп кайрылчу.

Менин бул айткандарымды эч ким жокко чыгарбас.

**Өмүрбек Бабанов**
«Республика» партиясынын лидери, Кыргыз Республикасынын мурдагы премьер-министри

## ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВ – ЧЫНЫГЫ ЛИДЕР

Чыныбай Акунович тууралуу толкунданбай сүйлөөгө болбойт. Ал алгач таланттуу акын, илимпоз катары белгилүү болсо, кийин иш билги бизнесмен, чоң саясатчы катары таанылды.

Биз алгач жакындан таанышкан 1996-жылдары мен Казакстанда иштечүмүн, Чыныбай Акунович Түркиянын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы ТИКАнын Кыргызстан боюнча адиси болчу. Түрктөр аркылуу бизди тегирмен менен камсыз кылган.

Ч.А.Турсунбеков 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бешинчи чакырылышына «Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын» тизмеси боюнча депутат болуп шайланып келди. Баса, белгилеп кете турган нерсе – ал саясатка таза бойдон келди. Чыныбай Акунович саясатка келген учурдан баштап биз кайра пикирлеш, үзөнгүлөш болуп бирге жүрүп калдык. Ч.Турсунбековдо айрым саясатчылар сыяктуу кылтыңдап эки ача позицияда тура калмай илдети жок эле. Өз оюн ар дайым түз айтчу.

А.Атамбаев премьер-министр болуп дайындалып кеткен соң, Чыныбай Акунович КСДПнын парламенттик фракциясынын лидери болуп шайланды. Ал өлкөдөгү саясий маселелерге активдүү аралашып, коомго, элге пайдалуу көп иштерди жүзөгө ашырууга өзүнүн татыктуу салымын кошуп келди.

2015-жылы да аталган партиянын тизмеси боюнча КРЖКнын алтынчы чакырылышынын депутаты болуп шайланып, Жогорку Кеңештин парламенттик көпчүлүк коалициясын жетектеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп эмгектенип, мыйзам чыгаруу ишинин өнүгүшүнө зор салым кошо алды. Биз ал мезгилдерде тыгыз иштештик десем болот. Чыныбай Акунович иштерман, уюштургуч инсан эле. Ар кандай саясий күчтөр менен алардын мүдөөсүн түшүнүү менен сүйлөшө алчу. Ал элдин башын бириктире алчу. Саясатта кризис болуп кетпес үчүн саясий күчтөрдү ынтымакта кармоого аракет кылчу. Бул оңой

иш эмес эле. Бирок, Чыныбай Акунович ошого жетише алар эле. Ошол эле мезгилде ал өзүнүн саясий статусун бийик алып жүрө алчу. Ал кошоматтан жогору турчу. Ошон үчүн саясатта анын бийик орду бар эле. Мамлекеттик иш ойдогудай жүрбөй калган убакта ал келише албай кетчү. Өзү жогорку деңгээлдеги чыныгы интеллигент болсо дагы андайда принципке катуу тура алчу. Маселен, Алмаз Шаршенович Президент болуп турган маалда ал мамлекеттин түпкүлүгүн көздөп, кесе айткан учурларына күбө болгом.

Саясаттагы айрым жагдайларга токтоло кетчү болсом, мен 2017-жылдагы Президенттик шайлоого бир жылдай мурун эле даярдык көрүп, Чыныбай Акунович менен пикирлешип, акыл-кеңештерин алып турдум. 2017-жылдын 21-августунда С.Жээнбеков Кыргыз Республикасынын Президенттик кызматына талапкерлигин көрсөткөнү жаткандыгына байланыштуу премьер-министрлик посттон кетип, А.Атамбаев аны толук бойдон колдоп чыкты. «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» С.Жээнбековдун талапкерлигин колдоп чыккан убакта да Чыныбай Турсунбеков: «Сооронбай Жээнбеков мамлекеттин жүгүн тартып кете аларына ишенбейм!» – деп өз пикирин ачык билдирди.

Ал шайлоодо мага С.Жээнбеков менен гана атаандаш болбостон, бүткүл атамбаевдик система менен каршы турууга туура келди. Административдик ресурстардын баары С.Жээнбековду гана колдоп турушканына карабастан, Чыныбай Акунович ошондо өзүнүн калыстыгын дагы бир жолу көрсөттү. Анын калыс туруп бере алгандыгынын натыйжасында мен Нарын районунан жана Нарын шаарынан эң көп добуш ала алдым.

***Нуржан Тентимишова:***

Чыныбай таза жана ачык шайлоо өткөрүү жолу менен гана өлкөнү өзгөртө алабыз деп ишенчү.

***Чыныбай Турсунбеков шайлоо тууралуу:***

– Кыргызстанда элдин бийликке болгон ишеними өтө төмөн. Ар дайым ушундай болгон. Ал эми бийликтин партиясына ого бетер ишенбейт, анткени өлкөдө жашоо, ачыгын айтканда, анча жакшырган жок, энергетика тармагы кризисти, анын үстүнө тышкы факторлорду – сомдун курсунун төмөндөшүн, товарлардын баасынын кымбатташын баштан кечирүүдө. Мунун баары шайлоочулардын маанайына, шайлоонун жыйынтыгына таасирин тийгизет. Ал эми биздин өлкөдө шайлоо өткөрүү ар дайым калктын ишенбөөчүлүгү менен коштолуп келген. Андыктан КСДПнын позициясы – таза жана ачык шайлоо өткөрүү. 2012-жылы мен депутаттардын делегациясын жетектеп, Монголияда биометрикалык маалыматтарды колдонуу менен шайлоо өткөрүү тажрыйбасын үйрөндүк. Алмазбек Шаршенович ушул маселе боюнча Монголиянын президенти менен бир нече жолу сүйлөшкөн. Көпчүлүктүн ою боюнча, мындай шайлоолор мүмкүн болушунча адилет өтүп, жыйынтыктарды жасалмалоого мүмкүн эмес. Ошондуктан биометрикалык маалыматтарды колдонуу менен шайлоону баштадык. Биз бул идеяны активдүү жайылта баштаганыбызда бир кадырлуу саясатчы: «Чыныбай, муну эмне кыласың? Сенде административдик ресурс бар да», – деген. Мен ага: «Акаев да, Бакиев дагы бийликке шайлоону бурмалоо жолу менен келген. Азыр экөө тең кайда экенин билебиз. Элибизге болгон чынчыл мамиле гана бизди өлкөдө калтырат» – деп жооп бергем. Эл адилеттүүлүк, чынчылдык жана өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн иштөө каалоосу бар адамды

да, жеке кызыкчылыктарын көздөгөн адамды да сезет жана билет. Ошондуктан элибиз эки жолу абийирсиз саясатчыларды өлкөдөн кууп чыкты. Биз үчүнчү болгубуз келбейт. Ошондуктан биометрикалык маалыматтын негизинде шайлоону киргизип жатабыз. Кимдир бирөө бул процессти башташы керек болчу. Бул аракеттер эртеби-кечпи бааланат жана оң натыйжасын берет. Бул кадам – КСДП партиясынын таза шайлоо өткөрүүгө умтулуп жатканынын биринчи белгиси.

## Чыныбай Турсунбековдун спикер болушунун таржымалы

***Чыныбай Турсунбеков:***

«Фракция жетекчиси болуп турганымда 5-6 депутат жана КСДП партиясынын мүчөлөрү мага келип: «Биз 5 адамбыз. Биз менен болуңуз. Бардык маселелерди чечебиз», – дешкен. Андан кийин депутаттардын дагы бир тобу келип, алар да ошол эле нерсени айтышты. Анан экөөнө тең айттым: «Бул жол туура деп ойлойм. Кааласаңыздар, мени менен келиңиздер. Менин бир тилегим бар – фракциядагы биримдик. Ансыз эч нерсеге жетише албайбыз». Акыр-аягы эки топ тең мени менен чогуу аттанды. Биз партия менен фракцияны бекемдей алдык. Мында, албетте, Атамбаевдин да сиңирген эмгеги бар. Бирок, ошол эле учурда, 2010-2011-жылдары Атамбаев саясатчы катары анча күч топтой элек болчу жана жардамга, бийлигин чыңдоого муктаж болгон. КСДПдагы биримдиктин аркасында ал саясий салмакка ээ боло алды. Ал эми партия ал кезде бөлүнгөн эмес, анткени мен интригаларга жол берген эмесмин. Башка партияларда кандай көйгөйлөр болгонун өзүңүз көрдүңүз. Мисалы, «Ата Мекенде» Ө. Абдрахманов менен Р. Жээнбеков партияны бөлө баштаган. Бизде да интри-

галар болгон, бирок мен партияны сактап калдым. Кийин 2017-жылдын башында саясий кеңеште Атамбаев президенттикке талапкер катары кимди колдойт деп ойлоно баштадык. Баары мына ушундан башталган.

***Өмүрбек Текебаевдин Elgezit.kg берген маегинен (13.03. 2019-ж.):***

2016-жылы парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда алдыдагы президенттик шайлоого даярдыктар башталган. Конституцияга ылайык, мамлекет башчысынын өзгөчө ыйгарым укуктары жок болгону менен, Атамбаевдин тушунда президент иш жүзүндө бийликти узурпациялап алган. Бизде конституцияга каршы башкаруунун эзелтен бери келе жаткан салты бар: клandык, үй-бүлөлүк жана башка. Жана көптөгөн саясий күчтөр мындай шартта психологиялык жактан өзүн эркин сезишет. Бул алар үчүн табигый нерсе. Анткени бул тууралуу жакшы билишет жана өз убагында байланыштар, каналдар түзүлгөн. Ооба, Атамбаев тууgandарын бийликке алып келген жок. Бирок ал бийликке өзүнүн кланын айдоочу, жан сакчы, жардамчы, катчы түрүндө алып келди. Жана биз курган системаны бат эле бузуп салды.

Конституцияга ылайык, Атамбаев президенттиктен кетүүгө аргасыз болгон. Бирок ал расмий бийликке ээ болбой, бирок өлкөнү мураскер аркылуу башкарууну, кийинчерээк премьер-министр болуп чоң саясатка кайтууну пландаштырды. Анын бул планын баарынан мурун мен сезгем жана элге да мен айтканмын. 2016-жылы августта «Жаңы жүздөр» гезитине (1) берген маегимде Атамбаев саясий реинкарнация аркылуу өзүнүн саясий жашоосун кантип узарткысы келгени тууралуу кеңири айтып бергем. Кийинки окуялар менин айткандарымды тастыктады.

Пландарын ишке ашыруу үчүн Атамбаев негизги кызматтарга буга чейин мамлекеттик кызматтарда иштебеген эң жакын адамдарын дайындай баштады. Алардын тажрыйбасы, саясий салмагы жок болчу, бирок алар жеке жыргалчылыгы менен ийгилиги боюнча Атамбаевге милдеттүү болушкан. Жана, анын оюу боюнча, алар ага ыраазы болуп гана тим болбостон, сөзсүз угуп, келечекте ага кызмат кылышы керек эле. Дал ушундай шартта Атамбаев өзү үчүн формалдуу мураскерди тандай баштады. Абдил Сегизбаев, Сапар Исаков, Албек Ибраимов, Асылбек Жээнбеков активдүү оюнчулар болчу. Айланасындагылар менен сүйлөшүүдө алар өз ниеттерин жашырышкан эмес жана алдыдагы саясий күрөштөргө активдүү даярданышты. Жогоруда айтылгандардын амбициясы президенттикке гана эмес, премьер-министрликке да аттануу болгон. Мисалы, Албек Ибраимов үчүнчү тарап аркылуу өзүнүн шайлоо программасын чет өлкөлүк саясий стратегдерден буюртма кылууга да жетишкен. Анда 2016-жылдын январь-февраль айлары болчу.

Албетте, тажрыйбасы жана салыштырмалуу көз карандысыздыгы бар башка саясатчылар да болгон. Алар белгилүү бир каржылык, саясий, маалыматтык жана адамдык ресурстарга ээ болчу. Мисалы, Өмүрбек Бабанов, Темир Сариев. Мен да белгилүү бир шарттарда, чыныгы атаандаш боло алмакмын. Бирок Атамбаевдин пландарына экинчи топтогу адамдарды кабыл алуу кирген эмес. Ал саясий талааны мүмкүн болушунча өзүнүн талапкерлери үчүн гана тазаламакчы болгон.

Биринчи топтогу талапкерлер шайлоодо административдик ресурсту колдонуу үчүн Атамбаевдин пайдасына иштешкен. Өмүрбек Бабанов менен Темир Сариев маарага жетүү үчүн Атамбаевге берилгендигин көр-

сөтүп, пландарын акыркы учурга чейин билдирбөөгө аракет кылышкан. Жогоруда айткандай, менде атайын каржылык жана маалыматтык ресурстар жок болчу. Ошондуктан мен башкалардын ресурстарын колдонуп, административдик ресурстун өзүмө болгон каршылыгын азайтуу үчүн аракет кылышым керек болчу. Бирок бул үчүн Атамбаевдин кошоматчыларынын арасында биримдик бузулуп, күчтүү атаандаштык пайда болушу керек эле жана шайлоо башталганга чейин жанындагылар оппоненттерге айланышы керек болчу. Ошондо алардын айрымдары менен байланыш түзө алмакмын. Бирок эгер Атамбаев шайлоодон өтпөй турчу талапкерди тандаса, анда эң идеалдуу вариант болмок.

Мен Атамбаевди жакшы билчүмүн. Ал кандай чечим чыгарарын да. Ал тургай, ал жактырбаган адамдан жакшы сунуштар келсе да душмандык менен кабыл алчу. Ошол эле учурда ал айланасындагыларын угуп, бирок «тескери» кеңештерге кулак салган. Атамбаев ар кандай материалдарды көп окуп, бир аз убакыттан кийин чечимди өзүнүкү сыяктуу чыгарчу. Мен анын мураскер издеп жатканын билгем. Болгондо да тегерегиндеги бирөөдөн издеп жүрчү. Ал эми анын эң жакын чөйрөсү, мен айтып өткөндөй, Сапар Исаков, Албек Ибраимов, Абдил Сегизбаев жана Асылбек Жээнбеков болчу.

Биздин менталитет, бийликти өткөрүп берүү жана регионалдык тең салмактуулукту сактоо салтыбыз мындай: кийинки президент түштүктөн болмок. Бирок тышкы саясаттын кээ бир себептеринен улам Асылбек Жээнбеков агасына караганда белгилүүрөөк болгонуна карабай мүмкүнчүлүгү аз болчу. Башка өлкөлөрдөн, Орусиядан келген өнөктөштөрүбүз Асылбектин терең динчилдигинен чочушту. Ал эми Атамбаев анын өз де-

генинен кайтпаган мүнөзүнөн чочуду жана аны көзөмөлдөй албай калам деп коркту. Мунун баарын эске алганда, Атамбаев өзүнүн пландарына коркунуч пайда болгонун сезип түндүктөн мураскер тандап алган жок деп божомолдоого болот. Мен Сооронбай Жээнбеков жөнүндө жакшы пикиримди билдирип маек бергем. Атамбаев аны сөзсүз окуйт жана бир канча убакыттан кийин мен айткан аргументтерди эстеп улук Жээнбековго потенциалдуу талапкер катары карайт деп үмүттөнгөм. Мен аны президенттикке талапкер кылууну басым жасап айткан эмесмин. Бирок мындай бай тажрыйбага ээ болгон адам өкмөттү жакшы башкара аларын ачык айткам.

Көп өтпөй процесстин бардык катышуучулары үчүн күтүлбөгөн жерден анын аты чыкты.

***Чыныбай Турсунбековдун «Азаттыкка» берген маегинен:***

2016-жылдын башынан тартып эле «премьер-министр, Жогорку Кеңештин төрагасы алмашат» деген сөздөрдү Текебаевден угуп келгем. Ошол учурда «Республика – Ата Журт» фракциясынын лидери Өмүрбек Бабанов Текебаев экөөбүздү ресторанга чакырып, мени парламент төрагасы болууга чакырган. Анда «эгер сиздин төрагалык кылууга ниетиңиз болсо, биздин фракциялар колдойт» деп айтышкан.

Бирок ал кезде мен жооп берген эмесмин. Себеби, башка партиянын мүчөсү катары алгач бул маселени өзүбүздүн партияда чечиш керек деген ойдо болгом.

Андан бир аз өтпөй эле Өмүрбек Текебаев менин иш бөлмөмө келип: «Чыныбай, жакында премьер-министр Темир Сариев кызматтан кетет, анын ордуна Сооронбай Жээнбеков болот» деп айтып калды. Чынын

айтсам, парламентте ушул сыяктуу сөздөр жүрүп жатканын эске алуу менен «анда Асылбек Жээнбековдун тагдыры эмне болот, себеби эки бир тууган эки бийликти башкарганы туура эмес болот го» деп анча ишенген жокмун.

Бирок ошондон көп өтпөй эле ошол кездеги президент Алмазбек Атамбаев өз иш бөлмөсүнө парламенттин төрагасы Асылбек Жээнбеков экөөбүздү түштөнүүгө чакырды. Ошол жолугушууда Атамбаев буга чейин Текебаев айтып келген маселени козгоп, «Сооронбай Жээнбековду премьер-министр кылсак туура болот» деген пикирин айтты. Ошол жерден эле Асылбек Жээнбеков «андай болсо мен кызматтан кетүүгө даярмын» деп, маселе дароо чечилди.

Мени тынчсыздандырган бир маселе бар болчу. Себеби, ал кездеги премьер-министр Темир Сариев мага дайыма «эгер парламенттеги коалициянын, премьер-министрдин тагдыры башка өңүттө чечиле турган болсо, мага алдын-ала кабар берип коюңуз» деп айтып калчу. Мен дароо эле ошол маселени көтөрүп: «Бул жөнүндө Сариев билеби?» деп сурадым. Атамбаев кооптонуп, чоочуп кеткендей болду. Бирок мен «сөз берип койгом, Сариевге айтышым керек» десем президент көндү. Темир Сариевге айтсам, ал маселе түшүнүктүү болгонун белгилеп, кызматтан кетүүгө даяр экенин билдирди.

Кызыктуусу – Темир Сариев өкмөт аппараты менен жума күнү коштошуп, анан кызматтан кетээрин айтты. Бирок дал ушул жума күнү Сариевдин арызы кечиккенде президенттик аппарат аябай чочулаганы эсимде. Ал кездеги президенттик аппараттын жетекчиси Фарид Ниязов мага улам-улам чалып, «Сариев убадасын аткарбай, президент тынчсызданып жатканын» айткан эле. Мен болсо «Темир Сариев сөзүнө турган жигит» деп көндүргөм.

Ошентип, Сариев кызматтан кетти. Андан соң парламент төрагасын шайлоо маселеси көтөрүлүп, Алмазбек Атамбаев «Кыргызстан» партиясынын лидери Канатбек Исаевди колдоп чыкты. Бирок анда Бакыт Төрөбаев да талапкерлигин койгон. Добуш берүүгө келгенде тагдырдын тамашасы менен эки талапкер тең 51 добуш алып, «ит жыгылыш» болуп калды. Мындай учурда парламент төрагасына башка адамды шайлоо боюнча маселе жаралып, кызуу оюндар башталды.

Парламенттеги мени колдогон бир нече депутат «талапкерлигиңизди коюңуз» деп сунуш кыла баштады.

Ошол учурда президенттин кеңешчиси Икрамжан Илмиянов мага келип «жаңы эле парламент төрагасы боюнча маселени талкууладык. Мен сиздин талапкерлигиңизди «Ата Мекен» фракциясы сунуш кылсын деп талап койдум. Ошондуктан президент сиз менен жолугушканы жатат» деп айтып кетти.

Чынында эле Атамбаевге барып жолуккан учурда ал «эгер спикер болгуң келсе, талапкерлигиңди «Ата Мекен» фракциясы сунуш кылсын» деген маселе койду. Бул нерсе менин намысыма тийди. Себеби, канча жылдап социал-демократтар фракциясы үчүн күрөшүп, камчысын чаап келсем, ушундай учурда башка фракцияга жүктү оодарганына наараазы болдум.

«Ошол эле маселеби, күтүп тургула» деп чыгып эле Ак үйдүн 7-кабатындагы Текебаевдин иш бөлмөсүнө барып, ага «мурда убада кылып келгендей, мени колдоочу учуруңар келди» деп айттым. Ал «силердин фракцияңарчы» дегенде «ал жөнүндө ойлонбой эле коюңуз, маселе сиздин позицияда» десем дароо колдой турганын билдирди. Мен андан чыгып, өзүмдүн иш бөлмөмө жеткенче 24.kg агенттигине ««Ата Мекен» фракциясы Турсунбековду парламенттин төрагалыгына сунуш

кылды» деген кабар чыгып калыптыр. Анын артынан «Республика – Ата Журт» фракциясы да менин талапкерлигимди колдой турганын ачык билдирди.

Ошентип, мени башка фракциялар колдоп жаткан кезде КСДП гана унчукпай турду.

Текебаев белгилегендей, ал учурда биздин фракциядан «спикер болом» деп чуркап жүргөндөр көп болгон. Ал эми президенттик аппарат болсо мени колдоп, мурда кылып келгендей депутаттарды чакырып же үндөбөгөнүн фракциялаштарым айтып жүрүшөт. Качан гана башка фракциялардын баары мени колдоп, шайлоо болор күнү Икрамжан Илмиянов мага телефон чалып, Атамбаев социал-демократ депутаттарга «Турсунбековду колдобосоңор уят болгону калдык» деп айтканын кабарлаганы эсимде.

***Нуржан Тентимишова:***

27-апрель 2016-жылы Чыныбай спикер болуп шайланды. Анын талапкерлигин Жогорку Кеңештин жыйынына катышкан 120 депутаттын 88и колдошту. Исхак Масалиев 26 добуш алды.

Чыныбай Жогорку Кеңештин негизги милдети катары тынчтыкты, эл ичиндеги ынтымакты сактап калуу деп иштеди. Ошондой эле Жогорку Кеңеште Төраганын алдында ишкердикти жана бизнести өнүктүрүү боюнча атайын кеңеш уюштуруп, Кыргызстандагы бизнес ассоциациялардын өкүлдөрү менен жолугушуп анын натыйжасында бир топ бизнестин, инвестициянын көйгөйлүү маселелери чечилген. Эл аралык уюмдарда мүчө катары Кыргыз парламенти өзүнүн татыктуу ордун көргөзгөнгө жетише алды. Буга ошол эле КМШ парламенттик ассамблеясындагы, ОДКБ Парламенттик Ассамблеясындагы, Азия Парламенттик Ассамблеясындагы, ОБСЕ парламенттик Ассамблея-

сындагы, ТүркПАдагы парламенттин ишкердүүлүгүн айтса болот. Жогорку Кеңештин ошол жерлердеги жасап жаткан иштеринин бир гана мисалы катары, 13-октябрда Санкт-Петербург шаарындагы КМШ Парламенттик Ассамблеясынын учурундагы кезектеги сессияда ошол жердеги биздин Кыргыз парламентинин жасап жаткан иштеринин ар бирине ал Парламенттик Ассамблеянын төрагасы В.И. Матвиенко кеңири токтолуп, ошол бүгүнкү КМШ өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын Кыргыз парламентинин бенефиси катары белгиледи. Бул дагы өлкөбүздүн эл аралык аброю өсүп жатканын, ага кыргыз парламентинин эмгегинин чоң экендигинин бир белгиси болгон. 2016-жылы атайын Кыргызстанга сапар учурунда ФРГнын канцлери Меркель парламентке жолугууну өзүнчө пункт кылып киргизип, атайын келип, парламент өкүлдөрү менен жолугуп кеткен. Өзбекстандын президенти Мирзиёев дагы парламенттик фракциянын лидерлери менен жолугуп, андан кийин барып ошол жолугушуудагы талкууланган маселелерге Кыргыз парламентинин реакциясына карата Кыргыз парламентинин оперативдүү иш алып барганына өздөрү абдан ыраазы болгонун билдирген. 2017-жылы Кыргызстанга 10 күн аралыгында удаа-удаасы менен келген Россия мамлекеттик ДУМАсынын төрагасы Володин, Федерациялык кеңештин төрайымы Матвиенколор өздөрүнүн жогору бааларын берип кетишкен. Бир сөз менен айтканда, Кыргыз парламенти ошол жылдары эл аралык аренада абдан активдүү иштеп жаткан.

***«Азаттык», 31-август 2016-ж. «Ырдалбай сындалган эгемендик»:***

31-август 2016-жылы эгемендиктин 25 жылдыгына арналган куттуктоо сөзүн өлкө башчысы Алмазбек

Атамбаев башында Кыргызстандын 25 жылда тапкан негизги байлыгы демократия, сөз эркиндиги, күчтүү жарандык коом экенин айтып жакшы эле баштаган.

Бирок ал андан аркы сөзүн убагында өзү катарында жүргөн Убактылуу өкмөттүн ишмердигин дээрлик жокко чыгаруу менен улады. Атамбаев ошол кездеги президент Роза Отунбаеванын шайлануусу, Баш мыйзамдын кабыл алынуусу мыйзамсыз болгонун айтып, Убактылуу өкмөттүн ар бир мүчөсүнө бул аракеттер үчүн мыйзам алдында жооп берчү күн келээрин эскертип, сөөмөй кезеди. Атамбаев азыркы Конституцияны өзгөртүүгө каршы чыккандардын баарын эл душманы катары сыпаттады.

Мындан улам Атамбаевдин аркасында бийлик өкүлдөрү менен турган экс-президент Роза Отунбаева салтанатты таштап, басып кетүүгө аргасыз болду. Мындан мурдараак Отунбаева баш болгон мурдагы Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү Баш мыйзамды өзгөртүү боюнча референдумга каршылыгын билдирип чыгышкан.

31 август 2016-ж. А. Атамбаев Р.Отунбаеванын, УӨ мүчөлөрүнүн дарегине, өтө терс маанайда айткандан кийин эле Кыргызстандын саясий атмосферасы абдан чыңалууга келди. Ошондон баштап тиреш ачыкка чыкты.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Эми адатта бийлик башындагы адам сүйлөгөндөн кийин ар ким ар кандай реация кылат. Көбү ошол нерседен упай алып калганга аракет кылат. Мен бир эле нерсени айтсам, менимче түшүнүктүү болот го деп ойлойм. Биз кайтып келатканда Алмазбек Шаршенович болуп көп киши келатабыз, бардык бийлик булактарынын башчылары, жансакчылар, жардамчылар. Ке-

латканда Алмазбек Шаршенович мени карап: «Чыныбай Чиркешович, сиздин атаңызга тийишип койгонума капа болуп калганыңыз жокпу?», – деди, – «атаңызды катуу сындап койгон үчүн». Мен ошол жердеги жалпы топко кошулбай калган сыяктуу болуп калдым да. Ошон үчүн ал киши кыраакы (сүйлөгөн сөзгө реакция болот да, мен болсо комментарий бербей унчукпай келаткам, анан унчукпай келаткан киши катары мага Алмазбек Шаршенович атайын айтып атат да). Мен «Алмазбек Шаршенович, мен эгерде Чыныбай Чиркешевич болсом, анда Өмүрбек Чиркешович менин атам болбойт, ал менин бир тууганым болот. Эгерде экөбүз Чиркешович болсок», – десем, күлүп жиберди. «Туура, туура, бир тууганың үчүн капа болуп калган жоксунбу», – деди. Анан мен өзүмүн сөзүмү айттым. Алмазбек Шаршенович көп учурда мага ошондой таасир калтырып келатат, эгерде кимдир бирөөнүн өзүнүн пикири болсо, ага сый мамиле кылганга аракет кылат да, жок эле дегенде ошончо кишинин көзүнчө мындай чычалаган жок, менин пикирими туура кабыл алды. Мен эми майда-чүйдөсүнө чейин айтсам, менин этикалык нормама туура келбей калат.

## ТААСИРДҮҮ ДОКЛАД, АТАМБАЕВДИН АТКАРЫЛБАГАН УБАДАСЫ

2017-жылдын 3-апрелинде Улуттук кеңештин ырааттуу өнүгүү боюнча өткөн бешинчи жыйынында Чыныбай Жогорку Кеңештин төрагасы катары доклад окуду. Өлкөнүн «экономикалык картасын» аныктоого арналган ал доклад өтө жогорку деңгээлде болгондуктан, жыйындын катышуучуларынын көпчүлүгүнө жакшы таасир этти. Чыныбай үйгө келгенде да теле-

фонуна тынымсыз чалышып, жыйындын көркүн ачкан доклады менен аны куттукташты. Айрымдар мындай маанилүү докладды президент окуш керек болчу деп өтө жогорку пикирлерин билдиришти. Президент Атамбаев да чалып куттуктаган соң «Чыныбай, күзүндө болчу чоң шайлоого даярдана бер», – деп да айтты. Чоң саясатка аралашканга чейин Чыныбай жетектеген Кыргызстандын ишкерлер биримдигинин кезексиз съездин чакыртууну сунуштады жана кандидатурасын колдоо керектиги жөнүндөгү демилгени ошол жыйында өзү көтөрөрүн да билдирди. Андан сырткары, президенттик шайлоого даярдык көрүүчү иш-чаралардын учурунда өлкөнүн бардык аймактарын Чыныбай менен чогуу кыдырып чыгууга да убада берди. Өтө эмоционалдуу адам катары Алмазбек Атамбаев докладдан алган таасирден улам чын дилинен эле сунуш кылганы түшүнүктүү. А бирок кийинчерээк тиякбиягын терең талдап жана «акылмандары» менен кеңешкен соң ал сунушунан айнып кетти. Чындыгында биз ошондой болушу толук мүмкүн деп күтүп атканбыз.

* * *

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Чыныбай Турсунбековдун 2017-жылдын 3-апрелиндеги Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин V жыйынынын жүрүшүндө сүйлөгөн сөзүнөн үзүндүлөр.**

«Бүгүнкү күндө өлкө ичинде Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө шарттар түзүлдү, анын үстүнө өлкөдөгү саясий стабилдүүлүккө күбө болуп жатабыз. Ал эми бүгүн биздин алдыбызда Кыргыз Республикасынын экономикалык «жол картасын» аныктоо милдети турат. Буга байланыштуу 2040-жылга чейин өлкөнү

туруктуу өнүктүрүү Стратегиясын кабыл алуу жана ишке ашыруу өтө актуалдуу болуп саналат», – деди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Чыныбай Турсунбеков Бишкек шаарында өтүп жаткан Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңешинин V жыйынынын жүрүшүндө.

«Өлкөнүн эгемендүү өнүгүүсү учурунда жол берилген мүчүлүштөрдү оңдоо, саясий жана экономикалык өнүгүүнү оң жолго буруу үчүн мүмкүнчүлүктөр бар.

Өткөөл мезгил учурунда жана андан кийин биз жол көрсөткүч катары Батышка ыктадык. Эми гана өзүбүздүн өткөн тарыхыбызда – өлкөнү Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиев башкарып турган учурда дүйнөлүк деңгээлдеги жетишкендиктерге – мыкты тажрыйбаларга ээ болгондугубузду түшүнө баштадык.

Рыноктук экономиканын артыкчылыгын эч ким тана албайт. Биз, эки доорду башыбыздан кечиргендиктен улам социализмдин да, рыноктук экономиканын да, башкача айтканда капитализмдин да тажрыйбаларын салыштырып, аңдап түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук.

Биз социализмдин мүчүлүштөрүн жапа тырмак талкуулап, сындап келдик, эми болсо ошол доордун дагы жакшы жактары бар экендигине ынанып олтурабыз.

Ошондуктан социализмдин да, рыноктук экономиканын да апологети болууга тийиш эмеспиз, алардын ар бириндеги оң жана терс жагдайларды туура талдоого алууга тийишпиз. Социализм менен капитализмдин артыкчылыктарын бириктирүү менен, алардагы оң көрүнүштөрдү тандап, конвергенция жолу менен прогресске жетишүүгө боло тургандыгына биз ишенебиз».

Буга байланыштуу Чыныбай Турсунбеков дүйнөлүк экономиканын негизги локомотивдеринин бири болгон коңшу мамлекет – Кытай Эл Республикасынын экономикалык өсүшүн мисал келтирди.

Ошондой эле Төрага өз сөзүндө Тажикстан Республикасынын 2030-жылга чейин өзүнүн Өнүгүү стратегиясынын кабыл алынышын мисал катары көрсөттү. Анын айтымында, бул документте коңшу өлкөгө 118,1 миллиард АКШ доллары өлчөмүндөгү инвестиция тартуу пландаштырылган, анын 55 миллиард АКШ доллары жеке инвесторлор тарабынан инвестицияланат.

«Коңшу өлкөдө жеке инвесторлордун аракети менен гана жыл сайын Рогун ГЭСи сыяктуу ири объекттерди куруу мүмкүнчүлүгү берилет. Албетте, бул абдан амбициялуу долбоор жана программа», – деп Төрага баса белгиледи.

Ошондой эле Чыныбай Турсунбеков Пакистанга болгон расмий иш сапарынын учурунда «Кытай – Пакистан. Экономикалык коридор (CPEC)» транспорттук долбоорун ишке ашыруу ниети жөнүндө билгенин айтты. «Эгерде ал ийгиликтүү ишке ашса, ошондой эле Борбор Азиядан Түштүк Азияга электроэнергияны экспортоо CASA-1000 долбоору Кыргызстан үчүн чоң пайда алып келет», – деди Жогорку Кеңештин Төрагасы.

«Өткөн 25 жыл ичинде (1991-2016-жылдар) Кыргызстандын экономикасы өзүнүн өнүгүүсүндө өтө оор жолду басып өттү.

Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн азыркы этабында ресурстук, илимий, кадрдык жана башкаруу потенциалын, түзүлгөн өндүрүштүк жана социалдык-маданий мамилелерди максималдуу пайдалануу боюнча, өз ара пайдалуу мамлекеттер аралык коопе-

рацияны андан ары тереңдетүү, биргелешкен өндүрүштөрдү түзүү боюнча, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды чыгаруу жана аларды өлкөнүн ички рыногунда жана башка өлкөлөрдүн рыногунда алдыга жылдыруу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу актуалдуу болуп саналат.

2040-жылга чейин Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоонун стратегиясы (мындан ары – Стратегия) узак мөөнөткө өлкөнү өнүктүрүүнүн келечегин аныктаган документ болуп саналат.

Мындай документтин иштелип чыгышынын зарылчылыгы, баарынан мурда, Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн стратегиясын тандап алуунун актуалдуулугу, ошондой эле биздин өлкөдө жана бүткүл дүйнөдө соңку 25 жылда болуп өткөн социалдык-саясий өзгөрүүлөр жана кайра түзүүлөр менен түшүндүрүлөт.

Азыркы учурда төмөнкүдөй эки варианттын белгилери байкалууда:

Инерциялык-рыноктук стратегия, ал неолиберализм жана рыноктук фундаментализм идеологиясына негизделет, өзүнүн стратегиялык – инновациялык функцияларын аткаруудан баш тарткан мамлекеттин ролу басаңдаганда рыноктун кубаттуу экендигине таянат. Өлкөнү экономикалык прогресстин перифериясына айландыруу, өлкөнүн өз алдынчалыгын жоготуу коркунучунун күчөшү жана мындай экпериментten жапа чеккен калктын көпчүлүгү үчүн жаңы түйшүктөрдүн жаралышы мындай стратегиянын кесепети болуп саналат.

Инновациялык модернизациянын стратегиясы, башкача айтканда принципиалдуу жаңы, атаандаштыкка жөндөмдүү технологияларды жана продукты-

ларды өздөштүрүүгө үй чарбасынын, ишкерлердин жана мамлекеттин күч-аракеттерин топтоштуруу, өтө эскирген өндүрүштүк аппараттарды инновациялык жактан жаңылоо, экономикалык өнүгүүнү жана социалдык прогрессти тандап алуу жана жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттин ролун жана жоопкерчилигин жогорулатуу.

Начар өнүккөн өлкөдөн инновациялык экономикасы өнүккөн жана калкынын жашоо турмушунун деңгээли жана сапаты туруктуу жогорулаган өлкөгө айландыруу 2040-жылга чейин Кыргызстандын өнүгүүсүнүн стратегиялык максаты болуп саналат. 2040-жылга чейин Кыргызстан калкынын санына улуттук дүң продукциясынын өлчөмү боюнча (УДП) жогорку орто кирешелүү дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн тобуна кирүүгө тийиш.

Кыргызстандын экономикасын импорттук-сырьелук экономикадан өнүгүүнүн инновациялык түрүнө өткөрүү алдыдагы милдеттерди системалуу чечүүнүн жолу болуп саналат. Бул илимде, билим берүүдө жана жогорку технологияда артыкчылыкка ээ болуу үчүн бул жолду өнүктүрүүнүн эсебинен өлкөнүн атаандаштык потенциалын кескин жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Мына ушунун негизинде экономикалык өсүштүн жаңы булактарын көмөктөшүүгө жол ачылат.

Мындай максаттарга жетишүү үчүн төмөндөгүлөр зарыл:

Биринчиси. Индустриялык-инновациялык өнүгүүнү тездетүүнү камсыз кылуу.

Экинчиси. Агроөнөр жай комплексин инновациялык нукка өткөрүүнү камсыз кылуу, эксперименталдык агрардык-инновациялык кластерди түзүү.

Ар бир региондун өзүнүн бренди бар, аны өнүктү-

рүү өлкөнүн өнүгүүсүн камсыздайт. Биздин республиканын региондорунда узак мөөнөттүү экономикалык өсүштү стимулдаштыруу үчүн эбегейсиз потенциалга ээ болгон ар бир аймактын өнүгүшүнө кластердик ыкманы кабыл алууну зарыл деп эсептейм. Кластердик саясат өтө маанилүү, анткени анын ийгиликтүү ишке ашырылышы экономиканын өнүгүү темпине таасирин тийгизет, буга байланыштуу бардык өнөр жай жана кайра иштетүү тармактары жергиликтүү чийки заттарды жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн продукцияларын ар бир региондо колдонуугa багытталышы керек.

Мисалы, Баткен облусу үчүн приоритеттүү тармактар өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбасы болуп саналат, ошондуктан Баткен облусу жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр үчүн экологиялык таза кургатылган жемиштерди өндүрүү биринчи кезектеги чечүүчү маселе. Экинчи кезектеги аймактын өсүү багыты мал чарбасын өнүктүрүү болот.

Табигый-климаттык шарттарды эске алуу менен Нарын облусу мал чарбасын өнүктүрүү үчүн ылайыктуу, ошондуктан Нарын облусу үчүн биринчи кезектеги чечүүчү маселе жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн рынокторуна мал чарба тармагындагы продукцияларды өндүрүү болуп саналат. Буга байланыштуу асыл тукум малды жакшыртуу, ветеринардык тейлөөнү жана тоют базасын өркүндөтүү боюнча чараларды көрүү зарыл. Эт иштетүүчү ишканаларды түзүү талап кылынат. Мал чарбасынан тышкары тоо-кен тармагын өнүктүрүү үчүн чоң потенциал бар, ал жакка инвестиция тартуу керек.

Региондогу экинчи кезектеги чечүүчү маселеси энергетика жана транзиттик инфраструктураны өнүктүрүү.

Жалал-Абад облусунда келечектүү үч багыт бар: айыл чарба, өнөр жай жана туризм. Жалал-Абад облусу үчүн биринчи кезектеги чечүүчү маселе – гидроэнергетика. Экинчи кезектеги региондун өсүү багыты жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр үчүн экологиялык таза мал чарба жана өсүмдүк продукцияларын өндүрүү жана туризм тармагы.

Ош облусу өзүнүн географиялык жайгашуусунан улам коңшу өлкөлөрдүн рыногуна чыгуу үчүн эбегейсиз зор потенциалга ээ. Буга байланыштуу товарлардын транзити үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жана Ош шаарынын базасында түштүк логистикалык борборун түзүү зарыл. Бул жердеги негизги багыттар транспорттук инфраструктуранын коопсуздуктун жана тейлөө сапатынын жогорку стандарттарын сактоо керек.

Туризм тармагына кайрылсак, Ысык-Көл облусу утушка ээ позицияда. Чындыгында Ысык-Көл эл аралык эс алуу зонасы болуп саналат эмеспи. Туризм секторунда өз ара байланышкан долбоорлорду ишке ашыруу Ысык-Көл облусунун экономикасы үчүн биринчи кезектеги чечүүчү маселе болот. Буга байланыштуу, көрсөтүлүп жаткан туристтик кызматтарды, инфраструктураны жана коммуникацияларды өнүктүрүү жана алардын сапатын жогорулатуу, заманбап транспорттук инфраструктураны, анын ичинде суу, автомобиль жана темир жол транспорту, жүк транзитин жана кызмат көрсөтүүнү ичине камтыган Балыкчы шаарындагы транспорттук-логистикалык мультимодалдык борборду өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү зарыл.

Экинчи кезектеги өсүү багыты – бул биринчи кезекте туризм тармагындагы ишканаларды камсыз кылуу үчүн айыл чарба продукцияларын өндүрүү.

Чүй облусун күчтү өнөр жайларды өнүктүрүүгө багыттаса болот, анткени индустриалдык инфраструктура анын атаандаштык артыкчылыгы болуп саналат.

Аймак үчүн негизги милдеттердин бири өнөр жай потенциалын, айрыкча кайра иштетүүчү ишканаларды калыбына келтирүү болушу керек, бул башка тармактарды өнүктүрүүгө түрткү болот. Бул үчүн маанилүү кадам – мүлктүк укуктарын жана инвестицияларды коргоо боюнча кепилдиктерди берүү. Мындан тышкары, көптөгөн ишканалар узак мөөнөттүү инвестицияларга жана насыяларга муктаж.

Экинчи кезектеги аймактын өсүү багыты айыл чарба продукциясын өндүрүү. Бул багытта сапаттуу үрөн жана жер семирткичтер менен камсыздоого, финансылык ресурстарга жетүүгө, айыл чарба техникаларын жаңыртууга, сугат суу системаларын калыбына келтирүүгө жана реконструкциялоого көңүл буруу зарыл.

Талас облусу айыл чарба продукциясын өндүрүүчү эң маанилүү аймак болуп саналат. Ошондуктан, өнүгүүнүн негизги багыттары айыл чарбасындагы өндүрүмдүүлүктү жана чийки затты кайра иштетүү даражасын жогорулатуу керек. Казакстан рыногунун чоң мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен кайра иштетүү тармагынын потенциалын жогорулатуу, транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү зарыл.

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр, өзгөчө төө буурчак менен картошка Казакстан, Түркия, Иран рынокторуна багытталган. Кошумчалай кетсек, Таластын төө буурчактары тышкы рынокто чоң суроо – талапка ээ. Аймакта транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү үчүн жетиштүү өбөлгөлөр бар.

Талас облусу үчүн биринчи кезектеги өсүү багыты жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр үчүн экологиялык

таза өсүмдүк продукцияларын өндүрүү болуп саналат. Экинчи кезектеги аймактын өсүү багыты мал чарбасы.

Эгер практика көрсөткөндөй дүйнөлүк экономикага карасак, республикада кластерлер канчалык өнүккөн болсо, жергиликтүү элдин жашоо деңгээли да ошончолук жогору болот. Ошондой эле, кластердик ыкманы киргизүү ар бир региондун ичинде жана облустар ортосундагы жергиликтүү ишканалардын атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн чоң потенциалга ээ.

Үчүнчүсү. Илимге таянган экономиканы түзүү – бул, баарыдан мурда, Кыргызстандын илимий потенциалын көтөрүү, венчурдук каржылоо боюнча мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле илимий иштеп чыгууларды коммерциялоону өркүндөтүү. Улуттук инновациялык системанын эффективдүүлүгүн жогорулатуу маанилүү.

Төртүнчүсү. Агломерация, бул Кыргызстандын илимге таянган экономикасынын өзөгү. Бул өлкөдөгү региондордун динамикалык социалдык – экономикалык өнүгүүсүнүн куралы. Бүгүнкү күндө агломерация – бул экономикалык өсүш чекиттеринин түзүлүшүн камсыз кылуу, регионалдык аймактарды бирдей жана комплекстүү өнүктүрүү, социалдык – экономикалык өнүгүүнүн негизги максаттарын ишке ашыруу үчүн инфраструктураны коопсуз жана натыйжалуу өнүктүрүүнүн объективдүү процесси болуп саналат, тактап айтканда: калк жана бизнес үчүн ыңгайлуу жашоо жана иштөө шарттарын түзүү.

Бешинчи. Чакан жана орто бизнести өнүктүрүү – XXI кылымда өлкөбүздү индустриалдык жана социалдык жактан модернизациялоонун негизги куралы.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда чакан ишканалар (дыйкан чарбалар, жеке ишкерлер жана чакан иш-

каналар) басымдуулук кылат, республикада алардын саны 600 миңден ашат. 1800 ири ишкердик субъекттери катталган.

Мамлекетибиздин бизнес жүргүзүү үчүн эң жагымдуу шарттарды түзүүгө жана инвестициялык климатты жакшыртууга багытталган саясатын эске алуу менен, бизнес чөйрөсүнүн өнүгүшүнө тоскоолдук кылган жана системалуу көйгөйлөрдү жаратуучу мыйзамдык ченемдерди жоюу боюнча көп иштер аткарылышы керек. Мыйзамдар жеке секторду жөнгө салууда негизги ролду ойнойт, бирок мыйзамдарда жагымдуу жоболор каралганы менен, алар жетишээрлик деңгээлде ишке ашпайт же  дайыма аткарылбайт. Буга байланыштуу биз ишкердик чөйрөсүндөгү ченемдик – укуктук актыларга мониторинг жүргүзүү, анализдөө жана аларды чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жагынан иш алып барышыбыз керек.

Алтынчы. XXI кылымдагы өнүккөн өлкө – бул активдүү, билимдүү жана дени сак жарандар. Биринчиден, бардык өнүккөн өлкөлөр уникалдуу сапаттуу билим берүү системасына ээ. Улуттук билим берүүнүн бардык бөлүктөрүнүн сапатын жогорулатуу үчүн алдыда көп иштер турат. Ошондуктан, аларды заманбап программалар жана окутуу методикасы, квалификациялуу кадрлар менен камсыздоо маанилүү. Мектеп окуучуларын окутуунун натыйжасы алардын сынчыл ой жүгүртүүсү, маалыматты өз алдынча издөө жана аны терең талдоо көндүмдөрүн өздөштүрүүсү болууга тийиш.

Жетинчи. Аймактык жана мамлекеттик башкаруу институттарынын санын кескин кыскартуу менен алардын ишин өркүндөтүү. Экономикалык максаттарга жетүү үчүн административдик – аймактык реформаларды ишке ашыруу өтө маанилүү ролду ойнойт. Менин оюмча мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү

өз алдынча башкаруу системаларын өркүндөтүү үчүн, бийликти борбордон ажыратуу керек, райондорду чоңойтуу жана эки баскычтуу бюджеттин бөлүштүрүлүшүн, тагыраак айтканда, аймактарда чогултулган киреше салыгынын көлөмүн көбөйтүү зарыл. Мунун баары региондорго финансылык жактан көз карандысыз болууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок өлкөдө жана жер-жерлерде коррупцияны жок кылуу иш-чаралары жүрбөсө, келечек үчүн эч кандай реформа болбойт».

***Айдай Турсунбекованын баракчасынан:***

Атам Алмазбек Шаршеновичке ишенчү, ошон үчүн ал КСДПга кошулуп, өлкөнү жакшы жакка өзгөртүү үчүн болгон күчүн жумшады. Бирок 2014-жылдын аягында алардын мамилеси бузулду. Атам менен Алмазбек Шаршеновичтин тирешинин негизги себеби «атактуу» Икрам Илмиянов болгон. Атам анын көрсөтмөлөрүн этибарга албагандыктан Алмазбек Шаршенович аларга же бири-бири менен тил табышуусу керектигин, же экөөнү тең кызматтан бошотууга аргасыз болорун айткан. Алмазбек Шаршенович Икрам Илмияновду кызматтан кетирген эмес, бирок атам менен мамилеси жакшы болгон жок.

Андан кийин белгилүү окуялар болду. Ө. Текебаев камакка алынды. Менин атам фракциялардын лидерлерин чогултуп, анын камерасына барышты. Көп өтпөй ошол кезде КРнын Президентинин Аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары болуп турган Сапар Исаков атамдан Ө. Текебаевдин ЖКда иштеген тууганын жана анын жардамчысын Текебаевди коргоп комментарий жазгандыгы үчүн кызматтан бошотууну суранган. Атам алар комментарийди жумуш убактысынан сырткары жазышкандыгын жана мыйзамга ылайык, аларды кызматтан ала албастыгын түшүндүрүп,

бул өтүнүчтү аткаруудан баш тарткан. Мунун баары Алмазбек Шаршеновичке атамды «Чыныбай Чиркешевич» деп айтууга негиз берди.

Эсимде, атам ЖКнын спикери болуп турганда, бир күнү кечинде биздин үй-бүлө үй-бүлөлүк майрамды белгилеп жатканбыз. Алмазбек Шаршенович атама телефон чалып атамдын Нарын облусуна болгон иш сапарын жокко чыгарууну талап кылган. Анткени Нарынга аны менен чогуу оппозициялык депутаттар да бармак имиш. Атам: "Алмазбек Шаршенович, мен ар дайым КСДПнын мүчөсү болгом жана кала берем, баары бир барам, анткени ал жакта мени эл күтүп жатат», – деп жооп берди. Эртеси эртең менен өкмөттүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү атама телефон чалып, Атамбаев ага телефон аркылуу Турсунбековду тосуп албоого буйрук бергенин айтты. Бирок атам баары бир кетти. Ал эми сапарда аны коштоп жүрүшү керек болгон бир нече депутаттар күтүлбөгөн жерден шашылыш иштери чыгып калыптыр. Атам, менимче, эки гана депутат менен кеткен болуш керек эле.

Нарынга барганда аларды эч ким тосуп алган эмес. Нарын облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүл да, шаардын мэри да болгон жок. Бирок атам пландаштыргандай, аны күтүп жаткан жергиликтүү тургундар менен жолугуп, Бишкекке кайтып келген.

Бишкекке келгенден кийин, атам баарыбызды чогултуп ишеним болбогон жерде ийгилик болбостугун, ага байланыштуу кызматтан кетүүнү чечкенин айтты. ЖКнын кийинки спикери болуп, балким, Алмазбек Шаршенович ишенген адам болду.

Бирок атам Алмазбек Шаршеновичти ага саясаттын эшигин ачкан адам катары сыйлоону токтоткон жок.

***Чыныбай Турсунбековдун Жогорку Кеңеште сүйлөгөн сөзүнөн:***

Мен ойлойм, эч кандай коомдук чыңалууну, коом тарабынан ар кандай сын-пикирлерди күтүп олтуруунун кереги жок. Жакшынакай иштеп жатып эгерде ошондой кырдаал түшсө сөзсүз түрдө бийликке саясатчы кантип келүү, кантип ошол бийликти сактап калууну гана эмес, ошол бийликтен кантип кетүүнү дагы салтка айландырышыбыз керек деп ойлойм. Эң башкысы, урматтуу коллегаларым, ушул 1,5 жылдын ичинде мен сиздердин ишенимиңиздерди толугу менен аткарууга аракет кылдым. Позиция же оппозиция деп эч бириңиздерди бөлгөн жокмун. Анын баасын бере турган дагы сиздерсиздер. Албетте, менин ал позициям бирөөлөргө жагышы ыктымал, бирөөлөргө жакпашы ыктымал. Бирок бул демократиянын принциби, ал эми демократиянын эн башкы принциби мыйзамдуулуктун сакталышы. Мына ошондуктан саясий конъюнктурага карабастан, ошол учурдагы кырдаалга карабастан мен эч качан эч бир комитетке дагы, эч бир бөлүмгө дагы, мына Аппарат олтурат, Аппаратка дагы, Аппараттын бир дагы кызматкерине саясий конъюктурага карата иш кылууга тапшырма берген жокмун, буйрук берген жокмун. Бардык нерсени мыйзам чегинде жасоону талап кылып келе жаттым. Мен ойлойм, бул дагы биздин Кыргызстанда салт болуп калыш керек. Дал ошол салт бекемделсе бизде Кыргызстанда демократия женип чыгат деп бекем ишенем. Албетте, мен өзгөчө мына бүгүнкү акыркы президенттик шайлоо башталаардын алдында башталган Кыргызстандагы жалпы саясий температуранын көтөрүлүшү мына бүгүн түшүп келе жатат. Анткен себеби эл өзүнүн жаңы Президентин шайлап алды. Бирок ал температура толугу менен тү-

шүш үчүн мен дагы отставкага кетишим туура болот деген чечимге келдим. Жана эн башкысы менин саясий конъюктурадан эмес, мыйзамды сыйлоодон келип чыккан позициямды жактырбаса дагы колдоого алып келген бардык күчтөргө биздин өлкөбүздүн Президентине, урматтуу коллегаларым, сиздердин ар бириңиздерге, Аппаратка, Өкмөткө, өзгөчө журналисттерге демократияны туу туткан, демократиянын өнүгүшү үчүн салым кошуп келе жаткан журналисттерге, дегеле менин позициямды туура деп, позициямды сыйлагандардын бардыгына өзүмдүн өтө терең ыраазычылыгымды билдирем! Ал эми 24 саат өтө көп экен деп жатканым, мына мен отставкага кетем деп чечим кабыл алган акыркы 24 саат ичинде сиздердин араңыздардан бир топ коллегаларым менин кабинетиме келип менин кетпешимди сураныпшты, менин жасап жаткан иштериме жакшы бааларын берип жатышат, мени колдоп жатышат. Ал эмес мен кетсем ордума талапкер болот деп аты аталып жаткандар же өзүмө түз келишип же менин өтө жакын адамдарыма келишип менин бүгүнкү позициямды сыйлай тургандыктарын, мени менен иштөө ар дайым жагымдуу болгондуктарын, менин тутунган позициям, карманган принциптерим туура экендиктерине таазим кыла тургандыктарын айтканы үчүн мен сиздерге ошол айткандардын баарына башымды ийип таазим кылам. Эң башкысы мен төрагалыктан кетип атам. Бирок саясаттан кеткен жокмун, парламенттен кеткен жокмун, дагы буйруса сиздер канча ушул жерде олтуруп иштесеңиздер, сиздер менен дал ошончо олтуруп, чогуу иштешем деп турам. Ал эми ал чогуу иштешүү биринчи кезекте ынтымакка байланышкан, бири бирибизге болгон ишенимге байланышкан. Ишеним кеткен жерде, ишеним өлгөн жерде ийгилик өлөт,

ийгилик кетет. Ишеним өлгөн жерден үмүт өчөт. Биз бири бирибизге ишенсек, биз демократияга ошол алган багытыбызга ишенсек, анда ошонун баарына жетишебиз. Ал үчүн мен сиздердин баарыңыздарга чың ден соолук каалайм, ишиңиздерге ийгилик каалайм. Үмүтүңүздөр ар дайым жапжарык болуп жанып турушун каалайм, жакшылык каалайм, бар болуңуздар.

*25-октябрь 2017-жыл*

***Нуржан Тентимишова:***

Чыныбай журналисттер менен болгон маегинде жогорку кызмат тууралуу мындай дегени бар:

«Мен бийликтин деле баш айландыруучу эч нерсесин көргөн жокмун. Мен эми кошоматка муктаж адам эмесмин. Өз жашоомду өзүм түзүп алгам. Эч ким жардам берген эмес. Ошол жашоомдон ыракат алам. Кошомат кылган он адам тегеректеп алгандан көрө, он китеп окуганым жакшы. Жашоо түшүнүктөрүм ушундай».

1992-жылы КГУнун филология жана журналистика факультетинде декандын орун басары болуп турганда да Чыныбай башында турган жаштардын демилгеси менен коюлган декан ага каршы ар кандай интрига уюштура баштаганда декандын орун басарлыгынан кетуу боюнча арызын өзү жазып туруп кетип калды эле. Ишеним өлгөн жерде ийгилик болбосуна Чыныбай бекем ишенчү, жөн эле убактысын короткондукаалочу эмес.

***Өмүрбек Текебаевдин «Санжыра» радиосуна берген маегинен:***

Чыныбай: «Мен саясатчыларды түшүнбөй калдым. Биз, бизнесмендер бир сүйлөшүп кол алышабыз, аткарабыз. Силер достошуп туруп эле, айтпай туруп кулакка чаап жиберет экенсиңер» – деп көп тамашалашат эле...

Эми көбүңөр билбейсиңер. Ким президенттикке мураскер болот деген маселе жаралып калып, бир тарабы – Чыныбай, бир тарабы – Сооронбай Жээнбеков деп, бийлик элитасынын ичинде топтор пайда болуп, күрөштө Чыныбай алдырып койду. Ошондо айткам: «Бир кемчилигиң бар, сен жалгыз экенсиң. Калгандардын сүрөгөн кландары, туугандары, кудалары бар эле. Алар бардык жерди ээлеген, бардыгы жалпылап сүрөшөт ар тарабынан. Чыныбайдын өзүнөн башка сүрөп, колдоп турган эч кимиси жок экен. Анан чечим жанагындай чыгып калды. Анын жыйынтыгын бардыгыбыз көрүп атабыз. Эгерде чечим Чыныбайдын пайдасына чыкканда тарых башкача өнүкмөк. Анткени ал бардык адамдардын башын бириктирип, жеке амбициясына алдырбаган, иштин гана кызыкчылыгын көздөгөн жайы бар эле.

Ал көпчүлүк коалицияны түзгөн негизги фракциянын лидери катары коалиция мүчөлөрүн эле эмес, оппозиция лидерлерин да бириктире билди. Чыныбай ар дайым шайыр-шайдоот сүйлөп, жүргөн жери күлкү менен тамашага толоор эле. Оор маселелерде бири-бирин жаман көргөн, бири-бири менен келишпей жүргөн адамдарды тез эле бир пикирге алып келчү. Биз Чыныбайдын кабинетинен чыкпай тез-тез чогулуп турат элек.

Кыргызстанга элдин башын бириктирип, мобилизациялоого дем бере билген, өзүнө душман күтпөгөн, баарын бириктире турган жолду таба билген адам керек эле да. Чыныбай так ушундай мамлекеттик ишмер болуп он жылда калыптанып калган.

***Нуржан Тентимишова:***

Өмүрбек Текебаев белгилегендей: «Чыныбай адам кадырын түшүнгөн, достукка бек инсан эле. Кийин

А.Атамбаев түрмөгө олтургузулганда да ал А.Атамбаевди саткан жок. Тескерисинче, анын жасаган иштерин улам белгилеп жүрүп олтурду. Бул анын кошоматчылыктан бийик тургандыгын, бийликке жойпуланбай, ар дайым өз позициясын бек кармагандыгын далилдеп турат».

Кечээ эле А.Атамбаевдин жанында сагаалап, этегинен өөп жүргөндөр аны сатып кеткенде, Чыныбай өз позициясын ачык айтып, карманган принциптеринен тайган жок. Бир күнү ар кандай бизге каршы жасалып жаткан иштерден чарчап, мен Чыныбайга: «Кээде унчукпай эле койсоң эмне болот», – десем, Чыныбай мага нааразы болуп: «Эгерде мен бүгүн өзүмүн принциптеримен тайсам, анда менин өзүмө болгон ишенимим жоголуп, өзүмдү-өзүм сыйлабай калам» – деп айтты эле.

Чыныбай оңой менен стресске да түшчү эмес. Кыйын кырдаалдарды философиялык түрдө кабыл алып, кечиримдүү болууга аракеттенчү. Убактысы боло калса же чарчаса уулу Эржан менен шахмат ойночу. Шахмат эң сүйүктүү оюндарынын бири эле. Жазында тоолорду, талааларды кыдырып, жаратылышка чыгып эс алчу. Спикерликтен кеткенден кийин поэзияга кайрылып келди десем болот.

**Аманбай Кайыпов**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусу боюнча ыйгарым укукту өкүлү (2013-2019-ж.)

## УЛУУ АДАМ ЭЛЕ...

Чыныбай Акуновичти мурун деле чоң бизнесмен, атактуу жердешим катары жакшы билчүмүн, урматтачумун. Анан 2011-жылдан кийин мен эл депутаттарынын Бишкек шаардык кеңешинин төрагасынын

кызматын аткарып калгандыгымдан улам тыгыз байланышта иш алып барууга туура келди. 2011-жылы мен КСДПнын шаардык кеңештеги фракциясынын, Чыкем КСДПнын Жогорку Кеңештеги фракциясынын лидери болуп турдук. Шаардык Кеңештин төрагасы Марат Аскерович Аманкулов болуп форум уюштуруп, дагы ар кандай иш-чараларды биргеликте өткөрүп, мурда чечилбей келаткан көп маселелерди чечүүгө жетиштик. Чыныбай Акунович фракциянын лидери катары да, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы катары да, республикалык жана эл аралык кадыр-баркы бар адам катары да өлкөбүзгө көп иштерди жасап кетти. Азыр эми анын баарын тизмектеп санап бүткөрүү да мүмкүн эмес. Кези келгенде ал иштер четинен айтыла берет деп ишенем.

Чыкем тубаса дипломат эле. Чоң интеллектуал эле. Ар кандай татаал өңдөнгөн маселелерди эң жөнөкөй эле сөздөр менен жеткирип койчу. «Адам үчүн эң кыйыны – күн сайын адам бойдон калуу!» – деп планетардык ойчул жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун айтканы бар эмеспи. Чыкем дал ошондой адилет эле. Эң адамгерчиликтүү жан эле. Бир сөз менен айтканда, Чыныбай Акунович улуу адам эле!

Эми, көп болбосо да Чыкем жасап кеткен, мен ага өзүм күбө болгон иштер тууралуу азын-оолак айта кетейин.

Ырас, анын өз айылы – Жан-Булакка өз чөнтөгүнөн жасаган иштери абдан көп. Андан тышкары да далай мектептерди курууга, капиталдык ремонттон өткөрүүгө, ФАПтарды, бала бакчаларды курууга, жолдорду салып, асфальттоого республикалык бюджеттен көп каражаттарды бөлдүрүп берди. Чынында ага дейре

Нарын облусу көп жылдар бою каралбай эле калган экен. Чыныбай Акунович балдарды абдан жакшы көрчү. Ошон үчүн илим-билимге, маданиятка абдан көңүл бурчу. Маселен, Нарын шаарына Жумамүдүн Шералиев атындагы музыкалык мектеп салды. «Нарынга бассейн салалы!» – деп үстү жабык бассейн салдырды. Жердин алыстыгынын көптөгөн оорулуулар борборго барып дарылануга шарты жок экенин эске алып, оорукаtаларды капиталдык ремонттон өткөртүп, неврология бөлүмүн да бүткөрдү. Жумгал, Ат-Башы үчүн да көп иштерди жасады. Ак-Талаадан депутат жок экендигин эске алып, ошол жактын көйгөйлөрүн да чечүүнүн зарылдыгын унутта калтырган жок. Ар кандай долбоор, курулуштар үчүн акча бөлдүрткөн соң, ишти өзү катуу контролго алар эле.

Убактысы өтө тар болгондуктан, кээде көчөдөн өтүп баратып токтой калып эле кабыл ала койчу. Эл турмушун өз көзү менен көрүп, маселени колдон келсе жеринде чечүүнү эп көрөр эле. Бирок, конок болууга убактысы жок болгондуктан, аны ээрчип жүргөндөр да конок боло албай жолго түшчү.

Чыныбай Акунович төрөпейил болсо да жарашмак. Бирок, ал абдан кичипейил, жөнөкөй адам эле. Элдин көйгөйүн уга билчү. Бирок, эч качан өтүнүч кылынган маселени унутуп калчу эмес. Чарбалык маселелерби, курулуш, жол, ирригация, медицина, маданият, спортпу, айтор, кайсы гана тармак болбосун көйгөйүн жакшы түшүнүчү да, аны чечүүнүн жолдорун издечү. Эгер чечилбей турган маселе болсо, анын эмне үчүн чечилбей тургандыгын элге түшүндүрүп, ал тууралуу эч кимге убада бербесе да, кийинки жылдары ал маселени сөзсүз чечүүгө жол издээр эле.

Чыныбай Акуновичтен сабак алып, мен да көп иштерди өз акчамды салып жатып бүткөрдүм. Кадр масе-

лесин да өзүң чеч дечү. Татыксыз кадрларды таңуулаганын көргөн жокмун.

Кээде саясатчылар кызматтан кетээр алдында да жөн кетпей кыргыздар айта жүрүшкөндүй: «Кырк иттин куйругун түйүштүрүп туруп кетет» окшойт. Маселен, Алмаз Шаршенович кызматтан кетээр алдында Чыныбай Акуновичке кеп салып: «Чыке, Президенттик жарышка даярдан! Сени колдойм!» – деп балп эттирип айтып салган экен. Чыкем, ал сөз күчүндө болот го деп ойлоп, даярдыкты баштаганы жүргөн убакта эле Алмаз Шаршенович мурунку оюнан жүз сексен градус бурулуп кетет. Чыныбай Акунович болсо кезинде мени Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын областы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп иштеп берүүгө өзү көндүргөн устат адамым эле. Ошондо мен Чыныбай Акуновичке: «Чыке, эгер шайлоого аттансаңыз мен Сизди колдойм. Бирок, ал үчүн мен Нарын облусунун башчылыгынан кетүүгө тийишмин. Ансыз бийлик Сизди колдошума каршы болот. Мен кетүүгө арыз жазайын» – дедим. Чыкем, ага макул болгон жок. Абалды өзү абдан жакшы түшүнүп турган. Болгону эле кыргыз чоңдорунун эки жүздүүлүгү менен келише алган жок. Өмүрдөн өткөндө да ошол тазалыгы менен кетти.

Чыныбай Акунович көп жылдар бою өнөкөткө айланып калган азыркы коррупциялашкан, жегич системаны талкалаш керек дечү. Жегичтиктен арылуу үчүн мамлекеттик кызматкерлердин маянасын да бир аз көтөрүү керек деп ойлойм. Мамлекеттик кызматкердин балдары да жакшы билим алгыдай, үйүндө тамакаш жетиштүү болуп, аялы мээсине чай кайнатпагыдай болуш керек. Андай шарт болсо да жемкорлугун калтырбаган жегич чоңдор катуу жазаланып, керек

болсо мүлкү конфискацияланып, экинчи мамлекеттик кызматка алынбаш керек. Айтор, таза коомго жол чабылып, ишти оңдоого көзү жеткен, билимдүү, чечкиндүү, мыкты кадрлар келмейинче, аткезчилик токтоп, таза бизнеске жол ачылмайынча, өлкөбүздө өсүш болбойт. Чыкем ушуларды чоң трибунадан дайыма айтып жүрдү, кайтыш болду. Эгер элдин келечегин ойлосок, ошол маселелерди бүгүн да дал кабыргасынан коюшубуз керек.

**Жумгал Давлетбеков**

## ЧЫНЫБАЙ ЖЕЗДЕМ ЭКОНОМИКАНЫН ӨСҮШҮНӨ ЧОҢ ТААСИРИН ТИЙГИЗМЕК

Бир үй-бүлөдө канча адам болсо, ар биринин кыялы бириникине окшобойт дегендей, менин да беш жездемдин арасында Чыныбай жездем кээ бир сапаттары менен башкаларынан өзгөчөлөнүп турчу эле.

Мен үйдүн кичүүсү болгондуктан жезделерим менден бир кыйла улуу. Ошондуктан аларга өтө чоң сыйурмат менен мамиле кылат элем. Алардын арасында бирок менин азыркы жашоомо түздөн түз таасирин тийгизген дал ушул Чыныбай жездем болгон. Мектепти аяктап келгенде жездемдин үйүндө жашап жүрдүм, жогорку окуу жайдын толук контрактын төлөп беришти, андан соң менин каалоом менен мамлекеттик да кызматка киргизишти. Бирок кийинчерээк жездемдердин «Акун» компаниясына иштеп калдым.

Жашоонун сабагын Чыныбай жездемден алдым десем жаңылышпайм. Себеби бизнесте ишеничтүү адамы болуп бирге көп жүрүп калдык. Өзүнүн кеңештерин берип, бизнестин тактикаларын да түшүндүрүп берчү эле.

Жездем өтө жөнөкөй, боорукер жана кичипейил адам эле. Адамдын көңүлүн такыр калтырчу эмес. Өтө чоң дипломат болгон. Ошол жүрүм-турумуна, башкаларга кылган мамилесине жараша биздин үй-бүлөдө, тууган-урук арасында да чоң сый-урматка ээ эле.

Менимче, биздин жоготуу жалгыз гана биздин үй-бүлөнүн жоготуусу эмес, жалпы коомчулуктун, мамлекеттин жоготуусу деп эсептейм. Себеби жездем дагы жашап турганда мамлекеттин туура жолго түшүшүнө, өнүгүшүнө жана бизнес аркылуу экономиканын өсүшүнө да чоң таасирин тийгизет эле.

Чыныбай Акуновичтей адамдар көп болгондо биздин коомчулукта бөлүнүп-жарылуулар болбой, бирдиктүү болуп бүт энергиялар мамлекеттин өнүгүшүнө жумшалмак деп ойлойм.

Убагында саясатта жездемдин баркын билбей, ишенбей, тескерисинче бир команда болумуш болуп жездемдин жөнөкөйлүгүн, ишенчээктигин пайдаланып, аркасынан тескери иш кылып жүргөн чиновниктер, жадагалса мамлекеттин биринчи адамдары болуп жүргөн саясатчылар чыканагын тиштеп бир канчасы түрмөдө отурат. Кудай аларга өзүнүн жазасын берет деп ойлойм.

Жездемдин адамдык сапаттары чоң бийликтин афераларына катышуусуна мүмкүн бербегендиктен, өйдөдө айтылгандай, көптөгөн душмандары да болгон. Дос болумуш болуп аркасынан бычак сайгандары да болгон. Жездем ошону түшүнгөндөн кийин чоң кайгыга батып да жүрсө керек деп ойлойм.

Текебаев Өмүрбек мырза бир эскерүүсүндө айткандай, саясатта жалгыз болгон экен, чоң саясий команда жана чоң кызматкер куда-сөөк күткөн эмес экен, ошол үчүн саясатта кыйын болду деди. Туура айтты,

кошумчаласам, ооба, мафияга аралашып мамлекетти жейм деп жулунбаган экен, ошондой жеке кызыкчылыктарды коюп чоң жерден куда да күткөн эмес экен, тескерисинче, кудалары карапайым жөнөкөй адамдар, тууган-жакындарын да чоң кызматтарга койгон эмес экен, бардыгы өз тиричилигин мамлекеттик кызматтан тышкары көрүп жүрүшөт, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү болуп туруп чоң тендерлерге компанияларын катыштырып мамлекетти жеген эмес экен.

**Турсунтай Салимов**
«Мадина» ЖЧКсынын Башкы директору,
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
V чакырылышынын депутаты

## АЙКӨЛ ИНСАН, КӨСӨМ ЖЕТЕКЧИ

Биз Аскар Акаевдин тушунда ишкер катары Японияда бирге жүрүп, бири-бирибизди тез эле түшүнүп, өз ара тил табышып, жакындашып кеттик. 2002-жылы Кыргызстандын бизнесмендери чогулуп, бизнести өнүктүрүү жана жалпы кызыкчылыктарга жол ачуу максатында «Кыргызстан ишкерлер бирлигин» түзүп, ал бирликтин президенти катары Жыргалбек Сурабалдиевди шайлаганбыз. Чыныбай Акуновичти мурдатан эле билсем да ошондо жакындан таанышып, андан кийин бири-бирибиз менен улам-улам жолугуп сүйлөшүп, бири-бирибизди улам терең түшүнүп, мүнөзүбүздө көп жакындыктар бар экенин билип, жүрө-жүрө достошуп кеттик. Биз бир жумада жок дегенде бир жолу жолугуп, сүйлөшүп, пикир алышып турар элек.

Кийин, 2005-жылы Ж.Сурабалдиевди атып кетишти. Ошентип, «Кыргызстан ишкерлер бирлиги» ка-

роосуз калды. Ошондо бизнести өнүктүрүү жана жалпы кызыкчылыктарга жол ачуу максаты кайрадан көтөрүлүп, жалпы бизнесмендердин колдоосу менен Чыныбай Акунович «Кыргызстан ишкерлер бирлигине» президент болуп шайланды. Мени анын орун басарлыгына шайлашты. Ошентип, ишкерлер бирлигинин арабасын чогуу тартып калдык. Чыкемин изденгичтиги, ар кандай маселеге жоопкерчилик менен карагандыгы жана бизнес структурасын заманбап жогорку деңгээлге көтөрсөк деген биздин аруу тилектерибиз бир жерден чыгып, ошол маалда «Кыргызстан ишкерлер бирлиги» эң бийик деңгээлге көтөрүлдү. Чыкем иштин майын чыгара иштеп, иштен канагат алганды да билээр эле. Өзү чоң интеллигент, сабырдуу, дипломат адам болсо да, өз оюна бекем турган, принциптен тайбаган, беттегенин бербеген инсан эле. Көздөгөн максат-тилектерине жетмейинче жаны жай алчу эмес. Талапты катуу коюп, көшөрө иштегени менен, ак көңүл, айкөл жайы бар эле. Адамдын назарын сындырчу эмес. Колу ачык, март адам эле. Жардам сурап кайрылгандардан эч качан жардамын аячу эмес. Көптөгөн чыгармачыл адамдардын китептерин чыгарып бергенин билем.

Ошентип, биз бизнес чөйрөсүндө чогуу аракеттенип, коомдук тоскоолдуктарды чогуу жеңип келдик. Чыныбай Акунович акылман, тырышчаак, эмгекчил, билимдүү инсан эле. Ал заман талабына ылайык бизнесин өркүндөтүп, өлкөбүздүн казынасына кам көрүп, такай арбын салык төгүп келди. Бизнесинин түрлөрү да улам көбөйтүп, фирмасында иштегендердин, орток-тошторунун саны да улам артып, өлкөбүздөгү эң ири ишкерлердин бири болуп чыга келди. Чындыкты айта жүргөн туура. Эгер жашырбай айтсам, Чыкем саясатка өткөндөн кийин «Кыргызстан ишкерлер бирлиги»

эмне иш кылып жаткандыгын да эч ким билбейт. Анткени, анын таасири, активдүүлүгү төмөндөп кетти. Көрсө, ишкерлер бирлигинин башында дагы мыкты азамат турса, бизнестин кайтарымдуулугу жогору болот турбайбы.

2010-жылы Чыкем КСДПнын катарына кабыл алынып, өзүнүн саясий жүрүштөрүн баштады. Ал мени да ошол саясий партиянын катарына тартып кетти. Ошентип, 2010-жылдын ноябрынан тартып биз КСДПнын тизмеси боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V чакырылышына депутат болуп шайланып келдик. Көп өтпөй эле Алмаз Шаршенович Премьер-министр болуп кетти да, Чыныбай Акунович КСДП фракциясынын лидери болуп шайланды. Ал кездерде башка фракциялардын лидерлери тез-тез эле алмашып турду. Саясаттын күрөө тамырын кармай билип, башка саясий күчтөр менен тил табыша билгендиктен жана тиешелүү учурларда өз позициясын так айтып, адилеттиктин жолунан кайтпаган үчүн Чыкем беш жыл бою фракциянын лидери болуп турду.

VI чакырылышка мен барбадым. Антсе да Чыкем парламенттик көпчүлүк коалициясын жакшы жетектеп, Асылбек Шариповичтен кийин өзүнө ишенип тапшырылган төрагалык жооптуу милдетти дагы эң мыкты жөндөй алды. Чыныбай Акунович интриганы жактырбайт эле. Саясатчылардын бирин ала, бирин кула көрбөстөн, баарына бирдей мамиле жасап, ынтымакка уютуп, эл өкүлдөрүн чачпай кармайт эле.

Ч.Турсунбеков деги эле качан, кандай кызматта иштебесин, ага биротоло дилин берип, жигердүүлүк менен иштээр эле. Чыкем ар дайым адилеттүүлүк тарабында туруп, элдин кызыкчылыгын биринчи планга коюп иштейт эле. Ошон үчүн элдин ага болгон ишеними жогору болчу.

Ишкерлик иш боюнча тажрыйба алмашып, ар кандай көйгөйлүү маселелер чыкканда акылдашып турар элек. Биз чын көңүлдөн, бири-бирибизден эч кандай кызыкчылык күтпөй дос болуп жүрдүк. Депутат убагымда мени ар кандай жолдор менен жаманатты кылгысы келген, сындыргысы келген күчтөр да болду. Саясатта ошондой карөзгөй адамдар көп кездешкендиги үчүн «саясат сасык» деп айтылат экен да. Ошентип, менин тагдырыма таш ыргытылып, жолумду кара туман каптаган күндөрдө Чыныбай Акунович ар дайым жанымда болот эле. Ага да негизсиз көө жабуулар болуп, бизнесин кысымга алып жатышкан убактарда мен дагы анын жанында болдум. Бизге кысым жасап, жок кылгысы келгендерди акыры мезгил өзү жазалап, ордуна койду.

Чыкемдин оюнда абдан көп бизнес-пландар жүрөр эле. Адам катары алганда өзү абдан жөнөкөй, баарына тегиз, айкөл адам болчу. Кызматтык даражасы боюнча өлкөдө экинчи адам болсо дагы текеберлик кылчу эмес, бой көтөрбөйт эле. Эгер туура баа бере турган болсок, Чыныбай Турсунбеков саясатчы катары абдан такшалып, өлкөнүн жүгүн алга тартып кете ала турган даражага жетип калган болчу. Ошону кадиксиз байкаган Алмаз Атамбаев аны бир күндө 4-5 жолу өзүнө чакырып, мамлекеттик ар кандай маселелерди кеңешип чечкен учурлар көп эле болгон. Ч.Турсунбеков Кыргызстан социал-демократтар партиясын беш жыл башкаргандыгы да ага далил. Ал турсун А.Атамбаев: «Сен Президенттик кызматка даярдан! Буйруса, шайлоо жарышында сен утасың!» – деп айткан учуру да болгон. Эгер Ч.Турсунбеков Президент болгондо азыр Кыргызстандын абалы таптакыр башкача болмок. Чыкеми жакындан жакшы билген адам катары мен аны ишенимдүү айта алам.

Бирок, кийин саясатта Икрам чоң роль ойноп кетип, Атамбаев мурдагы оюнан кайтты да, Сооронбай Жээнбековдун талапкерлигине токтолду. Өзүнүн сөзүн кармай албай, ошентип эки сүйлөп коюу биздин өлкө башчыларыбыздын иш тажрыйбасында арбын болуп келаткандыгы чынында да өкүнөрлүк иш.

Биздин мамлекетибиз парламенттик республика деп саналганы менен, иш жүзүндө маселенин баарын Президент чечип келди. Өзүнүн жеке аброюн көтөрүү үчүн А.Атамбаев депутаттардын кадырын кетирүүнү максат кылды. Депутаттык кол тийбестик сөз жүзүндө гана калды да, Алмаз Шаршенович эл өкүлдөрүн уруукески, жегич-коррупционер катары көрсөтүп, Конституция маселеси боюнча тиреше кеткен Өмүрбек Текебаевди, дагы башкаларды да буйрутма менен түрмөгө олтургузду.

Чыныбай Акунович, эл өкүлдөрүнүн тилин таап, алар менен компетенттүү иш алып бара билчү. Маселен, ал эл өкүлдөрүнүн арасында салмагы бар, өз позициясын коргой билген саясатчылар – Ө.Текебаев, Ф.Кулов, К.Исаевдер менен жекече иш алып барып, баарын ынтымакка чакыра билчү.

Чыкем бизнесин дагы улам өркүндөтүп, ун менен катар эле макарон, суу, жана башкаларды чыгарып, улам жыл өткөн сайын көп адамдарды жумуш менен камсыз кылып, ата мекендик өндүрүштүн өнүгүшүнө көп салым кошту. Бизнесин тартып алмакчы болгондорго каршы тура алган учурлары да болду. Чыныбай саясатка таза бойдон келген эле. Ошон үчүн ал аттуубаштуу эле саясатчылардын ыплас жоруктарын көргөндө ишенип-ишенбей да кетет эле. Өзү интеллектуал адам эмеспи. Кээде: «Китеп башка экен, турмуш башка экен...» – деп кейип да калар эле.

Достукка бек эле. Адамдын рухун көтөрүп, көңүлүн таап турчу. Биз үй-бүлөлүк дос элек. Он сегиз жыл бою биздин достугубуз үзүлгөн жок, кайра чыңалды. Жарларыбыз, балдарыбыз да бири-бирин жакшы билишет. Чыкем жана анын үй-бүлөсү менен бирге биз чет өлкөлөрдө, маселен, Сингапурда, Кытайда, Мальдивада сапарлаш болдук. «Досуңду сапарда сына!»– деп калышат го. Сапарда жүрсө да Чыкем адамга камкор, колу ачык эле.

**Абдыманап Кутушев**
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
V чакырылышынын депутаты,
КР ЖКнын Аппарат жетекчиси

## ЧЕТ ЭЛДИК САЯСАТЧЫЛАР МЕНЕН ТЕЗ ТИЛ ТАБЫШЧУ СПИКЕР

Былтыр ушул маалда, 2020-жылдын жазында бир жыл өтпөй минтип Чыныбай Акунович тууралуу өткөн чакта эскерүү жазып калам деш түшкө да кирбес, ойдо жок иш болчу. Ошол жазда биз айына бир нече жолу жолугушууларды улантып жатканбыз. Албетте, пандемияга байланыштуу этияттануу эрежелерин сактоо менен. Көбүнчө Манас университетинин Жал микрорайону тараптагы территориясында басканча ой бөлүшүп, маектешчүбүз.

Негизи, Чыныбай Акунович жөө басканды жакшы көрчү. Ыкчам да басчу. Төрага кезинде кээде Жогорку Кеңештин имаратынын биринчи кабатынан жетинчи кабатка жөө көтөрүлүп калчу. Тепкичтерди тез-тез басып жөнөгөндө жанындагы жашыраак биз артынан араң жетишет элек.

Ал кишинин ден соолугу мыкты деп ойлочумун. Эми ошондой ойдо жүргөн адам июлдун алгачкы кечтеринин биринде «Турсунбеков каза болду» деген кабарды окугандагы абалды элестетип көрүңүз. Шок, ишенбөө, такыр кабыл албоо сезимдери заматта үстөмдүк кылып, ордуман кантип секирип турганымды билбей калганым али күнгө эсимде. Кантип эле деп, мындай болбош керек эле деп улам ары-бери басып, ар кимге чалып тактап бир топко чейин өз калыбыма келе албай тургам ошондо. Ооруканада жатканын билчүбүз, бирок анын астында эле акыбалы жакшы, жакында үйүнө чыгат деп жатышкан...

Чыныбай Акуновичтун эмгекчилдиги зор эле. Бизнесте, саясатта, мыйзам чыгарууда, эл аралык иштерде, адабият чөйрөсүндө абдан көп иштерди жасаганга үлгүрдү. Тек гана убакыт коротконду жактырчу эмес. Адамдар менен жеңил баарлашып, каткырып күлүп, оң маанайда сүйлөшкөндү жакшы көрчү. Биздин мекендештер менен гана эмес, чет элдик ишмерлер менен да тез тил табышчу. Өзгөчө Россия, Түркия, Кытай бийликтеринин өкүлдөрү менен абдан сый мамиледе болду. Ошол мамилелерди улам бекемдегенге аракет кылып жүрчү. Мисал катары бир учурду айтып кетейин. 2016-жылдын 15-июлунан 16сына караган түнү «Манас» аэропортунда кезектеги чет элдик визитке жөнөп калды. Бул жолу Түрк парламентинин спикеринин чакыруусу боюнча бармак. Протокол боюнча Төраганы узатууга Жогорку Кеңештин Аппаратынын жетекчиси катары мен да бардым. Рейсти күтүп отурганыбызда телевизордон Анкара менен Стамбул шаарларында жүрүп жаткан кагылышууларды көрсөтө башташты. Телерепортаждарда олуттуу окуяларды, чоң-чоң кыйроолорду жана курмандыктарды сүрөттөп жатышты.

Стамбулдун аэропорту жабылды дешти. Биз күткөн рейс учпай турган болду. Түрк мамлекетинде абдан опурталдуу окуялар болуп жатканын көрүп, мен Төраганын коопсуздугу үчүн визитти абал турукташканча токтото турууну сунуш кылдым. Чыныбай Акунович ойлонуп туруп, өнөктөштөрдү ушундайда колдош керек деп, кийинки күнү уча турган самолет менен кете бермек болду. Эртеси жөнөп кетти. Ошентип, мен билгени, ошондой чоң тополоң бүтүп-бүтө электе эле Түрк борборуна барган чет элдик жетекчилердин биринчиси Чыныбай Акунович болуп калды. Алардын парламентинин спикери Исмаил Кахраман абдан сүйүнүп, ыраазы болуп тосуп алганын, жакшы сүйлөшүүлөр болгонун, кайра кайтаарда машинага өзү коштоп келип отургузуп, бир топко чейин арттан узатып карап турганын Чыныбай Акунович кийин мага айтып берди эле. Артымдан атам (Кахраман жашы бир топ улуу киши) узатып карап тургандай сезим болду деген.

Ушуга окшогон жылуу мамилени Чыныбай Акунович Россия Федерация Кеңешинин Төрайымы Валентина Ивановна Матвиенко менен, «Справедливая Россия» партиясынын лидери Сергей Михайлович Миронов менен, ОБСЕ Парламенттик Ассамблеясынын Төрайымы Кристин Муттонен жана башка көп чет элдик жетекчилер менен түзө алды. Жеке байланыштардын ролу чоң экени 2016-жылы августта Москвада өрттө каза болгон кыздардын сөөгүн Кыргызстанга алып келүү маселесинде да билинди. Биздин өкмөт атайын самолёт жөнөтмөк болуп, бирок ага Москвага конгонго жана бардык маркумдардын сөөгүн чогуу, тоскоолдуксуз алып кетүүгө уруксат алыш үчүн орус өкмөтү менен байланыша албай коёт. Ошондо Чыныбай Акунович дем алыш күн экенине карабай В.И.Матвиенкого чалып,

маселени тез чечип берген. Эки стратегиялык өнөктөш деп эсептелген өлкөлөрдүн өкмөт жетекчилеринин түз байланышы жок экени бизди таң калтырганы эсимде.

Фракция лидери, кийин парламент жетекчиси катары иштеп жүргөндө Чыныбай Акунович СДПК партиясынын лидеринин милдетин аткарчу. Партиянын чет элдик партнерлору менен кат алышуу СДПК фракциясынын секретариат жетекчиси катары мен жана менин жардамчым Айдин Бакытбек аркылуу жүрө баштаган болчу.

«Единая Россия», «Справедливая Россия» партиялары, Кытай Коммунисттик партиясы менен жакшы алака колго алынган. Чыныбай Акунович бир нече жолу бир топ партиялаштарды чакырган тараптын эсебинен Кытайга 10 күндүк стажировкага жөнөттү. Ал кишинин тапшырмасы боюнча Москвага «Справедливая Россия» партиясынын съездине барып, ал жерден 2016-жылдын 23-апрелинде Социалисттик Интернационалдын Генералдык Секретары Луис Айала менен жолугуп, СДПКнын Социнтернге мүчө болуп кирүүсү боюнча алгачкы сүйлөшүүлөрдү баштаганбыз. Таанышканда Луис Айаланын жанында визиткасы жок экен, ал киши жарыктык бир баракка эринбей болгон дарегинин баарын – иш адресин, электрондук почтасын, телефондорун бүт жазып берген эле. Ошол кагаз дале менде сакталып турат.

Партиянын жетекчилигинин эл аралык иштеринин жыйынтыктарынын бири катары СДПКнын 2016-жылы жайында Ысык-Көлдө өткөн кезектеги 15-съездине төрт өлкөдөн делегация келгенин айтсак болот. «Справедливая Россия» партиясынан, Кытай Коммунистик партиясынан, Казакстандын «Нур Отан» партиясынан жана Корея Демократиялык партиясынан өкүлдөр келип катышып, сөз сүйлөп, биздин партиялаштарга сый-урмат көрсөтүп кетишкен. Көрсө, ошол

убак партиянын иши жүрүшүп, эл аралык мартабасы да зоболоп турган кези экен.

Ал ийгиликтерге Чыныбай Акуновичтин салымы чоң.

Партия лидеринин милдетин аткаруучу катары 2013-жылы жай мезгилинде Кыргызстандын бардык райондорун бүт кыдырып, партконференцияларды өткөрүп, райондук координаторлорду шайлап жүрдү. Биз, айрым фракция депутаттары кошо жүрдүк. Ошондон тартып 2017-жылкы президенттик шайлоого чейин иш региондордо кызуу жүрүп, партия бардык шайлоолорго активдүү катышып, бир топ ийгиликтерге жетишип жатты. Эгерде 2017-жылы Чыныбай Акунович президент болуп калганда өлкө парламенттик демократиянын, прогресстин жолу менен кетмек. Бийлик орундарына билимдүүлөр тартылмак, мурунку жакшы иштер уланып, жаңы көп долбоорлорго жол ачылмак…

Бирок, тилекке каршы, орустар айтмакчы, история не терпит сослагательного наклонения.

Чыныбай Турсунбеков Жогорку Кеңештин Төрагасы катары да жигердүү иштеди. Аппараттын ар бир бөлүмүнүн кызматкерлери менен жолугуп, сунуш-пикирлерди угуп, жумушту кантип жакшыртуу боюнча идеяларды чогуу талкуулачу. Бюджеттин тартыштыгын эске алып, башка булактардан да караштырып, парламенттин материалдык жактан камсыздалышын жакшыртууну көздөөчү. Ал кишинин тапшырмасы менен бир топ эл аралык партнерлор менен жолугушуу өткөрдүк. Натыйжада парламент бюджеттен тышкары кошумча компьютерлер, кондиционерлер менен камсыз болду, депутаттар отурчу орундуктар жаңыланды.

Албетте, биздин эл аралык иштерде активдүү бол-

гонубуз кээ бир адамдарга жаккан жок. Өзгөчө, Президенттин аппаратындагы сырткы байланыштар боюнча бөлүмдүн кызганычы билинип эле турчу. Негизи, ал убакта Кыргызстан парламенттик республика деп эсептелип турганда биз Жогорку Кеңештин ролу жогору болуш керек деп эсептечүбүз. Дүйнөлүк практика да ошондой экенин көрүп-билип турат элек. Парламенттер аралык Союздун (МПС – Межпарламентский союз) чакыруусу менен парламенттердин аппарат жетекчилеринин ассоциациясына (ASGP – Association of Secretaries General of Parliaments) мүчө болуп киргенбиз. Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ПАСЕ) Генералдык Секретары Войцех Савицкийдин чакыруусу менен «Демократия боюнча партнер» статусунун алкагында да байланыштар күчөй баштаган. ПАСЕ менен да, ага чейин өзгөчө жылуу мамиле түзүлүп калган Корея парламентинин Генералдык Секретары У Юн Гын менен да кызматташуу боюнча чоң пландарыбыз бар болчу. У Юн Гын мырза менен алгач Корей тараптын чакыруусу менен Сеулга 2016-жылдын август айында барганда жолукканбыз. Айта кетчү нерсе, парламент делегациясынын ошол визитин Кыргызстандын Түштүк Кореядагы мурунку элчиси, кыргыз-корей достугунун эң чоң жактоочусу, менин досум Дүйшөн Чотонов мырза уюштурган болчу. У Юн Гын Корей парламенти Монголия парламентине 3 миллион долларлык техникалык жардам беришкенин, кечээ эле жасалган иштерди өзү барып көрүп келгенин, биз менен да кызматташса болоорун айтып берген. Корей парламентинин спикери менен да таанышканбыз. Негизи, Түштүк Корея өнүккөн мамлекет статусун тастыктоо катары жыл сайын дүйнө жүзү боюнча 170 өлкөгө 3 миллиард долларга чейин көмөк көрсөтөөрүн

билдик. Чыныбай Акуновичтин демилгеси менен биз У Юн Гын мырзаны Кыргызстанга чакырдык. Ал киши чакырууну дароо эле кабыл алып, 2017-жылдын планына киргизем деп калды. Кийин ASGPнин алкагында 2016-жылдын ноябрында Женевада жолукканда да чакыруубузду тастыктадык.

Ошентип, Корей парламентинин Башкы Катчысы У Юн Гын 2017-жылдын 6-апрелинде Бишкекке учуп келмек болду. Корей тарап Жогорку Кеңештин заманбап иштешине чоң өбөлгө болооруна, кызматташуу чоң масштабда болооруна Төрага экөөбүздө толук ишеним бар болчу. Бирок, ага жетпей бизде интригалар күчөп кетти. Мени чет жакка чыгышым боюнча сындай баштады. Командировка жеке байланыштар аркылуу, чакырган тараптын эсебинен, парламенттин кызыкчылыгында болуп жатканын уккулары да келишпеди. Эрежесиз оюндар болуп жатканын, менин атым айтылып жатканы менен, негизги себеби Чыныбай Акунович экенин сезип, ал кишини коргоо ниети менен мен март айынын башында отставкага кеттим.

Чыныбай Акунович менен байланыш улана берди. Көп жолугушуп, кеңешип, маалымат алмашып турганыбыздын баарын айтып отуруштун кажети жоктур. 2020-жылдын башында да үзбөй байланышта болдук. Алдыдагы парламенттик шайлоолор жөнүндө ой бөлүшүп жүргөнбүз. Ал кишинин келечекке көз карашы, мамлекеттин тагдыры, элдин жашоосу тууралуу ой-толгоосу өзүнчө бир концепция эле. Ал демилгечи болгон Кепилдик фонду, Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, алтындын рынокто эркин айлануусу боюнча жана башка көптөгөн мыйзамдар өлкөнүн өнүгүүсүнө чоң өбөлгө түзөөрү шексиз. Азыр көп сөз болуп жаткан санариптештирүү (цифровизация) маселеси да эң алгачкы

жолу Ч. Турсунбеков лидерлик кылган СДПК фракциясынын жыйынында 5-чакырылышта эле каралып, байланыш агенттигинин жетекчиси А.А.Кадыркулов, эксперттер доклад кылышкан, сунуштар берилген.

Чыныбай Акунович менен соңку маектешүүлөрдөн үзүндүлөр анын жан дүйнөсүн ээлеген ойлорду аз да болсо чагылдыраар:

– Кудай бар, баарын көрүп турат. Эртедир-кечтир түздөп коёт...

– Адамдардын жүрөгүнүн үшүн алып башкарбай, элдин жүрөгүнөн түнөк таап башкарган бийлик туура бийлик...

– Байкап жатасыңбы, биз полициялык мамлекет болуп баратабыз?..

– Көп нерсе туура эмес болуп жатат. Бирок, бул күндөр да өтөт. Кандай кырдаал болгон күндө да, адам бойдон калыш керек...

– Мени тушап атышат. Негизсиз иштерди кылып атышат...

– Контрабанданы тыймайын, экономикада теңдик болбойт, адилеттүү конкуренция болбойт. Экономикага, бюджетке эң чоң зыян ошондон. Материалдык да, системалык да зыян...

– Башка партияларга секирбей, соцдем менен эле кетсек, эл алдында жүзүбүз жарык болот эле...

– Биз чындап киришсек, көп добуш алып, эң чоң фракция болобуз, буюрса.

– Элдин маанайын көрүп турабыз го...

– Керек болсо туу болуп туруп берем. Азыр ошол керек болуп атпайбы...

– Мамлекетти оңдоп коюш, чоң-чоң инвестиция алып келиш оңой эле. Кубаттуу өлкөлөр менен тең ата кызматташсак болот. Болгону бизде ачык, адилеттүү система болушу керек...

– Сессиянын соңку күнүндө, 30-июнда, борбордук трибунага чыгып, катуу сүйлөйүн деп жатам. Ыр да окуйм. Ыр элдин драмасы жана трагедиясы жөнүндө. Айылда калган кыргыз менен алыста жүргөн мигранттын диалогу болот. Текстин жазып койдум. Угуп көрсөң...

### Мигрант менен ишкердин диалогу

– Айтыңызчы байкеси, жашоо кандай?
Сагындык биз жер жок эч Кыргызстандай!
– Жашоо жакшы, бардыгы баягындай,
Акаевдин, Бакиевдин заманындай.
– Анда жашоо эч кандай жакшы эмес го?
Ошолордон бул жакка качты элек го!
– Алар дагы качышкан артыңардан,
Ал бийликти башкалар тартып алган.
– Тартып алып эмнени кыйратышты?
– Жакындарын аябай жыргатышты!
– Деги соттор пара албай калыштыбы?
– Азыркыдай анда көп алышчубу?
– Милициялар али да сабашабы?
– Көргөзбөсө күчтөрүн жарашабы!
– Ак жеринен адамды камашабы?
– Эмне сындаш бийликти тамашабы?
– Бөлүшпөсөң бандиттер жан алабы?
– Буйрук берсе жогортон абалары!
– Инвесторлор көп келип жатса керек?
– Инвесторго башка жак жакса керек.
– Ишкерлер кыйла эле тапса керек?
– Ишкер үчүн кредитке акча керек.
– Айтыңызчы, айтканга башка барбы?
– Айлап-жылдап күтөбүз акчаңарды!

– Дайым күткөн балдарым ойдо менин.
– Өкмөттөгү күтүшөт чоңго чейин!
– Курусунчу өкмөттөгү ошол чоңдор!
– Туура айтасың таптакыр калды болбой!
– Жок дегенде силерди жөн коёбу?
– Кыймылдатыш ишиңди жөн болобу?
...Бизди койдук, силерчи, силер кандай?
– Чын-чынына келгенде биз ар кандай.
– Бир батирге тыгылбай калдыңарбы?
– Бишкек, биздин акчабызды алдыңарбы?
– Деги жакшы тойгузгула кардыңарды.
– Эмне бизге бир нерсе салдыңарбы?!
– Алыс жерде аман-эсен болгулачы!
– Силер такыр чуру-чууну койгулачы.
– Бизде болсо бардыгы баягыдай...
– Бизди болсо адам жок аягыдай...

Дагы бир топ келечектүү иштерди жасады, дагы көп жасамак. Бирок, жазмыштын мерчемдери башка экен...

**Таалай Орозалиев**
айдоочу жана коштоп жүрүүчү

## «ЛИДЕР ӨЗ ӨЛКӨСҮН КҮЧ МЕНЕН ЭМЕС, ҮЛГҮ МЕНЕН АЛДЫГА АЛЫП БАРАТ»

**Мао Цзэдун**

Чыныгы лидер болуш үчүн адамга өтө көп мыкты сапаттар жана мол тажрыйба керек болот эмеспи. Чыныбай Акунович ар кандай кырдаалда абалды колго алып, кырдаалдан чыгуу жолун таап өзүнүн лидерлик сапатын көргөзө алчу, себеби Чыныбай Акуновичте

тажрыйба да, адамдык мыкты сапаттар да бар болчу.

2013-жылдын май айынан баштап Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районунун тургундары «Кумтөр» алтын кенин улутташтыруу талабы менен митингдерди уюштура башташкан. Саруу айылынын жети тургунун милиция кызматкерлери кармап кеткендиги үчүн айылдын жашоочулары Балыкчы-Каракол жолун бууп салышкан. Покровка айылына чогулушкан Саруу, Даркан жана Барскоон айылынын тургундары бийликке наразылык билдиришип, алардын тараптарын угууга барышкан айрым саясатчыларды, Жогорку Кеңештин депутаттарын жана фракция лидерлерин жолугушууга киргизбей коюшкан.

Биз ошол убакта Чыныбай Акунович менен Балыкчы шаарынан Каракол шаарына чейин шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүп жүргөн элек. Каракол шаарына барып, эртеси Жети-Өгүз району тарапка жол тартмакпыз. Эртең менен жергиликтүү бийликтин жана СДПК партиясынын өкүлдөрү Жети-Өгүз районунда болуп жаткан кырдаал туурасында маалымат беришип, Чыныбай Акуновичтин ал жерге барбай эле коюусун суранышты. Чыныбай Акунович ачууланып: «Мен эч кимден коркпойм. Элден качпайм. Элдин үнүн угуп, көйгөйү менен таанышып, чечилишине жардам бериш керек» – деп жолго чыгып кеттик.

Биз жолугууга барганда митингчилер айрым милиция кызматкерлерин сабап, машиналарды өрттөп ийишти деген маалыматты уктук. Чыныбай Акуновичти ээрчип, клубга эл менен сүйлөшүүгө жөнөдүк. Алдыбыздан утурлап тосуп чыккандардын арасында мурда «Акун» компаниясында иштеп кеткен Абдылас деген жигит чыкты. Буга чейин сүйлөшүүгө келгендерди клубга киргизбей: «Артка кайткыла! Эч ким си-

лер менен сүйлөшпөйт!» – деп эч кимдин сөзүн уккусу келбей жаткан агрессивдүү жигиттерге коркпостон Чыныбай Акунович менен Абдылас баштаган жигиттер барып, ошол чогулган элдин талабын чечкени келгендигин түшүндүрүп, клубга кирдик. Клубдун ичинде да маселенин чечилишин каалабаган, атайылап эле чатак чыгарып жиберүүгө элди көкүткөн провокаторлор бар экен. Аларды көпчүлүк клубдан өздөрү айдап чыгышты. Эч бир сөздү укпай уу-дуу болуп аткан элге Чыныбай Акунович өктөм үнү менен сөз сүйлөп: «Алгач кеп уккула! Кыйкырык, ызы-чуу менен эч маселе чечилбейт! Андан көрө талаптарыңарды айткыла! Биз ошол талаптарыңарды чечип берели!» – деп чыныгы лидерлик сапатын көрсөтүп, нугунан чыгып кеткен массаны сүйлөшүүгө аргасыз кылды. Чыныбай Акуновичтин ошентип бек-бек сүйлөгөнүн, эмоциясы чыңалганда моюнуна чейин кызарып кеткендигин биринчи көрдүм.

Нааразылык билдирген эл ошондо чыныгы талаптарын айта башташты. Калк арасында элди бүшүркөткөн, сарсанаа кылган суроолорго Чыныбай Акунович жооп берип, диалог жүрүп жатты. Ошентип, Чыныбай Акунович чечкиндүүлүгү менен өзүнүн чыныгы лидер экенин далилдеп, эл менен бийликтин ортосуна көпүрө болуп байланыш түзүп берген.

Чыныбай Акуновичтин ар кандай учурда жаралган маселени чечиш үчүн кырдаалды өз колуна алып жөнгө салып кетчү сапаты бар эле. Бир жолу «Кайнар» кафесинде Бегимайды турмушка узатуу тоюнда чакырылган тамада тарткынчыктап, тойду өз деңгээлинде алып бара албай жүдөп жатканы байкалды. Ошондо Чыныбай Акунович өзү туруп барып, тамада жигиттен микрофонду алды да, тойду абдан кызыктуу деңгээлде

алып барып салды. Тойго катышкандардын баары ырдап-куунап, бийлеп, өз ара жан дүйнөсү жакындашып, тамадага кептер айтылып, айтор, абдан эсте каларлык той болгон.

Чыныбай Акунович Кыргызстан ишкерлер бирлигин жетектеп турган маалда Түркиянын Экономика министри менен Түркиянын соода палатасынан таасирдүү кишилер келди. Чыныбай Акунович мүчө болгон Кыргыз-Түрк бизнесмендер коомунун баардык мүчөлөрү чогулду. Бул маанилүү иш-чараны котормо менен камсыз кылуу үчүн Тышкы иштер министрлигинен эки котормочу келген. Котормочулардын абдан аракеттенип жатканына карабастан, котормочулук чеберчиликтери өз деңгээлинде болбой жатты. Чыныбай Акунович мындай көрүнүшкө чыдабай кетип, өзү котормочунун ролун аткара баштады. Анткени Чыныбай Акунович Түркияда бир нече убак жашап, иштеп, түрк коомчулугу менен эркин сүйлөшө алчу. Анын үстүнө ал кесипкөй котормочу катары белгилүү түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көк жалдардын өлүмү» романын кыргыз тилине мыкты которуп, «Түрк дүйнөсүнүн адабияты» аттуу эки томдук көркөм адабий эмгекти да жакшы которуп, белгилүү котормочу болуп калган эле. Аталган иш-чаранын соңунда Түркиядан келген расмий, мартабалуу коноктор да, Кыргызстандагы түрк бизнесмендери да Чыныбай Акуновичке абдан ыраазы болушуп, бизнесмендердин ортосунда жакындык жана ишеним пайда болгон. Бизнес алакалары үчүн бул абдан маанилүү кадам эле.

**Жаркын Ибраева**
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн орун басары

## ЧЫНЫБАЙ АКУНОВИЧТИ ЭСКЕРҮҮ

Чыныбай Акуновичти эскерүү өтө өкүнүчтүү, бир чети сыймыктуу. Биздин Жан-Булак айылынын ар заманында бычакка сап уулдары төрөлүп, айылынын даңгыр жолун басып, ааламга атганып атышты, айрымдары мезгилине жетпей түбөлүктүү жашоого жылдыз болуп жаркырап калат тура. Чыныбай Акунович мен эс тарткаты апабыздын сыймыктанып айтчу адамы эле. Айылда кечкисин чогулуп биз, кыздар, апабыздын жанына олтуруп тамак жасайбыз. Анда бош отурбай мектепти, окууну алдыга максат коюп сырдуу дүйнөнү сүйлөшөбүз. Мектепте өмүр бою мугалим болуп иштеген апам ар дайым ачык сабакты, өзгөчө бир мектептердеги иштерди, Чыныбай Акунович окуган класс, Чыныбай Акунович баштаган окуучулары өзгөчө кылып өткөрөөрүн айтып берчү. Мен да шыктанып алгачкы макалымды жазып, ал кездеги «Кыргызстан пионери» гезитине чыккан. Чыныбай Акунович айылга келген сайын үйгө келип эжейине учурашып турчу. Мугалимди сыйласа, Чыныбай Акуновичтей сыйлашсын.

Мен мектепте окуп жүргөндө «Жүрөктөгү жаңырык» китеби чыгып, атайын келип белекке берип кеткен. Апабыз, мугалим эжеси ырларын жатка айтып мектепке көрсөтмө курал катары пайдаланчу. Мен 1992-жылы айлыбыздын Абылкасым Жутакеев мектебин күмүш медаль менен аяктап, Чыныбай Акунович сыяктуу кыргыз тили, адабияты сабагынан мугалим

болгум келди. Ал кезде тааныш издеп эле ата-энебиз Бишкекке жөнөчү, калп айтпасам, биздин айылдык бүтүрүүчүлөрдүн көбү Чыныбай Акуновичке барышчу.

Чыныбай Акуновичке барган мугалим эжесинин сөзүн эки кылбай «медалист экен, макала жазат экен»,- деп менин КМУнун журналистика факультетине тапшыруума жол көрсөткөн. Ошентип төртүнчү бийлик атыккан журналистика деген сыйкырлуу дүйнөгө агайым аркылуу келдим. 2-курсумдан баштап Бишкектеги жеке радиолордо иштеп баштадым.

Агайым Турцияга кетти, аты алыска кете баштады. 2001-жылы Нарынга келип алгачкы көз карандысыз «Алмаз-Нарын» радиосун ачтым. Нарын облусуна сөз эркиндигин алып келдик. 2011-жылга чейин Нарында журналистика чөйрөсүндө иштедим, радиодон сырткары Азаттыктын кабарчысы, Нарын.kg сайттарын иштеттик. Өлкөбүздөгү көп саясий окуяларга катыштык. Ал убакта агайым Кыргызстандагы эң чоң өндүрүштү иштетип, Орто Азияга, чет мамлекетке таанылып, миңдеген адамдарды жумуш менен камсыз кылып келди. Ар бир кыргыздын үйүндө той болсун дейт, ошо той болуп бапыраган дасторкондо «Акундун» унунан жасалган нан жайнап турду.

30 жылдык эгемендүү Кыргызстан башынан көп нерселерди өткөрүп жаңы лидерлерди тарбиялады. Алар өздөрү тарбияланган жок, жерден өткөн жарака акындык жүрөгүнөн да өтүп турду. Ар бир саясий күч убагында өзүнө тартып турду. Чоң саясатка Чыныбай Акунович 2010-жылда бейкүнөө балдардын каны төгүлгөндө, өзгөрүү керектигин көрүп келди. 18 жыл оппозицияда жүргөн таасирлүү партиянын лидери болуп чоң саясатта биз билбеген оор иштерди аркалай баштады. Нарындын бир кичинекей айылы кубануу менен баласына көз салып турду.

2011-жылы келген Жогорку Кеңештин 5-чакырылышынын депутаттары өтө күчтүү эле. Теңинен көбү лидерлер. Ошолор менен тил табышып, өткөөл куракта өлкөбүздө туруктуу абал сакталып калышына салымын кошту. 2012-жылдан 2016-жылга чейин Жогорку Кеңештин СДПК фракциясына консультант-эксперт кызматтарын аркалап ичинен көп нерсени көрүп, Чыныбай Акуновичти саясатчы катары жанынан көрдүм.

Кыргызстандын ар бир районун кыдырып, ар бир жөнөкөй адамга жеткенге аракет кылды, жарым айлап командировкалап жүрдү. Анын ичинен кичи мекени Нарынга да өзгөчө көңүл бөлчү.

Нарын облусундагы ар бир мектеп, бала бакчаны жеринен көрүп, көптөгөн курулуштарды, бюджетти бөлгөнгө аракет кылды, бөлдүрттү. Эгемен Кыргызстандын тарыхында республикалык бюджеттен биринчи жолу оорукана неврология бөлүмү салынды. Тирүүлүктүн бейиши болгон ата-энесинин үйүн биринчилерден болуп бала бакчага айлантты.

Медиктердин айлыгын көтөрүү үчүн «эмгек кодексине» өжөрлүк менен жүрүп айкалыштырып иштөө беренесин өзгөрттү. Жалал-Абадда мектеп-интернатка барганда, балдарга берилген тамактын суммасын көрүп 100% көтөртүүгө жетишти, бирок аз дагы эле.

Дагы бир өзгөчөлүгү, кадрларга кирише берчү эмес. Жергиликтүү бийлик, эл татыктуу дегендерди гана жумушка коюуга ниеттенип тиешелүү жактарга кайрылчу. Ишенген идиреги бар балдарды жерге таштаган жок.

2011-жылдан өмүрүнүн аягына чейин кичине кайрылып келсек, Кыргызстанды түрө кыдырды. Кыргызда «атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн» деген улуу сөз экенин агайымдын балдары, шакирттери эми

даана, так түшүнүп атат. Анткени өлкөбүздүн кайсы бурчуна барба, «Чыныбайбы» деп жакшы сөз айтып берчү киши табылат деп ойлойм. Ошондон өткөн бакыт барбы?

Өлбөстүктүн улуу жолу ушу да. Акын болгон үчүнбү ар бир сөзгө маани бергени, жолугушууларда элдик киши аз көп дебегени, өтө жөнөкөйлүгү менен элдин эсинде калат.

Ал эми айылындагы бала бакчадан дагы Чыныбайыбыз чыгат, уучубуз кур эмес деп күткөн эли аман болсун!

**Нурлан Абдыгул уулу**
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты
Ч.А.Турсунбековдун консультанты

## МЕН СЫЙМЫКТАНГАН ИНСАН

Мен Чыныбай Акунович менен 2015-жылдын башында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги иш бөлмөсүндө таанышкам. Жогорку Кеңештин имаратына биринчи жолу киришим. Ак үйдүн жетинчи кабатына чыгыш мен үчүн жеңил болгон жок. Толкундандым. Кабинетинин босогосун аттап киргенде иш столунда отурган Чыныбай Акунович каардуу жана сүрдүү көрүндү. Басып барып кол сунуп учурашканда жылмаюу менен жылуу кабыл алып «кел, отур»,– деп маңдайындагы орундукту көргөздү. Орун алып, сүрдөгөнүмдү билгизбегенге аракет кылдым. Чыныбай Акунович өзүм жөнүндө сурап, көбүнчө жеке жашоомо, ата-энем жана үй-бүлөмө тиешелүү суроолорду узатты. Кыска убакыттагы баарлашуу учурунда Чыныбай Акуновичтин жөнөкөйлүгүн, адамга кылган сый мамиле-

син көрө алдым. Кийинки 5 жылдан ашык аралыктагы бирге иштеген мезгилде Чыныбай Акуновичтин көптөгөн жакшы сапаттарын байкап, өзүмө алганга аракет кылдым. Калыстыгы, жөнөкөйлүгү, айкөлдүгү жана кандай гана адам болбосун, сый мамиле кылуусу менен өзгөчөлөнүп турчу.

Бирге иштешип баштаган күндөн тартып жана ошондой эле 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы кызмат ордуна шайланганда да баса белгилеп, «Бийлик – колдун кири, атадан калган мурас эмес. Эртеңки күнү жүзүбүз жарык болуш үчүн таза жана так иштешибиз керек», – деп эскертүү берген эле.

Чыныбай Акунович Жогорку Кеңештин ичиндеги ар кандай саясий оюндарга жана интригаларга аралашпай, ушак-айыңдардан оолак болчу. Парламенттеги күчтөрдүн башын бириктирип, саясаттагы ар кандай маселелерди көпчүлүк менен ачык-айкын сүйлөшүп, чечкенге аракет кылчу. Фракция лидерлери жана көптөгөн саясатчылар Чыныбай Акуновичтин иш бөлмөсүнө тез-тез кирип-чыгып турушаар эле. Саясатта, дегеле жашоодо калыс болуу абдан оор. Чыныбай Акунович ар бир маселеге калыс көз караш менен карап, ар тараптан маалымат алып туура чечим чыгарып, башка саясатчылардан калыстыгы менен өзгөчөлөнүп турчу. Калыстыгынын бир эле мисалы, бийлик тараптан айрым бир оппозициячыл депутаттардын Жогорку Кеңеште иштеген жакындарын жумуштан кетирүүнү суранышканда, Чыныбай Акунович «өз иштерин жакшы аткарып атышса, жетекчилик тараптан эч кандай эскертүү болбосо, кантип себеби жок жумуштан кетирмек элек», – деп макул болбой койгон учурлары көп эле болгон.

Массалык маалыматтын өкүлдөрү Чыныбай Акуновичтин ачыктыгына суктанышып, интервью, комментарий алганга ашыгып турушчу эле. Жыйын учурунда, шайлоочулар менен жолугушууда да сөзүн токтотуп, телефон аркылуу байланышкан журналисттерге жооп берчү.

Чыныбай Акунович баштаган ишин аягына чейин чыгарууга шашылчу. Шайлоочулар менен жолугуу учурунда, айтылган көйгөйлөрдү тиешелүү министрлер менен байланышып, аларга тапшырма берип жеринде чечкенге аракет кылчу. Социалдык обьектилердин (мектеп, бала бакча, ФАП ж.б.) курулушун бүтүп колдонууга берилмейинче кат да жазып, оозеки да айтып ишти аягына чыгараар эле. Депутаттык ишмердүүлүк мезгилинде Чыныбай Акуновичтин жеке демилгеси менен Кыргызстандын ар бир булуң-бурчунда көптөгөн социалдык обьектилердин курулушу бүткөрүлүп, колдонууга берилген. Элдин жашоосун жакшыртуу максатында ар тараптуу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мыйзам долбоорлорун демилгелеп, дээрлик көпчүлүгү депутаттардын колдоосун таап, Президент кол коюп, кабыл алынган.

Чыныбай Акуновичтин жеке демилгеси менен бийик тоолуу, алыскы, жетүүгө кыйын аймактарда иштеген адамдарга колдоо көрсөтүү максатында, 2016-жылы «Эмгек кодексинин» 333-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзам долбоорун иштеп чыккан. Бул мыйзам долбоору менен Өкмөт тарабынан бийик тоолуу шарттардагы эмгек акысына райондук коэффициенттер жана иш стажы үчүн кызматтык маянасына үстөктөр белгиленген райондордо айкалыштырып иштеген адамдардын эмгек акысына кошулуучу, алынып салынган коэффициенттерди жана үстөктөрдү кайтарып берген.

Бир жолу Нарын облусуна иш сапар менен кетип бара жатып, Чыныбай Акунович айлана-чөйрөгө көз чаптырып, жаратылыштын кооздугуна суктанып: «Биз ар дайым шашып жүрөт экенбиз, иш кылсак да, тамактансак да, жол жүрсөк да. Акыркы күндөрү сапарга чыкканда шашпай эки жакты карап, бийик тоолордун, жаратылыштын кооздугуна суктанып көздүн да акысын берүүнү чечтим», – деп билинээр-билинбес обон салып ырдап берген эле. Ошол эле күнү Ат-Башыдан келе жатып, жолдун боюнда кичинекей кызы менен кол көтөрүп жол тосуп турган апаны көрүп, дароо айдоочусуна «токточу, ала кетели», – деп унаасына салып кеткени эч эсимден кетпейт.

Эсимде, Ат-Башыдагы Чеч-Дөбөгө чыкканда Чыныбай Акунович түз жолдо басып бараткандай эле адатынча баттан басып баратты. Биз артынан жетишпей энтигип, араңдан зорго чокусуна чыгып, уялганыбыздан демди ичибизге катып, буттардын ооруганын билгизбегенге аракет кылдык. Чыныбай Акунович көп учурда жөө басканга аракет кылчу, лифтке түшпөстөн канча кабат болбосун, ар дайым тепкич менен чыкчу жана чарчаганды билчү эмес.

2018-жылдын февраль айынын башында мени УКМКнын кызматкерлери суракка чакырышкан. Мен эч нерседен кабарым жок бардым. Сурак учурунда Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердин Парламенттер аралык Ассамблеясынын Чыңгыз Айтматов атындагы сыйлыгына каралган сумманы Жогорку Кеңештин аппаратынын бөлүм башчысы алып, кийин мага каршы көрсөтмө бергени маалым болду. Мен суракка кирип кеткенден баштап түн жарымына чейин Чыныбай Акуновичтин УКМКнын эшигинин алдында менден кабар ала албай тур-

ганы, суруктан чыккандан кийин менин тийешем жок экенине толугу менен ишенгени мага эбегейсиз чоң дем, күч-кубат берген. Кийин тергөөнүн жүрүшүндө менин бул кылмыш ишине тиешем жок экендиги аныкталып, өндүрүштөн кыскартылган. Бул нерсени ошол кездеги айрым бийлик жетекчилеринин Чыныбай Акуновичке каршы жасап жаткан эң ыплас иш экени жалпыга айтпаса да маалым эле.

*Нуржан Тентимишова:*

2018-жылы 12-февраль жума күнү кечки саат 22:00 чамасында Чыныбайдын кеңешчиси болуп иштеп кеткен Азамат Калман Нурлан Абдыгуловду УКМКнын кызматкерлери келип кармап кетишиптир деп телефон чалып калды. Чыныбай УКМКнын жетекчисине, АКСтин жетекчисине жана башка күч түзүмдөрүнүн жетекчилерине чалып, байланыша албай убара болду. Анан Азамат Калман, Нурбек Беделбаев менен УКМКнын имаратына барып, күзөтчүлөргө «Мени киргизгиле, менин жардамчымдан кабар алып чыгайын» – десе, күзөтчүлөр киргизбей коюшат. Чоңдоруна телефон чалса, эч ким албайт, акыры УКМКнын жетекчилеринин бири жооп берип, «Жогорку Кеңештеги Чыңгыз Айтматовдун премиясына бөлүнгөн 30 000 АКШ долларынын жоголушу боюнча кармалды» – деп айтат. Ошол кезде Нурланды бир бөлмөгө жалгыз отургузуп коюшуп, «акча алган эмесмин» дегенине карабай, коркута башташат: «Сага кылмыш ишин козгоп, сени СИЗО-1ге камайбыз. Эгер сен акчаны алдым деп жана кимге бергениңди айтсаң анда сага биз эч нерсе дебейбиз, сен болгону ортодогу звено болуп каласың, анан биз сени коё беребиз. Сен азыр эч кимге ишенбе, сен ишенген адамдар бүттү, сени унутушат, сен өзүңдү гана ойло»

– деп башташат. Көрсө, Нурланга карата Жогорку Кенештин аппаратынын бөлүм башчысы каршы көрсөтмө бериптир.

Түнкү саат 2лерге чукул мамлекеттик адвокат келип, Нурландын статусун өзгөртүп, ага карата кылмыш иш козгошуп 48 саатка камакка алышты. УКМКнын подвалына алып киришип, ИВСте жалгыз камерага киргизишти. Кийин уксак, мындай иштерди атайын жума күнү жасашат экен. Анткени, дем алыш күндөрү эч ким иштебейт деп, жооп бербей созушат экен да, анан ошол эки күн ичинде керектүү коргөзмөлөрду алганга аракет кылышат экен. Бирок Нурлан, «Мен эч кандай акча алган эмесин, эч кимге берген эмесмин»,– деген сөзүнөн кайткан жок.

Чыныбай адвокат жалдап берди. Нурланды камактан эч жакка кетпөө жөнүндө колкат алуу жолу менен бошотушту. Эртеси 15-февраль күнү ишке чыкты.

***Нурландын эскерүүсүнөн:***

Чыныбай Акунович мени көрүп колумдан бекем кысып, кучактап: «Эч нерсе эмес, жигит деген анчамынча нерселерге көңүл бурбашы керек» – деп мени кубаттады. «Ачык айтчы, сенин бул ишке эч кандай тиешең жокпу?» – деп сурады. «Жок, Чыныбай Акунович, менин эч кандай тиешем жок», – деген менин жообумду угуп, «Жогорку Кенеште ар кандай сөздөр болуп атат, башыңды бийик көтөрүп мени менен чогуу сессияга кир, көрүшсүн баары сенин ишке чыкканыңды» – деди.

***Нуржан Тентимишова:***

Иштин чоо-жайы төмөндөгүчө болуптур. Ар бир жылда Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктешти-

гине катышкан мамлекеттердин Парламенттер аралык Ассамблеясынын Чыңгыз Айтматов атындагы сыйлыгы тапшырылып келген. 2017-жылы жобого өзгөртүү киргизүү үчүн кандидат аныкталган эмес. Демек сыйлык тапшырылбашы керек болчу. Бирок Жогорку Кеңештин Аппаратынын эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча бөлүмүнүн башчысы А.Закиров Жогорку Кеңештин Төрагасынын атына кат даярдап, жогорудагы сыйлыкка акча бөлүп берүүнү сурап, катка ушу эле комитеттин төрагасы А.Шадиевге кол койдуруп бериптир. Нурлан ал учурда Төрагага келген ар бир катты карап, виза даярдап берчү. Ошол келген катка «жобого ылайык» деп виза даярдап, ага Чыныбай кол коюп, Жогорку Кеңештин тиешелүү бөлүмүнө жиберишиптир. А.Закиров Иш башкармалыктын жетекчисин коркутуп, акчаны алып кетет. Кийин комитеттин төрагасы А.Шадиевдин атынан, «Буга чейин сыйлык үчүн алынган акча каражаты Парламенттик ассамблеянын катчылыгына берилди» деп жазылган кат келиптир. А.Закиров сыйлыкка алынган 30 000 АКШ долларынын отчетун бербей жүрүп, 2018-жылы январь айында гана жасалма отчетту алып келип бериптир. Иш башкармалыктын жетекчиси Жогорку Кеңештин эл аралык байланыш бөлүмүнүн жеткечиси менен сүйлөшүп отуруп, 2017-жылы Чыңгыз Айтматов атындагы сыйлык эч кимге берилбегенин билет. Дароо Парламенттик Ассамблеянын катчылыгына «30 000 АКШ долларын алдынарбы?» – деп кат жөнөтөт. Катчылык тараптан «биздин кассага эч кандай 30 000 АКШ доллары кириштелген эмес», – деген жооп келет. Ошону менен УКМКга арыз берилет. А.Закировду кармашып, камакка алышат. Колунда документтердин бардыгы болгон үчүн Чыныбайга эчтеке кылалбай калышат.

***Феликс Куловдун эскерүүсүнөн:***

Кийин Чыныбай Акуновичтин башына кара булут айланган мезгилдер да келип жетип, анын банкына, мүлкүнө кайра-кайра негизсиз текшерүүлөр жүргүзүлдү. Пансионатта эс алып жүрүп сууга чөгүп кеткен журналист Уланбек Эгизбаевдин өлүмүнөн кийин пансионаттын жетекчиси – Чыныбай Турсунбековдун кызын ал окуяга күнөөлүү катары эсептөө аракеттери Чыныбай Акуновичти бөтөнчө туталандырып, анын ден соолугунун начарлашына негиз болду го деп ойлойм. Анткени, адам ак жеринен күйгөндө анын иммунитети кескин төмөндөп кетет эмеспи.

Шамал тескери согуп турган ошол кысталыш күндөрдө мен Сооронбай Шарипович Жээнбековго кайрылып: «Трагедия болбосо жакшы болот эле, бирок болуп кетти. Эми Чыныбайдын кызында эмне күнөө?» – деп айттым.

***Нуржан Тентимишова:***

2018-жылдын 22-июл күнү Улан биздин пансионатыбыздын жээгинен сууга түшүп, тилекке каршы, жээке чыкпай калган.

Улан Эгизбаев – курч журналист болчу: коррупцияны жогорку деңгээлде иликтеп, бул темада бир топ материал чыгарды эле. Бул кайгылуу окуя өлкөбүздө резонанс жаратып, Улан Эгизбаев жөндөн-жөн эле Ысык-Көлгө чөгүп кетиши мүмкүн эмес болчу деген божомолдор жаралып, жолдошума карата да бир топ туура эмес сөздөр айтылып кетти. Биздин үй-бүлө бул окуя боюнча сөз сүйлөгөн жокпуз. Бүгүн мен бул темага кайрылгым келди.

2018-жылдын 19-июль күнү Чыныбай экөөбүз пансионатка жөнөдүк. Жолдо кетип баратканда Чыныбай

телефонун карап отуруп, Уландан келген билдирүүнү окуп калды. Ал билдирүүсүндө Улан пансионаттан орун сураптыр. Кызыбыз пансионатта коммерциялык директор болуп иштейт эле, мен ага телефон чалып орун сурасам, дем алыш күндөрүнө чукулдап калган үчүн орун такыр жок деп айтты. Мен болсо «бул абдан жакшы журналист бала, кайдан болсо да орун таап бер» деп сурандым. Кызым «негарантированная бронь менен бир номер бар эле, анда ошону берейин»,– деп калды. Чыныбай Уланга: «Регистратурага барып кайрыл, номер таап беришет»,– деп жазды.

Пансионатта мен Уланды көргөн деле жокмун. 21-июлда (суббота болчу) үйгө барсам, Чыныбай: «Улан Эгизбаев келип кетти, эки сааттай отурдук, мен ага ырларымы окуп бердим, саясат жөнүндө сүйлөштүк»,– деп калды. Ошондо мен Чыныбайга Улан менен тааныштырып коюусун сурандым. Эртеси, 22-июлда эртең мененки тамактан кийин Улан мага телефон чалып, анан экөөбүз жолукмай болдук. Жолугушууга Айдай кызымы да эрчитип алдым. Чынын айтканда, Улан менен сүйлөшүп, андан жардам сурайын дегем, анткени кыргыз өндүрүшчүлөрүн кыйнап турган бир маселе бар болчу, ал контрабанда эле. Ага эч кимдин алы жетпейт эле. Чыныбай бир нече жолу Жогорку Кеңеште да бул көйгөйдү көтөрүп, бирок колдоо тапкан эмес. Уланга кырдаалды түшүндүрүп бердим, Бишкекте башка кыргыз өндүрүшчүлөр менен да жолугушуп, бул темада кененирээк сүйлөшмөй болдук.

Түштөн кийин, саат 14:00дор чамасында мага Улан Эгизбаев телефон чалып калды, алсам кыздын үнү «эже, жардам берип коюңуз, мен Уландын келинчегимин, Улан чөгүп кетти» деп калды. «Кандайча чөгүп кетти, чыгарыштыбы?» – десем, «ооба» – деп жооп

берди. Мен дароо эле пляжды көздөй чуркадым. Барсам, биздин куткаруучулар Уланга жасалма дем алдырып атыптыр. Бат эле тез жардам да келип калды, Уланга жардам көрсөтпөй эле дароо носилкага салып алып кетишти. Уландын келинчегин медпунктка эрчитип барып медайымды жанына коюп, өзүм Чыныбайга чалдым. Чыныбай көлдүн губернаторуна чалып оорукананын башкы врачына айтып, жакшы каратып коюусун суранды. Машинага отуруп больницага жөнөдүк. Барсак, оорукананын коросунда биздин коопсуздук кызматынын жетекчиси турат, Уланды сурасак, өлүкканага киргизип коюшту деди. Чыныбай врач менен сүйлөшүп, ал жакка да кирип чыкты.

Уландын келинчегинин 7-8 ай боюнда бар экен, ага угузган жокпуз. Чыныбай Уландын өкүл атасы депутат Абдывахап Нурбаевге, Жанар Акаевке, «Азаттыкка» чалып кабар берди. Туугандарына айттырды. Баары пансионатта чогулушту. Машина жалдап, Уландын сөөгүн Бишкекке жөнөттүк.

ИИМ иш козгоду. Коммерциялык директор болуп иштеген кызыбызга жана менин курулуш боюнча орун басарыма иш козголуп, 5 жылга чейин эркинен ажыратуу боюнча берене коюлду. Тергөөчү, «Бул законсуз, бирок өйдө жактагылар талап кылып атышат»,– деп ачык эле мага айтты. Уландын ата-энесине барып куран окуттук. Башында акчалай жардам берели деп ойлоп атканбыз. Иш козголгондон кийин, «берсек, башкача ойлоп калышат» – деп ал оюбуздан кайттык.

Туура 2 жыл соттоштук. Кызыбыз 2018 жылдын июнь айында турмушка чыкты эле, кийин Каракол облсотуна баласын көтөрүп алып барып жүрдү. Уландын ата-энеси бизге, «милицияга арыз жазбайт элек, Чолпон-Атанын прокуратурасынын эки кызматкери

атайын Кочкорго келип, арызды өздөрү даярдап келишиптир, биз болгону кол эле коюп бердик» – дешти. «Арызды алгыла» деп суранган жокпуз. Уландын ата-энесине күнөөлүү болбогонубузду тастыктап бергибиз келди.

Сотто ачыкка чыккан негизги жагдайлар:

– айрым бир журналисттер жазып жибергендей, куткаруучубуз 15 мүнөттөн кийин эмес, 38 секундадан кийин келген (байкоочу видеокамеранын жазуусу), ал жасалма дем алдырып атканда Уландын билинээр-билинбес жүрөк кагуусу бар болчу;

– келген тез жардам унаасында врач эмес, фельдшер эле болгон;

– тез жардам унаасында керектүү жабдыктар болбогондуктан, Уланга эч жардам көрсөтүлгөн эмес.

Иш райондук сотто каралып жатканда Уландын ата-энеси тосмо арыз жазып келишти. Ал арызда бизди күнөөлүү деп эсептешерин, бирок кызыбыздын жаңы эле турмушка чыкканын эске алып иштин жабылуусун өтүнүшкөн. Биз иштин жабылышына каршы чыктык, анткени өзүбүздү күнөөлүү деп эсептебейт элек. Райондук, облустук сотто да чечим биз тарапта болду. Жогорку сот эмнегедир ишти караган жок.

Бүгүн, мен бул окуяларды эстеп отуруп, бир нерсеге күйдүм: коррупцияга каршы күрөшкөн Уландын өлүмүн коррупционерлер Чыныбайга каршы пайдаланышты. Аны сындыргысы келишти. Бирок Чыныбай сынган жок, эч кимден да суранган жок.

**Курманбек Рыспаев**
КР Жогорку кеңешинин басма сөз кызматынын
жетекчисинин орун басары
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер

## ЧЫНЫБАЙ

Чыныбай экөөбүз курсташпыз, доспуз. 1978-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине келип кирип, бир факультетте, бир курста бирге окуганбыз.

Анда кара тоголок, карапайым, орус көргөндө үркүп турган ашкере байоо балдар элек. Кыргыз филологиясына ар-ар айылдан бизге окшогон, жада калса жалгыз шымын үтүктөп кийгенди билбеген балдар, мода деген менен иши жок кыздар чогулуп келип киргенбиз. Көрсө, ичинде кылдай кири жок, аруу-таза, коммунизмди кургусу келген жаштар экенбиз. Ар бирибиздин оюбуз бийикте болчу. Бири Макаренко болгусу келсе, бири Алыкул, анан дагы бири Айтматов болгусу келчү. Атаганат, ал кезди эстегенде ошол тазалыкка, ошол аруулукка, байоо балалыкка кайра бир кайрылып баргың келет. Айлар алмашып, жылдар жылып ар кимиси ар башка мүнөз күтүп, кимдин ким экени аныктала берет тура.

Ошондо биздин арабызда, жапалдаш бойлуу, кандайдыр иши калып жаткандай шаша баскан, ичиндегисин жылмалап, жасалгалап отурбай эле шарт айтып салган, жууганда чачтары таракка баш бербей сапырылып турма Чыныбай да биздин катарыбызда болчу. Анын аруу таза, эч кимге кара санабаган ак пейил мүнөзү, жупунулугу менен чынчылдыгы эч бир өзгөргөн жок.

Биринчи курста, жаңы эле шымыбызды үтүктөгөндү үйрөнүп, чачыбызды кайра-кайра тарап шаардык-

тарга кичине окшошо баштаган учурубуз болчу. Ал кездин бир кызыктуу идеологиясы боло турган. Мектепти бүткөн жаштарды айылга алып калып, комсомолдук жаштар бригадасы деп колхоз жумуштарына тартып, сый көрсөтүп, Союздун чоң-чоң шаарларына: Москва, Ленинград жана башка шаарларына эс алдырып, кыдыртып келээр эле. Чыныбайдын классташтары да ошол сыйды көрүп калышты.

Бир күнү эле алдымдан карпа-күрпа чыга калган Чыныбай: «Куке, жүрү кеттик, менин классташтарым келиптир. Мени менен барып келчи. Досторго жолугуп узатканча учурашып келели» – деп ээрчитип алды. Азыр эстесем Чыкемдин классташтары азыркы Аламүдүн базарынан ылдый жөнөгөндө, БЧКдан бир аз өтө берген жерде бир турбаза бар экен, ошол жерге жайгашышыптыр. Алар менен тааныштырып, классташтары менен ардеме-бирдемелерди айтып бажакташып жатканда Мурат деген классташы мурду канап кирип келди. Эшикке чыкса, орус балдар уруп коюшуптур. Чыныбайдын шаар көрүп калган Жыргалбек деген классташы бар экен. А дагы раматылык болуп кетти. Ошол жигит, «тургула, мушташабыз, Муратты ургандарга көрсөтөбүз» десе, баарыбыз кыйратчудай жапырт эрдемсип чыгып калыппыз. Уруш көпкө созулган жок. Биздин дүрбөп сыртка чыкканыбызды көргөн турбазанын кызматкерлери туристтерди айдап кирип кетишти. Баягы Жыргалбегибизден дайын жок. Орус балдардын колуна түшчүдөй болуп Чыныбай экөөбүз эле калыптырбыз. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, орусу деле, түркү деле, башкасы деле орусча сөгүнүп эле, чынжыр көтөргөнү чынжыр көтөрүп, трос (эшилген ичке зым, чапканга ылайык серпилип турат) көтөргөнү трос көтөрүп каптап эле келаткандай көрүндү. Мын-

дайды өмүрү көрбөгөн жаныбыз бир азга элейе калдык да болгон скоростту кошуп, көзгө урунган биринчи эле көчөгө түшүп чымылдаган бойдон жөнөдүк. Чыныбайдын күлүктүгүн ошондо бир көргөм. Ал алдыда, мен артында учуп эле келип бир орустун төркү үйүнө чейин кире качыппыз. Алар бизди, биз аларды алайып карайбыз. Орус тилин жаңыдан жаңсап түшүндүрө баштаган кез болчу. «Хулиганы!» – дегенге араң жарадык. Жакшы немелер экен. Өз тилдеринде бирдеме деп сооротуп, жол көрсөтүп коюшту. Сыртка чыкканда карасак, баягы балдардан дайын жок. Биздин ылдамдыкты көргөндө убара болуштун кереги жок дешсе керек. Кийин ушул окуяны кичине көркөмдөп айтып берсем, Чыкем борс-борс каткырып, ыңгайы келе калганда кайра айттырып укканды жакшы көрчү эле.

Чыкем тууралуу кеп болгондо дагы бир окуя эске келет. Университеттин «Алтын бешик» деп атап алган жатаканасында жашадык. Чыкем чоң курстун балдары менен бир бөлмөдө жашап калды. Кичине тияк-биякты көрүп, бир аз тыңып калган кезибиз болчу. Чыкем менен бир бөлмөдө жаткан балдардын бири (аты эсимден чыгып калыптыр) каратэ менен машыгып атам деп эле жатакананын дубалдарын тепкилей берме адаты бар эле. Ошол неме менен таң атпай туруп чуркап жүрдү. Чыкемдин эмненин артынан түшсө, аягына чыкмайын тынбаган өжөрлүгү бар эле. Өжөрлөнүп ачкаток чуркап жүрө берет. Ай аяктап калганда стипендия түгөнүп жатаканада ачкачылык башталып калчу. Ач курсактын айынан го, чуркап баратып башы айланып жолдун боюндагы бакты сүзүп, чалкасынан кетет. Жатаканага келсек, Чыкем охулап керебетте жатат. Кыздар жүз аарчысын суулап чекесине басып коюшуптур. Катуу тийген окшойт, ошол окуядан кийин чуркабай

калды. Чыкемдин 50 жылдыгында арноо ыр жазып, ушул окуяны минтип кыстарып койгон жайым бар.

Бир жолу шыгың ойгонуп,
Бир байкең сага чоң болуп,
Бир бакты барып сүздүң да,
Бир топко жүрдүң моймоюп –

десем, Чыкемдин өзүнө да жаккан.

Сабагын жакшы окуган, жардамын аянбаган, тентектиги жок Чыкеме, Чыке деген ат ошол биринчи курста окуп жүргөндө эле урматтоо менен айтыла баштаган.

Ошол жылдары Калык досумдун мындай бир айтканы эсимде калыптыр: «Ой, Чыкемдин мээси мээ экен. Бир окуганда эле жаттап калат турбайбы» – деп. Ооба, карапайым, көп балалуу үй-бүлөдөн чыккан Чыкем, ата-энесине оорчулук келтирбей, өз жашоосун өзү камсыз кылып, ал турсун ыгы келе калганда бир туугандарына жардам бере калганды ошол биринчи курсунан эле баштаган. Камчы салдырбай окуду. Кызыл диплом менен бүтүрдү. Чөнтөгүнөн акча үзүлгөн жок.

Какем айткандай, чынында эле мээси мээ экен. Азыркыдай эмес, анда аспирантурага мээлүүлөрдү алчу. Тез эле илимий ишин жактап, илимдин кандидаты болду. Университетте иштеп, ал жакта калыптанып калган кландык эрежелерге, адилетсиздикке каршы күрөшкө чыга калган учуру да болгонун кийин кулагым чалган.

Ал шаарда калып, биз жер-жерлерге тарап кеткенде Нуржанга үйлөнүптүр. Нуржан менен кийин тааныштык. Өз оюн ачык айтып, тартынбай сүйлөгөн аялы бар экен. Бир көргөн киши Нуржандын тарсылдаган мүнөзүнөн коомайсып, чоочуп мамиле кылышы да мүмкүн. Бирок, улам тереңдеп таанышкан сайын кадимкидей

эле жүрөгү назик, боорукер, бала-бакыра, ага тууганга күйүмдүү, жароокер аялзаты болуп чыкты.

Чыкемди, анын үй-бүлөсүн бала кезден бери жакшы билсем да, мен билбеген жактары кийин билинди. «Эки жакшы баш кошпойт» деген кеп бар кыргызда. Көрсө, баш кошот эле экен. Экөөнүн тең калп айталбаганын, чынчылдыгын, адилеттигин карасаң. Бири калп айтып жибербесин деп экинчиси кайтарып тургандай, чындыкты экөө эки жактан далилдеп жибергендерин айтсаң. Төртөөбүз дасторкон жазып отуруп алып эле ааламда болгон окуялардын ой-чуңкурун калтырбай кыдырып келе калмайыбыз бар болчу. Ошонун биринде да өз көмөчүнө күл тарткандарын көрө алганым жок.

Чыкемдин ой жүгүртүүсүнүн тазалыгы, адамдарга жасаган мамилесинин тазалыгы, эч кимге жаман ойлобогону бизди да тазартып, аруулантып койгондой туюлчу.

Чыныбай менен акыркы он жылда, ал саясатка аралашканы көбүрөөк пикирлешип, жакындашып калдык. Ал Жогорку Кеңештин депутаты, Фракциянын лидери, Жогорку Кеңештин спикери. Мен Жогорку Кеңештин Аппаратынын кызматкери. Күндөлүк иштеген ишиме байланыштуу да байма-бай кездешип, анын ар өлкөнүн спикерлери, элчилери же абройлуу эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен болгон жолугушууларына басма сөз кызматынын кызматкери катары да катышып, баамдап, салыштырып таразалап, кээде өз оюмду да айтып коюп жүрдүм.

Мурда анда-мында бир жолугуп, жамандык-жакшылыктарда кездеше калганда анча билинбеген Чыкемдин чыныгы инсандык касиеттери мен үчүн ушул акыркы он жылда ачылды.

Чыкем таптакыр калп айталбайт экен. Ал турсун,

теңтуштарды тамашалап, «кел минтип чалып коёлук»– десең да дити барбай туруп алчу. Мынчалык нукура чынчыл адамды 60 жылдык өмүрүмдө биринчи кездештирдим. Калп айтпаган адамдар көп. Бирок, Чыкемчелик чындыктын өзүн эле кыйытып айтып койгонго да жан дүйнөсү макул болбогон адамдар жок. Чыкем саясатка да, үй-бүлөсүнө да, ага-тууган, теңтуш-досторуна да калп айткан жок. Аруу, таза өмүр сүрдү. Өмүрүнүн акырына чейин чындыкты издеп жашады.

Чымылдап чуркап жүргөн аз,
Чыркырап сага күйгөн аз.
Коркушкан менен бардыгы,
Оо, чындык, сени сүйгөн аз.
(Ч.Турсунбеков)

Чыныбайдын саясаттагы жылдызы 2010-жылдан кийин жанды. Кыргыз саясатынын асманында бир жарык жылдыз пайда болду. СДПК фракциясынын лидери катары эле аброю артып турган Чыкемдин Жогорку Кеңештин Төрагасы болуп шайлануусу ого бетер кадырын арттырып, Чыныбай Акунович! Чыныбай Акунович! – деп кайрылуу ардактап, кадырлап-сыйлагандардын да, ары жасакерленип, жагалданып, көрүнөө же көмүскө кошомат кылгандардын да оозунан түшпөй калды.

Ошол бийик даражаны, ошончолук кадырлоону, жөнөкөйлүк менен, менменсинип кетпей, адамдык аброюна шек келтирбей татыктуу аркалады. Адатта байлыгына чиренип, бийлигине манчыркап, карапайым адамдардын катарына турганда өзүн кемип калгандай сезген кем акылдар да Чыныбайдын жанында өздөрүн ыңгайсыз сезип, жер менен басып калганын көп эле жолу көзүм чалды. Чыныбайдын кабинетинде жарым саат баарлашып чыккан калпычы саясатчы, чиновник-

тер да сыртка чыкканда чындыкты издеп чыккандай туюла берчү.

Оппозициясы да, позициясы да эч качан өз кызыкчылыгы үчүн соодалашпаган Чыныбайдын жүйөөсүнө көнүп, калыстыгына ынанып, тазарып турчу.

Бардык эле мамлекеттик кызматкерлер, депутаттар, бийлик башында тургандар Чыкем күйгөндөй күйсө, анда башкача болбойт беле.

Ишенчээктигин айт. Бир күнү, «Алмазбек Шаршенович, Чыке, досум, сен Президенттикке даярдан. Мен сени өзүм кыдыртып, элге алып чыгып келейин» деди деп, абдан бекем ишенип алыптыр. Биз дагы ишендик. Мындай болсо каражатты өзүм табышым керек, азыр ар кимге карыз болуп калсаң, кийин кедергисин тийгизет таризинде сөз катты. Биз деле «ооба-оობалап» кошулган болдук. Программалык ой жүгүртүүлөрү бар болчу. Аналитикалык ой-жоруму абдан терең адам эле да. Коррупциянын, контрабанданын мамлекетке келтирген зыянынын эсебин чыгарып койгон.

Бир жолу өкмөт башчысына кирип, бардыгын түшүндүрүп, ал турсун ар бир контрабандалык товардын артында кимдер турганынан өйдө айттым, эми буйруса иш оңолот деп балбалактап чыкканы эсимде. Адамдарга өзүнө ишенгендей ишенчү. Эч качан жаман ойлочу эмес. Бирок, ошол ишеничи ишке ашпай калганда «акмактар экен» деп өтө капа болгон. Контрабанда менен коррупцияны токтотууга өкмөттүн да, андан өйдөкүнүн да эрки жетпегенине, ошолордун жетегинде калганына өтө кейиген.

«Сен Президент бол, Чыке досум» деп, Сооронбай Жээнбеков менен атайын каршы коюп, өзүнүн саясий оюнуна куурчак кылгысы келген А.Атамбаевдин амалына да жанын сабап капа болгон жок. Сооронбай

Жээнбековду да жаман көрүп калган жок. СДПК партиясынын саясий кеңешинин чечими деген боёк менен Сооронбай Жээнбековдун талапкерлиги А.Атамбаевдин колдоосу менен Президенттикке коюлду. СДПК-нын съездинде ар-ар кимди кол чаптырып, улам сөзүн бөлүп, ошол жерде да интрига уюштура коюп отурган Ф.Ниязовго да теңелген эмес.

Кайран Чыкем, ошол президенттик шайлоодо Жогорку Кеңештин Төрагасы катары түштүк тарапка иш сапары менен чыгып, эл менен жолугушуп, СДПК партиясынын программалык милдеттеринин ишке ашырылышы боюнча айтып берип, татыктууларды сыйлап сыр билгизбей келген. Ага удаа эле Атамбаевдин атынан улам бири чалып, барбасын деп атат дешкенине, Атамбаевдин өзүнүн айтканына да карабай эл күтүп жатса эмнеге барбай коёт элем деп Нарынга иш сапары менен жөнөп кеткен. Ошол иш сапарга мен дагы басма сөз кызматынын кызматкери катары коштоп баргам. Кошо барып келели деген Акылбек Жапаровдун апасынын кан басымы көтөрүлдү болуп бара албай калган. Дагы башка депутаттар да суюлуп жок болуп кеткен. Адатта, жолдон тосуп алчу Нарындын чоңдору дагы жер жуткандай жок болуп кетишкен. Буйруктун кимден түшкөнүн, иш сапарды үзгүлтүккө учуратуу аракети кайдан болуп жатканын түшүнүп эле турган. Атамбаевге таарынды. «С.Жээнбековго каршы иштейт деп жатышса керек. Булар мени өздөрүндөй ойлоп жатышат, мен андай акмакчылыкка барчу киши эмесмин» да деген сөзүн кийин эстедим.

Чыкемдин айкөлдүгүн кара. Ошолордун ошончолук карөзгөйлүгүн, атайылап жасаган карасанатайлыгын көрүп-билип туруп, алар кийинки бийлик менен кар-

шылашып, камалып, алсырап, алапайын таппай калган учурда да алар туурасында бир ооз жаман сөз айткан жок. Атамбаевдин кызматтан-кызматка койгон көрөр көз саясатчылары, кечээ эле айга-күнгө теңеп этегине намаз окуп жүргөн кошоматчылары бытырап качып, жаңы бийликтин колтугуна кирип сата баштаганда да Чыкем саткан жок. Ал аны Атамбаевди аябай жакшы көргөнүнөн жасаган жок. Ал өзүнүн аброюн, турмуштук принцибин саткысы келген жок. Ошондон улам да Сооронбай Жээнбеков Чыныбай менен аралыктан мамиле кылып, жанына жакындаткысы келген эмес. Чыныбай да анчалык ысык мамиле кылганга умтулган жок. Сый мамиледе болушту. Ошентсе да С.Жээнбековдун, А.Жээнбековдун бир адамгерчилигин белгилей кетсе болот. Чыныбайдын көзү өткөндө атайын үйүнө барышып, көз көрсөтүп, куран окутуп, үй-бүлөсүнө көңүл айтып чыгышкан. Тескерисинче, эки чакырылышта бирге депутат болгон, кийин Чыныбайдын ордуна Атамбаевдин батасы менен келип төрага болуп отурган Дастан Жумабеков жыйындын жүрүшүндө атын атап бир мүнөт эскерип койгонго да жарабаганы осол болду.

Чыныбай тубаса дипломат болчу. Адамды өзүнө тартып турган өзгөчө бир касиети бар эле. Анын Жогорку Кеңештин Төрагасы катары чет өлкөлөрдүн элчилери, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, башка өлкөлөрдүн парламенттеринин спикерлери менен болгон жолугушууларына көп эле жолу күбө болдум. Өтө эле салабаттуу, расмий түс менен келген адамдардын бардыгы Чыныбай менен жарым саат баарлашып чыкканда баягы салабаттуулугунан жанып, эзелтеден бири-бирин жакшы билген ынактай кучакташып чыкчу.

Чыныбай Турсунбеков Жогорку Кеңештин Төрагасы кызматында узак деле иштеген жок. Бирок, чоң

аброй топтогонго жетишти. Ага биринчи кезекте адамдык асыл касиеттери, иштин көзүн билгени, дипломаттык чоң чеберчилиги түрткү берди десем болот.

Алсак, Россия Федерациясынын Федералдык жыйынынын Федералдык Кеңешинин Төрайымы Валентина Матвиенконун, Мамлекеттик Думасынын Төрагасы Вячеслав Володиндин Чыныбай Турсунбековду өзгөчө ардактап, жакын досундай жылуу кабыл алганы ачык эле көрүнүп турчу. Шериктеш өлкөлөрдүн (КМШ) Парламенттер аралык ассамблеясына мүчө Казакстандын, Азербайжандын, Молдованын, Белоруссиянын жана башкалардын спикерлери менен тез эле ынак мамиле түзүүгө жетишкен.

Ал эми Түркиянын Улуу Улуттук жыйынынын спикери Бинали Йылдырым менен болгон Стамбулдагы жолугушуусунда Бинали Йылдырым Жогорку Кеңештин Төрагасы Чыныбай Турсунбеков менен протоколдон тыш узакка баарлашып, кыргыз делегациясын кабыл алган тарыхый имараттын улам бир бурчунан сүрөткө түшүп, атаганат убакыт кенен болсо дагы көпкө баарлашсак деген ыкласын билдирип турганына абдан сыймыктанган жайым бар. Болбосо, барган делегация башчыларынын бардыгына эле үзүлүп түшүп мамиле кылбаганы маалым эмеспи.

Германиянын канцлери Ангела Меркел Кыргызстанга келгенде Чыкем менен узакка деле баарлашкан жок. Ага протокол жол бербеди. Бирок, Чыкемдин ак пейил аурасы аны да арбап, көп эле мен-мен деген саясатчыларды көргөн Ангела Меркелдин жылдызы кичинекей Кыргызстандын спикери Чыкеме түшүп турганы көрүнүп эле калды.

**Кубат Чекиров**
Би-Би-Си Кыргыз кызматынын редактору

## САЯСАТТА САЛАБАТТУУ ИШМЕР, БИЗНЕСТЕ БИЛИМДҮҮ ИШКЕР

Көбүнчө адамдардын шык-өнөрү жашоодо бир багытта эле өнүгөт. Чыгармачылыгы күчтүү адамдар бар, бирок алар адатта бизнестин же саясаттын көзүн билбейт. Чыныбай Акунович чыгармачылыкта да, илимде да, бизнесте да, саясатта да жолу ийгиликтүү болду, өзүнүн ордун тапты, өзүнүн жүзү, болгондо да башкалардан жогорку маданияттуу, интеллектуалдуу жүзү менен өзгөчөлөнө алды.

Мен Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана журналистика факультетинде Чыныбай Акунович бүтүп кеткенден кийин окудум. Бирок университет менен тыгыз байланышып, биз өткөргөн поэзия кечелерине келип катышып турар эле. Ошондой иш-чараларда жолугушуп калчубуз, анда сүйлөшкөн сөзүбүз бир эле чыгармачылык жөнүндө, акындар жана ыр жазуунун сырлары жөнүндө. Анда бизнес, акча табуу, саясатка аралашуу оюбузда жок. Мен ыр жазганды кийин таштап койдум, бизнеске, саясатка да кире албадым. Чыныбай Акунович бизнестин да, саясаттын да сакасы менен ойноп жүрдү, бирок ыр жазганды таштаган жок. Чыгармачылык анын саясаттагы, бизнестеги ишмердигин кайсы бир жагынан толуктаган, өзүнчө бир дем берген, акча менен саясаттын бузук таасиринен коргоп, жан дүйнөсүн таза кармаганга жардам берген эстетикалык элек болгондой көрүнөт мага.

Кайра куруу жылдарында Улуттук илимдер академиясында аспирант болуп, кыска мөөнөттө эле илимий ишин жазып бүтүп, ийгиликтүү коргоп, филология

илимдеринин кандидаты илимий наамына ээ болду. Эгерде кыйсыпыр заман башталып кетпегенде, балким, илимден кетпей, эчак академик болмок, ошого татыктуу интеллектуалдык потенциалы бар эле, ошончолук башын сайып иштемек. Бирок 90-жылдары илимпоздун айлыгы менен үй-бүлө багуу кыйын болуп калган эле. Ошондо алысты көрө билген акылдуу жана чечкиндүү адамдар буйдалбай эле бизнеске кетишти. Чыныбай Акунович дагы Түркияда Кыргызстандын Билим берүү министрлигинин өкүлү болуп иштеп турган жеринен кызматта кыйчалыш маселе чыкканда бизнеске баса берди.

Теңир-Тоодон бизнести катырган көп азаматтар чыкты, анын алдыңкы тобунда Чыкемдин жүргөнүн көрүп башынан эле көңүлүбүз ток болчу. Канткен менен өзүбүз жакшы билген агабыз, элдин көйгөйүн жакшы түшүнөт, колунан келип турса бул жактан аянбайт деп ишенчүбүз. Айткандай эле, ишкер болуп аты угулгандан кийин тапкан-ташыганын чекесинен ошондой кайрымдуулукка жумшаган учурлары көп болду.

Жогорку Кеңештин төрагасы болуп турганда өзү туулуп-өскөн Жан-Булактагы атасынын үйүн кайра жаңы салдырып, ичин толтуруп, бала бакча кылып жеткинчектерге тартуулады. Анын айылдаштарына көргөн бул аталык камкордугун убагында жалпыга маалымдоо каражаттары жабыла кубанып кабарладык.

Анын саясаттагы орду көп жагынан салабаттуу, салмактуу жана өрнөктүү болду. Социал-демократтар партиясындагы эң ишенимдүү, эң таасирлүү, эң кадыр-барктуу саясатчылардын бири болуп, бийликтин төрүнө чейин барды, Жогорку Кеңештин төрагасынын эки тизгин бир чылбырын кармап, чоң саясаттын сурагын жүргүздү. Парламент – саясат менен акчанын кы-

зыкчылыктары бирде кагышып, бирде жабышып турган, адамды сынай турган өзүнчө бир кыл көпүрөдөй жер эмеспи. Андан өтө албай, акчага же мансапка мас болуп канча саясатчы жаманатты болду, алардын арасында Чыныбай Акунович чынында интеллектуалдык жана жогорку саясий маданияты менен бөлүнүп турар эле. Жогорку Кеңеште социал-демократтар фракциясын ал башкарып турган учурда иштери өргө кетти, ичинен ынтымагы жакшы болду, кандай гана саясий маселе болбосун, көзүн таап, туура чечим кабыл алып турушту.

Ошондуктан анын Жогорку Кеңешке төрага болуп барганы мыйзам ченемдүү жана эң туура чечим болду, муну кийинки окуялар да айкын далилдеди. Элге күлкү, шылдың болгон андан мурда же кийин иштеген төрагалардан жогорку саясий маданияты жана интеллектуалдык деңгээли менен айырмаланып, парламенттин да, өзүнүн да кадырын кармады, кыянат иштерге барбады. Парламенттеги бардык фракциялардын башын кошкон консенсус саясатын ырааттуу жана стабилдүү жүргүздү, шарак этип күтүлбөгөндөй жүрүш жасап жиберип же саясий күрөштөгү топтордун бирөөсүнүн таламын талашкан жок, калыстыкты карманды. Атамбаев менен Текебаевдин кармашы кайнап турган учурда дагы президентке кошулуп, анын камчысын чапкан жок, төрагалык ордунда өзүнүн сыйын сактап отурду. Балким, ошон үчүнбү же башка да себептери болдубу, айтор Атамбаев социал-демократтардын курултайында президенттикке анын эмес, Сооронбай Жээнбековдун талапкерлигин алып чыкты. Бул СДПКнын ичинен ирүү, бөлүнүп-жарылуу процессинин башталышы болчу. Чыныбай Акунович эгерде ошондо Атамбаевдин бийликтеги мураскору болуп калганда, балким, тарых-

тын дөңгөлөгү башкача айланмак. Эң кеминде, Кой-Ташта болгон кармаш, кан төгүү болмок эмес, мамлекеттин саясаты башкача, сабырлуу, кадырлуу жол менен кетмек деп ойлойм.

Чынында, ошол учурда социал-демократтардын ичиндеги интригалык оюндар жөнүндө биздин суроолорго Чыныбай Акунович этиканы кармап, ачык жооп бере алган эмес. Бирок, «мунун аягы жакшы болбойт ко» деген кыязда гана учкай жооп кайтарган. Ошондогу бул сөзү көзү ачыктай эле айтылыптыр, СДПКнын ичинде сасык оюндар, интригалар, эрегишүүлөр, кармашуулар болуп жатты, ич ара бөлүнүп-жарылып, акыры биринин башы темир торго салынды, дагы бири бийлик тактысынан куулуп кетти.

Чынында, бийликти мыкчыган партиянын башкаруу тобунда жүрүп, андагы омуртка сындырган саясий оюндардан сыртта туруш да оңой эмес, кайсы бир деңгээлде социал-демократтарды чырмаган кризистин жаманаттысы көлөкө түшүрбөй койгон жок, көрө албастарынын, атаандаштарынын тукуругу менен Чыныбай Акуновичтин атын дагы болбогон жоромол-божомолдорго чүргөгөн сөздөр чыкпай койгон жок. Бул анын жан дүйнөсүн жаралады, беймаза кылды, бирок көбүр-жабыр сөздүн көбүгү тараганда, бул окуяларда анын жүзү менен бедели таза экени көрүнүп калды.

Бийликтен кадыр-баркың көтөрүлүп турганда кеткен жакшы, эл ичинде, тарыхта жакшы атың калат деген бир акылдуу сөздү уккан элем. Чыныбай Акунович, чоң кызматтан чыр-чатагы жок, жакшы аты менен кетти, жалпы эле саясий тарыхта мамлекеттин оор жүгүн олбурлуу көтөргөн, акылдуу, кадырлуу саясатчы катары ордун тапты.

**Бурулкан Сарыгулова**
журналист, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

## ТАБИЯТ ЧЫНЫБАЙГА АДАМГЕРЧИЛИК МЕНЕН АБИЙИРДИ АЯНБАЙ БЕРГЕН

Журналисттик кесипте коомдук-саясий турмушка көз салып, элдин милдетин, мамлекеттин жүгүн мойнуна алган саясий элитанын кыймыл-аракетин таразалап элге жеткирип туруу вазийпасы да бар экен. Иш үстүндө ошол кесибим мага далай адамдардын, алардын катарында курсташым Чыныбай Турсунбековдун инсандык жүзүн, ишкердик мүмкүнчүлүгүн, саясатчылык кудуретин көбүрөөк таанууга шарт түздү. Ошондон улам мен курсташымды бүгүн ириде журналист катары эскергим келди.

Чыныбай Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тил жана адабият адистигине, мен журналистикада окугандыктан, факультеттик жалпы дарстарда, китепканаларда, жыл сайын өтүүчү студенттик «Ала-Тоо жазы» фестивалында, адабий ийримдерде гана жолугуп калчубуз. «Кыйын окуйт» деп билчүбүз. Шаан-шөкөттөргө «шыгы» жок, салабаттуу студенттердин бири эле. Факультетте алдыңкы студент, таланттуу жаш акын катары таанымал болчу. «Жаш толкундар» ийримине катышып, ырлары факультеттин дубал гезитинде илинип турчу. Ал ырлары кийин китептери аркылуу окурмандардын кеңири катмарына жетти. Университетти бүткөн соң ар кимибиз өз жолубузга түшүп кеттик.

Чыныбай аспирантурада окуп, кандидаттык диссертациясын жактады, Билим берүү министрлигинин

Түркиядагы өкүлү болду. «Азаттык» радиосунун Түркиядагы кабарчысы болуп да кыска убакыт иштеп калды. Кыргызстанга кайра ишкер болуп кайтты, ал негиздеген «Акун» фирмасы өлкөдөгү ири өндүрүш ишканасына айланды. Ишкерлер кеңешинин төрагасы, Кыргыз-Түрк ишкерлер кеңешинин теңтөрагасы болду. Ошентип бара-бара коомчулуктун көз кырында, элдин сынында такай боло турган жеңил эмес жолго түштү.

Чоң саясатка 2010-жылкы апрель окуясынан кийин кирди. Парламенттик шайлоодо КСДПнын тизмеси аркылуу мандат алып, ошондон тарта эки ирет депутат болуп, акыркы он жылга жакын ишмердигин саясатка байлады. Бул жылдары башкаруучу партия КСДПны, анын парламенттеги фракциясын, коалициялык көпчүлүктү башкарды. 2016-жылдан тарта бир жарым жыл төрага болуп турду. Курсташтары алыстан багып, «Мына, Чыныбай азамат!» деп сыймыктанды.

Чыныбайдын азаматтыгы саясатчы катары абийирин, кадырын сактай билгендигинде болду. Дегеним, кыргыз коомчулугу, алардын ичинде журналисттер депутаттардын далайынын чектелүү акыл көрөңгөсү менен маданиятын, адамгерчилик кудуретин туюп-көрүп, айтып, кейип эле келатпайбы. Табиятындагы ак ниеттиги менен чынчылдыгы жаманатты иштерди жасаганга жол бербеди көрүнөт. Ал парламенттеги кырчылдашкан талаш-тартыштарда, саясий оюндар менен коштолгон кызыкчылыктардын кагылыштарында да өзүн калыс кармаганга, башкаруучунун камчысын аянбай чапкан «ыплас оюнчу» болбогонго аракет кылды. Айрыкча, төрага кезинде саясий күчтөрдүн ортосунда калыс позицияны бекем кармаганы үчүн партиялаштарынан «оппозицияга жан тартып атат» деп жемеге калган учурлары да коомчулукка маалым.

Муну 2017-жылкы президенттик шайлоодон кийин төрагалык кызматты өткөрүп берип жатып сүйлөгөн сөзүндө өзү минтип кыйытып белгилей кеткен: «Эң башкысы, менин саясий коньюктурадан эмес, мыйзамды сыйлоодон келип чыккан позициямды жактырбаса да колдоого алып келген бардык күчтөргө, президентке, депутаттар, сиздерге, аппаратка, өкмөткө, өзгөчө демократиянын өнүгүшүнө салым кошуп келе жаткан журналисттерге терең ыраазычылыгымды билдирем».

Президенттик шайлоо демекчи, президенттик шайлоо алдындагы талапкерликке байланышкан күрөштө Чыныбай ошол кездеги президент – башкаруучу партиянын лидери башында турган саясий оюндун курмандыгы болду. Президенттин убадасына, «талапкерликке берген батасына» ишенди, утулду, бирок, калыстык менен адамгерчиликти акырына чейин сактады.

Мурдагы жана кийинки президенттин тиреши мамлекеттик маселеге айланган учурда да өзүнө ыңгайлуу жээк издегени байкалган жок. Таасирден ажырап, башына иш түшкөн мурдагы президентти башка партиялаштарындай «тепкилеген» жок. Көшөкөрлөнүп, жаңы президентке жагуу аракети байкалбады. Тескерисинче, ошол эки президентти тең саясий айдыңга сүрөп чыгарган, кийин ошол эле экөөнүн айынан ыдырап бараткан башкаруучу партиянын ынтымагын сактап, саясий кризисти жөнгө салуу, «температураны түшүрүү» аракетин көрдү. Өлкөдөгү экинчи адам катары таанымал болуп калган салмактуу саясатчы тарабынан жасалган мындай мамиле анын кадырын көтөрбөсө, түшүргөн жок. Албетте, терендеп кеткен бул саясий кризисти чечүү ал учурда бир саясатчынын колунан келмек эместигин окуянын кийинки өнүгүшү көрсөттү.

Депутат Чыныбай Турсунбеков мыйзамдардын туура кабыл алынышына, так аткарылышына, сакталы-

шына ынтызар, ага салым кошууга дилгир саясатчы катары да өзүн көрсөтө алды. Өзүнөн кийинки төраганын башкаруусундагы парламент сессияларынын биринде мыйзамдардын «бармак басты, көз кысты» тейинде кабыл алынып жатышына чыдамы кетип, минтип кескин сындаганы бар: «Кийинки кезде резонанска айланып, коом катуу талкуулап, суукка карабай чыгып, ачкачылык жарыялап жаткан маселени «талкуусуз эле «ураалап» бүтүрүп салабыз» деген уят». Ушул эле жыйындагы Жогорку Кеңештин «жөн эле мөөр басып, кол көтөрүп берген нотариалдык кеңсеге айланганы» тууралуу пикири кийин ылакапка айланып кеткен.

Мүлкү тууралуу декларация толтурган депутаттардын байлыгынын эсеби боюнча тизилген тизменин башына бир жылы Чыныбай Турсунбеков чыкты. Мындай тыянакты өзү: «Мен эң бай болуп калыптырмын. Менден да байлар жарды болуп калыптыр» деп баалаган. Андагы расмий маалымат аттуу-баштуу саясатчылардын байлыгын сүрүштүрүүгө себеп болуп, журналисттер бир топ билермандардын жашырган жана декларацияга ачык каттаган мүлктөрүн салыштырып санап, коомчулуктун сынына койгон. Алардын ичинен Турсунбековдун декларацияга киргизбей койгон мүлктөрү жок болуп чыккан.

Журналисттерге ачык болду. Кайсы бир мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлүү маселелер, саясий жүрүштөр, талаш-тартыштар, көшөгө артындагы айыгышкан күрөштөр тууралуу маалыматтарды, божомолдорду, имиштерди тактоо, бийликтин позициясын билүү зарыл болгондо журналисттер дароо Чыныбай Турсунбековго байланышка чыгышаар эле. Ал төрага, коалициялык көпчүлүктүн, фракциянын башчысы кезинде

да журналисттерди кызыктырган суроолорго жооп берүүдөн качкан жок. Тигил же бул саясий окуяга, өзгөрүүлөргө ынанымдуу комментарий берип же коомчулукта күдүк ой жараткан мамлекеттик деңгээлдеги кайсы бир чечимдердин чоо-жайын калыс чечмелеп бергенге аракет кылды.

Ошол эле учурда журналисттерди жеке өзүнө карата туура эмес маалымат таратты деген негизде сотко берип, утуп алган же өз ара келишип, арызын кайтарып алган учурлары да болгон. Бир интервьюсунда журналисттерге карата чыдамсыз мамилеси, ал аркылуу сөз эркиндигине басым жасап жатканы тууралуу суроого, «Менин сатып алган телеканалым, радиом, журналистим жок, болгону өзүмдү сот аркылуу коргойм» деп жооп берген.

Азыр журналисттер чөйрөсүндө Чыныбай Турсунбековдун парламенттеги салмактуу ордун жоктогон пикирлер көп айтылат. Ал чынында эле депутаттар көрөңгөлүү болуп, «парламентте отуруу үчүн эмес, Кыргызстандын парламенттик өлкө болуусу үчүн бир багытта, эт-бетинен кетип иштешине» ынтызар саясатчылардан эле. Кыргыз коомундагы ачык-айкындыкка сыймыктанып, ошол эле учурда мыйзам үстөмдүгү орногон, демократиялык баалуулуктарды терең сиңирген өлкөдө жашап, иштегиси келген. «Азаттыкка» берген интервьюларынын биринде: «Дүйнө тез өзгөрүп атат. Мурдагы стереотиптерге эле бекем жабышып алсак, жашоо алдыга жылбайт, Кыргызстан оңой менен өзгөрбөйт» деп айткан.

Поэзияга ыктагандар Чыныбайдын акындык талантын бакпай, адамдын көкүрөгүн тазалаган канаттуу ырларды жазууга убакыт бөлө албай калганына өкүнүп калабыз. Бирок, артында акындык, ишкердик,

саясатчылык ишмердигинин ар биринин изи, эмгеги жана акыбети кайткан, кайтпай калган аракети, ишке ашыра албай калган чоң максаттары калды. Бул илдеттин айынан бул дүйнөдөн капыс өткөн бир мыктынын тагдыры болду.

... Табият адамгерчиликти, абийирди, акыл-эсти, шыкты аянбай берген Чыныбайдын да изи өчпөй, экинчи өмүрү уланары айныксыз.

**Болот Исаев**
коомдук ишмер

## САЯСАТЧЫ, ОКУМУШТУУ ЖАНА АКЫН

Чыныбай Акунович, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болгондон баштап жалпы жумурай-журтка тааныла баштады. Бара-бара Жогорку Кеңештин төрагасы кызматын аркалады. Көпчүлүктүн катарында мен дагы анын депутаттык жана төрагалык кызматтардагы эл, жер үчүн жасаган аракеттерине, саясатына жана ишмердүүлүгүнө акылыбыздын жетишинче тымызын баа бере баштаган элек. Кийин 2018-жылдан баштап таанышып, пикирлешип, өлкөдөгү абал, саясат жана башка маселелер боюнча баарлашып, сүйлөшүп жүргөн учурлар болду.

Пикирлешип сүйлөшкөн учурларда, өзүнүн жүргөн-турганы, жөнөкөй, жупуну инсан катары көрүнгөнү менен турмушта көптү көргөн, акылы терең, ар тараптуу инсан экендигин көрүнүп турду. Ар тараптуу дегеним, турмуш жолун адистик кесиби, чыгармачылыгы менен баштап, поэзия дүйнөсүндө лирик – акын катары таанылып, бир катар китептери жарык көргөн.

Илим жагына да чөмүлгөн окумуштуу, филология илиминин кандидаттык даражасына ээ болгон. Бизнес чөйрөсүндө белгилүү ишкер, өлкөбүздөгү эң ири ишканалардын бири «Акун» фирмасын түзүп ишке киргизип элге ак эмгегин тартуулаган. Мамлекеттик кызматкер, залкар саясатчы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V жана VI чакырылыштарынын депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп иштеген эле.

Чыныбай Акуновичтин дагы бир артыкчылыгы, жөнөкөйлүк сапаты менен ага кайрылган адамдардын суроолоруна терең маани берип, жардамын аябай, адамдын көңүлүн калтырбай, ким экенине карабастан сыйлай билгендиги менен өзгөчөлөнүп тураар эле. Сөзүм кур болбос үчүн айрымдарын эске салайын. Айылдын элдеринин кайрылуусу менен Панфилов районундагы «Букара» айылындагы курулушу токтоп калган орто мектептин курулушуна өзүнүн эсебинен жана мамлекеттин эсебинин жардам бердирип, курулуштун бүтүшүнө чоң жардам көрсөткөн.

Ошондой эле кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал, белгилүү акын Алыкул Осмоновдун 100 жылдык маарекесине карата Алыкулдун энциклопедиясын чыгарууга жана чыгармаларын топтоого, китептеринин жаңыланып басылып чыгышына жана музейин түзүүгө карата кош колдоп колдоо көрсөтүп, өзүнүн эсебинен ири суммадагы каражат берген. Сатира жана лирика жанрында таанымал, белгилүү сатирик акын Мидин Алыбаевдин 100 жылдык маарекесин өткөрүүдө каражат жактан жардамдарды берип, маарекени уюштуруучулардын баш сабында турду.

Чыныбай кандай иш-чара болбосун, өзүнүн жардамын, колдоосун көрсөтүп турчу. Самансур хандын 500

жылдыгына, акын, коомдук ишмер Абылкасым Жутакеевдин 120 жылдыгына, Жакыпбек баатырдын 200 жылдык маарекелерин жогорку деңгээлде өткөрүүгө карата кеп-кеңешин сунуштап, материалдык жактан да жардамдарын берип келди. Ушул өңдүү дагы ондогон мисалдарды келтирсем болмок, жогоруда алардын айрымдарын гана чагылдырдып жаздым.

Буларды жазуумдун максаты, сөз Чыныбайдын берешендиги жөнүндө болуп жаткан жок, сөз анын мекенчил инсан экендигинде, элге кайрымдуулугунда, иштин майда-чоңуна эмес, маңызына баа берген, уюткулуу кыргыз калкынын улуттук баалуулуктарынын сакталышына, анын өркүндөп жана уланып өсүп кетишине ар тараптуу колдоо көрсөтүп жаткан Улуу инсан экендиги менен элге таанылгандыгын баса белгилеп айтууну көздөдүм.

**Андрей Красников**

Председатель Совета директоров «Капиталбанка»

## ЧЫНЫБАЙ АКУНОВИЧ – НАСТОЯЩИЙ БИЗНЕСМЕН И БЛЕСТЯЩИЙ ПОЛИТИК

Время неумолимо. Но есть люди, над которыми время не имеет власти. Уже год, как нет с нами Чыныбая Акуновича, но мне до сих пор кажется, что он с нами, просто отошёл на минутку и вот-вот вернётся. А потом пойдёт мне навстречу, вечно улыбающийся, и скажет: «Как дела?», при этом вспомнит всех моих родственников, обязательно поинтересуется о здоровье родителей, спросит, как дела у супруги и детей, затем посмотрит на меня оценивающим взглядом: «С чем

хорошим пришёл?» – скажет. «Арыбаңыз, Чыныбай Акунович!» – отвечу я ему, а он хитро улыбнётся, и каждая морщинка на его добром лице разойдётся солнечными лучами. Конечно, в первую очередь, обсудим как живёт Кыргызстан, Чыныбай Акунович еще раз искренне удивится, как мудр и терпелив кыргызский народ, сокрушаясь тому, что опять не успел встретиться со всеми, кто шёл к нему со своими проблемами, не выслушал каждого и не смог решить всех тех проблем, которые несли к нему простые люди. При этом забывая о себе, отмахиваясь от советов подумать о своём здоровье. Он горел работой, новыми идеями, не останавливался ни на минуту, всё время мчался вперёд. Для меня он навсегда остаётся и останется именно таким, вечно жизнерадостным, мудрым, добрым, для кого понятие «жить для других» стало смыслом жизни. Я не могу говорить о нём как о том, кто ушёл от нас навсегда, для меня он до сих пор жив.

Почти 20 лет нашего знакомства убедили меня в одном – Чыныбай Акунович – это уникальный человек. Сочетание искренности, справедливости, честности, мудрости и природного обаяния создавали вокруг него ауру яркого света, который можно было почувствовать даже за много километров. Простое общение по телефону магическим образом позволяло решать проблемы, а поток оптимизма, который излучал его голос, просто смывал все сомнения и неуверенность. Оглядываясь назад понимаешь, что каждая минута общения с Чыныбаем Акуновичем наполняла твою жизнь каким-то особым смыслом, рождая надежды и чаяния, которые без него в принципе не могли появиться.

Мне посчастливилось несколько раз путешествовать вдвоём с Чыныбаем Акуновичем по Кыргызстану. Об одной такой поездке я хотел бы рассказать.

Чыныбай Акунович был очень лёгок на подъём, особенно если это касалось реализации новых проектов в отдалённых районах Кыргызстана. Уже не припомню, какие вопросы нас заставили ехать на южный берег Иссык-Куля, но в памяти одно – Чыныбай Акунович связался со мной вечером и просто сказал: «Завтра нас ждёт СКАЗКА». Я тогда не понял, что именно он имеет в виду. Вроде бы взрослый человек, а говорит о каких-то сказках? Он засмеялся в телефон и сказал, что это место такое на южном берегу Иссык-Куля, которое называется ущелье «Сказка».

Мы встретились рано утром и, без особой спешки, поехали в «Сказку». Дорога заняла несколько часов, но, как обычно, время с Чыныбаем Акуновичем пролетело незаметно. По дороге мы обсуждали все что нас окружало: дорогу, поля вокруг, стаи птиц, которые кружили над пролетающими мимо деревьями. У меня как сейчас стоит перед глазами эта картина: багряный рассвет ясного утра, серая дорога, скользящая под колёсами машины, поток тёплого августовского воздуха и мягкий голос Чыныбая Акуновича, который, особым и каким-то непостижимым образом, вкладывает слова прямо в твою душу. У меня до сих пор просто мурашки по коже от того, как он умел рассказывать о красоте Кыргызстана. А как звучал его голос, когда он говорил на кыргызском языке. Не каждый способен так любить свой родной язык. Я слушал мелодию его голоса и во мне, откуда-то изнутри, всё больше и больше росло нестерпимое желание проникнуть в самые потаённые уголки кыргызского языка, понять скрытый смысл каждого слова, звука. В такие минуты я искренне завидовал Чыныбаю Акуновичу, его манере просто и точ-

но излагать свои мысли, чёткому пониманию того, что он хочет и, самое главное, умению добиваться поставленной цели.

Заметив, что я уже притомился за рулём, Чыныбай Акунович предложил немного перекусить. Мы уже проехали Боомское ущелье, впереди, в синем тумане озера Ыссык-Куль, замаячил город Балыкчы, и мы остановились возле одной из многочисленных юрт. Помню, меня тогда удивила простота и непосредственность Чыныбая Акуновича, абсолютная неприхотливость и уважение к еде. А эта его любимая поговорка «ЖАКШЫ ТАМАК КАЛГЫЧА, ЖАМАН КУРСАК ЖАРЫЛСЫН (ЛУЧШЕ ПУСТЬ ЛОПНЕТ МОЙ ЖИВОТ, ЧЕМ ОСТАНЕТСЯ ХОРОШАЯ ЕДА)», просто ввела меня в ступор. Не каждый в наше время настолько уважительно относится к пище и труду других, не позволяя себе оставить даже крошку предложенного.

Вспомнив добрым словом всех, кто нам предложил пищу, поблагодарив за всё Создателя, мы закончили трапезу и продолжили наш путь.

Помню, Чыныбай Акунович, не отрываясь смотрел на гладь озера, как будто видел его впервые. «Соскучились по озеру?» – пошутил я. «Здесь моя душа», – ответил он. Его голос немного осёкся, и я почувствовал какие эмоции наполняли Чыныбая Акуновича. Эта ничем не измеримая, почти осязаемая любовь к Кыргызстану, искрилась в его глазах, чувствовалась во всех его движениях. Увидеть это – дорогого стоит.

Наша дорога петляла, мимо проносились дома, кусты, деревья. Казалось ничто не ускользало от взгляда Чыныбая Акуновича. Он то и дело отмечал недостатки дороги, засыхающие деревья, покосившиеся заборы, разбитые и наспех перекрытые крыши строений. Скла-

дывалось такое впечатление, что он видит всё вокруг и у него в голове имеется план, как это всё можно исправить. Удивительно, но, со временем, эти слова сбывались. Не знаю, связано ли это было с тем, что это говорил Чыныбай Акунович, но в последующем, когда я проезжал в тех местах, крыши перекрывались заново, ямы на дорогах куда-то исчезали, появлялись новые дома. Тогда у меня возникла мысль: Может быть слова Чыныбая Акуновича слышит Создатель и поэтому начинает помогать людям? Вот было бы хорошо, если бы Чыныбай Акунович проехал по всему Кыргызстану! Может быть тогда мы все стали бы жить лучше ...».

Помню, подъезжая к селу Каджи-Сай, Чыныбай Акунович попросил не торопиться, видимо мы уже приближались к цели нашего путешествия. Доехав до очередного перекрёстка, мы свернули с трассы. Дорога сузилась и запрыгала перед глазами, холмы сменяли друг друга, под колёсами шуршала галька. Когда дорогу перекрыла промоина от, видимо, недавнего селя, мы остановились. «Ну, пойдём, посмотрим» – сказал Чыныбай Акунович и мы, практически выпав из машины, направились к ближайшему холму. Чыныбай Акунович, опередив меня, легко взобрался на пригорок. Я последовал за ним и просто обомлел. Перед нами открылась картина, которую я никак не ожидал увидеть. Серые холмы вдруг вспыхнули яркими красками: красные, жёлтые, синие, зелёные ленты появлялись над землёй и снова скрывались, ныряя вглубь, чтобы опять появиться и вновь исчезнуть. Подобно хвосту гигантской птицы, эта пёстрая радуга уходила к горизонту. Как будто какое-то невиданное создание залетело в эти края, полюбовалось озером и ненароком оставило свои яркие перья. Всё это завершалось синей гладью озера и

едва заметными облаками, которые ласкал свежий лёгкий ветерок. Эта картина напомнила мне о детстве, а в душе возникло давно забытое ощущение чуда и сказки.

Я просто лишился дара речи. Чыныбай Акунович улыбнулся, увидев мою реакцию. Полагаю, он ожидал что-то подобное. Осмотревшись, только тогда я заметил, что вокруг достаточно много таких «цветных лент». Как сказал Чыныбай Акунович, в тех краях есть большие запасы кварца, которые как раз и объясняют такую необычную картину.

Мы пробыли там ещё около часа. После того, как Чыныбай Акунович побывал практически на каждом цветном холме, мы пустились в обратный путь. Помню, что от избытка чувств, которые переполняли меня практически всю дорогу, я молчал, а Чыныбай Акунович, напротив, говорил без умолку, как будто зарядился невидимой энергией, которая лилась через край и он был очень рад ею поделиться.

Вот такой был Чыныбай Акунович. Я бы хотел, чтобы каждый запомнил его таким: с неуёмной энергией, горячо любящего людей и свою Родину.

**Андрей Красников**

«Капитал Банктын» директорлор кеңешинин төрагасы

## ЧЫНЫБАЙ АКУНОВИЧ – ЧЫНЫГЫ ИШКЕР ЖАНА ЧЫГААН САЯСАТЧЫ

Убакыт күтпөйт. Бирок, убакыт өз бийлигине алалбаган адамдар дагы болот экен. Чыныбай Акуновичтин бизден кеткенине жыл айланып калса дагы, мага эмдигиче эле жаңы эле сыртка чыгып кеткендей, кайра эле кирип келчүдөй сезиле берет. Анан эле жылмаюсу

жанбаган жүзү менен «Иштер кандай?» деп алдымдан чыгат, чын дилинен бардык менин туугандарым жөнүндө сурап, сөзсүз эле ата-энемдин саламаттыгына кызыгып, аялым, балдарымдын ал-ахвал, иштерине чейин сурамжылап, анан мени сынаакы көзү менен карап: «Эмне жакшы жаңылыгың бар?» – деп сурайт. А менин «Арыбаңыз, Чыныбай Акунович!» – деген жообумду улай жылмайса, анын жагымдуу-жайдары жүзүндөгү ар бир бырышынан нур чачырап чыгар эле. Албетте, биринчи кезекте Кыргызстандагы абал жөнүндө сүйлөшөбүз. Чыныбай Акунович кыргыз элинин кандай гана даанышман жана сабырдуу эл экенине дагы бир ирет чын дилинен ыраазы болот. Өз проблемасы менен келгендердин бардыгына жетишип жолугуша албай калганына, ар бирин угуп жетишпей, карапайым адамдар айтып келген проблемалардын бардыгын эле чечүүгө мүмкүн болбой жатканын айтып кейийт. Ошол эле учурда өзүңдү, ден соолугуңду карабайсыңбы деп кеңеш бергендерге кулак салып да койбойт. Ал ишине баш-оту менен кирип, жаңы идеяларга күйүп-бышып, саамга да тыным албай, дайыма алдыга жол баштап турчу. Ал менин эсимде дайыма жана түбөлүккө качан да болсо жайдары жүргөн, даанышман, боорукер, «башкалар үчүн жашоо» өмүр таржымалына айланган адам катары калат. Ал биз менен түбөлүк коштошту деп айтууга оозум барбай койду, мен үчүн ал өлгөн жок, тирүү.

Менин аны менен болгон 20 жылдык тааныштыгым мени бир нерсеге ынандырды: Чыныбай Акунович – бул абдан уникалдуу адам. Ак пейилдигинин, адилеттүүлүгүнүн, чынчылдыгынын, даанышмандыгы менен жаратылыш тартуулаган жарык маанайынын шайкеш келүүсү анын айланасында көптөгөн чакырым алыстыктан да сезиле турган ушундай бир жагым-

дуу-жарык аураны пайда кылып турар эле. Жөн эле телефондон сүйлөшкөндө эле сыйкырдуу күчү бардай проблемалар чечилип, анын үнү менен кошо жаралган оптимизм чечкинсиздик менен ишенимсиздикти жууп кетчү.

Артка кайрылып караганда, Чыныбай Акунович менен баарлашкан ар бир минута сенин өмүрүңдү кандайдыр өзгөчө ойлор менен байытып, өчүп турган үмүтүңдү жандырып, көңүлүңдү көтөрүп койчу.

Мен да Чыныбай Акунович менен Кыргызстанды кыдырып саякаттоо бактысына туш келгем. Ошол иш сапарлардын бирөөсү жөнүндө айтып берейин.

Чыныбай Акуновичтин ыкшоолугу жок эле, Кыргызстандын алыскы райондорунун бириндеги жаңы долбоорлорго тиешеси бар болбосо да айрыкча көңүл бурчу. Ысык-Көлдүн түштүк жээгине кайсыл маселе менен барганыбыз азыр менин эсимде жок. Бир гана Чыныбай Акуновичтин кечинде чалып: «Эртең бизди Жомок күтөт» – дегени эсимде. Мен анда эмне жөнүндө айтып жатканын да түшүнгөн эмесмин. Чоң эле киши кайсыл жомок тууrasында айтып жатат? – дегиче телефондон күлүп, Ысык-Көлдүн түштүк тарабында «Жомок» деп аталган капчыгай бар экенин айтты.

Ошентип, эртең менен эрте жолугуп, «Жомокту» карай шашпай жол тарттык. Бир нече сааттык жол адаттагыдай эле Чыныбай Акунович менен билинбей өтүп кетти. Жолдо жолуккан нерсенин баарын талкууга алдык: жолдор, талаалар, улам артта калып жаткан бак-дарактарды айланып учкан куштар тууrasында сүйлөштүк. Ошол көрүнүш азыр да менин көз алдымда турат: ак-кызыл болуп таңдын атканы, дөңгөлөк алдынан өтүп жаткан бозоргон жолдор, август айынын жылуу абасы жана Чыныбай Акуновичтин

айткан сөзүн өзгөчө кандайдыр бир ыкма менен сенин жан дүйнөңө орнотуп коё турган коңур үнү.

Анын Кыргызстандын сулуулугу жөнүндө ушунчалык жугумдуу айтып бергенин эстегенде азыр да толкунданып кетем. Анын кыргызча сүйлөгөнү, үнү өзгөчө таасир калтырчу. Ар бир эле адам өз эне тилин анчалык сүйө албайт. Анын үнүнүн жаңырыгын угуп, мен анын ар бир сөзүн, үнүнүн ыргагын түшүнгүм келип, улам барган сайын кандайдыр каалоом күч алып кыргыз тилинин маңызын, мен жетик түшүнө албаган сырларын билгим келип кетти. Мына ушул мүнөттөрдө чын дилимден Чыныбай Акуновичке анын өз оюн так жана жөнөкөй түшүндүрө алганы, эмнени каалап жатканын даана түшүнгөнү, жана эң башкысы, алдыга койгон максатына жете билгенине суктанып турдум.

Рулда келатып чарчай түшкөнүмдү байкадыбы, Чыныбай Акунович тамак ичип алалы деп сунуштап калды. Биз Боом капчыгайынан өтүп, көгүлтүр Ысык-Көл, Балыкчы шаары көзгө урунуп калган. Биз көп боз үйлөрдүн бирине токтодук. Ошондогу Чыныбай Акуновичтин кандай тамак болсо да тандабай ичип алган жөнөкөйлүгү менен жупунулугу мени таң калтырган. Анын өзү жакшы көргөн «Жакшы тамак калганча, жаман курсак айрылсын» деген учкул сөзү менин эсимди эки кылды. Ар бир эле адам алдына коюлган ашка жана аны жасаган адамдардын эмгегине анчалык урмат-сый менен мамиле кылып, сапатына карабай калтырбай жеп, ыраазычылык билдирип кетээрине көзүм жетпейт.

Тамак-аш бергендерге ыраазычылык айтып, Аллага шүгүр келтирип, кайрадан жолго чыктык. Чыныбай Акунович биринчи көргөндөй көлдөн көзүн албай телмирип келатканы эсимде. «Көлдү сагынып калыптыр-

сызбы?» – деп тамашага салдым. «Менин жан дүйнөм мына ушул жерде» – деп жооп берди. Үнү башкача чыкты, Чыныбай Акуновичти кандай сезимдер курчап алганын туюп турдум. Анын Кыргызстанга болгон кайталангыс, эч нерсе менен бааланбай турган арзуусу жанып турган көздөрүнөн, ар бир кыймыл-аракетинен көрүнүп турган болчу. Бул көрүнүш – өтө кымбатка турган көрүнүш.

Жолубуз уланып кете берди. Үйлөр, бак-дарактар, бадалдар артта калып жатты. Эч нерсе Чыныбай Акуновичтин көз жаздымында калган жок окшойт. Ал жолдордун бузулуп кеткенин, бак-дарактардын куурап калганын, ураганы турган дубалдарды, чала жабылган ар кандай курулуштарды белгилеп жүрүп отурду. Ал мына ушулардын бардыгын байкап жана аларды кантип тартипке келтирүүнүн жолдорун ойлонуп келаткандай таасир калтырды. Таң калыштуусу, ушул ойлор кийин ишке ашты. Мен чынында так билбейм, алар туурасында Чыныбай Акунович айткан үчүнбү же башка жагынанбы, мен кийин ушул жол менен өткөндө кыйшайган чатырлар жабылып, жолдордун ой-чуңкуру оңдолуп, жаңы үйлөр курулуп калыптыр. Ошондо мага мындай бир ой келди: «Балким Чыныбай Акуновичтин үнүн Жаратканым өзү уккан чыгар, ошон үчүн адамдарга жардам берип жаткандыр? Чыныбай Акунович бүткүл Кыргызстан боюнча кыдырып ушундай кылганда, биз бардыгыбыз жакшы жашоодо жашамакпыз...»

Менин эсимде, Кажы-Сай айылына жетип калганыбызда Чыныбай Акунович жайыраак айдашымды суранды. Бара турган жерибизге жакындап калыптырбыз. Кезектеги жолдун кесилишинен оңго бурулдук. Төө өркөчтөнгөн бөксө тоолорду аралап, өңгүл-дөңгүл тар жол менен жылып жөнөдүк. Сел жүрүп суу жеп

кеткен жерге чейин келип токтодук. Чыныбай Акунович «Кана, анда барып көрөлүк» дегенде машинадан түшүп эле, жакынкы дөбөнү карай бастык. Чыныбай Акунович менден озунуп дөбөгө мурда чыгып барды. Артынан чыгып барган менин эсим ооп калды. Биздин алдыбызда мен эч күтпөгөн укмуштуудай кооз картина көз алдыбызга тартылды. Капысынан эле бозоргон дөбөлөр кызыл, жашыл, сары, көк боёкторго боелгон түстүү нурлар бирде жоголуп, бирде пайда болуп жатты. Эбегейсиз чоң куштун канатындай күндүн желеси горизонтко барып кирип жатты. Кандайдыр бир көзгө илээшпеген кооз куш бул жакка учуп келип, көлдү карап суктанып, өзүнүн укмуш кооз канаттарын унутуп кеткендей. Мына ушунун бардыгы көк мелжиген көлдү акмалаган ак булуттарды аймалаган керимсел жел менен коштолуп аяктады. Бул көрүнүш менин балалыгымды эске салып, жан дилимде эстен чыгып бараткан керемет жомоктор кайра жаңырды.

Мен тилден калган немедей телмирдим. Чыныбай Акунович менин абалымды көрүп жылмайып койду. Ал ушундай нерсени күткөн окшойт. Эки жагымды карап, анан барып айлананын баары «түстүү ленталар» менен курчалганын байкадым. Чыныбай Акунович бул жакта кварцтын чоң запасы бар экенин жана ошондон улам мына ушундай түркүн түс кооздук жаралып жатканын айтты.

Биз дагы бир саатча ошол жакта жүрдүк. Чыныбай Акунович ар түстөгү дөңсөөлөрдүн бардыгына чыгып-түшкөндөн кийин кайра артка жол тарттык. Мен болсо ошол көргөн-билгендеримдин бардыгын сиңире албай жол бою унчукканга да жараган жокмун, Чыныбай Акунович болсо, тескерисинче, кандайдыр толуп-ташып турган күч-кубат алгандай жана ошону менен бөлүшүүгө шашкандай токтобой сүйлөп жүрүп отурду.

Чыныбай Акунович мына ушундай адам болчу. Мен, биз бардыгыбыз аны ашып-ташкан энергиялуу, өз Мекенин жана адамдарды артыкча сүйгөн адам катары эстеп жүрсөк дээр элем.

**Токтосун Шамбетов**
журналист

## КАЛЫС САЯСАТЧЫ, ИШКЕР ЖАНА АКЫН

Алгач ишкерлик менен алектенип, кийинчерээк саясатка кызуу аралашкан, бир канча ыр жыйнагын чыгарган Чыныбай Турсунбеков Кыргызстанда либералдык реформаларды өнүктүрүүгө тилектеш болуп, демократиялык баалуулуктарды, сөз эркиндигин сүрөп келген.

Чыныбай Турсунбеков менен ийиндеше иштеген Жогорку Кеңештеги кызматташтары ал парламентаризмди өнүктүрүүгө, ачык коом түзүүгө аракет кылган, ар тараптуу билимдүү депутат, парламенттин төрагасы болуп турганда калыс спикер болгонун айтып эскерип жатышат.

Парламенттин депутаты Садык Шер-Нияз Чыныбай Турсунбеков жөнүндө айтып жатып, 2016-жылдары мурдагы президент Алмазбек Атамбаев менен «Ата Мекен» партиясы тирешип турган учурларды эстеди. Садык Шер-Нияз Турсунбековдун парламент төрагасы катары калыстыктан тайбаганына азыркыга чейин баа берет. «Фракциянын башына мүшкүл түшүп, Текебаевди камап, башкалардын үстүнөн кылмыш иши козголгон учурлар болгон. Ошондо Чыныбай Акунович демократиянын туу чокусун көрсөткөн. Кайсы депутат болбосун сөз берип, түшүнүү менен кабыл алган.

Спикерге депутаттар ачуу сөздөрүн айтып жиберишет, ошолорду токтоолук менен көтөргөн.

Акын-жазуучулардын кейиштүү тагдырлары, аларды колдоо жөнүндө ой калчаганда пикирлерибиз бир чыкчу. Ичи терең, интеллектиси бийик адам гана чыгармачылык жөнүндө ушундай ойлонот. Менден кийин «Ким менен иштегенсиң?» деп сураса, эң биринчи Чыныбай аганы айтам. Айла жок, алдырып отурабыз», – деп жоктоду ал.

«Ата Мекен» партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев да Чыныбай Турсунбеков саясий жолунда кандай гана учур болбосун, калыстыкты кармануууга аракет кылганын өзгөчө белгилейт. Маселен, Турсунбеков 2017-жылы президенттикке атаандаш талапкер катары ат салышууга ниети бар экенин айтып чыккандан кийин ошол кездеги президент Алмазбек Атамбаев менен мамилеси сууй түшкөнү белгилүү. Бирок кийин жаңы бийлик тушундагы Атамбаевдин башына иш түшкөндө калыс сөзүн аяган эмес экен.

«Чыныбай ар дайым объективдүү позицияда турганга аракет кылар эле. Убагында Атамбаевге да бир топ каршы болор эле. Мени колдоп жүргөндүктөн Атамбаев жини келгенде «Чыныбай Чиркешович!» деп коёр эле. Кийин Атамбаевдин башына иш түшүп, Кой-Ташта жашынып жатканда башкаларга окшоп Атамбаевди жамандап кеткен жок. Баарына бирдей мамиле кылып, калыс көз караштты кармана билчү эле.

Чыныбай ишкер болгондон кийин чоң уюштуруучу болчу. Биз аны аткаруу бийлигине барып өз жөндөмүн көрсөтөт деп жүрчүбүз. Чыныбай Акунович өкмөт курамында бир топ иштерди жасоо мүмкүнчүлүгү бар болчу. Эми ал үмүт болбой калды...» – деди Текебаев.

Чыныбай Турсунбековдун позицияга бекемдигин мурдагы президент Алмазбек Атамбаевдин бала-

сы Кадырбек Атамбаев да жазды. Кадырбек Атамбаев Социал-демократтар партиясынын атынан кайрылуу таратып, Чыныбай Турсунбеков атындагы жылына тапшырылуучу сыйлык уюштурулаарын билдирди.

Буга чейин айтылгандай, Чыныбай Турсунбеков 2017-жылы Жогорку Кеңештин төрагасы болуп турган кезде президенттик шайлоого да катышуу ниетин билдирген. Анын бул ниети ошол кездеги президент Алмазбек Атамбаевдин айланасындагы күчтөрдүн ичинде жана ошол убакта бийликте турган Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын (КСДП) ичинде чоң талкуу жараткан жайы бар. Бирок кийинчерээк Чыныбай Турсунбеков кеңешүүнүн натыйжасында президенттик жарышка чыгуу ниетинен кайтканын жарыялаган.

Чыныбай Турсунбеков саясатка келгенче өлкөдөгү ири ишкерлердин бири болгону маалым. Ал 2010-жылы КСДПнын тизмеси менен парламент депутаттыгына шайланып, фракцияны жетектеген. 2015-жылкы парламенттик шайлоодо да социал-демократтардын тизмесин жетектеп барып, кайрадан фракция лидери болгон.

2016-жылы ал кездеги спикер Асылбек Жээнбеков агасы Сооронбай Жээнбеков премьер-министрликке бекигенине байланыштуу өз арызы менен кызматтан кеткенде Жогорку Кеңештин төрагалыгына шайланган.

Жаш депутаттардын бири Элвира Сурабалдиева Чыныбай Турсунбеков менен 2005-жылдан бери тааныш. Сурабалдиева Турсунбековдун саясаттагы жолу жаш саясатчылар үчүн үлгү болуп калаарын билдирди:

«Парламентте аброю бар болчу. Саясатта интрига көп, көзүңө бирди айтып, мындайда бирди айткандар көп. Чыныбай Акунович андай кир оюндарга аралашкан жок. Спикер, фракция лидери да болду. Жаштарга

колу ачык болуп, эч качан кеңешин аябай, саясаттагы окуяларды ачык айтып берчү. Мен саясатта жүрүп көрдүм, далай кишилердин байлыкка, бийликке жеткенден кийинки мүнөзүн көрдүм. Ал эми Чыныбай Акунович мен тааныган 15 жылдан бери бир калыпта жүрдү».

Чыныбай Турсунбеков жергиликтүү журналисттер менен болгон маегинде жогорку кызмат тууралуу мындай дегени бар:

«Мен бийликтин деле баш айландыруучу эч нерсесин көргөн жокмун. Мен эми кошоматка муктаж адам эмесмин. Өз жашоомду өзүм түзүп алгам. Эч ким жардам берген эмес. Ошол жашоомдон ырахат алам. Кошомат кылган он адам тегеректеп алгандан көрө он китеп окуганым жакшы. Жашоо түшүнүктөрүм ушундай».

Чыныбай Турсунбековдун бир нече ыр жыйнактары чыккан. Андан тышкары ал орус тилинен Николай Рубцовдун, түрк тилинен Осман Түркайдын айрым ырларын, түрк жазуучусу Нихал Атсыздын «Көкжалдардын өлүмү» романын, ошондой эле Түрк Тил курумунун тапшырмасы менен «Түрк дүйнөсүнүн адабияты» деген аталыштагы эки томдукту кыргыз тилине которгон.

Ал саясат менен кошо чыгармачылыгын таштабады, айрым учурда парламент залында көйгөйлөрдү ырга салып ийчү.

«Өф – өф түтүн, өф түтүн, өз шаарыңан көч бүтүн,
Өлүм алып келем деп, өжөрлөнөт көк түтүн.
ТЭЦтен чыгат көк түтүн, мештен чыгат көк түтүн,
Машинелер чубаса, чубайт арттан көк түтүн.
Өф – өф түтүн, өф түтүн, өлүп кеткир көк түтүн,
Өрдөп мурун-жүлүндү, өпкөбүзгө өч бүтүн.

Күнү каптайт калааны, түнү каптайт калааны,
Түйшүк кылып алдык биз, түтүн деген балааны».

Турсунбеков бир катар акын-жазуучулардын чыгармачылыгын колдоо үчүн демөөрчүлүк кылып келгени, ЖОЖдордун профессорлоруна, окумуштууларына Ысык-Көлдөгү «Акун» эс алуу жайында жайкысын эс алууга жыл сайын шарт түзгөндүгү маалым.

8

## МЕНИН ЗОР БААЛУУЛУГУМ – БАЛДАРЫМ

***Нуржан Тентимишова:***

Менимче үй-бүлөдө баары аман-эсен болсо, бири-бирин түшүнүп, колдоп турушса, үй-бүлө мүчөлөрү чогуу болгонду каалап, бири-бирине тартылып турса – муну бактылуу үй-бүлө десек болот. Чыныбай экөөбүздүн үй-бүлө курганыбызга 3 январь 2021 жылы 35 жыл болмок. Эки кыз, бир уулду тарбияладык.

Биз балдарыбызга татыктуу үлгү болууга аракет кылдык. Кыздарыбыз Айдай менен Бегимай кичинекейинен Ысык-Көлдөгү пансионатыбызда иштешти. Жыл сайын жай келгенде барып иштеп акча таап, келип мектепке керектүү нерселерди алышчу. Студент кезде да окуудан эс алууга чыкканда эле пансионатка иштегени кетишчү. Бир жолу башкалардын балдарын карасам, чет өлкөлөрдө эс алып жүрүшөт. Ошондо балдарыбызды кичинесинен иштетиптирбиз деп жүрөгүм аябай ооруду. Анан кыздарыбызды отургузуп алып: «Кыздарым, силерди эч жакка эс алууга да жибербей, кичинеңерден иштетип туура эмес кылган окшойбуз», – десем, алар «апа, пансионатты ачып берип койгонуңарга эле рахмат, биз жашообузду көлсүз элестете албайбыз», – дешти. Ошондо жүрөгүм тынчып калды.

Кыздарыбыз такшалып калышты, азыр кайсы иш болбосун көзүн таба алышат. Улуу кызыбыз Айдай «Дөөлөт Трейдинг» компаниябыздын башкы директору, «Капитал» банкта директорлор кеңешинин мүчөсү. Экинчи кызыбыз Бегимай «Акун» компания-

лар тобунун финансовый директору, жайында «Акун Ысык-Көл» пансионатын барып иштетип жүрөт. Экөө тең Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин (АУЦА) Бизнес башкаруу факультетин 2-чи жана 3-чү даражадагы дипломдор менен бүтүрүшкөн. Окуп жүргөндө «SIFE» (студенттердин эркин ишкерликтеги бизнес долбоорлорун ишке ашыруу) программасына активдүү катышып жүрүштү. Айдай курсташтары менен майыптарга тигүүчү цех ачууга жардамдашып, алар тиккен биринчи шейшепти үйгө алып келип, ага кубанганы али эсимде. Кийин Түштүк Кореядагы бизнес мектепке өтүп, баллы жогору болгондуктан жүз пайыз жеңилдик алып окуду.

Кореядан кайтып келгенден кийин, мамлекеттик системада иштесем өлкөгө көбүрөөк пайда алып келем, бирок биринчи кезекте ал багытта билим алышым керек деп бир нече чет өлкөлүк университеттердин магистратурасына документтерин тапшырды. Нью-Йорк университетинин Мамлекетти башкаруу боюнча магистратурасына жана Лондон экономика жана саясат мектебине чакыруу алып, Нью-Йорк университетинин магистратурасын тандап алып «Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасы» адистиги боюнча билим алды.

Нью-Йоркто окуудан тышкары жакыр өлкөлөрдүн өнүгүүсү боюнча иш алып барган Бириккен улуттар уюмунун капиталдык өнүктүрүү фондунда консультант болуп иштеди. Танзаниядагы социалдык инвестициялык долбоорго катышты. Өзү айткандай «таптакыр жат болгон өлкөнүн өнүгүүсүнүн үстүндө иштөөнүн ордуна мен дагы Кыргызстанда ушундай кылсам деп ойлоп» Кыргызстанга кайтып келди.

Өзүнө да, бизге да чет өлкөдө жөн эле билим албаганын далилдеш үчүн жумушту өзү издеди. Курбум Инвестицияларды тартуу агенттигине резюме тапшы-

рууну сунуш кылды деп, резюмесинде атасынын атын жана биз менен байланыштыра турган информацияларды өчүрүп собеседованияга барып, аны ийгиликтүү өтүп, Агентстводо иштеп калды. Бирок бир жылдан кийин «мен бул жакта жөн эле убактымы өткөрүп атам, ишти жылдырыш мүмкүн эмес экен» деп компаниябызга келип иштеп калды.

Уулубуз Эржан менчик мектепте мыкты окуп, төлөмдө жыл сайын 20 пайыздык жеңилдик алып жүрдү. Мен «ал 20 пайыз сенин окууң менен иштеп тапканын» деп койсом, кубанып калчу.

Эржан да Борбордук Азиядагы Америкалык университетиндеги (АУЦА) Экономика факультетинде окуду. Университетте окуп жүргөндө досу менен жайкы эс алуу маалында Америкага «Ворк энд Тревел» программасы менен кетип официант болуп иштеп да жүрдү.

***Чыныбай Турсунбеков:***

Эмнегедир айрымдар бийлик аркылуу байлык топтоого жан талашып жаткандай туюлат. «Арам байлык аш болбойт» деп кыргыз таамай айткан тура. Биз өзүбүздү эле эмес, балдарыбызды да ойлошубуз керек. Мына, эки президентибиздин кайсынысынын баласы Кыргызстанда – Ата конушунда ээн-эркин басып жүрөт? Балдарыбызга байлыкты адал мээнет менен табуу керектигин үйрөтүшүбүз керек. Ошондой болгондо гана бала-чакабыз башын бийик көтөрүп басып жүрөт.

Кызматым, материалдык байлыгымдан да баалуу балдарым деп билем. Анткени үй-бүлө адамдын башкы таянычы. Балдарым менин жолумду улантуучуларым. Акыркы учурларда аларга керектүү убакытты бүлө

албай келем. Кызым Бегимай «Атамды телевизордон гана көрүп калдым» деп тамашалап калат. Бирок кыздарым, уулум жана жубайым мени колдоп турушат. Жеңилимди жерден, оорумду колдон алган, мен сыймыктанган үй-бүлөм бар.

**Айдай Турсунбекова**

# АТАМ ЭЛДИН СЫЙМЫКТУУ УУЛУ

## «Миллионердин миллион карызы болот»

Атам «миллионердин миллион карызы болот» деп айтып калчу эле бизге. Анан бизнести кантип баштаганын, кандай кыйынчылыктарга туш келгенин көп айтар эле. Көрсө, бизди ошолордон сабак алсын дечү окшойт. Атамдын бизге айткан маалыматтарын дал өзүндөй мисал келтирейин: «Алгач 1996-жылы Европалык өнүктүрүү банкынан 170 миң доллар кредит алып, тилекке каршы анын 124 миң долларын түркиялык өнөктөшүм алдамчы чыгып калып, ага жедирип жибердим. Агамдын, бажамдын, өзүмдүн үйлөрүмдү күрөөгө койгон элем, баарыбыздын акыбалыбыз кыйын кырдаалга кептелди. Тааныган кишилерден карызга алынган акчаны өндүрүшкө салып, карыздан кутулууга аракет кылдым. Кредиттен кредит алдым. Ошол мезгилде 148 пайызга чейинки үстөк менен кредит алган учурларым болгон.

Анан Түркияда элчиликте иштеген аксакалыбыз 40 пайыз менен кредит берип, ошону менен эки жылда карыздардан кутулдум. Күн-түн дебей иштеп, экинчи жылда дагы 100 тонналык тегирмен курууга жетиштим. Ал учурда иштин көптүгүнөн үйдөн саат 6да чыгып, кечинде 11де кайтчубуз. Маңдай тер менен

«Акун» фирмасын бутка тургуздук. Мен «Акунду» 13 жыл башкардым, ал аралыкта ишкананын ичинде 9 фабрика ачтык. Германиядан кыска макарон чыгарган, Италиядан спагетти чыгарган, Кытайдан кесме чыгарган жабдууларды алып, өндүрүштү күчтөндүрдүм. Айтор жыл сайын, ашып кетсе эки жылда бирден фабрика ачып, 13 жылда тогузга жеткирдик. Үзүрлүү иштеген экенбиз, чакан аралыкта өндүрүштөгү лидерге айландык».

### Аргасыз кепил болуу

Апам 2000-жылы 2 млн 400 миң долларлык чоң кредит алышканын көп эскерчү эле. Ал кредитке немецтердин технологиясы менен иштей турган макарон фабрикасын курушкан. Бул чоң суммадагы кредитти алыш үчүн ошол кездеги иштеп жаткан бардык компанияларын күрөөгө коюшкан.

Апамдын айтуусу боюнча бул кредитти алганга апам каршы болгон. Бирок атам «биз бул кредитти тобокелчиликке салып албасак компанияны өстүрө да, өнүктүрө да албайбыз» дегенинен улам, апам тобокелдикке аргасыз барып, «поручитель» болуп кол коюп берген. Бирок ошондо кепил болуп кол коюп берип атканда колунун калтыраганын көпкө чейин унута албай жүргөн.

### Чоң турмуштун биринчи сабагы...

Синдим экөөбуз кичине кезибизден баштап иштедик, мен 7-классты, синдим 5-классты бүтүргөндөн кийин. Ысык-Көлдө пансионатыбыз бар. Ата-энебиз аны 1999 жылы тендерге катышып, 4,5 млн сомго сатууга чыгарылган пансионатты 10 млн сомго сатып алышкан.

Жайкы каникул башталар менен биз пансионатка кетчүүбүз. Алгач пляжда эс алуучуларга зонтик, лежактарды ижарага берип иштедик. Чарбалык короодогу жатаканада жашадык. Биринчи айлыгыбызды алган күнүбүз да эсимде. Биз апамдан айлык кандай эсептелерин мурдараак эле сурап-билип алган болчубуз. Бирок колубузга тийген акча биз күткөндөн аз болуп чыкты. Апама барып айлык аз чыкканын айтып арыздандык. Апам болсо, аны мага эмнеге айтып жатасыңар, барып башкы бухгалтер менен эсептешип алгыла деп салды. Ошентип биз чоң турмуштан биринчи сабагыбызды алдык: кандай проблема болсо да ата-энебизден жардам сурабай туруп, аны өзүбүз чечкенге аракет кылышыбыз керек экен.

Жыл сайын пансионаттын ар кайсы бөлүмдөрүндө иштеп тажрыйба топтой алдык. Мен 21 жашымда пансионаттын директору болдум, кийин менин ордума синдим иштеди. Ата-энебиз бизге: «Силер бизден да акылдуу, бизден да ийгиликтүү болосуңар. Анткени силердин жашыңарда бизде силердикиндей билим, тажрыйба болгон эмес» – деп айтып калаар эле.

## Атамдын эскерүүсүнөн дагы бир шилтем

«Раматылык Табылды Эгембердиев атайын келип: «Чыке, Бишкекте мелькомбинат, Кара-Суудa «Даназык», Балыкчы, Токмокто чоң тегирмендер бар. Ушундай чоң аттандаштык бар жерге кыргыздын бир кетирейген баласы Нарындан түшүп тегирмен куруп, иштеткени жатат дегенди укканда, шак эле: «андан эч нерсе чыкпайт!» – дедим эле. Сен өжөр жана көзү жетик экенсиң. Баарын жеңип, эми лидерге айландың!»- деп тамашалап калчу. Чындап эле мен чоң тобокелчилик менен иш баштагам, бирок эл кара нан жеп калганда эле тиги чоң тегирмендер кыйратып иштеш-

пей жатканына көзүм жеткен, кийин ошол оюм туура болду. Албетте, мени көргөндөн кийин мага мамилеси түз жүргөн көптөгөн замандаштарым иштин жөнүн үйрөнүп бул тармакка кирди, азыр да иштеп жатышат. Айрымдары ачык эле биз «Акунду» талкалайбыз деген ураан менен иштеди. А мен болсо: «бирөөнүн өлүмүн тилегиче, өз өмүрүбүздү тилейли!» деген ниетти бекем туттум. Кудайга шүгүр кадырыбыз кемиген жок».

## Атамсыз өткөн туулган күн...

*2020-жылдын 28-сентябры*

Бүгүн апамдын туулган күнү. Бул күн атамсыз өткөнү жатат. Апама өтө оор экенин түшүнүп турам: жылдагыдай таң эрте апамдын сүйүктүү гүлдөрүнөн жасалган гулдесте жок, атамдын өз колунан атайын даярдалган эртең мененки тамагы жок, кечкисин үй-бүлөбүз менен чогуу ресторанда апамды куттуктап, өзгөчө берилген белек жок.

Ушунун баарын биз жасасак да баары бир окшошпой тургандыгын сезип турабыз. Себеби жанында бир бүтүндүктү түзгөн, бири-биринин оюн айттырбай түшүнүшкөн сүйүктүү жары жок. Атам менен апам жашоодо бири- бирин толуктап турушчу.

Апа, ооба, Сиз бул күндү атамсыз өткөрөсүз, бирок биз, Сиздин балдарыңыз, жаныңыздабыз. Атам болсо ар дайым биз менен, биздин жүрөгүбүздө, өзүнүн эстелик катары калтырган ыр саптарында түбөлүккө жашайт! Туулган күнүңүз менен, АПА!

## Телефон тартпаган жай, айтылбай калган сөздөр...

*2020-жылдын 15-октябры*

«Ата, туулган күнүңүз менен!» – менин бүгүнкү күнүм ушундай телефон чалуу менен башталышы керек

эле. Бирок бүгүнкү күнүм өкүнүч менен, мындан ары атамды кайра көрбөй тургандыгымды эстеп капалануу менен башталып олтурат.

Атамды биздин арабыздан мынчалык эрте кетет деп ойлогон эмесмин. Күч-кубатка толуп, турмуштук тажрыйбага каныгып, калкыбыз үчүн албан-албан иштерди аткара турган куракка келгенде «келбес жайга» кете берди. Көзүнүн тирүүсүндө мен аны канчалык жакшы көрөрүмдү, мен үчүн жасаган мээнетине чексиз ыраазылыгымды көп-көп айта албай калгандыгыма өкүнөм.

Бала кезимде мен апама караганда атама жакын болуп өстүм. Бала чагымдагы атам жөнүндөгү жаркын элестердин бири – аны менен чогуу барып уктоо үчүн, ашкананын эшигиндеги айнекти шыкаалап карап олтуруп күткөн учур. Ал кезде атам кандидаттык диссертациясын жазып жүргөн мезгил эле. Ашкананын эшигиндеги булаңгыр баскан айнектен көрүнгөн атамдын иштеп олтурган элес-сөлөкөтү азыр да көз алдымда турат…

### Паракорлук алгач ирет тизеге чапканда

Паракорлукту жана коррупцияны жектеген алгачкы турмуштук сабакты мен 17 жашымда алдым. Мектепти аяктагандан кийин мен Кыргыз-Орус Славян университети менен Борбор Азиядагы Америка университетине тапшырып көрүүнү чечтим. Кыргыз-Орус Славян университетине сынак тапшырган күнү атам мени алып кетүү үчүн машинасы менен келип, «деканатка кирип чыгам» деп кирип кетти. Мен аны машинада күтүп олтурдум. Атам эмнегедир капалуу чыкты, келип машинасын от алдырды да: «Сен бул университетте эч качан окубайсың» - деди. Себебин кийин билдим, көрсө ал жердегилер атамдын көзүнчө

эле университетке өткөрүү үчүн пара алып жатышкан экен. А мен өзүмдү коёрго жер таппай, «эми АУЦАга өтпөй калсам эмне болот» деген ойлор менен алпурушуп жаттым. Себеби мен башка окуу жайларга окуу тууралуу ойлонгон да эмесмин. Атам менин абалымды туура түшүндү, эч нерседен бейкапар гана «быйыл өтпөсөң, кийинки жылы тапшырып көрөсүң, же чет өлкөгө барып окуйсуң» – деди. Бактыма жараша, мен АУЦАга өттүм.

### Саясат – «бөөлөрдүн» эмес, дөөлөрдүн жолу

Мен «атам саясатка аралашпай эле койсо болмок» – деп ичимден көп ойлончумун. Себеби чогуу бирге болгон учурларыбыз азайды, демалыш күндөрү киного барып, андан кийин ресторанга барып, кечки тамак ичкен күндөрүбүз жокко эсе болуп калды. «Акундун» өнүгүүсү солгундап кетти. Албетте, биз өз ишибизди жакшы эле аткарып жаттык, бирок «Акундун» лидери жана башкы дем берүүчүсү атам экендиги белгилүү эле. Андыктан бардык жаңы долбоорлор анын демилгеси менен ишке ашырылчу. Анын чоң саясатка аралашып кетүүсү менен ал долбоорлордун көпчүлүк бөлүгү ишке ашпай калгандыгы да өкүнүчтүү. Бирок мындай учурларда эмнегедир атамдын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине алгачкы жолу депутат болуп шайланган күнү эсиме түшөт. Ооба, мындан туура он жыл мурун биз ресторанда олтуруп, атамдын туулган күнүн белгилеп жаткан элек. Жаныбызга бир кичинекей бала басып келип, «Сиз үчүн биз үй-бүлөбүз менен СДПКга добуш бердик» – деп айтты. Алгачында анын саясатка аралашуусуна биз үй-бүлөбүз менен каршы болсок дагы, бул жолу мен атам менен ушунчалык сыймыктанып турдум.

Атамдын көзү өткөндөн кийин ал ишке ашырган долбоорлор тууралуу мага айтып беришти. Нарынга барганымда мен таанбаган эле адамдар келип, алардын айылы үчүн атам жасап берген иштерин айтышканда жана Фейсбук аркылуу көңүл айтышып, республикабыздын башка региондорундагы аткарган иштерине ыраазылык билдиришкенгде, мен атамдын орду чынында эле чоң саясатта экендигин түшүндүм. Ооба, атам көптөгөн башка саясатчылардан айырмаланып турар эле. Себеби эч качан интригаларга тартылбаган принципиалдуу, өзүнүн турмуштук баалуулуктары бар жана өз абийирине эч качан кыянаттык кылбаган адам болгон. Биз: «Саясат – сасык иш» деп айтсак, ал дайыма мындай деп жооп берер эле: «Саясаттагы адамдар сасык болгон үчүн, саясат сасык». Ошондой эле апамдын: «Саясатка барганыңа өкүнбөйсүңбү?» деген суроосуна: «Эгерде мен саясатка барбасам, бул дүйнөдө адамдардын арасында «арстан», «карышкыр» жана «түлкү» гана эмес, чөөлөр да бар экендигин билбей эле өтүп кетмек экенмин. Өкүнүчтүүсү, алардын арасында чөөлөр көпчүлүктү түзөт экен», - деп жооп берди эле. Демек, Саясатка өз чөнтөгүн ойлобой, кайсы бир клaverandын кулу болбой, жалпы элдин келечегин көздөгөн, адилеттиктин туусу болгон залкар адамдар келиши керек экен! Сиз бир ырыңызда жазгандай саясат дөөлөрдүн жолу экен!

Ата, туулган күнүңүз менен! Биздин тулку боюбузга сиңирип кеткен турмуштук баалуулуктарыңыз жана принциптериңиз үчүн, сиз калыптандырган кайратман мүнөз жана Сиз тартуулаган жаркын өмүр үчүн Сизге чоң рахмат, терең ыраазычылык. Бул жашоомду Сиз сыймыктангыдай кылып жашап өтүүгө убада берем!...

## Акыйкат акыры айтылат

Жакында эле мага Азаттык радиосунун «Эксперттер талдайт» аттуу программасынын видеотасмасын жөнөтүшүптүр. Ал видеотасмада мурдагы Айыл чарбаминистри Тилек Токтогазиев Казакстандан уну контрабанда жолу менен алынып келип, бюджетке миллиардаган сомдор кирбей жатканын айтыптыр. Ошол эле программада Темир Сариев жогорудагы маселеге токтолуп: «Парламентте «Тегирменчи» деген сөз жаман сөзгө айланып кетти. А «тегирменчи» деген эзелтен бери элди багып келген кесип болчу. Анткени ал буудайды алып келип, майдалап ун кылып элге берет, эл ал ундан токоч, нан, боорсок жасайт» - деп айтып өттү.

Так ошол бийликтегилердин тескери көз карашынын негизинде «тегирменчи» болуу уят иш болуп калган. Мындай саясатты дал ошол бийлик баштаган, ага ылайык, «тегирменчи» деген сөз жемелеген, дээрлик мазактаган сөзгө айланган.

Бул нерсе кантип башталды эле?

А.Атамбаев 2017-жылы 20-ноябрда өзүнүн жыйынтыктоочу пресс-конференциясында «бай тегирменчилердин» айынан өлкөнүн бюджетине 1 млрд сом түшпөй калышы мүмкүн экендигин айткан. Эч кандай эсеби, далили жана анализи жок айтылган сөз атайын берилген белги катары кабыл алынгандай болду. Жогорку Кенештин трибунасынан тегирменчилерге каршы ар кандай сөздөр айтылып, аларды 2-3 миллиард сомго салыктын эсебинен байыгандыгы жөнүндө күнөөлөп башташты. Импорттолгон буудайга КНС (кошумчаланган нарк салыгы) киргизүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун көтөрүп чыккан К. Бокоев, эгер президент А. Атамбаев кийлигишпесе, депутаттар бул мыйзам дол-

бооруна көңүл бурмак эместигин айткан. Албетте А.Атамбаевдин бул сөзүнөн кийин «элди баккандарды» эч ким укмак эмес. Импорттолгон буудайдын салыгынын эсебинен ундун баасы көтөрүлүп, өлкөнүн капчыгына бир тыйын салык төлбөгөн контрабандалык ун менен кыргызстандык өндүрүшчүлөр атаандаш боло албай калган кезде ата-мекендик өндүрүштү сактоо максатында бул мыйзам киргизилип, контрабандалык ун менен кыргыз өндүрүшчүлөрүнүн унунун баасын теңдештирүү үчүн импорттолгон буудайдын салыгы (КНС) жоюлган болчу.

Депутаттар КНС (кошумчаланган нарк салыгы) ундун баасына сатылаарда кошулгандыгын, аны сатып алуучу төлөөрүн, тегирменчилер салыктын эсебинен байыбай тургандыгын түшүнгүсү да келген жок. Жөнөкөй сөздөр менен айтканда: КНС ундун баасына сатылып жатканда кошулат, аны ун чыгаруучу ишкана аркылуу мамлекеттин казынасына сатып алуучу төлөйт, а салык жоюлганда ундун баасына кошумчаланган нарк салыгы кошулбай эсептелет, акча сатып алуучунун чөнтөгүндө калат, демек, бул эл үчүн үнөмдөө болот, «тегирменчилер» байыбайт.

Ошондой эле эгер өзүбүздүн ун чыгаруучу комбинаттар токтоп калса, ун эле эмес, тоют да жок болуп калаарына эч кимдин иши да болгон жок. Анткени ун-комбинаттар фермерлерди тоют менен камсыз кылат эмеспи. Тоютту башка өлкөдөн алып келе турган болсо, баа жогору болуп, эт дагы кымбаттайт (азыр биз ошону көрүп атабыз). Өзүбүздүн ун чыгаруучу комбинаттар болбосо, фермерлер буудай айдабай калышат, анткени алардын буудайын эч ким албай калат. Бул тууралуу эч ким ойлонгон да жок.

Эң негизгиси контрабанданы токтотууга эч ким аракет да кылган жок. Анткени аны менен чиновник-

тер жана укук коргоо органдары жан багышат эмеспи. Контрабанда жолу менен келген ундан акча өлкөнүн бюджетине эмес, чиновниктердин чөнтөгүнө тушот.

Ошентип депутаттардын колдоосу менен контрабанда жолу менен келген ун Кыргызстандын ун тармагын жок кыла баштаган жана аны убагында Кыргызстандын премьер-министри болуп турганда тегирменчилердин жардамын көргөн адам баштап берген.

2007-жылы Алмазбек Атамбаевдин премьерлиги тушунда бүткүл дүйнөдө азык-түлүк кризиси орун алган. Кургакчылыктан буудайдын түшүмү аз болуп, дандын баасы жогорулаган. Кыска убакытта буудайдын баасы 2 эсе өскөн. 2007-жылдын аягына чейин Орусия данды экспорттоого убактылуу тыюу салган. Орусиянын артынан Казакстан да тыюу киргизди. Кыргызстан буудайды Казакстандан алгандыктан өзүн-өзү дан менен толук камсыз кыла албайт. Натыйжада Казакстандан ун келбей, өлкөдө дандын, ундун баасы көтөрүлгөн. Ошондо Атамбаев Кыргызстандагы ун чыгаруучу ишканалардын жетекчилерин чакырып, өкмөттү колдоону, ундун баасын көтөрбөөнү суранган. Ошол кезде контрабанда жолу менен келген казак уну 40 сомдон сатылып жатканда, биз 25 сомдон баасын көтөргөн эмеспиз. Баса, ошол убакта атам Атамбаев менен таанышкан.

АТА МЕКЕНДИК УН ЧЫГАРУУЧУ ИШКАНАЛАРДЫН КОЛДООСУНА ЭЭ БОЛГОН АДАМ, 10 ЖЫЛДАН КИЙИН, ӨЛКӨНҮН ПРЕЗИДЕНТИ БОЛГОНДО АНЫН ЖОК БОЛУШУНА САЛЫМ КОШОТ ДЕП ОШОНДО КИМ ОЙЛОПТУР?!..

Бүгүнкү күндө 62 ун чыгаруучу ишканалардан (ири, чоң, орто, кичи) 8и гана калды. Бир топ ишканалар жабылып, кээ бирлери («Элнур» сыяктуу) жаб-

дууларын Казакстандын аймагына көчүрүп кетип, ошол жакта иштеп жатышат. Биздин ишканалардын жетекчилиги да Кыргызстандагы абалды көрүп ишканаларды Казакстанга көчүрү боюнча чечим чыгарышкан. Ун комбинат ачуу үчүн жер да табылып, бардык кагаздар даярдалган. Бирок атам ӨЗ ӨЛКӨБҮЗДӨ иштешибиз керектигин айтып макулдугун бербей койгон.

Атам түзүп кеткен компаниялар өлкөдөгү ири салык төлөөчү ишканалардын катарында, алар жыл сайын өлкөнүн бюджетине 200 млн сомго чейин акча которушат.

Жыл сайын жылдын жыйынтыгын чыгарган чогулушта атам дайыма компанияда иштеген жумушчу-кызматкерлерге ыраазычылык билдирип, алар жеке эле өз үй-бүлөлөрүн бакпай, өлкөнүн өнүгүшүнө да чоң салымын кошуп жаткандарын, анткени бюджетке төлөнгөн салыктын эсебинен эл пенсия, жөлөкпул, мугалимдер менен врачтар айлык аларын айтаар эле.

**Кошумчалай кетүүчү маалымат:** «Акун» компаниясы 23 жылдык ишинде өлкөнүн бюджетине 1,6 миллиард сом төлөгөн.

### Бегимай Чыныбай кызы

## ЭСКЕРҮҮЛӨР

* * *

Эскерүүлөр... Алар адам үчүн канчалык маанилүү. Кээде бул бизде эң баалуу нерсе болуп калат. Бул мурунку жашоону, тилекке каршы, кайра кайтарууга болбой турган нерсени эске салат. Бирок алар кыйын учурда жан дүйнөбүздү жылытат.

Бүгүн атамдын туулган күнү. Бүгүн биз үчүн өзгөчө оор. Ошентсе да сабырдуу болууга аракет кылып

жатам. Мен атам сыяктуу оптимист болууга аракет кылам. Ал ар дайым баары жакшы деп ишенип, эч качан чөккөн эмес. Кандай гана оор кырдаал болбосун, дайыма оптимисттик маанайда болуп, эң жакшы жыйынтыкка ишенчү. Ал тургай, адамдардын да дайыма эң жакшы тараптарына ишенчү. Ар бир адамдын дайыма жакшы жагын көрө билчү, ал нерсе анча байкалбаса да, бирок, аны албетте, тапчу.

Атам ушунчалык күчтүү адам болчу...

Ата, туулган күнүңүз менен!

* * *

Биздин үй-бүлөдө ата-энебиздин максаты – балдарын өз алдынча болуп, өздөрү акча таап, тапкан акчасын баалап, керектүү нерсеге жумшаганды үйрөтүү болду. Мен кичинемден иштеп акча таптым, убакыттын өтүшү менен акчага башкача мамиле кылып баалоону үйрөндүм. Ар кандай адамдар менен тил табышып иштегенди, конфликттик кырдаалдардан чыкканды үйрөндүм, тажрыйба топтодум. Жашымдан иштегенимдин пайдасын эле көрүп келе жатам. Бул үчүн ата-энеме абдан ыраазымын.

* * *

Балдарын жашынан иштегенге үйрөткөн үй-бүлөлөрдү сейрек кездештирем.

Мен болсо он эки жашымдан тарта иштеп, эмгекке үйрөндүм. Жайкы эс алуу сайын ата-энебиз бизди «иштегиле» деп Ысык-Көлгө жиберчү. Алгач көл жээгинде чатырча, лежактарды ижарага берип иштеп баштасам, кийин бир аз чоңоюп кассир болдум, бильярд залында иштеп, жумушум жоопкерчиликтүү боло баштады. Андан администратор, менеджер болуп улам жогорулап,

тажрыйба топтоп олтуруп, директорлукка жеттим. Аны менен катар банк чөйрөсүн үйрөнүп, банктын директорлор кеңешинин мүчөсү болдум.

Менде дайыма ишкердик чөйрөсүндө мени жаш деп жакшы кабыл албайт го деген коркунуч болчу. Пансионатта кээде кардарлар бир нерсеге ыраазы болбой директорду чакырышканда, барсам, мени көрүп «сиз чын эле директорсузбу?»– деп абдан таң калышчу.

«Акун» пансионаты болбой калышы мүмкүн эле. Ата-энемдин убактысы жетишпей, аны сатмакчы болушкан. Муну укканда эжем экөөбүз «бир-эки жылдан кийин аны башкарууну колго алабыз, сатпаңыздар» деп сурандык. Кудайга шүгүр, ата-энебиз бизге ишеништи.

* * *

Эң алгач алган айлыгымын бир бөлүгүнө Бишкекке келип, сентябрдын алдында окуу куралдарын сатып алгам. Калганын ата-энемдин, инимдин туулган күнүнө, Жаңы жыл майрамына катып койгонумду билем. Ата-энем акчамды кийим же оюнчук сатып албай, окуу куралдарына жумшаганым үчүн таң да калышкан, ыраазы да болушкан. Азыркыга чейин бир нерсе сатып алаарда «эмгек менен тапкан акчама ушул нерсе татыктуубу» деп ойлоном. Эгерде мен иштебей ата-энем каалаганымды сатып бере бергенде, «эч нерсе билбейм, алып бергиле» деп көп нерсени талап кылмак болушум керек. Ал эми өзүм тапкан акча таттуу жана баалуу болот экен.

* * *

Атам абдан оор басырыктуу эле. Апам экөө идеалдуу түгөйлөр болчу. Атам бизнесте тобокелге көп барчу, апам болсо ар нерсеге абайлап мамиле кылганды жакшы көрчү. Жыйынтыгында дайым атам ийгиликке жетчү.

Мен тобокелге барбайм. Ата-энемдин бизнесин тобокелге салууга укугум жок. Тобокелчилик – атамдын укугу эле. Бирок анын тобокели дайыма ишке ашкан.

* * *

Бала кезимде тартынчаак болчумун. Бардык нерседен коркчумун, элдин көңүл борборунда болгум келчү эмес. Атам «баары сага окшогон адам, эч кимден тартынба» дечү. Көйгөй болгондо чечүүнүн жолдорун сурап кайрылсам «чыга турган жолду өзүң ойлонуп тап, баарын мыйзам чегинде жаса. Мыйзамдуу жолду тандасаң адашпайсың» – деп өзүм аракет кылганга үйрөттү. Атам балдарын үнүн катуу чыгарып урушканын эстей албайм, акырын сөз менен гана айтчу.

Ата-энем мага «тажрыйба жана аракет менен баарын жасаса болот, сен жөн гана аракет кылышың керек» – деп дем беришчү. Аларды карап отуруп мен, демек, баарына жетсе болот экен деп ишенем.

Кээде «мен баарына жетишемби?» деп да ойлоном. Бүгүнкү күндө биздин компания ар кандай багытта өнүгүп жатат жана алардын баары мени өзгөчө кызыктырат. Мен бул тармактардын ар бир инде профессионал болгум келет жана боло аларыма да ишенем.

* * *

Бактылуу күндөрүбүздүн бири, үй-бүлөбүз менен бакчада пикник уюштурган күндөр эле. Атам да убактысы тар экенине карабай биз менен чогуу болуп, даамдуу тамак жасап берчү эле. Атам саясатка киргенден баштап жумушунан, апам бизнес иштеринен бошобой калышты. Экөө тең эртеден-кечке жумушта болушар эле. Атам биз уктаганда келип, кайра таң эрте кетчү. Мурда үй-бүлөлүк бизнесибиз менен гана алек болгон учурда эс алуу күндөрүн чогуу өткөрүү салттуу адатыбыз эле. Баарыбыз чогуу киного, кечки тамакка барып,

сейилдеп келчүбүз. Кыскасы бала кезибизде ата-энебиз бизге жетиштүү эле убакыт бөлүп, кам көрүшчү.

* * *

Айрымдар «эмнеге атаңдын жан сакчысы жок» деп сурашчу. Көптөр коркуп жан сакчы алып, үйүнө кароолчу, сигнализация коюп алышат эмеспи. Биздин үйдө деле коопсуздуктун белгиленген ченемдери бар дечи. Бирок атам «бирөөгө жамандык кылган адам гана коопсуздугунан чочулайт. Мен өмүрүмдө эч кимге жамандык кылган эмесмин, андыктан коркууга себеп жок» дечү. Ошондуктан коопсуздук тууралуу бизге деле ой келбептир.

* * *

Ата, бүгүн сиздин кеткениңизге туура бир жыл болду. Бул биз үчүн абдан оор жыл болду. Билбейм, качан бир аз жеңилдейт. Сизди ушунчалык сагындым. Сиздин позитивиңиз, тамашаңыз, күлкүңүз, эртең баары жакшы болот деген ишенимиңиз жетишпей жатат.

Пландаган нерселердин бардыгын аткарууга үлгүрбөй калганыңызга абдан өкүнөм.

Акыркы ырыңызды да бизге окуп бере албай калганыңыз үчүн өкүнөм...

***06.07.2021-ж.***

***Бегимай.***

## А Й Т Ч Ы  Д О С У М

Айтчы досум, эли-жердин эсендигин,
Айтчы досум, жашоо кандай экендигин.
Айтчы досум, биз канчалык тырышпайлы,
Өлүмдүн бир күн алып кетээрдигин.
Айтчы досум, ким көтөрөт Мекен жүгүн?
Айтчы досум, качкандардын бечелдигин,
Айтчы досум, эл эстечү иш калбаса,
Жашагандын бул жалганда бекердигин!

Айтчы досум, ак сүйүүнүн улуулугун,
Айтчы досум, алган жардын сулуулугун.
Айтчы досум, кээде көңүл муздатса да,
Качан болсун төшөгүнүн жылуулугун!

Айтчы досум, достук кантип бек болоорун,
Айтчы досум, аны саткан кеп болоорун.
Айтчы досум, алп ойлордун атасын да,
Көрпенделер биригишип жеп коёрун.

Айтчы досум, бала качан кубантаарын,
Айтчы досум, бизди кимдер улантаарын.
Айтчы досум, эртеңкисин ойлогондор,
Жаңылашып жатышканын улам шаарын.

Айтчы досум, көк асманды, аба-сууну,
Айтчы досум, токтотуп бул талашууну,
Айтчы досум, токтотуп бул бөлүнүүнү,
Элибизге берсинчи деп жаратууну!

***26.04.2020***

*(Чыныбай Турсунбековдун соңку ырларынын бири).*

**– Сиз алдыда жасай турган дагы эмнелер бар деп ойлойсуз?**

–Көп эле нерсе бар. Поэзияны ойлогондо, жакшы бир чыгарма жараткым келет, ишкерликти ойлогондо, жакшы бир заводдорду курсам болмок деп ойлоп калам. Саясатта ар кандай сын пикирлерди укканда, элдин мүдөөсүн канааттандырган партия болсок экен деп ойлойм.

*(Чыныбай Турсунбековдун соңку интервьюсунан үзүндү).*

# АРНООЛОР

## Алик Акималиев

### ЧЫНЫБАЙДЫН ЖҮРӨГҮ

Көтөргөн боорго дүйүм беш калааны,
Канча миң калк, кыштактар, ишкананы,
Ак мөңгү тоо курчанган Сары Өзөн Чүй,
Алтынга чайкаткандай сары талаасы.
Кызыл дан кырманынан ырыс сузган,
Кыргыздын Чыныбайдай чын баласы.

Алтындай сапырылган кызыл даны,
Болсо да жер-жемиштүү, кызылчалуу,
Кан Манас, Баласагын изи калган,
О, Чүй өрөөн – көөнө тарых, баян улуу!
Онтоткон дартка шыпаа бар миңден бир,
Оргуткан Арашандай суусун дары.

Турмуштун кайнайт Чүйдө салгылашы,
Тунук да, куюн, чаң да, бал дагы ачуу.
«Чындык, адал, тартип» деп түтөп турган,
Чыныбайдын жүрөгү, оорубачы?!
Кыргыз журт деп кылымга туулган уул
Кыйын жолдо 41ге өмүр келди жашы…

Алды жакта дале кар жаайт, далай ашууң,
Чагылгандуу көк нөшөр төгөр жашын.
А Чыныбай батырган жүрөгүнө
Була булут, жибек кар, шамалдарын,
Дүйнөнүн бүт борбору болсо экен дейт,
Дүйүм байлык Бишкектей кут калаасын.

Чыныбайдын жүрөгү – чыныгы акын –
жүрөгүсүң. Жаз келип чымырагын,
Кең дем алып керемет дүйнө менен,
Ойноктойсуң, көзүндөй сулуулардын
Эрдик, сулуу өлөлек дал өзүндөй
Жүрөгү да азыркы кыргыздардын!

Чыныбайдын жүрөгү тунук акын
Жүрөгүсүң. Өзүнөн ыры жакын.
Чыны менен Чыкеңе жүрөк болсом,
Чындык менен ыйлайт ыр, чыңырамын.
Лорка айткандай:
«Миллионер дос бар үчүн,
болом балким, чен жеткис кыйын акын?!»

Токсонунчу жылдардан канат каккан,
Чыныбайдын жүрөгү толкуп ташкан,
«Жүрөктөгү жаңырык», «Шаардагы
жоголгон сөз» китеби жакшы чыккан.
Көөрүн төгүп кагазга калем сабы,
Көкүрөктө уюткан не бир дастан…

Чыныбайдын жүрөгү не деп согот,
Ал ойлонот «эл эртең, эмне болот?»
Казынаңды ач, жан дүйнөң кулпун ачкын,
Казал, ыр, сөз, таржымал, толо жомок.

Багынтамын деп Эфель-ой ыр-Парижин,
Наполеондой келесиң борошолоп...

Акын куйсө, караңгы жарык болот,
Аким куйсө, турмуш эл иш оңолот.
Азаматтар шамдай сүй, мекениңди,
Түн термесин жылдыздуу бакытка ороп.
Чыгармабы, бизнеспи же сүйүүбү,
Чыныбайдын жүрөгү не деп согот?
Чыныбайдын жүрөгү эргүү толгон,
Сыбызгыган эски күү, качанкы обон,
Бабалардын баянын казал кылып,
Карт тарыхтан муң мыкчып, санаа толгон.
«Тагдырдагы ыр китеп» чыгат эле,
атаңкөрү де, Чыкеңе жүрөк болсом?!

Муну айтканым: Мен келдим оттой эргип,
Жакшылыкта колдоп кой, кана, бер, күч,
Кар да кетти, муз кетти, аяз кетти,
Чыныбайдын жүрөгү качан эрийт?
Улуу Албан жеринен келипсиң сен,
Учурашып коелу: Зер гуд, зер гуд?!

А Чыныбай жүрөгү согот не деп,
Кусалык ой мыкчыган кыргыз журт деп,
Уясы бар боз чымчык чөлдө тиктеп,
Сайрагандай «Мекеним, мекеним» деп.
Кайдан болсун Кыргызстан көзүнөн учуп,

Кара түндү как жарып учуп келет...
Чыныбайдын журөгү согот не деп,
Ал жаны ачыйт «кең пейил, жакыр эл» деп,
Ал Индия, Түркия, Франциялап,

Бүт Жахандан жакшылык келет издеп,
Же олтурат кул болуп поэзияга,
Падышадай дүйнөнү жалгыз ээлеп…

Тулпар ырды, чап, Чыке, токулгалуу!
Бизди күтөт дүйнөнүн окурманы?
Тургузарсың мээнеттен зор дворец,
Турсунбеков Чыныбай атындагы
Ийне менен келесиң кудук казып,
Илимпоз да, ишкер да, акын дагы.
Чыныбайдын жүрөгү – чымчыктардын
тили менен сүйлөйт ал чындыктардын,
Пулдун дагы, ырдын дагы чокусунда
Чыңгыз сындуу бороондуу бүркүт акын!

Чыныбайдын журөгү Бонивурдун
Жүрөгүндөй сок, тынбай жалбырттагын.
Чыныбайдын журөгү согот не деп
Качанкы бир кайгылар жүрөктү эзет.
Чыңырган ал чымчыктай перзентине,
Жалгыз изи илээлеп карда келет…
Ал буюккан үшкүрткөн күйүт эле,
Булбул жүрөк зар какшап безеленет.

Чыныбайдын жүрөгү согот не деп,
Чыңырткан жан ырлары көкүрөк тээп.
Же буулугат, апкаарып, аптыгат ал,
Тунгуч сүйүү күткөндөй сарепчилеп,
Ал билбеген бакытка жолукканын,
Ак жолукчан кара көз эстен кетпейт.

Чыныбайдын жүрөгү согот не деп,
Турк ырларын которуп бир керемет.

Акын эргип узанып жаткан чакта,
Аткан түнгө, жылдыздан зор фейерверк!
Адырларда ачылат айлындагы,
Ал жазган кызгалдактуу көгүш китеп.

Чыныбайдын жүрөгү согот не деп,
Туулган күндө олтурба жалгыз тиктеп.
Туман баскан тунжурап Стамбулу,
Түркиясын көргендөй Назым Хикмет.
Кербен сарай дубалы жазуулары,
Кайран пенде кара жол. Үшкүргөк жок.

О, керилген Чыныбай султан курбум,
Поэзияңды жардырып вулкан кылгын!
Түркиянын тууларын желбиретип,
Көчөлөрүн жапырып Стамбулдун.
Туман түрктүн түрүлгөн сөз дүйнөсүн,
Жүрөгүңө уютуп, уучтап турдуң.
Кан тамырда эргүү ойноп толкун тебиш,
Жаздың ырлар, – не деген мөлтүр жеңиш.
Анкарага сен турсаң кыялданып,
Ажыдаардай оонаган Фосфор деңиз.

Чыныбайдын жүрөгү күү-шаа түшүп.
Не сырларды катасың эбегейсиз?
Чыныбайдын чыңырат курч жүрөгү,
Эбегейсиз, эсепсиз акын өзү.
Отун тепсе, шамалың жаанын төкпөс,
Бир кудайдын алдында жок күнөөсү.
Кубанычка карк болуп кучак жаят,
Кумар, куса, сүйүү чылк эргүүлөрү!

Баёо, таза, сабырлуу тынч мүнөзү,
Ал ишенбейт кептерге аркы – берки,

Чыны менен бир грамм татпаса да,
Чыныбайдын ырларга мас жүрөгү.
Көкүрөктөн «ойнойм» деп ойдологон,
Чыныбайдын жүрөгү – жан дүйнөсү.

Аалам менен дирилдейт акын жаны,
Оттуу ойлор, жалбырттайт акылдары.
Акын деген Мукамбет пайгамбардан
Кийинки эле дүйнөнүн акылманы.
Жалгыз гана адамга тилек-ниети ак,
Жалгыз гана жакшылык чакырганы.

Үзөңгүлөш сапарлаш мен да өзүңдөй
Тагдырлашың, акын дос, өзөгүңдөй.
Валет, Король, Туз болсок жүрөк чырым,
Баарыбызды чабарсың сен көзүрдөй.
А «дурактар» дайыма баягылар,
Кан басымың жүрсө экен көтөрүлбөй.
Мүлдө дүйнө азабын ырдап салчы,
Россияга татыган Есениндей.

Даап баралгыс зоокадай максат улуу,
Титиретсе жүрөгү коркпойсуңбу?
Поэзия – поездде «күш-күш»эткен,
Көз жетпеген жээктерге тартасыңбы.
Сен акындай Неруда – Чилиси бар,
Мен кедейген, кепкачан – Лорка сындуу.

Узайт ырлар поезди Чүй жеринен,
Убайымдуу жашыл шаар Бишкегиңден.
Ар куплет чиркелген вагондордой
Адамдарга мен бакыт, сүйүү жүктөйм.
Печеттелип жүрөккө орноп калар
Жалгыз гана жаныбар бир ыр издейм.

Кайталангыс шол жакшы ыр тапкым келет,
Поэзияда жаңы Эра ачкым келет.
Касиеттүү колдоп Чүй кудурети.
Калаасындай жарыктар чачкым келет.
Ай жоодурап анакей, чыкты көккө,
Ханышадай көк бетин жалгыз ээлеп.

Ай жалтырап анакей чыгып келет,
Шоолалары кетчүдөй көздү бүт жеп.
Сен олтурба бу маалда бир ыр жазып,
Жан-Булактын гүлүндөй кооз керемет.
Туман баскан тунжурап Анадолу,
Түркиясын көргөндөй Назым Хикмет...

Жылдыз карта, чабылган жүрөк чырым
Тагдыры бар талантты матайт кылым.
Түркияга чейин жол Нуржан айым,
Чыныбайдын көтөргөн азап жүгүн.
Аял болуш акимге жеңил, жыргап,
Аял болуш акынга тозок, кыйын.

«Акындыктын мойнунда бүт азабы
Алыкулдан Алик кул келатабы?»
– Деп ойлорсуң, а балким, Чыныке дос
Аткарасың сен бир сөз – убаданы.
«Бала-мышык» кое берсең жайлайт эле,
Ундарыңды чычкандар жеп атабы?

Калдым далай максатка күйүп жетпей,
Кара көздүү бийкечке сүйүп жетпей,
Бар менин да журөгүм сеникиндей,
Барктап талант чаң салып, ичип кетпей,
Намыс менен жибектей жигит болсоң,
Нагыз ыр жаз, көп жашап Тютчевдей.

Жүрөгүңө сыйсын бүт Сары Өзөн Чүй,
Чыныбайдын ырлары чырактай күй.
Теңир берген талантың изденүүңө,
Терезеси – айланта ачылган үй.
Ыр-буудайың ышкысын, ыр-кудайым табар кез бар.
Жемиштүү шагыңды ий…

**Барчынбек Бугубаев**

## ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВГО

*(Акын, ишкер, мамлекеттик ишмер)*

Айтпаган сөздү курулай,
Ардактуу агам Чыныбай.
Байыткан унга мекенин,
Бал толгон керден чыныдай.

Кантсе да сизди акын – деп,
Кайрылды бүгүн Бугубай –(ев).
Биринчи болсо Темучтин,
Сиз балким байке Субудай!…

Коомдук ишмер Чыныбай,
Кол тамгасы шурудай.
Алысты байкап турасыз,
Аскада турган бугудай.

Баалаган ишке жарайсыз,
Бакыбат сергек карайсыз.
Баягы бирге ыр чийген,
Барчынды эстей алаарсыз.

Ал орто... эки хан качты,
Адилет жандар алмашты.
Ал сизди күткөн томдугум,
Он эки жылдык кар басты.
Корабль болду кемеңиз...
Өткөндү эстеп келебиз.
«Китебиңди чыгарам,
Даярда!..» – деген элеңиз.
...Дапдаяр китеп. Ал мына!
Далымда калды тар кыя.
– Ооба!..– деп койчу бир жолу,
Он-эки жылдын айбына!..

Кубантып Кыргызстанды,
Куш-куту канат жыйды да.
Чыныбай байкем бар деймин.
Чындыктан берген тарбия!..

Кайырчы эмес иниңиз.
Калк үчүн жазып жүрүбүз.
Чыктыңыз улуу тоолорго,
Чыгарма дедик кимибиз...
Бу катты сизге жиберген,
Бугубаев – деп билиңиз.

**Олжобай Шакир**

## ЧЫНЫБАЙ БАЙКЕГЕ!

Кайрылдым кыйын кездерде,
Көртирлик көңүл эзгенде.
Тартынган жокмун аргасыз,
Таянар киши сезгенде.

Көртирлик алып коргонго,
Көңүлгө көйгөй толгондо,
Доочудай келдим кээ бирде
Доорума ыза болгондо.

Алагды кылып ишиңен,
Аласам бар бир кишидей,
Өң тайып келдим кээ бирде
Өрттөнгөн кезде ичимен!

**Чынарбек Айдаров**
акын, журналист

## ЖЕҢИШЧИЛ БОЛО БЕР, ДАНКТАЛЫП!

Ак карлуу тээ төрдө төрөлүп,
Адырдын чөбүндөй көгөрүп!
Айылдан кыялкеч чоңойдуң,
Аскалуу зоолорду өнөрүп!

Канчалык жазсам да жарашкан, -
Кабарын жаңырды жарыштан!
Каалаган дабанды ашырып,
Кадырды күтүндүң алыстан!

Жоолугун тартуулап, мактады,
Жардамын так кайрып, ыктады!
Жарпыңды түптөп ишеничке,
Жемиштерди жыйдың шактагы!

Жол чаптың түрк-достор деминен,
Жакшылык мол шарттап элинен!
Жаштыктын миң түркүн рахатын,
Жүгүрттүң чимирип чегинен!

Чыныбай эр атың угулду,-
Чаңкайып чеп-үйүң курулду!
Чын нээттен ийленип бизнесте,
Чыдамың көкөлөп учурду!

Баштадың баарын кенедейден,
Байлыкты камдап кичинеден!
Баркыңды айтты кесиптештер,
Баалашып, сырдашып турчу тең!
Көшөрүп тынбастан күнү-түн,
Кечикпей акталып үмүтүң!
Кырдаалын колдоп далайлардын,
Көөнө демөөрчүлүккө түттүң!

Иш менен камсыздап көптөрдү, -
Изденүүнүн сынынан өткөрдү!
Иштерман жаралып таанылдың,
Ийгилик үлгүңдү калк көрдү!

Кесибиң филолог, тилчисиң,
Кашкайган илимдин эркисиң!
Кемелин тоскондо толкуган,
Кен, камкор жазуучу – кенчисиң!

Уул, кыздарың окуп, өсүүдө, -
Умтулуп – курчушуп бүлөөдө!
Улуулук – келечек аркалашат,
Укук – оттуу билим – сүйүүдө!

«Акун» фирмаңдан күч куралып,
Агардың дилиңден кубанып!
Аброюң жогорулап шаңкайган,
Атаңдын туусу чоң тарых!

Кыргызда тың, тектүү жарансың, -
Кыйындык заманда – караансың!
Кылымды карыткан эмгекте,
Калышпай тик беттээр кыраансың!

Кенч жасап, сыйдасың ар дайым, -
Көңүлүмдөн даңктап жардайын!
Кардардын талабын орундап,
Кебелбей мээрман жүр, ылайым!

Нуржандай жарың бар, кыйышпас,
Намыста, жардамда кыйышпас!
Нар минген турмуш кечиресиң,
Нак өмүрдө бирге – ынакташ!

Даражаң артып көтөрүлсүн, -
Дайының жанып көктө күйсүн!
Дараметиң – чок, кайнар кайнап,
Дүркүрөп өсүп, өркүндөсүн!

Майын чыгарып жумушуңдун,
Марасын көрктөп – утушуңдун!
Максатты көздөп чаалыкпастан,
Маанисин черттиң турмушуңдун!

Билермандык таптың журтуңда,
Бир сабак – бул ыйык жашооң да!
Бийлик, мээнетиң мартабалуу,
Береке-дөөлөтүң колуңда!

Ундун, суунун шерт кунун билип,
Умтулган алга канат керип!
Ургаалдуу кадам таштап – түптүз,
Урматтасын баралың келип!

Түпкүрдөй уламдан узарып,
Түгөнбөстөй бекем шыктанып!
Талыкпай кызмат кылуудасың,
Теңир тоо кулуну аталып!

Жан-Булак туурундан аттанып,
Жериңдин тилегин аткарып!
Жигердүү ишкерден ширеле,
Жеңишчил боло бер, макталып!
Жеңишчил боло бер, даңкталып!!!

**Калыйбек Тагаев**

## ЧЫНЫБАЙГА

Керегиң тийип элиңе,
Күн-түндөп иштеп жатасың.
Өмүрлүк жарың сен менен,
Жүз жылдап өмүр жашасын.
Кажыбас ишкер боло бер,
Калкыңдын алып батасын.

Ак көңүл, айкөл жигитсиң,
Өзүңдүн аппак унуңдай.
Адал иш иштеп жатасың,
Арамдык ой жок кымындай.
Чеке тер менен мүлк жыйдың,
Чыныгы байсың Чыныбай!

***20-декабрь, 2004-ж.***

## Өмүрбек Тилебаев

Акын досум Чыныбай Турсунбековдун жаркын элесине

### Эки дос

Бир досум өлгөн, ал бирок тирүү мен үчүн,
Бир досум тирүү, ал небак мага өлгөндөй.
Чын достук – сүйүү, эмес ал түзгөн келишим,
Каалаган кезде чарт үзүп салып бөлгөндөй.

Катамын сени жүрөктүн күнөс жагына,
Элесиң күлөт Күн жарк деп нурун чачкандай.
А берки «достун» тура албай качам жанына,
Селт этем бирөө муздак суу бүркүп чачкандай.

Берки «дос» эпчил, сыйлык да алат, сый алат,
Баш урат болсо кимдердин бийлик, байлыгы.
Карарган өңү самындай таят, сыйгалак,
Болсо да кайыл колунда бардын майлыгы.

Кусадар жаным таба албай достор сабынан,
Каяктан эми катарлаш басып күлөлүк.
Тирүү-өлүк достон качам да сени сагынам,
Чын достук деген өлсө да жашайт түбөлүк.

***12.08.21-ж.***

10

## ЧЫНЫБАЙ ТУРСУНБЕКОВ АТЫНДАГЫ ФОНД

Чыныбай Турсунбеков атындагы фонддун түзүлгөнүнө октябрь айында 1 жыл болот. 2020-жылдын 15-октябрында Чыныбай 60 жашка чыкмак. Юбилейин адабий кече катары өткөрөм деп, төртүнчү ыр жыйнагын даярдап атты эле. Жетишпей калды. Чыныбайдын туулган күнүндө биз, үй-бүлөсү, атабыз үчүн кандай иштерди жасай алабыз деп ойлондук. Фонд түзөлү деп чечтик.

Чыныбай өмүрүнүн 35 жашын илимге, билимге, поэзияга арнаган. Фонд да ушул үч багытта иштейт деп чечтик.

Фонддун башкы максаты:

Кыргызстан журналисттерин, жаш окумуштууларды жана акын-жазуучуларды колдоо жана сөз эркиндигин өркүндөтүү.

Фонд үч багытта иштейт:

- Кыргыз Республикасынын маданий мурасына бараандуу салым кошкон жаш акын-жазуучуларга колдоо;
- кыргыз тили жана адабияты багытында илимий иликтөөлөр менен алектенип жүргөн жаш окумуштууларды колдоо;
- Кыргыз Республикасынын журналистика жанрынын өнүгүшүнө колдоо көрсөтүү.

Фонддун максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруудагы өзгөчө салымы үчүн фонддун атынан сыйлыктар жана стипендиялар уюштурулат.

Бул максатта фонд жыл сайын төмөндөгү номинациялар боюнча сынактарды өткөрүп турмакчы:

- кыргыз адабияты (проза, поэзия);
- журналистика;
- илим (кыргыз тили жана адабияты).

11

## АДАБИЙ КОНКУРС

Үч багытта дароо иштеп кетиш оор экен, ошон үчүн поэзиядан баштайлы деп, Кыргызстан Жазуучулар Союзу менен биргеликте жаш акындардын арасында конкурс уюштурдук. Конкурска 18 жаштан 35 жашка чейинки (35 жаш кошулат) акындар катышышты.

Конкурстун максаттары:

- кыргыз тилинин нукура көркөмдүгүн, баа жеткис байлыгын, океандай тереңдигин даңазалоо;
- кыргыз тилинде ыр жазган жаш акындардын арасынан мыктыларын аныктоо;
- жаш акындардын талантын ачууга жана адабий жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүү.

Конкурстук чыгармалар – 2021-жылдын 1-апрелинен 2021-жылдын 31-майына чейин кабыл алынды. Катышуучулардын чыгармаларын баалоо үчүн 5 (беш) адамдан турган Конкурстук комиссия түзүлгөн, анын төрагасы катары кыргыз эл акыны Анатай Өмүрканов дайындалган.

Конкурстук чыгармалар оргкомитет тарабынан катталып жана калыстар тобуна автордун аты-жөнүн көрсөтпөй катталуу номерлери боюнча берилген. Конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнүн аттары жашыруун боюнча сакталган.

Конкурстук чыгармаларды баалоо эки этап менен жүргүзүлдү. Биринчи этабында төмөндөгүлөр бааланды:

- Поэтикалык форманы билүүсү, тили жана техникалык чеберчилиги (рифманын, калыптын, стилистиканын оригиналдуулугу);
- Кыргыз тилинин нормаларын сактоосу;
- Таасирдүүлүгү, образдардын айкындыгы.

Экинчи этаптын баалоо критерийлери:

- Материалды чагылдыруунун оригиналдуулугу;
- Ырды окуудагы таасир берүү чеберчилиги.

Жалпы жолунан «Жаш толкун – 2021» адабий сынагына 300дөн ашуун жаш акындар катышуу ниетин билдирип, алардын ичинен 125 жаш калемгердин эмгеги конкурстун жобосуна дал келип, дал ошол 125 жаш акындын ырлары номерлөө аркылуу (аты-жөнү аталбай) калыстар тобуна тапшырылып, алардын ичинен эң мыкты деп эсептелинген 20 жаш акын тандалып алынып, үстүбүздөгү жылдын 2-августунда Бишкек шаарындагы» Орион» отелинде сыйланышты.

Алар:

1. Максат Жангазиев
2. Ырысгүл Изатова
3. Акбар Кубанычбеков
4. Мырзайым Айтимбетова
5. Бердибек Жамгырчиев
6. Улукбек Омокеев
7. Жаннат Сабырбекова
8. Камчыбек Узакбай уулу
9. Деңизбек Орозбай уулу
10. Садырбек Турдубек уулу
11. Болот Мамбетисаев
12. Динара Шайдилла кызы
13. Дүйшөн Бектемир уулу
14. Бегайым Нурлан кызы
15. Самаган Молдояров

16. Мелис Маматжанов
17. Замир Орозбай уулу
18. Шайырбек Тагаев
19. Жамин Колбаев
20. Сезим Толукбаева

«Жаш толкун 2021» поэзия конкурсунун алгачкы этабында Кыргыз эл акыны Анатай Өмүрканов калыстар тобуна төрагалык кылып, комиссия мүчөлөрү Кыргыз эл акыны Кожогелди Култегин, КР Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы, КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Нурлан Калыбеков, акын, КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Жыпара Исабаева, КР Жогорку Кеңешинин басма сөз кызматынын жетекчисинин орун басары, КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Курманбек Рыспаевдер калыстык кылышса, конкурстун экинчи этабында төрага Кыргыз эл акыны Анатай Өмүркановдун ден соолугуна байланыштуу катыша албай калгандыгынан улам, төрагалык милдет калыстар тобунун сунушу жана бир добуштан колдоосу менен, Кыргыз эл акыны Кожогелди Култегинге жүктөлдү жана фонддун сунушу менен комиссиясынын мүчөлүгүнө филология илимдеринин доктору Абдыкалык Дунганаев кошулду.

Конкурстун экинчи туру кереметтүү Ысык-Көлдүн жээгиндеги «Акун» пансионатында өтүп, дал ушул 20 акын өздөрүнүн ырларын көркөм окуп берип, 3 күн бою акын-жазуучулардын насааттарын угуп, мастер-класстарга катышышты.

Мындан сырткары Кыргыз эл жазуучусу Мелис Абакиров, Кыргыз эл акындары Сагын Акматбекова, Тазагүл Закирова, Карбалас Бакиров, КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Атантай Акбаров, акын жана

журналист Атахан Кожогуловдор сынактын ардактуу меймандары болушту.

Жыйынтыгында калыстар тобунун чечими менен төмөндөгү жаш акындар байгелүү орундарга ээ болушту:

Баш байге (Ч.Турсунбеков атындагы адабий сыйлык жана 100.000 (жүз миң) сом) – **Бердибек Жамгырчиев;**

I орун (Атайын диплом жана 50.000 элүү миң сом) – **Мелис Маматжанов;**

II орун (Атайын диплом жана 30.000 отуз миң сом) – **Акбар Кубанычбеков;**

III орун (Атайын диплом жана 20.000 жыйырма миң сом) – **Максат Жангазиев;**

«Калыстар тобунун атайын диплому» жана 10.000 (он миң сом) акчалай сыйлыгы менен **Мырзайым Айтимбетова;**

«Көрүүчүлөрдүн арзуусу» номинациясы жана 10.000 (он миң сом) акчалай сыйлыгы менен 3 акын – **Садырбек Турдубек уулу, Жаннат Сабырбекова, Деңизбек Орозбай уулу** сыйланышты.

**Бердибек Жамгырчиев**

## ГЕНИЙЛЕР

Генийлер өмүрү жутунбайт,
Чоң тойсо чокчоңдоп кутурбайт.
Жалганга жармашпайт, бир гана,
Жан дүйнө байлыгын утурлайт.

Генийлер жөнөкөй кийинет,
Кыйналат, миң өлөт, тирилет.

Жалтырак жамынып жашабай,
Жарык нур көргөнгө сүйүнөт.

Жагынбайт чөгөлөп, актанып,
Өз ишин унчукпай аткарып.
Өмүрдү башкача сүрүшөт,
Артында акмалап ак жарык.

Ачылып турмуштун арааны,
Ансайын күчөтөт санааны.
Саясат гүлдөгөн өлкөдө,
Көрүнбөйт генийдин карааны.

Табышмак өмүрдү сүрүшөт,
Жалындап от болуп күйүшөт.
Биз менен бир жашап жатса да,
Генийлер байкалбай жүрүшөт.

Генийдин нурунан Күн жаркыйт,
Генийдин мээринен түн балкыйт.
Биз көрбөс бакыттын чоңдору,
Генийдин жолунда тургансыйт.

Кепинге чындыкты жашырып,
Келебиз жалганга баш уруп.
Генийлер бакталбас өлкөдө,
Баркталат кемчонтой, макулук.

Түркөйлөр бир-бирин сүрөшүп,
Келечек бир күйүп, бир өчүп.
Жар бойлоп бараткан өлкөбүз,
Генийин четинен түгөтүп!

**Мелис Мамаджанов**

## АДЫРЫМ

Азыр кечтим жыңайлак турпагын, ай,
Амансыңбы, төрөлгөн кыштагым, ай.
...Маңдайымда үйүмдүн дөңчө турат,
Боюнда бар айылдын курсагындай.

Тыңшап уктайт чөбү да жамгыр ырын,
Төлгөөсүндөй таштары тагдырымдын.
Кыйма – чийме жолдору түшүп турат,
Бырыш болуп бетине адырымдын.

Күч кубаты жуурулуп демге бүткөн,
Калдай болуп сезилет жерге бүткөн.
Койлор оттойт алыстан караганда,
Кайноолудай күбүлүп жерге түшкөн.

Мезгил – шамал токтобойт жарышам, ээ,
Балалыкка баралбай алышам, ээ.
Кусалананып жүргөнчө бөтөн жерде,
Кучагында адырдын карысам, не?..

Ырларыма түшүрүп саймаларын,
Тирүү кезде көркүнө байланамын.
Сендигимди далилдеп көз жумганда,
Сенин да  бир дөңчөңө айланамын...

Сендигимди далилдеп көз жумганда,
Сенин да  бир дөңчөңө айланамын...

**Акбар Кубанычбеков**

## ЖАЛГЫЗДЫК

Жүрөм шашып, байлык деп ылдам-ылдам,
Кимге керек билбеймин бул камылгам?
Эч нерсем жок кетемин бу жалгандан,
Келген өңдүү энемдин курсагынан.

Жалгыз жаткам энемдин карынында,
Жалгыз көрдүм дүйнөнүн жарыгын да.
Жаным учуп, жакындар коштошкондо,
Жана калам, жапжалгыз кабырымда...

Аттап кетпейт өткөнүм бир ирмемге,
Көп болсо экен жакшы иштер сүйүнгөнгө.
Эсеп-кысап жообун да жалгыз берем,
Кыяматта кайрадан тирилгенде.

Өзүң калган учурда өзүң менен,
Бир да жанды таппайсың көңүлгө тең.
Бейишке же тозокко чейин коштойт,
Бул жалгыздык берилген өмүр менен.

Эх жалгыздык, ар жандын башындагы,
Жалгызмын мен, жалгызмын. Азыр дагы.
Далай көрдүм көптөрдүн жарык таппай.
Түнгө сиңип кеткенин жашынганы.

Баарыбызда ушундай убайым бар.
Жакшы сапар соңунда ырайым бар.
Жалгыздыкты сезсем да өзүмдөгү,
Жүрөгүмдө жашаган Кудайым бар!

## Максат Жангазиев

### БАЛАЛЫК ТУУРАЛУУ

Оо анда көңүлдөр түк карара элек,
Ой менен алыс-алыс барар элек.
Карылар чымчып коюп жонубуздан,
Басылса, ойноп кетип калар элек.
Оо азыр турмуш чымчып жүрөгүмдү,
Оорусу алигиче тарай элек...
Өзгөрө берет тура кийинкибиз,
Оо мындан башка эле да мурункубуз.
Оодарып, түртө коюп барибизди,
Оюндан далай ирет жыгылчубуз.
А азыр чалса турмуш аягыңдан,
Алдастап, бутка кайра кыйын туруш.

Жашынмак ойночубуз балдар менен,
«Өзүңдү далдаа жерге катмай» деген.
Көзүмдү жумуп, табуу оңой эле,
Ким кайда жашынганын айтпай билем.
А азыр ачып алып көздөрүмдү,
Андагы досторумду таппай жүрөм.

Андагы жомок бүгүн бүттү неге,
Аягын бүтпөөчүдөй күттүк эле.
Жолдордон өттүкпү азыр билбейм татаал,
Жомокто каарман бирок күчтүү эле.
Турмушта ак-кара эле болот тура,
А анда бизге дүйнө түстүү эле.

## Садырбек Турдубек уулу

### ТУУЛГАН ЖЕРДИ САГЫНУУ

Аргымакка оттоткон көгүн жаңы,
Айылдагы чөп жыты өмүр даамы.
Ай нур чачкан талаада калган аттай,
Аркандалып келгим бар өзүм дагы.

Өзгөлөрдөн ашсам да ат чабымга,
Өз элиме кулунмун арт жагында.
Чок баскансыйм досумдун тетик уулу,
Чоочун киши келди деп айтканында.

Уй жайган жер күткөндүр зарлап, арып,
Карагаттан, ышкындан камдап азык.
Баргым келет бир күнү тоолорума,
Балдарымды бададай айдап алып.

## Жаннат Сабырбекова

### «БИЗ-БИР КИТЕП»

... кечээ эле орун алды тигинде,
Дагы бирөө китеп болуп текчеден.
Тагдыр ага кандай жазуу жазды экен,
Бир сүйүнтүп, далай жолу өкчөгөн.

Балким аны окуйт көптөр  талашып,
Күнү-күндөй, түнү-түндөй үргүлөп.
Же калаттыр көп китептин бириндей
Чаң астында унутулуп, ким билет?

Буга чейин көбү турду текчеде,
Эстүү күндөр, эссиз күндөр жазылып.
Баарынан да жаман экен калганы,
Этегине чыкпай жатып жабылып.

Мааниси жок, калың балким ичкедир,
Балким айрып тукабасын кетишти.
Сырты кандай болсо болсун биз үчүн
Мазмунунун тереңдиги жетиштүү.

Китептер бар түгөнбөгөн кенч сындуу,
Түбөлүктүү, бирок бүткөн заматта.
Баарынан да китеп болбой а түгүл,
Бопбош бойдон туруп калуу азап да.

Балким калың, балким ичке көрүнүп,
Эртең мен да орун алам текчеден.
Калсам экен китеп болуп мен дагы,
Эмгегимди элим окуп бүтпөгөн...

**Деңизбек Орозбай уулу**

## ЭНЕКЕМДИ ЭСТЕДИМ

Эх... Бала кез... Энекемди эстедим,
Эстедим да үшкүрүнүп «эх» – дедим.
Мени энемден ажыраткан мезгилди,
«Мерезсин» – деп ичтен анан жектедим.

Бала кезде... Энем дайым жанымда,
Бал уйкудан турсам жайдын таңында.
Олтуруптур нан бышырып энекем,
Очоктогу бийлеп жаткан жалынга.

Үзүп алып ысык нанды казандан,
Сүртүп майды жесең укмуш казан нан.
Андай таттуу энекемдин нандарын,
Азыр издеп табалбаймын базардан.

Бүт баарысын тартып тозок-азаптын,
Байкуш энем «балдарым» – деп жашапсын.
Эч көйгөй жок... Ал убакта көрсө мен,
Энекемдин бейишинде жашапмын.

Бирок азыр, туш тарабым жар болуп,
Балкону бар бөлмөм турат тар болуп.
Элден алыс жашап жүрөм борбордо,
Энем жапкан ысык нанга зар болуп.

12

## РЕДАКТОРДОН ЖЫЙЫНТЫК СӨЗ

2014-жылы «Улуу Тоолордон» жарык көргөн «Жалын тоо» ырлар жыйнагын окуган соң, автордун такшалган акын катары толук калыптанганына көзүм жетип, табигат тартуулаган жөндөмгө эгедер, даярдыгы жетиштүү жана турмуштук тажрыйбасы мол инсандарыбыздын бири Чыныбай мырза көп жылдардан бери ири ишкердикте жана чоң саясатта жүргөндүгүнө байланыштуу, чыгармачылыгын ар дайым өркүндөтүп, жаңы деңгээлдерди багындырып кете берүүгө убактысы гана тартыш болуп жүргөн окшойт деп тымызын өкүнгөм. Ошол эле мезгилде, таланттуу замандаштарыбыздын дагы бир кыйла бөлүгү турмуштун түйшүктөрү менен материалдык тартыштыктар чүнчүткөндөн улам адабиятта, өнөрдүн ар кандай багытында жана илим жаатында ийгиликтерди жарата албай келатышкандыктан, эгемен Кыргызстандын жалпы маданияты өтө солгун абалга, «өлбө, жаным, өлбө» деп өзүн-өзү алаксытчу аянычтуу акыбалга кабылганы үчүн кабыргам кайышчу. Ойумду дагы тагыраак айта турган болсом, чыгармачыл чөйрөдөгүлөрдүн айрымдарынын бүт шарты бар, бирок убактысы жок, көпчүлүгүнүн убактысы кеңири, бирок шарты жок болгон опурталдуу учурда жашап жатканыбыз жашыруун эмес. «Кимдир бирөө кечүүгө кечмелик таппай жүрсө, дагы кимдир бирөө

ичээрге бир уууртам суу таппай жүрөт» деп акылман макалда айтылгандай, же болбосо, «бири кем дүнүйө» деп кыска-нуска лакапта өтө таамай белгиленгендей өксүк ушул болсо керек.

2021-жылдын экинчи жарымынан бери карай «Мен дүйнөнү баланын көзү менен карайм» деп аталчу жаңы жыйнакты басмага даярдоо учурунда Чыныбай мырзанын чыныгы образы менен толук таанышууга мүмкүндүк түзүлүп, мен өзүм үчүн мындай тыянак чыгардым: көрсө, мен ал кишини бир доордо жашаган замандаш катары эле өтө үстүртөн билип жүрүпмүн; акындык зор дараметине берген жеке баам анын көп кырдуу жөндөмүнүн бир тарабы эле экен; «жыргаганыман жылкы кайтарыпмынбы» демекчи, ишкердикке да, саясатка да өзү каалап, көксөп жүрүп анан аралашпаптыр; адамдын эркине ар дайыма эле баш ийе бербечү сырткы себептер жана турмуштук кырдаалдар ошондой чечкиндүү кадамдарды таштоого аны аргасыз кылыптыр; өтө кубанарлык нерсе – өмүрүндөгү кескин бурулуштун экөөндө тең таңгаларлыктай ийгиликтерди жаратыптыр жана эң негизгиси, абийиринин, ар-намысынын, адамгерчилигинин чыпчыргасын да коротпой бүтүн сактап калууга да жетишиптир. Бул Чыныбай мырзанын чыныгы жеңиши. 60 жылдык өмүрүн бөөдө жашап өтпөгөнүнүн далили. Ойумду дагы тереңирээк, кененирээк, түшүнүктүүрөөк кылып айта турган болсом, Чыныбай мырза чыныгы лидер катары да негизинен калыптанып бүтүп, аны иш жүзүндө далилдеп, эми бул жетишкендиктерин Кыргызстандын жаркын келечегин камсыздоо үчүн жумшаганга белсенген кезде, тилекке каршы, күтүлбөгөн жерден жаман окуя болуп кетиптир.

Чыныбай мырза эли-жери үчүн, жалпы Кыргызстан үчүн күйөйүн, бышайын, жанымды үрөйүн, ко-

лумдан келгендин баарын аткарайын, келбегендерине аракет кылайын деп ниеттенген кезде, калктын кармаанаар туусу болуп берейин деп чечкен кезде, бул асыл мүдөөлөрүн орундаганга жетише албай акка моюн сунуусунун анык сыры эмнеде болушу ыктымал?

Мындай олуттуу суроолордун так жообу жалгыз гана Теңирге белгилүү. А биз, пенделер, жөн гана божомолдой алабыз. Эмесе мен өзүмдүн акыл-эсимдин чектелүү жөндөмдөрүнө таянып чыгарган айрым пикирлерим менен бөлүшөйүн.

Жалпы адамзаттын тырмактай бөлүгү болгон кыргыз элинин байыркы доорлордон бери басып өткөн тарыхында деле лидерлердин орду эбегейсиз зор.

Тарыхтын тереңине сүңгүбөй, өткөн кылымдын 1917-жылкы Октябрь революциясынан берки заманда лидерлердин тийгизген оң таасирлерин учкай айтып өтөйүн. Улуу Үркүндөн (1916-ж.) кийин сайда саны, кумда изи калбачудай кейиштүү абалга кептелген кыргыз эли бир нече жылдын ичинде эле башка элдерге теңелишине В.И. Лениндин гумандуу саясаты жол ачкан соң саясий айдыңга чыгышкан алгачкы лидерлер (А. Орозбеков, Ж. Абдракманов ж.б.) тарыхый миссия мойундарына жүктөлө электе элди башкаруу ойлоруна да, түштөрүнө да кирбеген болсо деле, апкаарып же ийгиликтен баштары айланып калбай, жоопкерчиликтүү ишти абийирдүүлүк менен аткарганга жан дили менен аракеттенишкен.

Кыргыз Республикасынын Компартиясынын биринчи катчысы болгон Искак Раззаковдун тушунда (1951-1961-ж.) мамлекетибиз баардык тармак боюнча дүркүрөп өнүгүү жолуна түшүп, Т. Усубалиевдин доорунда (1961-1985-ж.) ал башталыштар ырааттуу түрдө улантылып, экономика менен маданиятта зор ий-

гиликтер жаратылган. Эл башкаруунун эстафетасын татыктуу улантып кетүүгө дапдаяр болуп калган дагы бир лидер С. Ибраимов бар болгону 53 жаш курагында айрым бир жүзүкара саясатчылардын тымызын уюштурган мерчеми боюнча Чолпон-Ата шаарындагы өкмөттүк дачада өлтүрүлгөн.

Эгер ошол каргаша болуп өтпөй, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон чыныгы лидер С. Ибраимов 1980-жылы бийликтин туу чокусуна жеткен болсо, анда Кыргызстандын андан кийинки тарыхы толугу менен башка нукта кетмек. Кагылып-согулуп жана такшалып бүткөн, калыс, чынчыл, иштин көзүн билген, тарыхый жоопкерчиликти толук сезип, түшүнгөн инсан Султан Ибраимовдун жол башчылыгы астында 1991-жылга – эгемендүүлүккө чейин жетмекпиз. Ал кезде бар болгону 64 жашка толгон Султан Ибраимов айыл чарбасын шашылыш түрдө тарткатпай, завод-фабрикаларды талкалатпай, тескерисинче, бар нерсенин баарын бүтүн сактап калмак. Ошондо приватизацияга жамынып алып мамлекеттик мүлккө суук колун салгандар бир нече айдын ичинде эле олигархка айланып, ал эми карапайым калк итке минген кедей болуп карайлап отуруп калган адилетсиздикке – өткөөл учурдун эң зор адилетсиздигине жол берилбей, буга чейин негизинен жакшы эле иштеп келаткан пландуу экономика этияттык, кылдаттык жана акырындык менен базар экономикасынын жаңы эрежелери боюнча иштөөгө өткөрүлмөк. Тилекке каршы, тарыхтын дөңгөлөгү тетири тегеренип, даярдыгы, тажрыйбасы жетишсиз, жоопкерчилиги жокко эсе инсандар мамлекетти утуру башкара беришип, дээрлик кырк жылдын ичинде элдин келечегин кадимкидей бүдөмүктөнтүштү. Эгемендүүлүктүн 30 жылдык маарекесине карата сырт-

кы карыз 5 млрд долларды чапчыган, паракорчулук гүлдөп-өнүккөн, калктын ишке жарамдуу бөлүгүнүн төрттөн бири жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө гастарбайтер болуп жан сактап жүргөн, мамлекеттин ырааттуу идеологиясы али иштелип чыкпагандыктан, ар кандай багыттагы диний агымдардын таасири өтө күчөгөн, эң негизгиси, акчанын гана арааны жүргөн заманга кептелдик. Мына ушул сыяктуу кейиштүү көрүнүштөрдүн баарынын бир эле себеби – чыныгы лидердин чоң бийликке али келе электиги. Тагыраак айтканда, Султан Ибраимовдон ажырап калгандан бери Кыргызстанды анык лидер башкара электиги.

Интеллигенция издеген, эл тилеген жана күткөн лидерлердин бири Чыныбай Акунович Турсунбеков болуп калышы 2017-жылы толук ыктымал болуп турса да, ал кездеги ажо А. Атамбаев өзүнүн алгачкы сунушунан айнып, башка кишиге ишеним артып кеткендиги жөнүндө бул китепте фактылар жетишээрлик берилди. Эгер А. Атамбаев башкаруу эстафетасын Чыныбай мырзага өткөргөндө, баары бөлөкчө болмоктугун бүт өмүрүн саясатка жана бийлик үчүн күрөшкө арнаган кыраакы саясатчылар, коомдук ишмерлер (Ф. Кулов, Ө. Текебаев, Ө. Бабанов) өздөрүнүн көңүл айтуу жана эскерүү тексттеринде тастыкташты. Жумушсуз калгандан улам ишкердикке кирүүгө аргасыз болгонуна карабай, анын эң чоң бийиктиктерине чейин чынчылдыгы, тактыгы, жоопкерчиликтүүлүгү, кыраакылыгы жана тобокелчилиги аркылуу жеткенин Чыныбай мырза менен өнөктөш болгон ортоктору (Ш. Садыбакасова, Б. Өзмен, К. Көраглы, У. Калдыбаев, Т. Салимов ж.б.) өтө ишенимдүү белгилешти. Ал эми чыгармачылыктагы жана илим жаатындагы жетишкендиктеринин сыры Чыныбай мырзанын өтө өжөрдүгүнө, терең би-

лимдүүлүгүнө жана тубаса таланттуулугуна байланыштуу. Ал бир гана ушул тармакка чоң даярдык менен келген жана зор бийиктиктерди багындырган. Ал эми ири ишкердикте жана чоң саясатта жараткан ийгиликтери анын кулк-мүнөзүндө чыныгы лидерге таандык сапаттар жетиштүү экендигин далилдейт. А бирок, тилекке каршы, өткөөл учурда туңгуюктан туура жол таап кетүүгө жарай турган чыгаандардын бири – Чыныбай мырзадан «Ковид-19» апаатынын тушунда кол жуудук. Ушуну менен Кыргызстан эли соңку жарым кылымда экинчи ирет орду толгус жоготууга учурады. Биринчиси, Султан Ибраимов, экинчиси албетте, Чыныбай Турсунбеков.

Мындан эмне деген тыянак чыгарып, кандай туура сабак алууга тийишпиз?

Демек, бир же бир нече лидерге тагдырды байлабай, ондогон, жүздөгөн, балким миңдеген чыгаандарды, татыктууларды таанып-билүүгө, тарбиялап өстүрүүгө жана жогорку деңгээлдеги ишенимди артууга милдеттүүбүз. Алар өз ара бекем ынтымак орнотушуп, «бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып» алган соң, Кыргызстандын үстүнө үймөлөктөп чогулган көйгөйлөрдү бир баштан чече беришип, бакубатчылыкка бат эле жеткиришмекчи. Кандайдыр бир кокустуктун же карасанатайлыктын айынан кайсы бир лидер жабыркап калса, анын ордун экинчиси дароо ээлеп, эгер ал да мүчүлүштүктөрдү кетирчү болсо, аны кынтыксыз иштөөчүсү алмаштырып, айтор, бийлик ырааттуу жүргүзүлүшү керек экен. Так ошого жетишсек гана элдин жана мамлекеттин кең келечегин камсыздай алгыдайбыз. Ансыз эч нерсе өзгөрбөй, кыйналганыбыз кыйналган, жүдөгөнүбүз жүдөгөн.

Эми сырттан келген кимдир бирөө көңүлүбүздү көтөрүп, көкүлдөн сылап туруп коммунизмди көз-

дөй баштап жөнөбөйт. Демек, В. И. Лениндин ар бир атуулдун жана ар бир улуттун теңчилдиги жөнүндөгү камкор саясаты кайрадан кайталанбайт. Океандын аркы жана берки тарабындагы чоң державаларды башкаруучу азыркы саясий элита деле Кыргызстандын кызыкчылыгын коргоого умтула койбойт. Ошон үчүн өз тагдырыбыз өз колубузда гана экенине терең жана туура түшүнүү менен мамиле кылып, Султан Ибраимовдой таза, чынчыл, иш билги, айтканы менен аткарганы дайыма дал келген чыгаандарды, Чыныбай Турсунбековдой болгон туруктуу, чечкиндүү, адамгерчиликтин чегинен эч качан четтебеген, башаламан базар экономикасынын өтө катаал шарттарында да эң туура чечимди чыгарып, эң ылайыктуу жолду тандай билген табышкер, эмгек жамаатына камкор, ар бир сөзүнө жоопкер, мамлекеттин идеологиясын туура пайдалануу аркылуу улуттардын ортосундагы ынтымакты ажырагыстай бекемдикке жеткирүүнүн, маданиятты ар тараптан колдоого алуу, өнүктүрүп-өстүрүү жолу менен калкты рухий жактан да калыптандыруунун ыкмаларын мыкты түшүнгөн, бир сөз менен айтканда, азыркы оош-кыйыштуу, оомал-төкмөл замандын катаал талаптарына ылайык келген чыныгы лидерлерди даярдап чыгууга милдеттүүбүз. Азыр бизге аба менен суудай зарыл жолбашчыларды чукул арада жана көп санда даярдоого жетишүүбүз керек.

Мына ушул ой – учурдун эң курч талабы коомчулукка таркашына кайсы бир деңгээлде түрткү болор деген илгери үмүт менен бул китеп жарык көрдү. «Мен дүйнөнү баланын көзү менен карайм» деп Чыныбай мырза айткан учкул сөз жыйнакка ысым болуп ыйгарылып, анын басып өткөн өмүр жолу мисал катары келтирилди.

Бир күн экинчисине эч качан окшошпогон, демек, кызыктуу, экономикалык кризис курчугандан курчуп бараткан, демек, опуртал, экологиялык көйгөйлөр көңүлдүн сыртында калган, демек, кыйла эле кооптуу абалга жеткен, бүт дүйнө жүзүндөгү элдер жана алардын маданияты абдан аралашкан, демек, мурда болуп көрбөгөндөй глобалдашууга кабылган жашоону жалпы адамзаты башынан өткөрүп жаткан кезде  Кыргызстандын калкы туура жол тандап туңгуюктан чыгып кетээрине ишеним бар. Ал үчүн  эрк дагы, эгемендик дагы, мүмкүнчүлүк дагы, туура түшүнүк дагы жана азырынча убакыт дагы,  айтор, баары жетиштүү. Болгону аракет кылуу керек. Кудум Чыныбай Турсунбеков мырза сыяктуу бүт күч-кубатты, дараметти жумшап аянбай аракет кылуу керек.

Ардактуу окурман!

Колуңуздагы «Мен дүйнөнү баланын көзү менен карайм» деп аталган жыйнак сиз үчүн керектүү да, кызыктуу да, баалуу да болду деп ишенем.

Бул китепти акыр-аягына чейин окуп чыккандыгыңыз үчүн Сизге ыраазычылыгымды билдирем.

Сизди терең  урматтоо жана сыйлоо менен

**Ж. Кадыров.**

26.09.2021-ж.

## Мазмуну

**1**
*А. Акбаров.* Түзүүчүдөн кириш сөз ........................................3
**2**
Чыныбай Турсунбековдун кыскача өмүр баяны ..........................7
**3**
Нуржан Тентимишова. Орду толгус жоготуу ............................. 11
**4**
Көңүл айтуулар ........................................................................ 27
**5**
**Чыныбайдын үч доору .............................................................. 58**
**Чыныбайдын биринчи доору: Чыгармачылык жана илим (35 жашка чейинки өмүр) .................................................................... 59**
Атантай Акбаров, Чыныбай Турсунбеков менен маек ............ 59
Раис Акунов
Боорукер, патриот жана өзгөчө инсан....................................... 81
Кенжебай Турсунбеков
Өтө билимдүү, эрктүү жана айкөл адам .................................... 85
Шарапат Ибраева
Чыныбайдын табышкерлиги жана чечкиндүүлүгү ................... 88
Атыргүл Жумабаева
Чыныбай «Мен министр болгум келет» деген ........................... 96
Жаңыл Мамбетакунова
Балалык баёо сезим менен!........................................................ 98
Чыныбай Турсунбеков
Айылга кат ................................................................................. 99
Дүйшөнбек Шеримбеков
Сыймыктуу уул ......................................................................... 102
Касымбек Мамытов
Чыныбайдан чыгаан инсан чыгаарына ишенчүбүз ............... 105
Айбек Мусаев
Чыке… агай.............................................................................. 108
Лайли Үкүбаева
Чыныбай – менин эң сүйүктүү студентим .............................. 115
Суусар Искендерова
Жаркырап күйгөн бир жылдыз................................................. 125
Назаркул Ишекеев
Тагдыр насыйкаты.................................................................... 129

Таалайбек Жумабаев
Агайдан абдан көп таасирлерди алгам ........................... 144
«Калпагым – кайырчыдай» ........................................ 145
Эрмек Өмүралиев
«Манас-1000»ге арналган иш-чаранын аткарылышына
Чыныбай Акуновичтин эмгеги зор ................................ 158
Адыганы Эркебаев
Ар тараптуу жөндөмдүү улутман инсан ........................... 161
Сонунбү Аттокурова
Акын, илимпоз, саясий ишмер ................................... 163
Тынчтыкбек Чоротегин
Дили таза, ою бийик Чыныбай... ................................ 165
Кожогелди Култегин
Чындык менен чыңалган Чыныбай ................................. 180
Бекташ Шамшиев
«Күзгө айландым заматта күтүрөгөн...» ......................... 187
Айдай Чотуева
Чыныбай агайдын чын сыйын көргөм ............................. 193
Болотбек Таштаналиев
Акын, ишкер, саясатчы, ишмер .................................. 195
Олжобай Шакир
«Кудайдын тизмесинин катасы бар» .............................. 202
Абдыкадыр Садыков
Лирик акын .................................................... 208
Кожогелди Култегин
Алкыштан башка алары жок эмгек ................................ 232
**6**
**Чыныбайдын экинчи доору: Бизнес – ишкердик** ................. 240
**(50 жашка чейинки өмүр)**
Абдыкалык Дунканаев
Чыныбай чыны бай эле .......................................... 270
Түрк тили менин жеке тагдырымда зор роль ойноду ............... 276
Олжобай Шакир менен болгон маегинен ........................... 276
Bedrettin Özmen
Gerçek biṙ dost i̇le hayat yolculuğu… ......................... 279
Бедреттин Өзмен
Чыныгы дос менен басып өткөн жол... ........................... 282
Kemal Köloğlu
Degerli̇ biṙ dostun hi̇ç ölmeyecek anisina ..................... 287

Кемал Көлоглу
Кымбаттуу досум Чыныбай ................................. 288
Osman Özkan
Осман Өзган
Кыргызстандын татыктуу уулу ............................. 290
Улан Калдыбаев
Андай адамды азырынча көрө элекмин ...................... 291
Рустам Жунушев
Нургазы Мусаев
Акун. «Акун». Адам ....................................... 310
Эгер сен саясатка барбасаң – саясат сага өзү келет............ 315
**7**
**Чыныбайдын үчүнчү доору: Чоң саясаттагы 10 жыл** ........ 315
**(60 жашка чейинки өмүр)**
Өмүрбек Текебаев
Беттегенин бербеген өжөр саясатчы ........................ 326
Феликс Кулов
Саясатчылардын ичинде ак карга сыяктуу бөлүнүп турчу .. 330
Өмүрбек Бабанов
Чыныбай Турсунбеков – чыныгы лидер ..................... 333
Чыныбай Турсунбековдун спикер болушунун таржымалы ... 337
Таасирдүү доклад, Атамбаевдин аткарылбаган убадасы ....... 347
Аманбай Кайыпов
Улуу адам эле... ........................................... 364
Жумгал Давлетбеков
Чыныбай жездем экономиканын өсүшүнө чоң таасирин тийгизмек...................................... 368
Турсунтай Салимов
Айкөл инсан, көсөм жетекчи ................................ 370
Абдыманап Кутушев
Чет элдик саясатчылар менен тез тил табышчу спикер........ 375
Мигрант менен ишкердин диалогу ........................... 383
Таалай Орозалиев
Жаркын Ибраева
Чыныбай Акуновичти эскерүү .............................. 388
Нурлан Абдыгул уулу
Мен сыймыктанган инсан................................... 391
Курманбек Рыспаев
Чыныбай .................................................. 402

Кубат Чекиров
Саясатта салабаттуу ишмер, бизнесте билимдүү ишкер........ 412
Бурулкан Сарыгулова
Табият чыныбайга адамгерчилик менен абийирди
аянбай берген........................................................ 416
Болот Исаев
Саясатчы, окумуштуу жана акын................................ 421
Андрей Красников
Чыныбай акунович – настоящий бизнесмен и
блестящий политик ................................................ 423
Андрей Красников
Чыныбай Акунович – чыныгы ишкер жана чыгаан
саясатчы............................................................... 428
Токтосун Шамбетов
Калыс саясатчы, ишкер жана акын.............................. 434
**8**
**Менин зор баалуулугум – балдарым** ........................ 439
Айдай Турсунбекова
Атам элдин сыймыктуу уулу ..................................... 442
«Миллионердин миллион карызы болот» ....................... 442
Аргасыз кепил болуу ............................................. 443
Чоң турмуштун биринчи сабагы................................... 443
Атамдын эскерүүсүнөн дагы бир шилтем ....................... 444
Атамсыз өткөн туулган күн... ................................... 445
Телефон тартпаган жай, айтылбай калган сөздөр............ 445
Паракорлук алгач ирет тизеге чапканда........................ 446
Саясат – «бөөлөрдүн» эмес, дөөлөрдүн жолу ................ 447
Акыйкат акыры айтылат ......................................... 449
Бегимай Чыныбай кызы
Эскерүүлөр ... ..................................................... 453
Айтчы досум......................................................... 457
**9**
**Арноолор**............................................................ 459
Алик Акималиев. Чыныбайдын жүрөгү........................... 459
Барчынбек Бугубаев. Чыныбай Турсунбековго ................ 466
Олжобай Шакир. Чыныбай байкеге!............................. 467
Чынарбек Айдаров. Жеңишчил боло бер, данкталып!.......... 468
Калыйбек Тагаев. Чыныбайга..................................... 471
Өмүрбек Тилебаев. Эки дос....................................... 472

**10**
**Чыныбай Турсунбеков атындагы фонд** ........................ 473
**11**
**Адабий конкурс**................................................... 475
Бердибек Жамгырчиев. Генийлер....................................... 478
Мелис Мамаджанов. Адырым ........................................ 480
Акбар Кубанычбеков. Жалгыздык....................................... 481
Максат Жангазиев. Балалык тууралуу.................................. 482
Садырбек Турдубек уулу. Туулган жерди сагынуу .............. 483
Жаннат Сабырбекова. «Биз-бир китеп»................................ 483
Деңизбек Орозбай уулу. Энекемди эстедим ........................ 484
**12**
**Ж. Кадыров.** Редактордон жыйынтык сөз ........................ 486

**«МЕН ДҮЙНӨНҮ БАЛАНЫН КӨЗҮ МЕНЕН КАРАЙМ...»**

***Чыныбай Турсунбеков***

**Түзгөндөр: Атантай Акбаров,**
**Нуржан Тентимишова**

Редактору *Ж. Кадыров*
Корректору *Н. Осмонова*
Мукабаны көркөмдөгөн *М. Кадыров*
Компьютерде калыпка салган *Р. Терибаева*

Басууга 11.10.2021-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84$^{1}/_{16}$. Көлөмү 31,25 б.т.
Нускасы 1000.

«Улуу Тоолор» басмасынын басмаканасында басылды.
720000, Бишкек ш., Ж. Абдрахманов көчөсү, 170а.